**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А.А. АЛТЫМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма иретинде
УДК: 287: 303.4 (575.2) (043.3)

**Мамытов Токтокүчүк Болотбекович**

# ИСЛАМ ФУНДАМЕНТАЛИЗМИНИН БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕРГЕ ТААСИР БЕРҮҮДӨГҮ МЕХАНИЗМДЕРИНЕ ПОЛИТОЛОГИЯЛЫК АНАЛИЗ

23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар.

Саясий илимдеринин доктору
окумуштуу даражасын алуу үчүн жазылган
**доктордук диссертация.**

Илимий консультант:
саясий илимдеринин доктору,
профессор Жоробеков Ж.Ж

Бишкек – 2021

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ ..................................................................................................... 6**

**I БАП ДИНИЙ ФУНДАМЕНТАЛИЗМДИН ФЕНОМЕНИН ТАЛДООНУН ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК - МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ.......................................................... 16**

1.1. Диний фундаментализм түшүнүгүнүн аныктоодогу негизги теориялык-методологиялык көз караштар.................................................................... 16

1.2. Ислам фундаментализми: идеология жана саясий практика катары. ... 49

1.3. Экстремизм жана терроризм диний фундаментализмдин саясий зомбулук куралы. ........................................................................................ 83

БИРИНЧИ БАПКА ТЫЯНАК .......................................................................... 114

**II БАП ИСЛАМ ФУНДАМЕНТАЛИЗМИНИН БОРБОРДУК АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕРГЕ ТААСИР БЕРҮҮЧҮ СОЦИАЛДЫК –САЯСИЙ МЕХАНИЗМДЕРИ......................................... 122**

2.1. Ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүчү саясий механизимдери................................. 122

2.2. Ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүчү социалдык механизмдери............................ 161

2.3. Борбор Азия өлкөлөрүндөгү экстремисттик, террористтик жана радикалдуу диний фундаменталисттик уюмдардын саясий ишмердүүлүктөрүнүн жигерденүүсүн талдоо. ............................................ 198

ЭКИНЧИ БАПКА ТЫЯНАК ............................................................................ 231

**III БАП ЭКСТРЕМИЗМГЕ, ТЕРРОРИЗМГЕ ЖАНА РАДИКАЛДУУ ДИНИЙ ФУНДАМЕНТАЛИЗМГЕ КАРШЫ АРАКЕТТЕРДИН, КҮРӨШТҮН САЯСИЙ-УКУКТУК ЖАНА ДИНИЙ НЕГИЗДЕРИ ...... 239**

3.1. Террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик уюмдарга тиешеси бар инсандардын мүнөздөрүнүн өзгөчөлүктөрү. ........ 239

3.2. Динге негизделген экстремизм, терроризм жана радикалдуу фундаментализм азыркы дүйнөнүн өзгөчө коркунучтары катары. ............ 269

3.3. Кыргыз Республикасындагы экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин саясий процесстерге тийгизүүчү терс таасиринин алдын алуунун илимий-практикалык багыттары. ........... 298

ҮЧҮНЧҮ БАПКА ТЫЯНАК ........................................................................ 332

**КОРУТУНДУ ........................................................................................ 338**

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР.................................................................. 345**

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ЖАНА ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕРДИН ТИЗМЕСИ

| | | |
|---|---|---|
| **Акыйда** | – | Куран жана Сүннөттө көрсөтүлгөн анык ишенимдер |
| **Атбаут-Табиундар** | – | табуундарды көргөн мусулмандар |
| **Асхабул хадис** | – | Хадис жактоочулары |
| **Ахли сунна** | – | Сүннөт ээлери |
| **Ахли хадис** | – | Хадис жана сүннөт ээлери |
| **Ахли хак** | – | акыйкаттыктын ээлери |
| **Ахлу рай** | – | диний маселелерде өкүм чыгарууда акыл колдонуучулар |
| **Ахли бидат** | – | Куранда жана Сүннөттө болбогон нерселерди колдогондор |
| **Бида** | – | Куранда жана Сүннөттө болбогон нерсе |
| **Дава** | – | элди ислам динине үндөө |
| **Дар аль – Ислам** | – | мусулмандардын шариаттын негизинде жашаган жерлери (территориялары) |
| **Дар аль – Харб** | – | башка динди карманган элдердин жашаган жерлери (территориялары) |
| **Джахалийа** | – | эки жүздүүлүк, исламдын талабын бузгандар |
| **Жихад** | – | Алла Тааланын динин жайылтуу, кемчиликтер менен күрөшүү (өзгөчө адам өзүнүн кемчиликтерин жоюу) |
| **Зекет** | – | кайыр-садака |
| **Ибада** | – | исламдын беш парзын милдеттүү түрдө аткаруу жана кармануу |
| **Итикадий** | – | ислам ишенимдери |
| **Калам** | – | Куран менен Сүннөттүн негизинде акыл (ой – жүгүртүү) менен далилденген кенен чечмелөөчү илим |
| **Мазхаб** | – | шариаттын негизиндеги агым |
| **Малун** | – | Алланын наалатына калган адам |
| **Муфассилер** | – | Кураны Каримди терең чечмелеген аалымдар |
| **Мухаддистер** | – | Хадис аалымдары |
| **Курайши** | – | Мухаммед пайгамбар ушул уруудан болот |
| **Салафиттер** | – | кайсы заман болбосун, биринчи үч муунду (сахабаларды, табуундарды жана атбаут табуундарды) ээрчиген адамдар |
| **Сахабалар** | – | Мухаммед Пайгамбарды жана биринчи төрт халифти көргөн мусулмандар |

| | | |
|---|---|---|
| **Сүннөт** | – | Мухаммед Пайгамбардын сөздөрү, жазаган иштери, жүрүм – турумундагы айрым өзгөчөлүктөрү |
| **Тавассул** | – | бир нерсени ортомчу кылуу деген маанини туюнтат |
| **Тавил** | – | чечмелебестен кабыл алуу |
| **Табуундар** | – | сахабаларды көргөн мусулмандар |
| **Таклид** | – | тууроо |
| **Такфир** | **–** | динсиз, каапыр деп күнөөлөө |
| **Таухид** | – | бир жалгыз Аллага ишенүү |
| **Фитна** | – | бузукулук |
| **Фыкх** | – | ислам укугу |
| **Факих** | – | шариат маселелери боюнча аалымдар. |
| **Фалих** | – | ислам укук таануучулары |
| **Хаариджи** | – | Азирети Алиден 658 жылы Сыффин согушунда бөлүнгөн жана каршы чыгышкан |
| **Хадис** | – | Мухаммед Пайгамбар жөнүндө эскерүүлөр (кайсы бир  учурларда сүйлөгөнү, кабыл алган чечимдери ж.б.у.с.) |
| **Халифат** | – | халифалар тарабынан башкарылып келген теократиялык мусулман мамлекети |
| **Шариат** | – | исламдагы диний, юридикалык маалым - эрежелердинжыйындысынан келип чыккан түзүм жолу |
| **Шахада** | – | жараткан Алланын жалгыз жана бар экендигине ишенүү |
| **Ширк** | – | Алладан башка бирөөгө же бир нерсеге ишенүү |
| **Шафаат** | – | Аллага кайрылууда ортомчу коюу |
| **Этикад** | – | ишеним |

# КИРИШҮҮ

**Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Азыркы учурга чейин «фундаментализм» түшүнүгү талаш-тартыш жаратып, бүгүн дагы илимде акырына чейин аныкталбаган бойдон калып келүүдө.

Фундаментализм феномени көптөн бери карай изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзгөчө бурдурган маселе болгондуктан, татаал социалдык-саясий феномен катары илимий изилдөөнүн объектиси болуп саналат.

Диний фундаментализмдин башаттары, социалдык жаратылышы, өзгөчө мүнөздүү белгилери жана саясий – идеялык маңызы каралышы зарыл. Аталган феномендин илимий изилдениши тутумдаштыруу, адамзат тарыхынын өзүнчө бир этаптарында, коомдук жашоонун ар кандай чөйрөсүндө жана конкреттүү өлкөлөрдө анын пайда болушунун жалпылыгын жана өзгөчөлүгүн издеп табуу орчундуу илимий милдет болуп калууда.

Азыркы учурда ислам фундаментализминин Борбор Азия өлкөлөрүндө болуп жаткан саясий процесстердеги ролун, ордун жана бул процесске берген саясий-социалдык механизмдердин таасирин аныктоо өктөм зарылдык катары олуттуу мааниге ээ болууда. Изилдөөнүн предмети катары радикалдуу диний фундаментализмдин Борбор Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасирин берген саясий жана социалдык механизмдери саналат. Ошол эле учурда, ислам фундаментализминин саясий-социалдык феномени Борбордук Азия республикаларынын улуттук коопсуздугуна кандай таасир берээрин талдоого алуу зарыл.

Бул кубулуштун терроризмди жана экстремизмди саясий зомбулуктун куралына айландырып диний фундаментализмдин жүргүзгөн ишмердүүлүгү изилдөөгө алынуусу зарыл. Социалдык жашоо чөйрөдө, баарынан мурда саясатта диний фундаментализмге берилген тарапташтарынын, топтордун жана уюмдардын өзгөчө бир социалдык-саясий мүнөздөрүн ачыктоого аракет кылуу зарыл.

Диссертациянын методологиялык негизин илимий изилдөөнүн жалпы принциптери түзүүсү абзел.

Диссертациянын көлөмүнүн чектелиши ар бир Борбордук Азия өлкөлөрүндө өтүп жаткан саясий процесске таасирин берген саясий жана социалдык механизмдерди толук ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берген жок. Бирок, буга карабастан бул маселелер боюнча жеткиликтүү маалыматтар топтолду.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациянын темасы жана эмгектин натыйжалары, илимий-практикалык тыянактар жана жоболор Кыргыз Республикасынын кайрадан иштелип жаткан өнүгүү стратегиясында, диний радикализмге, экстремизмге жана терроризмге каршы аракет боюнча улуттук тутумдарда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясында жана башка документтерге байланыштуу концепцияларды, программаларды, мыйзамдарды жана башка документтерди иштеп чыгууда пайдаланылуусу мүмкүн.

**Изилдөөнүн максаты –** саясий-социалдык феномен катары ислам фундаментализминин түшүнүгүнүн маанисин жана маңызын, ошондой эле Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий жана социалдык механизмдерин комплекстүү изилдөө.

**Изилдөөнүн милдети.** Жогоруда белгиленген максатка жетүү үчүн төмөндөгү изилдөөчүлүк милдеттер коюлган:

1. Теориялык-методологиялык негиздер аркылуу, саясий – социалдык феномен катары ислам фундаментализми түшүнүгүнүн маанисин жана маңызын анализдөө;

2. Ислам фундаментализмин идеология жана саясий практика катары анализдөө;

3. Ислам фундаментализминин мээлиндүү жана радикалдуу агымдарын жалпы жана өзгөчө аныктамалар аркылуу салафизм, ваххабизм жана жихадизм аттуу предметтик түшүнүктөрүн ачыктоо;

4. Ислам фундаментализминин, экстремизмдин жана терроризмдин доктриналдык, уюштуруучулук жана саясий-идеялык булактарын ачыктоо;

5. Ислам фундаментализминин саясий-идеялык өзгөчөлүктөрүн жана алардын улуттар аралык мамилелерге болгон таасирин ачыктоо;

6. Экстремизм жана терроризм радикалдуу ислам фундаментализминин саясий зомбулугунун саясий куралы катары ачыктоо;

7. Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү ислам фундаментализминин саясий процесстерге таасир берүүчү саясий механизмдерин анализдөө;

8. Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү ислам фундаментализминин саясий процесстерге таасир берүүчү социалдык механизмдерин анализдөө;

9. Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү экстремисттик, террористтик жана радикалдуу диний фундаменталисттик уюмдардын ишмердүүлүктөрүнүн жигердүүлүгүн анализдөө;

10. Диний фундаментализмдин тарапташтарынын өзгөчөлүктөрү жана алардын фундаменталисттик саясий-диний көз караштарынын калыптанышын изилдөө;

11. Динге негизделген экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмди азыркы дүйнөнүн өзгөчө коркунучтары катары аныктоо;

12. Кыргыз Республикасында экстремизмдин, терроризмдин жана диний фундаментализмдин саясий процесстерге тийгизүүчү терс таасиринин алдын алуунун илимий-практикалык багыттарын иштеп чыгуу.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы** – республиканын саясий илимдеринде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөө, анда ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий жана социалдык механизмдери анализденди:

– биринчиден, социалдык-саясий феномен катары ислам фундаментализминин түшүнүгү, мааниси жана маңызы анализденди;

– экинчиден, ислам фундаментализми идеология жана саясий практика катары анализденди жана аныкталды;

– үчүнчүдөн, ислам фундаментализминин агымдарынын жалпы жана өзгөчө аныктамалары аркылуу салафизм, вахабизм, жихадизм аттуу предметтик түшүнүктөр аныкталды;

– төртүнчүдөн, ислам фундаментализминин доктриналдык, уюштуруучулук жана саясий-идеялык булактары аныкталды;

– бешинчиден, ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүчү саясий механизмдери изилденди;

– алтынчыдан, ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүчү социалдык механизмдери изилденди;

– жетинчиден, ислам фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдарынын жана топторунун Борбордук Азия аймагындагы орду жана таасирдүүлүгү аныкталды жана алардын саясий ишмердүүлүктөрүнүн жигерденүүсүнө талдоо жүргүзүлдү;

– сегизинчиден, динге негизделген экстремизм, терроризм жана радикалдуу фундаментализм азыркы дүйнөнүн өзгөчө коркунучтары катары анализденди;

– тогузунчудан, диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна болгон коркунучтарынын комплексинде алардын кооптуулугунун өрчүүсү талдоого алынды, аларга каршы натыйжалуу күрөш жүргүзүү боюнча сунуштамалар аныкталып берилди.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү –** диссертациялык изилдөөдө баяндалган негизги тыянактардан, жыйынтыктардан жана практикалык сунуштамалардан ачык айкын көрүнүп турат. Муну эмгектин тийешелүү бөлүктөрүндө экстремизмдин, терроризмдин жана диний фундаментализмдин макамын аныктоодогу теориялык-методологиялык көз караштар жана мамилелер толуктайт.

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна карата болгон коркунучтардын жана чакырыктардын комплексинде кооптуулук жаратып жаткан экстремизмге, терроризмге жана радикалдуу диний фундаментализмге каршы натыйжалуу күрөшүүнүн негизги принциптерин жакшыртууда пайдаланылуусу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөдөгү жоболор, илимий-практикалык тыянактар жана натыйжалар окуу куралдарын жана атайын курстарды даярдап, иштеп чыгууда, жогорку окуу жайларынын гуманитардык факультеттеринин студенттери жана аспиранттары үчүн сабак берүүдө, тартип сактоо жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин практикалык иштеринде кеңири колдонулушу мүмкүн.

**Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү** диссертациялык изилдөөдөгү диний экстремизмге, терроризмге жана радикалдуу диний фундаментализмге каршы күрөшүүнүн жана алдын ала эскертүү иштеринде кеңири пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн көрүнүп турат. Аталган максаттарды ишке ашыруу үчүн мамлекеттик жана эл аралык саясий институттар тарабынан илимий-практикалык сунуштамаларды иштеп чыгууда жүргүзүлгөн изилдөөлөргө каралган бюджеттин аздыгы дагы мунун реалдуу далилдеринен болуп саналат.

**Диссертациянын короого коюлган негизги жоболору:**

Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий жана социалдык механизмдерине комплекстүү изилдөөнү жүргүзүүдө төмөндөгү жоболор коргоого сунуш кылынат:

**1.** Ислам фундаментализминин саясий жана социалдык феномен катары жалпы түшүнүгүнүн мааниси, маңызы аныкталып илимде жана илимий таанууда маанилүү көйгөйдү жаратат деген тыянак чыгарылды. Ислам фундаментализминин примордалисттик, тарыхый-саясий, бихевиористтик, инструменталисттик, институционалдык концепцияларын изилдөөнүн парадигмаларын түзгөн.

**2.** Ислам фундаментализмин идеология жана саясий практика катары кароодо, белгилеп кетүүчү нерсе – идеологиянын олуттуу топтому болуп шариаттын негизинде халифатты түзүү. Ислам фундаментализми – салафизм, ваххабизм жана жихадизм агымдары аркылуу саясий-диний идеяларды колдонгон зомбулуксуз диний үгүт-насааттан тартып, глобалдык саясий зомбулукту колдонгон чабуулдук жихадка чейинки жайылтылган практика катары көрүүгө болот. Бул чабуулдуктун максаттары: светтик мамлекетти жоюу, мусулмандар аз болгон башка мамлекеттерде мусулман калкын көз карандысыздыкка жеткирүү жана батыш цивилизациясын ислам дүйнөсүнө болгон таасирин жоготуу.

**3.** Азыркы учурда Борбор Азия өлкөлөрүндө, өзгөчө Кыргыз Республикасында терс көрүнүштөрдүн орун алуусу байкалууда: бийликтин алсыздыгы жана коррупциянын кеңири жайылышы, саясий жана социалдык теңсиздик, билим жана маданият деңгээлинин төмөндөшү, укуктук нигилизм жана саясий зомбулук. Албетте, мындай көрүнүштөр диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин жаралышына, өнүп-өсүшүнө жол ачат. Мындан тышкары экстремизм жана терроризм радикалдуу диний фундаментализмдин саясий зомбулугунун саясий куралы катары колдонулат.

**4.** Ислам фундаментализми Борбордук Азия регионунда диний-саясий феномен катары аймакта өтүп жаткан азыркы саясий процесстерге саясий механизмдер аркылуу таасир берүүдө.

Ислам фундаментализминин туруктуу функциялары көрсөтүлдү, алар: идентификациялоо, багыт алуу, жоболоштуруу, ыңгайлашуу, социалдашуу, интеграциялашуу, карым-катыш функциялары. Ушул функцияларды жүзөөгө ашырууда механизмдердин саясий процесстерге тийгизген таасиринин багыттары – жандануу жана жаратуу формасында изилденди.

Ислам фундментализминин саясий процесске таасир берүүдөгү саясий механизмдери: саясий - аксиологиялык, саясий-идеологиялык, саясий - укуктук.

**5.** Социалдык феномен катары фундаментализм адамдардын социалдык статустарына карабай аларды жаңы уюмдарга, топторго жана кыймылдарга диний идея жана практика аркылуу бириктирет. Диний фундаменталимзге жөндөмдүү болгон динге ишенүүчүлөрдүн бири-бири мене байланышуусу жана мамилелери, ошондой эле алардын иш-аракеттери уникалдуу социалдык механизмдердин бүтүндөй бир катмарын жаратат, алар: ишендирүү (ынандыруу), акыл үйрөтүү, кызыкдардык жана тууроо сыяктуу социалдык механизмдер катары эсептелет.

Ислам фундаментализминин социалык механизмдери саясий процесске таасир берүүдө төмөнкү таасир берүү багыттарын аныктайт: уюштуруучулук, башкаруучулук, ресурстук.

Социалдык механизмдердин саясий процесске таасир берүүсүндө ошол эле учурда бул механизмдер фундаменталисттик менталдыктын калыптануусуна дагы толук таасирин тийгизет.

**6.** Борбордук Азия өлкөлөрүндө террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик уюмдардын саясий ишмердүүлүктөрүнүн жигерденүүсүн талдоодо бул кылмыштардын жүйөөсүн изилдөө алардын социалдык жана саясий талдоосунун негизин түзөт.

Экстремисттик, террористтик жана радикалдуу фундаменталисттик топтордун талдоосунун негизинде ишмердүүлүктүн үч негизги жүйөөсүн белгилеп кетсе болот. Биринчиден, культурологиялык жүйөө – булардын көз караштары боюнча, коомду мезгил-мезгили менен “беймаза кылып туруш керек”, баарынан жакшысы “кан төгүүнүн жардамы менен.” Экинчиден, рационалдуу жүйөө – алар тарабынан террордук саясий ишмердүүлүктүн натыйжалуу куралы катары түшүндүрүлөт. Үчүнчүдөн, идеологиялык жүйөө – экстремизм жана терроризм саясий процесстерди жөнгө салуучу саясий курал катары коомго таңууланат.

**7.** Борбордук Азияда фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын, топтордун жактоочуларынын көбөйүшүнүн себептерин аныктоо зарылчылыгы диний фундаментализмдин

жактоочуларынын (адептердин) өзгөчөлүктөрүн жана алардын фундаменталисттик диний-саясий көз караштарынын калыптанышын изилдөөнү талап калат. Фундаменталисттерди ар дайым консерватизм жана бир калыптагы ой-жүгүртүү сыяктуу өзгөчөлүктөр бириктирет. Алардын арасында кайсы бир идеяны туу тутуп, аны иш жүзүнө ашыруу процессинде өмүрүн да аябагандар бар. Көксөөсү суубагандыкты, тынчсыздануунү, түйшүктүү эркиндиктен жана жалгыздык сезимден көңүл калууну башынан өткөргөн адамдар фундаментализмди көздөй ыкташат.

**8.** Саясий зомбулук жана диний ишеним чырмалышкан кырдаалдар өзгөчө коркунуч туудурат. Баалуулук тутумундагы жана легитимдүүлүк ыкмаларындагы айырмачылыктар үчүн бир топ деңгээлде – салттуу терроризмге, экстремизмге жана диний фундаментализмге караганда динге негизделген терроризм, экстремизм жана радикалдуу ислам фундаментализм өзгөчө коркунучтуу жана кыргын салуучу болуп саналат. Диндин атынан чыккан терроризм жана экстремизм өзүнүн ишмердүүлүк чөйрөсү жана кол салуу объектини тандоосу менен гана эмес, ошондой эле кыргын салуучулугу жана түшүнүксүз мүнөзү менен теңдеши жок болуп эсептелет.

**9.** Азыркы терроризм, экстремизм жана радикалдуу фундаментализм – бул белгилүү бир өлчөмдө идеялык көрүнүш. Анткени бул көрүнүштөрдүн позицияларынын бекемдиги, исламдык саясий-укуктук концепцияларга багытталган анын теориялык базасында камтылгандыгында. Ошондуктан, идеялык-теориялык өңүт экстремизм жана терроризм менен күрөшүүнүн эң орчундуу жагынын бири болуп саналат. Терроризмге, экстремизмге жана радикалдуу диний фундаментализмге атайын кызматтардын күчү менен гана каршы турбастан, исламдык идеялык концепцияларга негизделген жүйөнүн жардамы менен да каршы туруу керек.

Радикалдуу диний фундаментализмди, терроризмди жана экстремизмди жоюу процессинде алардын доктриналдык, уюштуруучулук жана саясий булактарынын негиздери канчалык жокко чыгарылса, ошончолук ийгиликке жетүү шарттары түзүлөт.

Ислам фундаментализми, экстремизм жана терроризм менен күрөшүү көйгөйлөрү улуттук жана эл аралык деңгээлде алардын аймактык жана глобалдуу коркунучуна каршы күрөшүү боюнча макулдашылган, көп тараптуу биргелешкен аракеттеринин зарылдыгы талап кылынат.

**Изденип алуучунун жекече салымы**, ааламдашуу процессинде түзүлгөн заманбап коомдун өктөм муктаждыгы экстремизмди, терроризмди жана радикалдуу ислам фундаментализмди зомбулуктуу социалдык-саясий өзгөрүүлөрдүн ыкмасына айлантуу менен, алардын пайда болуусуна күчтүү таасир бергендигин жана жигердендиргендигин илимий жактан жана ар тараптан ынанымдуу аныктоого жетишкендиги менен аныкталат. Ааламдашкан процесстердин таасири астында дүйнө жүзүндө радикалдуу диний фундаментализм, экстремизм жана терроризм жаралат жана калыптанат, алардын капшабынан, бүлүндүрүүчү таасиринен бир дагы мамлекет четте калбайт. Ошону менен бирге эле, экстремизм жана терроризм радикалдуу ислам фундаментализминин саясий зомбулугунун саясий куралы катары чыгат.

Диний фундаменталисттер шариаттын негизинде халифатты курууну өздөрүнүн максаты катары көрүшөт. Бул максатка жетүү үчүн алар дини абалын Мухаммед Пайгамбардын дооруна алып келип, кайра жаркын келечекке умтулууга аракеттенишет. Бирок белгилей кетчү нерсе – өткөн доорго кайтуусу да, жаркын келечекке умтулуусу да саясий зомбулуктун куралы экстремизм жана терроризм аркылуу иш-жүзүнө ашырылат.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Изилдөөнүн негизги жоболору менен тыянактары эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда баяндама жасоо аркылуу апробацияланган жана жарыкка чыгарылган.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылып чагарылышы.** Диссертациялык изилдөөнүн айрым главалары, бөлүктөрү, тыянактары жана сунуштамалары Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы сунуштаган кыргыз жана чет элдик илимий басылмаларда 2 (эки)

монография түрүндө жана 25 илимий макалада, анын ичинде 9 макала – чет өлкөдө (Россия) чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү** илимий изилдөөнүн максаты, милдеттери жана мазмуну менен шартталган. Илимий эмгек кириш сөздөн, төрт главадан, тыянактан, практикалык сунуштамалардан, ошондой эле диссертацияда пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, библиографиялык сыпаттамадан турат.

# I БАП
# ДИНИЙ ФУНДАМЕНТАЛИЗМДИН ФЕНОМЕНИН ТАЛДООНУН ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК - МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ.

## 1.1. Диний фундаментализм түшүнүгүнүн аныктоодогу негизги теориялык-методологиялык көз караштар.

«Ислам фундаментализми» түшүнүгү илимий адабияттарда жана жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири кездешет жана биротоло бекем орун алган. «Идеологиясы Мухаммед Пайгамбардын учурундагы алгачкы исламдын диний, социалдык жана саясий тажрыйбасына кайрылууга негизделген азыркы кездеги мусулман диний-саясий кыймылдардын жалпы мүнөздөмөсү үчүн» [9,25-б] бул түшүнүк үзгүлтүксүз колдонулуп келүүдө.

Бирок, анеткени менен азыркы учурга чейин «ислам фундаментализми» түшүнүгү ар кыл талаш-тартыштарды жаратуу менен, учурдагы илимде да биротоло акырына чейин аныкталбаган, так аныктамасы туюнтулбаган бойдон калууда.

Фундаментализм феномени узак убакыттан бери карай ар кыл изилдөөчүлөрдүн өзгөчө көңүлүн бурдурган, талаштуу объект болуп саналат. Илимий адабияттарда аталган феноменди илимий жактан изилдөө таржымалынын беш мүнөздүү багытын өзгөчө айырмалап, бөлүп көрсөтүүгө болот.

*Биринчиси* – фундаментализмдин пайда болуусунун тарыхый таржымалына байланыштуу жүргүзүлгөн талдоого арналган басылмалар кирет. Алардын катарына А.А. Акуновдун “Саясат таануу: Энциклопедиялык окуу куралы”, М.Т. Артыкбаевдин “Ислам и политика”, Б.А. Малтабаровдун “Религиозный терроризм как проблема социологии”, С. Мамбеталиевдин “Пережитки некоторых мусульманских течений в Киргизии и их история”, Ж. Ливенин “Религиозные войны”, А. И. Кырлежевдин “Фундаментализм религиозный”, О. А. Молдалиевдин “Ислам и политика: политизация ислама или исламизация политики” аттуу монографияларын ж. б. кошууга болот.

*Экинчиси* – толугу менен диний фундаментализмди изилдөө, ошондой эле анын исламда пайда болуусу боюнча ойлор топтолгон. Бул жерде белгилүү британдык тарыхчы-дин таануу окумуштуусу К. Армстронгдун «История Бога. 4000 лет изысканий в иудаизме, христианстве и исламе”, Х. Арендттин “Истоки тоталитаризма”, О. А. Семенованын “Исламский фундаментализм, как течение политической мысли” аттуу эмгектерин бөлүп көрсөтүүгө болот.

*Үчүнчүсү* – «диний эмес фундаментализмдин» – мамлекеттик саясий, экономикалык, улуттук, гендердик жана феминисттик, экологиялык фундаментализм ж. б. сыяктуу ар кандай түрүн ийне-жибине жеткире изилдейт. Мисал катары, Э. Хейвуддун “Экономика и общество”, М. Фридмендин “Если бы деньги заговорили”, Дж. Стиглицтин “Глобализация: тревожные тенденции”, Т. И. Ойзермандын “Проблемы экологии: генезис идей и современность” аттуу эмгектерин айтууга болот.

*Төртүнчүсү* – фундаментализмдин жаралуусуна жана өнүгүүсүнө байланышкан социалдык жана маданий көйгөйлөр ар тараптан каралат, «фундаментализм» түшүнүгүнүн интерпретацияланышына карата ар түрдүү көз караштар айтылат, анын мазмунуна теориялык-методологиялык талдоо жүргүзүү боюнча аракеттер көрүлөт.

Мисалы, бул жерде Д. Е. Фурмандын “Религия и социальные конфликты в США”, М. Ратвендин “Ислам. Краткое введение”, Г. Н. Мирскийдин “Политический ислам и Западное общество”, В. И. Максименконун “Фундаментализм и экстремизм в исламе” – деген сыяктуу илимий эмгектерди көрсөтүүгө болот.

*Бешинчиси* – зомбулук каражаттары менен өздөрүнүн максаттарына жетүүгө умтулган радикалдуу маанайдагы фундаменталисттик топтордун саясий жигердүүлүгүнө арналган эмгектердин жыйындысын топтоп турат. А.А. Ярлыкаповдун “Радикализм и экстремизм в мусульманской среде на Северном Кавказе”, О. А. Молдалиевдин “Исламизм и международный терроризм: угроза ислама или угроза исламу”, И. Э. Мирсаитовдун “Особенности формирования политического ислама в Ферганской долине”,

Ж. Кепелдин «Джихад. Экспансия и закат исламизма» аттуу илимий эмгектери өзгөчө көңүл буруугa татыктуу.

Изилдөөдө жалпысынан алганда фундаментализм жөнүндө түшүнүк өзгөчө диний феномен катарында эмес, комплекстүү социалдык-саясий феномен катары ар тараптан терең изилдөөгө алынат.

Изилдөө саясат таануу теориясында жалпы кабыл алынган түшүнүктөр жана жыйынтыктар менен камсыздандырылды жана бекемделди. Диний фундаментализм жөнүндө түшүнүктүн концепциясы саясий-укуктук, системдик жана институционалдык мамилелердин тырыхый-конкреттик, бихевиористтик, институционалдык, системдик, ситуациялык, фактордук анализдердин ыкмаларынын негизинде изилденди.

Изилдөөнүн прикладдык аспектиси диний фундаментализмдин өнүгүүсүнө жана жайылуусуна байланыштуу болгондукта көптөгөн эмпиристтик материалдарды топтоону, системалаштырууну, классификациялоону жана анализдөөнү талап кылуу шартын түздү.

Көрсөтүлгөндөрдүн негизинде, бир жагынан ислам фундаментализмин бирдиктүү саясий жана социалдык феномен катары кароого мүмкүнчүлүк берди. Экинчи жагынан, ислам фундаментализминин жаралуусун, өнүп-өсүшүн жана жайылуусун, ошондой эле ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүсүн изилдөөгө шарт түзүлдү.

XX кылымдын аягында саясий фундаментализм, саясий радикализм, саясий экстремизм, терроризм деген өзгөчө актуалдуу жана татаал саясий феномендер кеңири илимий коомчулуктун көңүлүн өзүнө көбүрөөк бура баштады. Салыштырмалуу бул саясий феномендердин катарына диний фундаментализмдин киргизилгенине аз эле болду. Ал чет өлкөлүк, ошондой эле кыргыз саясат таануу илиминде да абдан аз изилденген, ошондуктан анын адекваттуу жана объективдүү негизин түшүндүрүү бир кыйла түйшүктүү кыйынчылыктарды жаратпай койбойт.

Азыркы учурда «диний фундаментализмдин изилденишине көңүл бурулган, азыркы кездеги коомдо анын пайда болуу себептери, идеялык негиздери жана жайылтылышы каралган» [89,90-96 б.] чет өлкөлүк авторлордун бир катар орчундуу илимий эмгектери, изилдөөлөрү жана монографиялары жарык көрдү.

Бүгүнкү күндө айрым изилдөөчүлөр фундаментализмди диний ишенимдин фундаментин, негизин жактаган динчил адамдын абалы жана көз карашы катары түшүндүрүшөт. Мисалы, батыш окумуштуусу Джеймс Баррдын «Фундаментализм» жыйнагына топтолгон макалаларында фундаментализм термини «дин эрежелеринин башатынын жана диний окуунун негиздерине кайтууну жигердүү жактаган диний жана диний-саясий кыймылдардын, агымдардын идеологиясы» [84,36-б.] катары аныкталат.

Орусиялык, казакстандык, ошондой эле кыргыз илимпозу Б. Малтабаров «фундаменталдык түшүнүктөрдүн жана дин пайда болгон доордун практикасынын дин окутуу башаттарына кайтуу идеясына» [99,15-б.] байланыштуу болгон исламдын, христианчылыктын жана иудаизмдин азыркы учурдагы агымдарын фундаментализм бириктирип турат деген пикирлерин билдиришкен. Мындай тар «теологиялык» ачылышта кээ бир авторлор фундаментализмдин теориясы менен практикасын протестанттыкка, православиеге, исламга, ортодоксалдык иудаизмге тыгыз байланышта карашат, «диний фундаментализмдин ар түрдүү өңүттөрүн» [40,274-б] талдоого алышат Ушул жагдайлардан алып караганда көбүнесе олуттуу илимий иштер «исламга арналган» [42,186-225 б.], ал фундаментализмдин сөзсүз мусулман дини менен гана байланышканы тууралуу жайылтылган түшүнүктүн жаңылыштуу экендигинин алдын алууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Изилдөөчүлөр белгилегендей, «көпчүлүк диндерде фундаментализм азыр сыртты көздөй калкып чыкты жана ал XX кылымдын аягындагы спецификалык жашоо кыйынчылыктарына карата болгон бүткүл дүйнөнүн реакциясы болуп калуусу шекилдүү» [17,13-б.]. Айрым окумуштуулар белгилегендей, «эгерде фундаментализм мусулман дүйнөсүндө гана өзгөчө

кулачын жайган деген пикир жаралган болсо, анда чынында бул бир эле демографиялык жарылуунун кесепети» [17,14-б.]. Бирок муну тар көз караш деп эсептесе болот.

Ошол эле убакта ислам дүйнөсү өзүнө карата «фундаментализм» терминининин колдонуу мүмкүндүгүн четке каккандыгын көптөгөн булактардын талдоосу бир кыйла ынанымдуу ырастайт. Биринчиден, бул термин «христиандардан келип чыккан» [71,19-б.]. Экинчиден, протестанттык түшүндүрмө боюнча бардык мусулмандар фундаменталист болушат, анткени кыңк этпестен кереметтүү Куранга жана Алланын сөзү болгон исламдын жаңылбаган жазууларына ишенишет.

«Ислам фундаметализми» түшүнүгү – батыштык изилдөөчүлөрдүн эмгектеринин жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын жемиши. Америкалык изилдөөчү Б.Лоуренстин [89,10-б.] божомолуна ылайык, бул түшүнүктүн исламга тиешелүү экендиги белгилүү чыгыш таануучу Х.А.Р. Гиббдин «Мухаммеданизм», кийин «Ислам» деген аталышка алмаштырылган китебинде ачык белгиленген. Ислам талашка түшүп же коркунуч абалында турган мезгилдерде исламдын диний салттарын туруктуу коргоо максатын көздөгөн саясий активист жана панисламдык реформатор – Джамал-эль-Дин аль Афганини окумуштуу Х. А. Р. Гибб фундаменталист деп атаган. Бирок Джамал-эль-Дин – исламды өзгөртүүдөн мурун мусулмандар өзүнүн ой-жүгүртүүсүн жана көз карашын өзгөртүүгө муктаж деп белгилеген.

Британдык изилдөөчү М.Ратвен [142,45-б.] белгилегендей, чындыгында фундаментализмдин идеологиясын «тунук» исламдан аябай эле айырмаланган айтылуу саясий ислам менен туура эмес окшоштурушат. Дүйнө жүзүндө тар түшүндүрмө менен бир катарда фундаментализм жөнүндө жөнөкөйлөтүлгөн, көндүм болуп калган, диний, саясий жана коомдук ишмерлер макул көрүшкөн түшүнүк жайылган. Аталган түшүнүккө ылайык, фундаментализм – бул терең ишеним, диний окуу билими жана ага айныксыз берилгендик. Советтик энциклопедиялык басылмаларда «фундаментализм» деп дайыма «мурдагы идеяларга, принциптерге, тийиштүү окутуу

баалуулуктарына, доктриналарга берилгендикти жарыялагандарды, алгачкы тазалыкты ордуна алып келүүнү, «башаттарга кайтууну» жана анын өнүгүүсүнүн жүрүшүндө пайда болгон бурмалоолорду, бузууларды, четтөөлөрдү жеңүү талабын коюшкан коомдук, идеологиялык, диний кыймылдарды» белгилешкен [143,130-б.]. Бирок мындай түшүндүрүүлөр жана аныктамалар шарттуу болуп саналат жана аталган түшүнүктүн дайындуу маани-маңызына доо келтирет, ал турмак жок кылат.

Айрым учурларда фундаментализмди конформизм деп түшүнүшөт. Бирок «негизги принциптерди» карманган жана эч качан компромисске келбеген айтылуу «фундаменталисттер» менен саясаттагы ийгиликтерге бир гана баарлашуу жана макулдашуулардын натыйжасында жетүүгө мүмкүн деп билдиришкен конформисттердин тиреши көптөгөн саясий жана коомдук кыймылдарда орун алган. Алардын ар биринде «релятивисттерден баштап идеялык фундаменталисттер деп көбүрөөк атала башташкан компромисске келбеген догматиктерге чейинки – түзүлүш көрүнүп турат» [143,15-б.].

Тилекке каршы, биздин саясий илимде дагы деле болсо бул кубулуш жетишсиз, абдан аз изилденген, ушул себептен аны объективдүү түшүнүү бир кыйла татаалдашкан бойдон калып келе жатат.

Бүгүнкү күндө бир катар кыргыз изилдөөчүлөрү О. А. Молдалиев, К. Маликов, Б. Малтабаров, Н. Курбанова жана башкалар фундаментализмди диний ишенимдин фундаментин, негизин жактаган динчил адамдын абалы катары түшүндүрүп келишүүдө.

Дин таануу илиминин көз карашы боюнча «фундаментализм» терминин колдонууда ага «ислам» сөзүн айкалыштыруу туура, анткени фундаментализм иш жүзүндө бардык диний тутумдарга таандык деп айрым адистер жана эксперттер божомолдошот. Башка бир изилдөөчүлөр исламдагы фундаментализм феноменин сүрөттөө үчүн «салафизм», «ваххабизм», «джихадизм» терминдери көбүрөөк туура болоорлугун тастыкташат. Кээ бир эксперттер жана илимпоздор «исламдын экинчи исламдашуусу», «ислам

радикализми», «ислам экстремизми» жана «саясий экстремизм» түшүнүктөрүнө таянып иш кылышат» [116,192-б.].

Орусиялык илимпоз А. М. Верховский [34,41-б.] белгилегендей, эгерде «саясий экстремизм» – бул «саясатта жол берилгис акыркы чек» болуп эсептелсе, ал эми аналогия боюнча «исламисттик экстремизм» – бул «исламда жол берилгис акыркы чек». Бирок диндеги акыркы чек – бул саясаттагы акыркы чек дегенден таптакыр эле башка нерсе. Ислам экстремизми жөнүндө айтып жатканда, чындыгында исламдын атынан ишке ашырылган жол берилгис акыркы чекти эске алып айткандарын белгилеп кетиш керек. Ушуга байланыштуу исламдагы саясий радикалдуу жана агрессивдүү агымдарды белгилеп көрсөтүү үчүн А.М. Верховский кеңири жайылтылган «радикалдуу ислам» терминин колдонууну сунуш кылат» [34,42-б.].

Жогоруда көрсөтүлгөндөй ар кандай ой-пикирлерге карабастан, бул жерде ошол эле – саясаттагы ислам факторунун актуалдашуусу, исламдын өрчүгөн саясатташуусунун феномени тууралуу сөз болуп жатат. Өзүнүн жаралган учурунан тартып, өзгөчөлүгү менен шартталган «ислам иш жүзүндө диний күчтү гана эмес, мамлекет ичине жана ошондой эле андан сырткары багытталган саясий күчтү билдирип келген» [179,358-б.]. Себеби ислам дүйнөлүк, социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган, анда ислам мамлекетинин шартында гана жете ала турган социалдык теңдиктин ырааттуу диний насыяты камтылган. Мындай мамлекеттин бекемдиги светтик жана руханий бийликтин биримдигине негизделет. Турмуштун, жеке инсандын жана коомдун жүрүм-турумун катуу тартипке салган мыйзамдардын жыйындысы болгон шариат – бир гана исламда бар. Башка диндер сыяктуу эле, ислам абсолюттук чындыкка ээлик кылууга умтулат. «Алардын иш-аракеттери жогору жактан чечилгендигин, ошондуктан калк тарабынан бекитилген моралдык ченемдердин алкагынан чыгып кеткен ыкмаларды алардын гана колдонууга укугу бар экендигин» [94,69-б.] билдиришкен айрым саясий күчтөрдүн дымактарын ушул диний негиздөөлөр багыттайт жана күчөтөт.

Бул жерде «ислам фундаментализми» деп аталган исламдын чектен ашкан феномени үчүн «саясий ислам» жана «исламизм» деген синонимдер шайкеш келгендиги тууралуу жүйөө келтирген англиялык илимпоз М. Ратвендин [142,30-31 б.] пикирине кошулууга болот. Анын ою боюнча «жер шарын кучагына алган «шариат » бийлигин орнотуу үчүн чыккан радикалдуу жана өтө ашкере кетпеген азыркы кездеги ислам диний-саясий кыймылдардын ишмердүүлүгүн «исламизм» [9,41-б.] түшүнүгү менен белгилесе болот. Бирок азыркы учурда «ислам фундаментализми» терминин колдонуунун тууралагы жөнүндөгү маселе боюнча илимий талаш-тартыштар аягына чыга элек. Саясий илимде бул түшүнүктү исламдагы фундаментализмдин пайда болуусунун көйгөйүн саясий өңүттөрдө түздөн-түз көңүл бурууга, бир жерге топтоого жол берген мүмкүндүк жана мүмкүн болгон жөнөкөйлүк катары колдонуу максатка ылайык дал келет. Ошол эле учурда төмөнкү айтылгандарды сөзсүз түрдө эске алуу керек.

Кыргыз коомунун жаңылануусундагы карама-каршылыктуу процесс биздин республикадагы саясат менен диндин азыркы алака-катышын аныктайт. Бөтөнчөлүктүү көрүнүштөрдүн тутумдашуусу катары диний фундаментализм өзү да саясий процесске, мамлекеттик бийлик чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдүн динамикасына таасирин тийгизет. Диний фундаментализмдин саясий процесске белгилүү бир ирет жана маани-маңыз киргизүүчү, динге ишенүүчүлөрдүн саясий билимдеринин, идеяларынын, концепцияларынын, ынанымдарынын, салттарынын жана баалуулуктарынын, менталитетинин жана жамааттык түшүнүктөрүнүн, ошондой эле саясий иш-аракетинин үлгүлөрүнүн жыйындысы деп айтууга болот. Ислам фундаментализми бир жагынан, жалпы диний саясаттын бир бөлүгү катары, экинчи жагынан, динге ишенүүчүлөрдүн саясий мүнөздөмөлөрүнүн кандайдыр бир синтези катары кароого болот.

Негизинен ислам динамикалык түрдө өнүккөн диний тутум болуп эсептелет, анын алкагында – «традиционализм, консерватизм, радикализм, реформизм, фундаментализм ж.б.у.с. ар кандай диний-саясий багыттарды

бөлүп чыгарышкан» [85,42-б.]. Ошол себептен XX кылымдын 70–80-жылдары көптөгөн илимпоздор ислам динин туткан дайындуу социалдык топтордун диний аң-сезимдеринин түзүлүшүнө жана социалдык-саясий процесстерге бул багыттардын таасир берүүчү талдоосуна өзгөчө көңүл бурушкан. Жогоруда көрсөтүлгөн исламдын диний-саясий багыттары шарттуу болуп эсептелет, бирок ал ушул убакка чейин ислам саясий ой-жүгүртүү тарыхын окуп үйрөнүүдө колдонулуп жаткан методологиялык курал болуп калууда. Ошентип, айрым азыркы саясат таануучулар фундаментализмди анын исламдагы традиционализм, консерватизм жана радикализм менен “өз ара байланышын, жаңы мүнөздүү багыттарды эске алуу менен” [85,96-б.] бул түшүнүктөрдү тиешелүү илимий усулдар аркылуу тактап жана аныкташы керек.

Өткөн кылымдын 90-жылдарынан тартып ислам фундаментализми көйгөйүнө цивилизациялуу көз караштан кароо, мамиле жасоо аракеттери көрүлө баштады. Цивилизациялык теориянын байланышында, байыркы салттардын башатына кайтууга умтулгандык деп аныкталган ислам фундаментализми, ислам дүйнөсүнүн «Батыштын цивилизациялык чакырыгына жооп аракети катары каралат» [9,53-б.]. Ушул көрүнүштө ислам фундаментализми өзү менен өзү социалдык маданий кризис абалында ислам аныктыгын сактоодо базалык модель болуп эсептелет, ал батыш ааламдашуусуна альтернатива катары, ислам социумунун сакталып калуу стратегиясы катары чыгууда. Бирок, ислам фундаментализминин феноменин изилдөөдөгү мындай иш-аракеттер азыркы учурда орчундуу сынга туш болууда, анан да азыр «аны кайрадан карап чыгуу же толуктоо зарылчылыгы негизделүүдө» [101,97-б.]. Айрыкча, ислам коомчулугунун жана ааламдашкан батыш дүйнөсүнүн өз ара катнаштарынын процессинде жалпы мүнөздүү багыттардын кемчиликтерин аныктоо аракеттери көрүлүүдө. «Исламдагы бири-бирине окшош фундаментализм феноменин татаалданткан маанилүү түшүнүктүн, ал эми кай бир учурда интерпретациялардын карама-

каршылыктарынын ар түрдүүлүгүн шарттаган» [26,111-б.] ошондой эле дайындуу методологиялык көйгөйлөрдү көрсөтүү зарыл.

Биринчиден, кээ бир учурларда ислам фундаментализмине терроризмдин кайсы бир түрү катары мамиле кылуу үстөмдүк кылат. Ошол эле убакта бул фактыны эске албай коюуга болбойт: исламизм бирдиктүү агым болуп эсептелбейт, ал эми анын жолун жолдогон исламисттер жок эле дегенде эки лагерге бөлүнүшөт – ашкере кетпегендер жана радикалдар, мусулман дүйнөсүнүн өнүгүүсүнүн максаттарына жана аларга жетишүү каражаттарына болгон мамиле боюнча орнотулган тартиптери аларды айырмалап турат.

Экинчиден, ислам фундаментализминин феноменин илимий маани-маңызына жеткире түшүнүү аны алып жүрүүчүлөрдүн, биринчи кезекте – радикалдык багыттагы ислам уюмдарынын ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтын спецификалык жабык мүнөзү менен дайыма татаалданып турат.

Бул көрсөтүлгөн кыйынчылыктарга карабастан, жалпысынан изилдөөчүлөр тарабынан «ислам фундаментализминин» айрым мүнөздүү белгилери аз да болсо ачыкталган жана азыркы учурдагы саясий теория менен практикада бул феномендин ордун аныктоолор илим тарабынан уланууда. Илимий эмгектердеги талдоолор «фундаментализм» түшүнүгүнүн интерпретациясына карата үч негизги көз караш, мамилени бөлүп кароого жол берет.

Биринчи көз караш, мамиле. Фундаментализм, негизинде «интеллектуалдуу эмес, фанатикалык жана толеранттуу эмес көз караш» [99,135-б.] катары терс маанисинде каралат, ал эми кимде-ким «өздөрүн гана кабыл алып, белгилүү бир чөйрөгө таандык болбогон тараптарга карата келишпестигин билдирсе» [115,225-б.], андайлардын бардыгына «фундаменталист» терминин колдонушат. Айрыкча, экстремизмдин, саясий радикализмдин жана ал турмак терроризмдин ар кандай ишмердүүлүктөрүн жана иштерин дайыма эмнегедир фундаментализм деп аташат. Мындай көз караш, салыштыруу туура эмес. Себеби, экстремизм – тиешелүү социалдык жана саясий жүрүм-турумда пайда болгон чектен ашкан көз караш менен

чараларды жактагандык деп белгиленет. Мисалы, орусиялык изилдөөчү В. И. Красиковдун [77,16-б.] пикирине ылайык, «экстремизм категориясы» төмөнкү образда аныкталышы мүмкүн: экстремизм бул кадиксиз күнүмдүк жашоо-турмуштун эрежелерин батылдык менен бузган аракеттер жана идеялар; адамдардын кадимки практикалары менен демонстративдик түрдө кагылышууга чыккан жүрүш-туруштун негизделген чектери». Максаттарына кыска жол менен жетүүгө умтулуусу, максаттарына жетүү ыкмаларынын баш-аягынын жоктугу, бөлөктөрдүн көз караш, тутумдары менен эсептешүүнү каалоонун жоктугу, күч колдонуу ынтызарлыгы экстремисттерди айырмалап турат. Тилекке каршы, биздин абалда «экстремизм» түшүнүгүн колдонуу, экстремизмге жана ушундай ишмердүүлүккө өтө кеңири юридикалык аныктама берген «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» [127, 31-36 б.] Кыргыз Республикасынын мыйзамы татаалдантып жиберет. Аталган Мыйзамга ылайык, экстремисттик ишмердүүлүк (экстремизм) – коомдук же диний уюмдардын, же болбосо башка уюшмалардын, мекемелердин, ошондой эле менчигине карабастан жалпыга маалымдоо каражаттарынын, же жеке жактардын конституциялык түзүлүштүн негиздерин өзгөртүүгө болгон далалаты, террористтик ишмердүүлүктөн баштап диний, социалдык же улуттук белгилери боюнча чыр-чатактарды козгоо жана экстремисттик уюмдардын символдорун жайылтууга чейинки аракеттерди пландоо, уюштуруу, даярдоо жана аткаруу багыты болуп саналат. Юристтердин түшүндүрмөлөрүнө ылайык, эгерде бул Мыйзамды жетекчиликке алсак, анда каалаган ар кандай ишмердүүлүктү «экстремистстик» деп эсептөөгө болот. Бул юридикалык жактан өндүрүмсүз гана эмес, андан дагы алсыз дифференциялык белгилерди пайда кылат. Экстремизм түшүнүгүн – маңызы саясий күрөштүн чектен ашкан, күчкө салган каражаттарды колдонууну камтыган саясий аракеттердин белгиленген түрү деп колдонуу туура болот. Бул учурда саясий экстремисттердин аракеттери төмөнкү позициялардын ортосунда өзгөрүп турат:

- саясий жана идеологиялык максаттарда зомбулук көрсөтүү;

- мындай зомбулукту жайылтуу;
- саясий күрөштүн чектен ашкан башка формалары.

Фундаментализм экстремизмден айырмаланып, саясий аракеттин түрү эле эмес, ал абсолюттук мүнөз берген, пикир билдирүүчүлөр ар дайым теориялык платформага же принциптерге таянган саясий ой-жүгүртүү ыкмасы. Бардык эле фундаменталисттер экстремист боло бербейт, алардын ичинен көбүрөөк радикалдуу жигердүү маанайдагылар гана боло алат. Бирок, фундаментализм жана экстремизмдин жалпы мүнөздүү белгиси алардын сөзгө келбестиги болуп эсептелет.

Ошондой эле “саясий радикализмди” фундаментализм деп түшүнүп, кабыл алышкандар катуу жаңылышат. Себеби социалдык жана саясий институттарды түп орду менен өзгөртүүгө багытталган саясий демилгелерди, ошондой эле аракеттерди баса көрсөткөн «саясий радикализм» терминин эске алуу керек. Саясий радикализмдин маани-маңызы чечкиндүү чаралардын колдонуусунда камтылган. Ал ар дайым аракеттеги бийлик түзүмдөрүнө, институттарына жана баалуулуктарга оппозиция болууга негизделген. «Радикализм» термини менен ошондой эле көпчүлүк тарабынан кабыл алынган салттардан кол үзүүнү, түп орду менен өзгөртүүгө чакырыктарды белгилешет. Ошентип, радикализм деп жербай тутумун жөн гана өзгөртүүгө жана үстүнкү катмарын кайра түзүүгө эмес, анын өзүн түп тамырынан бузууга үндөгөн, негиздүү алмашуунун, чечкиндүү модернизациянын зарылдыгына болгон ишеним эсептелет.

Фундаментализм – бул аны жок кылуу эмес, тутумдун фундаментине (негизине, башатына) кайтууга умтулуу. Бул фундаменттин убактылуу катмарларын тазалоо. Фундаментализм радикализмден айырмаланып, өзгөрүү, модернизация, жаңылануу процесстерине дайыма каршы турат. Фундаментализм белгилүү бир терең жана соңку, башкача айтканда күмөн саноого, анан дагы өзгөртүүгө жатпаган фундаменталдык акыйкаттыктын бар экендигин божомолдойт.

«Радикализм» термини кайсы бир идеологиялык доктринанын же саясий аракеттин мүнөзүн аныктоо үчүн көбүрөөк ылайыктуу. Алардын чечкиндүү мүнөзүн баса белгилеп кетиш үчүн радикалдык идеологиялар, радикалдык реформалар, радикалдык ыкмалар жөнүндө айтышат

Кээде бул терминди фундаментализмдин ар түрдүүлүгүн – радикалдуу фундаментализмди өзүнчө ажыратып кароо үчүн колдонушаарын баса белгилеп кетүү зарыл. Чын эле кээ бир фундаменталисттик доктриналар жана кыймылдар радикалдуу болушу мүмкүн, б. а. чектен ашкан же чечкиндүү чараларды колдонууга болгон чакырык.

Ошол эле убакта, салттардан кол үзүүгө талап кылган коомдун же саясий тутумдун жаңылануусу боюнча чечкиндүү, түпкүлүктүү чаралардын жактоочулары катары радикалдарды, ошондой эле салттарга, башкы башаттарга кайтууну колдогон догматизм, максимализм, жөнөкөй чечимдерге жана чектен чыккан каражаттарга ынтызарлык фундаменталисттерди радикалдардан айырмалап турат.

Эми терроризимге кайрылсак. Терроризм – бул зомбулук идеологиясы, террордун жардамы – киши өлтүрүү, адам уурдоо, диверсиялык акциялар ж.б.у.с. менен ишке ашырылып, кайсы бир саясий максаттарга жетүүдө коркутуу жана зомбулук аракеттеринин саясаты. Америкалык илимпоз-саясат таануучу Леонард Вайнберг [31,81-б.] өзүнүн «Глобалдык терроризм» аттуу китебинде түшүндүргөндөй, «терроризм – бул философия жана кыймыл эмес, ал саны жок көптөгөн саясий кырдаалдарда жана өнөктүктөрдө колдонулган саясий жигердүүлүктүн өзгөчө бир түрүн» билдирет. Демек фундаментализмди терроризм деп айтууга болбойт.

Терроризмдин төмөнкүдөй түрлөрүн бөлүп көрсөтсө болот:

– “мамлекеттик терроризм” – мамлекеттин ичинде жарандар өзүнүн мекендештерине каршы колдонулган терроризм;

– “трансулуттук терроризм” – бир мамлекеттин жарандары өзүнүн мекендештерине каршы бөлөк мамлекеттин жергесинде уюштурулган терроризм;

– “эл аралык террроризм” – бир нече мамлекеттин жарандары кайсы бир мамлекетке (мамлекеттерге) жана алардын жарандарына каршы уюштурулган терроризм;

– “идеологиялык терроризм” – кандайдыр бир идеялардын, көз караштардын ж.б.у.с. негизинде уюштурулган терроризм;

– “диний терроризм” – бурмаланган диний агымдарынын негизинде уюштурулган терроризм;

– “улутчулдук, этникалык терроризм” – адамдарды улутуна, биологиялык түсүнө карата бөлгөн терс (адамды жек көрүү) идеялардын жана теориялардын негизинде уюштурулган терроризм.

Ошентип, фундаментализмди экстремизм, саясий радикализм жана дагы терроризм менен бирдей деп эсептөөгө болбойт. Бирок орусиялык изилдөөчү Г. И. Мирскийдин «фундаментализмден башталган ой жүгүртүү тутуму экстремизмге жана террорго алып келүүгө толук жөндөмдүү» [110, 20-28 б.] деген пикирине кошулбай жана колдобой коюу мүмкүн эмес.

Экинчи мамиле. Фундаментализм «модернизация жана ааламдашуунун процесстерине болгон реакцияны билдирген социалдык маданий кубулуш» [99,138-б.] катары каралат. Фундаментализм салттуу коомдун тирегинин ишеничин кетирген батыш экспанционизмин, ыкчамдатылган модернизациясын кабыл алууга жарактуу эмес социалдык жана саясий идеология катары элестетилет. Көптөгөн илимпоз, саясат таануучулар үчүн фундаментализм – бул коомдун руханий ойгонуусу жана кайра жаралуусу үчүн өзүнө чакырык камтыган жагымдуу феномен. Ал секуляризациялык ыкчам процесстер жана салттуу баалуулуктардын жоюлушу, ошондой эле ишенимге жана диний жашоого болгон кызыкчылыктын жоголушу, кулк-мүнөздөрдүн деградациясы менен шартталган.

Чын эле, фундаментализм баарынан мурда өздүк окшоштугун (иденттүүлүгүн) жоготуу алдында калган өлкөлөрдө ушундай ыңгайда өзүн көрсөтөт. Ошол мусулман руханий башчыларынын жана демилгечилеринин пикиринде азыркы улуттук мамлекет кыйроого учурады. Кээ бир мусулман

мамлекеттеринин алсыз жана баш ийүүчүлүк абалы – Батыштын же Чыгыштын динден тышкарылыгын, материалисттик идеологияны – капитализм же марксизм жана анын баалуулуктарын тандап алышкандыгынын, Алла чийип берген жолдон кайтышкан мусулмандардын «Кудайсыздыгынын» кесепети. Ошондуктан мусулмандардын башкаруу мекемелерине жана “умага” (коомго) кайра жаралууну бир эле ыкма менен берсе болот: «ислам мыйзамын кайрадан бекитүү, аны исламды жетекчиликке алууга тийиш болгон жана саясий-социалдык теңчиликке таянган мамлекеттин негизи кылуу кажет» [112, 77-82 б.].

Ушундай түшүнүк берүүдө фундаментализм – бул руханий тазаланууга алып келүүгө мүмкүн болгон кайсы бир элге бөтөн маданияттын, баалуулуктардын жана идеологиялардын экспансиясына карата болгон позитивдүү, зарыл жана мыйзам ченемдүү реакция.

Мындай мамиленин нугунда дүйнөнүн көпчүлүк бөлүгүндө фундаменталисттик кыймылдардын санынын өсүшүн – ааламдашуу процесстеринин жыйынтыгында өздөрүнүн салттарын коргогон кайсы бир топтун жашоосунда кабыл алынгандардан айырмаланып, жашоого жана ишенүүгө жөндөмдөрү бар экендиги тууралуу алган билими аркылуу пайда болгон «тынчсызданууга» жооп катары карашат.

Ушуга байланыштуу фундаментализмди дайыма традиционализм менен же болбосо консерватизм менен окшоштурушат.

Айрыкча, диний фундаментализмди традиционализм катары орусиялык изилдөөчү Ксения Касьянова түшүндүрмө берген: «диний фундаменталист» деп негизги диний буйруктарды жана тыюу салууларды гана эмес, мүмкүнчүлүккө жараша бардыгын кармап калуу үчүн өзүнүн бүт жашоосун пайдаланууга умтулган адамды айтышат. Ушул көрүнүштө «фундаменталист» абстрактуу көйгөйлөргө өзгөчө көңүл бурат…» [68,193-б.].

Фундаментализмди традиционализм менен, ошондой эле консерватизм менен окшоштуруу туура эмес. Традиционализм – бул азыркы коомдо орнотулган бардык социалдык институттар убакыттын өзгөрүүсү менен

«текшерүүдөн» өтүштү дегенди билдирет, ошол үчүн дыкаттык менен корголууга тийиш деген ишенимге кайрылат. Так ушуга байланыштуу традиционалисттер салттарды коргоо зарылчылыгын талап кылышат, туруктандашкан жүрүм-турумдун ченемдерин жана салттарды колдоого умтулушат, ошондой эле ар кандай өзгөрүүлөргө чечкиндүү түрдө каршы турушат.

Андан сырткары, салт – бул муундан муунга өткөн жана көптөгөн убакыт бою тийиштүү бир коомдордо сакталган социалдык жана маданий мурастардын элементи. Белгилүү америкалык изилдөөчү Мартин Эмиль Мартининдин [102,18-б.] пикирине ылайык, бул жөн гана адамдар тарабынан жетик ойлонулбай кабылданган адаттагыдай эле табигый нерсе, башкача айтканда, «салттык маданият чөйрөсүндө жашаган көптөгөн адамдар өздөрүн – традиционалист экендиктерин биле беришпейт».

Бир жагынан, фундаментализмди салтын аңдап билген жана ыраатуу түрдө коргогон түшүнүк катары аныктоого болот. Бул өңүттөн алганда традиционализм жана фундаментализм кандайдыр бир окшоштукту далилдейт.

Экинчи жагынан, фундаментализм качан турукташкан социалдык практикага жеке принциптерин киргизүүгө аракет кылганда жана аларга ылайык коомдун масштабдык жаңылануусуна чакырык таштаган учурда, анын традиционализм менен бирге болуу мүмкүнчүлүгү дал келбейт.

Андан дагы, фундаменталисттик ой жүгүртүүнүн традиционалисттик ой жүгүртүүдөн айырмасы, башаттарга, б.а. Пайгамбардын жана диний халифтердин дооруна кайрылуу аркылуу «жаркын» келечекке карай багытталгандыгында. Бул жерде бир нерсени илимий ачылыш жана жыйынтык катары белгилей кетсе болот. Ислам динин абалын өткөн доордогу абалына алып келүү бул диний фундаменталисттердин негизги максаттарынын бири. Бул артка кайтарууну диний фундаменталисттер саясий зомбулук жана анын саясий куралдары болгон экстремизм, терроризм аркылуу жүзөөгө ашырууга аракеттенүүдө. Ошондой эле ислам динин өткөн

доордун абалына жана даражасына алып келген учурда дагы, кайра жаркын келечекке умтулууда кайрадан эле саясий зомбулук жана анын көрсөтүлгөн саясий куралдары экстремизм, терроризм аркылуу иш жүзүнө ашырууга аракеттенишет. Бул процесс келечекте биз билбеген дагы күтпөгөн көрүнүштөргө алып келиши мүмкүн. Ошентип, «традиционализм жана фундаментализм – бул эки бөлөк түшүнүк, бирок кийинкиси сөзсүз түрдө биринчиси менен байланышкан» [102,176-б.]. Эми фундаментализмди жана консерватизмди салыштырмалуу түрдө карап көрсөк.

Фундаментализмди консерватизм менен аралаштырууга болбойт, бул феномендер мааниси боюнча да, ошондой эле дымактары жагынан да айырмаланышат. Консерватизмдин мүнөздүк белгиси – бул аша чаппагандык жана токтоолук, ал эми фундаментализмдики – ооздукталбагандык жана жаалдангандык. Консерватизм элитаны коргоого жана доор сүрүп жаткан социалдык иерархияны колдоого ынтызар. Фундаментализм популисттик жана эгалитардык маанайды үлгү кылат. Консерватизм ырааттуулукту жана акырындыкты коргойт, ошол эле убакта «фундаментализм дайыма радикалдуу маанайда болот» [187,300-б.].

Жалпысынан жогоруда белгиленген эки көз караш, эки мамиле, фундаментализм феноменин чечмелеп түшүнтүүнүн алкагында пайда болгону сыяктуу эле анын маңызын толугу менен ачып бере албайт. Илимий талдоодо көбүрөөк толукталган бир өңчөй жана натыйжалуу болуш үчүн бул феноменге калыс, ары нарктуу үчүнчү көз караш, мамиле сунушталат. Эми мына ушул үчүнчү көз караш, мамилени карап көрөлү.

Белгилүү британдык саясат таануучу Эндрю Хейвуд [187,299-б.] төмөнкүдөй ой бөлүшөт, фундаментализм – «бул ой жүгүртүү ыкмасы, ал аркылуу тийиштүү принциптер акыйкаттыктын олуттуу элементтери катары кабыл алынат, жана булардын мазмунуна карабастан өзгөрүлгүс жана төгүндөлгүс кадыр-баркка ээ болушат». Анын пикири боюнча фундаментализм, ошондой эле негиз салуучу же фундаменталдуу болгон баалуулуктарды жана идеяларды жактоо болуп эсептелет. «Бул идея жана

баалуулуктар негизи антогонизмге карата тийинди жана жандап өтүү ишеничи менен чыгышат» [187,301-б.].

Фундаментализмдин ушуга окшош аныктамасы немец илимпозу Д. Функенин жазмаларында кездешет, ал көрсөткөндөй: «фундаментализм – бул толук масштабдуу коргоого бел байлаган, тийиштүү негизги идеяга же негизги баалуулукка карата коюлган жол-жобо» [184,83-б.]. Демек «фундаментализм» терминининин артында турган саясий феномендин түздөн-түз жана объективдүү изилдениши жемиштүү, азыркы талапка жооп берет. Бул кубулуштун саясий маани-маңызын көрсөтүүгө жана аныктоого, кандайдыр-бир принциптерди курал кылып гана тынчып калбай, аларды социалдык жашоо чөйрөдө, баарынан мурда саясатта биринин артынан бирин ишке ашырган фундаменталисттик инсандардын, топтордун же уюмдардын өзгөчө бир социалдык-саясий мүнөздөрүн ачыктоого аракет кылуу зарыл.

Мына ушул үчүнчү мамиленин негизинде фундаментализмдин өзгөчөлүгү менен шартталып жайылтылышынын ырааттуу жаңылануусу жана ал турмак дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндөгү фундаменталисттик кыймылдардын ылдамдап өсүшү – өзүнө берилген тарапташтарын мобилизациялоо жана алардын саясий жигердүүлүгүн демилгелөө аракеттери төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга түртөт, бул терминдин жакын арада эле киргизилгенине карабастан – фундаментализм бул өтө деле жаңы феномен эмес. Адамзат тарыхында анын актуалдашуусу көптөгөн индивидуалдуу, саясий жана социалдык факторлор менен шартталган. Жогоруда көрсөтүлгөндөргө байланыштуу мындан ары ислам фундаментализминин идеологиялык негизине карасак.

Ислам фундаментализминин идеологиялык негизи VII-VIII орто кылымда салафиттердин, «исламдын тазалануусун» [88,109-б.] жактоочуларынын теологиялык мурасынын күчтүү таасири астында калыптанган. Өткөн мезгилдеги салафиттердин эмгектерине кайрылуу – ислам фундаментализминин азыркы учурдагы идеологдорунун жазмаларынын негизги шарттарынын бири, ошондуктан исламдагы фундаменталисттик

кыймылды ар дайым «салафиттик» деп аташат. Чын эле салафия (арабча этиш «салафа» – «баштапкы болуу») исламдагы биринчи фундаменталисттик диний-этикалык багыт болуп эсептелет. VII – VIII кылымда салафит кыймылынын негизин түптөгөн ислам илимпозу Ахмад ибн Ханбал [9,115-б.] болгон, ал Куранды жана Мухаммед Пайгамбардын сүннөттөрүн өтө тактык менен ээрчүүгө талап кылган ханбалиттик мазхабдын (ислам укугундагы багыт) негиздөөчүсү. Ибн Ханбал, андан кийин XIII кылымда анын жолун жолдогон Ибн Таймийа диний жаңылануудан жана исламга чейинки калдыктардан исламды тазалоого үндөгөн. Алар исламдын «Алтын доору» катары Мухаммед Пайгамбардын Медина коомунун убагына кайрылышкан. XVIII кылымда шейх Мухаммад ибн Абдель аль-Ваххаб «Бир Кудайды таануу китеби» аттуу трактатында бул идеяларды толуктаган жана өркүндөткөн. Ибн аль-Ваххаб, Мухаммед Пайгамбардын жолун жолдогондордун биринчи үч муунундагылардын убагында гана чыныгы ислам тутулуп, колдонулган деп жарыялаган жана жалган көз караште сырттан киргизилген деп кийин жаңылангандардын бардыгына каршылыгын билдирген. Ибн аль-Ваххаб окуусунун жолун жолдошуп, азыркы учурда «ваххабиттер» деп аталгандар исламдын бөлөк-бөтөн бардык элементтерин талкалап жана жок кылууну өздөрүнүн милдети катары эсептешет.

Азыркы учурда ислам фундаментализми көп сандагы ар кандай топторду бириктирип турат. Бирок айрым «фундаменталисттик топтордун саясий жана диний көз караштары негиздүү түрдө айырмаланат» [153, 61-68 б.], алардын баары «нукура исламдын» [153, 61-68 б.] позицияларында диний-саясий фундаментализмдин принциптерин турмушка ашырышат:

биринчиден, саясаттан жана сакралдык мүнөздөгү мамлекеттик бийликтен диндин ажыратылбастыгын талап кылышат;

экинчиден, динден сырткары жана диний бийлик ажырагыс болгон, ал эми сот-укук тутуму шариат ка негизделген мамлекет куруу талабын коюшат;

үчүнчүдөн, «таза» исламдын ченемдерин толук жүзөөгө ашыруунун эсебинен азыркы мусулман коомунун жашоосун түп орду менен кайра куруу үчүн чыгышат;

төртүнчүдөн, исламды коргоо жана жайылтуу максатында жигердүү саясий ишмердүүлүк жүргүзүү ар бир чыныгы мусулмандын милдети деп таанышат.

Ислам фундаменталистери, исламдын мааниси – бул исламда көрсөтүлгөн каада-салт жана үрп-адаттарды сактоо гана эмес деп эсептешет. Алардын пикири боюнча «Алланын көз алдында бардык адамзат үчүн эрежеге ылайык келген бир гана жашоо ыңгайы бар, ал – ислам» [142,48-б.].

Азыркы ислам фундаментализминин айрым жетекчилери бир Кудайды таануу принцибин бекем сактоону жакташат жана ошого байланыштуу исламдын тарыхында ага киргизилген жаңы нерселерден тазалоого, анан алардын пикири боюнча Мухаммед Пайгамбардын жана «такыба халифтердин» [85,35-б.] убагында болгон ченемдерди ордуна коюуга умтулушат.

Жогоруда белгиленген «фундаменталисттик принциптердин» өнүгүшү өзүнүн көрүнүшүн исламдын ашкере кетпеген жана радикалдык фундаментализмдин түзүлүшүндө тапты. Ашкере кетпеген фундаменталисттер легитимдүү каражаттарды колдонуу менен тазалануу, кулк-мүнөздүк революция, келе турган ислам падышалыгына мусулманды руханий даярдоо катары мусулман коомун алгачкы ислам ыңгайы боюнча уюштуруу жана исламды тазартуу идеяларын жайылтышат. Алар мусулман коомунун турмушуна шариатты киргизүү үчүн, ислам дининин канондоруна туура келген экономикалык жана финансылык институттарды түзүү үчүн күрөшүшөт. Ошол эле учурда, батыш цивилизациясынын айрым жетишкендиктерин сиңирип алуусуна, кээ бир демократиялык институттардын иштешине, ал турмак эгерде бул мусулман коомуна пайдалуу болсо, динден тышкаркы улуттук элиталарга болгон сабырдуу мамилелери айырмалап турат.

Радикалдык фундаменталисттер өздөрүн гана Алланын чыныгы эркин аткаргандар деп эсептешет - Жер бетинде ислам мамлекетин куруу, планетардык масштабда шариаттын үстөмдүгүн орнотуу. Алар радикалдуу көз карашына макул болбогон бардык саясий башкаруучуларга, мусулмандарга, анын ичинде диний башкармалыктарга зомбулук каражаттарын колдонууну жарыялашат жана кимде ким «түз жолдон кайтып кетсе» жихаддын (ишеним үчүн согуш) бутасы болорлугун тастыкташат.

Согуштук маанайдагы исламисттер тобунун билдирүүсү боюнча: Батыш чырым жүрүш саясаты Чыгышка коррупциянын бацилласын (бактерия) алып келди, экономикалык кыйроонун, саясий-социалдык теңсиздиктин жана уммадагы моралдык бузулуунун себепкери болду. Ошого карабастан С.Кутбанын [80,85-86 б.] «дин илимий маданиятты жана билимди алмаштыра албайт, анан да алардын душманы эмес, дин – алар үчүн жалпы гана алкак» деген жобосун жетекчиликке алып, батыш илиминин жана техникасынын жетишкендиктерин өздөрүнүн кызыкчылыгына колдонууга мүмкүнчүлүк бар экендигин айтышат.

Радикалдык фундаменталисттер бүт дүйнөдөгү саясий бийликти басып алууга жигердүүлүк менен умтулушат жана ар кандай каражат аркылуу мусулман коомунун жашоосуна көзөмөл орнотууну, алардын ислам мыйзамдарынын жападан-жалгыз тууралыгын кабылдоого мусулмандарды мажбур кылууну өздөрүнүн милдети деп эсептешет. Ошону менен бирге ушуга окшогон фундаменталисттер каалагандай кайсы бир конвенцияларды жана мыйзамдарды теңсинбей коюулары мүмкүн. Кээде алар тарабынан таптакыр эле жаңы, исламда мурда жок болгон догматтар киргизилип турат. Мындай эволюциянын пайда болушунун бирден-бир көзгө көрүнгөн мисалы «эң алгачкы ваххабизмдин жоболоруна негизделип, исламда каршы кабыл алынган тийиштүү бир сандагы жаңы доктрина жана догматтарды өзүнө камтыган неоваххабиттердин доктринасы» болуп саналат [130,43-б.].

Тилекке каршы, неоваххабиттикке окшогон радикалдык фундаменталистердин доктриналары азыркы мусулман дүйнөсүндө дайыма

суроо-талаптуу болуп келет. Алар ишмердүүлүктөрү эл аралык кулач жайган ар кыл фундаменталисттик диний-саясий уюмдардын жол баштаган идеологиясы болуп калыптанышат. Ушуга карабай, радикалдык ислам фундаменталистери «өткөн мезгилге, бирок эч убакта болбогон жолду сунушташат» [130,45-б.], ага карабастан исламдагы фундаменталисттик радикализмдин ийгилигин шарттаган кээ бир факторлор бар. Ислам дайыма мусулман коомундагы саясий процесстерге туруктуу таасир берип келген, бирок анын орду – ушул коомдун ичинде да, ошондой эле мусулмандардын жана бөлөк диндегилердин ортосундагы мамилелердин чыңалуусунда да татаал саясий абалдарда негиздүү түрдө өсүүдө.

Динден тышкаркы саясий институттардын борпоң, морт болгондугунун, жарандык коомдун алсыздыгынын жана чыгармачыл ойлордун буулгандыгынын себебинен ислам дүйнөсүнүн бир топ бөлүгү социалдык сенектикти башынан өткөрүүдө, ал эми социалдык жыргалчылыкты бөлүштүрүүдөгү теңсиздик саясий туруксуздуктун сакталып калышына түрткү берүүдө. Калктын көпчүлүгүнүн социалдык орун албагандыгына карабай башкаруу элитасы байлыгын арттырууга жана коррупцияга берилген өлкөлөрдөгү калктын жашоо деңгээлиндеги айырмачылык аябай эле таң калтырат. Бул шартта ислам фундаментализми кеңири социалдык базаны кучагына алат: ар кандай дымактарга ээ болгон жана бир муундун жашоо убактысынын өтүшүндө дүйнөгө ар кандай көз караашта караган бардык социалдык топтор өздөрүнүн көксөөсү суубагандыгын жана дал келишпеген ой-мүдөөлөрүн радикалдуу фундаменталисттик саясий тилде табышат.

Айрым исламисттердин катарынан диний буржуазияны да, ортоңку классты да көрүүгө болот. Ошондой эле алар врачтардан, инженерлерден жана бизмесмендерден турат. Исламисттик дискурс жаш интеллектуалдарды да шыктандырат, анын көпчүлүгү – 60-жылдардын идеологдору тарабынан шыктанган жакын арадагы жогорку окуу жайлардын илимий жана техникалык факультеттеринин бүтүрүүчүлөрү. Ошентип, радикалдуу фундаментализм –

саясий жана социалдык-экономикалык суроо-талаптарынан канаагат таппагандардын жемиши эмес, өнүгүп-өсүп жаткандардын жемиши.

Радикалдуу фундаментализмдин жагымдуу болушуна көпчүлүк жерден анын батышка жана модернисттикке каршы безге саяр багыты түрткү берет. Буржуазиялык коомдун муктаждыктарынын баалуулуктарына ислам баалуулуктары (жамааттык башталыштын индивидуализмге карата үстөмдүгү, Кудай алдында баарынын бирдейлиги, байлык топтоону айыптоо) каршы коюлат. Белгилүү бир деңгээлде радикалдуу фундаментализм дайындуу аймактык, ал гана турмак ааламдашкан саясий жаңжаалдардын себепкери болот. Исламдагы радикалдык фундаментализм бул түздөн-түз теократияны орнотуу чакырыгы менен байланышкан өзүнүн радикалдык вариантында –реакциялык көрүнүш экенин белгилеп кетүү зарыл. Ал ушул абалда, баарын өз ичине камтыган ар бир радикалдуу идеология сыяктуу ошол эле чектөөлөрдөн жабыр тартат. Биринчи кезекте, бул революциянын арты менен коомду жана болуп жаткан социалдык-саясий тартипти тез, бир эле шилтөө менен өзгөртүү каалоосу, ар кандай каражат менен бардык көкөйгө тийген саясий-экономикалык, социалдык жана руханий маселелерди чечүү каалоосу. Бирок, тоталитардык мүнөз жана реалдуу жашоонун кыйынчылыктары менен эсептешпегендик радикалдуу фундаментализмди жардан ары учууга дуушар кылат. Бүгүнкү күнү тийиштүү диний конфессиялардын алкагында фундаменталисттик тенденциялардын пайда болушунун ар кандай себептери бар, өзгөчө социалдык-саясий феномен катары ааламдашкан диний фундаментализм жөнүндө айтса болот. Көптөгөн изилдөөчүлөр фундаментализмди, өздүк диний окутуу негиздерине кайтуу идеясы бириктирген исламдагы, христиандагы жана иудаизмдеги азыркы агымдар менен байланыштырышат. Бул агымдардын бир көрүнүшү – бул сектанттык.

Секта маселеси боюнча орусиялык изилдөөчү Д. Таевский белгилегендей, протестанттык фундаменталисттик кыймылдын пайда болушунун бир себеби, «филология жана этимология усулдары менен

Христтин инсандыгын демифологизациялоого жана адам сыпатына кошууга жетишкен XIX кылымдын жарымындагы табият таануу илимдери тарабынан салттуу христиандыкка катуу сокку урулгандыгы» [179,47-48 б.].

Анын натыйжасында алгачкы христиандык дүйнөлүк диний окутуучудан азын-оолак эле элдин катардагы тарыхына айланды, ал эми Христос жападан-жалгыз Дүйнөнү Куткаруучу категориясынан диний окутуучу катары Лао-Цзы, Конфуций, Аристотель, Будда жана Мухаммед Пайгамбарлар турган сапка өтүп калды. Ушундай «приоритеттердин алмашуусу XIX кылымдагы европалык коомдо чыныгы рухту, бир эле диний окутуу доктринасын, Ааламдын жана адамзаттын сырын ачууга ачкычты табууга умтулууну жаратты» [179,51-б.].

Мындай абалда ислам, христиан, иудей диндерин чыныгы негиздерине кайтаруу чакырыктары толугу менен табигый жана акыйкаттуу болчу. Бирок диний фундаментализмдин теория жана практикасынын бир гана теологиялык көз караштагы талдоосу мыйзамга туура келбейт. Диний фундаментализм коомдун жашоосунда дин басымдуу болгон салттарга кайтууга өжөрлүк менен чакырык таштап, динди адамзат жашоосунун алгачкы негизи катары караган, «жаңы дүйнөлүк тартипти» куруунун азыркы кездеги саясий-идеологиялык долбоору болуп саналат.

XX кылымдын башында илимий, өнөр-жай жана маданий революциянын басымы менен коомдун дүркүрөп өсүшү диний ишеним жана практиканын мурдагы социалдык-саясий маанисин жоготууга алып келди. Ага бирден-бир себеп, бул адамдардын көрүнбөгөн руханий абалдын айланасында өздөрүн сезбей калышы. Илим маданияты аларды биринчи кезекте физикалык, материалдык дүйнөгө көңүл буруууга үйрөтүп койду. Мындай дүйнө таануу бир кыйла пайда алып келди, бирок анын бир кесепети, мурда адамдардын дүйнө таануусунун олуттуу бөлүгү болгон жана азыркыга чейин көбүрөөк салттуу маданиятта жашоонун бардык чөйрөсүнө кирип жаткан «руханий» же «ыйык» сезимдердин жоголушу» [16,16-б.].

Батыш европалык илимпоз М. Вебер белгилегендей, дүйнөнүн илимий сүрөтүн түзүүнүн натыйжасында «дүйнө түшүнүгүнүн сыйкыры ачылды»[33,86-б.] жана дин өзүнүн саясий жана социалдык бийлигин жоготту. Диндин мамлекеттен бөлүнүшү бул процесстин ажыратылгыс бөлүгү болуп калды.

Башка бир себеби болуп, жол баштаган диний конфессиялардын алкагында терс көрүнүштөрдүн өсүп жатканы саналат, алардын айрымдарын XX жүз жылдыктагы батыш европалык саясат таануучу Е. Э. Месснер жакшы сүрөттөгөн, «протестантизм коммунисттик азгырыкка кирип кетти; православие, магометанство, буддизм, конфуцианство жана башкалар пассивдүү болуп калышты, анткени алардын жетекчилери кызматкерден энтузиазмды талап кылган милдеттерди формалдуу түрдө аткарышкан кызматчыга айланып калышты; католицизм кыйроо алдында турду: бир жагынан аны улуттук, «элдик» католицизмдерге майдалап бөлүүгө умтулган коммунизм, ал эми экинчи жагынан Ватикан чиркөө кызматкерлерин (ал эмес кардиналдарга чейин) ар түстүү элдерден отургузуу менен «түстүү» католицизмдин түзүлүшүнө түрткү болду: адамдар Кудайды «өздөрүнө окшоштуруп» элестетишкен жана чиркөөнү өздөрүнүн мүнөздүк белгилерине жараша кайра жасашкан, ошондуктан католицизм Кытайда конфуцианствого окшошуп калган, Африкада фетишизмдин белгилери камтылган ж.б.» [107,78-б.].

Бирок өткөн жүз жылдыктын 70-жылдары светтик жана диний бөлүнүүнүн азыркы дооруна мүнөздүү болгон радикалдык кастык окутула баштады, ал «руханий катары да, саясий мамиле катары да бийликтин адамга карата үстөмдүгү» [81,31-б.] терминдеринде динди түшүндүрүү аракети ишке ашты.

Жогоруда белгиленгендей саясат чөйрөсүнө диндин чукул кайтып келишинин биринчи күбөсү катары 1979-жылдагы Ирандагы революция болуп калды. Качан массалык диний символдордун жардамы менен «динден тышкаркы» өкмөт кулатылганда, ал эми саясий бийлик диний чөйрөгө

өткөндө, андан модернизацияга каршы протест өзүнүн өзгөчө көрүнүшүн тапты. Ирандагы болгон саясат менен диндин кошулуусу исламга гана же анын бир агымы болгон шиизмге таандыктыгын кээ бир изилдөөчүлөр ырасташат. Бирок диний жигердүүлүктүн кайра жаралуусу такыр эле ислам дүйнөсү менен байланыштуу эместиги, себеби «саясатташкан кыймылдар факты жүзүндө ар бир диний салттардын агымында пайда болгону» [142,194-195 б.] 1980-жылдардын башында белгилүү болду.

Атап айтканда, АКШда жаңы христиан укугу светтик багытка карай бара жаткан мамлекетке чакырык таштады. Ушуга байланыштуу америкалык изилдөөчү П. Бергер, Америкадагы диний фундаменталисттик агымдын өсүшүнө түшүндүрмө берип жатып, «модернизация жана диндин мамлекеттен бөлүнүшү ажырагыс байланыштагы көрүнүш деп ким ойлосо, ошолорго олуттуу интеллектуалдык кыйынчылыктар пайда болгондугун» [24,174-б.] кабыл алууга аргасыз болгон.

Жогорудагы көрсөтүлгөндөрдү эске алуу менен, диний аң-сезимдин ажыратылгыс бөлүгү болгон фундаментализмдин жигерденүүсүнүн себептерин түшүндүрүүгө аракет кылган илимпоз жана эксперттердин мамилелерин иретке келтирүү зарыл. Биринчи мамилеге ылайык, улуттук белгилерин аныктоодо дин эң орчундуу компонент болгон өлкөлөрдө, жана «батыш гегемониясы» менен болгон күрөштө диний сезимдер колдонулушу мүмкүн болгон өлкөлөрдө диний риторика өзүнүн жөндөмдүүлүгүн «мобилизациялап жана далилдеп» [142,195-б.] ишке ашырат.

Экинчи мамиленин нугунда, дин азыркы коомдо салттык иш-милдеттен айырмаланган, «индивидуумдардын табиятка баш ийбегендикке карата катышын жөнгө салуу» [115,15-б.] идеологиялык иш-милдетти аткара баштайт. Бул «абсолюттук чындыкка» талапкер болгон эски «метатеориялар», «улуу хроникалар» өткөн чакка кетиши менен түшүндүрүлөт.

Француз философ-постмодернисти Ж. Ф. Лиотар өз учурунда, «улуу хроникалар» убагы, башкача айтканда теориялар, аларда камтылган билдирүүлөр түшүндүрүүгө жана көбүрөөк бөлүгүндө адамзат дүйнөсүндө

эмне болуп жатканынынын бардыгын алдын ала билүүгө жөндөмдүү, ал саясий кризис болобу, баалуу кагаздардын курсунун түшүшүбү же социалдык өзгөрүүлөрбү, өткөн чакта калышканын» [87,122-б.] кескин түрдө билдирген.

Дин дайыма белгилүү бир тутумдун баалуулуктарын негиздөө үчүн ар кандай идеологиялык доктриналардын тарапташтары тарабынан колдонулат. Бирок диний фундаментализмдин маңызы кайсы бир диндин алкагындагы агым эле эмес, белгилүү бир саясий идеологиядан турат. Өзүнүн идеологиясын жайылтуу үчүн фундаменталисттер дүйнөгө Кудайдын атынан иш кылган, диний бийликтин абсолюттук кадыр-баркына таянган тартип орнотууну сунушташат жана ошону менен акыркы жүз жылда өз алдынчалыкка ээ болгон коомду андан ажыратышат. Диний фундаменталисттер Жаңы мезгилдеги пайда болгон чиркөөнү мамлекеттен ажыратуу жана «саясат, насыят, дүйнөнү таануу чөйрөсүнөн динди түртүп чыгаруу» [82,133-б.] мүнөздүү багыттарына каршылыгын билдиришет.

Диний фундаменталисттердин коомдук жашоодогу дин үстөмдүгүн эч шарт койбой тааныгандыгы алардын «жамааттык талаптары» аркылуу айтылат, ал талаптарга ылайык «өзгөчө динди окутуу жана этикалык буйруктар кабыл алынууга жана юридикалык түрдө бекитилүүгө тийиш» [82,135-б.]. Анан дагы, так даана белгиленген каноникалык булактарга жана жүрүм-турум кодексине негизденип, диний фундаменталисттер тандалып алынгандыкты жана күнөөкөрсүздүктү өздөрүнө ыйгарышат. Болуп жаткан социалдык тартиптер саясатты, коомду, маданиятты жана экономиканы кучагына алган алардын принциптерине гана негизделүүгө тийиш деп эсептешет. Бул принциптерди негизи Ыйык Китептердин – Курандын, Библиянын, Талмуддун ж.б. мазмундарынан бөлүп алып карашат.

Модернизмге карата каршылык диний фундаментализмдин орчундуу белгиси болуп саналат. «Диний фундаментализмдин модернизацияга каршы багыты – бул анын ачкыч касиети, ансыз калгандарына эч кандай негиз жок» [10,402-б.].

Диний фундаменталисттер азыркы кездин түшүнүктөрүн катуу сынга алышат. Алар:

- светтик мамлекет;
- жарандык коом;
- диний плюрализм;
- этникалык ар түрдүүлүк [10,414-б.].

Акыркы жүз жылдыктын дүйнө тарыхы диний фундаменталисттерге, динге ишенбөөчүлүк жана коомдун кулк-мүнөзүнүн бузулушу, Батыштын Чыгышка карай саясий-экономикалык экспансиясы катары түшүндүрүлгөн «акыр заман» жана кыянат таасирин алар тараптан жеңип алгандыгы катары көрсөтүлөт. Фундаменталисттерге анын себеби, атеисттик гуманизмдин басымына жол берип, дин коомдо өзүнүн тийиштүү таасирин жоготкондугунда көрүнөт. Бул абалда өзгөчө радикалдуу диний фундаменталисттер өздөрүн Алланын жеңишин камсыз кылууга чакыргандар тарабынан тандалып алынганбыз деп эсептешет. Жалпысынан алганда модернизация – диний фундаменталисттер үчүн коомдун кыйрашы жана деградациясы деп түшүндүрүлөт. Диний фундаменталисттерди мурдагы ыйык касиеттерге болгон кусалыгы аларды айырмалайт, ошол себептен кайра жаралуу диний рухка жана мурдагы тартиптерге кайтуу менен байланышкан.

Дүйнөлүк тартипти ушундай түшүнүүнүн негизинде «Алтын Доор» жөнүндө миф жатат, анда айтылгандай «туура» эрежелер жана салттар доор сүргөн. Фундаменталисттик топтордун ичинен көпчүлүгү азыркы учурдун коомунун көйгөйлөрү болгон – коррупция, алкоголь жана баңги заттарды колдонуу, никесиз жыныстык катнаштар, кылмыштуулук жокко эсе болгон илгерки жакшы мезгилдер жана «Алтын Доор» [10,402-б.] жөнүндө мифтик идеяларды кош колдоп кубатташат. Мусулмандар Алтын Доорду Мухаммед Пайгамбардын жана анын түздөн-түз ишин улантышкан – халифтердин мезгили менен байланыштырышат. Жогоруда фундаментализмди традиционализмге жана консерватизмге окшоштуруусу туура эместигин далилдедик. Ошондой эле фундаментализмди ортодокция жана ортопракция

менен салыштырмалуу түрдө карап көрсөк. Фундаменталисттер ортодокциянын (чыныгы ишеним) же ортопракциянын (туура жүрүм турум) коргоочулары болууга жана диний салттарды, диний жашоо образдарын «жахилиядан» (тарбиясыздык) сактоого талап коюп чыгышат. Алар бул ишти жаңы ыкмаларды түзүү, жаңы идеологизацияланган түзүлүштөрдү топтоо жана жаңыланган практикаларды өздөштүрүү аркылуу жасашат. Ушуну менен бирге алардын айрымдары реалдуу тарыхый пикирлер, практикалар жана өткөн муундагылардын адеп-ахлактык жүрүм-турумдар менен тикелей карама-каршы келет, минималдуу түрдө алар «азыркы кездеги консервативдик же ортодоксалдык динге ишенгендердин практикасынан артка кайткандай эле, өткөн кездин ушул прецеденттеринен негиздүү артка кайрылганы менен мүнөздөлөт» [134, 202-б.].

Ушуга байланыштуу, «фундаментализм» менен «ортодоксалдык» байланыш маселесине өзгөчө көңүл буруууга татыктуу. Анын себеби биринчи кезекте, өзүн фундаменталисттик деп ачык эле тааныган диний кыймылдар, же жөн эле консервативдик маанайдагы диний топтор катары түшүндүрүлгөн «фундаментализм» сөзү чогултулган термин болуп эркин түрдө колдонулганында. Акыркы убактарда «фундаментализмди» «ортодоксалдык» менен окшоштурушат. «Ортодоксалдык» термини кандайдыр бир диндин чегинде динге ишенүү тутумун мүнөздөө үчүн – ортодоксалдык иудаизм, ортодоксалдык диний окуу, жана кайсы бир чиркөөнүн аталышы үчүн – Грециялык ортодоксалдык чиркөө, жана тийиштүү бир диний топту же кыймылды белгилеш үчүн колдонулат.

Фундаментализм менен ортодоксалдыктын байланышынын маанисин түшүнбөгөндүк көпчүлүк учурда ортодоксалдыктын жаратылышын адаттагыдай эле элестетүү менен шартталган. «Ортодоксия» термини менен чыныгы, бекем ишеним же практика түшүндүрүлөт. Бирок бул термин диний салтты сактоого өзгөчө көз караштарды гана мүнөздөбөйт. «Ортодоксалдык» салт боюнча көптөгөн түшүнүктөрдү кучагына алат жана анын принциптери

бул түшүнүктөрдү бириктирген да, алардын кесилишкен чекитин көрсөткөн да жол менен аныкталат» [193,28-б.].

Ортодоксалдык – бул качан ишенимдин контурунун жана символунун идентификациясы теологиялык дебаттардын жүрүшүндө кандайдыр бир «консенсуска» келген кандайдыр бир диндин калыптануу тарыхынын аралыгында жыйналат. Салт боюнча «ортодоксия» термини менен ереске карата «туура» деп жана тарыхты, ынтымакты, салтты улантуучулуктун предмети катары каралган диний көз караштардын тутумун түшүнүшөт. Ортодоксалдык – бул көптөгөн убакыттар аралыгында сакталган жана өнүгүп-өскөн кайсы бир диний салттардын алкагындагы үстөмдүк кылган түшүнүктөр. Ортодоксалдык консенсус жолу менен гана түзүлгөндүгү үчүн, анын туюнтмасы көптөгөн диний түшүнүк жана ишенимдерди өзүнө камтыйт. Ошентип ортодоксия салт, тарых, теологиянын өсүшү жана герменевтика принцибинин чогулган тутумунун эсебинен кадыр-баркка ээ болот.

Фундаментализм – Ыйык Китептердин (Куран, Библия, Талмуд) имтерпретациясына кайсы бир чыныгы ишенимдин аныктамасы дал өзүндөй байланган феномен. Анын түзүлүшү жол баштаган диний принциптердин спецификалык жыйындысында негизделет. Фундаментализм ортодоксалдыктын затташтырылган түшүнүгү болуп саналат, бирок ал келишим принцибине негизделбеген, жакын арадагы кандайдыр бир окуяларды жокко чыгарган реакция түрүндөгү ортодоксалдык. Бул айтылгандарды батыш европалык изилдөөчү Лоуренс Зильберштейн абдан жакшы жана даана сүрөттөгөн: «фундаментализм – бул ортодоксалдыктын азыркы учур менен карама-каршылыгы» [108,115-б.].

Ушул концептуалдык алкактар дүйнөнүн көпчүлүк башкаруучу диний салттарында фундаментализмди күчтүү жана жашоого ыңгайлашкан багыт кылышты. Фундаменталисттик түзүлүштүн борборунда «манихейдиктин белгиленген түрү» [93] жатат, ага ылайык курчап турган чөйрө жарык жана караңгы катары кабыл алынат. Азыркы кездеги мамлекеттер ыйык китептерге сөзмө-сөз түшүндүрмө берүүдөн баш тартышты, Улуу Кудуреттүү бекиткен

коомдук түзүлүштөрдүн козголбос принциптерин четке кагышты. Азыркы заманга байланышкан социалдык четтеп кетүүлөр ортодоксияны түзгөн элементтердин мыйзамдуулугу жөнүндөгү фундаменталисттердин божомолдору үчүн негиз түзүп берди. «Институционалдык дин модернизмдин импульсуна жол бошотту, ортодоксалдыктын баштапкы, нукура талаптарынан баш тартты. Ушуга байланыштуу тажрыйбага карабастан (априори) жеке өздүк концептуалдуу ортодоксалдыкты мыйзамдаштыруу фундаментализмдин жетектөөчү принциби болуп калды» [147, 3-12 б.].

Изилдөөчүлөр биринчи кезекте фундаментализмдин төмөндөгүдөй ушундай мүнөздөмөсүн бөлүп көрсөтүшөт, ал «сакралдуу өткөн учурга кайрылган диний окшоштукту азыркы дүйнөдөн коргоого умтулуу, ошол эле учурда ушул окшоштукту модернизациялоо жолу менен коргоп калуу» [187,202-б.]. Чынында фундаменталисттер факты жүзүндө «салттык догмаларга караганда динамикалык интерпретацияларга көбүрөөк ишенүү менен диндин модернисттеринин ролунда чыгышат» [194,20-б.].

Фундаменталисттердин өзгөчөлүгү, алар өздөрүнүн диний окшоштугуна азыркы дүйнө тарабынан жана касташкан бөлөк жана башка жактан дайыма коркунучту сезип турушат.

Диний фундаменталисттер өздөрүн өзгөчө адамдар деп эсептешет, ошону менен өздөрүнүн динин жана жашоо ыңгайын универсалдуу маанилүүлүгүн баса белгилеп негиздешет. Алар үчүн көнүмүш болгон «өзгө» жана «чоочунга» бөлүнүү келишпестигине эле эмес, башкага да негизделген саясаттын согушчан түрүнө басым жасашат. Диний фундаменталисттер үчүн «өз» – бул Кудайдын каалоосуна ылайык иш кылышкан тандалган адамдар, ал эми «чоочундар» – бул «динсиздер», б. а. «кыянат күчтөрү». Бул жерде өзгөчө ээрчимелер «диний фанаттар», алар сокурдук, ойлонбогон ишенимде Кудайга сыйынгандыгы менен айырмаланышат, диндеги сабырсыздыгын көрсөтүшөт, «дүйнөдөн» өздөрүн обочолонтууга жана кол үзүүгө умтулушуп, чектен чыккан жыйынтыктарды ыйык жазуулардан табууга даяр болгондор» [142,141-б.].

Тарыхта, «чоочундарга» карата жек көрүүчүлүктү мүнөздөгөн саясий ой жүгүртүүнүн фундаменталисттик стили башкы дүйнөлүк диндердин – иудаизм, христиандык жана ислам ишенимдерин коштоп келген. Бул диндердин ар бири өздөрүн жалгыз «акыйкат» динбиз деп эсептешкен, бул «бөлөк диндегилердин» баарына каардуу мамиле кылууга ушул дин туткандарга негиз болуп берген. Эмнеге адамзат тарыхындагы диний согуштар тез-тез болуп келгенин жана алар аябай каардуу мүнөздө болгонун дал ушул факт түшүндүрүп берет.

Батыштык изилдөөчү Э. Хоффер айткандай, «ишеним канчалык бийик жана таза болсо, ушул ишенимден жаралган жек көрүү ошончолук каардуу» [190,113-б.]. Ошондуктан бүгүн дагы диний фундаменталисттер согушууга талаа издешет, ал согуштун акырында «акыйкатчылар» жеңишке жетүү керек, ал үчүн бардык каражаттар жакшы. Мындай согушчандыктын бир натыйжасы – ар кандай легитимдүү эмес, конституцияга каршы же радикалдык саясий аракеттерге катышууга даяр туруу. Ислам фундаменталисттер үчүн актанууга негиз бар, сыягы алар Алланын каалоосун аткаруу менен кыянаттыкты жок кылып жатышат.

Диний фундаментализмди спецификалык жана «туруктуу диний түзүлүш же азыркы диний аң-сезимдин бир түрү» [81,133-б.] катары түшүндүрүү туура болот. Диний фундаментализм биринчи кезекте Ыбырайым (Авраам) дини деп аталган – иудаизмге, христианчылыкка жана исламга мүнөздүү, ошондой эле ал өзүн индуаизмде, буддизмде, конфуцианстводо да көрсөтө алат. Өз кезегинде «салттык диндер» жана «азыркы культтар жана секталардын» фундаментализмин айырмалашат. Белгилеп кетүү керек, диний фундаментализм дин аң-сезиминин өзгөчө түрү болгондугуна жана ар кандай диний фундаменталисттик уюмдарга таандык мүнөздүү белгилери бар экендигине карабай, ал ар кандай түрдөгү диний көз караштарды бириктирүү фактору катары болбойт. Иш жүзүндө, бир белгилүү диндеги диний фундаменталисттер башка диний фундаменталисттердин аракеттеринен баш тартышат. Бул айтылуу дүйнөлүк диндерге да тиешелүү. Алардын баары

«акыйкаттык» алар тарапта экендигин жана бул акыйкаттык алардын жападан-жалгыз – Пайгамбарына ачыкталгандыгын тастыкташат. Ишенимдин бул бөлүгүндө эч кандай кайчы пикир болбош керек: монотеистикалык диндин аныктамасы боюнча атаандаштыкка жол берилбейт» [192,8-б.].

Азыркы учурда дин дүйнөлүк коомдун орчундуу бөлүгүнө саясий көзөмөл орнотууга жөндөмдүү болгон мурдагыдай эле чоң күч болуп саналат. Диний фундаментализм коркунуч алдында турган улуттук же этникалык окшоштукту бекемдөө идеологиясы катары колдонулушу мүмкүн. Бирок дайыма диний фундаментализм, саясатты өздөрүнүн конъюктуралык түшүнүктөрүнө, амбицияларына жана өзүмчүл максаттарына баш ийдирүүгө умтулган тар чөйрөдөгү топтордун куралына айланат. Англиялык изилдөөчү А. Рашиддин мурдагы СССР республикаларынын жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн «исламдаштырууга» өтүп кетүү мүмкүндүгү жөнүндө айткандары мүнөздүү болуп саналат: «…Азыркы учурда алар ар кандай түрдөгү социалдык, саясий жана экономикалык төңкөрүштөргө бышып жетилишти, аларды «региондо мыкты уюштурулган оппозиция – мусулман согушчан партиялары толук кандуу пайдалануулары мүмкүн» [144, 12-б.].

Азыркы кездеги дүйнө, касташкан иудейлик, мусулмандык, индуисттик, католиктик жана протестанттык фундаменталисттик уюмдардын, синкретиктик, ошондой эле көптөгөн маселелерде позициялары келишпеген динди жамынган культ жана секталардын конгломератын түшүндүрөт. Кээ бир изилдөөчүлөр белгилегендей, «секуляризация – бул миф, дин жана саясат, алар ар дайым бири-бирин жандап жүрүшөт – жана муну өзгөртүүгө болбойт» [192,47-б.].

## 1.2. Ислам фундаментализми: идеология жана саясий практика катары.

Конфликттик идеологияларга негизделген эки социалдык – капитализм жана социализм тутумдарынын дүйнө жүзүндө үстөмдүгү жүрүп жаткан кезде алардын артыкчылыгы жана кемчиликтери тууралуу талашуулар күнүмдүк практикага айланган. Капитализм, социализм, коммунизм, антиимпериализм жана антикоммунизмди таанууга болобу же болбойбу делген айкындуулук өңүттөрдөн болгон, бирок бул келишкис каршылашуу дүйнөлүк саясатты аныктаган.

Совет мамлекети кыйрагандан кийин бул масштабдуу дүйнөлүк саясатты аныктаган метатеориялардын, тагыраак айтканда – идеологиялардын ордун дин ээледи. Албетте, ар кандай идеологиялык доктриналардын жактоочулары тарабынан баалуулуктардын белгилүү бир тутумун түшүндүрүү үчүн дин дайыма колдонулган. Кыргыз теологу К. Маликов. Батыш изилдөөчүлөрдүн «диний фундаментализмдин маңызы анын кайсы-бир диндин алкагындагы жөн гана агым эмес, ал чынында спецификалык саясий идеология экендигинде» [98, 50-б.] деген көз карашын колдогонун билдирүүдө.

Идеология – эң татаал категория, ал өзүнө көптөгөн топтомдорду камтыйт, коомдун бардык жашоо чөйрөсүн кучагына алат, көп багыттарга ээ. Көз караштар, түшүнүктөр, коомдун жана мамлекеттин тигил же бул жашоо чөйрөсү кандай болуш керек деген багыт катары эң жалпы көрүнүштө идеологияны аныктоого болот. Идеологияда, коомдун жана мамлекеттин жашоо түзүлүшүнүн идеялары деп атоо кабыл алынган негизги топтомдор бар. Идеологиясы жок бир дагы коомдун өмүр сүрүүсү мүмкүн эмес.

Маңыздын категориясы идеологиянын олуттуу топтому болуп саналат. Коомдун, партиянын же башка коомдук уюмдун, түзүмдүн, ошондой эле “конкреттүү адамдын жашоо маңызын билүү, түшүнүү, аныктоо – бул жашоо тиричиликтин багытын табууну, жашоонун туура, жагымдуу жолуна түшүүнү билдирет” [71, 28-б.]. Эгерде ошол же башка түзүмдүн маңызы жок болсо,

адам уюму туруктуулугун жоготкондой ал дагы мейкиндикке жана мезгилге сиңип жок болот, ал эми белгилүү бир кырдаалдар жыйналганда деструктивдүү жолго түшөт. Мындай учурларда адамдар тигил же башка жалган суррогаттык идеяларга сөзсүз тартылып келишет, себеби ой-жүгүртүүчү жандык катары адамдар идеологиясы жок, жашоо маңызы жок жашай алышпайт. Идеологияда дайыма чыныгы маңыздарды, императивдерди издөө аракети жүрөт. Ал дайыма такталат, жаңыланат жана анын ичинде мүнөздүү багыттардын жана доордун карама-каршылыктарынын таасири астында фундаменталдуу иштелген идеологияда жагымдуу, конструктивдүү элементтер бар. Ой жүгүрткөн пассионардуу инсандар аны жогорку позитивдүү маңыздын деңгээлине чейин жеткиришет. Бул мааниде идеологиянын жагымдуу элементтери исламдын жана башка салттуу диндердин чыныгы, бурмаланбаган, бузулбаган постулаттарында камтылат.

Исламисттик идеология тегин жерден пайда болгон эмес, ал карама-каршы түрдө диний салтка кирип кеткен, чектен ашкандыкка жеткирүү менен андан айрым элементтерди калпып алган, өлкө жана жагдайга жараша ийгиликтин ар кандай баскычына жетүү менен башкаларын четке каккан.

Саясатташкан ислам, башкача айтканда исламизм алгач саясатка кирээрден мурда так маданият чөйрөсүндө өзүнүн кармашын баштаган. XX кылымдын 60-жылдарынын аягында буларга такыр эле көңүл бурулбай келген интеллектуалдардын жана активисттердин тар чөйрөсү тарабынан исламисттик маданий революция ишке ашкан. Бирок, коомдордо 10 жылдан кийин болчу айрым кризистерди бул өзүнчө эле алдын ала суктанткан, жана «аларга жооп кайтарууга даярданган» [71,29-б.].

Радикалдуу диний фундаменталисттер кандай гана марага жетчү максаттарды ээрчибесе да, алар бийлик ресурстары үчүн күрөштө дайыма каршылаштарын жеңүүнү көздөшөт, ал эми акыр аягында болсо – бийликти басып алып жана кармап калууну каалашат.

Диний фундаментализмдин саясий мааниси – фундаменталисттер белгилүү бир принциптерди коргоо менен аларды жүрүш-турушту жетектеген

саясий түзүлүштөрдү, түшүнүктөрдү жана баалуулуктардын жыйындысын иш-жүзүндө ашырууда турат. Бул байланышта суроо жаралат – бул принциптерди бүтүн идеология катары баалоого жана кароого мүмкүнбү?

Бир жагынан фундаменталисттер:

– учурдагы саясий-социалдык тартипке болгон өздөрүнүн көз карашын сунуш кылышат;

– каалаган келечек жашоо ыңгайын түзүшөт;

– дүйнөлүк «туура» түзүлүш жана «жакшы» коом жөнүндө сунуш кылышат;

– модель сунушташат, ага ылайык зарыл болгон саясий өзгөрүүлөрдүн болушун аныктайт.

Мына ошентип, «алардын принциптерине» ылайык коомду реформалоо үчүн саясий программалар диний фундаменталисттердин доктринасында ар дайым камтылган, бул «фундаментализмди идеология катарында кароого» [187,295-б.] бизге укук берет.

Ошол эле убакта ислам фундаментализми, идеология сыяктуу эле, коомдук жана индивидуалдык аң-сезимдин ар кандай чөйрөсүн кучагына алат – «илимий билимден динге чейин жана түшүнүктөрдүн чын же жалганына карабай тиешелүү жүрүш-туруш жөнүндөгү күнүмдүк түшүнүктөрдү» жарыялайт [156,98-б.].

Коммунизм идеологиясынын негиздөөчүсүнүн бири Ф. Энгельс өзүнүн замандашы жана жакын таанышы Ф. Мерингге жолдогон катында мындай деп жазган: «Идеология – бул аң-сезими менен болсо да, бирок жалган аң-сезим менен ой-жүгүртүүчү деп аталган адам ишке ашырган процесс. Аны ишмердүүлүккө түрткөн чыныгы кыймылдуу күчтөр ага белгисиз бойдон калат, андай болбосо бул идеологиялык процесс болмок эмес» [198,83-б.].

Ар кандай идеологдор сыяктуу эле фундаменталисттер легитимдештирүүнүн механизмдери дегенди кеңири колдонушат. Атап айтканда, батыш окумуштуусу М. Вебер легитимдештирүүнү бийликтин «мыйзамдуулугу» катары гана эмес, «анын баалуулуктары тууралуу түшүнүк

менен шартталган мыйзамдуулугуна ишеним» [25,86-153б.] катары түшүнгөн. Легитимдештирүү дал ошого, жеке кызыкчылык жалпыдай болуп көрүнүш үчүн багытталган. Фундаментализм, идеология сыяктуу эле ураандарда, саясий риторикада, манифестацияларда жана өкмөт саясатында көрүнөт. Фундаменталисттердин доктриналары, «алардын принциптерине» ылайык коомду реформалоо үчүн саясий программаларды камтыйт - булар ваххабизм, неоваххабизм, салафизм, неосалафизм жана башкалар. Бирок, мааниси боюнча ал «саясий идея жана баалуулуктардын конкреттүү жыйындысы эмес, бул саясий ой-жүгүртүүнүн стили» [187,294-б.].

Англиялык окумуштуу Э. Хейвуд ырастагандай, практика жүзүндө бардык идеологиялар фундаментализмдин элементтерин камтышы мүмкүн. Ошону менен бирге, дүйнөнү «өзүбүзгө» жана «бөлөктөргө» бөлүүгө, «аны ар түрдүү радикалдык каражаттар менен» негиздегенге умтулган идеологиялык доктриналарга «фундаменталисттик ой-жүгүртүүнүн принциптери өзгөчө органикалык түрдө шайкеш келет» [187,295-б.].

Ар кандай мазмундагы идеология адамдардын аң-сезимине бекийт, ал аң-сезимдин орчундуу компоненти жана аракеттердин максаты, аны алып жүрүүчүлөрдүн кылык-жоругу болуу сапатына ээ. Идеология аң-сезимде өзгөчө бекем тамырлаган учурда адамдын бардык жашоо тиричилигин аныктоого жөндөмдүү. Дал ушунун айынан көп адамдар тийиштүү бир көз караштардын фанатиктери, өзгөчө колдоочулары болуп калышат. Ушунун кесепетинен идеология кеңири жайылуу сапатына ээ жана муундан муунга өтүшү мүмкүн. Терилген басылмалар, радио, теле көрсөтүү, Интернет, окуу мекемелери, формалдуу эмес коомдук уюмдар ж.б.у.с. бүгүн жайылтуучу жана берүүчү каражат болуп саналат.

Диний фундаментализмдин идеяларын жана принциптерин бекитүү жана жайылтуу каражаттары жагымдуу гана эмес, деструктивдүү максатта да түзүлөт жана колдонулат, анын ичинде экстремизм жана терроризмди ишке ашырган уюмдар тарабынан дагы. Бул ар кандай түрдөгү кадимки брошюралар, баракчалар, нускамалар ж.б.

Өз алдынча идеология катары диний фундаментализмди – колдоо табуу же өзүнүн доктринасын толуктоо каражатында ал диний идеяларга кайрылганы эмес, аны куруу максатында түздөн-түз теоретикалык фундаментке кайрылуусу айырмалап турат.

Ошондой эле идеология катары диний фундаментализм төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) - модерн доорунда пайда болгон светтик жана диний ажырымды тааныбагандык;

2) - «саясий чечимдерди кабыл алуунун олуттуу фактору» [99,147-б.] катары – диндин абалын артка кайтарып келүү.

Айрым кыргыз окумуштууларынын пикири боюнча, диний фундаменталисттеринин эң башкы идеологиялык жүйөөсү «модернизациялашкан дүйнөнүн динди четке каккан күчтөрүнө каршы мобилизация жүргүзүү» болуп саналат [78,108-б.]. Баштапкы адамдын күнөөкөрдүгү, анын Кудай чакырыктарын адекваттуу кабыл алууга жана жогорудан жөнөтүлгөн мыйзамдарды аткарууга жөндөмсүздүгү деген аксиоманы диний фундаменталисттер негизге алышат. Бүгүн Борбордук Азияда орун алган диний фундаментализмдин өзүнө камтыган диний-саясий идеологияны терең түшүнүү үчүн башатына кайрылалы. Диний фундаментализмди багыттаган диний негиздөөлөрдү изилдеп, карап көрөлү. Алардын бири – бул салафийлик. «Салаф» сөзү сөздүк мааниде мусулмандарга бардык жагынан үлгү болгон сахаба (Азирети Мухаммед Пайгамбарды көргөн мусулмандар), табиун (Сахабаларды көргөн мусулмандар) жана атбаут-табиундар (табиундарды көргөн мусулмандар) үчүн колдонулган. Негизинен IX кылымдан баштап сахаба, табиундардын жана атбаут-табиундардын сөздөрүн жана кыймыл-аракеттерин өтө бекем карманып, Куран аяттарын жана пайгамбар хадистерин «чечмелебестен» ишенүү керектигин, Алланын сыпаттары сыңары «ислам ишенимдери» маселелерде акылды колдонуп ой жүгүртпөөнү, Куран жана сүннөттө кандай айтылса ошондой кабыл кылууну, исламдын негизи катары кабыл кылгандар «салафийлер» деп атала баштаган.

Мындай көз караштy VIII кылымда колдогондордун лидери Ахмад бин Ханбал болуп эсептелет.

Ахмад бин Ханбалдин жетекчилигиндеги салафийлик ишеним маселелери боюнча биринчи этапта жөнөкөй жана терең тутумдашпаган абалда болгон.

Ал эми, XIV кылымда салафийликти тутумдаштырып мазхаб абалына келүүсүнө чоң салым кошкон инсан Ахмад ибн Таймия болуп эсептелет. Ибн-Таймия салафий көз караштарын илимий негизде калыптандырган. Ошондуктан кийинки жана азыркы учурдагы салафийлер ишеним маселелеринде биринчи кезекте ибн Таймиянын эмгектерин пайдаланышат. Демек, ибн Таймияга чейин салафийлик өтө тар чөйрөдө гана кабыл кылынып, салафийлик ысымы ибн Таймиядан баштап кеңири колдонула баштаган. Анткени, ибн Таймия өз эмгектеринде салафийлик принциптерди көрсөтүп жана аныктаган.

Жогоруда белгиленгендей фундаментализмге, анын агымдарына жана азыркы кездеги жихадисттик ойлорго 18-кылымда исламдагы ваххабиттик агымдын түзүүчүсү – Мухаммад ибн Абдаль-Ваххаб бир кыйла таасир берди, өз кезегинде анын назарына XIV кылымдын жогоруда көрсөтүлгөн салмактуу ислам философу ибн-Таймийанын ошондой эле VIII кылымдын аягында салафийликтин пайдубалын түптөгөн Ахмад бин Ханбалдын көз караштары таасир беришкен. Ваххабиттик кыймыл мурунку исламга кайтуу тууралуу салафиттердин идеяларына негизделген, анын артынан алардын жактоочулары бир Кудайды таанууну жана баштапкы исламдын тазалыгын ордуна коюуну үгүттөшөт.

Ваххабиттер пайгамбарларга, мазарларга сыйынууну, ыйык жерлерге зыярат кылууну четке кагышат, ырым-жырымды кабыл алышпайт, мусулмандардан такыба жашоо ыңгайын жүргүзүүнү талап кылышат. Бирок коомдук саясий чөйрөдө ваххабиттер дүнүйөкордук жана байыгандыкты сынга алып, исламдын моралдык-этикалык принциптерин бекем сактоого чакырык таштоо менен бардык мусулмандардын социалдык шайкештикте,

боордоштукта жана биримдикте болушуна үгүт-насаат жүргүзүшөт, ошого карабастан ваххабизмде эң олуттуу орунду «көп Кудайды тааныгандарга жана алгачкы исламдын принциптеринен четтеген мусулмандарга каршы ыйык согуш (жихад) идеясы» [70,20-б.] ээлейт. Ваххабиттик кыймыл өзүнүн доорун сүргөн жылдарында радикалдык исламдын дараметин мобилизацияланган идеология катары гана эмес, чоң саясий күч катары көрсөтө алды.

XX кылымдын экинчи жарымында мусулман дүйнөсүндөгү туруксуздуктун пайда болушу менен коштолгон исламдын саясатташуусунун жана радикалдашуусунун агымында жаңы идеологиялык деңгээлде неоваххабизм түрүндөгү ваххабиттик доктринанын жаңылануусу болуп өткөн. Жаңы ваххабиттик принциптердин көпчүлүгү мусулман ишенимдеринин фундаменталдык жоболору менен дал келишпейт жана ортодоксалдык исламда камтылган эмес. Атап айтканда, салттуу исламда бир дагы мусулман башка бирөөнү динсиз деп айтканга акысы жок. Неоваххабиттер болсо алар макул болбогон руханий практикаларды кабыл алгандыктары үчүн гана башка мусулмандарды динден кайткандар деп жарыялоо укуктарын өздөрүнө ыйгарып алышат. Жана дагы, сөзсүз түрдө бул боюнча айыптоо укуктарды да өздөрүнө ыйгарышат. Ошондой эле неоваххабиттер бардык христиан жана иудейлерди каапыр деп билишет, бирок ислам үчүн алар жөн гана «Ыйык Китептин кишилери» [70,22-23 б.], ошону менен неоваххабиттер аларды өлтүрүүнү өздөрүнүн укуктары катары түшүндүрүшөт.

Неоваххабиттер салттуу мусулмандар тарабынан кабыл алынган саясий-идеологиялык негиздерди четке кагышат; жихад алар үчүн – өзүн-өзү коргоону актай турган каражат эмес, бул тоталдык ыйык согуш. Христиандардагыдай эле исламда да өзүн өзү өлтүрүү кечирилгис күнөө катары каралат. Неоваххабиттер атайын фетва кабыл алышкан, ага ылайык, кимде ким «өзүн жана өзүнүн душмандарын өлтүрсө – ал жапа тарткан, азап чеккен адам, ал сөзсүз бейишке түшөт» [130,44-45 б.].

XX кылымда Сауд Араб өлкөсү түзүлгөндөн кийин фундаменталисттик исламдын ваххабиттик версиясы королдуктун мамлекеттик дини болуп калды. Ченемдүү бир убакытка чейин ваххабизмдин таасири Араб жарым аралынын чегинен алыс кеткен эмес. Ислам дүйнөсүндө ваххабизм идеяларынын жайылтылышы, 1979-жылы Ирандагы Ислам революциясынын жеңишине жана согуштук шииттик революциялык кыймыл ислам дүйнөсүндө башкаруучу күч болуп калат деп сауд монархиясынын кооптонуусуна байланыштуу болгон [164,73-б.].

Мухаммад ибн Абд аль-Ваххабдын жихадчыл кыймылга кошкон башкы салымы – жихадизмдин азыркы кездеги ашыкча берилген жактоочулары карманган исламдын таза версиясынын пайда болушу. «Ислам дүйнөсүндөгү ваххабизм менен Европадагы протесттанттык Реформация ортосундагы параллелдер» [186,165-б.] талашсыз эмес элести калтырат. Азыркы дүйнөдө – Жакынкы Чыгыш жана Борбордук Азия аймактарындагы диний экстремизмдин, терроризмдин жана диний фундаментализмдин дээрлик бардык комплекстерин белгилеш үчүн саясатта жана массалык маалымат каражаттарында колдонууда «ваххабизм» түшүнүгү өзүнчө бир коркунуч болуп көрсөтүлүп калды. Андан дагы, факт жүзүндө исламизмдин чектен чыккан формалары менен ваххабизмдин ортосунда теңдештирүү белгилери жүргүзүлүүдө. «Ислам фундаментализминин түптөлүшү ваххабизмден башталган эмес. Мухаммад ибн Абд аль-Ваххаб «чыныгы исламдын» жайылтуучуларынын узун чынжырынын бир тогоосу болгон» деп аныктаган орусиялык изилдөөчү А.Малашенконун [96,73-74 б.] көз карашы бул жерде көңүл буруусуга арзыйт. Ислам кайра жаралуусунун тарапташтарына, исламдын саясий сунуштарынын жактоочуларынын бардыгына бул терминди абсолютташтыруу чындыгында туура болбойт, анткени алардын баары дал ваххабизм менен өздөрүн окшоштурбаган себеби үчүн деле, фундаментализмдин белгилүү идеологдору да ваххабизм менен өздөрүн окшоштурушпайт. Ваххабизмдин жактоочулары тарабынан «чыныгы ислам» түшүнүгү өзүн өзү атоо катары колдонулбайт. Анын жолун жолдогондорго

ылайык «ваххабизм ислам ичиндеги кайсы бир окууну эмес, ал исламдын өзүн жана жападан-жалгыз боло турган исламды билдирет» [114,184-б.].

Аль-Ваххаб кийинки билдирүү менен чыккан: «Биздин жол – салафа жолу» [1,50-б.]. Салафизмдин идеологдору чыныгы исламды ордуна алып келүүгө үгүт-насаат жүргүзүшөт жана Аллахтын жолунан тайыгандык катары азыркы ислам дүйнөсүнүн салт жана практикаларын четке кагышат. Исламдагы кайра жаралуу кыймылын белгилөө үчүн «салафизмдин» пайдаланыла башташы Египетте Аль-Азхар Каирдик университетинин интеллектуалдар чөйрөсүндө колдонула баштаган учур, XIX кылымдын жарымына тиешелүү.

Салафизм – бир караганда ушундай көрүнүшү мүмкүн болгон зомбулуксуз диний үгүт-насааттан тартып глобалдык зомбулуктуу чабуулдук жихадга чейинки ар кандай стратегияларды өзүнө камтыган кеңири жайылтылган түшүнүк. Орусиялык окумуштуу В. В. Наумкин [122,453-б.] белгилегендей, «кандай гана болбосун салафизмдин – жихаддык жана жихаддык эмес эки версиясы, шариаттын белгиленген практикаларынан жок эле дегенде азыраак деңгээлде четтеп, ишенимден кайткан мусулмандарга каршы өлүм-зомбулук акциясы менен актанышкан Кудайсыздыкка, анафемага күнөө койгон – такфирдин доктриналдык концепциясы менен бириктирилген».

Зомбулуксуз жана саясий эмес түрүндө салафизмди 1927-жылы Индияда түзүлгөн «Исламды жайылтуучу коом» («Таблиг Жамаат») тараткан. «Таблиг Жамааттын» түзүүчүсү Мухаммед Ильяс өзүнүн тарапташтарын дүйнө жүзүн кыдырууга жана идеяларды жылдырууга, башкача айтканда мусулмандарды чыныгы исламга биригүүгө үндөгөн дааватка (исламга чакырык) чыгууга ишендирген. Азыр «Таблиг Жамаат» Кыргыз Республикасынын аймагында жигердүү иштеп жатат. Бийлик органдары аркылуу коомду өзгөртүү үчүн салафизмдин зомбулуксуз саясий түрдөгү тынчтык жолунда идеологиялык ишмердүүлүктү болжошкон. Тынчтык жолундагы салафиттик стратегия – өзүнө карата көптөгөн мусулман

өлкөлөрүндөгү бийликтин кастыгына, ошондой эле саясий реформалардын, давааттын тынчтык жолундагы стратегиянын жашоого жөндөмсүздүгүн жана салафизмдин ашыкча берилген жактоочуларын ынандыра алган мамлекеттер тарабынан репрессияларга туш болду. Ушул көз караштан алганда, дүйнө жүзүндөгү исламизмдин радикалдашуусуна кыйыр, олуттуу роль ойногон Алжир, Египет, Сирия, Ирак, Афганистан, Өзбекстан, Таджикистан жана башка өлкөлөрдөгү окуялар үлгү.

Аталган окуялар көптөгөн исламчылар тарабынан тынчтык жана демократиялык жол менен саясий бийликти алуу мүмкүн эместитигинин күбөсү катары кабыл алынган. Согушчан жихадчы "Талибан" жана "Аль-Каида" кыймылдарынын идеологдорунун бири Айман аз-Завахири [1,71-б.] билдирүүсү боюнча: «Ислам уулдарынын арасында жаңы аң-сезим барган сайын көбүрөөк өөрчүп жатат.., тагыраак айтканда жихаддан башка чечим жок. Мындай түшүнүүнүн жайылтылышы жихаддын жүгүнөн арылууга аракеттенген бардык башка методдордун кыйрашы менен толукталган».

В. Наумкиндин [122,455-б.] пикири боюнча «салафизм» идеология катары гана эмес, «исламдагы бардык фундаметалисттик агымдарды белгилөө үчүн жалпы термин катары дагы колдонулушу керек». Сөзсүз, салафизмдин алкагында – башка майдаланган бөлүнүүлөр болушу мүмкүн жана жихадисттик-жихадисттик эмес, консервативдик-жаңылангандык ж.б.у.с. тигил же башка оппозицияларды бөлүп алуулары мүмкүн.

Салафиттик жаңылангандыктын байланышында, Индиядагы чыныгы «кайра жаралган» мусулмандардын өзөгү болуп кызмат кылууга бел байлаган такыбалык коомунун авангарды болгон «Жамаат-и Исламинин» түзүүчүсү, мурдааракта аталып кеткен пакистандык ислам ишмери Маулан Абу аль-Аля Маудудинин (1903-1979ж.ж.) ишмердүүлүгүн караш керек. Бир кезде ислам башкаруусу эркиндикти жана акыйкаттыкты билдирип турганда Маудуди үчүн жихад кандайдыр бир боштондук үчүн согуш сыяктуу болгон. Маудудинин көз караштарына шайкеш келип «жихад – колониализмге каршы жана улуттук-боштондук кыймылы менен бириккен» [159]. Маудудинин

түшүнүгүндө ислам мамлекети «Кудайдын суверенитетин» жер жүзүнө орнотууга багытталган идеологиялык инструмент катары чыгат. Бул эң алгачкы жана ошондой эле өзгөчө иштелип чыккан ислам мамлекетинин теориясы. Маудуди үчүн ислам мамлекетинин милдети – мыйзам катары шариатты колдонуу менен жетишилген Аллахтын эркин аткаруу. Маудудинин түшүнүгүндө «демократия шариатка баш ийген» [136,275-б.].

Маудуди өзүнүн идеологиясында дүйнөдө болуп келген адамдын үстүнөн адам өкүм жүргүзгөн принципти четке каккан. Анын пикири боюнча, «тирания, деспотизм, алкы бузуктук, акыйкатсыз эксплуатация жана теңсиздик, адамдын үстүнөн адам башкарган, ээлик кылган жердин баарында чаржайыттык өкүм сүрөт» [74,153-б.]. Маудуди, адамзат тарыхында узак жылдардан бери адамдарды кыйнап келген тополоңдор жана жаңжаалдардын жалгыз себеби ушунда деп түшүнгөн. Бул коркунучтуу кеселден арылуунун жалгыз каражаты – адам бардык Кудайды четке кагып жана жокко чыгарып, Кудуреттүү Кудайды жалгыз гана ээлик кылуучу жана өкүмдар катары ачык түрдө тааныганында деп Маудуди белгилеген. Ислам мамлекети бардык мамилелерде пайгамбар аркылуу Алладан түшүрүлгөн мыйзамдарга негизденүүгө тийиш, мындай мамлекетти башкарган Өкмөт Кудайдын мыйзамдарын турмушка ашыруу үчүн түзүлгөн саясий органга баш ийүүгө, бирок кандай деңгээлде иш алып барса, ошондой түрдө гана элин милдеттендире алат. Эгерде өкмөт Кудайдан түшүрүлгөн мыйзамдарды аткарбаса, анын буйруктары «динге ишенгендер үчүн милдеттүү болбойт» [151, 332-341 б.].

Маудудинин көз караштары бир катар мусулман диний уламалар тарабынан кеңири сынга алынганына, ал эмес баш оомалык деп жарыялагандыгына карабай анын идеяларынын таасири мусулман дүйнөсүндө кең кулачын жайды. Атап айтканда, ал египеттик исламчылар Хасан аль-Банн жана Сайид Кутбанын пикирлерине шексиз таасир берди. Азыркы кездеги көптөгөн исламчыл экстремисттердин идеологиялык көз караштарынын түптөлүшүндөгү Маудудинин ролун америкалык изилдөөчүлөрдүн бири

чебер сөзү менен билдирген: «бизди Маудуди Сайид Кутбга; Кутб Абдалла Аззамга; Аззам Усама бен Ладенге; Усама бен Ладен Айман аз-Завахириге; Заварихи Ирактагы Заркауиге алып барат» [114,88-б.].

Демек ислам фундаментализминин саясий – идеялык булактары катары XVII кылымдын ислам илимпозу Ахмад ибн-Ханбалдын, XVIII кылымда анын жолун жолдогон ибн-Таймиянын жана XVIII кылымда "Бир Алланы таануу" өзүнүн трактатында жарыялаган Абдель аль – Ваххабдын көз караштары, идеялары түзөт. XX кылымда ислам динин, фундаменталисттик көз караштарды жана идеяларды кеңейтип, кийинки жана азыркы доорго ылайыкташтырышкан Мулан Маудуди, Сайид Кутб, Абдалла Акзам, Усама бен – Ладен, Айман аль – Завахири жана А. Заркайунин теологиялык концепциялары азыркы учурда ислам фундаментализминин доктриналык булактарын түзөт. Анын уюштуруу булактары катары азыркы диний уюмдар жана топтор түзөт – булар "Таблиг Жаамат", "Бир трууган мусулмандар", "Хамас", "ИГИЛ" ("ДАИШ"), "Чыгыш Туркестан ислам партиясы", "Талибан кыймылы", "Ислам жихад биримдиги" жана башкалар. Маудудинин көз караштары тийиштүү деңгээлде шииттик исламисттер тарабынан да кабыл алынган, анын ичинде аятолла Хомейни бар.

А. Малашенко белгилегендей, «бүгүнкү салафийа эки тараптын тирешүүсүндө өмүр сүрүүдө – Чыгыш (мусулмандар) Батышка каршы жана «чыныгы ислам» «бузулган исламга каршы». Бирок «жаман – жакшы мусулмандар» антитезасы (карама-каршы абал) кайрадан үстөмдүк кыла баштады жана мусулман коомунун ичинде жарып-бөлүштүрүүчүгө айланып калды. Дин ичиндеги чыңалуу бийик деңгээлге жетиши жана диндер аралык чыңалуудан ашып түшүшү мүмкүн» [96,68-б.]. "Ааламдык жихад" – бул мындай көрүнүшкө каршы колдонулган теория.

«Ааламдык жихаддын» теориясын жана практикасын түптөөдө эң чоң ролду – египеттик радикалдар ойноду. Алар ислам коомунун ичиндеги ич-ара карама-каршылыктарды жоюш үчүн өзгөчө панисламизмге таянышкан.

Панисламизм көптөгөн араб өлкөлөрүндөгү – биринчи кезекте «мусулмандарды бириктирүү жана карама-каршылыктарды жокко чыгаруу үчүн салттуу түрдө азыктануу чөйрөсү болгон» [52, 91-97 б.]. Египеттеги сунниттик трансулуттук кыймылдын идеологиясынын түркүктөрүнүн бири болуп калды. Сөз «Бир тууган мусулмандар» («Братья мусульмане», Аль-Ихван аль-Муслимум) диний фундаменталисттик уюму жөнүндө болууда. Бул, 1928-жылы Исмаилия шаарында египеттик мектеп мугалим Хасан аль-Банн негиздеген дүйнөдөгү эң зор жана эзелки ислам саясий тобу. Жаңы жаралган кыймылдын урааны: «Алла – биздин максат, Куран – биздин конституция, пайгамбар – биздин жол башчы, жихад – биздин жол, Алланын атынан курмандыкка баруу – биздин үмүттөрдүн эң бийиги». Башында «Аль-Ихван аль-Муслимумдун» ишмердүүлүгү – идеологиянын, мыйзамдардын жана моралдык-этикалык ченемдердин бирден-бир булагы катары исламдын принциптерине негизделген «акыйкат жана бирдиктүү ислам коомун» курууга багытталган.

«Бир тууган мусулмандар» батыш жекебасарлыгынын чексиз төбөлдүгүнө каршы египет жумушчуларынын укуктарын коргоо ураанынын астында чыгышкан, алар оорукана, дарыкана, мектептерди курушкан. «Формасы боюнча бул, спорттук уюмдун, маданий-агартуу бирикмесинин, экономикалык компаниянын белгилерин өздөрүнө айкалыштырган саясий кыймыл болгон» [152, 34-б.]. Анча чоң эмес топ катары жаралып, египет коомунун бардык катмарында атактуулукка ээ болуу менен «Бир тууган мусулмандар» уюму тез эле кеңейген. «Бир тууган мусулмандар» сунниттик исламчыларынын энелик идеологиялык уюму болуп эсептелет. Бирок 1949-жылы Хасан аль-Банн каза болгондон кийин «Бир тууган мусулмандар» катарында ажырым пайда болгон – кыймыл ичинде үч негизги агым бөлүнгөн: ашкере кетпеген, экстремисттик уруктагы жана ислам социализмин эңсеген «ислам демократтары». Панисламизм жана анын жаңы ураандары дагы мусулман коомун бириктиргенге жетише алган.

Кийинки учурда, «Бир тууган мусулмандар» 1970-жылдардын башынан тартып тынчтык жолунда мамлекеттин жана коомдун исламдашуусу үчүн чыккан ислам дүйнөсүндөгү эң күчтүү диний-саясий исламчыл кыймылына айланган. Салттуу «Бир тууган мусулмандар» өзгөрүү талаптарына жетише алган жана ислам мамлекетин түзүүнү турмушка ашыра алган массалык кыймылды тынчтык жолу менен жарандык коомдон түзүүгө күч аракет жумшоо алкагында даават кылышкан. «Бир тууган мусулмандардын» кийинки башкы лидери Хасан аль-Худайби [91,332-б.], «төмөн жактагы» кыймылдан пайда болгон өзгөрүүлөргө басым жасалган бул мөөнөтсүз стратегияны коргоп чыккан. Ал Кутбдун зомбулук чакырыгын четке каккан. Буга карабастан «Бир тууган мусулмандардын» таасирдүү ишмери Сайид Кутб азыркы кездеги согушчан исламизмдин идеологиялык негизи болгон эмгектердин автору. «Аль-Каиданын» идеологиясына Кутбдун идеяларынын таасири болгонун айрым авторлор белгилешет [58,48-б.].

«Аль-Каиданын» башкы идеологдорунун бири Айман аз-Завахиринин [58,51-б.] айтымында, «Бир Кудайга берилүүгө жана Кудайдын өзгөчө бийлигин жана суверенитетин таанууга карата болгон Сайид Кутбдун чыкырыгы – мекенинде жана чет жерде исламдын душмандарына каршы ислам революциясынын алоолонуп күйүшүнө учкун болуп берди». Бул адам батыш маданиятын таанып, анын таасирин өз башынан өткөргөн светтик автордон баштап саясий исламизмдин чыгааны болгонго чейин узак жолду басып өткөн.

Сайид Кутбдун көз карашы боюнча мусулман коомун бириктирүү үчүн “жакын” жана “алыс” душмандар менен күрөшүү абзел. «Жакын душман» деп мусулман дүйнөсүндөгү өкмөттөр түшүндүрүлөт, ал эми «алыс душман» – батыш дүйнөсү. Кутбдун «жакын душман» менен күрөшүү зарылдыгы XX кылымдын аягындагы – XXI кылымдын башындагы жихадчылардын идеологиялык арсеналында жигердүү колдонулат. С. Кутбдун чыгармаларында батыш цивилизациясынын ылдыйлашы, демократиянын түшүмсүздүгү, алтын доорго аппеляция жана бардыгын өзүнө камтыган

саясий-социалдык тутумду куруу аркылуу аны ордуна коюуга умтулуу темалары эксплуатацияланат. Сайид Кутбдун саясий көз караштары, мыйзамдар жана шариат принциптери бүт жашоодо жана башкарууда жалгыз негиз болушу керек болгон адеп-ахлактын, акыйкаттыктын жана башкаруунун бүткөн тутуму катары исламды түшүнүү айланасында куралган.

«Салафит жихадынын идеологиялык манифестинин» кадыр-баркына ээ болгон өзүнүн эң белгилүү «Вехи на пути к религии» [44,4-б.] китебинде ал, шариат мыйзамдарын кайрадан орнотуу жолу менен жана «жахилий (бузулгандык) тутумунун бийликтерин, уюмдарын жоюу үчүн күч жана жихадды» колдонуу жолу менен исламдын кайра жаралышына үндөйт.

Кутбдун түшүндүрмөлөрүнө ылайык, тынчтык ислам үчүн эреже болуп саналат, согуш – жол берилбес нерсе, ал акыйкатсыздыктын, деспотизмдин жана коррупциянын жыйынтыгы. Бирок ошону менен бирге, Кутбдун пикириндеги акыйкатсыздыктын эң жаман формасы болгон динсиздикке каршы согушка жол берилет. Бул көз караште бирден-бир туура делген согуш – бул Кудай Сөзү дүйнө жүзүндө өзүнүн үстөмдүгүн орнотот дегенге кепилдик. Кутб жихад түшүнүгүнө революциялык түс берген жана ага жаңы маани кошкон азыркы кездеги биринчи радикалдык фундаменталисттик ой жүгүртүүчү болуп калды. Азыркы кездеги согушка, ал согушка алып келген себептерге же жолдорго ислам жихадынын байланышы жок. «Жихаддын себептери исламдын өзүнүн жаратылышында жана анын дүйнөдөгү ролунда маанисине жете түшүндүрүлүшү керек» [152,18-б.].

Кутбдун таасири салафиттик жихадга жалпысынан алганда тийиштүү маанини берген, ал эми «1967-жылдагы арабдардын жеңилүүсү Батышты кубалап жетебиз деген багыттагы туурагандык жана панарабизм стратегияларынын кадыр-баркын түшүргөндөн кийинки идеологиялык вакуумду Кутбдун эмгектерине таянган исламисттик жана башка диний агымдар жана көз караштар толтурган» [44,10-б.]. Мисалы 1970-жылдан баштап Сауд Арабиянын сыртка ачылуусу, жакынкы чыгыш өлкөлөрүндөгү экономикалык абалдын жакшыруусу жана саясий жактан да күчүнө кирүүсү

салафийлердин да өз ара пикир келишпөөсүнө себеп болгон факторлордон экенин өзгөчө белгилеп айтсак болот. Салафийлер бийликти колдогондор жана бийликке каршы чыккандар болуп экиге бөлүнүштү. Белгилүү түрк изилдөөчүсү Э. Кара-каш белгилегендей бийликти колдогондору «Саудий салафий», ал эми бийликке каршы чыккандары «Жихадий салафий» деген ысымдар буларга сырттан берилди. Эки тарап тең өздөрүн чыныгы салафий экендигин айтышып, бири-бирине катуу сындарды айтышат. Саудий салафийлер жихадий салафийлерди «салафий» деп атабоого, алардын эч кандай салафийлик менен байланышы жок экендигин айтышып, аларды «Хаарижи» («Хаджисты») 658-жылы Сыффин согушунда Халиф Алиден бөлүнгөн мусулмандар деп атоого чакырышат.

Саудий салафийлер көбүнчө намаз, ажылык, нике, паранжи, сакал, кабыр азабы сыңары маселелерге токтолушат. Мамлекет башчы намаз окуган болсо, ага баш ийүүнү важип деп эсептешет. Алардын пикиринде уламалардын эң маанилүү милдеттеринин бири туура эмес жолдогу башчыларды эскертүү. Экинчи милдети саясий жана коомдук баш аламандыкты жарата турган бузукулукту алдын алуу. Саудий салафийлердин пикиринде мусулмандар азырынча куралдуу жихадга даяр эмес. Ага чейинки жасай турган иш – терс иштерден алыс болуп, инсандарды жалгыз Аллага ишенүүгө үндөп, Ислам ааламына салафий акыйдасын жайылтуу болуп эсептелет.

Саудий салафийлер менен жихадий салафийлердин карама-каршы келген пикирлери бул такфир, саясат, жакшылыкка үндөө, жамандыктан кайтаруу жана жихад маселелери болуп эсептелет.

Жихадий салафийлердин бийликтен талап кылганы – бул мыйзамдарды толук шариаттык негизге айлантуу, өкмөттүн иштерин аалымдардын көзөмөлүнө алуу, билим берүү программасын толук мусулмандаштыруу, массалык маалымат каражаттарын диний бир тутумга салуу, жөөттөрдөн баштап бардык дин душмандарына согуш ачуу жана

зулумдук көргөн мусулмандарга жардам берүү үчүн күчтүү армия түзүү талаптарын коюшкан.

2001-жылдын 11-сентябрында болгон окуя жихадий салафийлердин ортосуна ажырымды пайда кылган. Мындан улам жихадий салафий тобунан бөлүнгөн топту «неосалафийлер» деп атасак болот. Неосалафийлер «таухидди» бир жалгыз Аллага ишенүү негизинен үчкө бөлүп карашат. Биринчиси – жаратуунун, ээси жана башкаруучуусу катары Алланын жалгыз кабыл алуу, экинчиси – Ибадатта Аллахтын жалгыз кабыл алуу, үчүнчүсү – Алла жана Мухаммед Пайгамбар үчүн белгиленген ысым жана сыпаттарды чечмелебестен кабыл алуу.

2001-жылы белгилүү неосалафий аалымдарынын араб өкүлүнүн бири Мухаммед бин Салих ал-Усаймин «Хукму тарикус-салат» аттуу фатвасында төмөнкүдөй өкүмдөрдү берген:

1. Бир инсан өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрүнө намазды буйрук кылып, алар бул буйрукка баш ийбей жана ар дайым намазды калтыра берсе, алар каапыр болуп динден чыккан болот. Алар менен бир үйдө жашаганга болбойт. Үйдүн башчысы аларды намазга дават кылуусу жана ар дайым эскертүүсү зарыл. Анткени намазды калтырган инсан каапыр болот.
2. Намаз окубаганга каапыр, муртад өкүмү колдонулат.
3. Намаз окубаган менен турмуш куруу сахих (кабыл) болбойт.
4. Никеден кийин намаз окуганды калтырса никеси жокко чыгарылат. Үйлөнүү адал болбойт.
5. Намаз окубагандын курмандыка чалган малын жегенге болбойт, арам болот. Бирок, еврей жана христиандын чалган малын жегенге болот.
6. Намаз окубаган адамга Меккеге кирүүгө болбойт.
7. Намаз окубаган инсан өлгөндө жуулбайт, кепенделбейт, жаназа намазы окулбайт, мусулмандардын мазарына коюлбайт. Жеке бир жер казылып кийими менен көмүлөт.

8. Намаз окубаган инсан кыямат күнүндө тозокко кирет. Бейишке кире албайт. Үй-бүлөсүнөн бирөөсү ал үчүн дуба кылып, кечирим суроосу адал болбойт.

Неосалафийлер «таухид» маселесинен кийин эң көп талкуулашкан маселе «ширк» маселеси болуп эсептелет. Алардын көз карашында ширк үч түрдүү: чоң ширк, кичине ширк жана жашыруун ширк.

Чоң ширк дагы өз ара төрткө бөлүнөт. 1. Инсандын башына кыйынчылык иш келген учурда Алладан жардам сурап, башка учурларда Алланы унутуп калуусу. 2. Бул дүйнөнү акырет иштеринен жогору коюу. 3. Алладан башка нерселерге сыйынуу, Ыйык деп эсептелген кишилерден жардам суроо. 4. Махабат ширки. Мисалы, бир инсан сүйгөн жарын «бир гана сени сүйөмүн» деп айтуусу дагы ширк болуп эсептелет. Кичине ширк-бул эл көрсүн деп амал кылуу. Жашыруун ширик болсо, инсандар өздөрү билбеген абалдарда ширкке кирүүсү.

Неосалафийлердин көз карашы боюнча өлгөндөрдүн артынан Куран окуп, дуба кылуу, пайгамбардын сакалына, чапанына ж.б. нерселерге зыярат кылуу «ширкке» алып бара турган «бидат» (Аллага жакпаган иш) болуп эсептелинет.

Эгерде Сайид Кутб өзүнүн идеологиялык манифесттери менен радикалдуу ислам фундаментализминин өнүгүүсүнө салым кошсо жана аны азыркы кездеги жихадисттик багытынын интеллектуалдуу архитектору деп эсептелсе, ал эми анын таасирдүү жолун жолдоочусу, «Танзим аль-Джихад» («Жихад уюму») тобунун идеологу, египеттик исламчы Мохаммед Абдассалам Фарадж [152,37-б.] жихаддын маанисин практика жүзүндөгү нукка бурган. Фараджды н «Көңүлгө алынбаган милдет» аттуу китепчеси 1980-1990 – жылдардагы жихадисттер үчүн анык колдонмо болгон. Фарадж бул «көңүлгө алынбаган» милдетти, ислам ишениминен кайткандарга каршы куралдуу согуш катары каралган жихад деп түшүнгөн. Фарадж белгилегендей, жихаддын милдети жакшылап аткарылган жок, ал гана эмес четке кагылууда жана көптөгөн уламалар тарабынан жокко чыгарылууда. Кыянаттыкка

руханий каршылык көрсөтүү катары каралган жихаддын кеңири чечмеленген түшүндүрмөсүнүн «мусулмандарды динсиздер жана четтегендер менен согушуудан алаксытуу үчүн кылыччан күрөш баалуулугунун беделин түшүрүү» максаты бар «жасалма салт» катары жүзү ачылат. Фараджбын көз карашына ылайык, жихад жамааттык эмес персоналдык милдет, анткени азыркы учурда «жакын душман» өлкөнү басып алууда. Фарадж жихадды исламдын «алтынчы тиреги» статусуна көтөргөн жана мусулман дүйнөсүндөгү азыркы башкаруучулар «динсиздерди» тарапташ кылышып, шариатты аткарбай өз дининен баш тартышты деп түшүндүрмө берген. Ошону менен, мусулмандарды формалдуу түрдө гана тааныган «динден четтегендерге» жайылтылган жихад, «четтегендер» күнөөлөрүн мойнуна алмайынча же алар жок кылынгыча урушка жөндөмдүү ар бир мусулмандын жеке милдети катары багытталган.

Терроризмдин азыркы толкунун түптөөдө, «исламисттик жаңыланган кыймылдын жеткире ойлонулган стратегиясы» [152,42-б.] катары «алыс душманга» багытталган тиешелүү ролдун көпчүлүгүн дал ушул радикалдуу ислам фундаменталисттери ойногон. Ислам кийимин кийген азыркы кездеги терроризмде жихад түшүнүгү борбордук болуп саналат, жихадга катышуу менен алар террористтик ишмердүүлүгүнөн актанышат.

Илимий эмгектерде жана жалпыга маалымдоо каражаттарында кокустуктан эмес эле радикалдык диний фундаментализмдин өзгөчө экстремисттик канатына карата «жихадчылар» сөзү пайда болду. Жихадизм бүткүл дүйнөлүк фундаменталисттик ислам мамлекетин түзүүгө ашык да эмес, кем да эмес түрдө умтулат. Анын жактоочулары, буга күч колдонуу жолу менен гана жетишүүгө мүмкүн деп эсептешет. Ал зомбулук мусулман өлкөлөрүнүн өкмөтүнө, ошондой эле аларды колдогон Батышка каршы багытталган. Ваххабиттер жана башка фундаменталисттер сыяктуу эле жихадисттер дагы Мухаммед Пайгамбар жана анын алгачкы жактоочулары, салафтары менен практикаланган ислам – жападан-жалгыз чыныгы ислам деген талапты карманышат. Бирок жихадисттер, «ыйык согуш» – бул

исламдын борбордук көз карашы жана милдети деген пикир менен андан да нары кетишет» [43,50-б.].

«Жихад» сөзү «күч-аракет, тырышуу» деп которулганына жараша, принцибинде дин ишеними үчүн тырышкандык күрөштү билдирет. Ушуну менен бирге жихаддын бир канча түрүн белгилешет: «жүрөктүн жихады» - жеке өзүнүн жетишпегендиктери менен күрөшүү; «тилдин жихады» - кубаттаганга уруксат жана сөккөнгө тыюу; «колдун жихады» - кылмышкерлерди жана укук бузгандарды жазалоо; «кылыч жихады» - динсиздер менен куралдуу күрөш, ал күрөштө курман болгон мусулмандар түбөлүк жыргалчылыкка ээ болгондук» [43,75-б.].

Ыйык согуш катары жихаддын кенцептиси ислам пайда болгон мезгилге барып такалат, ал кезде Мухаммед Пайгамбар Араб жарым аралынын көпчүлүгүн жана Меккени көзөмөлдөп турган бутпарастар менен күрөш жүргүзгөн. Ал гана эмес америкалык тарыхчы Хью Кеннеди [69,75-б.] мындай деп белгилейт: «Ошого карабастан Араб жарым аралында Мухаммед Пайгамбардын таасирин жайылтууда согуш аракеттерге караганда олуттуу ролду сөзсүз дипломатия ойногон. Анын уруусунун кылычтары эмес, алар түзгөн мамилелер түйүнү Йеменден баштап Оманга чейин алынып келинген. Аскер күчү мусулман коомунун (умма) өмүр сүрүшүн камсыз кылган, бирок Умма Пайгамбардын убагында экспансия роль ойногон эмес».

Жихад, же болбосо ыйык согуш – исламдын орчундуу концепциясы жана ал башынан баштап эле мусулмандар арасында узакка созулган кайчы пикирлерди жараткан. Фундаменталдык суроолор, – сөзсүз эле түрдө жихад зомбулук менен коштолуш керекпи, же ал жөн эле руханий күрөш түрүндө боло алабы, ошондой эле ал коргонуу менен чектелүүгө мүмкүнбү же исламдын чек арасын кеңейтүүгө аны колдонуу мыйзамдуубу, жана ал «ар бир мусулмандын милдети же балким руханий ишмердүүлүгү үчүн сыйлык берилүүчү ыктыярдуу иш» [197] болуп саналыш керекпи деген суроолордон турган.

Азыркы кездеги жихадисттик идеологияга зор таасир берген, классикалык ислам авторлорунун ичинен биринчи кезекте жогоруда көрсөтүлгөн шейх Ахмад Ибн-Таймийаны [197] белгилеп кетүү абзел. Ибн - Таймийа мындай деп жарыялаган: «жихад – ушул дүйнөдө жана кийинки дүйнөдө да эң сонун иш, аны тоготпогондук демек ушул дүйнөнү да жана кийинкисин да жоготуу... Демек бул: же жеңиш жана триумф, же азап тарткандык жана Бейиш».

Ибн Таймийа жихад тууралуу айтып жатып, коргонуу жана чабуулдук жихад түшүнүктөрүнүн ортосундагы чектерди белгилеген: «Эгерде күрөш мусулмандардын демилгеси боюнча жасалса – чабуулдук жихад, анда бул – жамааттык милдет, ал жеңишке жетиш үчүн канча керек болсо, ошончо сандагы динге ишенгендер аркылуу аткарылууга тийиш. Ал эми эгерде душман мусулманга кол салып жана алардын жерин басып алса, анда алар менен согушуу бир гана агрессияга туш болгондордун жекече милдети эмес, толугу менен бардык умманын милдети – бул коргонуу жихады. Жихаддын максаты «бардык дин Жалгыз Аллага таандык жана Анын сөзү баарынан жогору болуш үчүн керек. Бул максатка жетүү жолунда каршы турган ким гана болбосун, ар бири менен күрөшүү керектигин» белгилеп жатып, Ибн-Таймийа «динсиздердин ичинен» аялдар, балдар, карылар, көзү азиздер жана майыптар «өлтүрүлбөшү керек, эгер эле сөздөрү жана иш-аракеттери менен мусулмандарга каршы чыгышпаса», деп көрсөтүп кеткен. Окумуштуу жазган: «Эгерде биз бул дин үчүн жеңишти кааласак, ким биз менен күрөшсө, ошолор менен гана күрөш жүргүзүү керек. Кудуреттүү Алла бул боюнча мындай деген: «Ким силерге каршы согушса, Алла жолунда ошолор менен согушкула, бирок берилген уруксаттын чегинен ашпагыла. Чындыгында, Алла кылмыш кылгандарды сүйбөйт». Бул Сүннөттөгү мисалдар менен тастыкталып турат. Пайгамбарга Алладан ага алкыштар жана каалоолор болсун, мусулмандарды согуштук жүрүшкө жөнөтүп жатып, адаттагыдай айтчу: «Карыларды, балдарды жана аялдарды (зарылдык болбосо) өлтүрбөгүлө» [159].

Жихаддын ар кандай чечмеленген түшүндүрмөлөрүнүн ичинен согуштук аракеттерге тиешеси болбогону дагы бар. Андагы түшүндүрмөгө ылайык, жихад «күч аракет» катары, ичкери карай багытталган күрөш болушу мүмкүн – өзүндөгү кыянатка каршы, же өзүнүн тышында – акыйкатсыздыкка каршы.

Азыркы кездеги радикалдуу ислам фундаментализмде «модернисттер жихаддын концептисин диндеги борбордук катары карашы мүмкүн, бирок ошол абалда аны акыйкатсыздыкты орнотууга саясий жана социалдык аракеттердин ар кандай түрүн ишке ашыруу катары баалашат» [206,32-б.].

Эгерде тышкы душмандар мусулман жерлерине коркунуч жаратып же басып киришсе “жихадга болгон салттык, классикалык көз карашты” аткарылууга тийиш болгон мусулмандардын жамааттык милдети катары карайт. Азыркы кездеги түрк диний уламасы Харун Яхья [206,33-б.] ырастагандай, мисалы, «Курандын көрсөтмөлөрүнө ылайык, согуш өзүн – «каалабаган, айла жок зарылчылык» кылып көрсөтөт, ага абсолюттуу аргасыздык болгон учурда гана так бекитилген моралдык жана гумандуу мыйзамдарды жана чектөөлөрдү тыкыр аткаруу менен кайрылуу керек». Ушул абалда, «исламда уруксат берилген коргонуу согушу гана саналат» [206,36-б.] деп көрсөтүлөт. Жихаддын идеялык жана руханий маанилери менен катарлаш физикалык күрөш түрү - согуш да жихад болуп эсептелээрин Харун Яхья мойнуна алат. «Бирок бул согуш… Курандын көрсөтмөлөрүнө ылайык, коргонуучу гана болушу абзел жана Исламдын адеп-ахлактык принциптерин тыкыр аткаруу менен жүргүзүлүшү керек. Салыштырып караганда эч күнөөсү жок адамдарга каршы багытталган зомбулуктун ар түрдүү түрүнө, б.а. террор үчүн жихад түшүнүгүн колдонуу акыйкатсыздык жана чындыкты бурмалагандык болуп саналат» [159].

Азыркы кездеги радикалдуу ислам фундаментализм окуусунун үгүттөөчүлөрү жана жактоочулары (адепттери) «мусулмандардын аң-сезиминде жихаддын статусун көтөрүү жана жихадды исламдын беш тиреги менен теңдештирүү боюнча аракеттерди көрүшүүдө» [152,12-б.]. Усама бен

Ладендин сөзү боюнча, «ислам мамлекетин орнотуу жана динди жайылтуу үчүн [беш шарт] болушу керек: тайпа, үгүттөө, баш ийүү, хиджра жана жихад. Кимде-ким Алланын ысымы менен хиджра жана жихады жок исламды өстүрөм десе, алар "Мухамеддин жолун түшүнүшпөйт" [152,15-б.]. Мухаммед Пайгамбардын учурунан бери мусулман уламаларынын чөйрөсүндө мусулмандын жамааттык милдети болгон жихаддын статусу жөнүндө консенсус өкүм сүрүп келген. Азыркы учурда бардык түстөгү жихадисттер жихадды – мусулмандын туруктуу жана жеке милдети, ошондой эле исламдын түпкүлүктүү тиректеринин бири деп эсептешет.

Жихадчылардын күрөшү төмөндөгү тизмектелген максаттардын бирин же бир канчасын өздөрүнө камтышы мүмкүн.

Биринчиден, мусулман калкы басымдуулук кылган өлкөлөрдөгү светтик режимдерди кулатууга багытталган күрөш.

Экинчиден, бул күрөш ислам дини басымдуу болбогон өлкөлөрдөгү мусулмандар азчылыгынын көз карандысыздыгына жетип, кийин көз карандысыз ислам мамлекетин түзүүгө багытталышы мүмкүн.

Үчүнчүдөн, мындай күрөш мусулман өлкөлөрүндөгү эгемендүүлүгүн же автономиясын талап кылып жаткан этномаданий азчылыктын козголоңун басууга багытталышы мүмкүн.

Төртүнчүдөн, бул күрөш «батыш цивилизациясынын таасирин ислам маданияты менен кезиккен сызыкта бейтарапташтырууга багытталган» [90,34-б.].

Салафист-жихадисттердин идеологиялык түзүлүштөрүнүн борборундагы орундардын бирин төмөндөгү негизги үч теманы жигердүү эксплуатациялаган батышка каршы коркутуучу үндөр ээлейт.

Биринчиден, Батыш исламга ырайымсыз касташкандыгы жана анын жашоосуна коркунуч туудураары белгиленген. Ушуга байланыштуу идеологиялык түзүлүштө конспирологиялык теориянын согушчан исламчыларынын белгилүүлүгүн, баарынан мурда исламга каршы иудей-христиандык тымызын иш жөнүндө көрсөтүү орундуу.

Экинчиден, мусулман дүйнөсүнө Батыш тараптан болгон «коркунучтан» чыгуу жолу – бул коркунучка кайрылган жалгыз жол зомбулук.

Үчүнчүдөн, жихад – Батыш менен күрөшүү үчүн жалгыз шарт.

Чынында, жихадизмдин идеологдору Батыштагы «цивилизациялар кагылышы» идеясынын белгилүү мотивдерин илип алышат. Атап айтканда, Усама бен Ладен ырастамаларында дал ушул түшүнүктөргө таянган: «Бул күрөш – саясий-идеологиялык жана диний күрөш жана бул кагылышуу «цивилизациялар кагылышы». Алар бардык ислам дүйнөсүндө исламдык окшоштукту (идентификацияны) жок кылууга умтулушат. Бул алардын бизге карата чыныгы позициясы…» [152,30-б.].

Усама бен Ладендин шериктеши Айман аз-Завахиринин идеологиялык иштеринде – ошондой эле «каражаттар жыйындысын» колдонгон ислам жана касташкан дүйнөлүк күчтөр менен күрөш катары көрсөтүлгөн жаңы дүйнөлүк салафиттик жихаддын батышка каршы түзүмү даана байкалат. Ошентип аз-Завахири, «алыс душманга» каршы күрөш жүргүзүү зарылдыгын талап кылат. «Ички душманга – динден четтегендерге, жана тышкы душманга – жөөттөрдүн жана чырым жүрүшүндөгүлөрдүн бирикмесине каршы бир регион менен чектелбеген кармашка даярданышыбыз керек» [152,33-б.], – деп белгилейт.

Тактикалык маселелерден сырткары радикалдык диний фундаменталистердин саясий - идеологиялык арсеналында стратегиялык маселелер да бар, башкача айтканда эң акыркы максаттар. «Аль-Каида», «Хизб-ут-Тахрир», «Ислам жихадынын биримдиги», ИГИЛ жана маңызы боюнча аларга жакын ислам топторунун идеологдору колдонгон халифаттын концептиси – ааламдык жихад жолу менен жетишилген эң акыркы максат болуп саналат. Ушуну менен бирге салафиттик-жихадчыл дүйнө таанымынын радикалдуу адепттери (ашыкча берилген жактоочулар) экстремизм жана терроризмди, халифатты кайра тургузууга багытталган негиздүү аракеттери жана куралы катары карашат. Ушундан улам жихад, «жакшылык» менен

«кыянаттык» ортосундагы кармаш катары көрсөтүлөт. Жихадисттик дүйнө таанымынын атрибуту болуп, айлар жана жылдар менен эмес, ондогон жылдар жана кылымдар менен чектелген, ар дайым болуп туруучу бүтпөгөн согуш саналат. Жихадды «жакшылык» менен «кыянаттык» ортосундагы космостук кармаш катары көрсөтүп жатып, эгерде азып-тозгон согуштун айкалышында көп сандагы курмандыкка алып келген чабуулдарды жана шахиддердин операцияларын кошкондо ийгиликтүү террористтик соккулар менен душмандын эрки сындырылбаса, анда анча-мынча жихадисттер «кыска согушту» элестетишет. Жихадисттер анын ордуна «узакка созулган жана глобалдык конфликтти» туура көрүшөт. Жихад жолу менен халифатты кайра тургузуу – көпкө созулган күрөш деп божомолдогон концепт аз-Завахиринин сөзү менен сүрөттөлөт: «Эгерде биздин максат – бардыгын өзүнө камтыган өзгөрүү жана эгерде биздин жол тарых менен Куран бизге көрсөткөндөй жихад жана курмандыктын узак жолу болсо, биз кайталанган сокку жана апааттар үчүн кайгырбашыбыз керек» [152,36-б.].

Негизинде ааламдык салафиттик жихаддын идеологиясы камтылган диний фундаменталисттик кыймылдын максаты, ислам дүйнөсүндө улуттук мамлекеттерди жоюу жана Мароккодон баштап Борбордук Азияга чейин жана андан ары Филиппинге карай жайылган азыркы чек аралары жок кылынган бирдиктүү мамлекетте ислам дүйнөсүнүн мурдагы улуулугун кайра калыбына келтирүү болуп саналат.

Мединадагы Мухамед түзгөн мамлекет болгон учурдагы, анан пайгамбар каза болгондон кийин ал мамлекет алгачкы төрт халифтин – Абу Бакр (632-634), Омар (634-644), Усман (644- 656), Али (656-661) «акыйкаттуу жетекчилиги» [114,209-б.] астында болгон мезгилдеги «алтын доордо» гана чыныгы ислам өкүм сүргөн деген көз караш исламисттик топтор үчүн мүнөздүү. Тарых жүзүндө «амир аль-муминин» (динчилдердин жол башчысы) деп аталып келген халиф, ислам мыйзамына баш ийген жана халифат тарабынан көзөмөлдөнгөн “Дар аль-Ислам” (Исламдын жери) деп айтылган аймакты башкарган. Халифат Мухаммед Пайгамбар каза болгондон кийин

орнотулган, анын шериктеши Абу Бакр биринчи “акыйкатчыл халиф” болгон. Фундаменталисттердин логикасына ылайык, керексиздерин алып таштап, азыркы коомго киргизүү менен мусулмандар диндин алгачкы принциптерин өздөрүнө кайрадан ачышы керек.

Жихадисттик идеологдордун азыркы абалдагы түшүнүктөрүнүн бири – системаны «төрт акыйкатчыл халифтин» мезгилиндеги өкүм сүргөн мураскордук монархияга айлантуу. Алардын пикири боюнча бул мыйзамсыз башкаруу тутуму ислам дүйнөсүнүн көптөгөн интеллектуалдык, диний жана саясий дарттарына алып келди – анын ичинде Кудайдан берилген шариат тутумун эмес, өздөрүнүн түзүп алган мыйзамдарын колдонушкан деспоттук башкаруучулардын пайда болушуна алып келди. Ошондуктан алар үчүн күрөштүн соңку мааниси – шариатты толук жүзөөгө ашырган чыныгы халифат бийлигинин астында жаңыланган бүт дүйнөлүк ислам коомун (умма) орноткондук. Исламчыл саясий партиялардын, ошондой эле террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик топтордун көпчүлүгү мусулман элдерин бириктирүү жолдору менен, же саясий, же зомбулук жолу менен халифатты калыбына келтирүүгө үндөшөт. Ушуну менен бирге, жихадчыл доктриналарга ылайык адамдар тарабынан уюштурулган ар бир өкмөт баш тартуучу катары каралат, анткени ал адамдар үчүн өздөрүнүн эрежелерин кабыл алышат. Жихадисттер, бийликти жүзөөгө ашыруу адамдардын эмес, – бул Кудайдын өзгөчө укугу деп ырасташат. Ага ылайык алар, ислам мамлекети умманы кучагына алаарын жана ислам принциптеринин негизинде өмүр сүрөөрүн белгилешет.

Борбордук Азиядагы өзүнүн ишмердүүлүгүн жигердүү өздөштүргөн «Хизб-ут-Тахрир» саясий-диний партияны карап көрөлү. Мусулман дүйнөсүнүн бардык өлкөлөрүн бириктирүүгө жана халифатты орнотууга чакырган фундаменталисттик «Хизб-ут-Тахрир» (Боштондук партиясы) партиясынын максаты болуп саналат. Партиянын идеологдорунун пикири боюнча, ошону менен бул халифат анда отурукташкан мусулман, ошондой эле мусулман эмес бардык адамдар үчүн туруктуулуктун жана коопсуздуктун

кепилдиги болот. Европалык колониалдык басып алуулардан мурда өкүм сүргөн исламдын «алтын доорго» кайтуусу жөнүндө сөз болууда. Британдыктар жана түрктөр халифатты бүлүндүрө элек убакка чейин бардык мусулман дүйнөсү жалгыз башкаруунун астында болчу деп эсептеген «Хиз бут-Тахрирдин» 1953 жылы түзүүчүсү Такиддин ан-Набхани халифаттын кайра жаралуусу үчүн чыккан өзгөчө белгилүү теоретик болгон. Анын көз караштарын сындагандар, мусулмандардын халифат түзүү диний милдети «Хиз бут-Тахрирдин» идеологдору тарабынан жарыялангандыгын, ал эми «Хиз бут-Тахрир» үчүн «исламдык халифат» түшүнүгү исламдын мурдагы учурлары менен байланыштуу болгон утопиялык башкаруу формасына кирээрин белгилешет.

«Бул алардын тилеги жана алардын амбициясы» [114,212-б.]. Батыштык жана исламдык эмес феномен деп демократияны четке кагуу менен ошол эле убакта халифтин мусулмандар аркылуу шайланышы жана отчет берүүгө милдеттүүлүгү үчүн чыгышат. Бул партия шариат мыйзамдарын орноткон жана исламды дүйнөгө жайылткан исламчыл мамлекетти түзүү программасын жылдырат. «Хизб-ут-Тахрирдин» идеологдорунун пикири боюнча бул мамлекет, Батыштын «колониалдык тышкы саясатына», АКШ тараптан кийлигишүүсүнө, мусулман дүйнөсүндө «марионеткалык» өкмөттөрдүн согушуна чекит коёт. «Хизб-ут-Тахрирдин» идеологдорунун чыгармаларында келечектеги халифат ислам дүйнөсүндөгү азыркы чек аралары менен эле чектелип калбастыгын табууга болот.

Жихад идеологдорунун түшүнүктөрүндө келечектеги халифаттын чек арасы так чийилип көрсөтүлгөн эмес, бирок чынында эле алар «акыйкат халифтердин» учурундагы мамлекеттин чек арасына, Осмон империясынын чектерине туура келбейт. Анан дагы, салафист-жихадчылардын соңку максаты болуп мусулмандар отурукташкан бардык аймактарда халифат орнотуу эле эмес, өзүнүн бийлигин ааламдык деңгээлде жайылтуу экендигин жоромолдогонго бардык негиздер бар, анын ичинде “Дар-аль Харб” башка динге берилген элдердин жери. Атап айтканда, мындай пландардын

жаңырыгын «Аль-Каиданын» белгилүү бир идеологдорунун бири – сауддук Луис Аттийя Алла үндөп, «ислам мамлекетин калыбына келтирүүгө» чакырык таштаган: «Биз дүйнөгө ээлик кылабыз, анткени дүйнөлүк экономиканын тагдыры бизден көз каранды, дүйнө муктаж болгон ресурстар бизде бар жана дүйнөгө көзөмөл кылуу элементтери биздин колубузда» [114,212-б.]. Өз кезегинде, өзүн бүткүл дүйнөлүк ислам партиясы катары көрсөткөн, зомбулуксуз күрөш методдорун карманган «Хизб-ут-Тахрирдин» идеологдору келечектеги халифатты идеалдуу мамлекеттик долбоор катары гана эмес, АКШ кейпиндеги улуу державанын бийлигине альтернатива катары карашат. «Бул оккупацияга чекит койгон мамлекет болот, бардык ислам дүйнөсүндө туруктуулукка жана коопсуздукка кепилдик берет. Бул мамлекет, жакырчылыкты жок кылууга жардам берген экономикалык система жана бүткүл дүйнөгө тынчтык алып келет» [114,215-б.].

Дүйнө жүзүнө террористтер жар салган ушундай сабырсыздыкта жана ушунчалык фанатизмде спецификалык исламдык түзүлүш жихадчыл экстремизмдин жүзүн көрсөтөт, бирок бул исламдын күнөөсү эмес. Экстремисттердин сектанттык, зомбулукчул маңызы, алар кайсы байрактын алдында чыгып жаткандарына байланыштуу болбостон эле жүзүн көрсөтөт. Террордун башатында «улуу» идеалдар, бийик жыргалчылыкка ишенүү, мессиандык абсолюттар турушу мүмкүн. Бөлөк каражаттар менен башкаларды – «башкалар эле эмес, көпчүлүктү бул динге буруюга мүмкүнчүлүк болбогон учурда, чынында эле ушул абал террористтик усулдарга кайрылуунун себеби болуп саналат» [78,123-б.]. Убагында бул сөздөр кескин солчул террористтерге тийиштүү болуп жазылган, бирок аларды азыркы кездеги айтылуу ааламдык жихаддын жоокерлерине дагы тийиштүү кылса болот.

Афганистандын, Ирактын жана Сириянын толугу менен дүйнө жүзүнө жана Борбордук Азияга болгон коркунучтарына жана чакырыктарына баа берүү менен, атап айтканда, көрсөтүлгөн өлкөлөрдөгү окуяларды алгач жогоруда көрсөтүлгөн «ааламдык жихад» байланышында кароо зарылдыгын

көңүлдүн сыртынан кетирбеш керек. Афганистандагы, Ирактагы жана азыркы учурда Сириядагы окуялардын Борбордук Азия республикаларында болгон процесстерге залакасы тийбей койгон жок. Борбор-Азиялык мамлекеттеринин «кайнаган чекитке» географиялык жакындыгы, ошондой эле бул өлкөлөрдүн өздөрүнүн ичиндеги келишпестиктер террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик күрөш усулун колдонгон радикалдуу ислам фундаменталисттик топтордун пайда болушу жана ишмердүүлүгү үчүн ыңгайлуу жай болуп калды. XX жана XXI кылымдардын чегинде аймактагы фундаменталисттерге көңүл буруууга эң негизги объект болуп Фергана өрөөнү тандалып алынган. 1992 - 1997 - жылдардагы Таджикистанда, 1999 – 2000 – жылдардагы Кыргызстанда, ошондой эле 2002-2003 - жылдары Казахстандагы жана 2005 – жылы Өзбекистандагы эл аралык террористердин жана экстремисттердин чабуулдары жана акциялары буларга далил.

Атап айтканда, Афганистанда «Талибан» кыймылы башкарган учурда афган жеринде «Өзбекстан Ислам кыймылы» согушкерлери өздөрүн аябай ээн эркин алып жүрүшкөн, алардын лидерлеринин бири Тахир Юлдашев [115,84-б.] жихаддын Бүткүл дүйнөлүк фронту боюнча Усаманын орун басары болгон. Өзбек исламисттеринин башка лидери – Жума Намангани афгандык Тахор жана Кундуз провинцияларында моджахеддердин лагерлеринде даярдыктан өткөн, кийин талибдер бийликке келгенде алардын союздашы болгон. 2009-2010–жылдары Афганистанда согушкан исламчыл согушкерлердин интернационалдашуусу бир кыйла азайгандыгына карабай, өз убагында так ушул өлкө көптөгөн террористтик жана экстремисттик топтор үчүн кадрлардын очогу болгондугун унутпаш керек. «Талибан» режими кулатылгандан кийин согушкер-исламчыларды даярдоочу лагерлер коңшу Пакистанга ооп кетишкен.

Советтер Союзунун кыйрашы менен тажрыйба жүзүндө бардык Борбордук Азиядагы жаңы мамлекеттер исламдын кайра жаралуусунун айланасында ислам фундаментализминин көйгөйлөрүнө туш болушкан. Борбордук Азия республикаларында радикалдуу ислам фундаменталисттик

уюмдардын пайда болуу процессине тышкы күчтөр, чет өлкөлүк миссионерлер орчундуу роль ойногон. Ошол убакта, бир жагынан, ислам – Борбор азиялык эгемендүү республикаларынын жетекчилери тарабынан жаңы окшоштукту түзүүгө, көз карандысыз мамлекет курууга инструменттердин бири катары колдонула баштаса, экинчи жагынан, ислам – ушул өлкөлөрдүн шайланып келген жетекчилигине мамлекетти исламдаштыруу менен байланышкан альтернативдүү өнүгүү жолу үчүн чыккан жактардын байрагы болуп калды. Андан сырткары, ислам «протесттик маанайларды билдирүү үчүн кеңири колдонула баштады» [115,93-б.].

Таджикстанда фундаменталисттер жарандык согуштун бир тарабында болуп калышты, терроризмдин жана экстремизмдин согуштук пайда болуусу Өзбекстанда жана Кыргызстанда белгиленген. Борбордук Азия мамлекеттеринин бийлиги жана күч түзүмдөрү экстремисттер жана террористтер менен күрөш жүргүзүп жаткандыктарына карабастан, аймактагы туруктуулукка эч кандай коркунуч келген жок деп айтуу өтө эле туура эмес болгон. 2010-жылдын экинчи жарым жылдыгында Таджикстан территориясында бир катар террористтик акциялар болгон, ал окуялар бул өлкөдө жарандык согуштун кайталануу мүмкүндүгү жөнүндө айтууга көптөгөн эксперттерди мажбур кылган [28] 2010-жылдын сентябрь айында Таджикстандын чыгыш тарабында террористтер аскер кызматкерлерине кол салышкан. Кол салуунун натыйжасында 23 адам курман болгон, анын ичинде Коргоо министрлигинин жана Улуттук гвардиянын бир канча жоокерлери, офицерлери бар эле. Жарандык согуш жылдарында Таджикстандагы кол салуу болгон Рашт өрөөнү Бириккен тажик оппозициясынын тиреги деп эсептелген, талаа командирлеринин көпчүлүгү ошол жерден болушкан.

Азыр Борбордук Азияда ислам фундаменталисттик уюмдардын ичинен практика жүзүндө борбор-азиялык аймактагы бардык мамлекеттерде аракеттенишкен «Хизб-ут-Тахрир», «Таблиг Джамаат», «Ахмадия», «Чыгыш Түркистан ислам партиясы», “Жебхат ан-Нусра” жана «Өзбекстан Ислам кыймылы» эң көп активдүүлүктөрүн көрсөтүшүүдө. Бирок бул топтордун

жарыялаган негизги максаты – динди четке каккан (секулярдык) режимдерди жоюу жана ислам халифатын түзүү, - алар ошол же башка маанисинде дал келишет, алардын ортосунда теоретикалык жана практикалык деңгээлде радикалдык айырмачылыктар өкүм сүрөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн панисламисттик «Хизб-ут-Тахрирдин» («Боштондук партиясы») [126] ишмердүүлүгү Борбордук Азия алкагы менен чектелбейт, топ өзүнүн позицияларын Европа, Чоң Жакынкы Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азия, ошондой эле КМШ өлкөлөрүндө бекемдөөдө. Бул ишмердүүлүк дүйнөнүн 40тан ашык өлкөлөрүндө жайылтылышы менен ааламдык мүнөзгө ээ деп айтса болот. Өзүнүн катарында миллиондон ашык мүчөсү бар «Хизб-ут-Тахрирдин» мыкты жолго коюлган уюштуруучулук түзүмү бар жана колдоочуларды өзүнө тартуу боюнча кеңири пропагандисттик иштерди алып барышат. Бүгүн мусулмандар «куфр өлкөсүндө» (динсиздик) жашап жатышат деп ырастоо менен, «Хизб-ут-Тахрирдин» идеологдору азыркы акыбалды Мухаммед Пайгамбардын миссиясынын башталган мезгилиндеги Меккенин абалы менен салыштырышат. Ушуга ылайык, «партия өзүнүн ишмердүүлүгүн үч этапка бөлөт: 1) алар «Хизб-ут-Тахрирдин» идеяларын жана методдорун кабыл алып, партиялык биримдик түзгүдөй кылып өзүнчө алынган адамдарды ушундай образда тарбиялоо; 2) жалпысынан алганда өзүнүн тагдырынын негизи катары исламдын идеяларын кабыл алган жана анын мыйзамдарына ылайык жашап баштаган умманын үстүнөн иш алып баруу; 3) «бийликке келүү, айкын жашоодогу исламдын мыйзамдарын толук аткаруу жана бүт дүйнөгө аларды жайылтуу» [78,139-140 б.]. Ушул көрүнүштө «Хизб-ут-Тахрир» «укуктук талаанын» алкагына сыйылышкан ачык аракеттери менен терең жашыруундукту туура көрөт. Саясий лобби мүмкүнчүлүгүн, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражатынын күчүн чебер колдонууга болгон саясий легалдаштырууга жетүү – «Хизб-ут-Тахрирдин» максаттарынын бири.

Бир катар авторлордун пикири боюнча «Хизб-ут-Тахрир» Советтер Союзу кулагандан кийин биринчи жолу Фергана өрөөнүнүн өзбек бөлүгүндө

пайда болгон, андан кийин өрөөндүн Таджикстандын жана Кыргызстандын карамагындагы башка бөлүктөрүнө тараган [78,141-б.]. Борбордук Азиядагы «Хизб-ут- Тахрирдин» уюткусун Фергана өрөөнүнөн чыккан өзбектер түзөт. Партияга тажиктер да, кыргыздар да, казактар жана татарлар, чечендер жана орустар кирет. «Хизб-ут-Тахрирдин» мүчөлөрүнүн ичинде көпчүлүгү жаштар. Уюмдун көп мүчөлөрү орто жана жогорку билим алгандар, айрым расмий дин ишмерлеринин өкүлдөрүнө караганда Куранды жана ислам дининин негиздерин жакшы билишет.

Борбордук Азиядагы «Хизб-ут-Тахрирдин» жогорку жигердүүлүгү топтун идеологдорунун пикиринде бул регион улуу ислам халифатын курууга толугу менен руханий жактан даяр экендиги менен түшүндүрүлөт. «Хизб-ут-Тахрирдин» саясий программасы Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий, социалдык-экономикалык шарттарынын, коррупциянын ж.б.у.с. сынга алынышында түзүлгөн. Дал ушул Борбордук Азия регионунда «Хизб-ут-Тахрир» теориядан практикага өтүүгө, анын ичинде бийликти басып алууга күч колдонуу акцияларына даярдыгын көрсөткөндүгү кокустук эмес.

Бирок «коомдук өзгөртүү методдорунун көз карашында «Хизб-ут-Тахрир» революциялык болуп саналбайт, себеби зомбулуктун колдонулушун колдобойт» [29]. Ал эмес Кыргыз Республикасында жана бир катар өлкөлөрдө «Хизб-ут-Тахрирдин» ишмердүүлүгүнө тыюу салынганына карабастан, Батыш талдоочулары «Хизб-ут-Тахрирди» зомбулуксуздукка жана көп бөлүгүн мусулман калкы түзгөн өлкөлөрдү халифатка айлантуу чакырыгына үгүттөгөн топ катары баа беришет. Ал эми башка талдоочулар бул түзүмдү зомбулуктун бардыгына каршы эмес, конкреттүү шарттарда гана “зомбулукка каршы чыккан тар конфессионалдык бир сырдуу топ катары кабыл алышат” [29].

«Хизб-ут-Тахрир» жүргүзгөн пропаганда аркылуу оңтойлуу идеологиялык кыртыш жана согушчан топтор үчүн жол даярдалышы мүмкүндүгүнө көңүл буруу керек [14]. Ошол эле убакта, бир катар согушчан жихадисттик топтор бул уюмдун дарегине сын көз караште чыккандыктарын

көңүлгө албай коюуга болбойт. Маселен, йемендик жихад жайылтуучу Анвар аль-Авлаки жихад жөнүндө, жихаддын халифатты калыбына келтирүү усулу тууралуу талкуулап жатып, «Хизб-ут-Тахрир» усулунун негизсиздиги жөнүндө билдирет: «Саясат жана саясат таануучулук исламда роль ойнобойт дегенсип алар жалган идеяга каршылык көрсөтүүдө олуттуу роль ойношту. Бирок халифатты калыбына келтирүү боюнча «Хизб-ут-Тахрирдин» усулу жөндөн-жөн гана иштебейт» [28].

«Хизб-ут-Тахрир» менен салыштырууда «Өзбекстан Ислам кыймылы» (ИДУ) андан да жагымсыз болуп саналат. Ал 1996-жылы түзүлгөн жана Өзбекстандагы секулярдык режимди күч менен кулатууну, аны ислам мамлекетине алмаштырууну максат кылып койгон. Анын согушкерлери 1990-жылдардын башындагы Таджикстандагы жарандык согушта алган тажрыйбаны колдонушкан. «Өзбекстан Ислам кыймылынын» болочоктогу согушкерлери катарларында согушкан «Таджикстан ислам кайра жаралуу партиясы» ошол кездеги Таджикстандын өзүндө андан бетер радикалдуу жана экстремисттик маанайда боло баштаган. Ички Таджикстандык процессин жөнгө салуу учурунда Таджикстандын өкмөтү менен Бириккен тажик оппозициясы кол койгон макулдашуунун шарттарын ИДУ талаа командирлери аткаруудан баш тартышкандыгы мисал. Андан кийин ИДУ Афганистанда гана согушпастан, ал Фергана өрөөнүндөгү террордук актыларды уюштурган жана ишке ашырган. Дал ушул «Өзбекстан Ислам кыймылы» жогоруда көрсөтүлгөндөй 2010-жылдын 19-сентябрында Таджикстандын Рашт өрөөнүндө болгон тажик аскерлерине кол салуудагы жоопкерчиликти өздөрүнө алышкан. Кол салуунун башкы себеби Таджикстан бийлигинин саясатынын айынан болгонун бул топтун өкүлдөрү билдиришкен, бийлик акыркы убакта республикадагы миңдеген мечиттерди жаап салгандыгы, мусулмандарды негизсиз камакка алышып жана аларды экстремизмде айыптап жатышкандары, ошондой эле аялдарга мусулман кийимин кийүүгө тыюу салынгандыгы боюнча ИДУ маалымат берген. Андан

сырткары «Өзбекстан Ислам кыймылы» тажик бийлигинин АКШ жана НАТО менен кызматташтыкка барганына нааразычылыгын билдирген [28].

Бул кыймылдын идеологиясынын мүнөздүү белгилери төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт: исламдык салафиттик пуританизмди, кээ бир райондордо факты жүзүндө бийлик иш-милдеттеринин аткарылышына (б.а. өлкөдөгү бийликти ала элек кезде) болгон дооматтарды, социалдык акыйкаттыктын идеалдарын жайылтууну, шариат үстөмдүгүнө негизделген ислам мамлекетин түзүү максатын [123,112-б.]. Ушуну менен бирге «Өзбекстан Ислам кыймылынын» алган багыты күрөштүн зомбулук методунда экендиги даана көрүнүп турат. 1999-жылдын августунда ИДУ бир топ согушкерлери Таджикстандан Кыргыз Республикасы аркылуу Өзбекстандын аймагына өтүүгө аракет кылышкан.

Бул уюмдун ишмердүүлүгү Өзбекстан жана башка Борбор Азиялык республикалардын территориясы менен эле чектелбейт, ошондой эле андан ары жайылтылып, баарынан мурда Афганистан жана Пакистан аймактарына барат. Афганистандагы талибдик режим кулаган соң жана ИДУ лидери Жумабай Намангани (2001-ж.) өлгөндөн кийин бул кыймыл бир канча бөлүккө чачыраган. «Өзбекстан Ислам кыймылы» факт жүзүндө «тымызын иштерге жана теракттарды уюштурууга, партизандык жана диверсиялык тактикаларга басымды жогору коюп, масштабдык согуш аракеттеринин тактикасынан баш тартканын» маалымдашкан [123,113-б.].

Экстремизмдин, терроризмдин жана диний фундаментализмдин саясий идеологдору баарынан мобилдүү, сырткы чөйрөнүн таасирине жеңил алдырышкандыгы катары өзгөчө басымды жаштарга бурушат. Экстремисттер өздөрүнүн идеяларын жайылтуу үчүн учурдун коммуникация каражаттарын, биринчи кезекте ондогон радикалдык-исламчыл веб-сайттары бар Интернетти кеңири колдонушат. Экстремисттердин пропагандасы диний окуулардын аралашмасын элестеткенине карабай, реалдуу болуп жаткан көйгөйлөрдө жигердүүлүгүн көрсөтөт жана жаштардын кандайдыр бир бөлүгүнүн акыл-эсинен тилектештик жоопторду табат.

### 1.3. Экстремизм жана терроризм диний фундаментализмдин саясий зомбулук куралы.

Фундаментализм, саясий ой - жүгүртүүнүн ыкмасы катары саясий аракеттин өзгөчө түрлөрүндөй саясий экстремизмге да, саясий радикализмге да окшош эмес. Ошого карабастан, качан адамдарды өзүн курмандыкка чалууга, зомбулукка жана адам өлтүрүүгө түрткөн фанатизмге чейин жеткирилген диний принциптерди коргоо анын козгоочу жүйөөсү болуп саналганда, фундаментализмден башталган ошол ой жүгүртүү тутуму экстремизмге, терроризмге алып келүүгө жөндөмдүү жана көпчүлүк учурда ага алып келет. Кандай фундаменталисттик саясий идеялар жана диний догматтар экстремизм менен терроризмге алып келет деген маселени кароо зарыл. Ошондой эле мындай учурда экстремизмди жана терроризмди саясий курал катары колдонууга жол берилеби деген суроо жаралат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 9-июнундагы №ПЖ-120 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздугунун концепциясынын» жоболору Кыргыз Республикасы үчүн терроризмдин жана экстремизмдин булактарын аныктоого негиз болуп саналат. Бул маанилүү документте мындай деп көрсөтүлөт:

«Мамлекеттин жана коомдун коопсуздук чөйрөсүндөгү улуттук коопсуздук коркунучтарынын негизги булактары болуп төмөнкүлөр саналат: Кыргыз Республикасынын коопсуздугуна зыян келтирүүгө багытталган чет мамлекеттердин, ошондой эле өзүнчө тараптардын атайын кызматтарынын жана уюмдарынын чалгындоо жана башка ишмердүүлүктөрү; Кыргыз Республикасынын Конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин күч менен өзгөртүүгө, мамлекеттик бийлик органдарынын калыптагыдай аткарган милдеттерин бүлүнтүү (мамлекеттик, саясий жана коомдук ишмерлерге карата зомбулук аракеттерди кошкондо), коомдун жашоо-турмушун камсыз кылган ишканаларды жана мекемелерди, аскер жана өнөр-жай объектилерин жок кылуу, калктты коркутуу, анын ичинде ядролук жана химиялык курал же коркунучтуу радиоактивдүү, химиялык жана биологиялык заттарды колдонуу

жолу менен коркутуу; Кыргыз Республикасынын бirimdigin жана аймактык бүтүндүгүн бузууга, өлкөдөгү ички саясий жана социалдык абалды туруксуздаштырууга багытталган улуттук, диний, этникалык жана башка уюмдар менен түзүмдөрдүн экстремисттик ишмердүүлүгү; баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды, курал-жаракты, ок-дарыларды, жардыруучу заттарды мыйзамсыз жүгүртүү менен байланышкан трансулуттук кылмыштуу уюмдардын жана топтордун ишмердүүлүгү; инсанга, менчикке, мамлекеттик бийликке, коомдук жана экономикалык коопсуздукка каршы багытталган, ошондой эле коррупция менен байланышкан кылмыштуулуктун өсүшүнүн сакталып калышы».

Ушуга байланыштуу азыркы учурда дүйнөнүн өнүгүүсү бийик динамизм жана өз ара көз карандылык менен айырмаланган эл аралык жашоонун бардык чөйрөсүнүн ааламдашуу жолу боюнча кетүүдө. Ааламдашуу процесстеринин, өлкөлөрдүн жетишкендик деңгээлдериндеги ажырым тереңдеп кеткендигинин натыйжасында өнүгүүлөр теңдештирилбей калгандыгына байланыштуу карама-каршылыктар мамлекеттер ортосунда күч алды. Баалуулуктар жана өнүгүү моделдери ааламдык атаандаштыктын себеби болуп калды.

Эл аралык мамилелерде бир тараптуу күч колдонулушу, дүйнөлүк саясаттын негизги катышуучуларынын ортосундагы карама-каршылыктардын болушу, жапырт кыргын салган куралды жайылтуу коркунучу жана анын террористтердин колуна түшүп калышы, ошондой эле жогорку технология чөйрөсүндөгү кибернетика жана биология тармагында мыйзам бузуу ишмердүүлүк формасынын өркүндөтүлүшү мүмкүн болгон кесепеттер Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарын камсыз кылууга терс таасир берет. Аааламдашкан маалыматтык кастык күрөш күчөйт, дүйнөнүн индустриалдуу жана өнүгүп жаткан өлкөлөрүнүн туруктуулугуна, алардын социалдык-экономикалык жана демократиялык институттарына коркунучтар көбөйөт. Улутчулдук маанай, ксенофобия, сепаратизм жана саясий зомбулук терроризми, экстремизми (анын ичинде диний фундаментализмдин

ураанынын астында) өсүшкө ээ болот. Дүйнөлүк демографиялык кырдаалдар жана курчап турган жаратылыш чөйрөсүнүн көйгөйлөрү күчөйт, мыйзамсыз жана көзөмөлдөнбөгөн миграция, баңгизат сатуу жана адам сатуу, жана башка трансулуттук уюшкан кылмыштуулук формасы менен байланышкан коркунучтар арбыйт. Африкадагы – Эбола вирусунун жана Латын Америкасындагы – Зика вирусунун эпидемиялары болуп өткөндөй, мурун белгисиз болгон жаңы вирустар менен козголгон эпидемиялар жайылтылышы мүмкүн. Буга мисал дүйө жүзүнө тараган “COVID-19” вирусу. Таза суунун тартыштыгы аябай билинип калат. Эл аралык саясаттын көңүлү энергия ресурстарынын, анын ичинде Каспий деңизинин бассейниндеги жана Борбордук Азиядагы булактарына ээ болууга топтолот. Келечектеги орто мөөнөттүү келечекте эл аралык кырдаалга мурдагыдай эле Ирактагы жана Афганистандагы абалдар, Жакынкы жана Орто Чыгыштагы кагылышуулар терс таасир көрсөтүшөт.

Өзгөчө ички саясий кырдаалдары туруксуз өлкөлөрдөгү коркуноч келтирген заттардын жана объекттердин сакталышы оор абалда болуусу, ошондой эле кадимки куралдардын мамлекеттин көзөмөлү жок таркатылышы, болуп жаткан жаңжаалдардын курчушуна жана жаңы аймактык, мамлекеттер аралык жаңжаалдардын пайда болушуна алып келет. Ресурстар, анын ичинде суу ресурстары үчүн болгон атаандаштык күрөштүн шарттарында, пайда болгон көйгөйлөрдү аскер күчүн колдонуу менен чечүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарууга болбойт – Фергана өрөөнүндөгү мамлекеттердин чек араларына жакын жайгашкан күчтөрдүн түзүлгөн балансы бузулушу мүмкүн. Ядролук куралга ээлик кылуучу – мамлекеттердин санынын өсүп кетүү коркунучу пайда болот. Дүйнөлүк финансылык-экономикалык кризистердин кесепеттери масштабдык аскер күчтү колдонуунун келтирилген зыянынын жыйындысы боюнча салыштырууга боло тургандай болуп калат.

Экстремизм жана терроризм ислам фундаментализминин саясий зомбулук куралы катарында көрсөтөөрдөн мурда алардын доктриналдык, уюштуруу жана саясий – идеологиялык булактарын аныктап көрөлү.

Концепцияда көрсөтүлгөн терроризмдин жана экстремизмдин булактарына ылайыктап улуттук коопсуздуктун булактарын трансформациялоо менен, ошондой эле башка көптөгөн жагдайлардан чыгуу менен аларды төмөнкүдөй шарттуу түрдө үчкө бөлүүгө болот: биринчиден – доктриналдык булактар; экинчиден – уюштуруу булактары; үчүнчүдөн – саясий – идеологиялык булактар.

Дүйнөлүк аренада чогулган, ошондой эле терроризмдин жана экстремизмдин, булактарын аныктаган жана өндүргөн өзгөчө олуттуу факторлорду көрсөтүү зарыл. Бул факторлордун изилдениши, азыркы кезде адамзаттын калыптанган көрүнүшүн жана терроризмге, экстремизмге, анан башка дагы аёосуз актылар болуп саналган аракеттерге белгилүү бир күчтөрдү түрткөн кыймылдуу «пружиналарды» жакшылап түшүнүүгө жардам берет.

Бүгүнкү күнү адамзаттын жашоосуна көбүрөөк коркунуч келтирген мүнөздүү багыттарды жана карама-каршылыктарды карап көрөлү.

Алгач, дүйнө тең салмаксыз өнүгүп жатканын эске алыш керек. Цивилизациялык-модернисттик көз караште үч адамзат дүйнөсү түзүлүп калды: аябай өнүккөн өлкөлөр, өнүгүп жаткан жана начар өнүккөн өлкөлөр. Дүйнөдө ыкчам темпте илимий-техникалык прогресс өсүүдө, ааламдашуу шартында бардык өлкөлөр модернизациянын кучагында калышты. Өнүккөн өлкөлөрдө акыркы 60 жылдын ичинде жер жана цивилизация кенчтерин ашыкча керектеген коом түзүлдү, алардын калкы чеги жок өзүмчүлдүктү, башка өлкөнүн жана элдин эсебинен жашоого умтулгандыкты пайда кылган керектөөчүлүк психологиясынын кучагында калды. Өнүккөн өлкөлөрдүн калкынын 10% дүйнөлүк менчиктин 90% ээлик кылышат. Саясат таануда өнүккөн өлкөлөргө «алтын миллиард» деген аныктама берилген. Бүгүнкү дүйнөдөгү бардык маанилүү социалдык-экономикалык жана саясий факторлорду дал ушул «алтын миллиард» түзөт. Көпчүлүгү модернизация тилкесине түшкөн, өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн белгилүү бир катмарлары дагы керектөөчүлүккө көбүрөөк аралашууда. Модернисттик өнүгүү уюмдардын социалдык тармагын өстүрүүгө барган сайын мажбур кылууда, бул социумга

кеткен каражат чыгымын көбөйтүүнү талап кылат. Өнүккөн өлкөлөр айлык маянага, пенсияга, жумушсуздук боюнча жөлөк пулга ж. б. бир кыйла көп каражат чыгаша кылууга аргасыз болууда. Ал жактагы адамдар жогорку социалдык деңгээлге көнүп калышкан жана аны төмөндөтүүнүн ар бир аракети социалдык жарылууларды козгойт. Батыш Европада болгон социалдык толкундоолор буга күбө.

Дүйнө коркунучтуу жолдор менен өсүүдө, көп өлчөмдөгү ядролук жана кадимки курал-жарак, ок-дарылар ченемсиз көбөйдү. Афганистанда, Иракта жана Жакынкы Чыгышта, ошондой эле Батыш Европада болгон окуялар терроризмдин отун жандырды жана күчөттү. Азыр терроризмди антитерроризмден айырмалаш кыйын болуп калды. “Террор антитеррордон чыгат деген жыйынтыкка келүүгө жана жол берүүгө болот” [199,97-б.].

Терроризм жана экстремизм чын эле алкагынан чыгууга кыйын болгон сыйкырланган айлана болуп калды. Бүгүн өлкөлөр «антитеррористтик согуштарды» айыптаган сыяктанышат, экинчи жагынан, ага көбүрөөк тартылууга аргасыз болушууда. Ошону менен бирге, бүгүнкү күнү өзгөчө Пакистандын ядролук куралын коргоо, ага диний фундаменталистер ээлик кылуусуна жол бербөө курч маселе болуп турат. Мындай татаал геосаясий кырдаалдарда массалык директивалык документтер, пландар, концепциялар, доктриналдык талкуулар жарык көрүүдө. Мисал катары ааламдашууга көңүл бурсак. Ааламдашуу түшүнүгүн жаңы либералдык баалуулуктардын жана ченемдеринин нугуна киргизген идеологиялык түзүлүш – ааламдашууну, ар түрдүү фундаменталисттик доктриналардын бири деп толугу менен эсептегенге болот. Кайсы бир фундаменталисттик доктрина сыяктуу эле ааламдашуу тарыхта өз убагында келип калган, жалпы кызыкчылыктарга ээ болгон топторго көздөй бурулган, «жокко чыгарууга боло турган сындарды камтыган жана жакшы келечекке убада берген көрүнүш» [27,188-б.].

Көрүнүктүү саясатчы жана экономисттер – ааламдашуунун жактоочулары тарабынан куралган жана алар чыгып сүйлөгөн учурларда жана

басма сөздөрдө аны көбүртүп-жабыртышкан беш «фундаменталдык абалды» [192,117-б.] изилдөөчүлөр бөлүп карашат.

1. Аалмадашуу мындан аркы экономиканын либерализациясын жана ааламдык базар интеграциясын билдирет.

2. Ааламдашуу болбой койбойт жана артка кайтарылбайт.

3. Ааламдашуу үчүн эч ким жоопкерчилик тартпайт (себеби ал кайсы-бир өзүнчө социалдык топтордун муктаждыктарына жана суроолоруна жооп бербейт).

4. Ааламдашуу бардык дүйнөлүк уюмдарга пайда алып келет.

5. Ааламдашуу бүт дүйнөгө демократияны жайылтууга түрткү берет.

Жер шаарынын бардык социалдык жана саясий көйгөйлөрүнө жооп катары, экономиканы сактап калуудагы жетишилген жалгыз жол катары ааламдашуунун бул түшүндүрмөсүн алар коомго сунуш кылышууда.

Америкалык саясий жана экономикалык элитанын көп бөлүгү үчүн ааламдашуу америкалык тышкы саясий доктринаны да, ошондой эле аны түшүндүрүүнүн механизмин да аныктаган так ченем болуп саналат. Ал диагностиканын инструменти катары гана эмес, «саясий аракеттердин программасы» катары да чыгат [4].

Сириядагы, Ирактагы, Афганистандагы, Пакистандагы, Жакынкы Чыгыштагы, Борбордук Азиядагы жана Европа өлкөлөрүндөгү экстремизм, терроризм жана диний фундаментализм ачык көрүнгөн геосаясий мүнөзгө ээ болуп калды.

Сауд Арабия, АКШ жана НАТО, Жакынкы Чыгыш менен Иракта терроризмдин жана экстремизмдин каардуу акциялары токтобогон бийликке ээ бербес жана баш ийбес башаламандыкты алып келишти. Афганистандагы, Сириядагы жана Ирактагы «антитеррористтик аскер аткарымдары» аркылуу АКШ менен НАТО өлкөлөрдү өздөрүнүн ааламдык геосаясий маселелерин чечүүдө. Алар өздөрүнүн максаттарынан баш тартуулары күмөн, анткени алардын стратегиясында Борбордук Азия, Кытай жана Индия аймактарына алып өтүү менен, Өзбекистан, Таджикистан, Казахстан жана Кыргызстанга

башаламандыкты алып келүү каралган. Дүйнөлүк саясатта адамзат дүйнөсүндөгү татаал ааламдык көйгөйлөрдү башаламандык аркылуу чечүүнү көздөгөн күчтөр иш алып барууда. Ал эми, ар бир террор жана экстремизм – бул башаламандык.

Өткөн кылымдын 70-жылдарынын аягында Ирандагы кырдаалды туруксуздаштыруу үчүн АКШ Президенти аппаратында жумушчу топ түзүлгөн. Алар тараптан Жакынкы Чыгышта «туруксуздуктун жашыл иймегин» түзүү идеясы сунушталган, анын идеологдорунун көздөгөн максаты боюнча ал Афганистанды басып алуу менен ислам мамлекеттери аркылуу өтүшү керек, андан ары КМШ мусулман республикаларына оодарылууга тийиш болгон. Бул идея, орчундуу геосаясий маселелерди чечүүгө радикалдуу исламизмди колдонууну караган стратегиялык атайын доктриналык долбоордо ишке ашырылган. Афганистанда чоң масштабдуу терроризмди тутандыруу концепциясы анын негизине киргизилген, анын ичинде советтик аскер контингентине жана ал жерде өткөн кылымдын 80-жылдары түзүлгөн Афганистан жетекчилигинин тарапташтарына каршы Бен Ладендин уюмун колдонуу да каралган. Советтер Союзу кулагандан кийин бул стратегиялык атайын долбоор сепаратизмди жана террористтик согуштарды тутандыруунун булагы катары Борбордук Азияда колдонулган. Себеби Жер ортолук деңизден тартып Тынч океанга чейин ислам халифатын куруу идеясы ислам фундаменталистери үчүн негизги азгыруучу ураан болуп колдонууда. Ошондуктан бул атайын доктриналык долбоор бүгүн да иш жүзүндө жана Борбордук Азияга өзүнүн таасирин тийгизбей койбойт.

Орусиялык окумуштуу Сергей Кургинян [79,251-б.] белгилегендей, халифат идеясы «ислам дүйнөсүндө жана исламисттик жалдангандар аркылуу башаламандык орнотуу үчүн» БЧБ (ЦРУ) тарабынан ойлоп табылган, жана кандайдыр бир деңгээлде бул ишке ашты. Бул башаламандыктын борборунда – диний терроризм, экстремизм, диний фундаментализм жана башка көрүнүштөр. Терроризм, экстремизм радикалдуу ислам фундаментализмдин саясий зомбулугунун саясий куралы катарында жеңилген жок жана келечекте

алардын жок болорун Кудай билет. Алар орчундуу геосаясий факторлордон гана агылып чыкпайт, ар түрдүү төмөнкү жагдайлардан жана адамдык эңсөөлөрдөн өндүрүлүп чыгат.

Белгилүү бир күчтөрдү, жактарды жана топторду кылмыштуу саясий максаттарга баш ийдирүү менен дайындуу мамлекеттерге, ар кандай түрдөгү коомдук, мамлекеттик түзүмдөргө каршы террористтик, экстремисттик акцияларды уюштуруу, ишке ашыруу демилгесине шыкактаган көптөгөн булактар азыркы кездеги дүйнөдө өмүр сүрүүдө. Азыркы доордун карама-каршылыктары жана мүнөздүү белгилери буларды чечүүнүн ыкмасы катары терроризм менен экстремизмди объективдүү түрдө алдын алышпайт, бирок азыркы доордун мүнөздүү белгилерине жана карама-каршылыктарына ылайыкташып алышып, террористтик актыларды, экстремисттик акцияларды уюштурушкан жана ишке ашырышкан белгилүү бир түрдөгү саясий оюнчулар, агрессивдүү уюмдар дүйнө жүзүндө бар.

Жашоо түрмөгүнүн бардык ылдамдатылган темпи, экономиканын, өнөр-жайдын, илимдин жана социалдык-маданий жашоонун бардык тармагынын ушул кезге чейин болбогон тез өнүгүүсү азыркы доордун өзгөчө мүнөздүү белгиси болуп саналат. Учурдагы цивилизациялуу адамзат коому эмне болуп жатканын, эмне кылыш керектигин жана кайсы багытта алдыга жылууну аныктай албай жатат. Болуп жаткан процесстерге ачык-айкын, логикалуу жана объективдүү берилген баа жок болууда. Бардык жерде урушту тутандыруучу, чыр-чатактуу кырдаалдар түзүлүүдө. Дүйнө жүзү көрүнбөгөн бир жакка камгактап жылууда. Адамзат үч оор абалды башынан өткөрдү: жапайылык – жырткычтык – цивилизация. Азырынча белгисиз болгон жана аталышы бериле элек, келе турган төртүнчү абалды адамзат кантип башынан өткөрөөрү белгисиз. Адамдын ички дүйнөсүнүн абалы менен анын техникалык мүмкүнчүлүктөрү айкалышпаганы көбүрөөк ачык-айкын болууда. Мына ушунда чоң коркунучтар катылган. Дүйнөдө адамзаттын өз-өзүнчө эки бөлүгү пайда болгон жана өкүм сүрүүдө: бирөө адамзаттын аз бөлүгүндөгү бардар адамдар жана кийинкиси – адамдардын жакыр жашаган негизги

бөлүгү. Жакырчылык терроризмдин, экстремизмдин жана диний фундаментализмдин негизги себеби болуп саналат: байлар өздөрү билгендей тоношот, жакырлар өздөрүнүн методдору менен жооп кайтарышат, көбүнесе экстремизм жана терроризм менен.

Кирип келген ааламдашуу геометриялык ылдамдыктагы өнүгүүнү пайда кылгандыгын көрсөттү. Өнүгүүнүн артта калган, индустриалдыкка жете элек фазасында кылымдар бою сүйрөлүп келе жаткан дүйнөнүн айрым региондорунун өндүрүш күч-кубатынын эбегейсиз өсүшүнө ааламдашуу себеп болду. Чийки зат берүүчүлөр азыр энергетикалык жана азык-түлүк ресурстарынын ири керектөөчүлөрүнө айланып калышты. Батыш метрополиясы менен мурдагы колониялардын ортосундагы мурунКудай эмгекти бөлүштүрүү өткөн кезде калды. Бул геометриялык өнүгүү дүйнөлүк ИДП мындан аркы өсүшүнө да көйгөй жаратат. Дүйнө такыр өзгөрдү жана «өсүүнүн чеги» [189,140-б.] деп аныкталган сызыка жетти. Мамлекеттердин жана элдердин алдында алардын бакубат жашоо жана өнүгүүсүн камсыз кылган социалдык түзүлүштү тандоо көйгөйү, ал эми жалпысынан адамзат алдында туруктуу, коркунучсуз дүйнө тартибин орнотуу көйгөйү курч абалда турат.

Эң негизги бир көйгөй, мамлекеттер эми сырьё, энергия, ИДП өсүшү үчүн азык-түлүк жана таза суу ресурстарына жетиштүү деңгээлде ээ болбогонунда турат. Карама-каршылык, жашоо чөйрөсү жай жана бир калыпта өзгөргөндүгүндө, ал эми жаратылыш мындай темпти көтөрүүгө жөндөмсүздүгүн көрсөтүп жатканда өндүрүш чеги жок жогорку темп менен өскөнүндө. Көптөгөн өлкөлөр өндүрүш жана тиричилик калдыктарын таштаганга жердин жоктугуна туш болушту, мунай заттарына, газга, азык-түлүккө болгон баалар өсүүдө.

Бүгүн жашоо оор болуп калды, болуп жаткан процесстерди азыркы кездин жогорку натыйжалуу маалымат технологиялары өтө шашылыштык менен тездетүүдө. Адамдын ага дүйнөлүк масштабда таасир берүү мүмкүнчүлүгү «эсепке алынбастан» капыстан пайда болгон, кырдаалды

мындан да татаалданткан деструктивдүү күч менен сүзүшүп калууда. Оор мүшкүлдүн өсүшү жүрүүдө. Ошондуктан миллиарддаган адамдардын жеке эрки, жүйөөлөнүүсү, теңчилик тууралуу түшүнүгү пайда болууда. Адамдар кандай болушу керек эле дегенди алар такыр түшүнө албай жатышат. Мындай коомду башкаруу аябай оор, адамзат бул үчүн тиешелүү механизмдерди – уюмдарды, мыйзамдарды ж.б. түзгөн жок. Терроризм, экстремизм, радикалдуу диний фундаментализм жана көптөгөн башка агрессивдүү күчтөр улам-улам дүйнөнүн тигил же бул региондорунан өздөрүн көрсөтүшүүдө. Азыркы дүйнөгө, андагы маани берилбей калган саясий жана социалдык кыйшаюларга таптакыр жаңы көз караш керек, чогулган көйгөйлөрдү чечүүгө башкача мамиле кылуу зарыл. Бардык адамдар үчүн турмуштун жаңы саясий-социалдык каадасын таап жана таратуу зарыл. Ал үчүн учурдагы эл аралык уюмдарды кайра куруу же көйгөйлөрдү чечкен, адамдардагы карама-каршылыктарды жок кылган, жаңы эл аралык мамилелерди түзгөн уюмдарды түзүү талап кылынат.

Бөтөнчө доордун адамзатын каптаган оор көйгөйлөрүн чечүүнү баштап, жапатырмак бул абалдан чыгуунун ыкмасын тапкандын ордуна, өнүккөн мамлекеттер кандайдыр бир концепция жана доктриналар аркылуу каардуу согуштун жолуна чыгышууда, анын ичинде «цивилизация кагылышуусун» колдогондор дагы бар, ошондой эле террористтик жана экстремисттик багыттагы көптөгөн уюмдар түзүлүүдө. Мунун демилгечилери жана уюштуруучулары согуштун азыркы мезгили жана терроризм, экстремизм көйгөйлөрдүн чечилишине алып барбастыгын эч түшүнгүлөрү келишпейт. Бул – туңгуюкка кептелүү, адамзатка болсо – келечек зарыл. Келечектин болушу үчүн дүйнөнү кайрадан куруу зарыл, өзгөчө мамлекеттердин тийешелүү институттарды. Муну ишке ашыруу үчүн алгач массалык аң-сезимдин негиздерин өзгөртүү, адамдарды жаңыча саясий ой-жүгүртүүгө үйрөтүү талап кылынат. Бирок адамдардын акыл-эсине саясий позитивдүү таасир берүүнүн ордуна тоталдык агрессиялар жүргүзүлүүдө, бул болсо айрым өнүккөн мамлекеттердин тарабынан пайда табуунун максатында

жасалууда. Өнүккөн мамлекеттер материалдык керектөөчүлүккө аябай батып кетти жана бул абалдан чыгуу кыйынчылыкты жаратат.

Терроризм жана экстремизм белгилүү бир мааниде азыркы доордо түзүлгөн жеңилбес көрүнүштөрдү пайда кылат: адамзаттын тийиштүү катмарларында чыдагыс баскычка чейин жеткирилген – саясий жана социалдык теңсиздик, зыкымдык жана дүнүйөкордук, коррупция, өзүмчүлдүк жана зомбулук, куралга жана жардыруучу заттарга оңой жете алгандык, укуктук нигилизм.

Изилдөөчү Ноам Хомский [189,141-б.] дайындуу мына мындай жыйынтык чыгарат: «Цивилизациялуу мамлекеттер, алар кайсы жерди туура көрүшсө, ошол жерге куралдуу күчтөрдү колдонуу укугун өздөрүнө ыйгарып алуу алкагында адамзат мамилелеринин жаңы доорун ачышууда». АКШ жана НАТО өлкөлөрү көшөрүп берген чечимдерди сынга алган кайсы-бир улут аларды кабыл албагандыгына жана террористтик актылардын айынан чыккан кыжырлануу толкунунун пайда болгондугуна карабастан, бул албетте, «дүйнөнү тартипке келтирүү» [189,145] доктрина үчүн жасалууда жана аны иш жүзүнө ашырууда. Баарынан мурда мындай агрессиялар «гуманитардык интервенциялар» дегендин астында жүзөөгө ашырылат. Бул интервенциялар менен көп идеялар алдыга жыла баштайт.

Орусиялык изилдөөчү Ксения Мяло белгилегендей америкалык илимпоздор Френсис Фукуяма жана Самуэл Хантингтон [118,21-б.] тарабынан «цивилизациялар согушу» концепциясы сунуш кылынган. Андагы негизге ылайык АКШ «цивилизациялуу» Батыш менен ислам дүйнөсүнүн ортосунда кастык күч алууда, айрым «ой-жүгүртүүчүлөр» болсо өздөрү ойлоп тапкан кайсы бир жаңы цивилизацияларга дүйнөнү жасалма түрүндө бөлүүгө аракет кылышууда. Бул концепцияда эң коркунучтуусу, андагы маани боюнча элдерди «жакшыларга», бул дүйнөдө жашоого «татыктууларга» жана биздин планетада жашаганга «татыксыз» «жамандарга» бөлүүгө саясатчыларды шыкактагандыгы.

2018-жылы январь айында АКШ тарабынан жарыяланган Улуттук коопсуздук стратегиясында улуттук коопсуздугунун кызыкчылыгында алдын алуучу чараларды көрүүгө, анын ичинде алдын алуучу ядролук соккуларды жана масштабында анча-мынча чектелген локалдык согуштарды жүргүзүүгө АКШ укуктары бар экендиги ушул доктринада каралган. Ошондой эле терроризмге тийешеси бар деп шектенген же болбосо терроризм коркунучу чыккан ар бир мамлекетке каршы интервенция жүргүзүүгө АКШ укугу жарыяланган: «…ким биз менен болбосо, алар бизге каршы» [118,28-б.], ушуну менен бирге мамлекеттерди дос жана кас деп бөлүп жатышат.

Батыш демократиясы ислам дүйнөсүнө бардык жагынан керек же керек эместиги суроо жаратат. Миң жылдык тарыхы, калыптанган салттары, улуу маданияты бар Чыгыш элине Батыштын жашоо образын жана эркиндик, демократия жөнүндө түшүнүктөрдү мажбурлоо – болбогон аракет. Демократия жана адам укугу өтө маанилүү маселелер, бирок ошол эле учурда бул жөн гана чүмбөт, анын аркасындагы чыныгы геосаясий кызыкчылык – энергетикалык ресурстар жана транспорт коммуникациялары.

Алардын негизинде агрессивдүү согуштардын экспансионисттик пландары иштелип жаткан доктриналар бар. Изилдөөчү Ксения Мяло [118,33-б.] көрсөткөндөй, бардык «доктриналарды, концепцияларды, Батыш жана дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнүн стратегиялык пландарын жана аларды ишке ашыруу чараларын алардын негизги доктриналдык макроформаттары менен өз ара тыгыз байланышында гана кароо керек», болбосо алар «бири-бири менен байланышпаган майда, бирок кайгылуу окуялардын кандайдыр бир башаламандыгындай көрүнүшөт» [118,61-б.].

Америка үчүн «маанилүү» геосаясий сыйлык болуп Евразия «аныкталган» «Океан жана Континент» [56,65-б.] доктринасы өзүнө көңүл бурдурат. «Океан жана Континенттин ааламдык жаңжаалы» аттуу концепциясында америкалык саясатчылар АКШ каршы туруууга багытташкан. Бардык ошол доктриналарда – согуштарга, жаңжаалдарга, сепаратисттик аракеттерге шыкактоо, Афганистанда, Жакынкы Чыгышта жана Борбордук

Азияда радикалдуу ислам фундаменталисттердин иш-аракеттерин уюштуруу, ошондой эле исламчыл фундаментализмдин идеологиясынын негизинде терроризм жана экстремизм үчүн согушкерлерди даярдоого лагерлерди түзүү камтылган.

Жогоруда көрсөтүлгөн АКШ 2018-жылдын «улуттук коопсуздук» доктринасынын олуттуу өзгөчөлүктөрү, биринчиден – дүйнөнүн бардык аймактары АКШ улуттук кызыкчылыгынын чөйрөсү деп жарыялашарында, ал эми экинчиден, басып кирүү жана күч колдонуу аракеттери үчүн ар кандай себептерди, негиздерди издөөгө жана табууга АКШ стратегдерине багыт беришеринде турарын көрсөтөт. Өнүккөн өлкөлөр Иракка, Ливияга жана Сирияга карата болгон окуядай кыянат аракеттеринин алдында да токтобостон аларды жасалма түрдө түзүү үчүн ага барышат. Дүйнөнүн башка аймактарындагы окуялардын өсүшү өнүккөн өлкөлөрдүн кызыкчылыгына тикелей кол салууга аракет катары каралыш керек дегенди алар негизге алат. Иш жүзүндө дүйнөдөгү ар кандай өзгөрүү жана өнүккөн өлкөлөргө кайсы бир жеринен коркунуч туулат делген окуянын ар бир оңтойсуз жүрүшү алар тарабынан мүмкүн болуучу кыйынчылык катары кабыл алынат.

Өнүккөн өлкөлөрдүн доктриналары, коопсуздуктун субъективдүү чек араларын сыртты көздөй жана жаңы райондорго жылдыруу, көптөгөн географиялык мейкиндиктерди жана көйгөйлөрдү кучагына алуу катары мүнөздөлөт. Алар, «өлкө аскердик даярдыктагы позицияны ээлеп турушун, улут дайыма кооптонуу абалында болушу керектигин» [129] талап кылышат.

Болуп жаткан саясий-экономикалык кризистин шартында бул доктриналардын кайра жандануу процесси башталды. Дүйнөнүн аймактарынын биринде «башкарылган башаламандык же кризистик башкармалык» түзүү аркылуу бул доктриналар ишке ашыруу жоромолу жаңы сценарийдин негизги коркунучу болуп турган. Ал эми башаламандыктын негизиндегилер – экстремизм, терроризм, диний фундаментализм, локалдык жаңжаалдар, согуштар, өнүккөн өлкөлөр кызыкчылыктарынын жылышына бөгөт болгон айрым өлкөлөрдүн суверенитетине доо кетирүү.

Дагы бир фактыны белгилеп кетүү зарыл. 2008-жылдын 2-декабрында АКШ Конгрессинин Комиссиясы кооптуу отчет жарыялаганын, анда ядролук жана биологиялык курал колдонуу терактысы жакынкы 8-10 жылдары мүмкүн экендигин божомолдонгон кырдаалга орусиялык публицист В. Овчинский [129] көңүл бурат. Отчеттун негизги пункттары жөнүндө билдирген «Вашингтон пост» гезити, адистердин пикири боюнча массалык жок кылуучу куралды колдонуу менен ири шаарда жасалган теракт «мурда болбогондой болушу ыктымал». Аталган отчетто, террористтер жаруучу заттарды жана керектүү технологияларды алуучу жердин негизги булагы катары Пакистан көрсөтүлөт. Саясий туруксуздук менен террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик уюмдардын жигердүүлүгү айкалышкан, өкмөт бардык территориясын көзөмөлдөбөгөн Пакистан өлкөсүнөн чыккан коркунуч өзгөчө кооптуу. Отчеттун түзүүчүлөрү АКШ Президентине ядролук же биологиялык теракт коркунучун төмөндөтүү үчүн тез арада кечиктирилгис чараларды көрүүсүн сунуш кылышат.

Бирок АКШ Конгрессинин Комиссиясынын [129] отчету жөн жерден пайда болгон жок. Андан мурдараак 2008-жылдын 20-ноябрында АКШ чалгындоо уюмунун «Доордун ааламдык мүнөздүү багыттары: өзгөрүлгөн дүйнө» аттуу 120 беттен турган баяндамасы чыккан. Баяндамада мындай деп айтылат: «…Дүйнө кийинки жыйырма жылда ядролук согуш, экологиялык катастрофа коркунучу жана дүйнөлүк державанын үстөмдүгү катары Американын ылдыйлаган шартында жашоо өткөрөт… Ядролук технологияларга жетүүгө жол кеңейгендиктен, ядролук курал колдонуу мүмкүндүгү күч алат». Негедир Пакистан, ядролук куралдын террористтердин колуна түшүп калуу коркунучу жогору болгон өлкөлөрдүн ичине киргизилген.

Көрсөтүлгөн кырдаал боюнча өзүнүн анализинде орусиялык илимпоз В. Овчинский мындай деп белгилейт, «акыркы айларда кандайдыр бир Пакистанды бөлүү планы жөнүндө америкалык аскер аналитиктери көбүрөөк кеп кыла башташты: Вазиристан менен Белуджистанды күйгөн отто жана башаламандыкта калтыруу жана өлкөнүн ядролук дүрмөт менен аны ташуу

каражаттары жайгашкан бөлүгүн гана көзөмөлгө алуу». Бул Пакистандагы Гвадар портун куруу боюнча Кытайдын планын үзгүлтүккө учуратуу үчүн керек. Гвадар – бул чынында эле Кытай үчүн эң маанилүү порт, ал аскер күчтөрүн жакын жайгаштыруу планын түзүүгө жана стратегиялык дүйнөлүк маршруттан, углеводороддорго бай Жакынкы Чыгыштын өзүнөн да мунай ташууга мүмкүнчүлүк бермек.

Дал ушул үчүн, Индияны Кытай жана Пакистан менен кагыштырган көлөмдүү башаламандык керек. Дүйнө башкаруучулугу үчүн АКШ менен Кытайдын ортосунда жашыруун согуш жүрүүдө. Ошондуктан АКШ үчүн, ал эмес терроризм жана экстремизм акцияларын колдонуу менен болсо да, кандай гана болбосун лидерликти кармап калууга мындан башка арга жок.

Жогоруда көрсөтүлгөн өнүккөн батыш өлкөлөрү тарабынан даярдалган концепциялар жана доктриналар азыркы учурда диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин доктриналык булактары болуп эсептелинет.

Тийиштүү уюмдар, түзүмдөр, топтор терроризм, экстремизм акцияларын ишке ашыруу, уюштуруу, демилгелөө үчүн максаттуу түрдө түзүлгөн түзүлүштөр терроризмдин жана экстремизмдин уюштуруучу булактары деп түшүндүрүлөт. Ар кандай масштабдагы жана көптөгөн мындай уюмдар бар. Биринчи кезекте бул дүйнөнүн бардык атайын кызматтарына, саясат таануучуларына, юристтерге жана укук коргоо органдарына «маалым» болгон өзгөчө уюшулган жана түзүмдөштүрүлгөн уюмдар.

Алгач, бул «дүйнөнүн башкы террористи» маркум Усама бен Ладен тарабынан түзүлгөн – «Аль-Каида» террористтик уюму жана көп жылдардан бери Афганистан территориясында аракеттенген – «Талибан» аскердик-террористтик тобу. Эки уюмду тең батыш адистери жаратышкан, багышкан, куралдандырышкан, материалдык түрдө стимул беришкен жана терроризмдин каардуу акцияларына кириптер кылышкан. Ушул эки уюмдун таасиринин негизинде Борбордук Азия республикаларында “Өзбекстан Ислам кыймылы,” “Бириккен таджик оппозициясы,” “Чыгыш Түркстан ислам партиясы” жана

башкалар жаралган. Булар Борбордук Азия аймагында өздөрүнүн максатына жетүү үчүн терроризмди жана экстремизмди уюштурушкан. Ошондой эле Сирияда жана Иракта согушуп жаткан Ислам мамлекети (ДАИШ, ИГИЛ) жана «Жабхат ан-Нусра». Ислам мамлекетти (ДАИШ, ИГИЛ) жана «Жабхат ан-Нусранын» Турция, Сауд Арабия, Катар жана башкалар менен аскердик, саясий, экономикалык мүнөздөгү жашыруун байланыштары бар. Бул байланыштардын кесепети кандай болоорун – убакыт көрсөтөт.

Көптөгөн булактарда «Аль-Каида» уюмдары жөнүндө кенен маалыматтар бар [205,111-б.]. Ультра радикалдуу исламисттик идеяларды “Аль-Каиданын” лидери Усамага анын университеттеги мугалимдеринин бири Абдулла Азам сиңирген.

1983-жылы Пакистанда Усама «Бейтуль Ансар» деген аталыштагы уюм түзгөн, ал «Жолун жолдоочулардын үйү» дегенди билдирет.

Андан аз өтпөй эле «Бейтуль Ансарда», ар кайсы өлкөлөрдөн Афганистанга, Кавказга жана Борбордук Азия өлкөлөрүнө радикалдуу диний фундаменталисттерди кабыл алуу жана жөнөтүү боюнча ишмердүүлүктү координациялаган жихад бюросу пайда болгон. Бул бюродо АКШ Борбордук Чалгындоо Башкармалыгы (БЧБ-ЦРУ) кызматкерлери да «иштешкен», алар «советтик коммунизм менен диний ислам экстремизмин кагыштыруу максатында өздөрүнүн оюнун ойношкон» [205,115-б.].

Усама бен Ладендин алдына милдет коюлган – «Бейтуль Ансарды» коммунизмге каршы мусулмандар күрөшүнүн дүйнөлүк координациялык борборуна айландыруу. Ушул абалда бул күрөштүн террорчул усулуна методуна өзгөчө басым жасалган. Бул багыттагы трансформация жаңы уюштурулган түзүмдү түзүү талабын койгон, анан ошентип «Бейтуль Ансардын» негизинде «Аль-Каида» түзүлгөн.

Америкалык Борбордук Чалгындоо Башкармалыгы (БЧБ-ЦРУ) жана Афганистандагы пакистандык чалгындын жардамы менен кыска убакыттын ичинде медреселердин окуучулар курамындагы «Талибан» ири уюму түзүлгөн, ал мамлекеттик бийликти басып алуу үчүн күрөш жүргүзгөн,

жыйынтыгында Афганистан жеринде шариатка жана башка ислам догматтарына аралаштырылган режим орнотулган. 1999 – 2000 – жылдары Афганистан менен чектелип калбастан жогоруда көрсөтүлгөн Борбордук Азия республикаларында пайда болгон партиялар жана кыймылдар аркылуу терроризм жана экстремизм жайылтылган.

2003-жылы Афганистанга жасалган соккулардан кийин америкалыктар жана алардын союздаштары Иракта террористтик согуш башташкан, Иран ракета-бомбалык сокку уруу коркунучунун алдында калган. Ал эми эң башкысы – «АКШ аракеттери дүйнөнүн көптөгөн жерлеринде массалык экстремизм жана терроризмди пайда кылышты» [205,117-б.].

Өнүккөн өлкөлөрдү чектелген согуштарга тартууну, «үчүнчү дүйнө» өлкөлөрүндө ачарчылык, эпидемияларды жаюуну, жасалма түрдө кризистик абалдарды түзүүнү, шайтандык культтарды, тоталитардык диний секталарды демилгелөөнү, билимдин жана маданияттын негиздерин бузууну, гомосексуализмди пропагандалоону, порнография жана сойкулукту жайылтууну ж.б.у.с. өзүнө камтыган ири программа иштелип чыккан жана иштеп жатат.

Ушуга байланыштуу экстремизм жана терроризмдин саясий-идеялык булактарын аныктап көрөлү.

Экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүк негизденген ислам фундаменталисттик диний-саясий идеология жөнүндө айтсак, анда ал абсолюттуу деструктивдик, реакциялык, адамзат жашоо тиричилиги үчүн коркунучтуу жана зыяндуу болуп саналат. Ал жалган, бузулган көз караштарда, түшүнүктөрдө, багыттарда түзүлөт. Ал деструктивдүү гана эмес, ал адамдарды, адамдар тобун, уюмдарды жана ал эмес мамлекетти эң каардуу аракеттерге – өлтүрүүгө, биринчи кезекте ырайымсыз түрдө адамдардын эң баалуу болгон өмүрүн кыюуга түрткөндүктөн, ал реакциялык болуп саналат. ИГИЛ террористтери колго түшкөндөрдү жана барымтадагыларды өлүм жазасына тарткан актылар – буга мисал.

Орусиялык изилдөөчү А. Кочетов белгилегендей, экстремизм жана терроризмдин негизинде диний фундаменталисттик төмөнкү «негиздик идеялык платформалар» [76, 23-32 б.] жаткандыгын көрсөтсө болот:

– агрессивдүү, реакциялык улутчулдук;

– суррогаттык, бурмаланган диний көз караштар;

– радикализм.

Экстремизм жана терроризмдин бардык аталган негиздик идеялык платформалары бири-бири менен тыгыз өз ара байланышта турушат, негизи алар кадыресе бири-бирине жыш аралашкан. Дал ушул агрессивдүү улутчулдук жана суррогаттык, бузулган диний көз караштардан саясий экстремизм менен терроризмдин бардык формалары агып чыгат.

Агрессивдүү улутчулдуктун иштөө механизмин жана маанисин ачуудан мурда, улутчулдук деген эмнени түшүндүрөөрүн кыскача түшүндүрүп кетүү зарыл. Улут жана улутчулдук жөнүндө маселе – эң татаал жана чиеленишкен маселелердин бири. Биз экстремизм жана терроризмдин идеологиясы катарында агрессивдүү улутчулдук колдонулат деген жыйынтыкка келгендиктен, анда, негизи эле улутчулдук деген эмне, ал кандай форма жана ар түрдүүлүккө ээ, кадимки этникалык улутчулдук агрессивдүү улутчулдуктан эмнеси менен айырмаланат ж.б. деген суроолорго жооп берүүбүз зарыл.

Улутчулдук – объективдүү жагымдуу көрүнүш. Улутчулдук, өзүнүн улуттук жалпылыгына урмат жана мээримдүү сезимдердин көрсөтүлүшү, ага таандык болгондугу үчүн сыймыктануу, аны сактоого жана анын кызыкчылыктарын коргоого болгон каалоо. Улутчулдуктун жагымдуу, прогрессивдүү ролу, анын ал этностун социалдашуусунда чоң роль аткаргандыгында, өз ара тилектештик үчүн коомдун мүчөлөрүнө бекем негиз бергендигинде турат. Улутчулдук улутту бириктирет, ага биримдик тартуулайт, улуттун кыйрашына жол бербейт. Андан сырткары, тагдыр чечүүчү мезгилде ал ири мобилизациялык роль аткарат, коомду жана мамлекетти кыйроодон сактаган олуттуу фактор болуп чыгат. Ал гана эмес,

«улуттун түгөнүшү» тезисин жарыялоо менен, азыркы кездин либералдуу «улут таануучулары» улут жана улутчулдукка конструктивизм идеологиясын карама-каршы коюшат. Бул идеологиянын түшүндүрмөсү боюнча, улут – онтологиялык организм эмес, бул конструкт, жасалма түрдө түзүлгөн жалпылык, улутту каалагандай ар кайсы жакка койсо болот же ал эмес такыр эле «чачып» жана башка механизм курап койсо болот. Чын эле көптөгөн европалык улуттар жасалма түрдө куралган. Улуттун механикалык түшүнүгү, туюмдар менен гана эмес, эс акылы менен бардык акыл-эстүү адамдар тарабынан өгөйлөнөт.

Улутчулдук коомдун аң-сезиминин жана психологиянын формасы катары белгилүү бир жагдайларда жана биринчи кезекте өзүнчө жактардын жана топтордун максаттуу багытталган ишмердүүлүгүнүн натыйжасында даңкын көтөрүү, өзүнүн улутуна кандайдыр бир өзгөчөлүктү тартуулоо, башкаларга тоготпостук жана кастык сыяктуу кемтик формаларга ээ болот. Кызыкчылыктарды, өз алдынчалыкты четке каккан, тигил же башка улуттун зыяндыгын жар салган жана бөлөк улутту баш ийдирүү, басып алуу, жада калса аны кул кылып жана жок кылуу максатын көздөгөн улутчулдук өзгөчө коркунучтуу мүнөзгө ээ болот. Бул – тарых көрсөткөндөй, шовинизм, фашизм, расизм, ксенофобия формасына ээ болууга жөндөмү бар агрессивдүү, реакциялык улутчулдук. Агрессивдүү улутчулдуктун бул формаларынын өзгөчөлүгү, алардын «фобияларынан», жек көрүүчүлүк белгисинен, кастыгынан сөзсүз түрдө агрессивдүү, реакциялык, адамды жек көрүүчүлүк аракеттер агылып чыккандыгында турат. Экстремизм жана анын ашкере кеткен формасы терроризм, ошондой эле геноцид, мындай улутчулдуктун эң коркунучтуу көрүнүштөрүнүн бири болуп саналат. Аталган көрүнүштөр “талибдер” жана “игилдиктер” басып алган территорияларда массалык масштабда белгиленген.

Улутчулдук реакциялык, адамды жек көрүүчүлүк формасында тигил же башка улуттун айрым өкүлдөрүн жаралайт, ошондуктан ал пайда болгон мамлекеттин бардык улутун реакциялык улутчулдукка айыптоого эреже

боюнча негиз жок. Бирок, эгерде этносто улутчулдуктун реакциялык идеялары кыянаттык менен жана узак убакытка чейин атайылап жайылтылып жатса, анда мындай түрдөгү улутчулдук калктын орчундуу катмарын кучагына алууга жөндөмдүү.

Атайын жайылтылып жана мамлекеттик деңгээлде тутандырылган улутчулдуктун өзгөчө коркунучу үстөмдүк кылган идеологиялык, саясат жана баш ийдирүү практикалык, бир улутту башка улут кордоп жана үстөмдүк кылган мүнөзгө ээ болгондугунда турат. Айрым жактардын тобунун аң-сезимине чектен ашкан деңгээлге чейин жеткире киргизилген улутчулдук идеологиясы экстремисттик жана террористтик акцияларды ишке ашырууга олуттуу стимул жана негиз болуп берет. Тыйылбаган, токтотулбаган реакциялык улутчулдук сөзсүз түрдө бир улуттун өкүлдөрүнүн башка улутту зомбулук менен басуусуна, баш ийдирүүсүнө жана кыйратуусуна алып келет.

Орусиялык изилдөөчү А. Кочетовдун «Улутчулдук деген эмне? «Ири» жана «кичине» улуттардын улутчулдугу» [76,23-32 б.] аттуу макаласында көрсөтүлгөн көз караштар көңүл бурууга арзыйт. А. Кочетов улутчулдуктун эки түрүн айырмалайт: прогрессивдүү улутчулдук, державалык жана реакциялык улутчулдук, жергиликтүү, уруулук.

Державалык улутчулдук – ири, пассионардуу, мамлекет түзүүчү улуттун улутчулдугу чет жакадагы этностордун кызыкчылыктарына мейли анча-мынча доо келтирүү менен болсо да коомду ар кандай жолго жетелейт – акыр аягында алар баары бир утушка ээ болушат. Ар кандай мамлекетти талкалаганга жөндөмдүү жергиликтүү «улуттук элитанын» келбетиндеги борбордон тараган, деструктивдүү күчтөрдүн пайда булушуна ал жол бербейт. Державалык бийлик тарабынан аларга «кысым болгондугу» тууралуу азчылык улуттун бардык каршылык көрсөтүүлөрүндө, иш жүзүндө алар жоготконго караганда көп нерсеге ээ болушат. Алардын маданият, илим жана билими өнүгүүдө, өнөр-жай пайда болууда, жашоо деңгээли олуттуу түрдө жакшырууда. Көп улуттар агрессивдүү коңшулар тарабынан болгон басып алуучулук же жок кылуучулук коркунучтардан качышууда. Жергиликтүү же

уруулук улутчулдук – такыр эле карама-каршы көрүнүш. Ал биринчи кезекте тоноочулукка, бүлүндүрүүгө багытталган. Жаратмандык умтулуу, алдыга жылуу ага жат көрүнүш, ал тар улуттук кызыкчылыктарды жетекчиликке алат. Уруулук улутчулдуктун жактоочуларынын башкы сапаты – сепаратизм. Алардын умтулганы – бир улуттун бир нерсесин тартып алып жана аны «өздөрүнүн» ичинде бөлүштүрүү, ал иш жүзүндө «улут элитасынын» ичинде бөлүштүрүлүп калат.

Алардын негизги жарыялаган максаты – «кичинекей болсо дагы, бирок өзүнүн» мамлекетин түзүү жана «ал жерде алар башында болушу керек». Анан дагы бул – кийинки жаратмандык секирик үчүн каражат эмес, бул так гана өздүк максат. Өзбек диаспорасынын лидерлеринин бири К. Батыров жана анын тегерегиндегилер Кыргыз Республикасынын түштүгүндө ишке ашырууга аракет кылышкан 2010-жылдын июнундагы окуяларда ушуну көрүүгө болот. Аныгында, державаны түзгөн улуттан алган нерселер түгөнгөндөн кийин ал мамлекет кантип жана кайсы каражатка өкүм сүрөөрү уруулук улутчулдарды таптакыр эле кызыктырбайт. Башкысы – максималдуу мүмкүн болгон кемсинтүүгө жана тоноого кириптер кылып, мамлекетти түзгөн улуттун өкүлдөрүн «өзүнүн» территориясынан кууп чыгуу, ал эми алар курган – өнөр жай, инфатүзүм, материалдык байлыктарды – тартып алуу. Көпчүлүк уруулук улутчулдар «өзүнүн» мамлекетинин негизги киреше булагы катарында, көп кылымдар бою «эзгениңер» үчүн «өтөлгө акынын» ордуна дегенсип, чындап эле орто кылымдагыдай бай коңшуларды тоногондукту карашат. Же болбосо ар кандай, чоң жана кичине келтирилген зыяндар үчүн төлөм катарында өздөрүнүн метрополиясындагы мурдагы кастары тарабынан берилиш керек болгон «материалдык жардамды» карашат. Өздөрүнүн пландары ишке ашкан учурда, сепаратисттер адат катары, коңшуларына болгон мамиле боюнча тез эле агрессивдүү тышкы саясий позицияны ээлешет.

Ислам фундаментализми, экстремизм жана терроризм саясий-идеялык платформа катарында суррогаттык, бурмаланган диний көз караштарды

кеңири жана активдүү түрдө колдонулат. Мындай суррогаттык, бурмаланган көз караштар жана идеялар диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин саясий-идеялык булактарын түзөт. Кептин төркүнү, адамдарга каршы ар кандай мыйзамсыз зомбулук көрсөтүү мүмкүндүгүн, ал гана эмес зарылдыгын караган бир дагы жобо абсолюттуу түрдө бардык салттуу, биринчи кезекте Ыбырайым (Авраам) диндеринде – исламда, христиандыкта, иудаизмде – камтылбагандыгында. Андан дагы «экстремизм жана терроризм» түшүнүктөрүн бул диндер такыр билишпейт. Кадимки коомдордо дин – маданияттын курамдуу бөлүгү, анда терс негиз такыр эле жок, мындай негиздер салттуу диндерге киргизилген эмес. Дин адамдарга руханий жана кулк-мүнөздүк принциптерди орнотот, ал адамдын кадыр-баркында аларды даңазалоого арналган, адамдарга чыгармачыл күч-кубат берет, кыйратууга эмес жаратууга кызмат кылат, адамдарды ар кайсы бурчка чачыратпайт, ал бириктирет. Динде эң негизги Кудайга болгон ишеним. Бардык диндердин канондору боюнча, Кудай эч качан согушту, адамдардын үстүнөн болгон зомбулукту, аларды кыянаттык максаттар үчүн жок кылууну колдобойт, ал эми ушул жаман иштерди жасоодо Кудайга жашырынуу – эң чоң күнөө.

Ошон үчүн бардык түстөгү экстремисттер жана террористтер өздөрүнүн кыянаттык ишмердүүлүгүндө фундаменталисттик идеялык платформа катары динди эмес, анын суррогаттык көз караштарын колдонушат, ушундай жалган негиздерде, биринчи жагынан өзүнүн Кудайга каршы ишмердүүлүгүнөн актанганга, экинчи жагынан – диний асабага жашырынуу менен адамдарды алдап, өзүнүн кылмыштуу иштерине жетиле электерди аралаштырууга болот. Алар муну оңунан чыгарышат, аң-сезимди чалмакей чалып жана жетиле электердин, көбүнчө жашоо шарттарынан азап көргөн адамдардын саясий көз караш жана аң-сезимине таасир этүү иштерди ушунчалык деңгээлде оңунан чыгарышат. Мындай бурмаланган идеологиялык негизде алар ал эмес айрым жактарды жан кечтиликке түртүшөт.

Адамдарды диний фанатизмдин чектен ашкан формасын көрсөтүүгө чейин жеткирүү менен бул ишке ашат, мындай фанатизм диндин бир же бир канча бурмаланган догматтарына ишендирүү жолу менен атайын жана максаттуу түрдө түзүлөт.

Террористтер диний фанатизмдин жана экстремизмдин негизинде аракеттенишет. Баарынан мурда мындай негиз катарында исламдын бурмаланган догматтары колдонулат жана тилекке каршы бул көрүнүш жайылтылып калган. Ислам өзүнүн диний окутуусунда анын жактоочуларын зомбулукка түрткү берген эч кандай негиздерди камтыбайт. Терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм – бул чыныгы ислам дининен чыкпаган көрүнүштөр, алар таза, ыйык ислам маанисинде мителиктин пайда болуусу болуп саналат. Дин террористтердин жашоосунун өзөгү болуп саналбайт, дин аларга өздөрүнүн күчүн бириктирүүчү шайман катары колдонулат. Материалдык негиз менен кошулган дал ушул ислам фундаментализминин бурмаланган догмаларынан террористтик негиздер түзүлөт, ушул эле негиздерде көптөгөн ири террористтик уюмдар аракеттенишет жана өсүшөт. Ушул себептен террористтерди «ислам террористтери» деп атаганга жол берилбейт. Мындай кыянат иштерди чыныгы динге же бардык элге «жармаштырууга» болбойт. Эстеп жүрүү керек: террористтер – болбой калган көз караштагы адамдар. Ал эми алардын исламдын астына жашынып алып иш кылган жагдайлары, аларды исламисттер деп айтууга мажбур кылат. Алар динди эмес, анын бурмаланган, суррогаттык, терроризмге атайын ылайыкташкан радикалдуу фундаменталисттик көз караштарды колдонушаарын дайыма эстеп жүрүү зарыл. Экстремисттер жана террористер өз максатына жетиш үчүн радикалдуу ыкмаларды колдонушат.

Бүткүл дүйнөлүк ислам лигасы (ВИЛ) каржылаган «Үмүт нуру», «Ибрагим бен Ибрагим», «Ахмед аль-Дагестани», «Ислам тилектештик уюму», король Фахд атындагы медресе, «Шамил коому», «Аль-Игас», «Алтын машак» ж.б. фонддору 1993-жылы КМШ өлкөлөрүндө өздөрүнүн филиалдарын ачышкан.

Бул уюмдар КМШ өлкөлөрүндө, өзгөчө Борбордук Азия жана Закавказье республикаларында сауд таасирин бекитүүгө чакырылышкан. Акысыз жайылтуу үчүн Курандын он миллиондогон нускасы жана башка диний адабияттар Борбордук Азия республикаларына алынып келинген, мечит жана ислам маданий борборлорун курууга ар кандай контракттарга кол коюлган, Меккеге акысыз зыярат уюштурууга, чет жерден билим алууга жана башка көп нерселерге көмөк көрсөтүлгөн.

Чет өлкөлүк ислам уюмдары Ислам кайра жаралуу партиясынын, Ислам маданий борборунун, Жогорку координациялык борборунун, Ислам конгрессинин филиалдарынын ишмердүүлүгүн Борбордук Азия республикаларында түзүүгө үндөшкөн. Аларга жашыруун төмөнкү милдеттер жүктөлгөн:

– расмий мусулман коомдорунун чөйрөсүнө ажырым пайда кылуу жана исламдын колдоочулары салттуу жашаган аймактарда этностор аралык карама-каршылыктарды козутуу;

– мусулмандар арасындагы мамлекеттик чиновниктер менен жакындашуу үчүн шарттарды түзүү;

– Сауд Арабияга, Пакистанга, Египетке жана башка өлкөлөргө окууга жөнөтүү үчүн боло турган талапкерлерди изилдөө жана тандоо.

Ислам кызыкчылыгында жүргүзүлгөн ушул ишмердүүлүктүн бардыгы, албетте, Борбордук Азия жана башка КМШ өлкөлөрүнүн көптөгөн жарандарына деструктивдүү таасир көрсөткөн.

1992–1994-жылдары Борбордук Азия территориясында чет өлкөлүк диний фундаменталисттик уюмдардын өздөрү түзгөн түзүмдөрү аркылуу жашыруун бөлүмчө түйүндөрү ачылган, сыягы мусулман дининин негиздерин изилдөө үчүн. Чындыгында аларда, «исламдын болочок коргоочулары» – жаштардын тынымсыз идеологиялык жана атайын даярдыктары жүзөөгө ашырылган. Мындай учурда экстремизм идеялары алар тарабынан колдоого алынган.

Экстремизм, саясатта чектен ашкан форма жана усулдарды социалдык шарттуу, идеологиялык негизде колдонуу катарында өзүн көрсөткөн коомго каршы социалдык-саясий көрүнүш. Экстремизм азыркы шарттарда Борбордук Азияда анын ичинде Кыргыз Республикасынын ички коопсуздугу үчүн өзгөчө олуттуу коркунучтардын биринин маанисине ээ болду. Азыркы коомдун шартында негизги критерий катары саясатта колдонулган формалардын жана усулдардын акыркы чегин, баарынан мурда, саясий зомбулук жана аны колдонуу коркунучунда, этникалык, расалык, диний, социалдык негиз боюнча кастыкты жана жек көрүүчүлүктү козгоодо, ошондой эле экстремизмдин субъектери тарабынан тийиштүү саясий-социалдык максаттарга жетүү үчүн ушул форма менен усулдарды пропагандалоо жана актоодо караш керек.

Борбордук Азиядагы азыркы кездеги экстремизмдин тутумунда анын узак тарыхынын жүрүшүндө бири-бири менен тыгыз байланышкан бир канча туруктуу ар түрдүүлүктөр чогулду. Азыркы учурга чейин өзгөчө жайылтылган экстремизмдин ар түрдүүлүгүнүн бири – бул саясий каршылаштарга каршы төмөнкү ишмердүүлүк субъекттерге куралдуу жана башка зомбулукту ачык колдонуу: мамлекеттик бийликке, атаандаш саясий партияларга жана уюмдарга, тийиштүү этникалык жана социалдык топтордун өкүлдөрүнө ж.б. каршы. Эң акырында белгилүү бир экстремисттик топторду козутууга, калктын айрым катмарларын зомбулуктуу жана башка өзүнүн мүнөзү боюнча чектен ашкан саясий каршылаштарга аталган ишмердүүлүктүн субъекттерине карата кастык аракеттерге (мисалы, козголоң түрүндө, бийликти күч менен басып алуу) багытталган улуттук, расалык, диний, саясий-социалдык, идеологиялык негиздер боюнча коомдо жек көрүүнү жана кастыкты максаттуу түрдө тутандыруу экстремисттик ишмердүүлүктүн экинчи тобун түзөт. Мисалы, мамлекеттик органдардын кызматкери, коомдук-саясий уюмдардын жана иш-чаралардын катышуучулары болгон (бул жерде экстремисттик ишмердүүлүктүн объекттери катары чыгышкан) белгилүү бир адамдар тобуна массалык психологиялык таасир көрсөтүү айкалышында чектелүү зомбулук көрсөтүү менен байланышкан каршылаш тарапка күч менен болгон басым

катары, азыркы экстремизмдин системасында өзгөчө белгилүү орунду анын ушундай бир ар түрдүүлүгү Борбордук Азия аймагында тиешелүү орунду ээлейт.

Бул аймакта экстремисттик ишмердүүлүктүн аталган түрлөрү албетте алардын бардык көп түрдүүлүгү менен бүтүп калбайт. Атап айтканда, экстремисттик ишмердүүлүктү, экстремисттик идеологияны жайылтуу жана башкаларды актоо формасында көрсөтүлгөн пропаганда, экстремисттик түзүмдөрдү түзүү, тигил же бул экстремисттик күчтөрдүн жактоочуларын бириктирүү ж.б. менен байланышкан уюушулган ишмердүүлүк катары экстремизмдин ушундай өз алдынча ар түрдүүлүктөрү аларга тиешелүү болушу мүмкүн. Көптөгөн окумуштуулардын жана саясатчылардын пикири боюнча ошондой эле терроризм, экстремизмдин ар түрдүүлүгүнүн бири болуп саналат. Бирок, терроризмди экстремизмдин ар түрдүүлүгү же өз алдынча көрүнүш деп эсептегенге болобу деген пикирлердеги болгон ажырымдарга карабастан, атап айтканда ал, зомбулукту жана үчүнчү тарапка карата коркутууну максаттуу түрдө (артыкчылыктуу конспиративдик) колдонууда, ушундай образда мамлекеттик органдарды, коомдук жана эл аралык уюмдарды, ошондой эле калктын айрым топтордун жүрүш-турушун белгилүү бир варианттарына – чечим кабыл алуу, белгилүү бир чечимдерди кабыл алууда бейтарап болуу ж.б., терроризмден бөлөк экстремизмдин ар түрдүүлүктөрү экстремизм же башкалар менен өз ара байланышын ачууга мүмкүн болгон террористтердин кызыкчылыктарына жооп берген ушунчалык маанилүү өзгөчөлүктөргө ээ.

Терроризм менен өз ара аракетин кароого байланыштуу экстремизмдин өтө коркунучтуу ар түрдүүлүгү катары жогоруда аталган ар түрдүүлүктөрдүн ичинен биринчиси өзгөчө көңүл буруууга арзыйт, тагыраак айтканда, саясий күрөштөгү максаттарга жетүү үчүн куралдуу же башка зомбулукту ачык түрдө колдонуу. Экстремисттик ишмердүүлүктүн ушул түрүнүн өзгөчө коркунучтуу формаларынын ичинен куралдуу козголоң, бийликти күч менен басып алуу, бандиттик-көтөрүлүш ишмердүүлүгү жана башкалар катары каралган

ишмердүүлүк формалары бүткүл дүйнөлүк экстремисттик сахнада кеңири жайылтылгандыгын азыркы практика иштеп чыккан. Борбордук Азия республикаларында экстремисттик ишмердүүлүктүн алкагында, баарынан мурда, коомдун кризистик өнүгүүсүнүн шарты үчүн, учурдагы социалдык-саясий, этноконфессионалдык жана башка карама-каршылыктарды чектен ашыра ырбатуу үчүн зомбулукту ачык түрдө колдонуу мүнөздүү.

Көрсөтүлгөн саясий зомбулук аракеттердин массалык көрүнүшү, анын уюштуруу ишинин жетишерлик жогорку деңгээли, зомбулук ишмердүүлүгүнүн өзгөчө коркунучтуу каражаттарын пайдалануу же аларды массалык түрдө колдонуу, адамдык жана материалдык жоготуу түрүндө коом үчүн оор зыян кылуу, мамлекеттин коомдук-саясий институттардын иштөө уюмун бузуу экстремизмдин ушул ар түрдүүлүгүнүн нагыз белгилери болуп саналат.

Жаңы миң жылдыктын башталышы, куралдуу күрөштүн кеңири колдонулгандыгы катарында белгилүү болуп калды, өзгөчө өлкөнүн ар кайсы региондорунда этно-улуттук же этноконфессионалдык карама-каршылыктардын этностор аралык ачык түрдө кармашуу баскычына өтүп кеткендиги. Экстремисттик ишмердүүлүктүн түрү катары, сепаратисттик кыймылдардын мыйзамдуу бийликке каршы күрөштүн куралдуу формасына же болбосо кескилик-көтөрүлүштүк, же квазипартизандык деп аталган формаларга өтүшү куралдуу зомбулукту жайылтуу жана колдонуунун башка варианты болуп саналат. Терроризм менен ачык түрүндөгү куралдуу күрөштүн өз ара байланышынын механизми, баарынан мурда, тикелей күч колдонуп ээ болуу менен бийликти басып алуу боюнча өздөрүнүн максатын жүзөөгө ашырууда экстремисттик күчтөрдүн аракетинин ишке ашпай калышына жана өздөрүнүн саясий максаттарына жетүүдө жаңы уюштуруучулук-тактикалык формаларды издөөгө негизделген.

Белгилүү бир шарттарда терроризм ошондой эле куралдуу күрөштүн (бийликти басып алуу, сепаратисттер тарабынан белгилүү бир аймактарды бөлүп кетүү боюнча) максаттарына жетүүнү камсыз кыла алат. Буга мисал

1992-1997-жылдары Таджикистандагы, 2005-жылы Өзбекистандагы жана 1999-2000-жылдары жана 2010-жылдары Кыргызстанда болгон окуялар далил.

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, ар кандай топтор аралык (улуттар аралык, конфессиялар аралык, расалык, социалдык, саясий ж.б.) негизде кастык жана жек көрүүчүлүктү козгоо формасындагы экстремисттик ишмердүүлүк чоң жана кичине өлкөлөрдүн ички коопсуздугу үчүн олуттуу коркунуч туудурат. Адатта, саясий зомбулуктун идеяларын жайылтуу менен, ошондой эле тигил же башка «касташкан» топтордун өкүлдөрүнө карата зомбулук акцияларын ишке ашыруу менен байланышкан жана массалык диний жана саясий - идеологиялык азгыруучу кыймылдарды, уюмдарды, экстремисттик чыгууларды түзүүгө багытталган уюштуруучулук жана агитациялык аракеттердин комплексин экстремисттик ишмердүүлүктүн ушул ар түрдүүлүгү өзүндө көрсөтөт.

Каралып жаткан ар түрдүүлүктүн экстремисттик ишмердүүлүгү дайыма, жаңжалдардын кийинки чыңалуусу, аларды жөнгө салууну үзгүлтүккө учуратуу, бул жаңжалдарды көбүрөөк ачык түргө өткөрүү боюнча социалдык-саясий күчтөрдүн тигил же башка социалдык-саясий жаңжаалдарда катышкан аспаптын ролунда чыгат.

Ар кандай идеялык-саясий негизде кастык менен жек көрүүчүлүктү козгоо боюнча экстремисттик ишмердүүлүк коомдук коопсуздуктун жогорку деңгээлине ээ, ал анын методдорунда да, ар кандай тарыхый шарттарда анын субъекттери ээрчий алган саясий максаттардын көп түрдүүлүгүндө да көрүнөт. 2010-жылдын июнь айындагы Кыргыз Республикасында жана анын аймактарында коомдук-саясий абалды туруксуздаштырууга, ар кандай деңгээлдеги мамлекеттик бийликке массалык саясий басым көрсөтүүгө, жүрүп жаткан мамлекеттик саясатты өзгөртүүгө, ичиндеги жана тышкары же башка мамлекеттин белгилүү бир социалдык-саясий күчтөрүнүн аймактык көксөөлөрүн ишке ашырууга, ошондой эле учурдагы бийликке каршы куралдуу аракетти жүзөөгө ашыруу жана күч колдонуу менен басып алуу же

экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүккө жаңы катышуучуларды тартуу (ошондой эле террористтердин социалдык базасын түзүү жана сактоо) максатында калктын тиешелүү топторун саясий мобилизациялоого багытталгандыгы менен ал Кыргызстанда өзгөчө коркунуч жараткан.

Экстремисттик ишмердүүлүктүн бул ар түрдүүлүгү, ошондой эле «тигил же башка региондордогу жана калктуу конуштардагы калктын этникалык, диний, расалык жат топторунун өкүлдөрүнүн артынан тутумдук түрдө түшүү максатында тиешелүү идеялык негизде аздыр-көптүр туруктуу топтордун жактарын уюштурууга» [120,134-б.] максаттуу милдет катары ээ болгондугуна биз күбө болгонбуз.

Адам укугун, коомдук жана конституциялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндө өзгөчө оор кесепеттерге алып келген конституцияга каршы мүнөздөгү мыйзамга каршы, зомбулук ишмердүүлүгүнө калктын ар кандай тобун тартуу боюнча артыкча жигердүү ишмердүүлүгү менен 1990-жылы жана 2010-жылы Кыргыз Республикасынын түштүгүндө дал ушул ишмердүүлүк байланышта болгон.

Экстремизмдин ушул ар түрдүүлүгү менен терроризмдин өз ара байланышы, биринчи кезекте, жогоруда көрсөтүлгөн идеялык-саясий жана социал-экономикалык негиздерде кастык менен жек көрүүчүлүккө козгоо, өзгөчө «калктын ар кандай катмарынын ичинен – террористтик ишмердүүлүктүн мүмкүн болуучу же реалдуу колдоочуларынын террористтик максаттарынын детерминанты жана түзүлүү фактору» [200,76-б.] катары адамдын аң-сезиминин жана көз карашынын өзгөчө дин жана этно-улутчулдук сыяктуу сезимтал чөйрөсүндө ар дайым чыккандыгында турат.

Мурдараак көрсөтүлүп кеткендей, экстремизм жана терроризмдин негизинде “негиздик идеялык платформа” катары радикалдуу ислам фундаментализм болоорун белгилеп кеткенбиз. Белгилүү бир шарттарда Борбордук Азиядагы аймактарында улуттар аралык жана диндер аралык кастыкты жана жек көрүүчүлүктү тутандыруу, сепаратисттик кыймылдардын саясий-социалдык базасын кеңейтүү максатындай эле, аларга көбүрөөк

радикализм ыйгаруу, баарынан да өздөрүнүн көздөгөндөрүнө «чечкиндүү» жетүүгө багыт берүү максатында сепаратисттер тарабынан ишке ашырылышы толук мүмкүн.

Жогоруда көрсөтүлгөн негизде кастыкты жана жек көрүүчүлүктү козгоо формасы сыңары эле, терроризм экстремисттик ишмердүүлүккө артка карай таасир берген да жагдай бар, атап айтканда, жүргүзүлгөн террористтик акциялардын айтылуу үгүттүк натыйжасын колдонуу, дин чөйрөсүндө улуттук жана диний сабырсыздыктын жогорку деңгээли, тийиштүү экстремисттик кыймылдардын, террористтик уюмдардын кастарына карата саясий жек көрүүчүлүк аркылуу.

Акыркы он жылда дүйнөлүк практикада, ал эми Борбордук Азия мейкиндигинде акыркы жылдары ар кандай багыттагы экстремисттик күчтөрдүн радикалдуу ишмердүүлүгүндө өз алдынча жана кеңири жайылтылган болуп, «мамлекеттик бийлик органдарына, анын башка саясий каршылаштарына психофизикалык, күч менен басым көрсөткөн сыңары – экстремизмдин ар түрдүүлүгү саналат. Экстремизмдин көптөгөн башка ар түрдүүлүктөрү үчүн, баарынан мурда ачык түрдөгү куралдуу күрөш, банд-көтөрүшчүл ишмердүүлүк үчүн көндүм болгон «зомбулуктун жана башка өзгөчө коркунучтуу формалардын кеңири колдонулушу экстремизмдин бул ар түрдүүлүгү үчүн мүнөздүү эмес» [200,78-б.].

Экстремисттик ишмердүүлүктүн каралып жаткан ар түрдүүлүгү, адат катары, саясий зомбулуктун таасирдүү усулдарын чектеп колдонуусу, көбүрөөк– демонстративдик колдонуусу менен, ошондой эле бийлик органдарына жана калкка ар кандай маалыматтык, психологиялык таасирдин формаларында массалык колдонуусу менен мүнөздөлөт. Экстремисттик ишмердүүлүктүн бул ар түрдүүлүгү адатта, белгилүү бир экстремисттик уюмдардын түзүлүшүн пропагандалоо, бийлик саясатына каршы ачык протест көрсөтүү, ошондой эле экстремисттердин талаптарын канааттандырууга аларды мажбурлоо үчүн колдонулат.

Айрым экстремисттик уюмдардын жана топтордун ишмердүүлүгү көрсөткөндөй, күч менен болгон басымдын акциясы экстремисттик уюмдардын катышуучуларынын тобунун жеке өздөрү тарабынан да, ошондой эле бул акцияга азгырылган (массалык пропагандалык иш-чараларды өткөрүү аркылуу) калктын тигил же башка бөлүгү тарабынан да жүзөөгө ашырылат. Күч менен басым көрсөтүү үчүн шылтоо катарында адатта экстремисттер тигил же башка, реалдуу же ойдон чыгарылган мыйзамсыз аракеттер үчүн бийликти айыптоону колдонушат, ал эми акциялардын өзүн ачык түрдө, адат катары, көп элдин катышуусунда, жалпыга маалымдоо каражаттарынын (ЖМК) өкүлдөрүн, чет өлкөлүк жарандарды ж. б. тартуу менен, кээде калктын башка массалык протесттик аракеттерине чагым уюштурууну болжолдоо менен өткөрүшөт,

Күч менен басым көрсөтүүнүн максаттуу багыты, адатынча, алардын мыйзамга каршы мүнөзүн шарттайт, анын ичинде, мамлекеттик органдардын жана коомдук уюмдардын имараттарын басып алуу, аларды блокадада калтыруу, ал эми тиешелүү шарттарда – барымтага алуу, коомдук жана саясий ишмерлердин ден соолугуна, өмүрүнө коркунуч келтирүү сыяктуу ушундай коомго коркунуч келтирген аракеттер калк жана экстремисттик топтордун мүчөлөрү тарабынан аткарылышы мүмкүндүгүн шарттайт. Келечекте Борбордук Азия аймагында окуянын мындай өнүгүшү бир жагынан зомбулуктун пландалган чыңалуусун көрсөтөт, башка жагынан – күч менен басым кылуу акцияларынын жүрүшүнө анын уюштуруучулары тарабынан болгон көзөмөлдүн жоголгондугу тууралуу ырастайт, бирок жыйынтык катары ар кандай мүнөздөгү экстремисттик жана террористтик актыларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү эки учурда тең пайда болот.

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн негизинде экстремизм жана терроризм диний фундаментализмдин саясий зомбулук куралы катары саноого толук мүмкүнчүлүк берет.

## БИРИНЧИ БАПКА ТЫЯНАК

Азыркы учурга чейин «ислам фундаментализми» түшүнүгү талаш-тартыш жаратып, ал эми учурдагы илимде акырына чейин аныкталбаган бойдон калууда.

Ислам фундаментализминин белгилүү бир мүнөздүү белгилерин атоого жана «фундаментализм» түшүнүгүнүн чечмеленген түшүрдүрмөсүндө негизги айрым мамилелерди бөлүп көрсөтүүгө болот:

Биринчиден, фундаментализм негизинде толеранттуу эмес көз караш катары терс байланышта каралат жана өздөрүн гана кабыл алып, башкаларга келишпестигин билдиргендердин бардыгына «фундаменталист» терминин колдонушат. Ошону менен бирге экстремизмдин, саясий радикализмдин жана ал эмес терроризмдин ар кандай көрсөткөн ишмердүүлүктөрүн дайыма фундаментализм деп аташат. Мындай салыштыруу туура эместигин белгилеп кетүүгө болот, себеби:

- экстремизм – бул маңызы саясий күрөштүн чектен ашкан, күч колдонулган каражаттарын колдонууну камтыган саясий аракеттердин белгиленген түрү;

- терроризм – бул зомбулук идеологиясы, террордун жардамы менен киши өлтүрүү, адам уурдоо, диверциялык акциялар ж.б.у.с. ишке ашырылып, кайсы бир саясий максаттарга жетүүдө коркутуу жана зомбулук аракеттеринин саясаты. Терроризм – бул философия жана кыймыл эмес, ал ар кандай саясий кырдаалдарда колдонулган саясий активдүүлүктүн өзгөчө бир түрүн өзүндө көрсөтөт;

- фундаментализм экстремизмден айырмаланып, саясий аракеттин түрү эмес, ал талашсыз мүнөз берген, пикир билдирүүчүлөр ар дайым теориялык платформага же принциптерге таянышкан саясий ой-жүгүртүүнүн ыкмасы;

- бардык эле фундаменталисттер экстремист боло бербейт, алардын ичинен көбүрөөк жигердүү жана радикалдуу түрдө активдүү маанайдагылар гана боло алат. Бирок, фундаментализм жана экстремизмдин жалпы мүнөздүү белгиси болуп алардын сөзгө келбестиги эсептелет.

Ошентип, фундаментализмди экстремизм, саясий радикализм жана ал эмес терроризм менен бирдей деп эсептөөгө болбостугун баса белгилеп кетер элем. Бирок радикалдуу фундаментализм саясий ой-жүгүртүүнүн ыкмасы болгондуктан ал ар дайым саясий аракеттердин бир түрүү – экстремизмди жана ошондой эле саясий жигердүүлүктүн бир түрү терроризмди кеңири саясий курал катары колдонуп келет.

Экинчиден, фундаментализмдин ааламдашуу процесстерине болгон реакцияны билдирген социалдык маданий кубулуш катары кароо зарыл. Фундаментализм салттуу коомдун тирегинин ишеничин кетирген батыш жашоо образын жана ааламдашууну кабыл алууга жарактуу эмес социалдык жана саясий каршылык көрсөтүү идеологиясы катары көрсөтүлөт. Фундаментализм, ошондой эле негиз салуучу же фундаменталдык болуп саналган баалуулуктарды жана идеяларды жактоо болуп эсептелет.

Фундаментализмдин өзгөчөлүгү менен шартталып, дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндөгү фундаменталисттик кыймылдардын ылдамдап өсүшү – өзүнө берилген тарапташтарын мобилизациялоо жана алардын саясий жигердүүлүгүн демилгелөө аракеттери төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга түртөт, бул терминдин жакын арада эле киргизилгенине карабастан – фундаментализм бул өтө деле жаңы феномен эмес.

Диний фундаменталисттердин доктриналарында бардык суроолорго жооптор табылган, бардык чечимдер кабыл алынган, бардык мүмкүн болгон окуялар алдын алынган. Туура доктрина фундаменталисттер үчүн бардык дүйнөлүк көйгөйлөрдүн ачкычы болуп кызмат кылат.

Фундаментализм силер эмнеге ишенесиңер дегендикте гана эмес, силер ага кантип ишенесинер, динчилдерге, жана башка адамдарга кандай мамиледесиңер дегендикте жатат. Бул байланышта фундаменталистти, ким өзүнүн жашоо образын жакшы жана татыктуу деп, ал эми бөлөгү – салыштырмалуу начар жана татыксыз деп эсептегендер менен принцибинде сүйлөшүүгө баруудан баш тарткан адам катары аныктоо максатка ылайык.

Бүгүн, айрым фундаменталисттик топтордун саясий жана диний көз караштары негиздүү түрдө айырмаланат, бирок диний фундаментализмдин принциптерин бөлүп кароого болот:

– биринчиден, диндин саясаттан ажыратылбастыгын жана сакралдык мүнөздөгү мамлекеттик бийликтин болушун талап кылышат;

– экинчиден, светтик жана диний бийлик ажырагыс болгон, ал эми сот-укук тутуму шариатка негизделген мамлекет куруу талабын коюшат;

– үчүнчүдөн, Мухаммед Пайгамбардын мезгилиндеги исламдын ченемдерин толук жүзөөгө ашыруунун эсебинен азыркы мусулман коомунун жашоосун түп орду менен кайра куруу үчүн чыгышат;

– төртүнчүдөн, исламды коргоо жана жайылтуу максатында жегердүү саясий ишмердүүлүк жүргүзүү ар бир чыныгы мусулмандын милдети экендигин таанышат.

Исламдын ашкере кетпеген жана радикалдуу фундаменталистери түзүлгөндүгүн талдоо көрсөтүүдө. Ашкере кетпеген фундаменталисттер легитимдүү каражаттарды колдонуу менен мусулман коомун алгачкы ислам образы боюнча уюштуруу жана исламды тазартуу идеяларын жайылтышат. Ошол эле учурда, батыш цивилизациясынын айрым жетишкендиктеринин сиңирип алынышына жана кээ бир демократиялык институттардын иштешине карата болгон сабырдуу мамилелер аларды айырмалап турат.

Радикалдык фундаменталисттер өздөрүн гана Аллахтын чыныгы эркин аткаргандар деп эсептешет - Жер бетинде ислам мамлекетин куруу, планетардык масштабда шариаттын үстөмдүгүн орнотуу. Алар исламчылардын көз карашына макул болбогон бардык башкаруучуларга, мусулмандарга, анын ичинде диний башкармалыктарга саясий зомбулук каражаттарын колдонууну жарыялашат.

Радикалдык диний фундаменталисттер бүт дүйнөдөгү саясий бийликти басып алууга жигердүү түрдө умтулушат жана ар кандай каражат аркылуу мусулман коомунун жашоосуна көзөмөл орнотууну, алардын ислам

мыйзамдарынын жападан-жалгыз тууралыгын кабылдоого мусулмандарды мажбур кылууну өздөрүнүн милдети катары эсептешет.

Тактикалык маселелерден сырткары радикалдуу диний фундаменталисттердин идеологиялык арсеналында стратегиялык маселелер да бар, башкача айтканда эң акыркы максаттар. Халифаттын концептиси – ааламдык жихад жолу менен жетишилген эң акыркы максат болуп саналат. Ушуну менен бирге салафиттик-жихадисттик дүйнө таанымынын радикалдуу ашыкча берилген жактоочулар экстремизм жана терроризмди, халифатты кайра тургузууга багытталган негиздүү аракеттери жана саясий курал катары карашат.

Радикалдуу диний фундаменталисттердин күрөшү төмөндөгү тизмектелген максаттардын бирин же бир канчасын өздөрүнө камтышы мүмкүн.

Биринчиден, мусулман калкы басымдуулук кылган өлкөлөрдөгү светтик режимдерди кулатууга багытталган күрөш.

Экинчиден, бул күрөш ислам дини басымдуу болбогон өлкөлөрдөгү мусулмандар азчылыгынын көз карандысыздыгына жетип, кийин көз карандысыз ислам мамлекетин түзүүгө багытталышы мүмкүн.

Үчүнчүдөн, мындай күрөш мусулман өлкөлөрүндөгү эгемендүүлүгүн же автономиясын талап кылып жаткан этномаданий азчылыктын козголоңун басууга багытталышы мүмкүн.

Төртүнчүдөн, бул күрөш батыш цивилизациясынын таасиринин ислам дүйнөсүнө багытталышы.

Салафист-жихадчылардын идеологиялык түзүлүштөрүнүн борборундагы оруңдардын бирин төмөндөгү негизги үч теманы жигердүү эксплуатациялаган батышка каршы коркутуучу үндөр (риторика) ээлейт.

– Биринчиден, Батыш исламга ырайымсыз касташкандыгы жана анын жашоосуна коркунуч туудурааары белгиленген.

– Экинчиден, мусулман дүйнөсүнө Батыш тараптан болгон коркунучтан чыгуу жолу – бул коркунучка кайрылган жалгыз зомбулук жолу.

– Үчүнчүдөн, жихад – Батыш менен күрөшүү үчүн жалгыз шарт.

Согушчандык фундаментализм мусулман мамлекеттеринин обочолонуусуна жана дүйнөлүк прогрессине дангыр жолунан четтелишине алып келет.

Өткөн кылымдын 90-жылдарынан тартып ислам фундаментализминин көйгөйүнө цивилизациялык мамиле көз карашында кароо аракеттери көрүлө баштады.

Цивилизациялык теориянын байланышында, байыркы салттардын башатына кайтууга умтулгандык деп аныкталган ислам фундаментализми, ислам дүйнөсүнүн Батыштын цивилизациялык чакырыгына жооп аракети катары каралат. Ушул көрүнүштө ислам фундаментализми өзү менен өзү социалдык маданий кризис абалында ислам аныктыгын сактоодо базалык модель болуп эсептелет, ал батыш ааламдашууга альтернатива катары, ислам социумунун сакталып калуу стратегиясы катары чыгууда. Бирок, ислам фундаментализминин феноменин изилдөөдөгү мындай иш-аракеттер азыркы кезде орчундуу сындарга туш болууда, анан да азыр аны кайрадан карап чыгуу же толуктоо зарылчылыгы негизделүүдө.

Коомдун, партиянын же башка коомдук уюмдун, түзүмдүн, ошондой эле конкреттүү адамдын жашоо маңызын билүү, түшүнүү, аныктоо – бул жашоо тиричиликтин багытын табууну, жашоонун туура, позитивдүү жолуна түшүүнү билдирет. Эгерде ошол же башка түзүмдүн маңызы жок болсо, адам уюму туруктуулугун жоготкондой ал дагы мейкиндикке жана мезгилге сиңип жок болот, ал эми белгилүү бир кырдаалдар жыйналганда деструктивдүү жолго түшөт. Мындай учурларда адамдар тигил же башка жалган суррогаттык идеяларга сөзсүз тартылып келишет, себеби ой-жүгүртүүчү жандык катары адамдар идеологиясы жок, жашоо маңызы жок жашай алышпайт.

Турмуштун, жеке инсандын жана коомдун жүрүм-турумун катуу тартипке салган мыйзамдардын жыйындысы болгон шариат – бир гана исламда бар. Башка диндер сыяктуу эле, ислам абсолюттук чындыкка ээлик кылууга умтулат. Алардын иш-аракеттери жогору жактан чечилгендигин,

ошондуктан калк тарабынан бекитилген адеп-ахлактык ченемдердин алкагынан чыгып кеткен ыкмаларды алардын гана колдонууга укугу бар экендигин билдиришкен айрым саясий күчтөрдүн дымактарын ушул диний негиздөөлөр багыттайт жана күчөтөт.

Диний фундаментализмдин саясий мааниси – фундаменталисттер белгилүү бир принциптерди коргоо менен жүрүм-турумду жетектеген саясий түзүлүштөрдүн, түшүнүктөрдүн жана баалуулуктардын жыйындысын иш-жүзүндө ашырууда турат.

Бир жагынан фундаменталисттер:

– учурдагы саясий-социалдык тартипке болгон өздөрүнүн көз карашын сунуш кылышат;

– каалаган келечек жашоо ыңгайын түзүшөт;

– дүйнөлүк «туура» түзүлүш жана «жакшы» коом жөнүндө сунуш кылышат;

– модель сунушташат, ага ылайык зарыл болгон саясий өзгөрүүлөр болушу кажет.

Мына ошентип, алардын принциптерине ылайык коомду реформалоо үчүн саясий программалар диний фундаменталисттердин доктринасында ар дайым камтылган, бул фундаментализмди идеология катарында кароого бизге укук берет.

Фундаменталисттердин доктриналары, «алардын принциптерине» ылайык коомду реформалоо үчүн саясий программаларды камтыйт – булар ваххабизм, салафизм, неосалафизм жана башкалар. Бирок, мааниси боюнча ал саясий идея жана баалуулуктардын конкреттүү жыйындысы эмес, бул саясий ой-жүгүртүүнүн стили.

Идеология катары диний фундаментализм төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) заманбап доордо пайда болгон светтик жана диний ажырымды тааныбагандык;

2) саясий чечимдерди кабыл алуунун олуттуу фактору катары – борбордук дин абалын артка кайтарып келүү.

Ваххабизм жана салафизмдин идеологдору чыныгы исламды ордуна алып келүүгө үгүт-насаат жүргүзүшөөрүн жана Алланын жолунан тайыгандык катары азыркы ислам дүйнөсүнүн салт жана практикаларын четке кагышаарын белгилеп кетүүгө болот.

Салафизм, ваххабизм – зомбулуксуз диний үгүт-насааттан тартып глобалдык зомбулуктуу чабуулдук жихадга чейинки ар кандай стратегияларды өзүнө камтыган кеңири жайылтылган түшүнүктөр. Кандай гана болбосун салафизмдин – жихаддык жана жихаддык эмес эки версиясы, динсиздерге, ошондой эле «ишенимден кайткан» мусулмандарга каршы өлүм-зомбулук акциясы менен актанышкан Кудайсыздыкка күнөө коюу такфирдик доктриналдык концепциясы менен бириктирилген.

Айрым өнүккөн өлкөлөр тарабынан даярдалган концепциялар жана доктриналар диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин доктриналык булактары болуп эсептелет.

Экстремизм, терроризм жана фундаментализм акцияларды уюштуруп жана иш жүзүнө ашыруу үчүн түзүлгөн топтор, түзүмдөр алардын уюштуруучулук булактары деп эсептелет. Бурмаланган жана суррогаттык көз караштар жана идеялар диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин саясий-идеялык булактарын түзөт.

Бул жерде бир нерсени илимий ачылыш жана жыйынтык катары белгилеп кетсе болот. Ислам дининин абалын өткөн доордогу даражасына алып келүү диний фундаменталисттердин негизги максаттарынын бири. Бул артка кайтарууну диний фундаменталисттер саясий зомбулук жана анын саясий куралдары болгон экстремизм, терроризм аркылуу жүзөөгө ашырууга аракеттенүүдө. Ошондой эле ислам динин өткөн доордун абалына жана даражасына алып келген учурда дагы, кайра жаркын келечекке умтулууда кайрадан эле саясий зомбулук жана анын көрсөтүлгөн саясий куралдары экстремизм, терроризм аркылуу иш жүзүнө ашырууга аракеттенишет. Бул процесс дагы келечекте биз билбеген жана күтпөгөн көрнүштөргө алып келиши мүмкүн.

Казахстанда, Өзбекистанда, Таджикистанда жана Түркменистанда бийлик жана тийешелүү мамлекеттик органдар бекем болгондуктан, бул республикалар диний фундаментализмдин жана анын саясий зомбулгунун саясий куралдары экстремизмдин жана терроризмдин өнүп, өсүп жана жайылуусуна жол берилбей, катуу көзөмөлгө алынууда. Аталган республикалардан айырмаланып Кыргыз Республикасы азыркы учурда оор саясий-социалдык абалда. Мунун себептери: саясий стабилдүүлүктүн жоктугу, социалдык-экономиканын жана билим, маданият, элдин жашоо-турмушунун деңгээлинин төмөндөөсү, бардык бийлик булактарында коррупциянын гүлдөшү, укуктук нигилизм. Көрсөтүлгөн себептердин негизинде элдин келечеке болгон ишеними, үмүтү үзүлүп ар-бир убакыт сайын төңкөрүштөр жана ыңкылаптар болууда.

# II БАП
# ИСЛАМ ФУНДАМЕНТАЛИЗМИНИН БОРБОРДУК АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕРГЕ ТААСИР БЕРҮҮЧҮ СОЦИАЛДЫК –САЯСИЙ МЕХАНИЗМДЕРИ.

## 2.1. Ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүчү саясий механизимдери.

«Коомдун саясий жашоосу" категориясы азыркы политологияда колдонулуп жаткан кеңири жана ар тараптуу түшүнүктөрдүн бири болуп саналат. «Саясий жашоо» түшүнүгү ичине көрүнүштөрдүн кеңири чөйрөсүн камтыйт: көп кырдуу саясий институттар жана алардын функциясы, түзүлгөн кырдаалга жараша же ага каршы колдонулган адамдардын, социалдык топтордун өз ара мамилелеринин ар кандай түрлөрүн камтыйт [137,239-б.]. Мисалга, Кыргыз Республикасы үчүн өткөөл мезгил болуп саналган XX кылымдын аягы XXI кылымдын башында анын саясий жашоосуна көптөгөн факторлор: демократиялаштыруу жана маалыматташтыруу процесстери, 2005, 2010 жана 2020- жылдардагы ынкылаптар, массалык маалымат каражаттары жана диний факторлор, өзгөчө ислам дини таасирин тийгизди.

Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Түркмөнстанда бийлик жана тиешелүү мамлекеттик органдар бекем болгондуктан, бул республикалар диний фундаментализмдин жана анын саясий зомбулугунун саясий куралдары экстремизм жана терроризмдин өнүп, өсүп жана жайылуусуна жол берилбей, катуу көзөмөлгө алынууда. Бул республикалардан айырмаланып, Кыргыз Республикасы азыркы учурда оор саясий-социалдык абалда. Мунун себептери: саясий стабилдүүлүктүн жоктугу, социалдык-экономиканын жана билим, маданият, элдин жашоо-турмушунун деңгээлинин төмөндөөсү, бардык бийлик булактарында коррупциянын гүлдөшү, укуктук нигилизм. Көрсөтүлгөн себептердин негизинде элдин келечекке болгон ишеними, үмүтү үзүлүп ар бир убакыт сайын төңкөрүштөр жана ыңкылаптар болууда.

Өлкөдө стабилдүүлүк болбогон учурда адамдар бийликтен көңүлү калып, динден калкалоо жана жардам издөөдө. Мындай учурларда адамдар бурмаланган жана жалган саясий-диний идеяларды колдоп фундаменталисттик топторго биригишкенге аргасыз болууда.

Атайын белгилей кетүүчү жагдай, бүтүндөй мамлекеттеги саясий жашоодо болуп өткөн саясий жагдайларды колдоо менен байланышкан процесстер - бир жагынан, экинчи жагынан – бул саясий тартиптин талкаланышы же кайра түзүлүшү менен болгон процесстер. Көрсөтүлгөн бул эки процесс бири- бири менен тыгыз байланышта экенин белгилей кетүү зарыл. Политологиядагы мындай процесстердин өз ара тыгыз байланышуусун белгилөө үчүн жалпы “саясий процесс” категориясы колдонулат.

Саясий процесс дегенде саясий көрүнүштөрдүн өнүгүү жүрүшүн, коомдун саясий системасынын функциясын жана калыптанышын камсыз кыла турган бийлик тармагында өз ролун жана функцияларын ишке ашыруу боюнча саясий субъекттердин аракеттеринин жыйындысын түшүнүү керек [60,4-б.]**.** Бул түшүнүк саясат субъекттердин өз ара аракетинин процесстерин ачып берет: саясий лидерлердин, топтордун, элиталардын ж.б.

Саясий процесстер өзүнө саясий мамилелердин жана институттардын жаралышын жана иштөө механизмдерин, саясаттын көп сандаган субъекттеринин өз ара кызматташуу формасын, саясий бийликти жүзөөгө ашыруу технологиясын жана башкаларды камтыйт.

Саясий феномен катары фундаментализм саясий ишмердүүлүктө бир жагынанан салттуу таза диндин башталгыч фундаментине кайрылууга чакырат, экинчи жагынан – ал ошол “таза” исламдын диний принциптерин алып саясий ишмердүүлүктө жана иш жүзүндө пайдаланганга, өзгөчө экстремизмди жана терроризмди жана саясий зомбулуктун саясий шайманы катары колдоого алганга аракеттенет.

Саясат таанууда ислам фундаментализми келип чыгышы жөнүндөгү түшүнүктөрдү талдоодо, бул диний саясий концепциясынын калыптануусу динге ишенүүчүлөрдүн диний жүрүм-туруму менен саясий системанын иш-

аракеттеринин байланыштуулугун, ислам фундаментализминин саясий процесске тийгизген таасирин айкындоого мүмкүндүк берет деп баса белгилөөгө болот. Пикирлер, саясий доктриналар күрөшүп, ар түрдүү идеологиялардын жактоочулары тирешип турган чакта ислам фундаментализминин саясий кырдаалга жөнгө салуучу таасири саясий системанын туруктуулугун камсыз кылат. Диний фундаментализм менен саясий процесстин өз ара таасири менен өз ара көз карандылыгы диний саясат аркылуу эң даана ачыкка чыгат. Диний фундаментализм тиешелүү диний саясатты иштеп чыгуу аркылуу саясий процесске чоң таасир этет, ал эми ислам фундаментализми саясаттын мүнөзүн аныктайт. Диний фундаментализмдин саясий турмуштагы эң туруктуу функциялары катары буларды кошууга болот:

– идентификациялоо өздүк окшоштук функциясы – бул мусулмандардын өздөрүнүн жалпы кайсы топко таандык экенин түшүнүү жана өз кызыкчылыктарын жактоо үчүн алгылыктуу иш-аракеттерин аныктоо жаатындагы туруктуу муктаждыгын ачып көрсөтөт;

– багыт алуу функциясы – бул мусулмандардын саясий кубулуштардын маанисин чагылдырууга, конкреттүү саясий системада өздөрүнүн укуктары менен эркиндиктерин жүзөөгө ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүүгө жана бул мүмкүнчүлүктөр аркылуу коомдо кайсы бир даражага жетүүгө умтулуусун мүнөздөйт;

– жоболоштуруу (программалаштыруу) функциясы – бул мусулмандардын өзгөчө саясий-диний багыт алуусун жана жүрүм-турумундагы чектерди аныктай турган белгилүү ченемдерин жана түшүнүктөрүн туюндурат;

– ыңгайлашуу функциясы - бул мусулмандардын өзгөрүлмө саясий чөйрөдө өздөрүнүн саясий ыйгарым укуктарын жүзөөгө ашырылуусун чөйрөнүн шартына ыңгайлаштыруусуна муктаждыгын билдирет;

– социалдашуу функциясы – бул мусулмандардын кайсы бир бийлик системасында өздөрүнүн диний-саясий функцияларын жана

кызыкчылыктарын жүзөөгө ашыруусуна мүмкүндүк берүүчү белгилүү бир көндүмдөр менен касиеттерге ээ болушун билдирет;

– интеграциялашуу (дезинтеграциялашуу) функциясы – бул мусулмандардын ар кайсы топторунун белгилүү саясий системанын алкагында келечекте халифат курулуп, шариат толук орун алганга чейин мамлекеттин бүтүндүгүн жана жалпы динге ишенүүчүлөр менен мамлекеттин ортосундагы өз ара мамилесин сактап жана жашоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат;

– карым-катыш функциясы – бул диний фундаментализмдин жалпы кабыл алынган терминдерин, символдорун, стереотиптерин, көз караштарын жана саясий-диний принциптерин болгон мүмүкүнчүлүктөр аркылуу, анын ичинде маалымат каражаттарын таратуу жана ошол эле учурда бардык саясий субъекттер жана бийлик институттары менен айрым маселелер боюнча бирге иштешүүсүн камсыз кылат.

Көрсөтүлгөн ислам фундаментализминин туруктуу функцияларын эске алып, Борбор Азия республикаларындагы азыркы саясий процесстердин өнүгүүсүнүн негизги тенденцияларын методологиялык өңүттөн караганда “түзүмдүк-функционалдык”, “конфликтологиялык” жана “жүрүм-турумдук” ыктарды айкалыштыруу зарыл. Аларды колдонгондо процесстин түзүмдүк компоненттерин, алардын функцияларынын бөтөнчөлүктөрүн, диний-саясий процесстин катышуучуларынын ортосундагы карама-каршылыктарды айкындоого мүмкүнчүлүк түзүлөт, анткени бийлик кимдин колунда экенин жана кандай колдонулуп жатканын аныктаган учурда гана реалдуу саясий процесстерди түшүнүүгө болот. Азыркы кыргыз коомуна көбүнөсе өткөөл абал мүнөздүү келет, бул анын саясий системасына да, анын функционалдык айгинелениши катары саясий процесске да таасир этет. Саясий процесстин мүнөзүнө саясий максат таасирин тийгизет, аны ушул иш-аракеттердин саясий максаттарынын натыйжасын алдын алуу катары кароого болот.

Ислам фундаментализми Борбордук Азия регионунда диний-саясий агым катары бул региондун саясий жашоосунда кандай орунду ээлеп

тургандыгын так баалоо үчүн, бул аймакта өтүп жаткан азыркы саясий процесстерге ислам фундаментализминин таасир этүү механизмдерин көрсөтүү зарыл.

Механизм - бул изилденип жаткан объектинин модели. «Бул механизмди изилдөө негизинен кыймылдаткыч күчтөрдү, мыйзам ченемдүүлүктөрдү, этаптардын, коомдун трансформациясынын жетишилген жана мүмкүн болгон жыйынтыктарын дагы терең жана тутумдуу түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк берет» [60,66-б.].

Саясий механизм – бул саясий институттардын жана уюмдардын берилген бир багытта коомдун өнүгүшүнүн мүнөздөрүн жана касиеттерин өзгөрүүгө багыттаган системалык иш – аракеттер.

Саясий механизмдин объектиси катары – жалпы коом жана ошол коомдун саясий тутумун өзгөртүүгө алып келүүчү процесстер.

Саясий механизмдин субъекттерин аныктоо үчүн негиз катары кандайдыр бир саясий-социалдык топ тандалат. Муну “кызыкдар топтордун” теориясынын негизинде карап көрөлү. Бул теория 1908-жылы америкалык социолог жана политолог Артур Бентли тарабынан иштелип чыккан. Бентли саясий-социалдык процесске таасир көрсөткөн механизмдин субъекти катары саясий-социалдык топтордун көрсөткөн таасирин башкача айтканда «конкреттүү саясий кырдаалда кызыкчылыктардын жана иш - аракеттердин жалпылыгынын негизинде адамдарды бириктирүүнү» саясий процесске таасир берген механизмдердин субъекти катары аныктаган [60,68-б.]. Мындай учурда айрым адамдар үчүн диний жана саясий кызыкчылыктар жалпы болуп эсептелет. Коомго, анын ичинен саясий процесске таасир көрсөткөн өзгөчө топторду көрсө болот бул - кызыкдар тобу жана басым көрсөтүү тобу. Азыркы мезгилде кыргыз мусулмандары, диний укуктар менен эркиндиктерди өзүлөрүнө толук өлчөмдө алуу үчүн мамлекет менен өз ара сүйлөшүү жүргүзүүгө аракет кылышууда. Бентли мындай эки топтун өз ара аракети саясий процесстин маңызы болуп саналарын көрсөткөн. Ушунун негизинде

саясий механизмдин субъекттерин деталдуу кароо үчүн аларды шарттуу бөлүп кароо керек:

Биринчиден, формалдык исламдык структуралар (муфтият, мусулман жамааты), кыймылдар жана бирикмелер, партиялар жана эл аралык ислам уюмдары.

Экинчиден, формалдык эмес ислам структуралары – эл аралык жабык ислам уюмдары, мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөр жана алардын лидерлери, фундаменталисттик террорчулук жана экстремисттик багыттагы тыюу салынган эл аралык уюмдар, дүйнө жүзүнө белгилүү болгон террорчулар.

Формалдык жана формалдык эмес ислам багытына кайтып келдик деген саясий идеяга жамынып алышып, Кыргыз Республикасында жана Борбордук Азиянын башка республикаларында болуп жаткан саясий процесстерге жигердүү катышып жатышат [73]. Акыркы мезгилдерде айрым мамлекеттерде өз филиалдары жашыруун түрдө жана айрым учурларда ачык-айрым иштеп жатат, бир катар ислам уюмдарынын эл аралык саясаттагы ролу өсүп жаткандыгы байкалууда, мисалы: «ИГИЛ», «Талибан», «Бир тууган мусулмандар», «Хезболлах», «Жаралуунун ислам партиясы (Исламская партия возрождения)», «Аль-Джихад», «Таблиг джамаат», «Ислам джихады» партиясы, «Хизб-ут-Тахрир» партиясы, «аль-Муджахидун» (ишеним үчүн жоокерлер), «Джамаат аль-Ислам» жана бир катар башка уюмдар жана партиялар.

Дагы бир атайын белгилей кетчү жагдай, формалдуу да фомалдуу эмес да исламдык түзүмдөр тарабынан Борбордук Азия республикаларынын саясий процессине саясий механизмдин таасири кадыресе өстү. Көрсөтүлгөн ислам түзүмдөрүнүн жактоочуларынын ишмердүүлүгү республикалардагы ички райондордун саясатын аныктаган диний, улуттук жана райондук өзгөчө мүнөз бере алды. Мисалы бизде, Кыргыз Республикасы боюнча карасак – бул Араван, Сузак жана Кара-Суу райондорунда байкалды. Ошондой эле Чүй, Ысык – Көл жана башка региондордо байкалууда.

Бул исламдык түзүмдөрдүн көздөгөн максаттары ар кандай. Мисалы, саясий жана диний фундаментализмдин, экстремизмдин, терроризмдин, этносепаратизмдин жана алардын кесепеттеринин келип чыгышына “этнос аралык жана диний чыр - чатактарды, террорчулукту, шарт түзүүчү себептерди жана шарттарды жайылтуу” [120,155-б.] формалдуу эмес диний уюмдардын максаттары болуп калды

Республиканын ичиндеги расмий исламдык түзүмдөр мамлекеттик саясатка таасир этүү мүмкүнчүлүгүнөн алыстоого аракет кылат. Ошол эле учурда, өлкөдө мусулмандардын санынын көп болушу, саясий элитанын өкүлдөрү менен жигердүү биригүү процесси Кыргыз Республикасынын саясатында исламдык лидерлерди да өз ордун издөөгө мажбур кылууда.

Кыргыз Республикасындагы саясий процесстеги радикалдык диний фундаментализмдин ордун жана ролун аныктоо үчүн бул диний-саясий агымдын жактоочулары болуп саналган адамдардын аракетине тыкыр талдоо жүргүзүү керек. Себеби ишмердүүлүк эки деңгээлде жүргүзүлөт: катардагы жарандардын саясий катышуусу жана кесиптик саясий ишмердүүлүк.

Кыргыз Республикасында кесиптик саясий ишмердүүлүк менен расмий диний уюмдар, өзгөчө, КР мусулмандардын диний башкармалыгы алектенет жана жогоруда көрсөтүлгөндөй кыргыз мусулмандарынын диний укукка жана эркиндикке ээ болуусун ишке ашырууга умтулат.

Фундаментализмдин идеяларын жактоочулар көп учурда муфтияттарда, мусулман жамааттарында, ислам саясий партияларында, кыймылдарда жана бирикмелерде (расмий дагы, расмий эмес дагы), эл аралык ислам уюмдарында турушат. Саясий жашоодогу бул бирикмелерге катышуу көп учурда автономиялуу мүнөзгө ээ, башкача айтканда, жеке, же топтук кызыкчылыкты гана көздөйт. Бирок расмий диний уюмдардан айырмаланып расмий эмес диний уюмдар ошол эле ислам фундаменталисттик уюмдары өздөрүнүн ачыкка чыгарылбаган максаттарына жетиш үчүн тескерисинче, калп болсо дагы республиканын саясий жашоосуна жапатырмак катышууга аракет кылышат жана эреже катары алардын максаты саясий тутумду, элдик

бирикмени жана ишке ашырылып жаткан саясатты жактырууну колдоого багытталган. Расмий эмес деп эсептелген диний фундаменталисттердин бул тактикасын эске алып, тиешелүү иш-чараларды уюштуруу керек. Себеби саясат таанууда саясий ишмердүүлүктүн негизги белгилери болуп, "биринчиден, социалдык топтордун саясий кызыкчылыктарын ишке ашырган субъекттердин болушу, экинчиден, алардын жигердүүлүгүнүн жогорку даражасы, үчүнчүдөн, аларды жактыруусу жана колдоосу саясий бийликти ээлөөгө, сактоого жана колдонууга умтулуу деп эсептеле тургандыгын эстен чыгарбоо зарыл" [95,126-б.].

Көпчүлүк ислам таануучулар өткөн жүз жылдыкта 90-жылдардын башынан баштап негизги үч критерий боюнча: "диний, социалдык жана саясий" исламдын ролунун бир топ өскөндүгүн белгилешти [3,7-б.]. Кыргыз Республикасынын саясий жашоосунда жана башка Борбордук Азия республикаларда ислам фундаментализминин потенциалы азырынча убактылуу алсыз, ошондуктан бүгүнкү күнү демократиялык укуктарды бекемдөө жана алга умтулган коомдук өнүгүү процессине азырынча жетишсиз таасир көргөзөт.

Жогоруда көрсөтүлгөндөргө байланыштуу диний фундаментализмдин жактоочуларынын категорияларын карап көрөлү.

Биринчиси - карапайым жактоочулар, турмушта жана жеке жүрүш-турушунда саясий секталарга чейин так жазма буйруктарды аткарышат, алардын саясий идеологиясы куралдын күчүн колдонуу менен теократикалык бийликтин орнотулушун көздөйт. Алардын саясий идеясы түшүнүүнү жана жакшы пикирлерди таба алды, негизинен, аны иши жана ишеними жок калган жаштардын, региондордун жакыр жашаган айыл калкынын арасынан колдоо тапты.

"Фундаментализмдин" жактоочуларынын экинчи категориясы - бир нече ири жамааттын оокаттуу мүчөлөрү. Алар батыш маданиятына каршы турууда коррупциялашкан чиновниктер менен көрүшүүгө даяр.

Ислам фундаментализми идеясын жактоочулардын үчүнчү тобун интеллектуалдар түзөт. Ага исламдык укуктук жана теологиянын өзүнчө билермандары, Жакынкы чыгыштагы ислам университеттеринин жаш бүтүрүүчүлөрү жана светтик интеллегенциясынын анча көп эмес бөлүгү кирет, алар өздөрү үчүн жаңы диний агымдан жашоосунун маңызын таба алышкан. Жаңы ислам жаштары Дин Башкармалыгын таанызгылары келишпейт, жергиликтүү суфисттик салттарды кадырлоодон алыс. Мусулман жаштары күчтүү эмес фундаментализмдин саясий идеяларынан диний аң сезимге болгон суроолоруна ак жана логикалык жоопторду табуусун улантууда, ошондуктан бул диний агым мурдагыдай эле жагымдуу болуп калууда.

Жогоруда келтирилген мисалдардан улам диний фундаментализм Кыргыз Республикасында да, Борбордук Азиянын башка республикаларында да саясий процесстерге өзгөчө терс таасирлерин тийгизет.

Ушуга байланыштуу диний фундаменталисттик багыттагы уюмдардын ишмердүүлүгү саясий процесстерге төмөндөгүдөй таасир көргөзөт:

– Борбордук Азиянын республикаларынын мамлекеттик бүтүндүгүнө олуттуу таасир көргөзөт. Себеби фундаментализм идеялары менен жамынган диний уюмдарынын мамлекеттик аппарат же анын бөлүгү менен биригиши абдан зор коркунучту жаратат, анткени фундаменталисттердин максаты – исламдык коомду жана мамлекеттүүлүктү түзүү үчүн коомдук-саясий жана диний күчтөрдүн консолидациясына багытталган. Мындай уюмдардын таасирин күчөтүү, эреже катары куралдуу саясий зомбулукту жаратат жана экстремисттиктин, террорчулуктун булагы болуп саналат. Алар тарабынан маданияттардын кагылышуусу жана эл аралык терроризм күчтөрү менен, ошондой эле алардын саясий чиновниктер менен өз ара аракеттенүү багыттары боюнча узакка созулган чыр-чатактарды колдоого алышы олуттуу коркунучту жаратат. Халифат жана шариат толук орун алганга чейин, алар жарандык светтик коом маселелеринде постсоветтик мейкиндиктеги тилкелерде саясий-социалдык кырдаалды алмаштырууга

умтулушат, аны айрым региондорду clandык байланыштарга негизделген салттуу социалдык тартиптин туруксуздаштыруу жолу менен ишке ашырышат;

– аскердик-күч структуралары боюнча – биринчи кезекте күч структураларын реформалоого умтулушат (90-жылдарда Тажикстандагы, Кыргызстандагы жана Өзбекстандагы башкаруу органдары тарабынан радикалдык фундаменталисттик структураларга контролдонбогон биригүү тажрыйбасы - өздүк саясий максаттарды ишке ашыруу үчүн (мусулман мамлекетин орнотуу);

– тышкы саясат маселелери боюнча – эл аралык мамилелерде дин аралык ажырымдарды толтуруу, мусулман жана башка цивилизациянын ортосунда карама-каршылыктарды күчөтүү жолу менен жүргүзгөнгө аракеттенишет.

Жалпысынан, жогоруда көрсөтүлгөн өз функцияларын жүзөөгө ашырууда ислам фундаментализми Борбор Азиядагы саясий процесстерге жана институттарга үч багыттуу таасир этиши мүмкүн.

Биринчиден, анын таасири менен саясий турмуштун салттуу формалары жанданышы ыктымал. Мамлекет жүргүзгөн реформалар мезгилинде динге ишенүүчүлөр баалуулук багыттары туруктуу болгондугуна байланыштуу аны колдоп, бирок киргизилип жаткан жаңы максаттар менен баалуулуктарга каршы турушу мүмкүн.

Экинчиден, ислам фундаментализми социалдык жана саясий турмуштун коом үчүн салттуу эмес, жаңы формаларын жаратышы мүмкүн. Коомдук деңгээлде жалпысынан саясий процесске таасир этүүнүн мындай инновациялык усулдары диний-саясий идеологиялардын ислам фундаментализминин идеяларына, принциптерине жана көз карашына шайкеш келген нугунда жүзөөгө ашырылат.

Үчүнчүдөн, ислам фундаментализми мурунку жана келечектүү саясий түзүмдөрдүн элементтерин айкалыштырышы мүмкүн. Башкаруучу режим жана көпчүлүк мусулмандар үчүн мүнөздүү негизги баалуулуктар менен

жүрүм-турум үлгүлөрүн сактап, ал конкреттүү коомдун саясий-социалдык турмушуна саясий карым-катыштын жаңы механизмдерин бириктирүү, учурдагы диний-саясий салттарды жаңыртуу жана түзүмүн өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Ар кайсы тарыхый жагдайларда, өзгөчө каатчылык шартында мамлекеттик турмуштун коммуникативдик жөндөмү кыйла начарлап, мунун натыйжасында динге ишенүүчүлөрдүн ар кайсы топторунун, айрыкча өкмөттүн тандаган багытына карата карама-каршы турумдарды ээлегендердин ортосунда талаш-тартыш курчуп кетет. Экинчи жагынан, көп учурларда өткөөл мезгилдерде диний жана саясат мамилелерин жетектөө, башкаруу тутумун бытыранды кылуу мүмкүнчүлүгү күчөйт.

Саясий процесс исламдын диний-саясий маданиятынын, анын жүрүм-турумга тиешелүү жактарынын таасири менен өзгөрөт деп ойлойбуз. Диний саясат маданияты укуктук маданият, ыймандуулук жана диний идеология менен табигый түрдө байланышкан. Диний-саясий идеология ислам фундаментализминин өзөгүн түзөт, андыктан динге ишенүүчүлөрдүн укуктарынын мазмуну менен көлөмүн, тандаган ыймандык ченемдерин жана принциптерин аныктайт. Саясий баалуулуктардын, ченемдердин жана идеалдардын өзгөрүүсү момун мусулмандардын жүрүм-турумунун таризин жана иш-аракетинин үлгүлөрүн өзгөртүүгө алып келет.

Ислам фундаментализми аркылуу Борбор Азиядагы саясий процесстердин өзгөрүшүнүн эң орчундуу тенденцияларына буларды кошууга болот:

1) ислам фундаментализми саясий процесске таасир берүү менен бирге тийиштүү саясий системанын катышуучуларынын турумдары жана багыттарынын бүтүндөй системасына таасирин тийгизет. Ислам фундаментализми менен саясий системанын өзөктүү мүнөздөмөлөрүнүн байланыштуулугун төмөнкүдөй жактары менен чагылдырууга болот: максаттуулук, коомдо саясий мамилелердин бардык түрлөрүн иретке келтирүүчү бийлик функцияларын ишке ашыруу. Динге ишенүүчүлөрдүн ар

бири саясий процесске тартылуу даражасына жараша өзү үчүн саясий идеялар менен мүдөөлөрдү аныктап алат да, алардын негизинде саясий жүрүм-турумун, багытын тандайт. Мунун натыйжасында ислам фундаментализминин элементтеринин өзгөрүүсү саясий процесстеги өзгөрүүлөргө алып келет;

2) региондогу саясий процесске таасир этүүнүн эң орчундуу факторлорунун бири – бул мусулмандардын саясий аң-сезимине жана дүйнө таанымына таасирин тийгизүүчү, саясий процесстин катализатору болуп бараткан басма жана электрондук маалымат каражаттары. Маалымат аркылуу баш айлантуунун кеңири жайылтылышы саясий процесстин катышуучулары катары мусулмандардын саясий жүрүм-турумунун, көз карашын жана иш-аракетинин үлгүлөрүнүн жаңы варианттарын камтып жатат.

Ислам фундаментализминин саясий процесске таасирин талдаганда, төмөнкү үч топтогу саясий механизмдерди айырмалоого болот:

1) саясий - аксиологиялык – белгилүү бир диний-саясий баалуулуктарды тандап жана алар аркылуу саясий процесске таасир көрсөтүү;

2) саясий-идеологиялык – диний-саясий уюмдардын, кыймылдардын, партиялардын саясий-диний идеологияларын, программаларын иштеп чыгуу жана аларды жүзөөгө ашыруу;

3) саясий - укуктук – өздөрүнүн максаттарына жетүү үчүн тарапташтары өздөрүнүн жарандык жана саясий укуктарын кеңири пайдалануу жана саясий процесске таасир берүүсү.

Бул механизмдерге кыскача мүнөздөмө берүү керек.

1. Саясий-аксиологиялык механизмдердин таасири. Ислам фундаментализминин өзгүн баалуулуктар түзөт, бул баалуулуктардын сапаты канчалык бекем жана бийик болсо, ошончолук саясий процесске тийгизген таасири күчтүү болот.

2. Саясий-идеологиялык механизмдердин таасири. Диний-саясий уюмдардын, партиялардын жана кыймылдардын программаларында чагылдырылуучу саясий-диний идеологиялардын калыптануусунан жана

түзүлүүсүнөн турат. Себеби динге ишенүүчүлөрдүн тартылуусу жаңы тарапкерлердин көбөйүшүнө алып келет. Бул механизмдер саясий процесске таасир берүүдө орчундуу мааниге ээ болот.

3. Диний фундаменталисттер кабыл алган баалуулуктар алардын диний-саясий иш-аракеттеринин максаттарын түзөт. Бул максаттарга жетишүүнүн каражаттары катары алар өздөрүнүн жарандык жана саясий укуктарын кеңири пайдаланат. Кандайдыр бир даражага жетүү жана жеткен даражалар аркылуу саясий процесске таасир көрсөтүү алар үчүн абдан маанилүү болот.

Жогоруда көрсөтүлгөн ислам фундаментализминин саясий процесстерге таасир берүүчү саясий-социалдык механизмдеринин, анын туруктуу функцияларын жана багыттарын кенен карап көрөлү.

Ислам фундаментализминин келечеги туурасында айтуу абдан маанилүү, анткени фундаментализмдин саясий идеялары бийлик тарабынан туура багытта пайдаланылган учурда Борбордук Азия регионундагы жаш калкты негативдүү ойлордон тазалоо жөндөмдүүлүгү артат. Ошондой эле теологдордун бир бөлүгү радикалдык фундаментализимдердин идеяларынан радикалдуу эмес таза жана салттуу исламга “өтүүчү көпүрө” болуп калышы дагы толук мүмкүн экендигин белгилешет. Демек, бийлик муну сөзсүз түрдө пайдаланышы жана эске алуусу зарыл.

Борбордук Азияда бул агымдын радикалдуу багыттагы таасири токтотулбаса, анда жакын арада саясий жана социалдык абал курчуп кетиши толук ыктымал. Себеби салттуу ислам мурда белгилүү болбогон агымдар менен кездешкен, бул кездешүү бир катар региондордо саясий жагдайдагы кагылыш, чыр-чатактар менен туруксуздукка алып келди. Бул көп жагынан, расмий дин радикалдык диний фундаментализм менен диний-идеологиялык кагылышка таптакыр даяр болбогондугу, бир катар учурларда ал руханий даярдыкка радикалдуу диний фундаменталистерге орун бошотуп бергендиги менен байланыштуу. Күч ыкмалары менен фундаментализмдин саясий жана диний идеяларынын таралышын кескин чектөөгө болот. Бирок, кандайдыр бир

трансформациядан өткөндөн кийин, жаңы шарттарга ыңгайлашып алып, агым кайрадан жанданышы мүмкүн. Ал өз кебетесин өзгөртүп, ар кандай көрүнүшкө ээ боло алат, ал эми чет элдик радикалдуу диний борборлорунан финансылык колдоо алган учурда региондун мусулмандарына өз таасирин күчөтөт.

Саясий процесстерди жана диний фундаментализмди бири биринен таптакыр ажыратып кароо мүмкүн эмес. Бул учурда коом үчүн конструктивдүү, коом жана уммалар үчүн алгылыктуу болгон процесстердин бири – электоралдык процесстердеги исламдык диний уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусун изилдөө процесси конфессионалдык социумда мусулман коомчулуктарын интеграциялоо жолу менен жүргүзүлөт.

Саясий-аксиологиялык таасир механизмди карап көрөлү. Диний фундаментализмдин социалдык түзүлүшү саясий максаттарга жетүүнүн зомбулуктуу усулдарын жана формаларын колдонууну болжогон саясий күрөштүн тармагына караштуу. Азыркы “диний фундаментализмдин жашоого бышыктыгын биологиялык жагы аныктайт, анткени анда адам табияты көрсөтүлгөн жана саясий бийлик үчүн күрөш формасы катары экстремизмдин жана терроризмдин ар түрдүүлүктөрү пайда болот” [3,37-б.].

Расалык басмырлоо радикалдык фундаментализмдин жана улутчулдуктун муундуу белгиси болуп саналат. Бул муундуу белгилерди саясий-аксиологиялык механизм саясий процесске таасир берүүдө кеңири колдонулат. Бул саясий, экономикалык, социалдык, маданий же коомдук жашоонун ар кандай башка тармактарында адамдын тең укуктарында жана негизги эркиндиктеринде ишке ашкан же колдонулган, таанығандыкты кемитүү же жок кылуу максаты же натыйжасы менен, улуттук же этникалык тегинин, уруулук, дене, өңүнүн, расалык белгилерине негизделген, ар кандай чектөө же артык көрүү, жокко чыгаруу, айырмалоо катары түшүндүрүлөт.

Улутчулдук бир элдин өкүлдөрүн бириктирүү менен, ошол эле убакта кастык менен жооп берүү реакциясын козгоп, анда башка улут же элдердин өкүлдөрүнө карата душмандын образын түзөт. Жыйынтыгында улуттар

аралык мамилелер аркылуу диний фундаментализм үчүн анын өнүп, өсүшүнө жана жайылуусуна алгачкы шарттар пайда болот.

Улутчулдуктун башаттык түшүнүгү катары улут эки формада чыгат: «этникалык улут жана жарандык улут» [188,34-б.]. «Этникалык улут» тамыры менен жалпы маданиятка жана тарыхый мураска кеткен топтун алкагында жалпы окшоштуктун аң-сезиминде негизделет. Ал адат катары, конкреттүү бир мамлекеттеги азчылык улутта өзгөчө даана көрүнөт. Мисалы, Кыргыз Республикасында өзбек улутундагы адамдарды көрүүгө болот.

Этникалык улуттан айырмаланып, «жарандык улуттун» башаттык белгиси жашаган территориясы болуп саналат. Ал белгилүү бир аймакта туулган, же анда жашаган фактысы боюнча таандык боло алган ачык улуттук топту элестетет. Качан өлкөнүн бардык жарандары расалык жана диний таандыктыгына карабастан, бир бүтүн улутту түзүшкөндө, жарандык улут ошол улут-мамлекеттин натыйжасы болуп саналат. Ушул абалда, улут маданий-тарыхый же кандаш байланышта эмес, индивид менен коомдун эркин түрдө өзүн өзү аныктоосунда жана жарандык маданияттын биримдигинде куралат. Биздин республикада бул багытта иш алып барууга аракеттер көрүнүүдө.

XX кылымдын экинчи жарымында «этностук топтордун жана элдердин улуттук жана диний баалуулуктарынын кайра жаралуусу үчүн күрөштүн курчушу бир катар саясий, ошондой эле диний фундаментализмдин постулаттардын көрсөтүлүшү менен коштолгон» [119,22-б.].

Алгач, улут мамлекеттин бар болуу идеясынын өзү ислам фундаменталисттерине күмөн туудурган. Анын легитимдүүлүгүнөн баш тартылган, анткени ал бир этностук топтун диний жана саясий баалуулуктарынын шариат жана факт жүзүндөгү халифаттын шартында гана жашай алмак.

КМШ өлкөлөрүндө анын ичинде Борбордук Азияда өкүм сүргөн айрым этникалык уюмдар жана кыймылдардын ортосунда бир кыйла айырмачылыктар бар. Бул айырмачылыктар, тигил же башка этникалык

топтордун жашоо-тиричилигинин дайындуу саясий, социалдык жана экономикалык шарттарынан сөзсүз түрдө көз каранды. Этноцентризмдин пайда болушу, башкача айтканда, өзгөчө генетикалык (биологиялык) деңгээлде өндүрүлгөн ченем жана эрежелерди четке кагуу, ар дайым компромисстик эмес радикалдуу диний фундаментализмге алып келген келишпес каршылашуунун жана согушчандыктын себеби болот.

Диний фундаментализм менен этноцентризмдин ортосундагы байланыш бир катар факторлор менен аныкталат» [72,20-б.]:

Биринчиден, диний бөлүнүү үчүн күрөш ири чыгымдар менен коштолот жана көбүнчө келечектери бүдөмүк болот. Ал массанын өзгөчө кубаттуу мобилизациясын талап кылат. Бул байланышта диний фундаментализмдин баалуулуктарын сактоо идеялары зор потенциалга ээ болот.

Экинчиден, диний баалуулуктарга болгон басым такыр чечилбеген карама-каршылыктарды жаратат. Ресурстар жана саясий-социалдык кызыкчылыктардан айырмаланып, диний фундаментализм баалуулуктары бөлүнбөс жана абсолюттуу, ал эми аларды коргоого байланыштуу пайда болгон карама-каршылыктар чынында зомбулук анын ичинде экстремизм жана терроризм усулдары менен чечилиши мүмкүн.

Үчүнчүдөн, бардык «бөлөктөргө» жашыруундукту, кастыкты жана аны коомдун ичинде дагы, сыртында дагы басууну сөзсүз болжогон «этникалык жана диний тазалыктын» себептерине этноцентризмдин кайрылышы логикага туура келет».

Диний фундаментализм өзүнүн жогоруда көрсөтүлгөн саясий механизмдери түрүндө, калктын айрым катмарлары, топтору жана жактары тарабынан мамлекеттеги өкүм сүргөн коомдук ченемдерден жана эрежелерден радикалдуу түрдө баш тартуу формасы болуп саналат. Ал көбүнчө маргиналдык чөйрөдө уялайт жана адамдын абалынын белгисиздигинен азыктанат. Анын себептери, жарандардын бөлүгүнүн диний сабатсыздык жана социалдык адашуусунда, алардын саясий маданиятынын жетишсиздигинде,

коомдун кризистик абалында, коомдук көзөмөлдүн алсыз институттарында жана натыйжасы жок укук тутумунда жатат. Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий-аксиологиялык, саясий-идеологиялык жана саясий-укуктук механизмдери ошол эле экстремизмди, терроризмди, улутчулдукту, расалык басмырлоону, улуттар жана лингвистикалык карама-каршылыктарды, этносепаратизмдерди кеңири колдонууда.

Борбордук Азиядагы ар бир өлкөгө экстремизмдин тигил же бул түрүнүн көбүрөөк жайылтылышында пайда болгон өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү бар [183,56-б.]. Бул, топтук саясий-социалдык теңсиздик жана маданий айырмачылыктарды четке кагуу идеяларына, тоталитардык тартип жана жек көрүүчүлүк пропагандасына негизделген диний фундаментализмдин саясий-аксиологиялык жана саясий-идеологиялык механизмдери биргелешип таасир берүү процесси болушу мүмкүн. «Улутчулдук түшүнүктөгү диний фундаментализм расалык келишпестик кыртышта өсүп чыгат, анын үстүнө диний радикалисттер адамдардын өң-түсүнүн анча-мынча айырмачылыктарына да диний жана расалык маани беришет» [183,107-б.]. Радикалдуу диний фундаментализм болсо адатта, өлкөнүн ичиндеги да жана чет жердеги да башка динди туткандарга карата жана башка улуттарга дагы кастык түрдө пайда болот.

Андан дагы, өзгөчө радикалдуу маанайдагы диний фундаменталисттер өздөрүнүн күчтөрүн башка өлкөлөрдөгү куралдуу күрөштү колдоого жумшаган. Француз социологу К. Превонун [7,28-б.] таамай белгилөөсү боюнча: «Идеялар фундаменталисттерге абсолюттуу автономдук күчтөрдүн пайда болгонундай көрүнгөн. Ошондуктан алардын чөйрөсүндө жашоо үчүн - каалоо жетиштүү деген түшүнүк узак өмүр сүргөн» [7,107-б.]. Ушуга байланыштуу жихад концепциясын эске алсак, анда ислам фундаменталисттердин пикири боюнча “мамлекеттик бийлик” [51,28-б.] джихад аркылуу чечилиши керек.

Капиталисттик коомдун «ааламдык карама каршылык» [51,55-б.] стратегиялык концепциясына ылайык азыркы ислам фундаментализми өтө келечектүү болуп калды.

Этникалык жалпылыктын экзотизациясы жана диний фундаменталдык, өтмө эмес жана негиз салуучу мүнөз берүү ислам фундаментализм үчүн мүнөздүү. Кыргыз Республикасы сыяктуу көп улуттуу мамлекет үчүн мындай диний жана саясий идеология өлкөнүн жарандарынын бөлүнүп-жарылуусуна алып келет. Ал мамлекеттик кризис шартында өзгөчө курч түрдө пайда болот жана ошол эле убакта ушундай кризистин кыймылдаткыч күчү катары чыгат, мисалы, 2010-жылдын июнунда республикабыздын Ош жана Жалал-Абад областтарында өзбек улутундагы адамдардын өзүнчө тобу тарабынан көрсөтүлгөн.

2010-жылдын май-июнь айларында Кыргыз Республикасынын өзбек улуттук-маданий борборунун лидерлери К. Батыров жана башкалар өзбек калкынын айрым бөлүгүн саясий-укуктук механизм аркылуу өзбек калкынын укуктарын козгоп жана манипуляция кылгандыктарын көрсөтүшкөн. Адамдардын улуттук сезимине таасир берүү жетишерлик туруктуу жооп берүүчү реакцияны козгойт. Улуттук сезимге таасир берүүнүн натыйжасындагы «жан дүйнөнү» сыздаткан жаралардын айыгышы көпкө созулат жана муундан муунга мурас болуп өтүү сапатына ээ. Республикабыздагы 1990-жылдын июнундагы Ош окуялары 2010-жылы июнь айында кайталангандыгы дал ушул менен түшүндүрүлөт.

Радикалдуу ислам фундаментализмдин бир көрүнүшү, зомбулукка алып келген көптөгөн саясий талаштардын жана жаңжалдардын негизинде жаткан диний карама-каршылыктарды карап көрөлү. XX кылымдын акыркы 20–30-жылдарында террористтик жана экстремисттик ишмердүүлүктү козгогондордун ичинен эң орчундуусу диний жана улуттар аралык мамилелер негизги факторлор болгон. Экстремизмдин маанилүү себептеринин бири исламда диний жана светтик дегендерге бөлүү жок экендигинде жатат. Бул жерден орто кылымдын башындагы араб халифаты чыныгы мусулман

ишениминин мамлекети болгон. Дал ушул халифат азыркы учурдун диний фундаменталисттик, террористтик уюмдарынын көксөөлөрүнө үлгү болуп берет.

Радикалдуу диний фундаменталисттердин пикири боюнча, алардын идеяларын, программаларын жана багытын колдоону каалабагандарга табигый жооп болуп зомбулук саналат. Дин алар үчүн абийир менен кадыр-баркты коргоо каражаты болуп саналат жана мусулмандардын бакубат жашоосун камсыз кылат. Жихад («ыйык согуш») алар тарабынан түзмө-түз кабыл алынат, башкача айтканда, динсиздер менен күрөштүн ыкмасы катары, ал эми исламдын чыныгы жоокери жихаддын максаттарына жетүү үчүн бардыгын колдонууга тийиш. Саясий-аксиологиялык жана саясий-идеологиялык механизмдер катары радикалдуу диний фундаментализм эки негизги формадан турат: «идеологиялык доктрина катары жана ушул доктринага негизделген саясий иш аракеттер катары» [18,12-13 б.].

Ошондой эле урбанизация, жалданма эмгектин чөйрөсүн кеңейтүү, жаңы шаарлардын калк катмарларынын саясий жигердүүлүгүн арттыруу, өлкөдө көпчүлүктү түзүп калган этникалык топтордун саясий-диний укуктарын чектеп коюу ислам фундаментализмдин өөрчүү себептеринин негизгилерине кирет. Бул факторлордун таасири астында «ислам ченемдерине кайтуу зарылчылыгы жана аларды күч менен коргоо жөнүндө ураандарга айланган исламдын саясатташуусу жүрүүдө» [64,35-б.]. Ушулардын негизинде саясий процесске таасир берүүдө саясий-идеологиялык жана саясий-укуктук механизмдерин көрүүгө болот.

Мамлекеттик бийликтин алсыздануусу жана анархиянын күч алуусу, ошондой эле башка өлкөлөрдөн ислам революциясынын экспорту зомбулукка өтүүгө көмөк көрсөтөт. Ошону менен бирге диний радикалдар менен уюшкан кылмыштуулуктун биригүүсү болот. Мындай көрүнүш эң биринчи ирээтте Пакистанда болгон. Пакистанда «ислам социалисттик» саясатын жүргүзүү оңунан чыкпай калгандан жана анын жаратуучусу Бхуттонун өлүм жазасынан кийин 1970-жылы өлкөнүн ичинде «пуштундук мафия» [141] дегендин ролу

өскөн. Ал уюшкан кылмыштуулук (баңгизат сатуу, контрабанда) жана Афганистанда согуш жүргүзүү менен тыгыз байланышта болгон. Өзүнүн ишмердүүлүгүн жашыруу үчүн «пуштундук мафия» ислам жана жихадды пайдаланган.

Пакистан жана Афганистанда башталып Борбордук Азияга тараган ушуга окшош кырдаал Тажикстанда, Өзбекстанда, Кыргызстанда, Казакстанда жана Орусиянын Кавказында болуп өткөн саясатты, динди жана криминалды бириктирип, фундаментализм өз кызыкчылыгына кеңири пайдаланган. Бул көрүнүшкө дагы саясат таануу илими өзүнүн көңүлүн буруусу зарыл.

Диний фундаменталисттер өзүнүн көз караштарын мамлекеттик саясаттын деңгээлине көтөрүүгө умтулууда. Мисалы, 2001-жылдын май айында Афганистан фундаменталисттик бийлигинин, индуисттик диний культту карманган тургундарды сыртынан айырмалоо практикасын киргизүү ниети бар экендиги расмий жарыяланган. Анын өкүлдөрү мусулман эмес экендиктеринин белгиси катары, сары же кызгылт сары түстөгү чүпүрөктүн кесиндисин кийимдерине жабыштырып жүрүүгө тийиш болгон. Бул чара ислам талаптарына толук түрдө ылайык келет жана «ислам мамлекетиндеги диний азчылыктар бирдей болушу кажет» [141].

Жаңжалдарга алып келген улуттар аралык карама-каршылыктардын курчушунун жалпыга таанылган себептеринин арасынан, баарынан мурда, маданий жана тил айырмачылыктар, алар бар болгон мүнөздүү багыттарга карата азайгандыгына жана ар кандай улуттагы адамдардын өз ара аралашуусуна карабастан өзгөчө туруктуулукту көрсөтүшөт.

Этникалык өзүн өзү түшүнүүнүн кайра жаралуу процесси азыр улуттук азчылыктын саясий элитасынын пайда болушу менен коштолууда, алар борбордогу саясий бийликтен чоң үлүш алууга жана жергиликтүү деңгээлде автономиянын тигил же бул формасына жетүүгө аракет кылышууда. Эл аралык саясий тутумдун тең укуктуу мүчөсү катары, улут арасындагы улут катары азчылыкка өзүн өзү аныктоо укугу берилишин саясий элита жактоодо.

Ошентсе да бардык көп этностуу Борбор Азия өлкөлөрүндө улутчулдукту козгоо булагы болуп, биринчи кезекте, ар түрдүү этностордун учурдагы саясий жана социалдык-экономикалык теңсиздиги саналат. Мунун аркасында азчылык топтун саясий укугу жана саясий статусу жөнүндө маселе курч формада пайда болот жана саясий-укуктук механизмдин саясий процесске таасирин берүүдөгү көрүнүшү байкалат. Аларды аныктоодо этноконфессионалдык карама-каршылыктардын жаңжалдуулугунун деңгээли боюнча алар төмөнкү баскычта топтоштурулушу мүмкүн: лингвистикалык, эгалитаристтик (теңдештирүүчү), автономисттик, сепаратисттик.

Лингвистикалык карама-каршылыктар, улуттук тилдердин укугу жана даражасы адатта, көптөгөн этноконфессиалдык жаңжалдардын милтеси катары чыгат. Адатта, алар жок эле дегенде орто билим деңгээлинде кайсы-бир улуттук азчылыктын эне тилин окууга умтулганында көрүнөт. Мындай умтулуу демейде улуттар аралык жана этникалар аралык мамиле маданияты өнүккөн өлкөлөрдө демократиялык жол менен оңой-олтоң канааттандырылат.

Эгалитаристтик жана антииммиграанттык этникалык карама-каршылыктар бир медалдын эки тарабы катары чыгат. Түпкүлүктүү элдер менен иммигранттардын этникалык жана конфессионалдык окшоштугуна ээ болууга умтулуусу аларда көрүнүп турат. Титулдук улуттун өкүлдөрү үчүн өз өлкөсүндө улуттук азчылыкка айланып калуу мүмкүндүгүн эскерткен келечектин шартында, тең укуктуулук үчүн кыймыл «түпкүлүктүү» тургундардын каршы аракеттерине, алгач, тиричилик деңгээлде, андан кийин расмий бийлик киргизген формалдуу чектөөлөрдүн эсебинен мамлекеттик деңгээлде көбүрөөк тушугат. Бул Европадагы айрым өлкөлөрүндө ачыктан-ачык байкалууда.

Азыркы тапта Европада антииммиграанттык кыймылдар күч ала баштады. Фашисттешкен уюмдар расанын тазалыгы ураанынын астында ачык жүрүш, күрөшкө байма-бай көтөрүлүшүүдө. Улутчул элементтер «терроризм» жана «ислам фундаментализми» менен күрөшүү байрактарынын астында биригип жатышат. Бөтөн улуттагы душмандарына (мигранттар, алардын

мечиттери жана улуттук-маданий борборлору) каршы зомбулук аракеттерге болгон ынтызарлык, антииммиграниттык кыймылдын эки канатына тең мүнөздүү болуп саналат. Расмий деңгээлдеги күрөш «мыйзамсыз» иммиграция жана ислам фундаментализми дегендердин тегерегинде жүргүзүлөт.

Автономисттик кыймылдар ар бир өлкөдө тигил же бул тариздe болууда, анткени заманбап учурда моноэтникалык мамлекет өтө эле сейрек көрүнүш болуп баратат. Этникалык ар башкалык (гетерогендик) мамлекеттердин ички саясий туруксуздугунун өзгөчө жайылтылган себептеринин бири мына ушул жагдай болуп саналат.

Саясий-укук механизм жана анын таасири катары төмөндөгүлөрдү карасак болот. Азыркы радикалдуу ислам фундаментализминин диний, саясий – идеологиясына негизделген бир багыттагы көрүнүшү бул сепаратизм саясий программа жана зомбулук аракетинин формасындагы натыйжа катары формалдуу түрдө жалган түшүндүрмө берилген өзүн-өзү аныктоо принцибине негизденет: ар бир этникалык жалпылык мамлекеттик тариздeлген жеке территорияга ээ болушу керек. Ал эми азыркы улуттук мыйзамдар жана жалпы кабыл алынган эл аралык документтер, учурдагы мамлекеттик тутумду жана территориалдык уюмдардын (этникалык топтордун эмес) калган калкка зыян келтирбей билдирилген демократиялык эркине ылайык башкаруу тутумун түзүү укугун таанууга негизденип, өзүн-өзү аныктоого болгон элдердин укугуна түшүндүрмө берет.

Өзгөчө көп эмес этникалык топтор үчүн азыркы учурдагы өзүн-өзү аныктоо, алгач коомдук-саясий процесске катышууга болгон укукту билдирет. Ал эми азыркы этникалык варианттагы сепаратизм болсо – бул учурдагы тутумдан чыгуу жа өзүнчө этникалык жалпылык үчүн мамлекеттүүлүктү тариздөө максатында ал тутумдуу кыйратуу болуп калууда. Сепаратисттер үчүн өзүн өзү аныктоо – жалпы мамлекеттен дайыма четтөө, саясий жана маданий бөлүнүү. Алардын түшүндүрмөсүндө «өзүн-өзү аныктоо улутчулдуктун ар түрдүүлүгү катарында чыгат» [59,41-б.]. Мурдарак

белгиленип кеткендей, Кыргыз Республикасында 1990-жылдын июнунда жана андан 20 жыл өткөндөн кийин 2010-жылдын июнунда, качан өзбек улуттук-маданий борборунун лидерлеринин бири К. Батыров жана анын тегерегиндегилер өзүн-өзү аныктоо ураанынын астында Кыргызстандын түштүгүндө улуттар аралык жаңжал башташканда ачык-айкын көрүнгөн.

Азыркы кездеги радикалдуу ислам фундаментализминде жоопкерчиликсиз жактар, баарынан мурда жергиликтүү саясий элитанын ичинде жетиштүү санда бар. Дал ошолор «өзүнүн элинин камкорлору» ураанынын астында чыгуу менен, көпчүлүк учурларда өздөрүн «мамлекеттин лидерлери» катары тастыктоо жана «өзүн-өзү аныктаган эл» төлөш керек болгон жаңы «улуттук» бюрократияны түзүү максаттарына тар өзүмчүлдүк маанайда умтулушат. 2010-жылы июнда өзбек сепаратисттеринин лидери К. Батыров «өзбектердин кызыкчылыгы үчүн эмес, өзүнүн жеке финансылык жана саясий кызыкчылыгы үчүн күрөшкөн» [59,43-б.].

Көз карандылыкка жетүү ураны кандай гана болбосун өкүм сүрүп жаткан мамлекетке жана калган элге каршы пропаганда менен коштолот. Ошону менен бирге, дайыма «өзүн-өзү аныктагандардын» пайдасына түшүндүрүлгөн элдердин тарыхындагы негативдүү учурлар кеңири колдонулат. Пропагандисттик өнөктүктөрдүн жүрүшүндө, ошол мамлекеттин калкынын көпчүлүгүн түзгөн этноско карата ураандардын кеңири таралганына адатта төмөнкүлөр кирет: «биз узак убакыт чыдадык», «мындан ары мындай болбойт», «убакыт келди». Өзүн өзү аныктоону, жана ошентип жашаган территорияга, жакын жайгашкан областтарга болгон тарыхый укукту талап кылган элдин көп кылымдык мамлекеттүүлүгү жөнүндө түшүнүктөр өтө кеңири пайдаланылат.

Көпчүлүк учурларда ислам фундаментализми өзүнүн саясий зомбулук куралы катарында экстремизм жана терроризмди калган калкты күчкө салуу жана зордоо аркылуу өзүнүн эркин таңуулайт. Фундаменталисттик уюмдарды түзүү жана куралдандыруу аркылуу ал-күчкө ээ болот. Дал ошол курал жана согуш иши үчүн тынчтык мезгилиндеги эмгегин таштап коюшкан

согушкерлердин тобу, өкүм сүргөн мамлекетке чакырык таштоого радикалдуу диний фундаменталисттик лидерлерге жол ачып берет.

XX кылымдын аягында диний жана улутчул экстремизм баарынан көп жайылды. Динге негизиделген экстремизмдин ислам фундаментализми менен байланышын көрүүгө болот. Кийинкиси, жакыр өлкөлөрдөгү калктын саясий жагынан билимсиз катмарын жана өнүккөн өлкөлөрдөгү маргиналдарды, өткөн кездеги исламдын «алтын дооруна», салттуулукка жана шариятка кайтууга карай жол менен алардын көйгөйлөрүн чечүүнүн негизи жок жөнөкөйлүгү менен өзүнө тартат. Ал эми ислам дүйнөсүндөгү кырсыктардын күнөөкөрлөрү болуп динсиздер, б. а. «тышкы душмандар» жарыяланат.

Ислам фундаменталистери Борбордук Азия өлкөлөрүндө өздөрүнүн максаттарына жетүү үчүн жергиликтүү калкка төмөндөгү көз караштарды пайда кылышат:

– силердин каада-салтыңарды, маданиятыңарды, тилиңерди, диниңерди коңшу Россия жана Кытай мамлекеттери сактабайт;
– ар бир эл өзүнүн тилин, динин, маданиятын, каада-салтын саткаш керек;

Көрсөтүлгөн эки көйгөйдү чечүү бир эле диний фундаменталисттердин колунан келет деген ураандын астында улуттар аралык жана диний карама-каршылыктарды колдонушат.

Ушунун негизинде Борбор Азияда улуттар жана дин аралык кагылышуулар башталып, саясий кырдаал курчуп, диний фундаменталисттердин “чырагына май тамат”.

XX кылымдын экинчи жарымында эл аралык мыйзамдардын жана процесстердин бийлигин орнотуу пайдасындагы өлкөлөрдүн, элдердин жана ички мыйзамдардын ролунун кыскаруусу болуп өткөн. «Ааламдашуу» деп аталган жана акыркы 20-25 жылда байкаларлык айлануулларды жыйнаган бул процесс, ушул көрүнүштүн ар түрдүү негиздеме теорияларын билдиришкен көптөгөн окумуштуу жана эксперттердин көңүлүн өзүнө бурган.

Ааламдашуу процессинде саясий-аксиологиялык жана саясий-идеологиялык механизмдер өлкөлөрдүн ички саясатына, экономикасына жана илгертен калган маданиятына анын ичинде динине дагы таасир берет. Ошондой эле ааламдашуу процессинин таасири Ыбырайым (Авраам) диндеринин кагылышуусуна алып келет.

Адатта ааламдашууну үч жактуу карашат. Алып айтканда, дүйнөлүк эркин рынок жана эл аралык экономикалык түзүм тутумунун алкагындагы экономиканын ааламдашуусу тууралуу. Түзүм менен эрежелери улуттук жана жергиликтүү экономиканын жүрүш-турушун аныктаган Бүткүл дүйнөлүк соода уюму экономикалык ааламдашуунун турмушка ашырылышы болуп саналат. Экинчи жагы – маалымат революцияларынын ааламдашуусу, анын натыйжасында маалыматтык технологияларды, Интернетти жана электрондук почталарды колдонуунун аркасы менен аралыктар кыскарды жана дүйнө бир шаарга айланып калды. Үчүнчү жагы – бул маданият ааламдашуусу, анын натыйжасында өздөрүнүн көз карашы, баалуулуктары жана жалпы идеалдары менен дүйнөлүк маданият пайда болду, ал эми исскуство тармагында бул музыканын жана кийимдин биримдигинде пайда болду. Көп учурларда бул жалпы маданият улуттук маданияттан жана динден алдыга озуп кетет.

Эгерде ааламдашуу (глобализация) менен ааламдашуунун (глобальность) айырмачылыгын келтирсек- анда болуп жаткандарды азыркы мезгилдин окуялары менен талдоого алуу, түшүндүрүү жеңил болот. Ааламдашууда (глобализация) элдердин жана мамлекеттердин ыктыярдуу макулдугу менен каалоосу жөнүндө сөз жүрөт. Бул алар менен өзүнүн жашоо-тиричилигин макулдашууга даяр мамлекеттер жана өлкөлөр тарабынан кабыл алынган процесс. Ааламдашуу (глобальность) жаатында кеп кыла турган болсок, анда бул жерде зордоо жана коркунуч бар, ошондуктан бул долбоор биргелешкен каршылыкка туш болот, ага каршы ар кандай наразылыктар болуп турат, анын ичинде терроризм, экстремизм, ошондой эле диний фундаментализм да бар.

Диний фундаментализмдин саясий механизмдери аркылуу ааламдашууга болгон таасири жана мамилеси жөнүндө айтсак, анда дин ага каршы чыгат деп так кесе айтууга мүмкүн эмес. Теориялык жагынан ааламдашуу динге карама-каршы келбейт. Бир жагынан, ааламдашууга карата мүнөздүү багыттар башынан эле ар кандай диндерде камтылгандыгын белгилеп кетүүгө болот. Иудаизм, Христиандык жана Ислам дүйнөлүк башкарууну жана жалпы адамзаттын бирдиктүү жалпылыгын түзүүгө умтулушкан. Дүйнөлүк коом жана дүйнөлүк маданият куруу алардын вазийпасына жана максатына кирген, жана бул дин теория жүзүндө дүйнөлүк уюм делген түшүнүктү четке какпагандыгын далилдеп турат.

Ыйык Куранда да, өлкөлөрдүн жана элдердин ортосундагы айырмачылыктар, чек аралар эл аралык ислам укугунда негизге ээ эместиги жөнүндө айтылгандарды белгилеп кетүү кызыктуу. Бул көз караштардын негизинде бардык элдер башынан эле биримдик уюм түзүшкөн, жана акыр аягында ушундай биримдикке дагы келишет. Ошентип, Курандын аяттарынын биринде мындай деп айтылат: «Эй адамдар! Биз силерди эркек – ургаачыдан жараттык. Ошондой эле бири-бириңерди таанып-билишиңер үчүн урууларга жана элдерге бөлүп койдук» [176,552-б.].

Дагы бир аятты мисал кылсак: «Алла силердин араңардан ыйман келтирип, жакшы иш жасагандарга, өздөрүнөн мурунку элди орун басар кылгандай эле жер жүзүндө силерди да (Өзүнө) орун басар кылууну убада кылды. Ошентип, алар үчүн Өзү ыраазы болгон динин бекем орнотуп, аларга коркунучтан кийин бейпилдикти алмаштырып берди…» [174,382-383 б.].

Курандын дагы бир аятында мындай деп айтылат: «Тооратtан (Мусага түшүрүлгөн китеп) соң Забурда (Даудга түшүрүлгөн китеп): «Жакшы пенделерим жерге мураскор болушат», – деп жаздык» [174,356-б.].

Ислам дүйнөлүк уюмга ишенээрин жана Кудай акыр аягында жерди башкарууну Өзүнүн татыктуу пенделерине өткөрүп берээрин бул аяттардын жыйындысы көрсөтүп турат. Бул аяттардагы Кудайдын татыктуу пенделери жана ишенүүчүлөр тууралуу мусулмандар жөнүндө гана эмес, жалпы планда

айтылганын белгилейбиз. Мына ошентип, биримдикке жана татыктуу иштерди жасоо милдетине болгон ишеним дүйнөлүк Кудайдын башкаруусунун негизин түзөт.

Ааламдашуу жана дүйнөлүк биримдик уюм түзүү пайгамбарлардын максаттарынын бири болгон, алар Кудайдан түшкөн баалуулуктар, руханият, диний мыйзамдар жана акыйкаттык башкарган диний коомду көңүлгө алышкан.

Диний фундаментализмдин саясий процесске карата болгон маселесинде ааламдашуу процессинин ар түрдүү катмарларынын ортосундагы айырмачылыкты келтирүү керек. Аалмадашуу канчалык «модернизмди» билдирерининин жана модернизм доорундагы философиялык негиздер менен канчалык карым-катнашта экендигинин ылайыгына карата, анын дин менен катыштыгы жөнүндө ар кандай позицияда айтууга болот. Эгерде ааламдашууну карап жатып, биз модернизмге, башкача айтканда гуманизмге, индивидуализмге, рационализмге, либерализмге жана демократияга кайрылсак, анда диний фундаментализмдин көз карашы азыркы замандын жана салттардын ортосундагы жаңжал тууралуу маселеге келебиз.

Салт жана азыркы заман маселеси акыркы жүз жылдыктардын, өзгөчө XX кылымдын ислам ой-жүгүртүүчүлөрүнүн өзгөчө катуу талкуулаган темасы болгон. Бул маселе боюнча ар кандай көз караштар, позициялар орун алган, азыр деле орун алып келе жатат. Бирок чындыгында ислам ой жүгүртүүчүлөрүнүн көпчүлүгү азыркы заманга каршылык көрсөтүшкөн эмес жана Исламды коомдун жаңылануусуна шайкеш келбейт деп эсептешкен эмес. Деген менен, модернизмдин пайда болуусундагы нерселердин бардыгын алар кабыл алышкан эмес. Ошого карабастан, бул агымда диний баалуулуктарга каршы келген нерселерге көңүл бурушпаса дагы, алар модернизмдин көп максаттарынын тамырын динден табышкан.

Ушул эле көрүнүш башка диндердин өкүлдөрүнүн арасында да болгон жана ошентип диндин көз карашындагы модернизмге болгон мамиледе жаңылануунун өкүлдөрү жана радикалдуу фундаменталисттер пайда болушту.

Азыркы кездеги дүйнөдө Ыбырайым (Авраам) дининин лидерлеринин ортосундагы сүйлөшүүдө чоң муктаждык бар болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Жаңы дүйнөлүк көрүнүштөргө эки көз караш, мамиле бар экендигин белгилеп кетиш керек. Биринчи мамиленин өкүлдөрү тынчтыкты орнотуудагы жана элдердин ортосунда өз ара түшүнүшүүдөгү диндин ролун толук түрдө тоготпой коюп, чын жүрөктөрү менен модернизмди кабыл алышкан. Экинчи четки агым, тескерисинче, кээде зомбулукка чейин баруу менен бул процесстеги бардык көрүнүштөргө каршы чыгат. Акыркы жылдары болуп өткөн экстремизм, террор жана зомбулуктар диний түстү алып жүрүшөт.

Борбордук Азия өлкөлөрүндө урбанизация процесси жүрүүдө, шаардын калкы табигый өсүштүн гана эсебинен эмес, көп жагынан айыл аймактарынан келген ички мигранттардын эсебинен көбөйүүдө. Жумушсуздук, жокчулук, майда ишкерлердин, соодагерлердин жакырланыулары, коррупция, билим жана маданият деңгээлинин төмөндөөсү, көпчүлүгүн жаштар түзгөн шаар катмарынын кедейленүүлөрү тереңдөөдө. Бул катмарлардын көз караштары ар кандай: көбү саясатка индифференттүү, диний сабатсыздык, бирок экстремисттик маанайлар бар, жердешчилик, этникалык, салттуу диний түшүнүктөр чоң таасирге ээ. Бул аймакта диний фундаментализмдин толкунунун көтөрүлгөнүнүн негизги себеби ушунда. Бул саясий процесске жогоруда көрсөтүлгөн саясий механизмдердин чырмалышып, таасир берүүсүн көрдүк. Пайда болгон саясий, социалдык-экономикалык шарттардагы билимсиздик, анын ичинде диндеги дагы, үмүтсүз өмүр сүрүү, өзүнүн тарткан азабы үчүн биринчи жолуккандан өчүн алууга умтулгандык саясий тажрыйбасыздык менен биригүүдөгү – ушул жана «башка» [83,35-б.] факторлор, ар дайым стихиялуу наразылыктар бүлүндүрүүчү күчкө айланып кетишине, «байлыктын символуна» (ресторандар, отелдер, көрүнүктүү дүкөндөр, авто унаалар ж.б.) сыртын салып кетүүлөрүнө алып келүүдө. Борбордук Азия өлкөлөрүндө алгачкы исламдын идеалдаштырылган элеси мындай наразылыктын саясий-идеялык негизи болуп чыгат. Исламдын «алтын доору» теңчиликтин, бакубатчылыктын,

мусулмандардын өз ара жардамдарынын дүйнөсү катары сыпатталат. Ошол себептен, сыягы качандыр-бир убакта өкүм сүргөн, ал эми азыр жоголгон жагымдуу шайкештикти калыбына келтирүүгө багытталган «чыныгы мусулман бийлигин» орнотуу бул аймактагы радикалдуу диний фундаменталисттердин негизги урааны болуп саналат.

Бул максаттарга жетүү үчүн Борбордук Азия өлкөлөрүндө адамдардын кайсы-бир бөлүгү террористтик жана экстремисттик радикалдуу ислам фундаменталисттик топторго биригет, согушкерлердин жашыруун уюмдарын түзүшөт. Мусулман дүйнөсүндө дал ушул чөйрөдө көп сандагы «диний-саясий уюмдар» [63,300-б.] түзүлүүдө. Бул мыйзамдуу жана мыйзамсыз диний-саясий топтор, уюмдар, ассоциациялар, бирикмелер ар түрдүү мүнөзгө ээ болушат: фундаменталисттик, агартуучулук, экстремисттик, террористтик, аскерлештирилген, ислам халифатын орнотууга чакырган ж.б.

Көрүнүктүү ислам таануучу, профессор Р. Г. Ланданын билдирүүсү боюнча ислам фундаментализми өзүн башкаларга окшобогон кубулуш катары көрсөтөт, жана азыркы дүйнөдө анын ордун аныкташ үчүн бир эле убакта анын тарыхтагы тамырын жана учурдагы объективдүү ролун караш керек. Р. Г. Ланда [83,33-б.] мындай деп жазат: «Конкреттүү шарттарга байланыштуу фундаментализм ар кандай форманы кабыл алат. Анын жалпы тамырлары жана иш жүзүндөгү бардык өлкөлөрдө анын жайылтылышынын бирдей болушу жөнүндө маселени фундаментализм агымынын багытындагы жана саясий түсүндөгү айырмачылыктар жоюп, жокко чыгарып жибербейт». Биринчи бапта көрсөтүлгөндөй, мусулман дүйнөсү VIII кылымдан бери ислам тазалыгына кайтуу аракетин тынымсыз башынан өткөрүүдө. Бирок азыркы ислам фундаментализми XX кылымдын реалдуулугу менен тыгыз байланышкан өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ. Белгилүү саясат таануучу А. Абдель-Малек өзүнүн «Фундаменттер жана фундаментализм» аттуу эмгегинде, фундаментализмди жакында эле пайда болгон көрүнүш катары кароого болбостугун ырастаган. «Туруксуздашуу, кадимки өнүгүүнүн бузулушу жана кыйрашы, тышкы күчтөр менен кагылышуу шартында,

фундаментализм өткөн кезде да, азыркы биздин учурда да бардык ири маданият жана цивилизацияларда пайда болот» [2,21-б.9].

Конкреттүү абалга карата Борбордук Азия аймагында фундаментализм XIX кылымда өзүнүн саясий-аксиологиялык, саясий-укуктук жана саясий-идеологиялык механизмдери аркылуу панисламизм, улутчулдукту жайылтып жана бекемдеп баштаган. «Исламдын жигердүү, саясатташкан тарабы бул жерде, биринчи кезекте бириктирүүчү башат болуп чыгат, тагырак айтканда, саясаттын исламдашуусу» [177,108-б.] ургалдашат. Ушуга байланыштуу, «фундаменталисттик мүнөздүү багыттар үстөмдүк кылган учурда, ислам экстремисттик мүнөздү кабыл алышы мүмкүн, эл аралык саясат көрсөткөндөй, чынында эле аны кабыл алат» деген түшүнүктөргө каршы, «улуттук биригүүнүн агрессивдүү кыймылдары Орто Азия элдеринин арасында көрүнүүдө, бирок фундаментализм зомбулукка гана окшобойт деген пикир бар» [84,33-б.] деген тескерисинче түшүнүк пайда болгон. Суроо келип чыгат – эмне үчүн ислам фундаментализмин кабыл алса болот? Анык эле себеби бул, ислам – ишеним гана эмес, жашоо ыңгайы жана жүрүм-турум стили дагы, бул адеп-ахлак жана укук дагы. Бул бүтүн, ички биримдикке ээ болгон идеология жана мусулмандардын психологиясы, бул дүйнөнү таанып билүү, кабылдоо усулу жана жүрүм-турум эрежеси дагы. Мына, эмне үчүн ислам кайра жаралуусун жана фундаментализмин талдоого алууда бул процесс орун алган өлкөлөрдүн азыркы социалдык-экономикалык абалынын өзгөчөлүктөрүнө гана көңүл бурбастан, бул феномендин генезисин ар тараптан, тереңирээк иликтөө керек. «Ислам факторунун» аракети Борбордук Азияны да айланып өткөн жок, тескерисинче, өзгөчө, айрым убактарда жана шарттарда одоно-орой таризге ээ болууда.

Бул аймактагы мусулмандар арасындагы диний өнүгүүнүн өзүнө мүнөздүү бөтөнчө белгилери бар, ал исламдын терең тарыхый тамыры, өсүү таржымалы менен шартталган. Арабдардын ээлик кылуусу Борбордук Азиянын салттуу маданиятына зыян келтирсе да, жергиликтүү цивилизация жок болгон эмес. Андан дагы Хорасандын, Мавераннахрдын маданий

жашоосунун өсүшү башталган, ал эми Мерв, Бухара, Ходжент, Самарканд, Үргөнч, Ош, Өзгөн ошол учурдун маданий борборлорунун атак-даңкына ээ болгон. Ислам жергиликтүү калктын мурунку маданий салттарын өзүнө сиңирүү менен, ошол жактарда болуп жаткан коомдук мамилелерге ыңгайлашкан. Жыйынтыгында Борбордук Азия элдерининде алардын өзгөчө этникалык бөтөнчөлүктөрүн өзүнө сиңирген динге ишенүү формалары пайда болгон. Ош, Бухара жана Самарканд мурун эле исламдык маданият жана илимдин өзүнө мүнөздүү бөтөнчө борборуна айланган. Ошондуктан, «Алтын доорго» кайтуу тууралуу фундаменталисттердин чакырыктары, убагында көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлер, окумуштуулар, философтор, акындар жана уламалар тобун дүйнөгө тааныткан, ошондон улам алардын жериндеги экономиканын, илимдин, маданияттын, исскуствонун жана дин окуусунун гүлдөгөн мезгили жөнүндө эскерүүлөрдү аймактардагы бардык калктын жана мусулмандардын эсине салгандыгы таң калыштуу эмес. Пайда болгон бүгүнкү кырдаалда бул фактор улуттун жана диний өзүн өзү түшүнүүнүн кайра жаралуусуна түрткү берүүдө.

Борбордук Азиянын улуттук өзүн өзү түшүнүүсү, тышкы күчтөрдүн туруксуздаштыруу таасирине каршы бөтөнчө иммунитетти түзүүгө объективдүү түрдө түрткү берген фундаметалисттик түшүнүктөргө жана анын саясий механизмдерине сезимтал келет. Жогоруда аталып кеткен А. Абдель-Малектин образдуу билдирүүсү боюнча, «дал ошол өздөрүнүн терең маанисине кайрылуу аркылуу батыштык эмес цивилизация, алардын жашоосуна оор бүлүнүүлөрдү гана эмес, ааламдык кризистерди дагы алып келген батыш цивилизациясы тараптан болгон таасирлерге каршы тура алат» [57,6-б.].

Ошол эле убакта, исламга өзгөрүп жаткан саясий шарттарга көнүү жөндөмдүүлүгү таандык. Бул анын саясий механизмдери аркылу аз эмес деңгээлде берген таасири боюнча түшүндүрүлөт. Андан тышкары, ислам ураан-чакырыктарынын алдында социалдык жигердүүлүктүн пайда болушу, өткөн жылдары диний салттарды талкалоо боюнча советтик мамлекет

тарабынан көрүлгөн чараларга болгон каршы мамиле менен түшүндүрүлөт. Ошондой эле сырттан болгон таасирлер, «70-80 – жылдардагы Иран жана Афганистанда болгон окуялар, жаштар арасынан болочок диний ишеним кызматчыларынын чет жерге араб өлкөлөрүнө жана Пакистанга билим алууга кетиши, ислам өлкөлөрүнө делегациялардын сапарлары, Мекеге болгон зыяраттын калыбына келиши» [85,37-б.] түрткү бергенин эске алуу керек.

Саясий-идеологиялык механизмди карап көрсөк. 1988–1991-жылдардан баштап калк арасынан колдоого ээ болгон стихиялуу кыймылдар Борбордук Азияда дагы баш көтөргөн. Эң жөнөкөй, ал эмес байкалбаган диний-саясий кыймылдар пайда болгон, дин жайылтуучу-агартуучулар катарында чыккан «кайра куруу жана айкындуулуктун колдоочулары» ал кыймылдын шыктандыруучулары болушкан. Биринчи убактарда бул кыймылдын ишмердүүлүгү мечиттерде, чайканаларда сүйлөө, маектешүү менен чектелген. Элдин жашоо деңгээлинин түшүп кетиши, базардагы баалардын жогорулашы, ал эми мамлекеттик дүкөндөрдө зарыл болгон азык-түлүктөрдүн жок болушу, партократтар жана мамлекеттик органдар өздөрүн гана ойлоп калгандыгы жөнүндө сөздөр бул маектерде айтыла баштаган. Паракорлуктун, коррупциянын, бюрократиянын жана кызыл кулак чайкоочулуктун гүлдөшү, мүлктүк теңчилдиктин жоктугу, жашоо кризисинин, жумушсуздуктун ыкчам өсүшүнө алып келген. Бул түптөлүп баштаган кыймылдын мүнөздүү өзгөчөлүгү, ал башынан эле өзүнүн алдына төмөнкүдөй милдет койгондугунда болгон: партократиянын жана укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүн, алардын жөнөкөй жумушчунун, колхозчунун, мугалимдин, врачтын кызыкчылыктарын коргоодогу пассивдүүлүгүн жана жөндөмсүздүгүн сынга алган жакырланган массанын көңүлүн өздөрүнө бурдуруу, бир жерге топтоо.

Акырындап бул кыймылдын айрым өзүн өзү көрсөтө алган жетекчилери, мусулман жашоосунун төмөндөшүнө жалгыз алтернатива болуу менен жашоонун бардык тармагында негизги көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүндүк берет деген сыяктуу «чыныгы ислам» тууралуу идеяны кеңири жайылта

башташкан. Расмий мечиттерде үгүттөлгөн ислам дини болсо, партократиянын тиреги катары кызмат кылат, анын себебинен өзүнүн чыныгы жүзүн, маңызын жоготкон. Өздөрүн ваххабиттер, фундаменталисттер, кайра жаралгандар деп аташкан бул кыймылдын жетекчилери иштеп жаткан мечиттерди басып гана албастан, өз алдынча жаңы мечиттерди ача башташкан. Жогоруда көрсөтүлгөндөй коррупция, жашоо кризиси, коммунисттик идеологиянын таасири жана билим, маданият деңгээлинин төмөндөшү, ошондой эле мыйзамдуу жол менен ой-пикирлерин жана наразычылыктарын бийликке жеткирүүгө, билдирүүгө мүмкүнчүлүктүн болбогондугу «фундаментализмдин» калктын бир калын катмарынын «идеологиясы» болуп калышына алып келди» [20,6-б.].

«Ислам кайра жаралуу» идеяларынын жайылтылышы бир топ жагынан, кайсы-бир деңгээлде массанын саясий жигердүүлүгүн ойготуу, белгилүү бир максаттарга багыттоо боюнча расмий мечиттин молдолоруна караганда кыймылдын жетекчилериники көбүрөөк натыйжалуу болгондугуна байланыштуу болгон. Кайра жаралуунун концепциясы жана практикасы калктын калың катмарынын мамлекетке жана анын институттарына наразычылык билдирүүдөгү өзгөчө жайылтылган формасы болгон. Көп жагынан популисттик мүнөз алып жүргөн бул кыймылдын жайылышынын себеби, социалдык келишпөөчүлүктөрдү, жаңжалдарды чечүү каражаты болуп жарыяланган социалдык гармониянын жана акыйкаттыктын исламга тийиштүү идеяларын анын лидерлери биринчи планга койгондугунда. Кыймылдын түпкү тамырлары дегеле диний эмес, социалдык мүнөздө болгон. Ислам кайра жаралуу желегинин астында бир кезекте, а негизи ар дайым эле улутчулдуктун деструктивдүү учкундары пайда болгонун тарых тастыктап келет. Өзүнүн кайгылары, жакырдыгы бар жөнөкөй эмгекчил адам үчүн жана ордун таба элек жаштар үчүн ислам куткаруучу түркүк болуп саналат, анын жардамы менен алар ачуусун чыгарышып, өздөрүнүн дарттарын айта алышат.

Демек, Борбордук Азиянын айрым аймактарында 80-жылдардын аягында 90-жылдардын башында диний фундаменталисттердин

активдештирилиши саясий-идеологиялык механизм аркылуу бул аймактагы саясий процесске таасир берүүсү ачык көрүнүп калган. Алгачкы исламдын элесин идеалдаштырууга түрткү берүү менен коммунисттик режимдин саясатына нааразы болгондордун арасында бул идеялар өзүнүн интеграциялык ролун ойногон.

Коомдо орун алган бардык терс көрүнүштөрдүн диний фундаменталисттер тарабынан сынга алынышы исламдын адеп-ахлактык, этикалык кайра жаралуусуна болгон талаптар менен коштолгон. Куранга жана сүннөткө шилтеме берүү менен алар партократиянын мамлекеттин институттарынын жакшы эмес иштерин айыпташкан.

Формалдуу эмес уюмдардын, улуттук фронттордун, Ислам кайра жаралуу партиясынын ж. б. пайда болуусу Орто Азия республикаларынын өз алдынча жана рынок мамилелерине өтүү шартындагы ислам саясатташуусунун жалпы мүнөздүү багыттары жөнүндө айтып турат.

Кыргыз окумуштуусу О.А. Молдалиев ошондой эле орусиялык изилдөөчү А. Сухопаровдун билдирүүсү боюнча, формалдуу эмес уюмдардын айрым мүчөлөрү «улуттук жана сепаратисттик позициялар» менен чыгышкан мусулман модернизминин жактоочулары болуп саналышат. Андан ары А. Сухопаров мындай деп белгилейт: «1991-жылдын 9-сентябрында Өзбекстанда ислам мамлекетин түзүүгө ачык түрдө талабын койгон партия расмий таанылууга ээ болгон... Бул уюмдун программасын жана уставын талдоого алуу аны модернисттик же реформисттик багытка байланыштырууга негиз берет, бирок анын бир катар лидерлеринин сөздөрүнөн ачык эле экстремисттик маанайлар угулган... [97,4-б.].

“Ислам кайра жаралуу партиясынын” алгач Өзбекстанда, андан кийин Тажикстанда пайда болуусу адегенде исламга карата болбой турган бурулуш сыяктуу көрүнгөн.

Биринчиден, партия Орто Азияда пайда болбогон.

Экинчиден, ал фундаменталисттик идеялардын жол көрсөткүчүндөй болуп көрүнгөн эмес. Программада белгиленгендей, бул партиянын

ишмердүүлүгү Куранга ылайык жашоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга багытталган. Ал экстремизмден оолактаган жана өзүндө исламдын токтоо агымын көрсөткөн.

Пайда болгон диний-саясий партиялардын лидерлеринин сөздөрүнөн ачык эле экстремисттик маанай, чакырыктар угула баштаганы тынчсыздандырган. Ага удаалаш эле, афган фундаменталисттик партияларынын – “Афганистан Ислам партиясы” жана Афганистан Ислам коомунун ислам кайра жаралуусундагылар менен байланыш түзүү максаттары бар экендиги билинген. Бул аракеттер Борбордук Азияга диний адабияттардын, курал-жарактардын берилиши, эмиссарлардын жөнөтүлүшү менен коштолгон.

Айрым авторлор тарабынан фундаменталисттердин баш көтөрүүсү катары бааланган, 1989-жылдын башында Фергана өрөөнүндөгү окуялар мечит, медреселерди ачуу, ал жакка кирүүгө аялдарга жана балдарга уруксат берүү, балдарды исламга окутуу үчүн мектептерди ачуу ж. б. талаптар менен башталган. 1991-жылдын январында көп адам катышкан митингдер, көчө жүрүштөрү болгон, алардын катышуучулары ар бир кыштакта мечиттердин ачылышын талап кылышкан. Бул митингдерде, чогулуштарда, көчө жүрүштөрүндө, өздөрүн «таза исламдын кайра жаралуусу» үчүн чыккан диний кыймылдардын өкүлдөрү, «таза исламдын» жактоочулары, ошондой эле жаш «ваххабиттер» катары көрсөтүшкөн адамдарды көрүүгө болот эле. Ораторлордун максаты улуттук намыскөйлүккө чакыруу, ошону кайра жаратуу болгон. Бул митингдерге келген катардагы адамдар чыгып сүйлөгөндөрдүн кайратына чын дили менен суктанышкан, алардын сөздөрү адамдардын ойлору менен үндөшүп турган. Жогору жакта бир нече ирээт, эмгектерине шилтеме берилип, аттары аталган изилдөөчүлөр, Омаров Н.М., О. А. Молдалиев, Р. Г. Ланда жана А. В. Малашенко, «диний маанайдагы массага ар кандай саясий түшүнүктөрдү өздөштүрүү оңой, эгер алар мусулман үчүн көндүм болгон диний формада баяндалса» [133,96-б.] деп белгилешкен.

Ийгиликсиз көрүнүштөр коомдук жана мамлекеттик түзүлүштө гана эмес, анын улуттук мамилелер тутумунда, демек улуттук-мамлекеттик курулуштун расмий концепциясында да орун алгандыгын Өзбекстанда, Казакстанда, Тажикстанда жана Кыргызстанда (Түркмөнстандан башкалары) болуп өткөн көп сандагы жана көпчүлүгү улуттар аралык кандуу жаңжалдар көрсөтүп койду. Эскерилген улуттар аралык жаңжалдардын чыныгы себеби, көбүнесе саясий, укуктук жана экономикалык укук бузууларга барып такалгандыктан, көп ирет «бөлүп-жар да бийлей бер» деген эски эрежени колдонгон бийликтин чагымчылдык аракеттери менен шартталгандыгында болгон деп ырастоого негиз берет. Ал эми алар кээ бир учурда динди да ушул максаттарда колдонушкан.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, ислам өз алдынча саясий туруктуулуктун жана тынчтыктын абсолюттуу кепилдиги болуп саналбайт. Мусулман өзбектер өздөрүнө диндеш месхетин-түрктөргө каршы чыккан Ферганадагы жана башка шаарлардыгы 1989-жылкы окуялар мына ушунун айкын мисалдары. Жек көрүүчүлүк калктын ар түрдүү катмарын кучагына алган. Алгачкы курмандыктар месхетин-түрктөр болушкан, андан кийин коркунучтар орустардын, бухара еврейлеринин, армяндардын жана кыргыздардын дарегине өтө баштаган. Ага удаалаш эле улуттук азчылыктын абалынын жана сууга, жерге ээлик кылуу шылтоосу боюнча орто-азиялык мусулмандардын бири-бирине болгон дооматтары да ачык айтыла баштаган.

Сүйлөшүү жолу менен чечүү дайыма эле ийгилик алып келбеген мындай абал территориалдык жаңжалдардын пайда болуусун шарттаган. Атап айтканда, бул – Кыргыз Республикасынын Ош областындагы кыргыздар менен өзбектердин ортосундагы, Тажикстандын түндүгүндөгү тажиктер менен өзбектердин ортосундагы жаңжалдарга тиешелүү.

1990–1995-жылдардагы Тажикстанда болгон кайгылуу окуялар Борбордук Азиядагы кырдаалды аябай эле татаалдантты.

Өз боордошторуна каршы чыр-чатактын көптөгөн катышуучулары ислам динине кайрылышкан. Мусулмандардын диний лидерлери бири-бири

менен каршылаш саясий партияларда жана бирикмелерде болуп калышкан. Анан да аймактын ар бир диний жетекчиси лидерликке талапкер боло баштаган. Согушуп жаткан тараптардын бир динге – исламга таандыктыгы Тажикстандагы жаңжалдын мизин майтара алган эмес, ал тескерисинче, андан дагы күчөткөн. Тажикстанда «ислам мааниси боюнча ар кандай этникалык топтордун, регионалдык кландардын, саясий партиялардын ортосундагы күрөш объектисине айланып калган» [133,79-б.]. Өзбекстандын ошол кездеги муфтийи М. С. Мухаммад-Юсуф мусулмандарды тынчтыкка чакыруунун ордуна, бул согуштун тереңдешине өзү салымын кошкон. 1991-жылдын декабрынын аягында муфтийдин түздөн-түз буйругу боюнча «Акбар Тураджонзоданын жетекчилигинин астындагы тажик мусулман казыятына курал-жарак сатып алуу үчүн, чет өлкөдөн келген каражаттарга карата түзүлгөн кайрымдуулук фондунан 200 миң АКШ доллары Москва өнөр-жай банкына которулган. Өзбекстандын мурдагы муфтийинин мындай кылыгы эки жүздүүлүк катары бааланган. Ал эми эки жүздүүлүк исламда – Кудайсыздан да жаман» [47].

Өзбекстандын өзүндө массалык баш аламандыктарды козутууга аракеттер болгон. Бул жаңжалдарды уюштургандардын акыркы максаты, бири-бири менен касташкан өзүнчө мамлекеттерди түзүү болгон. Ферганада, Кокондо, Өзгөндө, Ошто – Орто Азиянын бардык жагында чагымчылдар ар тараптан локалдык чыр-чатактардын очокторун май чачып турушкан. 1991-жылы Наманган областында «Адолат» («Адилеттүүлүк») [115,20-б.] деген аталыштагы ыктыярдуу демилгечил топтор түзүлө баштаган. «Адолаттын» биринчи максаты коомдук тартипти сактоо болгон. 1991-жылдын 28-октябрында жалпы чогулушта кабыл алынган анын уставында – коомдогу терс көрүнүштөргө: чынчыл эмгекчилердин мүлкүнө болгон кол салууга, паракорлукка, жердешчиликке, баңгичиликке, сойкулукка ж. б. каршы келишпес күрөш жүргүзүү максатын бирикме өзүнүн алдына койгондугу белгиленген. «Адолаттын» мүчөлөрү кызыл кулак чайкоочулук, алдамчылык, ээнбаштык фактыларын таап чыгууга, бул көрүнүштөргө каршы мыйзамдын

негизинде чараларды көрүүгө милдеттенме алышкан. Саясий милдеттерди алдына койбостон, бул бирикме жарандардын тынчтыгын жана бейпилдигин камсыз кылуу милдетин алышкан, ал эми анын бардык ишмердүүлүгү укук коргоо органдары менен макулдашылып турушу керек болгон. Чын эле кыска убакыттын ичинде мал ууруларынын, рэкеттердин кылмыштуу топторунун бети ачылган, бир катар оор кылмыштарды ачууда ички иштер бөлүмдөрүнө көмөк көрсөтүлгөн.

«Адолатты» калктын көпчүлүгү колдогон, өзгөчө анын динге ишенген бөлүгү, анткени алар анын аракеттерин шарият мыйзамдарына ылайык келет деп карашкан.

«Адолат» акырындап отуруп мыкты куралданган – «Ислом лашкарлари» («Ислам жоокерлери») деген уюмга айланган. Көп сандаган ячейка-топтору бар аскер уюму түзүлгөн. 20 – 30 адамдан турган топтун башында эмир жана анын орун басары болгон. Коомдук тартипти сактоо шылтоосу менен топтун мүчөлөрү өздөрүнө жакпаган адамдарды кармашкан, камашкан, ур-токмокко алышкан, зордоп иштетүү, айып төлөө жазаларына тартышкан.

Кийинчерээк «Адолаттын» жетекчилери сот, прокуратура жана ички иштер органдарына расмий түрдө ишенбестигин билдиришкен жана мындан ары өз алдынча, шарият мыйзамдарынын негизинде иш кылууга ниеттенишкен. Ошол учурдан тартып Өзбекстандагы светтик жана диний бийликтердин касташуусу башталган жана айыгышкан мүнөзгө ээ болуп калган. Атап айтканда, «Адолат» кыймылынан өсүп чыккан Өзбекстан Ислам кыймылынын (ИДУ) террористтик жана экстремисттик акцияларды жүргүзүүгө багытталган аракеттери Өзбекстанда гана эмес, Борбордук Азиянын бардык аймактарында жайылган жана азыркы учурда деле жайылтылууда.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, улутчулдук жана диний радикализм учурдагы эл аралык терроризм жана экстремизмдин саясий негизи болуп саналат. Саясий планда алар, колониализм жок кылынгандан кийин өзүнүн

прогрессивдүү маанисин жоготкон жана сепаратизмдин, анын ар түрдүүлүгүнүн бири ирредентизмдин (бөлүнгөн элдерди бириктирүү үчүн кыймыл) куралы болуп калган улуттун өзүн-өзү аныктоо укугу жөнүндө ураанга жашырынат.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй ислам фундаментализми Борбордук Азиядагы процесстерге таасир берүүдө саясий-аксиологиялык, саясий-идеологиялык жана саясий-укуктук механизмдери ошол эле экстремизмди, терроризмди, улутчулдукту, расалык басмырлоону, улуттар аралык жана лингвистикалык карама-каршылыктарды, этносепаратизм кеңири колдонулат.

## 2.2. Ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүчү социалдык механизмдери.

Ушул баптын мурдагы бөлүгүндө көрсөтүлгөн диний фундаментализмдин туруктуу функцияларын эске алып саясий процесске таасир берүүдөгү социалдык механизмдин таасирин кароо зарыл.

Социалдык феномен катары диний фундаментализм адамдардын социалдык статустарына карабай аларды жаңы уюмдарга, топторго жана кыймылдарга диний идея жана практика аркылуу бириктирет. Диний фундаментализм социалдык механизмдер аркылуу саясий процесстерге таасир берет, ошол эле учурда тийгизген таасири аркылуу диний фундаменталисттик менталдыктын калыптануусунун механизмдерин көрүүгө болот. Диний фундаменталисттик уюмдардын жана топтордун өз ара байланыштары, ошондой эле алардын мүчөлөрүнүн бири-бири менен карым-катнашы жана баарлашуусу уникалдуу социалдык механизмдердин бүтүндөй бир катмарын жаратат, алар аркылуу саясий процесстерге таасир көрсөтөт. Ишендирүү (ынандыруу), акыл үйрөтүү, тууроо жана кызыкдар сыяктуу социалдык механизмдер катары эсептелет.

Ынандыруу – бул диний-психологиялык таасир этүү жолу менен айрым баалуулуктарды, көз караштарды, жүрүм-турумду, маалыматтарды диний фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик түзумдөрдүн тутумуна жана инсандардын принциптерине айландырууну уюштуруу максатында көргөзүлөт.

Акыл үйрөтүү – бул жалпы диний-психикалык абалга жана жапырт аракеттерге карата каалоолорду калыптандырууга багытталган.

Баарынан натыйжалуу акыл үйрөтүү (сезим жаратуу) динге ишенген адамдарга катуу таасир этет, алар үчүн кырдаалдык психикалык маанай, ошондой эле өзүнө болгон ишенимсиздик абалы үстөмдүк кылып турат.

Тууроо – бул адам тарабынан аныкталган бир сезим-туйгулук боёкко ээ болгон диний жүрүм-турумду (манера, аракет, жоруктар) бир адам (топтун мүчөсү) тарабынан өздөштүрүүнү камсыз кылат.

Кызыкдарлык – бул саясий-диний мүнөздөгү аныкталган бир маалыматты алууга умтулуу, бул маалыматты түшүнүү зарылдыгы.

Социалдык механизм - бул формасы боюнча туруктуу социалдык мамилелер, алар максималдуу алдын ала билинген жыйынтыктар менен кайталоолордун бардык санында ишке ашырылат.

Социалдык механизм социалдык диний-маданий чөйрө менен индивиддин (мусулман адамдын) алакасына болгон багытын болжолдойт. Социалдык механизмдин элементтери катарында диний фундаментализмдин Борбордук Азия республикаларынын саясий процесстерге болгон таасири катары төмөнкүлөрдү да эске алыш керек:

- калктын экономикалык абалынын төмөнкү деңгээли жана жашоо деңгээлинин төмөндөшү. Экономикада жана социалдык тармактар болуп жаткан проблемалар калктын арасында нааразычылыкты жана оппозициялык маанайларды жаратат, бул өз кезегинде экстремизмди жана терроризмди жайылтуунун бирден бир негизи болуп саналат;

- радикалдуу диний фундаментализм экономиканы, банк тутумун, каржылоону, инфратүзүмдү, билим берүүнү, социалдык коргоону исламдык принциптердин негизинде түзүүгө карата Борбордук Азия коомчулугун жигердүү ыкчам ийкемдештирүүгө болгон таасир этүүнүн социалдык механизмдерин колдонууга аракет кылат;

- фундаменталисттер диний баалуулук түшүнүктөрүн калыптандырууга, алардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салууга аракет кылышат. Ошондой эле калктын диний билим деңгээлин, адеп – ахлактык баалуулуктарын, жогорулатууга аракет кылышат;

- фундаменталисттердин, чыныгы динге ишенүүчүлөр коррупция менен күрөшүү, исламдык адеп – ахлактык принциптерди (аяттарды) жайылтуу, социалдык экономикалык көйгөйлөрдү чечүү, биринчи кезекте - жакырчылык жана калктын жашоо деңгээлинин төмөндөөсү менен күрөшүүдө Борбордук Азия аймагындагы республикалардын өкмөттөрүнө таасир тийгизүү керектиги тууралында билдирүүлөрү менен өзгөчө көңүлдү бурушат.

Саясий процесстерге ислам фундаментализминин социалдык механизмдердин таасири дегенде социалдык топтордун жүрүм-турумунун туруктуу тутумдары түшүндүрүлөт, ошондой эле бул топтордун бир жагынан мамлекеттик социалдык институттар менен мамилеси, экинчи жагынан чөйрөдө түзүлгөн социалдык-экономикалык абалды эске аларын мамлекетти өнүктүрүүнүн саясий-социалдык жана экономикалык маселелери боюнча бийлике карата мамилесин жана өз ара таасир берүүсүн түшүнөбүз.

Ислам фундаментализминин социалдык механизмдери саясий процесске таасир берүүдө төмөнкү багыттар аныкталат:

- уюштуруучулук – бул диний фундаменталисттик уюмдардын идеологиясын жана социалдык-экономикалык көз караштарын аныктайт жана аларды өзүнүн мүчөлөрү, топтору аркылуу чагылдырат. Ислам фундаментализминин социалдык механизмдеринин субъекттеринин таасири социалдык-саясий маселелер, топтук жана жеке максаттар менен кызыкчылыктарды көздөйт;

- башкаруучулук – бул негизги ишмердүүлүктөрдүн шарттарын жана багыттарын аныктоо, топтордун аракеттерин пландаштыруу, уюштуруу, аларды техникалык жана финансылык камсыздоо аркылуу ишке ашырылат;

- ресурстук – фундаменталисттик топтордун жана тайпалардын, адамдардын ресурстук жана кадрдык маселелерин чечет, курамды, улуктарды, адистерди жана аткаруучуларды түзөт жана жаңыртат;

Радикалдык диний фундаментализмдин саясий процесстерге таасир берүүсүнүн социалдык механизмдери алардын алдында турган конкреттүү максаттар жана милдеттерди аныктайт, аларды ишке ашыруу, коюлган максаттарга жетүү боюнча милдеттерди чечүүгө өбөлгө болот.

Социалдык механизмдерди кароодо төмөнкүлөрдү эске алыш керек:

- социалдык механизимдин субъектиси – бул диний фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын мүчөлөрү тайпалары жана топтору.

- социалдык механизимдин объектиси – мамлекеттеги саясий-социалдык процесстер.

Саясий максаттын калыптануусу баалуулуктар тутумунун иштелип чыгышына тыгыз байланышкан, тагыраагы, максат баалуулук тутумуна жараша аныкталышы абзел. Коомдо бარкталуучу салттар көп жагынан саясий процесстин маңызын аныктоочу компонент болуп саналат. Эгер коомдун баалуулук параметрлери аныкталбаган болсо, ошондой эле демократиялык тартиптин өзөгү катары саясий системада бекемделбесе жана баалуулуктардын жактоочулары өз ара каршылаш абалда болсо, мындай учурларда мамлекет тарабынан динге ишенүүчүлөрдөн саясий процесстин нугундагы ырааттуу жүрүм-турумду талап кылууга болбойт. Себеби коомдогу баалуулуктар мамлекет тарабынан аныкталбагандыктан, алар өздөрүнүн диний-саясий баалуулуктарын өздөрү аныкташат жана аныктоону көздөшөт. Мусулмандардын баалуулуктарынын калыптануусуна эң негизги фактор болуп мамлекет тарабынан көзөмөлдөнүү же көзөмөлгө алынбай калуу факторлору да таасир берет. Көзөмөлгө алынбай калган учурда баалуулуктар тоскоолодуксуз жайылып коомдо өзүнө ылайыктуу орун ээлеп калат. Постсоветтик мезгилдеги саясий-социалдык системаны реформалаганда, бир жагынан, социалдаштыруу институттарынын көбүнүн бузулуп калганы айкындалды, динчилдерге мамлекет тарабынан маалыматтык таасир берүү мүнөзү да өзгөрүп бараткан эле. Саясий баалуулуктарды жаратуу тутуму бүлүнүп калган эле. Экинчи жагынан, баалуулуктар тутумунун өзүн мамлекеттик-социалисттик идеологиядан либералдуу-капиталисттик багытка карай өзгөртүү аракети жасалды. Мамлекеттин ордун көчө, телекөрсөтүү жана дин, Интернет, ЖМК ж.б.у.с. көзөмөлдөнбөй турган таасир субъекттери ээлеп калышты. Мусулмандарга жетип, көзөмөлсүз калган маалымат технологиялары динге ишенүүчүлөрдүн саясий баалуулуктар мейкиндигин жана анын диний-саясий мазмунун тескелгис кылып салышты. Мунун айынан динге ишенүүчү жаштар расмий саясатты жерип, мүмкүнчүлүгүнө ишенбей калышты. Ислам фундаментализми саясий процесстин ар түрдүү

касиеттерине: анын субъектилик жана объектилик жактарына, өнүгүү тездигине, чырдуулук даражасына жана башкаларга таасир эте алат. Ислам фундаментализминин саясий процессинин субъективдүү тарабына социалдык механизмдеринин таасири, бул учурдагы жана келечектеги катышуучуларын калыптандуусунан, анын кадрдык резервин, өлкөнүн келечектеги диний-саясий элитасын даярдоодон турат. Мында радикалдуу ислам фундаментализми Кыргызстанда Сирожиддин Мухтаров, Өзбекстанда Тахир Юлдашев, Тажикстанда Саид Абдулло Нури кандай болсо, так ошондой кыйла активдүү диний-саясий ишмерлерди берет, анткени дин тутуучу жаштар – бул диний көз караштарды жүзөөгө ашырууда калктын кыйла энергиялуу, чыгармачылык көздөмдөргө жана толук күчкө ээ бөлүгү. Турмуштук багыттарды, кызыкчылыктарды калыптандыруу, социалдык ролдорду издөө, ээ болуу баскычында туруу менен, Борбордук Азиядагы динге ишенген жаштар калктын эң активдүү тобу болуп саналат. Социалдык механизмдин уюштуруучулук багыты ислам фундаменталисттик уюмдарынын катышуучуларынын формалдуу эмес мамилелешүүсүн да камтыган уникалдуу чөйрөнү түзөт. Мындай чөйрө динге ишенгендерди бириктирүүнүн башка формаларынан – формалдуу эмес субмаданий билим берүүлөрдөн же бекем уюштурулган диний окуу жайларынан түп тамырынан бери айырмаланат. Ислам фундаменталисттик кыймылы формалдуу жана жалпы диний-саясий кызыкчылыктардын, максаттардын, көз караштардын жана умтулуулардын негизинде биригүүнүн бөтөнчө гибридин билдирет. Ошентип, индивидуалдык, жеке активдүүлүк, амбициялар менен катар эле ислам фундаменталисттик топторунун активистеринде жана мүчөлөрүндө жамааттык жана өз ара колдоо сезими жаралат. Ислам фундаменталисттик кыймылынын лидерлери жана активисттери үчүн белгилүү бир жашоо образы, диний көз караш, белгилүү бир инсандык сапаттар мүнөздүү. Ислам фундаменталисттик уюмдарынын лидерлеринин жана активисттеринин турмуштук пландары жана баалуулуктары диний турмуштун негизги үч категориясынын: диний билим берүүнүн, башкалардын ишениминин жана

топто ислам фундаментализминин көз караштарын, идеяларын жана принциптерин, программаларын жайылтуунун айланасында калыптанат. Мындай учурда белгиленген социалдык механизмдин уюштуруучулук, башкаруучулук жана ресурсттук багыттарынын диний фундаменталисттик кыймылынын лидерлери жана активистери аркылуу саясий процесске болгон таасирин көрүүгө болот. Лидерлер жана активисттер диний-саясий чөйрөдө түпкү ишке максатталган–бул шарияттык ченемдер менен халифатты орнотуу. Мындай максаттар исламдын жыргалчылыгына аракеттенүүнү, бүткүл дүйнөлүк халифатты орнотуу маселесин чечүүгө өбөлгө болууну каалагандык менен шартталат. Ошентип, ислам фундаментализми Борбордук Азияда саясий процесске социалдык механизмдер аркылуу ар тараптуу таасир көрсөтөт жана бул таасир жүзөөгө ашырылат. Бүгүнкү күнү Борбордук Азия республикаларында бир катар мусулмандык кайрымдуулук, агартуучу, саясий уюмдардын филиалдары иштейт. Алар үчүн аймактын бардык мусулмандарын бириктирүү, бирдиктүү ислам мамлекетин түзүү, панисламисттик идеяларды, баалуулуктарды жана программаларды иштеп чыгуу жана үгүттөө мүнөздүү. Өзгөчө зор активдүүлүктү Ислам комитети - эл аралык саясий ислам уюму көргөзүп келет, ад 1993-жылы Судандагы Бүткүл дүйнөлүк ислам конгрессинде ислам идеологиялык борбору катары түзүлгөн. Ал көптөгөн мамлекеттердин идеологдорун, саясий жана коомдук ишмерлерин бириктирип турат. Анын ишине Борбордук Азия, Россия, Сауд Аравиясы, Түркия, Катар, Пакистан, Малайзия жана башка республикалардан белгилүү мусулман ишмерлери катышат. Мындай учурда бул региондо саясий процесске социалдык механизмдин акыл үйрөтүү, ынандыруу жана тууроо, уюштуруучулук түрлөрүн көрүүгө болот.

Ислам уюмдарынын жана борборлорунун ишмердүүлүгүн активдештирүүгө Бүткүл дүйнөлүк ислам лигасы (БДИЛ) өз салымын кошуп келет, ал башка дагы көптөгөн долбоорлорду каржылайт.

Анын негизги максаты, сауд, же болбосо кеңири планда - аймактагы ислам таасирин тастыктоодо турат. Бул максатка жетүү үчүн мечиттер жана

ар кандай маданий ислам борборлору курулганга чейин, курандын жана башка диний адабияттын кеңири масштабдагы таралышынан каражаттардын эң кеңири масштабы колдонулган.

Жалпы эле ислам дүйнөсүндө да, ошондой эле Борбордук Азияда да исламдын жана улутчулдуктун синтездеринин аракеттери көрүлө баштады. Жыйынтыгында алар алдыга кеткен максаттар үчүн чыгып жаткан күчтөрдүн саясий - идеологиялык жана социалдык күчү болуп калды десек да болот. Бул факты жүзүндө динге ишенүүчүлөрдүн чөйрөсүнүн чыр чатактуу лагерлерге бөлүнүшүнө алып келди - салттуу талкуулардын жактоочулары жана фундаментализмдин ар кандай варианттарынын жактоочулары, баарынан мурда “салафизм жана ваххабизм”. Улам өсүп бара жаткан таасирди ар кандай ислам фундаменталисттик уюмдары көргөзүп жатышат, мисалы, «Хизб-ут-Тахрир», «Мусулман бир туугандар», «Таблиг джаамат», «Жамаат ислами» жана башкалар, алар Сауд Аравия, Пакистан, Катар жана башка уюмдардан жоомарт финансылык жана башка материалдык колдоолорду алышат.

Жогоруда айтылгандардан улам, Борбордук Азиядагы саясий процесстерге диний фудаментализмдин таасир этүүчү социалдык механизмдери диний ынанымдардын жаралышынын жана таралышынын формалдуу, атрибуттук мүнөзү туурасында күбөлөндүрүп турат, муну жалпы конфессионалдык түзмөктөрдүн жана баалуулуктардын үстүндөгү Борбордук Азиянын элдеринин ортосунда этно улуттук, кландык, тилдик, психологиялык, социалдык-экономикалык карама-каршылыктардын артыкчылыгы менен түшүндүрөт.

Коомчулук жана мусулмандар исламдын бардык руханий, нравалуулук жана идеологиялык потенциалы менен канчалык аз тааныш болсо, Кыргыз Республикасынын жана бардык Борбордук Азия региондорунун аймагында диний фундаментализмди таркатуу мүмкүнчүлүгү ошончолук күчтүү. Мамлекет диний мамилелерди куруудан канчалык көбүрөөк четтеген сайын, радикалдык фундаментализмдин күчтөрүнүн алдында ошончолук алсыз болуп калаары айкын. Ислам уюмдары канчалык борборлоштурулган жана бириккен

болсо, алар тыштан таасирге ошончо көбүрөөк дуушар болушат. 90-жылдарда түзүлгөн калктын материалдык абалынын төмөнкү деңгээли болуп калды, ал чыңалган социалдык-саясий кырдаалды аныктай алды. Ушул мезгилдин ичинде фундаменталисттердин идеясы түшүнүүнү жана жакшы пикирлерди таба алды, негизинен, аны иши жана ишеними жок калган жаштардын, Борбордук Азиянын алыскы райондорунун жакыр жашаган айыл калкынын арасынан колдоо тапты. Калк ичинде бай жашоого жана дүйнөкорчулукту сындаган пикирлер табылды бардык мусулмандардын, социалдык шайкештиктин биримдигинин, бир туугандыгынын этикасына көңүл бурула баштады.

Ошол эле учурда, мусулмандар үчүн саясий-социалдык абалды жакшыртуу перспективасы салттуулуктун жана диний фундаментализминин жолдорунда байкалып турган өзүн сактоо мүмкүнчүлүгү менен байланышып турду. Болуп жаткан өзгөрүүлөрдү мусулман жамаатынын бир бөлүгүнүн кабыл албоосу айрым саясатчылар тарабынан колдоо алуу үчүн колдонулду. Ошентип социалдык механизмдин Борбордук Азиядагы саясий процесске таасир берүүсүнүн негизинде айрым региондордо бир күчтүн пайда болгону көрүндү, аны ислам мамлекетин түзүүдө, жашоонун бардык тармактарындагы шариаттын ченемдеринин үстөмдүк кылышын коомдогу кризистик абалдан чыгуучу жолу катары көрүшөт. Катаал төбөлчүл бийлик режимдеринин кулашы, салттуу аброй-беделдерди жоготуу процесси жана социалдык жашоо түзүлүшүнүн принциптерине либералдык көз караштын артыкчылыгы көп адамдардын коопсуздук туюму жоголгондугун баштарынан өткөрүүгө алып келээри жөнүндө пикир окумуштуулар арасында аябай кеңири жайылган. Бул «фундаментализмдин кайра жаралуу түрүндөгү бөтөнчө реакцияны жаратат» [107,26-б.]. Ырас эле, XX кылымдын башында согуштун, революциялардын, империялардын кыйрашынын жана дин менен болгон күрөштүн натыйжасында «элдер бир жерде миң жылдык, бир жерде жүз жылдык салтты тургузган кулк-мүнөздөр жана каада-салттар сыныктарынын алдында калды» [107,27-б.]. Алардын аң-сезиминде «сеники»-«меники», «уруксат»-«уруксат

эмес», «жакшы»-«жаман» деген түшүнүктөр так ажырымдалбай аралашып кетти» [107,28-б.]. Ушундай учурда фундаментализмдин жаралуусуна шарт түзүлөт жана социалдык механизмдер аркылуу саясий процесстерге таасир берүүсү иш жүзүнө ашырылат.

Өткөн жүз жылдыктын аягында саясий жана социалдык мейкиндиктин ааламдашуусу, адамдардын жашоо ыңгайларынын ургалдашуусу, массалык аң-сезимге багытталган жалпыга маалымдоо каражаттарынын (ЖМК) таасири фундаментализмдин кезектеги кайра жаралуусуна алып келген маданий төңкөрүштү алдын ала аныктап койду. Мурда базалык, талашсыздай көрүнгөн нерселерди илимий-техникалык прогресс салыштырмалуу кылып койду: жарандыкты, адамдын конфессионалдык же социалдык таандыктыгын гана эмес, анын жынысын, денесинин өңүн ж.б.у.с. өзгөртүү мүмкүн болуп калды. Адамдарды каптаган жана таасир эткен ар түрдүү маалыматтардын агымы бүгүн маанилүү жана кандайдыр-бир шарттарга баш ийбестиги көрүнүп турат. Көбөйүп жаткан маалыматтын агымы жана аны берүүнүн жаңы формалары мейкиндиктен жана убакыттан тоскоолдуксуз өтүүгө жол бергендей. Жыйынтыгында көп жылдар сакталып жана колдонулуп келе жаткан баалуулуктар, мамилелер жана көз караштар өздөрүнүн ордун белгисиздикке жана ишенбөөчүлүк, шектүүлүккө алып келди. “Ал эми жалпыга маалымдоо каражаттары (ЖМК) түзгөн образдар ар кандай нерселердин тегерегинде болуп жаткан процесстердин маани-маңызын түшүнүүгө эмес, аларга үстүртөн кароого; ишенимге эмес ишенбөөчүлүккө; салттарды сактоого эмес тынымсыз алмашууларды эңсөөгө; жашоонун ар мүнөтүн сезүүгө жана тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөрдү жокко чыгарууга азгырууда” [62,112-б.].

Мындай кырдаалда болуп жаткан саясий процесстерге каршы диний фундаментализмдин социалдык механизминин уюштуруучулук, башкаруучулук, адам (ресурстук) багыттарын көрүүгө болот. Социалдык жана этникалык топтун, ошондой эле жеке адамдын [143,200-б.] жүрүм-турумун аныктаган интеллектуалдык жана психикалык өзгөчөлүктөрдүн, уңгулардын

жыйындысы катары фундаменталисттик менталдык ыкчам саясий, социалдык жана маданий өзгөрүүлөр убагында коопсуздук аймагын издөөгө багыт коёт.

Атап айтканда, техникалык жаңычылдыктар жана алардын күнүмдүк жашоого аралашуусу технофобдорго эле эмес, бардыгына жат көрүнүшү мүмкүн. Кимдир бирөөлөргө IT технологиялардын жана нанотехнологиялардын пайда болушу аябай жакшы окуя болуп саналат, анткени адам менен компьютердик технологиянын өз ара байланышы таасир калтыруучу жыйынтыкты билдирет. Башкалар муну адам өзүнүн жаратылышынан четтегендиги, адамзат жашоосуна коркунуч катары кабыл алышат. Дал ушул жаңы социалдык-маданий чакырыктардын каршысында, чогулган жамааттык түшүнүктөрдү жана социалдык ченемдерди толук жокко чыгаруу менен диний фундаменталисттик кыймылдар пайда болот. Диний фундаменталисттик постулаттардын өзүнө тарткандыгы, ал постулаттарда бул татаал дүйнөдө жөнөкөй, жеңил ишке ашырылуучу жана биринчи кезекте альтернивасы жок чечимдер камтылгандыгы, бул адамдардын жасаган иштерине ишеним туудурат. Адамзат алдында дайыма суроо турган– «Коомдо кандай жүрүш-туруш туура болуп саналат?». Бул суроо көпчүлүк диний топтор үчүн кийинкидей тар суроого алмашкан – “Азыркы кездеги шарттарда бул же тигил динге ишенгендер өздөрүн кандай алып жүрүшү керек?” Саясий, экономикалык жана маданий интеграциянын ааламдык процесстеринин натыйжасында, жада калса көпчүлүгүн исламдын жактоочулары түзгөн коомдордо «ислам буйруган «түз жолдон» кайтуу менен башкача жашаганга мүмкүнчүлүк пайда болду» [143,201-б.].

Азыркы кездин ачык-айкындыктарынын кысымында бардык бул көйгөйлөр олуттуу мааниге ээ болууда жана «туура» жана «туура эместер», «динчилдер» жана «динсиздер» топторунун, «биздикилер» жана «чоочундар» ортосундагы жиктенүүнү чийүү зарылдыгы тууралуу суроо коюшат. Ушуга байланыштуу, мульти-маданий чөйрөдө болуу менен, алар үчүн «биздин» жана «алардын» ортосундагы, тарапташтардын жана каршылаштардын ортосундагы айырманы белгилөө ыкмасы болгон чектөөлөрдү

фундаменталисттер ыкчам жана натыйжалуу колдонушат. Ким өзүн кеңири коомдон бөлүүгө умтулса, ошолор тарабынан жүрүш-туруштун өзгөчө эрежелери пайдаланылат. Бул жерде социалдык механизмдин ресурстук жана башкаруучулук багыттарынын саясий процесске таасири көрүнүүдө.

Ошентип фундаментализм – бул актуалдык дилеммалардын талашсыз чечимдерин сунуштаган, ыкчам саясий-социалдык өзгөрүүлөр учурунда «көп адамдардын кулк-мүнөздүк маанайын, жогорку социалдык жана географиялык мобилдүүлүктү жана башка чыңалууга алып келген факторлорду колдогон феномен» [190,80-б.]. Мындагы жагымдуу жагдай катары, фундаментализм салттуу баалуулуктарды сактоону каалагандыктын үлгүсү болот, түшүнүктөрдүн жаңы тутуму «тегеректегилердин баарын бүлүндүрүп жана кайра тургузган» учурдагы туруктуу жана убакыттын өтүшүндө сындан өткөн бекем ишенимдерди коргоп чыгат. Ошондой эле саясий процесске таасир берүүдө өзүнүн акыл үйрөтүү, ынандыруу, кызыкдар жана тууроо социалдык механизмдерин пайдаланышат.

Диний фундаменталисттик ой-жүгүртүү менталдык кайсы бир топтун мүчөлөрү үчүн айланадагы ачык-айкындуулукту бир түрдүү өздөштүрүүгө жана ага баа берүүгө, бири-бирин түшүнүүгө жана тиешелүү кабыл алынган ченемдер менен салттарга ылайык аракет кылууга жол берген саясий процесстин негизин түзүп берет. Ошого карабастан «башаттарга кайрылууга» талап койгон диний фундаменталисттердин кыялдануусу – бул ыкчам өнүгүп жаткан саясий жана социалдык өзгөрүү процесстерин токтотуп калууга болгон натыйжасыз аракет. Сааттын жебесин артка жылдыруу жана ал жебени дүйнө качан ошол мезгилдин баалуулук тутумуна ылайыкташкан убакытка токтотуп коюу да куру убаракерчилик. Башкача айтканда динде – мурдагы мезгилге, качан теократия башкарып турганда; саясатта жана этностор аралык мамилелерде – пикирлер плюрализми жана маданий плюрализм социалдык-тарыхый трансформациялардын негизги белгилери болгонго чейин өкүм сүргөн коомго; экономикада – бир учурга, качан улуттук экономикага мамлекеттин кийлигишпес принциби ийгиликтүү иштеп жатканда – кайтууга

болбойт. Чынында эле кандай болгондугуна салыштырмалуу фундаменталисттер өткөндү өтө эле жөнөкөй жана позитивдүү кабыл алышкандыктан, бул кыялдар ишке ашпаган, кыял экенин белгилеп кетүүгө болот. Дайыма эле «өткөндүн элеси туура эмес болот, ошондой болсо да ал чындыкка жакын» [184,84-б.].

Социалдык механизмдин субъектиси катары инсандын тажатма тиби, тескерисинче өз алдынчалыктан коркот, өзүнүн каалоо жана муктаждыктарынан бошонууга аракет кылат, сырткы баалуулуктардын, көрсөтмөлөрдүн жана беделдердин тутумуна катарлашууга жана ыңгайлашууга умтулушат, катуу аракет кылышат. Эки учурда тең коопсуздук жана өз алдынчалык, «мен» жана «башка» теңдештигин ниет кылган инсандын жалпы түзүмүндө «бөлүнүү пайда болот [184,93-б.]. Бул бөлүүнү социалдык механизмдин адам-ресурстук багытына алып келет жана бул аркылуу саясий процесске таасир көрсөтө баштайт. Себеби мындай бөлүнүү аркылуу адамдар фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик топторду толуктап баштайт. Топторго келген адамдар менен тиешелүү иштер уюштурулуп алып барылат, мындай учурда аларга фундаменталисттик саясий-диний идеялар, программалар таңууланат. Демек, ресурстук механизм уюштуруучулук социалдык механизм менен толукталат. Ошол эле учурда топ натыйжалуу болушу үчүн топтордун ар кандай каражат маселелери чечилиши зарыл, ал эми бул маселе уюштуруучулук социалдык механизм аркылуу ишке ашырылат. Бул процессти кенен кароо зарыл.

Диний фундаменталисттерди ар дайым консерватизм жана бир калыптагы ой жүгүртүү сыяктуу өзгөчөлүктөр бириктирет. Көксөөсү суубагандыкты, тынчсызданууну, түйшүктүү эркиндиктен жана жалгыздык сезимден көңүл калууну башынан өткөргөн адамдар фундаментализмге ыкташат; аларды «интеллектке каршы адепсиздик жана догматизм» айырмалайт [184,95-б.]. Ошондуктан социалдык механизмдин акыл үйрөтүү жана тууроо түрлөрүн карап көрөлү.

Өзүн-өзү алдагандык адамдын ой жүгүртүүсүнө мүнөздүү. Демейде адам эмнени көргүсү келсе, ошону көрөт. Чындыгында ал кайсы бир идеологиялык доктрина жана коомдо анын иштешинин айкындуулуктары менен аныкталган идеалдардын ортосундагы карама-каршылыктарды түшүнүүгө толук жөндөмдүү. Бирок, адамдар куру кыял менен маалым болгондуктан, алар реалдуулукка эмес, идеалга ишенип келишет. Мындай жеңил ишенимди изилдөөчүлөр адамдын өзүнө канааттанбагандыгы, өзүнөн өзү качууну каалагандыгы менен байланыштырышат. Белгилүү америкалык коом таануучу Э. Хоффердин пикири боюнча, мындай каалоо ашкерелик жана акылга сыярлыктан качуу каалоосуна барабар. Илимпоз, турган турпатыбыз кандай болсо, ал кейпибизди кабыл алуудан баш тартуу фактыларга жана салкын логикага карата биздеги жийиркенүүнү күчөтөт деп белгилейт. «Канааттанбагандар үчүн учур чактан жана келечектен үмүт жок. Буларды ишендирүү жана азгыруу жеңил. Нерселер кандай турса, аларды ошондой көрүүнү каалабагандык, жеңил ишенимге жана алдамчылыкка түрткү берет» [190,79-б.].

Э. Хофферге ылайык, «адамдын мүнөзүндөгү фанатизм, жек көрүүчүлүк, туурамчылыкка же өзүн курмандыкка чалууга ынтызарлык, күмөн санагандык белгилери «чыныгы ишенгендерди», башкача айтканда фундаменталисттик принциптерди адамдар тарабынан кабыл алынышына жана өздөштүрүп алуусуна бардык жагынан түрткү берет» [190,148-б.].

Фанатизм деп негизи чектен ашкан деңгээлге чейин жеткирилген кайсы бир ишенимдерге же көз караштарга берилгендикти, андан башка көз караштарга чыдабастыкты түшүнүшөт. Өтмө мааниде «фанатизм кайсы бир нерсеге кызуу берилгендикти түшүндүрөт» [182, 200-б.].

Э. Хоффер, кандайдыр бир принциптерге, кайсы бир кыймылга бекем берилгендик – өздөрүнө ишенбеген же иш жүзүндө өздөрүн көрсөтө албаган инсандардын тагдыры дегендей ойду бөлүшөт. Дайыма дал ушул «ыйык ишке ишеним» адамдагы жоголгон ишенимди өзүнө алмаштырат. Өзүнүн жеке артыкчылыгы тууралуу айтууга адамда канчалык негиздер аз болсо, ал өзүнүн

өлкөсү, өзүнүн дини, өзүнүн расасы же өзүнүн «ыйык иши» [190,26-б.] артыкчылыктуу экендигин далилдегенге даяр.

Качан биздин жеке кызыкчылыктар, келечекке карай биздин пландар үчүн сүргөн өмүрүбүз текке кеткенде, биз кандайдыр бир өзүбүздө жок болгон, ошол үчүн жашоого болчудай нерсеге муктаж боло баштайбыз. Массалык кыймылга тартылуунун бардык түрү – арналгандык, берилгендик, ишеничтүүлүк, өз жанын аябастык – бул иштин маңызы боюнча көңдөй, банкрот болгон биздин жашоого баа жана маани бергендик. Өзүнө-өзү ишенгендик чектелүү болушу мүмкүн, бирок өзүнүн өлкөсүнө, өзүнүн динине, расасына же өзүнүн «ыйык ишине» болгон ишеним баарын кучагына алган жана компромисстик эмес болушу керек. Биздин биринчи жашоо оңдолгус болуп бузулган же өтүп кеткендей, ошон үчүн бизге бөлөк жашоону табууга туура келди. «Ушул тандалып алынган бөлөк жашоо үчүн жанды кыюу биздин тандоонун тууралыгын гана далилдейт» [190,29-б.].

Ислам фундаментализми саясий процесске таасир берүүдөгү акыл үйрөтүү, тууроо жана ынандыруу социалдык механизмдерди адам ресурстук багытында колдонуусун карап көрөлү.

Орусиялык илимпоз В. И. Красиков адамдын фундаменталисттик ой жүгүртүүгө болгон дилгирлигинин түйүнү, тийиштүү бир кырдаалдарда жигердендирилиши мүмкүн болгон бир катар жамааттык түшүнүктөр, бир калыптар (стереотиптер) генетикалык түрдө адамдын аң-сезиминин түзүмүндө бекитилгендигинде [77,16-б.] деп белгилейт. Булар: биринчиден, дүйнө маанисинин дуалисттик категоризациясы. Фундаментализмге ыктаган адамдар үчүн «жакшы – кыянаттык», «чындык – калп», «тартип – баш аламандык», «сулуулук – түрү сууктук», «сүйүү – жек көрүү» деген түшүнүктөр радикалдуу түрдө бөлүштүрүлгөн. Ушул абалда, жаңжал жана күрөш – бул дүйнөнүн табигый ажырагыс абалы дегенге алардын аң-сезими ишенип алган. Бул «жек көрүүнүн жана коркунучтун жүгүн көтөргөн адамдар».

Экинчиден, өзүнө-өзү өтө жогору баа бергендик. Бул адамдар башкалардын арасынан өзгөчөбүз деген өздөрүнүн табияттарынын элестерине сыймыктанышат. Ушул үчүн алар башка адамдарды ашып кеткендик жана ал эмес аларды өздөрүнүн муктаждыктарына пайдалануулары мүмкүн экендиктерине болгон ишенимдүүлүк буларды аркалап жүрөт.

Үчүнчүдөн, жеке каталарын өзүнүн социалдык жана саясий айланасында дайыма болуп турчу кастыкка оодаруу. Мындай аң-сезим башка адамдарды дегуманизациялайт, анткени сыйга, ал эмес мээримге татыктуу болгон «чыныгылар» катарында ал аң-сезим өзүнүн гана тобунун өкүлдөрүн окшоштурат (идентификациялайт).

Фундаменталисттер өздөрүнүн жалпы принциптерине ылайык келген ашыктык тууралуу башкалардан өзгөчө болгон түшүнүктү колдошоорун белгилеп кетүү керек. Алар «башка адамдардын тобуна караганда тандалма мүчөлүккө кирген алардын тобу кескин айырмаланат» [155,42-б.] деп эсептешет. Диний фундаменталисттер, экстремистер жана террористтер үчүн эң башкысы Кудайдын мээрими. Эгерде эле Кудайдан түшүрүлгөндөргө же анын «ыйгарымдуу өкүлдөрүнүн» айткандарына ылайык иш жасалса, анда Кудайдын мээримине татыктуу болсо болот. Фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик топтун лидерлери Кудайдын атынан иш жүргүзгөн кадырлуулар деп саналышат, ошондуктан «тандалгандардын» жүрүм-турум принциптерин орнотуу вазийпасы аларга гана берилген. Бардык ушул принциптерди аркалагандар гана мээримге татыктуу. Кудайга болгон сүйүү дайыма «урмат-сыйын жоготкондорду», «күнөөкөрлөрдү» жана ал турмак бардык курчап турган дүйнөнү айыптоо менен коштолот. Фундаменталисттер үчүн бул дүйнө кыянаттыктын үлгүсү. Алар үчүн Кудайдын Падышалыгы гана жакшылыктын жайы болуп саналат, жана ким Кудайды сүйсө, бул дүйнөнү жек көрүүгө тийиш.

Төртүнчүдөн, тирешүүлөр, кыйроолор жана «тоскоолдукту жеңүү» – кайсы жолдор менен өзүнүн идеаларын жана саясий максаттарын ишке ашыруу мүмкүндүгү жөнүндө түшүнүктөрдү бириктирет. Акырындык менен

фундаменталисзмге алып келген адамдардын ашыкча диний кызгануу фактысына саясий-социалдык түшүндүрмө берген. Адам өзүнүн жашоосунда кыйынчылык болгон учурларда Кудайга кайрылат. Ал колдоону жана көңүл жубатууну издеп келет жана аларды ал дайыма динден табат. Бирок жеке динчилдик адамда артыкчылык сезимди пайда кылат, аны ал мындай деп негиздейт: «Силерге караганда мен Кудайга жакынмын. Мен сыйынам, Орозо тутам, күнөөлөрдү кечиришин Алладан суранам». Ушул учурдан тартып динге ишенген адам ал чоң күнөө экендигин түшүнбөстөн өзү текебердикке туш болот. Мындай адамдар өзүнүн көз караштарын жана жашоо эрежелерин айлана-тегерегине күч менен жайылтып жана таңуулай башташат. Алар башкаларды айыпташат, чечкиндүү жана таарынчаак болушат, бирок аны моюндарына алышпайт. Эгерде кимдир бирөө алар үчүн «ыйык» дегенге теңсинбей мамиле кылса, ага агрессивдүү жооп кайтарышат, жана өзүнүн ишениминде фанатизмге чейин жетишет. Бирок чыныгы динчилдик мааниси боюнча фанатизмди ниет кылбайт, диндин негизи – сабырдуулук жана кабыл алуу. Айлана-чөйрөдөгүлөр өздөрүн кандай алып жүрүш керектигин, алар эмне кылыш керектигин, б. а. кантип кийиниш керек, балдарды кантип тарбиялоо керек, үй-бүлөдө жана жамаатта мамилелерди кантип түзүш керектигин бул адамдар ар дайым билишет. Алардын жүрүш-турушу демонстративдик мүнөздү алып жүрөт. Бул жерде логика мындай: силер канчалык жаман болсоңор, мен андан бетер ыймандуумун, ошондуктан алар дайыма өздөрүнүн дарегине «күнөөкөрлөрдү» агрессияга көкүтүшөт.

Динчилдиктин бул сыяктуу формасы социалдык-психологиялык көйгөйлөрү бар адамдарга мүнөздүү. Адатта алардын ишеними, өзүн-өзү аныктоо жана кандайдыр бир деңгээлде кек алуу сыяктуу башкалардан өзгөчө форма болуп саналат. Адаттагыдай, алар кайсы бир тармакта, ал эми кээде бардык жакта деле анчалык ийгиликтүү эмес. Дин алар үчүн жашырынуучу жай гана эмес, ийгиликсиздигинен актануучу нерсе: «Макул мен жалгызмын. Бирок мен руханий адаммын». Мааниси боюнча фанатизмге кетүү – ушул «начар жашоого» каршы билбестиктен жасалган каршылык көрсөтүү

формасы. Жана анын биринчи белгилери – «абсолюттук чындыкты өзүнө кошуп алуу» [138, 39-б.].

Инсандын иретсиз көз карандылыгы секталардын ашыкча берилген жактоочуларынын бардыгына тең мүнөздүү. Ал көз карандылык, «олуттуу маселелерди башкаларга оодарып салууда, жеке адам өзү андан көз каранды болсо дагы адамдарга акыл-эстүү талаптарды да коюуну каалабагандыкта, бул адамдардын каалоосуна адекваттуу эмес ийге келүүдө, дармансыздык сезимде, өз эркинче калуудан коркууда пайда болот» [194,337-б.].

Диний фундаменталдык көз караштык түзүү процессинин өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүүгө боло турган тийиштүү социалдык механизмдерди бөлүп алса болот. Биринчиден, фундаменталисттик принцип – «бирөө – баары үчүн жана баары – бирөө үчүн» – бул бардык адамзаттын алдында эмес, бир топко тиешелүү болгон конкреттүү «жактардын» алдында жоопкерчилик алуудагы жаңы логика. Бул – саясий уюмдар, этникалык топтор жана диний бирикмелер, кесиптик бирликтер, туугандар, достордун компаниялары ж. б. болушу мүмкүн.

«Биз» (өз топ) жана «башкага» (өз топтон тышкары) бөлүнүү, жалпы адамзат баалуулуктары менен бир катарда адамдар жамааттык кызыкчылыктарга дагы багыт алышаарын билдирет. Социалдык топтор жалпы кызыкчылыктардын негизинде түзүлгөндүктөн, анда бул кызыкчылыктар ар бир топто бөлөкчө. Мына ошентип, уюмдардын бириктирилиши «биригүү үчүн бөлүштүрүү керек» деген мыйзам боюнча жүргүзүлөт, ушунун өзү касташууга негиз түзөт.

«Бөлөктөр», «андайлар эмес», «биз эмес», «башкалар» эми «өзүбүздүн» топтун кызыкчылыктарына ылайык өз ара байланышып жана бааланып башташат, алардын канааттандыруусуна тоскоолдук жана каражат катары каралышат. Ал эмес жалпы адамзат баалуулуктары топтун жеке кызыкчылыктарынын көз карашында түшүндүрүлөт. Көп жылдар бою адам коомунда орун алган адеп-ахлак ченемдери фундаменталисттер тарабынан кандайдыр бир мамлекеттик саясий күчтөр тарабынан ойлонуп чыгарылган

нерселер катарында жарыяланган, ал эми өздөрүнүн «баалуулуктары» чыныгы деп жаряланганда иш толук төмөн түшүүгө чейин жеткен» [54,65-б.].

Ар бир фундаменталисттик уюм анын баалуулуктары негизделген өзүнүн саясий-социалдык принциптерин жарыялайт жана өзүнүн саясий талаптарын билдирет. Тигил же башка кырдаалда баалуулуктардын ичинен кайсынысын артык көрүүнү ар бир адамга өз алдынча чечүүгө туура келет. Бирок түрдүү баалуулуктар ар кандай колдоолорду сырттан алат. Чечимдердин кабыл алынышын, алардын бузулгандыгына санкция киргизген ченемдерди, эрежелерди жана мыйзамдарды өздөрүнүн мүчөлөрү үчүн бекиткен фундаменталисттик топ саясий-социалдык жана клaндык кызыкчылыктардын багытын колдойт. Жалпы адамзат баалуулуктары фундаменталисттик уюмдардын кызыкчылыктарын жактоо үчүн дайыма бурмаланып турат. Алар качан «куралга даяр» болуп калган абалда – эми ал баалуулук эмес, бул саясий жана идеологиялык күрөштүн каражаты» [54,69-б.].

Экинчиден, швейцариялык илимпоз К. Г. Юнгдун сөздөрү менен айтканда, адам ошол же башка топко окшошуу менен «социалдык-психикалык инфляцияга» [202,80-б.] дуушар болот жана анын ченемделген таасиринин башкалардан өзгөчө жол көрсөтүүчүсү болуу менен, ошол топтун өлчөмүнө чейин кеңейет. «Өзүнүн» тобунун ашыкча берилген жактоочусу болуп, анын доктринасын кабыл алып, адам өзү үчүн да бир топ артыкчылыктарга ээ болот. Баарынан мурда, өзү өкүлү болгон топтун мойнунда толугу менен жүктөлгөн жоопкерчилик жок жашоо кыйла ыңгайлуураак экендигин билет. Иштин мааниси ушунчалык алыс кетет, себеби бул адамга топтун кызыкчылыгы үчүн башка адамдарды жок кылууга уруксат берилет. Бул «артыкчылыктар» үчүн ал эркиндигин, жекелигин жана өзүнүн баалуулуктарын айырбаштоого туура келет. Ошентип, фундаменталисттик топко толугу менен берилип, адам өзү менен өзү болбой калат.

Чындыгында адам өзүн өзү курмандыкка чалууга бышып жетилиш үчүн ал өзүнүн жекечелигинен жана өзүнүн өзгөчөлүктөрүнөн ажырашы

керек. Бул үчүн баарынан түз жол – инсандын жамааттык бүтүндүккө сиңип кетүүсү. Толук башкалардын үрп-адатын өздөштүргөн инсан өзүн дагы, башкаларды дагы өз алдынча адамдардын катарына кошпойт. Качан ушундай адамдан кимсиң деп сурашканда, ал – өзбек, тажик, христиан же мусулман экендигин токтолбостон жооп берет. Мындай адамда саясий-социалдык максат, баалуулук жана жамааттан тышкары тагдыр болбойт.

Мындай адамдын жеке өзгөчөлүктөрү жоголуп өчүрүлгөн сыңары. Ар бир иш-аракетинде ал кандай гана болбосун өзүн топ, кыймыл, партия ж.б. менен байланыштырат. «Анын кубанычы жана кайгысы, анын сыймыгы жана ишенимдүүлүгү өзүнүн жеке келечеги менен жөндөмдүүлүгүнөн эмес, бүт топтун келечегинен жана мүмкүнчүлүгүнөн чыгышы керек. Эң башкысы – ал эч качан өзүн жалгыз сезбеш керек. Ал эмес какыраган чөлгө таштап койсо дагы, аркасында өзүнүн тобу карап турганын сезиши керек. «Топтон чыгып калуу ал үчүн – бул жашоодон бөлүнүп калуу» болуп эсептелинет [190,80-б.].

Мына ошентип, саясий процессте топтун беделин колдонуу менен жеке максаттарына жетүү үчүн, жеке муктаждыктарын канааттандыруу үчүн ж.б.у.с. адам башкаларга таасир берүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн социалдык механизмдин ынандыруу түрү кодонулат.

Акырында кайсы бир топ бекиткен катуу алкакта күнөөсүз болуу чындыгында оңой. Топтун саясий-идеялык позициясына кошулуу, анын мүчөлөрүнүн пикирине макул болуу жетиштүү болот. «Чыканактан, ийинден сүйөгөндүк, кесиптештердин жана жолдоштордун колдоосу, жалпы ураандар, бир саясат, бир идеология – бул адам үчүн эң сонун сырткы таяныч болуп берет» [54,70-б.]. Бул жерде социалдык механизмдин уюштуруучулук багыты көрүнүүдө.

Фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик көз караштын жана ой жүгүртүү ыкмасынын өнүгүшүндө инсандын сапаттары сөзсүз олуттуу мааниге ээ деп жыйынтык чыгарууга болот. Ошого карабастан айрым илимпоздор [36,224-б.] фундаменталисттик көз караштыt түзүүдөгү аң-сезимсиз ролду ашырып ийгендикке күмөн санашат. Алар фундаменталисттик

ой жүгүртүүнүн саясий-социалдык шартталган ашкере табынуу фактысына көңүл бурушат жана фундаменталисттик принциптердин тигил же башка жыйындысын кабыл алган адамдар муну аң-сезими менен жасашкан, бирок белгилүү бир социалдык, экономикалык же саясий жагдайларда деп аныкташат.

Француз социологу Раймонд Будон [22,108-б.] дагы оригиналдуу теорияны иштеп чыккан, ал анда эмне үчүн кайсы бир социалдык-саясий феномен адамдардын дал ушул социалдык жүрүш-турумунун натыйжасы болуп саналаарын түшүндүрүүгө аракет кылган. Ушул максатта ал атайын изилдөө моделин – нукура илимий концепциялардын идеологияга айланып кеткен жолдорун анализдеген «идеологиянын жеке теориясын» түзгөн. Ушул абалда Р. Будон, негизинде жаңылыштык менен ашыкча ишеничтүүлүктү көбүртүп-жабырткан же туура эмес чечмелеп, түшүндүргөн илимий теориялар камтылган доктриналарды идеологиялар деп түшүнгөн.

Адамдардын саясий-идеологиялык доктриналарга берилгендигин, коомдо күмөндүү идеялардын жайылтылышын бир гана эмоция же фанатизм менен түшүндүрүүгө, адашкандык жана көрбөй калгандык катары талкуулоого болбостугун изилдөөчү далилдегенге аракет кылган. Ал үчүн саясий-социалдык натыйжалардын эки түрүн бөлүп алган – белгиленген процесстерди толук түшүндүрүп берген кырдаалдын натыйжасы жана коммуникациянын жемиши.

Атап айтканда, белгиленген процесстерди толук түшүндүрүп берген кырдаалдын натыйжасы катарында түшүнүү – бул “эмне үчүн социалдык актор жалган жана күмөндүү саясий идея менен макул болоорун рационалдуу түшүндүрүш үчүн бул натыйжалардын аракетине бир гана анализ жетиштүү” [22,124-б.].

Коммуникациянын майнап-натыйжаларынын талдоосунда Р. Будон бардыгы бүт жагынан компетенттүү боло алышпастыгын негизге алган. Ошондуктан адамдар айткан адамдын бир гана саясий-социалдык статусунун, беделинин натыйжасында кээ бир нерселерди чыныгы катары кабыл алышат.

Эгерде эле бул кабар берүүчү – адам ишендирүүгө, азгырууга, акыры жөн гана жакшы сүйлөгөнгө жана өзүнүн пикирин кагазга түшүргөнгө жөндөмдүү болсо, анда ага азгыруунун фактору кошулушу мүмкүн. Башкача айтканда, адамдар бедел жана таасир натыйжаларынын аракетинин астында калышат.

Мына ошентип Р. Будон адамдар дегеле кайсы бир иррационалдык күчтөрдүн аракетинин алсыздыгынан жалган жана такталбаган саясий идеяларга (принциптерге) кошулуп кетишерин көрсөттү, ошондой эле бул процессти бир гана инсандын сапаттары жана туурагандык, конформизм, саясий-социалдык феномендери менен түшүндүрүүгө болбостугун көрсөттү. Логикалык тыянактардын чынжырын жана түркүн мисалдарды колдонуу менен Р. Будон адамдар ошондой эле таптакыр жеке куру кыялдарынын курмандыктары болушпайт деген жыйынтыкка келди. Аларды мындан ары социалдык жана саясий институттар азгырылган бир гана кол балдары катары караганга негиз жок. Алардын тандоосу аң-сезимдүү жана рационалдуу, б.а. жалпы жана тышкы саясий-социалдык себептер менен шартталган.

XX кылымдын акыркы чейрегинде исламисттик кыймылга катуу түрткү берген көрүнүштө – «афган жихадында» катылган. Ошол жүз жылдыктын 80–90-жылдары дин ишениминин миңдеген күрөшүүчүлөрү “ваххабиттик”, «салафиттик-жихадисттик» жана башка саясий, диний идеологиялардын таасирлерине дуушар болушуп, Пешавар лагерлеринен машыгуудан өтүшкөн. Бирок ошол учурдагы абал жана шарттар “баарын террорист, экстремист же диний фундаменталистке айландырды” деген жыйынтык чыгарууга болбойт. Бирок, бул адамдар «бардык кыйынчылыктардан чыгарчу нерсе – дарттын дабасы, бардык көйгөйлөрдү чечүүчү ачкыч бул – саясий зомбулук» [71,17-б.] деген түшүнүктөрдү дал ошол Пешавар лагерлеринен алып чыгышкан.

Фундаментализмди түшүнүү үчүн социалдык-саясий байланыштын турган ордун тереңирээк акылга салуу зарыл. Эмне үчүн жеке инсандар «фундаменталдык» принциптерди жетекчиликке алуу менен террористтик жана экстремисттик аракеттерди ишке ашырууга даяр дегенди түшүндүрүүдө

аң-сезимдик жана көз караштык принциптерге караганда саясий-социалдык себептер аябай олуттуу болуп саналат. «Адамдын аң-сезими жана көз карашы эмес, ал мүчө болгон топтун баалуулуктары жана түшүнүктөрү эң алдынкы орунда болууга тийиш. Адамдар эмне үчүн ишенишет дегенге караганда, алар эмнеге ишенгендери бир топ олуттуу» [192,120-б.]. Дал ушул себептен фундаментализм аң-сезимдик гана эмес, барынан мурда социалдык шартталган саясий феномен болуп саналат.

Диний фундаментализмдин Борбордук Азия өлкөлөрүндө кайра жаралуусуна түрткү берген, ар кандай фундаменталисттик кыймылдардын ишмердүүлүгүн жигерденткен факторлор коомдогу системдүү саясий-экономикалык кризистин шарттарында пайда болот. Жашоо деңгээлининин төмөндөөсүнө калктын нааразычылыгынын өсүшү, эртеңки күнгө карата ишенимдин жана келечектин жок болушу саясий-социалдык чыңалууну күчөтүү үчүн шарт түзөт, ал эми «коомдун айрым тобунун материалдык жетиштүүлүгүндөгү айырмачылыкты түшүнө билүү ич күйдүлүк, нааразылык жана кастык сезимдерди козгойт». Мындай учурда айрым адамдар бирөөлөрдүн баалуулуктарын жана көз караштарын өзүнө тез кабыл алат [27,64-б.]. Саясий процесске таасир берүүдөгү социалдык механизмдин уюштуруучулук жана адам ресурстук багыттарынын бирин бири толуктап турганын көрсө болот.

Бул байланышта алсыздарды, жакырларды жана жабыркагандарды өзүнө тарткан кандайдыр бир саясий идеяларды же принциптерди коргоого багыттоо иши бир топ оңой болуп калат. Алсыздар жана жакырларга жек көрүндү нерселердин бардыгын желмогуз кылып көрсөтүү менен алардын арасынан өзүн курмандыкка чалууга даяр болгон жактоочуларды табышат. Бардыгын түшүндүрүп жана кармашканга каалоосун ойготуу үчүн «Шайтандын чоңу» деп айтуу жетиштүү. Бул сөздүн негизинде алардын катары толукталат жана аркандай саясий акциялар уюштурулуп, иш жүзүнө ашырылат жана күнөөсүз адамдардын үстүнөн жасалган саясий зомбулук

жеңишине мас болгон кылмышкерлерди өзүнөн-өзү толуктайт. “Жеңишти жыйынтыкка караганда аракет аныктайт” [27,69-б.].

Мына ошентип, фундаменталисттик доктриналарды, фундаменталисттик уюмдардагы мүчөлүктү колдогондордун социалдык базасын билимдүү жана жетиштүү үй-бүлөдөн чыккандар гана эмес, негизинен коомдун төмөнкү катмарындагылар түзөт. Алардын арасында жөн гана жашоодо өзүнүн жайын таппай калып иши оңолбогондор да, кылмышкерлер жана коомдогу ордун таппаган же ал орду эч убакта болбогон адамдардын баары бар. Алар окуялардын жүрүшүнө дурус таасир көрсөтө алышат, анткени алар учур талабын таптакыр баалашпайт. Өздөрүнүн жеке жашоолорун жана аларды курчагандардын баарын оңдолбос бузулгандар деп эсептешет, ошондуктан тигинисин да, мунусун да түп орду менен таратып жок кылууга жана бүлүндүрүүгө даяр турушат. Анан дагы алар кайсы бир ыйманын тазалоочу коомдук “спектаклде” өзүнүн тамтыгы чыккан жана пайдасыз «Мен» дегенин сиңирип жок кылууга аябай умтулушат – алардын бириккен аракеттерге ынтызарлыгы ушунда. Дал ошондуктан «алар революциянын биринчи чакырылгандарынын, массалык көчтүн, диний, расалык же шовинисттик кыймылдардын арасында болушат: тарыхты жараткан бул кыймылдарга өздөрүнүн мөөрүн басышат...» [190,38-б.].

Борбордук Азия өлкөлөрүндө конкреттүү кайсы социалдык топтор социалдык механизмдер аркылуу фундаменталисттик уюмдардын потенциалдуу мүчөлөрү болоорун карап көрөлү. Биринчиден, булар «жаңы кембагалдар», б.а. жакыр жашаганына аз эле болгон адамдар. Мурдагы бакубат жашоосун эстегенде булардын тынчы кетет. Менчигинен жана мал-мүлкүнөн ажыраган адамдар ар кандай массалык кыймылдарга үн кошушат. Ошондой эле, качан «оокаты көп болгондо жана да андан көптү каалагандагына караганда, эч нерсеси жок болгондо же азыраак эле болушун каалаганда» адамдардын каниет албагандыгы күч алат. Ошондой эле фундаментализмдин байрагынын астында чогулгандардын арасында колунда бар, жакшы жашагандар да жок эмес [190,44-б.].

Экинчиден, бул интеллекти төмөнкү деңгээлдеги адамдар. Фундаменталисттик мүнөздөгү кыймылдарда жана топтордо жетиштүү квалификациялык эмгеги жок же жогорку эмес жалпы билим деңгээлиндегилер учурарын фактылар далилдеп турат. Алардын аткарган иши акыл-көрөңгөнүн кенендигин, кесиптик квалификациянын жогорулугун талап кылбайт. Атап айтканда, сектанттык уюмдардын жана топтордун мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн билимин улантууга, өздөрүнүн жалпы жана кесиптик билим деңгээлдерин өстүрүүгө ынтызарлыгы жок. Ар бир диний агымдын идеологдорунун пикири боюнча мунун кереги жок. «Өзгөчө диний маселелердин чөйрөсүндө калуу менен, динчилдер бош убактыларын сыйынууга, «ыйык» китептерди окууга жумшоого тийиш» [194,15-б.].

Үчүнчүдөн, булар адам коомунда жана жашоодо өзүнүн ордун таппагандар жана иши оңолбогондор. Чыгармачыл күчүнүн алсырашы менен инсанда кескин түрдө массалык кыймылга кошулууга ынтызарлык байкалат. Өзүнүн жемишсиз «Мен» дегенинен качуу менен массалык кыймылдарга аябай дилгирлигинин өз ара байланышы ачыктан-ачык көрүнүп турат. Жазуучу, сүрөтчү же окумуштуу чыгармачыл күчү алсырай баштаганда, эртедир кечтир жалындуу патриоттордун, расисттердин, базар дин жайылтуучуларынын, кайсы-бир «ыйык иштин» жыйымчыларынын катарына кошулат [190,48-б.].

Төртүнчүдөн, фундаменталисттик кыймылдар тилектештикти жана колдоону бир гана эксплуатацияланган жана жабыркагандардын арасынан эмес, эригип-зериккендердин арасынан да өздөрүнө имерип алышат.

Көз карандысыз адам эгерде чыгармачыл, кандайдыр бир аны бекем кармаган иш менен алек болгондо же толугу менен жашоо үчүн күрөшкө өзүн арнап койгондо гана зеригүүдөн алыс болот.

Бешинчиден, адамдарды фундаменталисттик уюмдарга жалгыздык кайгысы, баарлашууга муктаждык алып келет. Булар социалдык байланыштары бузулгандар. Уюмдарда динчилдердин ичинен «иштебегендер 69% түзөт» [190,57-б.].

«Чыныгы» динди жайылткан массалык кыймыл эгерде өзүнө тиешелүү сандагы жактоочуларды тартам десе, бардык болгон топтук байланыштарды жок кылышы керек. Фундаменталисттик уюмдарга идеалдуу талапкер – ал аралашып сиңип кете турган жана анысы менен өзүнүн жашоосундагы майдалыгын, бечаралыгын жана жарыбастыгын жаап-жашыра турган жалгыз адам. Массалык кыймыл кайсы жерден үй-бүлөлүк, уруучулдук жана ошого окшогон тирөөчтөрдү кулаган жана кыйраган абалында тапса, жыйым-теримди ошол жерден көп чогултат» [61].

Алтынчыдан, ар кандай фундаменталисттик уюмду айырмалап турган өз жанын аябагандыктын өзгөчө ишенимдүү жыйымчылары болуп канааттанбагандыктын мүнөздүү сезими бар ачык-айкын көрүнүштөгү өзүмчүлдөр саналат. Ушуну менен бирге, туулгандагы жетишпестиктин айынан же тышкы жагдайлардын кесепетинен өздөрүнө болгон ишенимди жоготкондор өтө жалындуу фанатиктер болуп чыгышат. «Алардын өзүмчүлдүгү өзү менен өзү – эң сонун инструмент, алар аны өзүнүн иши оңолбогон «Мен» дегенине колдонбой калышат жана кайсы-бир «ыйык иштин» кызматына берилишет [190,64-б.].

Жетинчиден, диний фундаменталисттик кыймылдарга дайыма «өкүнгөндөр» жана «күнөөгө баткандар» жан-дили менен биригишет. Массалык фундаменталисттик кыймылдын лидерлеринин ишмердүүлүгү, өздөрүнүн жактоочуларынын күнөөгө баткандыгын жана ал эмес өкүнгөн кылмышкердин абалын сездирүүгө багытталган. Массалык кыймылдын биримдигинин жана күч-кубатынын булагы болуп саналган толук жыргалчылыктан баш тартуучулук, бул андан башка да эмес - курмандык дагы жана күнөөнү жууш дагы, бирок күнөөнү жууш күнөөнүн кайгыруу сезимисиз болушу мүмкүн эмес. Массалык кыймылга адамдарды тартуу, радикалдык диний фундаментализм оорусун жуктуруу методикасынын мааниси ушунда, андан кийин кыймыл бул оорунун жалгыз дабасы катары сунушталат” [190,71-б.].

Ар кандай аракеттеги массалык кыймыл күнөөнүн идеясын өстүрөт. Ал көз карандысыз адамдын «Мен» дегенин жемишсиз жана пайдасыз гана эмес, пас жана жүзү кара кылып сүрөттөйт. Сыйынуу жана өкүнүү – демек өзүнүн өзгөчөлүгүн, өзүнүн башкалардан айырмачылыгын өзүнүн үстүнөн ыргытып салуу жана өзүнүн «Мен» дегенин уюмдун ыйык биримдигине сиңирүү менен куткарылганга арга табуу.

«Кылмышкер өзүн «ыйык ишке» арноо менен чынында өмүрүн тобокелдикке салууга жана жашоосу менен мүлкүнүн кол тийбестиги кармап турган адамдарга караганда бул ишти коргоодо аша чапкан аракеттерге баруугa даяр» [190,72-б.] болушу мүмкүн.

Адатта диний фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдар өзүнүн эң жигердүү жактоочуларын өспүрүмдөрдүн жана жаштардын арасынан азгырып алышат. Көп учурда булар, этникалык жана диний коркунучтуу кагылышуулардын сахнасы болгон региондордон, «өзгөчө радикалдуу диний фундаменталисттик көз караштардын жана согушчан кыймылдардын пайда болгон жери» [27,62-б.] болуп саналган төбөлдүк режимдеги мамлекеттерден чыккан адамдар.

Пакистандык, азыркы учурда АКШда жашап турган журналист А. Рашид белгилегендей, атап айтканда, алар урматтаган мурдагы моджахеддердин башчылары ооп кеткен фракциялык күрөш жана бандитизмден түңүлүшкөн «жихад балдары» «Талибан» кыймылынын социалдык базасын түзүшкөн. Алар өздөрүн коомду коррупциянын, коррупциялашкан социалдык түзүмдөрдүн булганычынан тазалоочулар, куткаруучулар жана аны чыныгы исламдын жолуна кайтарып келүүчүлөр катары көрүшкөн. Алардын ичинен көпчүлүгү Пакистандагы качкындар лагерлеринде туулуп өскөндөр, пакистандык медреселерде окушкан жана согуштук ыкмаларды Пакистанда жайгашкан моджахеддердин партиялары жана отряддарында үйрөнүшкөн. Ошондуктан өспүрүм талибдер өз мекенин, анын тарыхын чала билишкен, бирок ошондой болсо да «алар, дал өздөрү

курууну каалаган – 1400 жыл мурун Мухаммед Пайгамбар түзгөн идеалдуу ислам коом жөнүндө медреседен маалым алышкан» [19].

Булар Афганистан баскынчылар менен, же өзү менен бир мүнөт да согушпай калган тынчтыкты эч качан көрбөгөн муундун балдары болгон. Алар өздөрүнүн уруусун, ата-бабаларын эстей алышкан эмес, алар туулган айылында жана өлкөсүндө аралаш жашаган элдер жөнүндө да билишкен эмес. «Чөгүп кеткен кеменин калдыктарын деңиз жээкке сүрүп чыгаргандай эле, алар да согуштан тарыхтын жээгине сүрүлүп калышкан» [145,41-б.].

Өткөндөгү жөнүндө эстутумдан жана келечектеги пландарынан ажырашып, алар толугу менен учурга сүңгүп кирип кетишкен. Сөзмө-сөз маанисинде айтканда алар тамыры жок, үйү жок, жумушу жок, эч нерселери жок жана эч нерсе билбеген, согуш таштап кеткен жетимдер болушкан. Алар эч нерсеге даяр болбостон, ал эмес ата-бабаларынан калган жөрөлгө иштерге – жер айдоого, мал багууга, кол өнөрчүлүк кылууга даяр эмес, – афгандык селсаяктар болушкан» [145,52-б.].

Андан тышкары алар талиб башчылары түзгөн эрендер боордоштугуна чын дили менен кошулушкан, себеби алар жашоосунда андан башка эч нерсени билишкен эмес. Бул эрендер боордоштугу жаштарга, ал үчүн согушууга татыктуу болгон диний максатты гана эмес, ал алардын бар экендигинин маанисин толтурган, толугу менен кабыл алууга болгон жашоо ыңгайын сунуш кылышкан. Өзүнүн тартиби, жүйөөсү жана максаттарына жетүүдөгү аёосуздугу менен исламга каршы күрөшүүнү максат кылган чырым жүрүш мезгилинде христиан дүйнөсүндө пайда болгон жоокердик диний уюмдарга Талибан аябай эле окшош болгон. Талибандын биринчи айлардагы жетишкен жеңиштеринин аркасында, Алланын жоокерлерине гана берилген жеңилбестик жөнүндө толгон-токой уламыштар жаралган. «Бул кан кайнаган күндөрдөгү ар бир жеңиш алардын ишинин тууралыгына, Алла алар тарапта экендигине жана алардагы ислам түшүнүгүнүн – жападан-жалгыз акыйкаттуулугуна ишенимди күчөткөн» [145,53-б.]. Ушундай көрүнүштөр

Иракта жана Жакынкы Чыгышта башаламандык уюштурган ИГИЛ (ДАИШ) дагы тийиштүү.

Ошентип, убагында Афганистанда жана Пакистанда «жихад балдарын» өстүргөн диний экстремисттердин жана террористтердин азыркы диний фундаментализмдин лидерлери коррупцияга малынгандар, уурулар, зордукчулар, аракечтер менен күрөшүү ураанынын астында жаңы халифат түзүшмөкчү болгон. Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан жана Кыргыз Республикасынын жаштарынын ичинен «жаш исламисттер муунун» уюштурууга жана түзүүгө ошондой эле аракет көрүшүүдө. Буга далил жана мисал катары өзбек, казак, тажик, кыргыз, түркмөн жаштары бүгүнкү күнү Афганистанда, Иракта жана Сирияда жогоруда көрсөтүлгөн ар кандай ураандардын астында “фергана” халифатын түзүшмөчү болуп согушка катышып жүрүшөт.

Э. Хоффер жогоруда мүнөздөлгөн бардык социалдык топтор, массалык фундаменталисттик кыймыл пайдасыз жана жалгыздык жашоо коркунучунан сактаган жашырынуучу жай менен өзүнө тартат жана кармайт деп ырастаган. Аларга акыйкаттык чындыкты берген же алардын жашоосун начар кылган кыйынчылык жана кыянаттык менен эмес, алардын өздөрүнүн «Мен» дегенин муштумдай жамааттык бүтүндүккө сиңирип алып азаттыкка чыгаруу менен массалык кыймыл канааттанбагандардын дартына даба болот. Ийгиликке жетиш үчүн «массалык кыймыл өзүнүн бардык жактоочуларын бир бүтүндүккө сиңирүүгө жана бириктирүүгө жөндөмдүү бекем уюмду эртерээк түзүш керек экендиги айдан ачык» [190,55-б.].

Массалык кыймылга адамдар ашыкча жоопкерчиликтен качуу үчүн же «эркиндиктен эркин болуш үчүн» кошулушат. Кыймыл өсүп жаткан учурда анын жактоочулары азаттыкка чыккандай сезишет, бирок катаал көз караш жана буйруктардын чөйрөсүндө жашашат. Милдеттен, коркунучтан, пайдасыздыктан, корголбогон жалгыз жашоодон качуунун аркасы менен бул азаттыкка чыгуу сезими келет. Алар үчүн качуу – бул күнөөнүн жуулушу

катары сезилген кутулуу. Өзгөрүү «катуу тартиптин» алкагында болсо дагы бул чоң өзгөрүү санаасы аларга азаттык сезимин тартуулайт [190,46-б.].

Ошол эле убакта фундаметалисттик ошондой эле экстремисттик жана террористтик кыймылдын негизги түйшүгү –биримдикти жана өзүн курмандыкка чалуусун, жеке эркинен, пикиринен, кызыкчылыктарынан баш тартууну инсандан талап кылуу: «жалпы көйнөктүн материалында бир жип болуу жана башка жиптерден айырмаланбоо» [190,47-б.].

Диний фундаменталисттик уюмдар ар дайым өздөрүнүн мүчөлөрүнүн жүрүш-турушун, акыл эсин жана туюм-сезимдерин көзөмөлдөө аркылуу аларды бүтүн бойдон эксплуатациялоо үчүн ыкмалар менен көз боёмочулук кылышат (азгырык салышат). Бул максатта алар жаңы катарга кошулган адамды ортоктош, тил алчаак, кул жана көшөкөр жанга айлантуу үчүн ар түрдүү методдорду колдонушат.

Социалдык механизмдин тууроо түрүнө кайрылсак. Жүрүш-турушту жөнгө салуу боюнча методдор [194,46-б.] өтө натыйжалуу болушу жана терең көз карандылык абалга алып келиши мүмкүн. Бул методдор эки негизги принциптерге таянат:

- эгер бөлөк бирөөнүн каалаганындай адамды өзүн алып жүрүүгө зордогонго болсо, анда аны зордогонго жана ошол бөлөк бирөө эмне каалап жатканына ишендирүүгө болот;
- кескин, чукул өзгөрүүлөр адамды сырткы таасирге өзгөчө берилүүчү адам кылууга жана анын дүйнө таанымынын, баалуулук, ишеним системасынын күтүлбөгөн, терең өзгөрүүсүнө алып келүүгө жөндөмдүү.

Диний фундаменталисттик уюм өзүнүн мүчөлөрүнө багытталган таасир үчүн каражаттын толук арсеналын пайдаланат:

- коомдон жана көндүм болгон чөйрөдөн бөлүп салуу, бул чындыкты аң-сезимдүү кабыл алууну жоготууга алып келет;
- качан топтун саясий идеяларына карата бардык күмөн саноолор же аларга каршылык көрсөтүү жоголгондо топ тарабынан болгон атайын басым;
- «өткөн жашоодогу күнөөлөрдү» атайылап көбүртүп-жабыртуу;

- ар кандай бузуулардан чыккан руханий жана физикалык олуттуу натыйжаларды коркунуч менен сезин алуу.

Күмөн саноолор жана нааразычылыктар жоюлат же ал эмес жазаланат. Топтун жана анын лидеринин ишмердүүлүгүнө карата суроолорду басуу үчүн акыл эсти дел кылган ыкмалар колдонулат – сыйкырларды айтуу, түгөнбөгөн суйлөшүүлөр, жамааттык түрдө «күнөөлүүлөрдүн» жана башкалардын айыбын ачуу [194,51-б.].

Маңызы боюнча фундаменталисттик уюм адамдын руханий ааламын басып алууга умтулат. Саясат таануучу Е.Э. Месснер [107,30-б.] аныктагандай, «руханий ааламдын басып алынышы – бул жеңилген тарап өзүнүн баалуулугун коргоо жөндөмүн жоготуп гана албастан, жеңген тарап зордоп киргизген «жасалма» баалуулуктарды толугу менен башка үрп-адатты өздөштүргөндүгүн күбөлөндүргөн чыныгы жеңиш». Анда жеңилген тарап «жакшылыкты айрып таанsocial» калат, бирок «жамандыкты жакшылык катары кабыл алат, жеңүүчүнүн диктатына жол берет, анын кулу болгонго макул болот» [107,33-б.].

Тилекке каршы кайсы-бир адамдар диний фундаменталисттик уюмга кирип алышып, чындыгында ал эмне болгон нерсе экенин биле беришпейт. Анын чыныгы жаратылышы жөнүндө, анын жетекчилиги алып барган экономикалык жана саясий максаттары тууралуу аларга эч ким маалымат бербейт. Ислам фундаментализми саясий процесстерге өзүнүн социалдык механизмдери аркылуу таасирин берет.

Себеби фундаментализмдин феномени коомдун жашоо-турмушундагы ар түрдүү чөйрөлөрдө өзүнүн жигердүүлүгүн көрсөтөт – динде, мамлекеттик саясат жана экономикада, улуттар аралык жана гендердик мамилелер тармагында, ошондой эле илим жана билим берүүдө, адабиятта жана искусстводо. Фундаменталисттер азыркы коомдук тартип догмага салынган алардын принциптерине негизделиш керек деп ойлошот. Алар адатта бул принциптерди өздөрү үчүн ыйык сүрөлөрдүн маанисинен алышат. Адатта

фундаменталисттер өздөрүнүн кийинки доктриналдык түзүлүштөрүн негиздеген оозеки айтылган тексттерди жакташканы мүнөздүү болуп саналат.

Фундаменталисттер кээде ыйык сүрөлөрдү сөзмө-сөз түшүндүрүп жатабыз дешсе, фундаменталисттик чечмелеп түшүндүрүүнүн фактылары андай эмес экендигин көрсөтүүдө. Ар бир жазма адамдын аң-сезиминде сөзсүз маанисин өзгөртөт. Фундаменталисттер үчүн эң татаал учур дал ушунда болуп саналат.

Мурдагы баптарда белгиленип кеткендей, фундаменталисттердин доктриналарында бардык суроолорго жооптор табылган, бардык чечимдер кабыл алынган, бардык мүмкүн болгон окуялар алдын алынган. Туура доктрина фундаменталисттер үчүн бардык дүйнөлүк көйгөйлөрдүн ачкычы болуп кызмат кылат. Радикалдуу диний фундаментализм силер эмнеге ишенесиңер дегендикте гана эмес, силер ага кантип ишенесиңер, жана динчилдерге, башка адамдарга кандай мамиледесиңер дегендикте жатат. Бул байланышта фундаменталистти, «ким өзүнүн жашоо образын жакшы жана татыктуу деп, ал эми бөлөгү – салыштырмалуу начар жана татыксыз деп эсептегендер менен принцибинде сүйлөшүүгө баруудан баш тарткан адам» [45, 37-50 б.] катары аныктоо максатка ылайык.

Өзүнүн позицияларын коргоо менен радикалдуу фундаменталисттер жеке жана коомдук жашоо чөйрөлөрүнүн ортосундагы чектөөлөрдү жокко чыгарышат. Жеке адамдын кызыкчылыктары көңүлгө алынбайт же болбосо жалпы пайда үчүн курмандыкка чалынат. Адам үчүн фундаменталисттик уюм жазып берген жүрүш-туруштун белгилүү бир сызыгы бар, жана кимде-ким ал сызык менен жүрбөсө жазаланат.

Фундаменталисттик уюмдарда «ишенимге мамиле кылуунун» алдын ала шарты болуп адамдын өзүнөн өзү четтөөсү саналат, ал дайыма кайнаган ышкы абалда өтөт. Ышкыны күчөтүү адамдын ички дүйнөсүнүн тең салмагын бузууга жардам берет. Ички дүйнөсү сабырдуу болгон инсан гана эч нерсеге карабастан дүйнө тууралуу жыйынтык чыгара алат. Ички дүйнөсүнүн тең салмагы бузулгандан кийин адам же өзүнөн өзү четтеп, же өзүнө ишенбей, же

өзүн жокко чыгара баштайт. Ушул абалда адам ага жолуккан нерсенин баарына биригүүнү самап калат. Ал өз алдынча боло албайт же сырттан карап тура албайт, ал чын ниети менен кайсы-бир уюмга кириши керек.

Ким жаңы ишенимге башкаларды киргизип жатса, зордоо менен ишенимге кирип жаткандардай эле алар да жеткиликтүү түшүнүккө муктаж, ал түшүнүк, алар сунуштап жаткан же аларга сунушталып жаткан ишеним жалгыз чыныгы ишеним деген пропагандага негизделиш керек. Радикалдуу фундаменталисттер адатта террор практикасына өздөрүнүн душмандарын коркутуу жана жок кылуу үчүн гана эмес, өздөрүнүн жеке ишенимин күчөтүү жана бекемдөө үчүн да барышат. Бирок ал канчалык мыкты болсо дагы бир гана пропаганда менен адамдарды кайсы-бир түшүнүктө дайыма кармап турууга болбойт. «Ал пропаганда натыйжалуу болуш үчүн анын артында дайыма мизи курч кылыч турушу керек» [36,460-б.].

Радикалдуу фундаменталисттик топ өздөрүнүн эреже менен тартиптеринин кынтыксыз жана так аткарылышын талап кылышат, себеби бул «куткарылуунун жалгыз жолу» [194,46-б.]. Ошондуктан бул топ адатта, адамдар ишенүүдөн калышса же олку-солку болушса, аларды күч менен ишендирүү тартибин орнотот. Атап айтканда, бир дагы секта же топ, эгерде зомбулукка барбаса, адамдарды «барганга жери жок» болгондой кылып муштумунда кармап турбаса, өздөрүнүн идеалдары менен көп сандагы адамдарды узак убакытка чейин кармап тура албайт [194,53-б.].

Баардык фундаменталисттик кыймылдар ойлонбогон баш ийүүнү адамдык сапаттардын эң жакшысы деп эсептешет жана аны ишеним менен бир катарга коюшат. Жалпы ырашкерлик жалгыз ишенимге биригүүнү гана эмес, толук баш ийүүнү жана моюн сунууну талап кылат. Ошентип, «алар үчүн баш ийбестик чоң күнөө болуп саналат...» [190,97-б.].

Моюн сунуу – бул Кудайдын биринчи мыйзамы гана эмес, ал ар кандай экстремисттик же террористтик уюмдун биринчи принциби. Кимде-ким «Эмне үчүн? деп – сураба» деген принципти карманса, ал күчтүү жана кең пейил адам деп эсептелет.

Алардын каршылаштары менен компромисске барганга көңүлсүздүгү, бир убакта бекитилген терең орногон принциптерге каршы чыгып баш тартуусу фундаменталисттердин өзгөчөлүгү болуп саналат. Ошону менен бирге фундаменталисттин жөндөмдүүлүгү фактыларга «көздү жумуп жана кулакты жаап коюу», анын пикири боюнча ал фактылар көргөнгө же укканга да арзыбайт, бул анын рухунун теңдешсиз күчтүүлүгүнүн күбөсү болуп саналат. «Ал коркунучтардан коркпойт, тоскоолдуктардын алдында көңүлү чөкпөйт, ага каршы туруу менен жолдон чыгарууга болбойт – мунун себеби, булардын бар экендигин ал четке каккандыктан» [190,112-б.].

Радикалдуу фундаменталисттер адатта саясатка салттуу көз караштты кармангандарына карабастан, олуттуу белгилери – чечкиндүүлүк, өжөрлүк жана кужурмөндүк болгон саясий жигердүүлүктүн өзгөчө ыкмасы менен айырмаланышат. Алар «душмандары» менен жигердүү кармаштарга даяр жоокерлердин ролунда өздөрүн көргөндөрүнө куштарланышат.

Кол жете турган, ошондой эле фундаменталисттердин бардык чогулган элементтеринин ичинен өзгөчө көлөмдүүсү болуп жек көрүүчүлүк саналат. Жек көрүүчүлүктө жеке жарамсыздыгын, эч ким эместигин, күнөөсүн жана башка жетишпестиктерин аң-сезиминен жок кылууга карата болгон адамдардын тайманбаган күч-аракети көрүнөт. Бул жерде өзүн өзү жекирүү башкаларга болгон жек көрүүчүлүккө өтүп кетет, бирок ушуну менен бирге ал өтүп кеткендикти жашыруу үчүн бардык аракеттер көрүлөт. Эң мыкты жашыруу – колдон келсе жек көрүүчүлүк боюнча көбүрөөк сапарлаштарды табуу. Башкасына караганда мында көбүрөөк, бул жерде жалпы тил табышуу керек, жана өзүнүн ишенимине адамды буруу жалпы ишеним менен таасирлентүүдө эмес, ал андан көрө – «негизделбеген жек көрүүчүлүктө» турат» [190,117-б.].

Жамаат менен толук биригүү, өзүн курмандыкка чалуу жана өзүнөн четтөө башка адамдарга каардуу жана аянбастан мамиле кылууга укук берет. Ошондуктан динге ишенген, дин адамы – момун инсан деген басымдуу пикир дайыма жаңылыштуу болуп калат. Чындыгында өзүнөн четтөө жана өзүн

кемсинтүү керсейгендикти жана текебердикти жаратат. Динге ишенген адам тандалгандардын бирөөсү, «жердин тузу», «дүйнөнүн жарыгы», «Ааламдын Атасынын Уулу» [55,1052-1068 б.] катары өзүн көрүүгө ынтызар. Анын ишенимине таандык болбогон ар бир адам, адепсиз; ким аны уккусу келбесе – ал өлүмгө байланган [190,117-б.].

Качан Кудайга, улутка, элге, запкы көргөндөргө берилгендиктин атынан болгон бүлүндүрүүгө, кан төгүүгө, террорго көз салууга туура келип калса, анда ушул максаттарда башталган дал ошол биригүү процесси жакшы ниеттерди жек көрүүчүлүккө жана зомбулукка айландырып коёт.

Адатта радикалдуу фундаменталисттерди чебер жетекчи бириктирет. Өздөрүнүн ишениминде жана аракеттеринде алар өзүнө «улуу ишенимди жана күмөнсүз доктринаны» [21,156-б.] уютуп алган бедели бекем башчысына таянышат. Адатта фундаменталисттик уюмдун мүчөлөрү өздөрүнүн лидерине берилип, жан-дили менен кызмат кылышат жана анын бир дагы сөзүнө же ишине шек жаратышпайт. Топтун башчысы эч кимдин алдында жана эч нерсе үчүн жоопкерчилик тартпайт, ал эч кандай бийликке же таасирлерге баш ийбейт. Дал өзү, кыска мөөнөттүү учурдун курмандыгынан актаныш үчүн идеалдаштырылган өткөндүн же укмуштуу келечектин сүрөтүн тартат.

Башчы массаны бийлегенге жана таасирлентүүгө караганда, жөндөмдүү адамдардын белгилүү бир тобун өзүнө тартууда жана алардын үстүнөн бийлик жүргүзүүдө өзүнүн өтө табияттуу күчүн көрсөтөт.

Массалык кыймылдарды башкарууда шаңдуу жаңдоо, башкалардын пикирин толук тоотпогондук, дүйнөгө жеке чакырык чоң ролго ээ. Ийгиликтүү башкаруу үчүн анча-мынча митаамдык дагы керек экендигин изилдөөчүлөр белгилешет. Фактыларды атайылап бурмалабаса массалык кыймыл жок болуп калышы мүмкүн. Кыймылдын айкын олуттуу эч бир артыкчылыктары анын жактоочуларын кармап тура албайт, аларды кыймылга өмүрүн арнаган жалындуу тарапташтары да кыла албайт. Башчы эпчил жана реалист болушу керек, бирок ал көсөмдүн жана идеалисттин тилинде сүйлөшү керек.

Фундаментализмди аныктаган белгинин ролун такай модернизмге каршы бурушкан көптөгөн изилдөөчүлөр аны фундаментализмдин бар экендигинин мүнөздүү өзгөчөлүгү деп эсептешет. Чынында эле, фундаментализмдин модернисттике каршы багыты, ишке ашкан социалдык жана саясий өзгөрүүлөрдүн сөзсүз болорун жана зарылдыгын фундаменталисттер баалабагандыгында, ал эмес жокко чыгаргандыгында көрүнөт.

Америкалык изилдөөчү С. Брюс белгилегендей, фундаменталисттерди, алардын өткөнгө сын айтпагандары, учурду жалпы айыптагандары айырмалайт. Алар дүйнө өзгөрдү деген фактыны кабыл ала алышпайт, анын трансформациясынын жолун акылга салышпайт. Атап айтканда, ажырашуу азыр баңгиликтей эле адаттагы көрүнүш болуп калды, көптөгөн социалдык чөйрөлөрдө гомосексуализм альтернативдүү жыныстык эреже катары кабыл алынып, «үй кызматчысы» деген аялдын орду төмөн түшүп кетти ж.б.у.с. Анын корутундусуна ылайык: азыркы учурдагы «…социалдык өзгөрүүлөр коомдун социалдык, саясий маданиятын, адеп-ахлагын олуттуу өзгөрүүгө алып келди жана фундаменталисттер бекем орнотулган деп баалаган стандарттарды оолактатып түртүп салды» [30,43-б.].

Э. Хоффер мындай деп тактайт: «иш жүзүндөгү мамлекетте кабыл алынган тартиптер жана эрежелер менен күрөштү өмүр үчүн эмес, өлүм үчүн жүргүзүп жатышканда да фундаменталисттик уюмдар өздөрүнүн жактоочуларынын акылын келечекке карай тууралашат» [190,87-б.].

Бирок көпчүлүк фундаменталисттер азыркы кездин айрым чындыгына карата мамиле боюнча өтө бирдей маанидеги позицияны ээлешет жана илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин кеңири пайдаланышат.

Белгилей кетүү керек, диний фундаменталисттер өздөрүн илимий-техникалык прогресстин кастары катары көрсөтүшсө да, алар коммуникация революциясынын каражаттарында өзүнчө пайда табышты [124,154-б.].

Биринчиден, көп адамдарда бар болгон интернет, радио жана теле көрсөтүү аркылуу саясаттын көтөрүлгөн ысык табын көтөрүүгө жана калктын

кайсы бир окуяны кабыл алуусунда каалаганын кошуп коюуга болот. Көптөгөн көрүүчүлөр мурдагы өздөрүнүн билгендерин, өздөрүнүн туура эмес ойлоруна ылайык «көрсөтүлгөндөрдүн жандырмагын табуу менен» теле көрсөтүүдөн көргөндөрүнө жана уккандарына кошушат.

Экинчиден, учурдун жаңы технологияларынын жардамы менен сөзү, өзү өтүмдүү, кадыр-барктуу лидерлер менен алардын жактоочуларынын ортосундагы тыгыз мамилелерди түзүүгө мүмкүнчүлүк пайда болду.

Үчүнчүдөн, дал ушул маалымат деңгээлинде өз ара катышты уюштуруу жакшы жүргүзүлөт, максаттуу аудиторияга түз кирүүгө мүмкүндүк ачылат жана көп массага саясий-идеологиялык басым жасоого мүмкүнчүлүк пайда болот.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, акыл үйрөтүү социалдык механизми колдонуунун натыйжасында «ийкемдүүк» аң-сезим пайда болот, б.а. өзүнө терс дараметти алып жүргөн маалыматтын таасири менен тийиштүү оңдоп-түзөөлөргө оңой берилген аң-сезим. Бул аң-сезимде «таасир берүүчүлөр» жайылткан саясий зомбулук, таш боордук жана агрессия чогулган» [103, 120-б.].

Телевидение, интернет ж.б.у.с. топтолгон таасиринин натыйжасында аң-сезимдин четтөөсү, ачуулануусу, бузулушу жана криминализациясы ордуларын тапкан, ал эми бул өзгөчө саясий процесстин көрүнүшү катары коомдук жашоонун көп чөйрөсүндө болгон топтук да, индивидуалдык да ынандыруу жана социалдык механизмдеринин таасиринин негизинде социалдык жүрүш-туруштун конфликттик формасы чыгат.

Конфликтке ниеттенген баалуулуктар көптүк кылган жана калыптагыдай деп эсептелген чөйрөдө чогултулган аң-сезим эрежеден четтеген (девианттык) жүрүш-турушка ыктап калат. Аң-сезимдин башкалардын жүрүш-турушун айласыздан туурагандыкка болгон ышкысын колдонушуп, маалымат таасирлентүүчүлөрү өз өмүрүн кыйгандарды, адам өлтүргөндөрдү жана массалык киши өлтүрүүлөрдү маалымдоо системасында

кеңири жайылтуу менен ушуга окшогон аракетте кайтарылган жооптун учкунун жаратышат.

Маалымат системасы менен такай жарыялоо методунда каардуулук менен зомбулукту муунактоо (генерация) фундаменталисттерде толук бирдей реакцияны чакырат. Адамдын агрессияга карата каршы сезими төмөндөйт (зомбулук курмандыктарына кайдыгер мамиленин феномени); агрессияны кармап турган күчтүн алсызданганы орун алат (жүрүштү жайлатуунун синдрому); чындыкты кабыл алууда өзгөрүү болот (касташкандык эффекти).

Аң-сезимде демилгеленген курчап турган дүйнөнү агрессивдүү кабыл алуу процесси өзүнө карата тийиштүү толук бирдей реакцияны чакырат. Көрүнүп тургандай, аң-сезимди таасирлентүү өзүнүн максаты катары жүрүш-туруштун баш бербестигинин белгилүү бир элементтерин киргизүүгө ээ болот. Бул, болгондо да агрессивдүү көрсөтмөнүн маалымат системасынан алынган коргонуу аркылуу каардуулуктун үзгүлтүккө учурашы.

Мына ошентип, социалдык механизмдер саясий процесске таасир берүүдө радикалдуу диний фундаментализмдин ар түрдүү типтеги жактоочуларын көз караштуу өзгөчөлүктөр, ой жүгүртүү ыкмасы жана жүрүм-турумдук мүнөздөмөлөр, ошондой эле кайсы бир социалдык топко таандыктык бириктирип турат. Радикалдуу диний фундаменталисттик уюмдар көз караашта кандайдыр бир пикир келишпестиктерге жана ажырымдарга жол берилбеген «фундаменталисттик дүйнөнү» биргеликте түзүшөт. Иш жүзүндө алардын бардыгы өздөрү көрсөткөн акыйкат топтомун саясатка ишке ашырууга аракет кылышат, бийликке умтулушат жана аны ээлеп алуу же сактоо үчүн көз карашка негизделген тезистерди колдонушат.

Радикалдуу фундаменталисттер тартиптин, баш ийүүнүн жана оппозициянын жоктугун жактырышат. Алар дайыма өздөрү каалаган жыйынтыкка жетүү үчүн күрөшүүгө даярдыгын көрсөтүшөт, ал жыйынтык – аларга жетектөөчү роль таандык болгон коомду түзүү. Кезектеги кайра жаралууну башынан өткөрүп жаткан диний фундаментализм буга көрүнүктүү мисал болот.

## 2.3. Борбор Азия өлкөлөрүндөгү экстремисттик, террористтик жана радикалдуу диний фундаменталисттик уюмдардын саясий ишмердүүлүктөрүнүн жигерденүүсүн талдоо.

Мыйзамга каршы жүрүм-турум механизминин теориялык тутумдук талдоосунда, социалдыктан индивидуалдуулуга жана индивидуалдуулуктан социалдыкка өтүүчү татаал процесстерди ачыктоодо жүйөөлөнүү процесси олуттуу мааниге ээ болот.

Борбордук Азия өлкөлөрүндө терроризм, экстремизм жана диний фундаментализм кылмыштарынын жүйөөсүн изилдөө алардын социалдык, психологиялык жана саясий талдоосунун негизин түзөт. Жүйөөлөнүү – жетишкендиги ишмердүүлүктүн маңызы болуп чыккан материалдык же идеалдык бир нерсе, муктаждык катары аныкталат. Ишмердүүлүгүн багыттаган жана козгогон жүйөөлөрдү билбей туруп, терроризмдин, экстремизмдин жана диний фундаментализмдин себептерин тереңирээк териштирүүгө, аларды алдын алуу жана токтотуу боюнча натыйжалуу чараларды иштеп чыгууга, экстремисттик жана террористтик ниеттерди алып жүргөн адамдын инсандыгына туура баа берүүгө жана түшүнүүгө, ага туура алдын ала таасир берүүгө мүмкүн эмес. Качан экстремисттик, террористтик жана диний фундаменталисттик жүйөөлөрдү изилдөө жөнүндө сөз жүрүп жатканда, экстремисттер, террористтер жана фундаменталисттер тарабынан алардын жарыяланган максаттарына караганда, алардын кылмыштуу жүрүм-турумунун субъективдүү маңызы көңүлгө алынат. Көпчүлүк учурларда бул максаттар, анын ичинде пайда көздөөчүлүк максаттар зомбулуктуу эмес да ыкма менен ишке ашырылышы мүмкүн. Ошондуктан негизги суроо, эмнеге айрым жеке адамдар айтылган көйгөйлөрдү чечүүнүн мүмкүн болгон ыкмаларынан экстремизмди, терроризмди жана радикалдуу фундаментализмди тандап алышат деген суроодон турат.

Борбордук Азия өлкөлөрүндө диний экстремизм, терроризм жана фундаментализм жүйөөлөрүнүн түрлөрү илимий эмгектерде көп ирет талкууланган, жана албетте, бул боюнча ар кандай көз караштар орун алган.

Диний экстремисттик, террористтик жана фундаменталисттик топтордун талдоосунун негизинде ишмердүүлүктүн үч негизги жүйөөсүн белгилеп кетсе болот. Биринчиден, культурологиялык жүйөө – террористтердин логикасы боюнча, коомду мезгил-мезгили менен «беймаза кылып туруш» керек, баарынан жакшысы «кан төгүүнүн жардамы менен». Экинчиден, рационалдуу жүйөө – алар тарабынан террордук саясий ишмердүүлүктүн натыйжалуу шайманы катары түшүндүрүлөт. Үчүнчүдөн, идеологиялык жүйөө – террор саясий-социалдык процесстерди жөнгө салуучу курал катары коомго таңууланат. Террористтердин теориясы жана практикасы бири-бири менен ачык эле карама-каршылыкта турат: теория жүзүндө террористтер адамдардын жана социалдык топтордун теңчилдиги үчүн күрөш жүргүзүшөт, ал эми өздөрүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө алардын ортосуна коркунуч дубалын орнотуу менен, аларды бири-бирине карама-каршы коюшат. Терроризм окшоштукту издөө курал катары инсандын деңгээлинде аны бузуучу куралга айланат.

Дагы бир россиялык окумуштуу С. А. Эфиров [201,89-б.], «өзүн өзү тастыктоо, өзүн өзү окшоштуруу, жаштык романтика жана каармандык, өзүнүн ишмердүүлүгүнө өзгөчө маани берүү, четтегендикти, конформизмди, жоопкерчиликтин жоктугун, стандартизацияны, маргиналдыкты, жадагандыкты жеңип чыгуу ж.б.» сыяктуу терроризмдин жана экстремизмдин жүйөөлөрүн бөлүп көрсөтөт. Идеялык жүйөөлөрдү сүрүп чыгарып же алар менен чырмала алуучу жеке өзүн ойлогон жүйөөлөр да болушу мүмкүн. Бирок, өзүнүн элин же бүт адамзатты куткаруучу аргага, жогорку чындыкка ээ болууга толук ишенгендик – «идеялык абсолютизм» негизги жүйөө болуп саналат. Ушундай эле менталдуулук саясий лидерлерге да, дин жайылтуучуларга да бир топ таандык, бирок «кандай гана болбосун абсолюттуу чындыкка дагы деле жете электерге аны жеткирүүгө же макул эместерди жок кылууга» [201,89-б.] кимде курч каалоо пайда болсо, ошолор экстремизм жана терроризм жолуна түшүшөт. Идеялык абсолютизм ошентип экстремизмге жана анын четки формасы – терроризмге которулуп коюлат.

Россиялык окумуштуу Д. В. Ольшанский [132,57-б.] террористтик, экстремисттик жана фундаменталисттик ишмердүүлүктүн жүйөөлөрүнүн төмөнкү негизги топторун бөлүп алат. Бирок мындай бөлүштүрүү жетиштүү шарттуу мүнөз алып жүрөт деп ал жаңылыш айтып алууда, анткени реалдуу жашоодогу адамдар, анын ичинде террористтер, диний экстремисттер жана радикалдуу фундаменталисттер бир канча жүйөөлөрдү жана жок дегенде бир жүйөөлөнүүнү өзүнө камтыган татаал жүйөөлөнүү комплекстерин жетекчиликке алышат. Автор аларды төмөнкүдөй жайгаштырат:

1. «Пайда көздөөчү жүйөөлөр» – дал ушулар биринчи орундуу ээлешет. Кеңири жайылтылгандыгы менен терроризм, экстремизм жана фундаментализм акы төлөнүүчү жумушту чагылдырат, жана белгилүү бир сандагы адамдар үчүн ал акча табуу жол болуп саналат.

2. Адамдын өзүнүн баалуулуктары, анын саясий-идеялык позициялары топтун же уюмдун идеологиялык баалуулуктарына дал келишине негизденген «идеологиялык жүйөөлөр». Бул жүйөө айтылган жалпылыкка кирүүнүн натыйжасы болушу мүмкүн. Мындай учурларда террор, экстремизм жана радикалдуу фундаментализм ал үчүн айрым саясий идеяларды ишке ашыруу каражаты гана эмес, айтылган жалпылык тарабынан берилген өзүнчө бир «миссия», «тапшырма», «милдет» дагы болуп калат.

3. Өкүм сүргөн дүйнөнүн акыйкатсыздыгын, өркүндөбөгөндүгүн түшүнүү жана ал дүйнөнү өзгөртүүгө, жакшыртууга туруктуу умтулгандык менен байланышкан «дүйнөнү активдүү өзгөртүү, кайра түзүү жүйөөлөрү». Адат катары, мындай түрдөгү жүйөөлөр, тигил же башка деңгээлде, биринчи кезекте террор, экстремизм жана диний фундаментализм менен профессионалдуу иш кылган адамдарга таандык. Дүйнөнү кайра түзүү процесси өзү буларды күч менен басып алат. Алар үчүн экстремизм, террор жана фундаментализм – шайман дагы, дүйнөнү кайра түзүү максат дагы.

4. «Адамдардын үстүнөн бийлик жүргүзүү жүйөөсү» – эң эле байыркы, эң тереңдеги жүйөө. Ал эмне менен чүмбөттөлбөсүн, кайсы бир башка жүйөөлөрдү же андан бетер жүйөөлөшүүнү келтирбесин, бул жүйөөнүн тигил

же башка деңгээлде дайыма орду бар. Саясий зомбулук жана коркутуу аркылуу террорист, экстремист жана диний фундаменталист адамдардын үстүнөн бийликке ээ болот жана ошону менен өзүн, өзүнүн инсандыгын ырастайт.

5. «Ишмердүүлүк чөйрөсү катары террордун, экстремизмдин жана диний фундаментализмдин кызыкчылык жана өзүнө тартуу жүйөөсү». Айрым адамдар үчүн, өзгөчө камсыз болгон жана жетиштүү билими барлардын ичинен чыккан адамдар үчүн террор, экстремизм жана фундаментализм жөн гана жаңы, иш кылууга башкача чөйрө катары кызыгууну жаратат. Алар менен байланышкан тобокелдик, пландарды иштеп чыгуу, даярдыктын бардык майда-барат иштери, аны ишке ашыруудагы жагдайлар аларды ээлеп алат. Ага ылайык, мындай адамдар ошон үчүн терроризмди, экстремизмди жана диний фундаментализмди өздөрүнүн күчүн жумшоо чөйрөсү катарында тандап алышат.

6. «Жолдоштук» жүйөөлөрү ар түрдүү варианттарда эмоционалдуу берилгендикте болушат – чогуу күрөшкөн жолдошторуна, бир диндеги адамдарга, уруулаштарына, туугандарына, саясий ишмердүүлүк боюнча пикирлештерине келтирилген зыян үчүн өч алуу жүйөөсүнөн баштап, ж.б. жүйөөлөргө чейин. Ошондо диний экстремизмге, терроризмге жана диний фундаментализмге колдоо үчүн барышат. Мындай жүйөөлөрдү жетекчиликке алган адамдар, эмне үчүн жана эмнеге алар муну жасап жатканын такыр ойлонбостон эле экстремизм, терроризм жана диний фундаментализм менен алектенишет.

7. «Өзүн өзү ишке ашыруу жүйөөсү». Бул парадоксалдуу жүйөө. Бир жагынан өзүн өзү ишке ашыруу – жан дүйнөсү күчтүү адамдардын энчиси, инсандын өзгөчө толук жүзөөгө ашуусу, анын бардык күчүн сарп кылуусу, өзүн курмандыкка чалууга чейин жеткирип адамдын террористтик актыга сиңип кетиши. Бирок, экинчи жагынан мындай өзүн өзү ишке ашыруу – чектелген мүмкүнчүлүктөргө макул болуу жана дүйнөгө таасир этүүгө зомбулук менен деструкциядан башка ыкмаларды таппаган адамдын

кембагалдыгынын ырасталышы.

8. Өзгөчө, «социалдык-психологиялык жүйөө» – бул өзүнүн өлүмүн каалагандык.

Көрсөтүлгөн жүйөөлөр Борбордук Азия өлкөлөрүндө экстремисттик, террористтик жана фундаменталисттик ишмердүүлүктөрдө негизги орун алган. Азыркы учурда Сирияда жана Иракта согушка катышып жүргөн Борбордук Азия өлкөлөрүнүн өкүлдөрүнүн максаттары – бул жүйөөлөрдүн далили болуп саналат.

Мисалы, 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жаза аткаруу кызматынын жабык мекемелеринде 238 адам экстремизмге жана терроризмге байланышы бар деп, соттук өндүрүштүн негизинде табылды. №1 түзөтүү колониясында кармалып жаткан 87 адам менен сүйлөшүү, сурамжылоо жүргүзүлдү. Сурамжылоо учурунда алардын ичинен 12си жүйөө катары “дүйнөнү активдүү өзгөртүү жана кайра түзүү” деп көрсөтсө, 66 адам “жолдоштук” жүйөөнү белгилеп көрсөтүп, жакындары жана тааныштары аркылуу диний фундаменталисттик, террористтик жана экстремисттик топторго мүчө болуп калышкандарын белгилешти. Ал эми 9 адам “өзүн өзү ишке ашыруу” жүйөөсүн белгилеп көрсөтүштү.

Д. В. Ольшанский тарабынан белгиленген жүйөөлөрдү, адатта «кейпи кеткен социалдык муктаждыктарды ишке ашырууга умтулуу» [132,59-б.] деп аташат. Криминологдор баарлашуу, жолдошчулук, сый-урмат, таануу, өзүн өзү тастыктоо – социогендик муктаждыктарынын биринчи кезекте кейпи кетет деп эсептешет. Айрым учурларда бул кадыресе адам муктаждыктары бурмаланат, бузулат, айланадагыларга үстөмдүк кылуу максатына, өзүнүн эркин таңуулагандыкка, башка адамдарга үстүнөн зомбулук кылууга өтүп кетет.

Террористтик, диний экстремисттик жана диний фундаменталисттик ишмердүүлүктүн жүйөөлөрүн талдоого алуу менен, төмөнкүнү белгилеп кетүү зарыл, биринчиден, алар терроризмдин, диний экстремизмдин жана фундаментализмдин ар кандай түрүнөн маңыздуу түрдө айырмаланышат,

экинчиден болсо, ал эмес бир эле террористтик, экстремисттик же фундаменталисттик актынын катышуучулары ар кандай жүйөөлөр менен козголушу мүмкүн. Кылмыштуу жүрүм-турумдун башкалардан айырмалашкан өзүнчө жүйөөлөрүн карап көрөлү.

Террористтердин, экстремисттердин жана фундаменталисттердин социалдашуу процессинин талдоосу экстремисттин, террористтин жана диний фундаменталисттин инсандык өнүгүүсүнүн жалпы факторун алып чыгууга жол берет – бул ар кандай түрдөгү социалдык-психологиялык өксүктүк, анын жашоосундагы кандайдыр бир нерсенин таңсыктыгы, жетишсиздиги. Бул феноменди белгилеш үчүн адатта «өксүктүүлүк комплекси» түшүнүгү колдонулат.

Инсандын бул сапатын батыш европалык изилдөөчү А. Адлер [6,59-б.] биринчи изилдеп жана сүрөттөп берген. «Өксүктүүлүк комплекси, бул айланадагылар андан артык экендигин сезүү менен азап чеккен ылайыкташпаган инсандын түзүлүшүндөгү көрүнүш». Комплекс ката кетирүүнүн, жолу болбогондуктун айынан пайда болот жана адамдын жүрүм-турумуна олуттуу таасир берет. Аны менен жабыр тарткан адамдар өздөрүн маанисиз жана зыяндуу катары кабыл алышат. Байланыштардын жетишпестиги, адамдардан чочулоо, ката кетирүүдөн коркуу, дайыма болгон чыңалуу анын пайда болуп жаткан белгилери. Өксүктүүлүк сезим-туюмдун тамыры көбүнчө балалык кезге карай барат. Жаш балага жетиштүү эмес көңүл буруу жана аны такай сындай берүү, өспүрүмдүн жеке намыстык сезиминин өсүүсүн үзгүлтүккө учуратышы мүмкүндүгү илимий негизде далилденген.

Социалдык факторлор менен бир катарда эле өксүктүүлүк комплексинин өсүүсүнө саясий, демографиялык, диний, этникалык, жыныстык – тышкы факторлордун ролу да аябай маанилүү. Басмырлоого дуушар болгон азчылыктын өкүлдөрү бул комплекс менен бир топ жабыр тартышат, башкача айтканда этникалык өксүктүүлүк комплекси. Коомдун башка мүчөлөрүнүн байгерчилик жашоосун көргөн учурларда, жакыр үй-бүлөдө өскөн адамдарда класстык өксүктүүлүк комплекси түптөлүшү мүмкүн

ж.б.

«Хамас» [132,63-б.] ислам кыймылынын идеологдору өздөрүнүн согушкерлерин мындай деп окутушат: «Алланын атынан эрдик көрсөтүү менен, сен бардык көйгөйлөрдөн арыласың; асманда сени сыйлык күтүп жатат; сага эмне жетишпеген болсо, ошонун баарына ээ болосуң, жана Алла бардык келтирилген зыяндын ордун толуктап берет». Террор жана экстремизм менен алектенүүнүн так өзү ар түркүн зыяндардан кутулууга ушуга окшогон ордун толтуруучу, жооткотуучу каражат болуп калат.

Борбордук Азия өлкөлөрүндө көптөгөн экстремисттер, террористтер жана диний фундаменталисттер бала кезинде ата-энесинин бирин же экөөнү тең жоготушкандыгы же жакын туугандарынын тарткан азаптарына күбө болгондуктары өмүр баяндарда тастыкталган. Мунун кесепетинен, бир жагынан өч алууга ниет пайда болгон, экинчи жагынан – болочок террорист жана экстремист өскөн айлана чөйрөнүн аң-сезимдик туйгусунун тартыштыгы.

Борбордук Азия өлкөлөрүндө зыяндуулук социалдык-экономикалык факторлор менен да жаралат: мисалы, адамдардын жашоо деңгээлинин төмөндүгү менен жана «тартып алуу жана бөлүшүү» каалоосу менен байланышкан бир мамлекеттин алкагында дагы, ошондой эле «жакыр» жана «бай» өлкөлөрдүн ортосундагы өз ара мамилесинде дагы. Борбордук чекит боюнча «Бай Түндүккө – жакыр Түштүккө» бөлүнүү, азыркы кезде жашоо деңгээлинде жана киреше деңгээлинде бир кыйла катмарларга бөлүнүүнү өзүнөн өзү жаратат. Ага ылайык жакырлангандарда жана кембагалдарда социалдык бакубаттыктын тартыштыгы менен байланышкан зыяндуу сезим пайда болот.

Билимдин жана маалыматтын тартыштыгы бөтөн маданияттарга, түшүнүктөргө жана дин ишенимдерине деструктивдүү, талкалоочу мамилелерди жаратат. Азыркы ислам фундаментализминин өкүлдөрүнүн билими канчалык аз болсо, алар ашыкча сабырсыз, террорчу жана экстремист.

Кээде тигил же башка зыяндуулукка алып келген тигиндей же башкача

таңсыктык пайда болгон ар түрдүү чөйрөлөрдү узак убакыт талдоого алса болот. Бул жеке да, үй-бүлөлүк жана, саясий, социалдык, экономикалык да, зыяндуулуктун ар түрдүүлүгү. Аныгында, алар экстремизм, террор жана фундаментализмдин ар кандай аң-сезим жана көз караштык тамырларын пайда кылат. Бирок, ар кандай варианттарды бирдиктүү механизмге чогултуучу жалпы негизги фактор бар. Бул өзүнүн зыяндуулугун жеңүүгө карата ички жөндөмсүздүк, мүмкүн эместик. Зыяндуулук өзү менен өзү коркунучтуу эмес – ал ар кандай механизмдер аркылуу жеңилүүгө туш болот, атап айтканда, өзү пайда болгон ошол эле чөйрөнүн каражаты менен таңсыктык жок кылынууга дуушар болгон гиперкомпенсациянын конструктивдүү, позитивдүү, адекваттуу механизми аркылуу. Качан адекваттуу каражаттар менен таңсыктыктын гиперкомпенсациясына күч жетпей калганда, ошондо террорист, диний экстремист жана радикалдуу фундаменталист болуп чыга келишет. Ошол учурда гиперкомпенсация адекваттуу эмес, негативдүү жана деструктивдүү болуп калат, зыяндуулук болсо террорго жана адекватсыз фундаментализмдин жаралышына карай бурулат.

Изилдөөчү Л.Я. Гозман [46,66-б.] мындай деп ой бөлүшөт: «Террористтикке баргандар социалдык-дезадаптацияланган, ийгиликсиз адамдар экендиги күмөн жаратпай турган факт. Алар мектепте жана жогорку окуу жайында начар окушкан, алар карьера кыла алышкан эмес, бирге окуган курбу-курдаштары жеткенге алар жете алган эмес. Алар дайыма жалгыздыктан жабыр тартышкан, карама-каршы жыныстагылардын өкүлдөрү менен мамилелери келишкен эмес. Сөздүн кыскасы, бардык жерде жана дайыма «алар аутсайдер болушкан, үй-бүлөдө да, жумушта да, достордун арасында да – эч жерде өздөрүн өз катары сезишкен эмес… Мындайча айтканда, бул ийгиликсиздик ээрчип алган адамдар».

Бирок бардык эле террористтер, диний экстремисттер жана радикалдуу фундаменталисттер – такыр эле жолу болбогондор эмес, алардын арасында карьерада, бизнесте, саясатта аябай эле ийгилик жараткан адамдар да бар.

Мисалы, «Аль-Каида» исламдык террористтик уюмунун мурдагы лидери Усама бен Ладен – ийгиликтүү бизнесмен, мильтимиллионер. «Кызыл Армия Фракциясынын» (RAF) теоретик жана лидерлерининин бири Ульрика Майнхоф, Германияда белгилүү журналист, атактуу журналдын башкы редактору, педагог, социолог жана теледокументалист, коомдук ишмер, эки баланын энеси болгон. «Иргун» сионисттик террористтик уюмдун жетекчиси Менахем Бегин, 1977–1983-жылдары Израилдин премьер-министри, 1978-жылы Нобель сыйлыгынын лауреаты болгон. Ясыр Арафат – Палестина автономиясынын лидери.

Ошондой эле Тажик Республикасынын Улуттук Гвардиянын командачысы киийн Ички иштер министирлигинин атайын бөлүгүнүн (ОМОН) жетекчиси, полковник Халимов Гулмурод 2015 жылы кызматын таштап, Тажикистандан Сирияга кетип, ал жактан “ИГИЛдин” аскер түзүмүнүн командири, андан кийин ошол эле уюмдун коргоо министри болуп дайындалган.

Кыргыз Республикасынын мурдагы жараны Мухтаров Сирожиддин Ош облусунда бизнес менен алектенип жүрүп “Жаннат Ошиклари” тобун жетектеп кийин Сирияга барып “ИГИЛдин” катарына кошулуп “Борбордук Азия батальонунун” командири болуп дайындалган.

Террористтер, экстремисттер жана диний фундаменталисттер кандай гана максаттарды көздөбөсүн, алардын артында адамдардын үстүнөн бийлик жүргүзүүгө умтулгандык турат. Бийлик – өзүнчө бир азгырык, ким аны жок дегенде бир жолу даамын татса, ал уламдан улам ага умтулат. Бийликке жеткен жана аны кармап турган мезгилде бардык башка баалуулуктардан толугу менен четтеген адамдар, коомдун коркунучтуу мүчөлөрү болуп калышат.

Согуштан акча табуу менен бир жаңжалдуу аймактан башкасына көчүп-конуп жүргөн жалдангычтардын аң-сезимин жана көз карашын талдоого алуудан бул жагдай ачык көрүнөт. Белгилүү бир этапта алардагы жүйөөнүн максаты боюнча орун которуусу жүрөт – акча экинчи планга жылат,

адамдардын үстүнөн бийлик жана үстөмдүк жүргүзүү сезимин берүүчү кишиде өлтүрүү мүмкүндүгүнө сөзсүз тартылуу пайда болот. Мындай учурларда коркутуу шаймандык мүнөзгө ээ болбой калат жана өз алдынча жүйөөгө айланат.

Буга мисал – ИДУ, ИПВТ жана «Талибан» кыймылынын катарында согушуп жатышкан Өзбекстандын, Тажикстандын, Казакстандын жана Кыргыз Республикасынын жарандары. Азыр болсо алар Сирияда ИГИЛ (ДАИШ) «Жабхат ан-Нусра» тарабында акча табуу иретинде согушуп жүрүшөт.

Террористтер, диний экстремисттер жана диний фундаменталисттер көбүнчө мамлекеттик институт жана түзүмдөрдү алсыратуу менен, өздөрү саясий бийликти басып алуу үчүн бийлик менен согуш жүргүзүшөт. Бул терроризмдин, экстремизмдин жана диний фундаментализмдин эң бир жайылтылган мотиви, тарых көрсөткөндөй, бул жүйөө ондогон жылдар бою террористтик жана экстремисттик актыларды жаратышы мүмкүн.

Окумуштуу Ю. М. Антонян [15,79-б.], айрым террористтер жана экстремисттер мамлекеттен аларга эмне керек экенин ачык-айкын билишпегендигин белгилейт. «Жөн гана» ушул ыкма менен алар жек көрүндү бийлик менен согуш жүргүзүшөт, курчап турган дүйнөнүн аң-сезимсиз жамандыгын ушундай түрдө билдирүү менен, өздөрүнүн кырсыктарын ага оодарышат, чын жана жалган таарынычтары үчүн, жеке жеңилүү ызасы жана ишке ашпаган кыялдары үчүн өч алышат. Террористтердин жана экстремисттердин артындагы турган күчтөр качан бийлик менен күрөштө башкача ыкма колунан келбей калганда, террордун жана экстремизмдин жардамы менен болгон согуштун орду бар.

Террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик ишмердүүлүктүн принциптерин изилдөө изилдөөчүлөрдүн алдына маанилүү суроону коёт: өздөрүнүн максаттарына жетүү үчүн эмнеден улам террористтер жана экстремисттер кайсы бир башка жолду эмес, зомбулукту, өлүмдү жана коркутууну тандап алышат? Мисалы, коомду кайра курууну же өзүнүн

социалдык тобунун саясий статусун өзгөртүүнү толугу менен мыйзамдуу саясий күрөш аркылуу кылса болот. Фанатизм болсо жаалданган динчилдикте же мистикада да пайда боло алат, бирок анда адамдар өлтүрүлбөйт. Ошондой эле акчаны да көптөгөн мыйзамдуу жолдор менен тапса болот. Бул жерден негизги же ал гана эмес жалгыз нерсени, терроризмди, экстремизмди, радикалдуу фундаментализмди жана аракетинин негизги мүнөзү, табияты боюнча ага окшош дагы башка аракеттерди эмне жаратаарын табуу зарылдыгы пайда болот.

Жогоруда көрсөтүлүп кеткен Ю. М. Антоняндын билдирүүсү боюнча, өлүмдү жайылтып же ага максималдуу жакындоо менен өздөрүнүн көйгөйлөрүн чечүүгө аракет кылган адамдарга таандык болгон «некрофилия» – өлүмгө жана жок кылууга берилгендик, терроризмдин маанилүү жүйөөсү болуп саналат.

Некрофилдер өткөн кез менен жашашат жана келечек менен эч убакта жашашпайт, бул улутчул террористтерде жана экстремисттерде өзгөчө тастыкталат, анткени алар өзүнүн элинин каармандык өткөн кезин даңктаганды жакшы көрүшөт жана салттарга өтө берилишкен. Алар үчүн эки гана «тарап» өкүм сүрөт: күч-кубаттуулар жана бийликтен ажырагандар, өлтүрүүчүлөр жана өлтүрүлгөндөр. Алар өлтүрүүчүлөргө ыкташат жана өлтүрүлгөндөрдү жектешет. Бул террорист жана экстремисттердин ичинен айрымдары өздөрүн өзгөчө тандалгандар катары туюшат, өздөрүн эч жерде жок миссиянын аткаруучуларындай кабыл алышат, өздөрүн башка адамдарга окшош эмеспиз деп ойлошот. Күнөөлүү сезим жана кейигендикке орун калтырбастан, мындай сезимдер аларды өздөрүнүн көз алдында көкөлөтөт. Алар өздөрүн зыяндуу жана кем сапаттуу деп да эсептешпейт. «Миссиянын» мазмуну киши өлтүрүү болгондугу алардын кылын да кыйшайтып койбойт: басымдуу көп адамдардан айырмаланып, айыпталууга тийиш болгон иштен алар эч нерсе көрүшпөйт. Айрымдары туйган аң-сезимдин экстра-ординардык абалы алардын тандалгандар экендигин ишендирет.

Бул жүйөө дайыма жетектөөчү абалда болот, бул башка жүйөөлөрдүн

бар экендигин жокко чыгарбайт.

Терроризм, экстремизм жана диний фундаментализм канчалык көп жактуу болсо, алардын жүйөөлөрү ошончолук ар түрдүү жана жаралуучу. Алардын көпчүлүгү террористтик жана экстремисттик актылардын, жана алардын өзгөчө бүлүндүрүүчү, кандуу мүнөзүнүн болбой койбостугун шарттаган буркан-шаркан сезим-туйгу жана кумар менен толтурулган. Жек көрүүчүлүк жана өзүнүн чындыгына сөз жок ишенгендик жашоого дайыма ушундай кылмыштарды жаратат.

Террористтик жана экстремисттик активдүүлүктүн өз алдынча жана жетишерлик күчтүү стимулу катары саясий-идеологиялык жүйөөлөр чыгаары жөнүндө айтууга болобу деген суроо илимий чөйрөдө талкууланууда. Идеологиялык жүйөөлөр деп аталгандар баарынан мурда башка, аң-сезимсиз инсандык жүйөөлөрдүн рационализациясын өзүндө көрсөтөт жана мааниси боюнча жүйөөлөнүүлөр болуп саналышат. Мына ошентип, жеке адам тарабынан конкреттүү идеологиянын кабыл алынышы анын инсандык багыты менен шартталган. Идеология – бул, ал аркылуу дүйнөгө баа берилген жана көз салынган «күзгү», ал бул дүйнөнү түшүнгүдөй кылат, жашоодо жана конкреттүү мамилелер тутумунда өз ордун табууга, өзүнө ээ болууга жана өзүн кабылдоону камсыз кылууга жол берет. Инсан тарабынан курал катары кабыл алынган идеология, анын ичинде диний фундаментализмдин саясий жана диний идеологиясы да, анын жашыруун кызыгууларына жана суктанууларына, өзүн жана айланадагыларды аң-сезимсиз туйгандыгына ылайык келет. Калган бардык жашоосунда бул идеологияны кабыл алууга адам белгилүү бир деңгээлде даярдалган.

Конкреттүү террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик аракеттердин нукура жүйөөлөрүн көрсөтүүгө болгон кыйынчылык, рационалдуу жана иррационалдуу – эки өңүттүн бар экендиги менен байланыштуу. Рационалдуулуктун мааниси, террористтер, экстремисттер жана фундаменталисттер өздөрүнүн кылмышы менен мамлекетти макул кылууга мажбур кылгандыгында жана коюлган саясий

максаттарына жеткендигинде турат. Социалдык кесепеттер боюнча бул натыйжалар баарынан мурда кыска мөөнөттүү жана локалдуу болушат. Буга байкоосуздан кабыл болгон бийлик алгач аларга баш ийиши мүмкүн, бирок андан кийин билгизбей жана акырындан бузуку аракеттердин негативдүү кесепеттерин оңдоп-түзөшөт. Терроризмдин, экстремизмдин жана диний фундаментализмдин иррационалдуу өңүтү ага тартылган адамдарга санаа тарткан жашоо тажрыйбаны өзүнө камтыйт. Адамдар кадыресе жашоодогу, кабыл алынган катыш тутумундагы мыйзамдарга караганда таптакыр бөлөк мыйзамдар боюнча аракеттенген уникалдуу психологиялык жагдай террористтик, диний экстремисттик жана радикалдуу фундаменталисттик акты учурунда пайда болот. Мисалы, «террорист – барымтага алынган адам» жагдайында драма өзгөчө, терең, дээрлик онтологиялык мааниге ээ болот. Себеби, инсандын өзгөчө үстүңкү катмары толук реалдуу жана объективдешкен өлүмдүн бет алдында көз ирмемде жуулуп кеткендиктен. Жеке террорист өзү өлүмдүн субъектиси катары болуп калат. Бир жагынан, ал мамлекеттин кыйратуучу бардык ири күч-кубатын өзүнө чакырат, экинчи жагынан болсо – тез өтүп кетчү, бирок барымтадагылардын жана алардын жашоосунун үстүнөн болгон танылгыс артыкчылыкты курч мүнөздө аңдап-билүүнү өзүнө алат.

Бул жерде, мамлекет террористти өлүм менен коркуткандыктан, диний азап чеккендик менен чектешкен мазохизм дагы бар, барымтадагылардын үстүнөн үстөмдүк жүргүзүүдө ал канааттануу алгандыктан, садизм дагы бар.

Көп эле кылмышкерлер сыяктуу, террорист өзүнүн аракеттеринин себептерин жеке өзүнөн эмес, мамлекеттен чыккан чын же жалган коркунучтардан – кырдаалдардан көрүүгө ынтызар. Террористтик акт өзүн коргоо аракетинде көрсөтүлөөрүн бул негиздер менен тастыктаса болот.

Дал ошол жетектүүчү жүйөөлөр аң-сезимсиз мүнөз алып жүрөрүн жогоруда айтылгандар ырастайт. Ал эми эркиндик, элдик бакыт, саясий-социалдык акыйкат үчүн күрөш, бул анын чыныгы жүйөөсүнө көрсөтмө берүүнү өзүнө дайыма камтый бербеген аракеттин негизин түшүндүрүү

жүйөөлөштүрүүсү сыяктуу, андан башкача да эмес. Ал эми ошондой эле азыркы кездеги терроризмдин жүйөөлөшүүсү XIX кылымда, XX кылымдын башындагы төбөлдүк-тоталитардык режимдердин мамлекеттик терроризминин мезгилиндеги бул ишмердүүлүктөгү кылмыш түрүнүн жүйөөлөнүүсүнөн кескин айырмаланат. Мыкты үйрөтүлгөн жана куралданган, анча чоң эмес жашыруун топтор мамлекеттик жана эл аралык институттарга таасир көрсөтүү максатында баарынан мурда террорго кайрылгандыктан, жүйөөлөнүүсүнүн спецификасы учурда олуттуу деңгээлде аныкталат. Топтун террористтик ишмердүүлүгүнүн жүйөөлөрүнөн пайда болуу мазмуну жана ыкчамдуулугу төмөнкүлөрдөн көз каранды: анын артында кандай күчтөр турат, ал канчалык өз алдынча, өзүнүн алдына конкреттүү кандай максаттарды коёт, анын мүчөлөрү кайсы идеологиянын негизинде биригишет, топтун түзүмү кандай жана аны ким жетектейт.

Орусиялык изилдөөчү В. С. Агеевдин [5,93-б.] белгилегени боюнча, социалдык акыйкатсыздык – бул акыйкатсыздыктын ушундай формасы, ал адамдын топтук таандыктыгы менен байланышкан, б.а. бул, социалдык топтордун ортосундагы мамилелерде ар дайым болгон акыйкатсыздык. Бул анығында, инсандар аралык эмес, топтор аралык көйгөй.

Өзүнүн «Агрессия: социалдык-психологиялык анализ» аттуу китебинде америкалык илимпоз Л. Берковиц [185;23,42-б.] агрессивдүү жүрүм-турумга карата ар түрдүү социалдык таасирлерди сүрөттөйт. Л. Берковицтин концепциясында тиешелүү депривация түшүнүгү негизгилердин бири болгон. «Тиешелүү депривация – бул өзүнүн тобунун абалын башка топторго салыштырмалуу начар баалагандык: өзүнүн тобуна аз мүмкүнчүлүктөр, укуктардын бузулгандыгы, акыйкатсыз социалдык статус ж.б. Депривация түшүнүгү, акыйкатсыздык сезим башынан өткөн жакка карата маанилүү түшүндүрмө концепт болуп саналат. Бул, ким көбүрөөк абсолюттуу мыкты жетишкендиктер менен объективдүү мүнөздөлсө, ошолор тиешелүү депривациянын айынан бир топ канааттанбагандыкты сезе алышаарын билдирет, эгерде алардын күткөн нерсеси чоң болсо же алар

өздөрүнө караганда абалы жакшы адамдардын курчоосунда болушса».

Турмуштун жетиштүүлүк деңгээлинин, материалдык жана саясий-социалдык статустун өсүшүндө, адам ага ылайык өзүнүн жетишкендиктерин баалаган бийиктик чеги да өзгөрөөрү белгилүү. Тиешелүү депривация «жогору карай мээленген салыштыруунун» натыйжасында пайда болот жана топ үчүн көксөө суубагандыктын булагы, кийинки мүмкүн болуучу агрессия болуп калат. Ушул абалда, ким түздөн-түз көксөө суубагандыкты чакырса, ошол гана эмес, топтук таандыктык белгиси боюнча аны менен бириккен ар бир адам же адамдар агрессиянын объектиси болуп калат.

Америкалык башка изилдөөчү К. Мак Коули [48,5-б.], терроризмдин себептерин жана жүйөөлөрүн изилдөөгө багытталган өзүнүн эмгектеринде, ал кылмыштуу жүрүм-турумду, анын ичинде террористтик актыны да ишке ашыруу чечимин кабыл алуу процесси, кризис деп аталган үч этапта болуп өтөөрүн божомолдойт. Биринчи этап – «купуялык кризиси». Айрым адамдар тутумду колдошпойт жана жашыруун сындашат, ага тескери мамиле кылат, бирок анын ченемдерин, эрежелерин кабыл алат жана ошолор боюнча жашайт. Акырындан пикирлештерин издөө жана жашыруун топторго биригүү бул этаптагы жигердүүлүктүн негизги түрү болуп саналат. Экинчи этап – «саясий-идеологиялык кагылыштын кризиси»: топтун жана мамлекеттин идеологияларынын ортосундагы жаңжал каршылыктын жана талаш-тартыштын ачык формасына өтүп кетет. Ушуга окшогон топ өзүнүн ой-пикирин баарына жарыялоо үчүн өзгөчөрөөк радикалдуу жүрүм-турумдук ыкманы тапмайын, экинчи этап ошого чейин созула кете берет. Адаттагыдай, топ террористтик топтун тажрыйбасына таянуу менен мындай ыкманы табат жана андан ары кийинки принцип менен аракеттенет: «Эгер бул террористтерге уруксат этилсе, анда бизге да боло берет» деген мааниде. Дал ушул учурда экинчи этап үчүнчү, бүтүрүүчү – «мыйзамдуулук кризиси» этабына которулат. Коом же мамлекет менен болгон ачык конфронтация экстремизм жана терроризм аркылуу саясий зомбулук аракеттеринин баскычына өтөт, анын ичинде күч көрсөтүүгө жана мамлекет тарабынан

болгон агрессияга – жооп берүү мүнөздөгү дагы. Топ же өзүнчө адам, ал кезге чейин күч колдонууга тоскоол болуп келген бардык укуктук жана адеп-ахлактык тоскоолдуктарды басып өтөт. Ал саясий зомбулук зарыл жана ылайыктуу болуп калат, сырт тараптан боло турган кол салуучулуктан өзүн жана өзүнүн идеологиясын коргоодогу жалгыз шайман катары көрсөтүлөт.

Жогоруда баяндалгандар Борбордук Азия өлкөлөрүндө экстремизмге да, терроризмге да, диний фундаментализмге да тиешелүү.

Экстремист жана террорист ар дайым өзүнчө бир адамга эмес, ал топко, уюмга, анын ичинде ушунчалык күч-кубаттуу мамлекетке да каршы турат. Адамдардын татаал уюштурулган топтук ишмердүүлүгүнө каршы аракет үчүн жетишерлик мыкты уюштурулган террористтик ишмердүүлүк да зарыл. Ошондуктан азыркы кездеги экстремизм жана терроризм кандай болсо дагы топтук мүнөзгө ээ, жана террористтик, экстремисттик актынын даярдыгы менен ишке ашырылышына эң эле аз дегенде бир топ адамдар тартылган. Жашырындыктын баам салганы боюнча, кылмыштын бардык баскычтарында алар сөзсүз эле тобу менен иш кылыш керек эмес. Бирок психологиянын көз карашында террористтин жана экстремисттин артында турган топтун – конкреттүү уюмдун же социалдык жалпылыктын катышуусу, реалдуу болбосо дагы жок дегенде көз кырын салып турушу – сөзсүз болуучу иш болуп саналат.

Америкалык изилдөөчү Поуст Дж. белгилегендей ишмердүүлүктүн топтук мүнөзү анын катышуучуларына белгилүү бир талаптарды коёт.Эреже катары, алар кандайдыр бир документтерде толук формалдаштырылган, белгиленген мүнөздү алып жүрүшөт. Мисалы, XX кылымдын аягында «Хамас» ислам кыймылы өзүнүн террористтик отряддарынын мүчөлөрүнө карата милдеттерди иштеп чыккан жана ишке ашырган [139,33-б.].

1. Алла жоокери жана динсиздер менен күрөшкөн адам биздин ишке, чыныгы ишеним үчүн күрөшкө жана биздин жердин бошотулушуна чексиз ишенүүгө милдеттүү; ал шахид болууга жана каалаган мүнөттө жеңиш үчүн жанын берүүгө даяр.

2. Улуулардын тилин алуу – Алла жоокеринин ыйык милдети.

3. Уюмдун купуялыгы, анын чечимдерине баш ийүү, тартип – Алла жоокеринин ыйык милдеттери.

4. Алла жоокери биздин уюмдун катарларын кеңейтүүгө аракет кылышы керек, бирок ар бир учурда бул үчүн өзүнүн жолдошторунан жана жетекчилигинен макулдук алууга тийиш.

Бул учурда алты базалык сапаттар даана бөлүнүп турат:

1) өзүнүн ишине жана өзүнүн уюмуна берилгендик;

2) өзүн курмандыкка чалууга даяр тургандык;

3) сабырдуулук, тартиптүүлүк;

4) жашыруундук;

5) моюн сунгандык;

6) жамаатчылдык – өзүнүн согушкер тобунун бардык мүчөлөрү менен жакшы мамиледе болууга жөндөмдүүлүк.

Эгерде бул сапаттарды топтоштурса, анда бир негизги жана эки «техникалык» сапаттар пайда болот. Негизги сапат болуп берилгендик белгиленет. Бул өзүнүн ишине, өзүнүн уюмуна жана өзүнүн жолдошторуна берилгендик, ага өзүн курмандыкка чалууга даяр тургандык кошулат. Ушул негизги сапаттар менен «техникалык» сапаттар байланышта, алар – тартиптүүлүк жана жашырындык.

Топко карата күчтүү психологиялык көз карандылык толук эмес инсандык окшоштук менен болгон айкалышта, аны руханий жана баалуу стереотиптештирүүнүн кубаттуу механизми кылуу менен топтук пикирдин таасирине өзгөчө күч берет. Топ идеалдаштырылат, анын берген баалары, ой-пикирлери, кыялдары инсан үчүн кадыресе ченем болуу менен үстөмдүк жүргүзө баштайт.

Мындай референттик топко таандыктык, анын «каармандык» иштерине жигердүү катышкандык инсандын өзүн өзү баалагандыгын жогорулатат, кооптуулукту азайтат, жашоо маңызды түптөйт.

Баалуулуктардагы жана багыттардагы окшоштук топ мүчөлөрүнүн инсандар аралык жылуулугунун өнүгүшүнө түрткү берет, ал эми мунун

натыйжасында биримдиктин өсүшү, көрсөтүлгөн мүнөздөмөлөрдүн окшоштугуна карата өзүнүн мүчөлөрүнө топтун таасиринин күчөшүнө, атап айтканда, борпоңдуу жүрүм-турумду түзүүнүн күчтүү механизмине айланууга түрткү берет. Террористтик жана экстремисттик ишмердүүлүккө субъектти тартуу процесси жашоо ыкмасынын терең өзгөрүүсү менен коштолот. Террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик топко кирүү менен, анын мүчөлөрү адатынча өздөрүнүн мурдагы байланыштарынын чөйрөсүн бир кыйла кыскартышыт. Баарынан мурда бул «саясий-идеялык» террористтерге, диний экстремисттерге жана радикалдуу фундаменталисттерге тийиштүү. Алардын тандоосу өзгөчө терең мүнөздү алып жүрөт жана толук тартылгандыкты талап кылат. Улутчул-сепаратисттер үчүн топко кирүү – бул өзүнчө бир ырым-жырым. Анын мүчөлөрү жашоосун өздөрүнүн үй-бүлөсү менен уланта алышат. Алардын топко таандыктыгы кеңири белгилүү, жана алар каармандык үчүн атын чыгара алышат.

Каатчылыктуу кыйчалыш жагдайларда иш-аракет кылган топтордо топтук рухтун бир топ орду бар, мындайларга сөзсүз түрдө террористтик, экстремисттик жана фундаменталисттик топтор кирет. Изилдөөлөргө ылайык, төмөнкүлөр бул феномендин белгилери болуп саналат [139,35-б.]:

1) топтун бардык же көпчүлүк мүчөлөрү тарабынан колдоого алынган мертинбестик иллюзиясы, ашыкча оптимизм жана ашкере тобокелчиликке тартылуу анын натыйжасы болуп саналат;

2) ар түрдүү мүмкүн болчу каршылыктардын болбошу үчүн, кабыл алынган өзгөчө саясий чечимге рационалдуу түшүндүрмө берүүгө жамааттык умтулуу;

3) кабыл алынган саясий чечимдердин адеп-ахлактык кесепеттерин көңүлдүн сыртынан кетирүүгө топтун мүчөлөрүн козгогон, топ туткан жүрүм-турумдук принциптерге карата сөзү жок ишеним;

4) каршылаштарга карата стереотиптүү көз караш, алар менен кандайдыр бир сүйлөшүүлөргө баруу үчүн же алар аябай терс мүнөздөргө ээ болгондуктан, өз максатарына жетүүгө тоскоолдук кылуу азгырыгынан

сактануу үчүн же алар өтө алсыз жана маңыроо болгондуктан;

5) топтук стереотиптерге каршы аргументтерди, пикирдин ортоктоштук талабын билдирген топтун мүчөлөрүнө ачык басым көрсөтүү;

6) топтун мүчөлөрүнүн өзүнө карата тыюусу, топтук чечимге тийиштүү жеке каршы аргументтерди жана күмөн саноолорду азайтууга карата алардын даяр болуусу;

7) көпчүлүктүн көз карашы менен макулдашылган пикирлерге, берилген бааларга карата бир пикирдүүлүк иллюзиясы;

8) алардын башынан өткөн канааттангандык сезимди кабыл алынган чечим менен бузууга жөндөмдүү жаман маалыматтан топту коргогон индивидуумдардын – топтук рухтун өзүн өзү дайындаган сакчыларынын пайда болушу.

Топтук рухтун ой жүгүртүү ыгы, бир жагынан топтун биримдигин жана анын мүчөлөрүнүн өзүнө өзү канааттангандыгын жогорулатат, экинчи жагынан болсо – чечимдердин сапатын төмөндөтөт, алардын индивидуалдуудан начар болуп калышына алып келет.

Күмөн саноолордон арылуунун баарынан таасирдүү ыкмасы – бул күмөн санагандардан арылуу.

Топтон чыгып кеткен террористтердин, экстремисттердин жана фундаменталисттердин социалдык-саясий көз карашын изилдөө менен, алар топко кирип жатканда ишенип-ишенбеген абалда болушкан, өздөрүнүн күмөн саноолорун толугу менен такыр жок кыла алышкан эмес, жарыяланган топтун максаттарына жана аларга жетүү аракеттерине карата такай өздөрүнө суроолорду берип келишкен. Күмөн саноолор басаңдаган, бирок эч качан толугу менен жок болгон эмес. Жаш курактын өтүшү жана тажрыйбанын топтолушу менен алгачкы идеалдаштыруу, топтон чыгып кеткендердин санын көбөйтүүгө алып келген көңүл калуу жана текеберчиликке алмаштырылышы мүмкүн.

Топтун саясий ченемдеринин жана максаттарынын идеализациясы, күмөн саноолордун жоктугу – ар бир башкача ой жүгүрткөндөрдү көтөрө

албастыкты, башка көз караштн кармангандарга кастыкты, аларды кандай болбосун жок кылууга даяр тургандыкты жаратат. Топтун террористтик ишмердүүлүгүнө каршы аракет болсо топтун ичиндеги кайчы пикирлерди азайтат, анын биримдигин жогорулатат, өтө адамгерчиликсиз кадамдарды актоого көмөк көрсөтөт.

Топтун мүчөлөрүнүн өз ара таасири жана ишенимдери – кылмыш жасоо чечкиндүүлүгүн бекемдеген террористтик экстремисттик жигердүүлүктүн максаттарын жана жүйөөлөрүн түзүүчү негизги фактор. Топтун ар бир мүчөсүнүн жүйөөлөнүү мүнөзү, күчү жана багыты боюнча айырмаланат. Күч, топтун катышуучуларынын өз ара таасиринен, алардын жыйналгандыгынан жана биримдигинен көз каранды. Жүйөөлөнүүнүн багыты жалпы иштин топтук жана жеке ийгилигине болгон багыт аркылуу көрүнөт. Бул өтө маанилүү, анткени иш ийгиликсиз болуп калса, бүтүн топ үчүн жана анын ар бир мүчөсү үчүн ал кыйроого айланат.

Жеке адамдардын террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик топко киришине спецификалык инсандык сапаттар түрткү берет, алар обочолонууга жана коом менен болгон жаңжалдашууга алып келет. Жогоруда көрсөтүлгөн Дж. Поуст мындай деп белгилейт: «Ар кандай террористтик, экстремисттик жана радикалдуу фундаменталисттик топтордун жалпы төп келген учуру – алардын катышуучуларынын, маргиналдуу, четтеген индивиддердин дүйнө туюмдарынын окшоштугу, ага окшоштукка ылайык «биз аларга каршыбыз, алар болсо – биздин көйгөйлөрдүн себеби» [139,36-б.]:

Ал жалгыз эместигин, ага окшогондор бар экендигин жана өзү менен анын жолдоштору азап тарткан көйгөйлөр үчүн «алар» жооп берерин тастыктаган бүтүн идеология чынында бар экендигин таап алуу, коомдун сыртында калган жана өзүнүн кыйынчылыктарынын себептерин табууга умтулган жолу болбогон жаш адам үчүн ушунчалык кызыгууну жаратат.

Бул жерде идея мындай, коом мүчөлөрү өзүнүн мифологиялык аң-сезиминде бардык адамдарды «бизге» – ушул топ аркылуу өздөштүрүлгөн

жакшылыктын дүйнөсү, жана «аларга» бөлүшөт – жамандыктын дүйнөсү, бул топ тарабынан өздөштүрүлбөгөн дүйнөнүн баары.

Душмандын образы негизги бириктирүүчү башталыш катары топ менен бир убакта түзүлөт. Душмандын ролуна мамлекеттик бийлик, андан башка социалдык, диний же этникалык топ тандалып алышы мүмкүн. Ушул абалда бул топ талашсыз жамандыктын үлгүсү катары чыгат, ага талашсыз жакшылыктын үлгүсү болгон «биздин» топ каршы турат. Топ тарабынан чогулган кыргын салуучу дараметтүүлүк маалы менен террористтик жана экстремисттик актыларга барууга жол табат, ал актылар ага өзүнүн жашоосун актоо, ички чыңалууну төмөндөтүү жана топтук биримдикти колдоо үчүн зарыл. Албетте, башка ар кандай кылмыш түзүмүнө болгондой эле, экстремисттик жана террористтик топтун өкүм сүрүүсүнө мамлекет тарабынан болгон коркунуч толугу менен айкын, бирок топ дал өзүнүн аракеттерин аргасыз жана орундуу деп, ал эми атайын кызматтардын террорчулукка каршы ишмердүүлүгүн – мамлекеттин кара ниет жана адамгерчиликсиз саясатынын пайда болушунун башталышы деп эсептейт.

Өзүнүн өкүм сүрүүсүнөн актануу, жарыяланган максаттарын ырастоо жана ички чыңалууну төмөндөтүү үчүн террористтик, экстремисттик жана радикалдуу фундаменталисттик топ саясий жана социалдык жактан ар кандай акцияларды ишке ашырууга муктаж. Жигердүүлүктүн төмөндөшү сөзсүз түрдө топтун ичиндеги канааттанбагандыктын өсүшүнө алып келет. Ошол себептен, лидерлик статусту кармап калууга жана топтун биримдигин колдоого умтулган лидер, топтун ичиндеги чыңалууларды чагылтып көрсөтүүгө жол берген, атайын кызматтардын террорчулукка каршы жигердүүлүгүн козгогон жигердүү аракеттерге барууга топту мажбур кылат. Топтун мүчөлөрүн дагы тыгызыраак байлаш үчүн, ички топтук тилектештикти бекемдеш үчүн лидерлер топту оор кылмыштарга барууга түртүшөт. Арсар болгон жана күмөн санаган топтун мүчөлөрү мындай мыйзамсыз жашыруун жалпылык үчүн бир топ коркунуч жаратышат, ошондуктан ар кандай жолдор менен алардан кутулушат.

Мына ошентип, террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик түзүмдөр өздөрүнүн көйгөйлөрүнөн арылуу үчүн душмандарга муктаж, ал эми эгер душмандар жок болсо, аларды пайда кылышат.

Террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик топтордун мыйзамга каршы ишмердүүлүгүн түшүнүүдө, индивидуалдуу чечимге караганда топтук чечим тобокел учурун көбүрөөк өлчөмдө камтыгандыгын көрсөткөн топтук өнүп-өсүүнүн «тобокелдик козголуу» [181] феномени маанилүү ролду ойнойт. Террористтик, экстремисттик же диний фундаменталисттик уюм аракеттенген шарттарда тобокелчилик ошондой эле анын топтук өнүп-өсүүсүнө да таасир көрсөтөт. Милдеттердин кыйынчылыгы топтун мүчөлөрүнүн жүйөөлөнүүсүн күчөтөөрүн жана топтун мүчөлөрү тарабынан уюмдагы лидерлик процессти өнүктүрүү жолу менен өзүн өзү ирилетип уюштурууга алып келээрин, аны менен топтук ишмердүүлүктүн натыйжалуу өсүшүнө таасир берээрин бир катар изилдөөлөр аныктаган. Андан тышкары, топтук милдет аткаруу процессиндеги кайра кайтуучу байланыш, милдеттин кыйынчылыгын анын ийгиликтүү аякташы менен байланыштырган ортодогу олуттуу өзгөрүүчү байланыш болуп саналат. Жагымдуу, б.а. топтун мүчөлөрүнүн канааттангандыгын билдирген кайра кайтуучу байланыш, топтук милдеттин чечиминин кыйынчылыктарына карабай анын жемиштүү болушуна түрткү берет. Ийгилик топтун тырышуу деңгээлин жогорулатат, ал эми жолу болбогондук аны төмөндөтөт.

1990–2000-жылдардагы жана азыркы шартта 2010–2015-жылдардагы Борбордук Азиядагы «Өзбекстан ислам кыймылынын» (ИДУ) жана «Чыгыш Түркистан ислам партиясынын» (ИПВТ) террористтик жана экстремисттик ишмердүүлүгүн мисал катары карап көрсөк.

1990–2000-жылдарда «Өзбекстан ислам кыймылы» (ИДУ) жана «Чыгыш Түркистан ислам партиясы» (ИПВТ) биринчи этапта төмөнкү учурларды башынан өткөрүшкөн:

- өздөрүнүн түзүмдөрүн калыптандыруу жана бекемдөө;

- дин жагынан негизделген жана жүйөөлөнгөн идеологияны тандоо жана аныктоо;

- финансылык жана техникалык маселелерди чечүү;

- жихадизмдин эл аралык аренасына чыгууга аракеттер;

- саясий союздаштарды жана колдоочуларды издөө;

- өздөрүнүн ишмердүүлүгүн бийликке каршы саясий аракетке басым кылуу.

«Өзбекстан ислам кыймылы» (ИДУ) жана «Чыгыш Түркистан ислам партиясы» (ИПВТ) 2000–2015-жылдары:

- терроризм жана экстремизмдин эл аралык негизги түзүмү катары түптөлүшкөн жана бекемделишкен;

- согушчан жихадды өздөрүнүн идеологиясы катары кабыл алышкан;

- «Аль-Каида», ИГИЛ, «Ислам жихадынын бирлиги», «Жабхат ан-Нусра», «Акромия» жана башкалар түспөлүндөгү туруктуу союздаштарга жана колдоочуларга ээ болушкан;

- Борбордук Азия республикаларынын территориясында Халифат куруу – алардын ишмердүүлүгүнүн акыркы жыйынтыгы болуп саналат.

2005-жылы май айында өзбектердин Анжиян областында өкмөттүк аскерлер митингге чыккан миңдеген адамдарды атып салышкан окуялардан кийин «Акромия» кеңири белгилүүлүккө ээ болгон. Расмий маалыматтар боюнча анда ондогон согушкерлер өлтүрүлгөн. Өзбекстандын жүздөгөн качкындары Жалал-Абадга жакын «Сасык-Булак» деген жердеги талаа лагерлерине жайгаштырылган. «Акромиянын» идеялары дал ошол кезде Кыргызстанда жана башка өлкөлөрдө – Өзбекстандын атайын кызматынын куугунтугунан качкан кыймылдан жактоочулары тарабынан жайылтыла баштаган.

«Акромия» диний уюму 1996-жылы тузулгон, ал эми аталышы анын негиздөөчүсү Акром Юлдашевдин атынан ыйгарылган. Анын айтканы боюнча, «экономикалык реформаларды жүргүзүү, өлкөдө прогрессивдүү экономиканы жаратуу» кыймылдын негизги максаты болгон. Акром

Юлдашевдин идеяларын жайылтууга эки фактор негиз болгондугун саясат таануучулар белгилешет, биринчиден, өзбек коомунда өкүм сүргөн – туугандык-кландык, территориалдык, соода-сатыктык, алардын ичинде диний-идеологиялык да, ар кандай түрдөгү өзгөчө «микро коомдук» интеграциянын тенденциясы, экинчиден, расмий идеологиялык институттардын натыйжасыздыгы жана диний маселелерде дин кызматкерлеринин билиминин төмөндүгү. «Акромийлердин» идеялары аябай динамикалык өсүшкө ээ болгондугу таң калыштуу эмес, анткени алардын «гурусу», экономикалык көйгөйлөрдү жок кылуунун сыры коомдук «жашоо стилинде» жаткандыгын жар салган.

Юлдашев «Хизб-ут-Тахрирдин» мүчөсү болгон кезде эле, араб өлкөлөрүнүн шарттарында иштелип чыккан бул уюмдун иштөө методдору Фергана шарттары үчүн жараксыз деген жыйынтыкка келген, ал жөнүндө өзүнүн «Чыныгы ишенимге карай жол» [117] аттуу китебинде жазып, бул «жолдун» 12 үлгүсүн баяндаган. Юлдашев өзүнүн “Акромия” тобунун ишмердүүлүгүн төмөнкү схемалар боюнча элестеткен:

1-этап. «Сирли» (сырдуу, жашыруун) – болочок топ мүчөлөрүн өзгөчө ийримдерде («халка») тарбиялоо жана тандоо, ал жерде алар «исламдын алгачкы каада-салттарын» окуп-үйрөнүшөт. Бул этапты ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчү («мушриф»), калган «бурадарларга» (бир туугандарга) ж.б. берилгендигине Куран кармап ант берүү менен өзгөчө ырым-жырымдан өтөт.

2-этап. «Моддий» («материалдык») – топтун бардык мүчөлөрүнүн күчү менен анын материалдык базасын түзүү. «Бир туугандар» иштеп жаткан коомдук өндүрүш уюмдарына, же топтун мүчөлөрү негиздеген кичи өнөр-жай жана айыл-чарба мекемелерине неофиттер жумушка орношушат. Топтун ар бир мүчөсү жалпы казынага («байт ал-мал») 1/5 кирешесин бөлүп берет.

3-этап. «Манавий» («руханий») – катуу талаптагы тийиштүү бир туугандардын чөйрөсү (жашыруун максатта) менен тынымсыз «руханий маектер». Маектерди жана жамааттык сыйынууларды жергиликтүү органдын башчылары (орун басарлары) «наибдер» жүргүзүшөт.

4-этап. «Узвий майдон» («чектелген кошулуу, биригүү») – чиновниктерди «руханий азгыруу» же топко киргизүү жолу менен бийлик түзүмдөрүндө факт жүзүндө топту «легализациялоону» болжолдойт.

5-этап. «Охират» («бүтүрүүчү, акырет») – коомдун «чыныгы исламдашуусу» жана топ лидерлерине бийликтин «табигый өтүп кетиши».

«Хизб-ут-Тахрирдеги» кээ бир айырмачылыктарды, өзгөчө өндүрүштүк-бөлүштүрүү коому («жамаат») негизин түзгөн «Акромиянын» уюштуруу түзүмүнөн да көрсө болот. Коомдун карамагында кичирээк айыл чарба мекемелер, акча каражаттары жана кампалар болгон. Бул мүлктүн баары жана коомдун каражаттары («байт ал-мал») жардам иретинде неофиттерге, «боордоштуктун» көп балалуу мүчөлөрүнө, ал эми кээде жөн гана «жан тарткандарга» бөлүнүп берилген. «Акромиянын» жамааттары Анжиян, Наманган, Кокон жана Өзбекстандын башка областтарында, ошондой эле Ош жана Кара-Суу (Кыргызстан) шаарларында белгиленген.

«Акромийчилер» бир гана Аллага ишенишет жана Мухамед Пайгамбарга сыйынышпайт. Адам тарабынан жаралган дүйнө түзүмүнүн мамлекеттик системасын кабыл алышпайт, ар кандай мыйзамдарды тоготушпайт, өз ата-энелеринен, бир туугандарынан баш тартышат жана кыймылдын жол башчыларына гана баш ийишет.

Кыргыз Республикасында радикалдуу диний фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик топтордун саясий ишмердүүлүктөрүнүн жигерденүүлөрүн карап көрөлү.

«Кыргызстан жамааты Жайшуль Махди» өз алдынча топтун активисттери тарабынан 2010-2011 – жылдардагы болгон жардыруу акциялары коомчулукта бир топ резонанс жараткан. «Жайшуль Махдинин» мүчөлөрү террор баштоо максатында бишкектик синагоганын аймагында, Бишкектеги Спорт ордосунун жанында жардырууларды ишке ашырышкан, Бишкек ИИББ жанындагы 15 килограммдык колго жасалган жардыруучу зат салынган автоунааны жардырууну пландашкан, ошондой эле каракчылык кылмышын жасашкан жана борбордогу кичи райондордун бириндеги үч

милиция кызматкерлерин атып кеткендерин кошкондо, төрт адамды өлтүрүшкөн. 2011-жылдын 5-январында Чүй областынын Аламүдүн районунун Боз-Бөлтөк айылындагы үйлөрдүн биринде жашынып жаткан радикалдарга каршы жүргүзүлгөн атайын операциянын жүрүшүндө эки экстремист жок кылынган. Тилекке каршы, анда үйдү курчоого алган учурда «Альфа» атайын бөлүгүнүн лейтенанты Ж. Бабараимов курман болгон.

2015-жылдын октябрында Чүй областындагы Төмөнкү-Нооруз айылындагы №50 СИЗОдон үч кызматкерди өлтүрүп, «Жайшуль Махдинин» алты мүчөсү качып кетишкен, жарадар болгон төртүнчү кызматкер кийин ооруканада каза болгон. Жыйынтыгында качкандардын бешөө жок кылынган, бирөө тирүү кармалган. Топту Эдил Абдрахманов жетектеген.

Эл аралык топ «Ан-Нусра фронту» (бөлөкчө аты «Жабхат ан-Нусра»), Сирия жана Ливиядагы «Аль-Каида» эл аралык террористтик уюмунун филиалы катары өзүн көрсөтөт. Ал 2012-жылы январь айында сириялык жарандык согуш учурунда түзүлгөн. Ошондон тартып «Ан-Нусра фронту» Сирия оппозициясынын «ийгиликтүү» топторунун ичинен эң агрессивдүүсү деп эсептелет.

Ага көп сандагы согуш кылмыштары боюнча айыптар коюлган, анын ичинде Сирия өкмөттүк армиясынын колго түшкөн аскерлеринин жана тынч элдин (көбү алавит жана шииттер) үстүнөн жасалган кандуу кыргындар бар.

Кыргызстанга чейин бул топту террористтик уюм катары БУУ, АКШ, Австралия, Туркия, Улуу Британия, Орусия тааныган.

Атайын кызматтын ыкчам маалыматтары боюнча, бүгүн «Ан-Нусра фронтунун» катарында Кыргызстандан чыккан 40ка жакын адам согушууда. Ошондой эле Кыргызстанда бул уюмдун жашыруун бөлүмчөлөрү бар экендиги белгилүү, алар Сирия жана Иракка азгырып, жөнөтүү ишин жасашат, аларды жасалма документтер менен камсыздашат.

Кыргызстандын аймагында 2013–2014-жылдары «Ан-Нусра фронту» тобунун 7 мүчөсү камакка алынган. Ош облааттык прокуратурасы (булардын демилгеси менен бул уюмдар террористтик деп таанылган) сотко билдирүү

жасаган кезде алардын аты-жөнүн атаган – бул Х. Маматазимов, өзүнө Абу Турап аттуу ысымды ыйгарып алган, 2014-жылы жазында сирия-туркия чек арасында кармалган жана Кыргызстанга депортацияланган. Анын жолдошу И. Мамажанов, бир мечиттин имамынын (ал дагы топтун катарында согушкан) жардамчысы, 2014-жылдын февралында камакка алынган. Экөө тең жеңил жаза менен чектелишкен – 2 жыл шарттуу мөөнөт. Б. Эрматов жигердүү жалдоочу болгон, ошондо да өзүнүн ишмердүүлүгүн Стамбулда жүргүзгөн. Сирияга 60тан ашык адамды жөнөтүүгө жетишкен. Кыргыз атайын кызматы аны кармаган – 2014-жылы декабрда ал камакка алынган. Б. Мойдунов эл аралык террористтик уюмга катыштыгы бар деп чекисттер тарабынан 2012-жылы август айында эле камакка алынган. 2013-жылдын февралында 5 жылга эркинен ажыратылган. Бирок, белгисиз бир себептер менен ошол жылдын июнунда эркиндикке чыгып, октябрь айында Сирияга чыгып кеткен. «Ан-Нусра фронтунун» согушкери болгон, согуш операцияларында жарым жыл согушкан. Өзбекстандан жана Кыргызстандын түштүк областтарында бүлдүрүүчү акцияларды уюштуруу үчүн 2014-жылдын апрелинде топтун жетекчилери тарабынан мекенине жөнөтүлгөн. Бул жерден ал камакка алынган. А. Раимжанов 2013-жылдын ноябрынан тартып Сирияда жүрүп, жетекчилигинин тапшырмасы боюнча 2014-жылдын апрелинде Туркия жана Орусия аркылуу Ош шаарына кайтып келген. Көмүскө батирлерди уюштуруу, жашыруун террористтик бөлүмчөлөрдү курал жана транспорт менен камсыз кылуу анын милдетине кирген. Бирок Раимжанов милдетин аткарууга жетишпей калган – ал камакка алынган. Ош областынын Кара-Суу районунун тургуну Икболжон Салибаев 2013-жылы май айында Оштон Стамбул аркылуу Сирияга учуп кетип, үйүнө 2014-жылдын башында кайтып келген. Кылмыштуу топтун катарында болгон, ал топ Сириядагы «Ан-Нусра фронтунун» ишмердүүлүгүн каржылоо үчүн Ош областынын колунда бар тургундарына карата каракчылык кылмышын жасап келишкен. С. Максумов (анан да ал Абуханифа) – топтун жалдоочусу, 2013-жылдын августунда

Сирияга чыгып кетип, – бул алыс өлкөдөгү согуш аракеттеринин учурунда каза болгон.

«Катибат аль-Имам Бухари» тобу негизинен этникалык өзбек жана уйгурлардан топтолгон. Анын саны 1 миң адамга чукул. Ош областынын прокуратурасынын маалыматы боюнча, Кыргыз Республикасынын түштүгүнөн чыккан – рекруттарды, бир канча жөнөтүүчү пункттары бар Стамбул аркылуу Сирияга жөнөтүүнү – кыргызстандык М. Рахимов (Холид) жана М. Эрматов (Хамза) уюштурган. Экөө тең камакка алынган.

2013-жылы декабрда топтун (“Иброхим командон” каймана аты менен белгилүү) талаа командирлеринин биринин тапшырмасы боюнча Кыргыз Республикасына Илхом Абдуллаев аттуу адам келген. Анын алдына мындай милдет коюлган, радикалдуу ишенимди карманган спортсмендерден турган «Катибат аль-Имам Бухари» уюмунун филиалын Ошто уюштуруу, жана диверсиялык-террористтик актыларды ишке ашыруу үчүн – курал-жарак сатып алуу. Топ уюшулуп бүткөндөн кийин, аны жетекчиликке алуу үчүн Кыргызстанга Иброхим өзү келмек болгон. План боюнча топтун бир бөлүгү Кара-Суу жана Араван райондорунда капыстан болгон ызы-чууларды чыгарыш керек болгон (күч органдарын алаксытуу үчүн), ал эми экинчи бөлүгү–камалгандарды түрмөдөн бошотуу үчүн Өзбекстан аймагына кирмек.

И. Абдуллаев түз эле жалдоо ишине киришкен. Сирияга барууга ниеттенгендерди да таап, аларды Кыргызстанда калууга ишендириш керектиги, анткени жихадды ушул жерде жүргүзүү керектиги тууралуу Сириядагы «Катибат аль-Имам Бухари» уюмунун жетекчилигинен көрсөтмөлөр келген. 2014-жылы февралда Абдуллаев тарабынан уюшулган топту чекисттер жок кылышкан, ал ага чейин эле Оштон Орусияга, анан кийин Туркияга чыгып кетүүгө үлгүргөн.

Диверсанттар чогултууга үлгүргөн 8 ок атуучу куралдар (оптика жана үн баскычы бар автоматтар), көп сандагы ок-дарылар (бронду талкалоочу жана жарык берүүчү октор), рациялар, чүмбөттөр, камуфляж кийимдер жана башка амунициялар чекисттер тарабынан таап алынган. Кийин белгилүү болгондой,

топ Тажикстан аймагынан 10 Калашников автоматы аз күндө алып келинет деп күтүп жаткан.

Диверсиялык-террористтик даярдыктан өткөн «Катибат аль-Имам Бухари» уюмунун 7 жаңы согушкери темир тор артына түшүшкөн – алар Сардобек Акбаров, Дильмурат Усманов, Вахиджон Кочкоров, Аллаберди Жураев, Даниёр Закиров, Сирожиддин Кадыров, Хаетбек Абиев. Бардыгы – Оштун тургундары, анан да 1986-1992–жылдары туулган жаш курактагылар.

«Жаннат Ошиклари» тобу жогоруда аталып кеткен «Ан-Нусра фронтунун» түзүмдүк бөлүгү болуп саналат. Салыштырмалуу ал жакында эле 2014-жылы негизделген. Аны Абу Салох ысымына ээ болгон 24 жаштагы Кыргызстандын жараны Сирожиддин Мухтаров негиздеген.

Ош областынын прокуратурасынын маалыматы боюнча бүгүнкү күнү «Жаннат Ошиклари» Кыргыз Республикасынын аймагында – социалдык «Одноклассники» интернет-түйүнү жана «WhatsApp» тутуму аркылуу жигердүү азгыруучу ишмердүүлүктү ишке ашырууда. Азгыруучулар топтун согушкерлеринин Сириядагы согуш аракеттери жөнүндө көрмө-чыгырыктарды жайылтышууда. Ошондой эле, алардын ыйык милдети – жихадга сапар тартуу экендигин кыргызстандык мусулмандарга ишендирүүгө аракет кылган топтун лидери С. Мухтаровдун чакырыктары бар чыгырыктар дагы.

Бул үгүттөөлөр өзүнүн жемишин берүүдө. 2014–2015-жылдарда эле, Сирияга чыгып кеткен жана «Жаннат Ошиклари» уюмунун катарында согушуп жүргөн Ош областынан 35 тургуну белгилүү болгон. Ыкчам маалыматтар боюнча бүгүн уюмдун саны 180-200 адамдан турат, анан да ал Ош, Баткен жана Жалал-Абад областынын тургундарынан, ошондой эле КЭР СУАР чыккандардан турат.

Бул уюм үчүн жалданган согушкерлерди жөнөтүү ошол эле Стамбул аркылуу ишке ашырылат. Жөнөтүүчү туруктуу каналдын уюштуруучуларынын бири болуп кайра эле Кыргызстандын жараны саналат – Жалал-Абад областынын Сузак районунун тургуну Хуснидин Балтабаев.

Сирияда согуш даярдыгын өтүп бүткөндөн кийин, айрым согушкерлерди – топтун лидери Мухтаров өздөрүнү мекенине жөнөтөт. Алар жашыруун террористтик ячейкаларды мындан ары Кыргызстандын аймагында уюштуруу үчүн жонотүлгон.

Мындай бөлүмчөлөрдүн бири 2014-жылдын февралында Ошто ачыкталган. Анын мүчөлөрү – Б. Мамасадиков, Ш. Ибрагимов, Б. Талипов, И. Ходжаев, А. Юлдашев, А. Нурдинов жана А. Жураев – өткөн жылдын ноябрында 8 жылдан 12 жылга чейин эркинен ажыратуу өкүмүн алышкан.

Ал эми 2014-жылдын декабрынан 2015-жылдын февралына чейин чекисттер «Жаннат Ошикларинин» сегиз мүчөсүн жана көмөкчүлөрүн камакка алышып, уюмдун дагы бир жашыруун ячейкасын жок кылышкан. Анын ичинде топтун лидеринин бир тууганы – Х. Мухтаров да камалган. Согушкерлер тарабынан Өзгөн районунун тургунуна жасалган каракчылык кол салууну тергөө ачыктаган. Бандиттер алып кеткен алтын буюмдарды, уюмдун мүчөлөрү үчүн жасалма документтерди сатып алуу үчүн пайдаланышканы аныкталган. Тинтүү учурунда, топтун мүчөлөрүнүн үйлөрүнөн Калашников автоматы жана дээрлик 2 миң ок алынган.

Бул маалыматтын баары, Ош областынын прокуратурасынын сотко берген билдирүүлөрүндө келтирилген. Жогоруда аталган фигуранттардын (Кыргызстанда камакка алынгандардын ичинен) көбү соттолушкан. «Мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыгы үчүн» бул уюмдарды террористтик деп таанууга жана алардын «мыйзамсыз иштери Кыргыз Республикасынын коомдук коопсуздугуна коркунуч гана келтирбестен, мамлекеттин бүтүндүгүн бүлүндүрүп жана коомдук-саясий абалдын туруктуулугун бузгандыктан» аларга тыюу салууга Ош областынын прокуратурасы сотко берген.

Ош шаардык соту бул келтирилген жүйөөлөр менен макул болгон.

Аталган террористтик топтордун мүчөлөрү төмөнкү жалпы билим жана диний деңгээлге ээ экендиктерин кылмыш ишинин материалдары күбөлөндүрүп турат. Материалдык абалы төмөн үй-бүлөлөрдө өсүп тарбия

көрүшкөн. Ошону менен бирге, алардын көпчүлүгү кылмышка тартылгандар же мыйзамды бузгандардан болушкан, ал эми №50 СИЗОдон качкан «Жайшуль Махдинин» мүчөлөрү – Т. Жуманов, Б. Кенжегулов, М. Жумалиев киши өлтүрүү, анын ичинде жаш балдарды да өлтүрүү боюнча өмүр бою эркинен ажыратылышкан.

2015-жылы 18-сентябрда Ош областынын Кашгар-Кыштак айылында, «Ахмадия» диний уюмунун мүчөсү болгон ушул айылдын тургуну У. Турдахуновго кол салуу болгон. Бул кол салуунун натыйжасында ал бычак менен көптөгөн жеринен жаракат алган, бирок тирүү калган. 2015-жылдын 22-декабрында Кашгар-Кыштак айылында айылдын башка тургуну Ю. Абдужалилов куралдан атылган октон каза болгон.

Кылмыш ишти иликтөөнүн жүрүшүндө 16 адам кармалган, алардын ичинен 2 адам Сирияда согуштук даярдыктан өтүшкөн жана Кыргыз Республикасына кайтып келгендерине аз эле болгон. Кашгар-Кыштак айылынын тургундарына болгон куралдуу кол салууну, Сирияда ИГИЛ тарабында согушуп жаткан «Таухид ал-Жихад» («Жаннат Ошикларинин» курамына кирет) террористтик уюмдун мүчөлөрү жасашкандыгын тергөө аныктаган. У. Турдахуновду жана Ю. Абдужалиловду өлтүрүүгө буйрукту жогоруда аталган талаа командири Абу Салох, азыр өзүнүн отряды менен Сирияда согушуп жүргөн, Кашгар-Кыштак айылынын тургуну ошол эле өзү Сирожидин Мухтаров тарабынан берилген. «Ахмадия» мүчөлөрү ИГИЛ айыптаганы жана айылдаштарын Сирияга жөнөтүүгө жол бербегендиги, мындай буйруктун берилишине себеп болгон.

Жогорууда көрсөтүлгөн фактылардын негизинде төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарса болот. Радикалдуу диний фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик топтор өздөрүнүн акцияларын ишке ашыруу процессинде бир нече этапты өтүшөт:

- пикирлештер жашыруун топко биригишет;
- ой пикирин кеңири элге жайылтуу үчүн радикалдуу ыкмаларды колдоно башташат;

- мамлекетке каршылык көрсөтүп, саясий зомбулукту колдонушат.

Белгилүү болгондой, топторду «чоң» (дистанттык) жана «кичи» (контакттык) деп бөлүү каралган. Мындай бөлүү шарттуу экендигине карабастан алардын айырмасы ачык-айкын; кичи жана чоң топтордо ар түрдүү саясий, социалдык жана диний механизмдер жана адамдардын өз ара мамилесинин мыйзам ченемдүүлүгү ачыкталгандыктан, ал тыкыр талдоого алынган. Бул көз караштa террористтик түзүлүштүн эки тибин айырмалоо маанилүү – анча чоң эмес автономдуу топтор менен горизонталдуу жана вертикалдуу түзүмдөрү бар тарам-тарам уюмдар. Кыргыз Республикасында «Ахмадия», «Таблиг жамаат» жана «Хизб-ут-Тахрир» диний топтору биринчисине таандык, экинчи топко – «Ислам жихадынын бирлиги», «Өзбекстан Ислам кыймылы», «Акромия» ж.б. кирет.

Жашоосунда тышкы булагы жок, анча чоң эмес, өзгөчөлөнбөгөн террористтик топтор операцияларын өздөрү пландашат жана ишке ашырышат. Лидер дайыма топко көрүнүп ачык жүрөт жана ага карата позитивдүү эмоцияларды билдирүү үчүн кол жетерлик болгондой эле, топтун мүчөлөрү терс, төбөлдүк режимдерге каршы ой пикирлерди да билдире алышат. Лидерлик үчүн жаңжалдар негизинен ушул горизонталдуу түзүмдөгү топтордо болуп турат.

Чоң террористтик уюмдун бөлүмчөсүн билдирген топтор көп жагынан аскердик бөлүктөргө окшош келишет. Алардын командирлери жогору турган жетекчилик тарабынан дайындалгандыктан, аларда лидерлик тууралуу талаш-тартыш эч болбойт. Катуу тартип, буйрукка баш ийүү, жашыруундукту сактоо, өз ара туура иштер ж.б. ар бир ушундай топтун жашоосунун жана натыйжалуу болушунун сөзсүз болчу шарттары, ошондой эле кырдаалдык жүйөөлөнүүнүн маанилүү учуру болуп саналат.

Ири уюштуруучулук түзүмдүн элементтери болуп саналган террористтик топтордун топтук кыймыл-аракеттери, топтун ичиндеги лидерлик жана жетекчилик бир колго топтолгон топтордогу процесстерден олуттуу айырмаланат. Дифференцияланган террористтик уюм үчүн,

жетекчилик эшелондун кадрдык курамдан, чечим кабыл алган адамдардын – катардагы адамдардан айкын бөлүнүүсү өкүм сүрөт. Алардын жетекчилиги топтон тышкары иш менен жүргөндөй кабыл алынат, жана анын мүчөлөрү анын талашсыз акылмандык деңгээлин бөлүшүүгө ынтызар.

Автономдуу террористтик топтор көбүнчө эталондуу, б.а. кимдин көз караш, баалуулук жана түшүнүктөрүнүн тутуму, ишмердүүлүктүн багыты анын мүчөлөрү тарабынан эталон катары каралса, ошондой болушат. Бул, террористтердин өзүнүн тобуна өтө берилгендикти, топ менен байланыш үзүлгөн учурда кайгырууну пайда кылат. Ушуга окшогон топтордо жүйөө – өзүнүн күчүн, кайратын, табышкердигин, чеберчилигин көрсөтүүгө ишмердүүлүктүн өзүнө бир кыйла которулуп кетет.

Ушул изилдөөнүн негизинде бир жыйынтыкка келсе болот – радикалдуу диний фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик топтор кандай болбосун, алардын лидерлери мүчөлөрүнө билгизбей ар дайым эки идеологияны, эки адеп-ахлакты, жүрүм-турум эрежелеринин эки стандартын алып жүрүшөт. Бирөө – жалпы топтун мүчөлөрү үчүн, экинчиси өздөрү (жетекчилер) үчүн.

## ЭКИНЧИ БАПКА ТЫЯНАК

Саясий процесс дегенде саясий көрүнүштөрдүн өнүгүүсүнүн жүрүшүн, коомдун саясий системасынын функциясын жана калыптанышын камсыз кыла турган бийлик тармагында өз ролун жана функцияларын ишке ашыруу боюнча саясий субъекттердин аракеттеринин жыйындысын түшүнүү керек.

Саясий процесстер өзүнө саясий мамилелердин жана институттардын жаралышын жана иштөө механизмдерин, саясаттын көп сандаган субъекттеринин өз ара кызматташуу формасын, саясий бийликти жүзөөгө ашыруу технологиясын жана башкаларды камтыйт.

Исламдык фундаментализм Борбордук Азия регионунда диний-саясий агым катары жана саясий бул аймактын жашоосунда кандай орунду ээлеп тургандыгын так баалоо үчүн, азыркы Кыргыз Республикасынын саясий процессине исламдык фундаментализмдин таасир этүү саясий жана социалдык механизмдерин сүрөттөө зарыл.

Механизм дегенде башкы өз ара байланыштарды табуу, бир өзгөрүүнүн фактору моделдин башка компоненттерине кандай таасир кылаарын аныктоо, ошондой эле бул механизм кандай иштер тургандыгынын түшүнүгүн билүү керек.

Механизмди изилдөө үчүн функционалдык моделди куруу максаттуу, ал эми бул үчүн процесс система катары анализденет.

Саясий механизимдин субъектилери дагы деталдуу кароо үчүн аларды шарттуу бөлүү жүргүзүү керек:

Биринчиден, субъекттердин тобу - формалдык исламдык структуралар (муфтият, мусулман жамааты), партиялар, диний кыймылдар жана бирикмелер, эл аралык ислам уюмдары.

Экинчиден, формалдык эмес эл аралык ислам уюмдары, мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөр жана алардын лидерлери, террорчулук жана экстремисттик багыттагы тыюу салынган эл аралык исламдык уюмдар, дүйнө жүзүнө белгилүү болгон террорчулары, алар ислам багытына кайтып келдик деген идеяга жамынып алышып, Кыргыз Республикасында жана Борбордук

Азиянын башка республикаларында болуп жаткан саясий процесстерге катышып жатышат.

Демек саясий механизмдин субъекттери болуп саясий – диний тармактагы колдонулуп жаткан бир катар саясий жана диний формалдык ислам уюмдары жана формалдык эмес ислам уюмдары, эл аралык ислам уюмдары, партиялар, диний кыймылдар жана бирикмелер, белгилүү террорчулар.

Саясий механизимдин объектиси – жалпы коом жана бул коомдун саясий системасын өзгөртүүгө алып келүүчү процесстер.

Мисалы, радикалдык диний партиялардын жана фундаменталисттик багыттагы уюмдардын ишмердүүлүгү Борбордук Азиянын республикаларынын мамлекеттик бүтүндүгүнө таасир көргөзөт. Себеби фундаментализм идеялары менен жамынган радикалдык ислам уюмдарынын мамлекеттик аппарат же анын бөлүгү менен биригишкенге аракеттенет. Бул биригишүү абдан зор коркунучту жаратат, анткени исламдык коомду жана мамлекеттүүлүктү түзүү үчүн жеке эле диний эмес баардык коомдук-саясий күчтөрдүн консолидациясына багытталган. Мындай уюмдардын таасирин күчөтүү, эреже болгондой куралдуу зомбулукту жаратат жана террорчулуктун булагы болуп саналат. Алар тарабынан маданияттардын кагылышуусу жана эл аралык террорчулук күчтөрү менен өз ара аракеттенүү багыттары боюнча узакка созулган чыр чатактарды колдоого алышы олуттуу коркунучту жаратат.

Социалдык механизм - бул формасы боюнча туруктуу социалдык мамилелер, алар максималдуу алдын ала билинген жыйынтыктар менен кайталоолордун бардык санында ишке ашырылат.

Социалдык механизм социалдык диний-маданий чөйрө менен индивиддин алакасына болгон багытын болжолдойт.

Диний фундаментализмге, экстремизмге жана терроризмге жөндөмдүү болгон динге ишенүүчүлөрдүн байланыштары уникалдуу социалдык механизмдердин катарын жаратат, алар аркылуу диний ынанымдын көрүнүшү

калыптанат. Жугузуу, ишендирүү (ынандыруу), акыл үйрөтүү жана тууроо сыяктуу социалдык механизмдер саясий жана социалдык адабиятта изилденген.

Саясий процесстерге социалдык механизмдин таасири дегенде социалдык топтордун жүрүм-турумунун туруктуу системасы түшүнүлөт, ошондой эле бул топтордун бир жагынан мамлекеттик социалдык институттар менен мамилеси, экинчи жагынан түзүлгөн социалдык-экономикалык абалды эске алып жана бул топтордун мамлекетти өнүктүрүүнүн социалдык-саясий жана экономикалык маселелери боюнча бийлике карата мамилеси жана алардын өз ара таасирин түшүнөбүз.

Социалдык механизмдер саясий процесстен кийинки функциялардын таасирин жана багыттарын аныктайт:

- уюштуруучулук, радикалдык диний фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын идеологиясын жана социалдык-экономикалык көз караштарын дайындашат жана аларды төмөнкү топтор аркылуу чагылдырылат. Ислам фундаментализминин социалдык механизмдердин субъектеринин социалдык-саясий маселелер жана топтук максаттар менен кызыкчылыктарды көздөйт;

- башкаруучулук – негизги шарттарды жана багыттарды аныктайт, пландаштыруу, уюштуруу, аскердик-техникалык жана финансылык камсыздоо аркылуу ишке ашат;

- кадрдык - фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик топторду жана тайпаларды түзөт, адамдардын ресурстук жана кадрдык маселелерди чечет, курамды, улуктарды, адистерди жана аткаруучуларды түзөт жана жаңыртат;

Социалдык механизмдерди колдоодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

- социалдык механизмдин субъектиси – бул диний фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдар, алардын топтору, диний-саясий партиялар жана уюмдар.

- социалдык механизмдин объектиси – мамлекеттеги социалдык жана саясий процесстер.

Саясий максаттын калыптануусу баалуулуктар тутумунун иштелип чыгышына тыгыз байланышкан, тагыраагы, максат баалуулук тутумуна жараша аныкталышы абзел. Коомдо баркталуучу салттар көп жагынан саясий процесстин маңызын аныктоочу компонент болуп саналат. Эгер коомдун баалуулук параметрлери аныкталбаган болсо, ошондой эле демократиялык тартиптин өзөгү катары саясий системада бекемделбесе жана баалуулуктардын жактоочулары өз ара каршылаш абалда болсо, мындай учурларда мамлекет тарабынан динге ишенүүчүлөрдөн саясий процесстин нугундагы ырааттуу жүрүм-турумду талап кылууга болбойт. Себеби коомдогу баалуулуктар мамлекет тарабынан аныкталбагандыктан, алар өздөрүнүн диний-саясий баалуулуктарын өздөрү аныкташат жана аныктоону көздөшөт. Мусулмандардын баалуулуктарынын калыптануусуна эң негизги фактор болуп мамлекет тарабынан көзөмөлдөнүү же көзөмөлгө алынбай калуу факторлору да таасир берет. Көзөмөлгө алынбай калган учурда баалуулуктар тоскоолодуксуз жайылып коомдо өзүнө ылайыктуу оорун ээлеп калат. Постсоветтик мезгилдеги саясий-социалдык системаны реформалаганда, бир жагынан, социалдаштыруу институттарынын көбүнүн бузулуп калганы айкындалды, динчилдерге мамлекет тарабынан маалыматтык таасир берүү мүнөзү да өзгөрүп бараткан эле. Саясий баалуулуктарды жаратуу тутуму бүлүнүп калган эле. Экинчи жагынан, баалуулуктар тутумунун өзүн мамлекеттик-социалисттик идеологиядан либералдуу-капиталисттик багытка карай өзгөртүү аракети жасалды. Мамлекеттин ордун көчө, телекөрсөтүү жана дин, Интернет, ЖМК ж.б.у.с. көзөмөлдөнбөй турган таасир субъекттери ээлеп калышты. Мусулмандарга жетип, көзөмөлсүз калган маалымат технологиялары динге ишенүүчүлөрдүн саясий баалуулуктар мейкиндигин жана анын диний-саясий мазмунун тескелгис кылып салышты. Мунун айынан динге ишенүүчү жаштар расмий саясатты жерип, мүмкүнчүлүгүнө ишенбей калышты. Ислам фундаментализми саясий процесстин ар түрдүү

касиеттерине: анын субъектилик жана объектилик жактарына, өнүгүү тездигине, чырдуулук даражасына жана башкаларга таасир эте алат. Ислам фундаментализминин саясий процессинин субъективдүү тарабына социалдык механизмдеринин таасири, бул учурдагы жана келечектеги катышуучуларын калыптандуусунан, анын кадрдык резервин, өлкөнүн келечектеги диний-саясий элитасын даярдоодон турат. Мында радикалдуу ислам фундаментализми Кыргызстанда Сирожиддин Мухтаров, Өзбекстанда Тахир Юлдашев, Тажикстанда Саид Абдулло Нури кандай болсо, так ошондой кыйла активдүү диний-саясий ишмерлерди берет, анткени дин тутуучу жаштар – бул диний көз караштарды жүзөөгө ашырууда калктын кыйла энергиялуу, чыгармачылык көздөмдөргө жана толук күчкө ээ бөлүгү. Турмуштук багыттарды, кызыкчылыктарды калыптандыруу, социалдык ролдорду издөө, ээ болуу баскычында болуу менен, Борбордук Азиядагы динге ишенген жаштар калктын эң активдүү тобу болуп саналат. Социалдык механизм уюштуруучулук багыт сыяктуу эле ислам фундаменталисттик уюмдарынын катышуучуларынын формалдуу эмес мамилелешүүсүн да камтыган уникалдуу чөйрөнү түзөт. Мындай чөйрө динге ишенгендерди бириктирүүнүн башка формаларынан – формалдуу эмес субмаданий билим берүүлөрдөн же бекем уюштурулган диний окуу жайларынан түп тамырынан бери айырмаланат. Ислам фундаменталисттик кыймылы формалдуу жана жалпы диний-саясий кызыкчылыктардын, максаттардын, көз караштардын жана умтулуулардын негизинде биригүүнүн бөтөнчө гибридин билдирет. Ошентип, индивидуалдык, жеке активдүүлүк, амбициялар менен катар эле ислам фундаменталисттик топторунун активисттеринде жана мүчөлөрүндө жамааттык жана өз ара колдоо сезими жаралат. Ислам фундаменталисттик кыймылынын лидерлери жана активисттери үчүн белгилүү бир жашоо образы, диниий көз караш, белгилүү бир инсандык сапаттар мүнөздүү. Ислам фундаменталисттик уюмдарынын лидерлеринин жана активисттеринин турмуштук пландары жана баалуулуктары диний турмуштун негизги үч категориясынын: диний билим берүүнүн, башкалардын ишениминин жана

топто ислам фундаментализминин көз караштарын, идеяларын жана принциптерин, программаларын жайылтуунун айланасында калыптанат. Лидерлер жана активисттер диний-саясий чөйрөдө түпкү ишке максатталган– бул шариаттык ченемдер менен халифатты орнотуу. Мындай максаттар исламдын жыргалчылыгына аракеттенүүнү, бүткүл дүйнөлүк халифатты орнотуу маселесин чечүүгө өбөлгө болууну каалагандык менен шартталат. Ошентип, ислам фундаментализми Борбордук Азияда саясий процесске социалдык механизмдер аркылуу ар тараптуу таасир көрсөтөт жана бул таасир жүзөөгө ашырылат. Бүгүнкү күнү Борбордук Азия республикаларында бир катар мусулмандык кайрымдуулук, агартуучу, саясий уюмдардын филиалдары иштейт. Алар үчүн аймактын бардык мусулмандарын бириктирүү, бирдиктүү ислам мамлекетин түзүү, панисламисттик идеяларды, баалуулуктарды жана программаларды иштеп чыгуу жана үгүттөө мүнөздүү.

Диний экстремисттик, террористтик жана радикалдуу фундаменталисттик топтордун талдоосунун негизинде ишмердүүлүктүн үч негизги жүйөөсүн белгилеп кетсе болот. Биринчиден, культурологиялык жүйөө – террористтердин логикасы боюнча, коомду мезгил-мезгили менен «беймаза кылып туруш» керек, барынан жакшысы «кан төгүүнүн жардамы менен». Экинчиден, рационалдуу жүйөө – алар тарабынан террордук саясий ишмердүүлүктүн натыйжалуу шайманы катары түшүндүрүлөт. Үчүнчүдөн, идеологиялык жүйөө – террор саясий-социалдык процесстерди жөнгө салуучу курал катары коомго таңууланат. Террористтердин теориясы жана практикасы бири-бири менен ачык эле карама-каршылыкта турат: теория жүзүндө террористтер адамдардын жана социалдык топтордун теңчилдиги үчүн күрөш жүргүзүшөт, ал эми өздөрүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө алардын ортосуна коркунуч дубалын орнотуу менен, аларды бири-бирине карама-каршы коюшат.

Террористтер, диний экстремисттер жана радикалдуу фундаменталисттер бир канча өзүнө камтыган татаал жүйөөлөнүү комплекстерин жетекчиликке алышат:

1. Пайда көздөөчү жүйөөлөр.

2. Идеологиялык жүйөөлөр.

3. Дүйнөнү активдүү өзгөртүү, кайра түзүү жүйөөлөрү.

4. Адамдардын үстүнөн бийлик жүргүзүү жүйөөсү.

5. Ишмердүүлүк чөйрөсү катары террордун, экстремизмдин жана радикалдуу фундаментализмдин кызыкчылык жана өзүнө тартуу жүйөөсү.

6. Жолдоштук жүйөөлөрү.

7. Өзүн өзү ишке ашыруу жүйөөсү.

8. Социалдык-психологиялык жүйөө.

Террористтик, диний экстремисттик жана радикалдуу фундаменталисттик ишмердүүлүктүн жүйөөлөрүн талдоого алуу менен, төмөнкүнү белгилеп кетүү зарыл, биринчиден, алар терроризмдин, диний экстремизмдин жана фундаментализмдин ар кандай түрүнөн маңыздуу түрдө айырмаланышат, экинчиден болсо, ал эмес бир эле террористтик, экстремисттик же фундаменталисттик актынын катышуучулары ар кандай жүйөөлөр менен козголушу мүмкүн. Кылмыштуу жүрүм-турумдун башкалардан айырмалашкан өзүнчө жүйөөлөрүн карап көрөлү.

Салттуу ислам мурда белгилүү болбогон агымдар менен кездешти. Бул жолугушуу бир катар региондорду саясий жагдайдагы кагылыштар, чыр-чатактар, туруксуздукка алып келди. Бул көп жагынан, расмий дин радикалдык диний фундаментализм менен саясий - идеологиялык кагылышка таптакыр даяр болбогондугу жана бир катар учурларда ал руханий багытта фундаментализмге орун бошотуп бергендиги менен байланыштуу. Күч ыкмалары менен фундаментализмдин саясий - идеяларынын таралышын кескин чектөөгө болот. Бирок, кандайдыр бир трансформациядан өткөндөн кийин, жана жаңы шарттарга ыңгайлашып алып, агым кайрадан жанданышы мүмкүн. Ал өзүнүн кебетесин өзгөртө алат, чет элдик мусулман борборлорунан финансылык колдоо алган учурунда региондун мусулмандарына өз таасирин күчөтөт.

Дүйнө жүзүндө анын ичинде Борбор Азия өлкөлөрүндө

фундаменталисттик топтордун анализинин негизинде ишмердүүлүктүн үч негизги мотивин бөлүп белгилеп кетсе болот. Биринчиден, культурологиялык жүйөө – террористтердин логикасы боюнча, коомду мезгил - мезгили менен беймаза кылып туруш керек, баарынан жакшысы кан төгүүнүн жардамы менен. Экинчиден, рационалдуу жүйөө – алар тарабынан террор саясий ишмердүүлүктүн натыйжалуу шайманы катары түшүндүрүлөт. Үчүнчүдөн, саясий - идеологиялык жүйөө – террор саясий -социалдык процесстерди жөнгө салуу бирден бир курал катары коомго тартууланат.

Биздин республикадагы ислам фундаментализминин идеологиясын таратуу социалдык-экономикалык жана саясий мүнөздөгү объективдүү ички себептердин кесепети болуп саналат. Ага карабай, андан аркы, коркунучтуу болушу мүмкүн болгон Кыргыз Республикасындагы жана региондордогу диний-саясий кырдаалдын өнүгүшү кандайдыр бир деңгээлде, өз таасирин бекемдөө кызыкчылыгында тышкы саясий жана идеологиялык экспансияны ишке ашыра турган айрым бир ислам өлкөлөрүнө да жана экстремисттердин, террорчулардын, радикалдык диний фундаменталисттердин ар кандай түрүнүн ишмердүүлүгүн баалоодо “кош стандарттар” практикасын колдонгон өлкөнүн батыш өнөктөштөрүнө да жүктөлүшү мүмкүн.

# III БАП
# ЭКСТРЕМИЗМГЕ, ТЕРРОРИЗМГЕ ЖАНА РАДИКАЛДУУ ДИНИЙ ФУНДАМЕНТАЛИЗМГЕ КАРШЫ АРАКЕТТЕРДИН, КҮРӨШТҮН САЯСИЙ-УКУКТУК ЖАНА ДИНИЙ НЕГИЗДЕРИ

## 3.1. Террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик уюмдарга тиешеси бар инсандардын мүнөздөрүнүн өзгөчөлүктөрү.

Эмне үчүн жеке адамдар терроризмдин жана экстремизмдин жолуна түшүшөөрүн аныктаган жалпы белгилерди табуу жолдорун үч негизги мамилеге бөлүүгө болот. Биринчи – террористтердин жана экстремисттердин социалдык чыккан жери бир деген пикир. Экинчиси, террористтер жана экстремисттер окшош социалдык-психологиялык типке караштуу деп болжолдойт. Айрым адамдар азгырылып жаткан учурда кандайдыр-бир абалда болгондуктан, алар экстремист жана террорист болуп калышат деген идеяга үчүнчү мамиле негизденет.

Ачыкталган жалпы белгилердин көз карашы боюнча, терроризм жана экстремизмди изилдөөдө фундаменталдык өзгөчөлүк көйгөй сөзсүз болуучу кыйынчылык болуп саналат. Бирок көп адамдар жогоруда айтылган жеке белгилердин көбүнө ээ болушат же ошол эле социалдык факторлордун таасирине дуушар болушат, алардын ичинен кээ бирөөлөрү террорист жана экстремист болуп калышат. Болочоктогу моджахедди моджахед эместен айырмалаш үчүн белгиленген факторлорду өз өзүнчө же чогуу колдонууга мүмкүн болбогондуктан, террористтердин жана экстремисттердин мүнөздүү белгилери боюнча билдирүү менен чыгууга бизде мүмкүнчүлүк болбой жатат.

Ушуга байланыштуу, Сирияга, Египетке, Афганистанга жана Иракка кетип жатышкан Кыргыз Республикасынын жана башка коңшу өлкөлөрдүн жарандарына көңүл буралы. Алардын түшүнүктөрү, биринчи кезекте айрым дин жайылтуучулардын, диний интернет баракчалардын таасири астында жана ишеним үчүн акыйкатсыздык, коррупция, уурулук менен күрөшүү каалоолорунун натыйжасында түзүлгөндүгүн баары тең өздөрүнүн көрсөтмөлөрүндө белгилешкен.

Террорист, экстремист жана диний фундаменталист болгон адам дайыма изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө тарткан. Мындай татаал түрдө уюмдашкан бүтүндүк изилденсе эле, террорист, экстремист жана диний фундаменталисттин саясий, социалдык абалында жана психологиясындагы бардык нерсе түшүнүктүү болот жана алар менен болгон күрөш ишенимдүү илимий базага ээ болот деп эсептелип келген. Бирок дал ушунун өзү, эмдигиче террологдор баштарын катырып жаткан өтө татаал маселе болуп калды. Экстремисттик жана террористтик топтордун мүчөлөрү бардык кесиптерден жана коомдун катмарларынан келип жаңыланып турушат, ар түрдүү маданият жана улуттардын өкүлдөрү экендиктерин көрсөтүшөт, ар кандай диний жана идеологиялык ишенимдерди карманышат.

1987-жылы советтик окумуштуулар В.В. Витюктун жана С.А. Эфировдун [37,41-б.] жазгандарына ылайык, «инсандын экстремисттик тиби» же «аң-сезимдин экстремисттик тиби» деген түшүнүктүн өзү эле аябай маанисиз, күңүрт болуп көрүнөт жана ага так аныктама берүү күмөн жарагат. Экстремисттин жалпы социалдык-психологиялык жана интеллектуалдык прототибин аныктоого болгон аракет – айласыз иш. Террористтерди: идеалисттер катары жана шизофрениктер катары, догманын фанатиктери катары жана садисттер катары, зыянкеч, бир сырдуу, өзүн өзү аныктаган, жеке амбициясы жана мансапкорлугу же бүлүндүрүүгө көксөөсү жана аргасыздыгы менен жеп жиберген адамдар катары, акыл көрөңгөсү дүлөй адамдар катары жана жогорку моралдык катуу талаптын азап тартуучулары катары, кылмышкерлер катары жана каармандар катары квалификациялашкан. Мисалы, фанатик дайыма өзүн толук кандуу адам эмес сезээрине жана ишенбестик абалда жашаарына макул болсо болот. Анын жалгыз карманаар туткасы – бул анын өзүнүн бардык күчүн аябастыгы. Бирок ал өзүнө ошол өзү карманган айтылуу «ыйык иштин» тирөөчүндөй карайт. Ошондуктан өзүнүн баалуулугун далилдеш үчүн, анын ролу так ушундай экендигин өзүнө жана башкаларга далилдеш үчүн ал өмүрүн курмандыкка чалууга даяр. Фанатик, карманган ишинин бүтүн таштай жана түбөлүктүү экендигине бекем ишенет.

Бирок бул ишеничтүү сезим ал иштин артыкчылыгынан эмес, анын «ыйык ишке» кызуу берилгендигинен чыгат. Көндүм болгондой фанатик анчалык деле принципиалдуу эмес. Берилген ишинин акыйкаттыгына ишеними күчтүү болгондон эмес, жеке өзүнүн бир нерсеге карманып калуу муктаждыгынан өзүн бул ишке арнайт. Ар дайым так ушул муктаждык ал карманган кайсы бир ишти анын көз алдында «ыйык» ишке айлантып коёт.

Фундаменталист сыяктуу эле фанатикти да акылга келүүгө же адеп-ахлакка чакыруу менен жасаган ишинен алаксытууга мүмкүн эмес. Ал компромисстен коркот, ошондуктан анын туура деген «ыйык ишине» күмөн санатууга мүмкүн болбойт. «Ыйык ишке» берилбей жашоо ал үчүн – кереги жоктукту жана ташталып салынгандыкты түшүндүрөт. Ыйык ишке жана ишеним символуна толук бардык күчүн аябастыгы менен гана бирге келиши мүмкүн болгон терең ишеничти эңсейт.

Бирок бир «ыйык иштен» башкасына күтүүсүздөн өтүп кетүү фундаменталисттен айырмаланып фанатикке андай деле кыйынчылык жаратпайт. Өзү байланган иштин мазмунуна караганда, анын ал ишке кызуу берилгендиги маанилүү. Бул жерде «иштин» мазмунунун маанилүүлүгүндө эмес, анын толук бардык күчүн аябастыгында жана башка динге ишенгендер менен катыштыгында. Ал өзүнүн мурдагы «ыйык ишине» каршы бир шартта, эгерде бул чынында эле жападан-жалгыз акыйкаттыктын атынан болгон компромисстик эмес, ырайымсыз жүрүш болсо – чырым жүрүшкө да кошулууга даяр.

Террористтер, экстремисттер жана диний фундаменталисттер инсандын белгилүү бир тибине ээ экендигин көптөгөн саясий-социологиялык жана психологиялык изилдөөлөр тастыкташат.

Диний фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын, топтордун лидерлеринин, активистеринин жана мүчөлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктоодо төмөнкү политологиялык психологиянын ыкмаларын колдонуп кароого болот: дистанттык анализ, сапаттык жана

сандык контент-анализ, психологиялык портрет түзүү, психо-өмүр баяндык, социометриялык, эксперттик баа берүү жана башкалар.

Террористтик актыны ишке ашыруу чечими, инсандын бир канча чечимдеринин комплекси экендигин өзүндө көрсөтөт: максат, объект, каражаттар, актынын убакыты жана орду, ойлонулган ишке көмөк көрсөтүүгө же тоскоол кылууга жөндөмдүү кошумча кырдаалдар жөнүндө чечимдер. Мындай маселенин ар бирине колдонууга боло турган жүрүм-турумдун көп варианттарынын ичинен, террорист өзүнүн көз карашы боюнча оптималдуу деп эсептегенин тандап алыш керек. Мындай тандоо инсандык сапаттарга байланыштуу, аларга адатта, инсандын багыты, анын көз карашы, тажрыйбасы, түзүлүштөрү, баалуулуктары жана баалуулук багыттары, кулк-мүнөздүк жана социалдык көзөмөлүнүн ички системасы тиешелүү. Анан дагы тандоо, тышкы чөйрөнүн баасы менен, террористтик акт ишке ашуучу болочок жагдайды баамдай билүү баасы менен, ошондой эле микро чөйрө же бүтүн коом тарабынан боло турган анын жыйынтыгына жана ишке карата мамиле тууралуу элестер менен, анын ичинде жүрүш-туруштун болуп жаткан социалдык, кулк-мүнөздүк, укуктук ченемдерине байланыштуу.

Террорго белгилүү бир инсандык өзгөчөлүгү бар адамдар катышкандыгы көп изилдөөлөрдүн жыйынтыгында да тастыкталган. Белгилүү изилдөөчү Дж.Поуст [207,11-б.], «салыштырма изилдөөлөр көпчүлүк учурларда көзгө көрүнөрлүк психикалык тайыгандыкты аныктабагандыктан, террористтерди спецификалык диагностикалык-психиатриялык категорияга таандык кылууга болбойт». Ошону менен бирге, экстернализацияга карата тенденция, өзүнүн көйгөйлөрүнүн булактарын сырттан издөө, өзүнүн «Мен» дегенин проекция жолу менен коргоодо өтө жыйналгандык, туруктуу коргонуу даярдыгы, өзүнө ашыкча сүңгүп кетүү жана бөлөктөрдүн сезимине көңүл бурбастык көп террористтер үчүн мүнөздүү экенин ал аныктаган.

Алардын арасынан бир тобу, балалыгында же өспүрүм кезинде кемсинтүүлөргө дуушар болушкандар, ордун таба албай койгондор, өзүнүн идеяларын ишке ашыралбай калгандар. Бул, канааттанбагандыкты жана

каалагандай жол менен өзүнүн ордун табууга болгон каалоону, анык жана негизи жок өзүнүн таарынычтары үчүн таарынткандардан гана эмес, аны баалабай койгон бардык коомдон өч алууга көксөөнү чакырат. Бирок, террористтердин арасында абдан адекваттуу адамдар да бир кыйла. Бийик идея «оорусуна чалдыккандар» жана өзүнө тийчү кесепеттерди беш колундай билип туруп, аң-сезими менен террористтик актыны аткарууга баргандар да бар.

Террористтердин ичинде укугу чектелген, алардын пикири боюнча, мыйзамсыз соттолгон адамдар да байыр алышкан, алар үчүн экстремизм жана терроризм системадан өч алуу болуп калат.

В.В.Витюк [38,63-б.], «терроризм, ар кандай адамдарда ар түрдүү деңгээлде көрүнгөн жана учурдагы нравалык - укуктук ченемдер, таалим-тарбия, маданият менен ооздукталган, адамга тийиштүү болгон талкалоо инстинкттерине жана агрессияга ынтызарлыгына таянат, бирок бирдей деңгээлде эмес жана бирдей эффектте эмес» деген ойду бөлүшөт. Түздөн-түз реакциясы – чындыкты түшүнүүгө жеткирбеген, эмоциясы акылынан ашып түшкөн адамдар дагы, ошондой эле, туура эмес баа берүү, чыдамкайлыктын төмөнкү босогосу жана өзүн өзү көзөмөлдөөнүн жоктугу менен айырмаланышат, зомбулук идеясы менен бир кыйла оңой жана жасалмасыз жуурулушуп кетишет. Ушулар эле, өзүнүн ордун табууну, мансапкордукту, адамдарды жек көрүүнү, саясий фанатизмди көксөгөн, өзүн ашыкча баалаган рационалдуу түзүлүштөгү адамдарга да таандык.

Бул учурда, конкреттүү адамга болгон жек көрүүчүлүк үчүн эмес, ал ошол кайсы-бир бой бербес социалдык топто болгондугу же тийиштүү социалдык-саясий ролду аткаргандыгы үчүн бирөөнүн жашоосуна кол салуу болгондуктан, криминологдор терроризмди жеке инсандык эмес кылмыштар деп аталгандарга кошушат. Адам өлтүргөндөр үчүн, анын ичинде экстремист жана террористтер үчүн шектенүү, кекчилдик, жатыркагандык, өч алуу, эмоциянын салкындыгы, эмпатиянын жоктугу сыяктуу психологиялык өзгөчөлүктөр мүнөздүү экендигин изилдөөлөр көрсөтүүдө. Инсандар

ортосундагы мамиле жаатында, жүрөккө жакын кабыл алуучулук, безге тийүүчүлүк, жаралангандык алардын айрымдарына мүнөздүү. Дараметтүүлүк, калыс эмес баа берүүчүлүк, туталангандык, дүүлүккөндүк, өзүн өзү көзөмөлдөөнүн жоктугу сыяктуу алардын субъекттеринин жеке өзгөчөлүктөрү, зомбулуктуу кылмыштарды жасоодо өзгөчө мотивациялык роль ойношот.

Башка орусиялык окумуштуу С.К.Рощин [148,84-б.] «террористтин үч инсандык социалдык-психологиялык моделин» сунуштайт.

Биринчиси – «психопат – фанатик». Анын аң-сезиминин чөйрөсү өздөштүрүлгөн доктриналар менен аябай эле тарыган, анан эмоция чөйрөсү да ошол доктриналарга эле баш ийдирилген. Ошондуктан, конкреттүү жыйынтыгына карабастан анын иши коом үчүн пайдалуу деген ишеним менен, ал бардык каалаган нерсесин кыла алат.

Экинчи модель – «көксөөсү суубаган адам.» Көксөө суубагандык-агрессиянын бихевиористтик теориясында жайгашат, ага ылайык адам үчүн жашоодогу маанилүү муктаждыктардын тосуп коюлушу, агрессивдүү аракеттерге анын тенденциясын жаратат. Бул учурда аң-сезим мындай аракеттерди актайт жана рационалдаштырат.

Үчүнчү модель – «кем үй-бүлөдөн чыккан адам». Ата-эненин балага карата катаал мамилеси, анын социалдык изоляциясы, мээримдүү мамилелердин жоктугу, анти-социалдык жагына ыктаган каардуу инсандын түзүлүүсүнө алып келиши мүмкүн. Ушундай психологиялык мүнөздөгү адамдар, белгилүү бир шарттарда оңой эле террористтик уюмдардын шайманы болуп калышат. Тарых көрсөткөндөй, мындай адам шайман гана эмес, террористтик режимдин уюштуруучусу дагы болуп калышы мүмкүн.

Террористтердин арасында дайыма кезиккен ачык психологиялык типтин экөөсүн бөлүп көрсөтөт. Биринчилери жогорку интеллектиси, өзүнө ишенгендиги, өзүн жогору баалагандыгы, ордун табууга умтулгандыгы менен айырмаланышат, экинчилери – өзүнө ишенишпейт, алсыз «Мен» дегени бар жана өзүн төмөн баалаган иши оңолбогондор. Бирок, жогорку деңгээлдеги

агрессивдүүлүк, өзүнүн «Мен» дегенин коргоого такай даяр туруусу, ордун табууга умтулуу, өзүнө ашыкча берилгендик, бөлөк адамдардын сезимине жана каалоосуна болор болбос көңүл буруу, фанатизм биринчилер үчүн да, экинчилер үчүн да мүнөздүү. Өзүнүн көйгөйлөрүнүн булактарын сырттан издөө көпчүлүк террористтер үчүн мүнөздүү. Өзүнүн төмөн баада турган «Мен» дегенин, коркунуч булагы катары кабыл алынган истеблишментке проекция кылышат».

Ошону менен бирге, террористтин инсандык өзгөчөлүктөрү террористтик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрү менен өз ара байланышта болбошу мүмкүн эмес. Мисалы, куралган топтордун мүчөлөрүн, диний фанатиктерди жана кылмыштуу уюмдагы зордукчул өндүрүүчүлөрдү бир типологиялык топко бириктирүүгө болбойт.

«Принципиалдуу социализациялашпагандык» террористтердин, экстремисттердин жана фундаменталисттердин жалпыланган мүнөздөмөсү болуп саналаарын оперативдүү жана тергөө практикасынын материалдарынын анализи көрсөтүүдө. Эгерде кадимки кылмышкер коомдо социалдашпаса, анда, түрмө анын – өз үйү же ал эмес кылмыш жашоосунун университети десе да болот. Террорист бардык жерде социалдашкан эмес, кээ бир соттолгондорду өзүнүн идеялык-диний жактоочулары кылып алгандыгына карабастан, ал кесилген адамдардын арасында да чоочун.

Мунун себеби, психологиялык-социалдык окшоштуктун бытыранды болушунда жатат.

Зомбулук кылмыштарды жасаган адамдар өздөрүнүн санааларынын өзгөчө эмоционалдуу жеңилдиги менен айырмаланышат. Кырдаалга туура эмес баа берүүдөн жана конфликтти мыйзамдуу чечүү мүмкүнчүлүгү жоктугунан, өзүнүн жүрүм-турумуна карата да, анан да мамлекет жана коом тарабынан берилген баага карата да бейкапар, жеңил ойлуу мамиле кылгандыгына байланыштуу көп адамдар жаңылыштуу чечимдерди кабыл алышат. Киши өлтүргөндөр жана каракчылык кылгандар кылмыш жасаган учурда жаза тартуу коркунучун абстрактуу, анчалык мааниси жоктой же ишке

ашпагандай кабыл алышкан. Мындай абал, өзүнүн жүрүм-турумунун социалдык баасынын мүчүлүштүгү, алсыздыгы жөнүндө гана эмес, кайсы-бир учурларда, алып келчү кесепеттерди жана кырдаалга берилген бааны бурмалап салган өтө эле күчтүү эмоционалдык чыңалуу жөнүндө да күбөлөндүрүп турат.

Окшоштук эки компоненттен турат: биринчиден, органикалык жана индивидуалдуу, б.а. адамдын индивидуалдуу жашоосунун физикалык сырткы көрүнүшүнүн, шыктуулугунун, бирдейлигинин, нукуралыгынын жана бүтүндүгүнүн бузулбас касиеттери; экинчиден, социалдык байланышта топтук жана психологиялык-социалдык окшоштук бөлүнүп чыгат. Топтук окшоштук – бул, ички биримдиктин жана өзүнүн социалдык айланасы менен кол үзбөгөндүктүн субъективдүү сезими аркылуу бекитилген, ар түрдүү тарыхый, географиялык, класстык, улуттук ж.б. жалпылыкка инсандын киргизилгендиги. Психологиялык-социалдык окшоштук – өзүнүн жашоосу коом үчүн маанилүү экендигин адам тарабынан баамдалгандыгы.

Мындай учурда жеке адамдын фундаменталисттик террористтик уюмга киришине ошондой эле окшоштукту түзүүдөгү бир катар ийгиликсиз аракеттер коштолоорун көрсө болот. Көптөгөн террористтер, өсүп-өнүгүүгө күчтүү максаты бар үй-бүлөлөрдөн чыгышат. Жеке адам качан өзүн өзү аныктоодо кыйынчылыктарды башынан өткөрүп жатканда позитивдүү окшоштук да ишке ашпайт, ал «эч кандай» болгондон көрө «жаман» болгонду өйдө көрөт. Эгерде негативдүү окшоштук коом тарабынан эң соңку катары кабыл алынса, коом андан күткөндөй эле жеке адам эң начарга моюн сунат.

Өзүн жетишерлик бүтүн инсан катары сезүүгө жеке адамга берилген жалгыз мүмкүнчүлүк, топ менен карым-катнаш болгондуктан, аффилиацияга (топко таандыктык) болгон муктаждыкты жалгыздык сезими актуалдаштырат. Жаш адамдар жамаатта окшоштукту гана эмес, өздөрүнүн кыйынчылыктарынын түшүндүрмөсүн жана келечекке болгон үмүтүн да табышат. Бул негиз жеке мүнөздү алып жүрөт жана субъекттин социалдашуу өзгөчөлүктөрүндө тамырлайт. Экстремист жана террористтердин көпчүлүгүн

түзгөн жаш адамдар үчүн топко кирүү, көксөөсү суубагандыкты жана жатыркагандыкты жеңүү мүмкүнчүлүгүн берет. Коомдо өзүнүн ордун таба албай койгон жалгыз, жатыркаган бул адамдар үчүн, террористтик топ аларга үй-бүлө болуп калат, мурда аларда эч качан үй-бүлө болгон эмес.

Уюмга кирген адамдын бардык жеке пикирлери, идеялары, ойлору, баамдоолору алыскы арткы планга тез эле кетенчиктеп кетет. Мына эмне үчүн катуу тартип керек – биринчи кезекте, өз алдынча чекилик иштердин болбостугу үчүн. Өзүн уюмга тапшыруу менен, адам өзүнүн аң-сезимин да бүтүн бойдон уюмдун идеяларынын бийлигине же уюмдун үстүңкү деңгээлиндеги андан дагы бийик идеяларга тапшырып салат.

Жалгыздык, бааланбагандык, корголбогондук сезимдердеги субъективдүү деңгээлде пайда болгон бытыранды же жетишсиз түзүлгөн социалдык-психологиялык окшоштук, бүтпөгөн дүйнөнү өзгөртүүгө өзүнө чоң максаттарды койгон бирдиктүү экстремисттик топтордон психологиялык жашырынуучу жай издөөгө жеке адамдарды үндөйт деген жыйынтыкка келүүгө жогоруда айтылгандар жол берет. Алсыз жана бааланбагандык сезимди маанилүүлүгү менен күчүнө ишенүү сезимине транформациялоого мындай жалпылыкка болгон таандыктык жол берет.

Практика жүзүндө бардык террористтерде, өзгөчө диний-улуттук террористтерде байкалган өзүнүн жападан-жалгыздыгы жөнүндө түшүнүк – бул айтылуу нарциссизмдин өзү. Өзүнүн жеке турпатына, өзүнүн денесине, өзүнүн керектөөлөрүнө, өзүнүн ойлоруна, өзүнүн сезимине, өзүнүн менчигине ж.б. гана өзү реалдуу түрдө кызыкчылык жараткан эмоциядагы абал катары аныктайт.

Нарцисс-адам, жетишкендиктеринин жана мээнетинин аркасынан эмес, өзүнүн мыктылыгына, көрүнүктүү жеке сапаттарына жана башкалардан артык экендигине болгон ишениминин аркасы менен ишенимдүүлүк сезимге жетет. Нарцисс-террорист өзүнүн акылмандыгына, алысты баамдай билгендигине, кайратына болгон ишенимге гана күчүн жумшабайт, орой

кылмыштарды жасоо менен жана жалпы кабыл алынган баалуулуктарды тоготпоо менен күчүн өзүнө жана башкаларга далилдейт.

Инсандын экстремисттик тибин аныктоо мүмкүнчүлүгү боюнча максималисттик идеалисттик утопизм, өкүм сүргөн түзүлүшкө жек көрүүчүлүк же кордук тарткан күчөгөн сезим менен пайда болгон фанатизм жана бөлөк ой-пикирге чыдабастык «солчул» террористтер үчүн мүнөздүү. Аларга, адамзатты сактап калуу боюнча өздөрүнүн жогорку миссиясына жана абсолюттуу чындыкка ээ болууга карата болгон бекем ишеним таандык. Бул ишеним таза эле эмоционалдуу болушу мүмкүн, а балким идеологиялык постулаттарга негизделет, бирок анын бар экендиги «чыныгы динге ишенүүчүнү», кандайдыр-бир себептер менен кокустан террористтик топто болуп калган адамдардан айырмалайт.

Аң-сезимдин экстремисттик тиби социалдык-саясий да, улуттук да терроризмде пайда болот, бирок өзүн өзү өлтүрүүчү террористтик актыны ишке ашырууга даяр болгон диний фанатикте ал өзгөчө рельефтүү түрдө көрсөтүлгөн. Жалгыз чындыктын императиви дал ушул диний фундаментализмде өзүнүн акыркы көрүнүшүнө жетет. Жогорку жана жалгыз чындыкка жеттик деген ишеничтеги адамдар ар түрдүү чөйрөдө бир кыйла эле, бирок кээ бирлери гана террорго жана экстремизмге барышат. Толук кандуу, кадимки адам нерселерди башкача жагдайда көрө албайт деген түшүнүккө өсүп жетилген ар кандай күмөн саноо жана ыргылжың абалдарга, башкача ой жүгүртүүлөргө карата болгон чыдабастык зарыл шарт болуп саналат. Ошон үчүн экстремизм жана терроризм мотивациясынын орчундуу компоненти – башкача ой жүгүртүүчүлөрдү чыныгы ишенимге зомбулуктун жардамы менен буруу. Бул, жалпы адамзат баалуулуктарынан баш тартуу жана максат каражатты актайт деген түшүнүк менен байланыштуу.

Бийликти басып алуу жана кармап калуудагы өзүмчүл негиздер, прагматизм аркылуу фанатизм сыртка сүрүлүп калышы мүмкүн. Фанатик-идеалисттер прагматик жана циниктерге айланышат же кийинкиси менен четтетилишет.

Ошентсе да фанатизм ар бир экстремист жана террористке таандык эмес. Кылмыштуу-өзүмчүл террористтер, согушкерлер, мамлекеттик терроризм уюштурушкан диктаторлор үчүн ал мүнөздүү эмес. Бир катар саясий террористтер фанатизм менен эмес, жогорку деңгээлдеги ишендирүүчүлүк жана баш ийдирүүчүлүк менен айырмаланышат, башкалары бийликти көксөшөт, үчүнчүлөрү жашоону жок кылууга ж.б. болгон муктаждыкты сезишет. Кээ бир экстремисттик жана террористтик топтордун «теориялары» бечара жана карапайым, бул чынында жөн эле ураандар, ошондо да акырына чейин ойлонулбаган ураандар. Бул топтор кээде фанатизм менен эмес, кадимки социалдык акыйкаттыкка умтулуу менен аракеттенишет.

Экстремист жана террористтердин логикасы адатта таң калыштуу мүнөздү алып жүрөт. Биринчиден, ал өтө эмоционалдуу, анда логикага караганда эмоциялар көп орунду ээлешет. Экинчиден, формалдуу анализдин көз карашында бул бурмаланган логика. Үчүнчүдөн, бул ачыктан-ачык жалгыз идеялык логика, анда бардыгы экстремизмге жана террорго баш ийдирилген.

Адаттагыдай, экстремист жана террористтин логикасы – бул динге ишенген адамдын логикасы. Өзүнүн жогорку миссиясына ишенген, өзүнүн идеясына кызмат кылган идеяга ал адам ишенет. Бул жерде рационалдуу далилдер жана формалдуу-логикалык татаал конструкциялар ага кереги жок. Ал жөн гана ишенген үчүн гана ушунун баарына ишенет. Ал динге ишенген адам, мына ушунусу баарын айгинелеп турат. Өзүнүн жогорку милдетине жана өзгөчө миссиясына болгон ишеним.

Экстремисттердин жана террористтердин бурмаланган логикасы тууралуу дагы бир факт күбө болуп турат – практика жүзүндө алар сүйлөшүү режиминде иш алып бара алышпайт. Эгерде башкалардын пикири алардын көз карашы менен дал келбесе, алар андай адамдарды душманы катары кабыл алышат же аларды келесоо деп эсептешет. Өздөрүнүн көз караштарын айланадагыларына таңуулоого умтулгандыгы менен айырмаланышат. Ар кандай компромисстик сунуштар, бийликтин макул болууга даяр экендиктери террористтерде адекватсыз, туура эмес реакцияны чакырат. Көпчүлүк

басымдуу учурларда мындай сунуштар, өздөрүнүн өзгөчө бир ой жүгүртүүлөрүнүн негизинде катаал түрдө жана так кесе четке кагылат: «Алардын сунуштары – амалдуулук менен коюлган кылтак. Алар бизди жазалаганы жатышат. Алар бизди күрөштү улантууга аргасыз кылып жатышат».

Мисал катары төмөнкүнү белгилеп кетүүгө болот. 2006-жылы жана 2008-жылы Сузак, Аламүдүн райондорунда, ошондой эле 2015-жылы Бишкек шаарында контртеррористтик операциялар жүргүзүлүп жаткан убакта, террористтик ишмердүүлүккө тиешеси бар курчоодогу адамдар сүйлөшүүлөрдөн жана компромисстерден баш тартышып, куралдуу каршылык көрсөтүшкөн. Жыйынтыгында алардын баары жок кылынган.

Такыр эле шайкеш келбеген – эркиндик жана зомбулук дегендер, парадокс түрүндө террористтин логикасында айкалышат. Алардын логикасы боюнча, террористтик акт эркиндикке жетүүнүн эң сонун каражаты болуп саналат. Террористтин логикасы жетик же түзмө-түз. Бирок ал кандай болсо да бурмаланган.

Көптөгөн эксперттердин жана адистердин эсеби боюнча: терроризм – бул социалдык ашыкча жүктү билдирүүнүн аморфтуу түрү гана эмес, ал адамдардын пландарынын жана үмүттөрүнүн талкаланышы менен пайда болгон кыжырдануу формасы; ал алардын ийгиликсиз булактарына каршы багытталган жана белгилүү бир максаттарга жетүү каражаты катары кызмат кылат.

Адамдардын өздөрүнүн максаттарынын символикалуу билдирилиши, террористтик логиканын айкын символизми тууралуу күбөлөндүрүүчү анын өтө деле акыркы эмес милдети болуп саналат.

Террористтик ишмердүүлүк менен түздөн-түз байланышпаган маселелерде, террористтин логикасы жана ой-жүгүртүүсү алардын маданиятынын жалпы деңгээли менен аныкталат. Адат катары, азыркы кездеги террористтердин (өзгөчө исламдык) жалпы маданияты, анча-мынчадан башкасы төмөнкү деңгээлде жайгашкан.

Террористтин логикасын жана ой-жүгүртүү өзгөчөлүгүн түшүнүү олуттуу практикалык мааниге ээ. Силер сүйлөшүп жаткан тилди ким түшүнсө, ошол менен гана сүйлөшүү жүргүзүү керек экендиги эске алынууга тийиш. Эгер силер логикалык түрдө ойлонуп жана ой жүгүртүп жатсаңар, ал эми оппонент эмоцияга гана алдырып, логиканы түшүнбөй жатса, мындай аракеттердин эч кандай мааниси жок болуп калат. Анан да алар коркунучтуу: силер макулдаштык деп ойлойсуңар да, ал эми силердин оппонент ар кандай макулдашуулардан өзүн эркинмин деп эсептейт.

Логика жүзүндө ишендирүүгө же интеллектуалдык түрдө террористтин аракетин алдын ала эсептеп, көрө билүүгө болот деп үмүт артуу, бул жогорку саптагы аңкоолук. Экстремист жана террористтердин тилинде, өз эне тилибиздей сүйлөгөнгө эч качан үйрөнө албастыгыбызды түшүнүшүбүз керек. Ал эми бул ишке ашып калса, мыйзамдын талаптарын тез эле унутуп калып, кандайча ушундай террорист болуп калганыбызды өзүбүз байкабай калабыз.

Террористтер – адамдардын өзгөчө тиби, алардын жүрүм-турумунда жана мүнөзүндө рационалдуу компоненттер жокко эсе, ал эми эмоционалдуу компоненттери ушунчалык деңгээлге чейин ашып түшөт, алар элирме болуп калышат. Алар менен сүйлөшүү өтө оор: эгер бир нерсе жакпай калса, анда көз ирмемде эле көздөрү канталап чыгат, манжалары муштумга түйүлүп, колдору курал же бомбаны көздөй жөнөйт. Мындай адамдар «болот» жана «болбойт», «мүмкүн» жана «мүмкүн эмес» сыяктуу дайыма колдонулуучу сөздөрдү билбейт. Анын сөз байлыгы эң жөнөкөй: «каалайм», «бер», «меники», анан да - тез арада, ушул жерде жана азыр. Бул адамдардын психотиби ушундай түзүлгөн, ал «бардыгы же эч нерсе эмес» мыйзамы боюнча аракеттенет. Экстремист жана террористтер арасында кабылданган кулк-мүнөздөрдүн ашыкча жөнөкөйлүгү, алардын жупуну тартипсиздиги жана билимсиздиги белгилүү бир өлчөмдө буга түрткү берет. Дал ушул факторлор, экстремисттердин жана террористтердин жаңы жана дагы жаңы муундарынын пайда болуусунун негизги булагы болуп саналат.

Өтө күчтүү эмоциянын жоктугу, айрыкча салкын кандуулук террористтик ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгүн жогорулатуучу жана террорист үчүн тобокелчиликти төмөндөтүүчү сапат болуп эсептелет. Бирок, инсандын ички карама-каршылыгы жана ыраатлы жоктугу дискомфорт абалында пайда болот, ал алардын эмоционалдык туруксуздугун чагылдырат. Ошондуктан, жашоодо бардык эле террористтер өздөрүнүн эмоцияларын эбин таап башкара алышпайт.

Экстремисттердин жана террористтердин арасынан изилдөөчүлөр эки четки вариантын бөлүп алышат. Бирөө, өтө сейрек – такыр эле эмоционалдуу эмес. Бул адамдар абсолюттуу түрдө салкын кандуу, эмоцияларына кенедей да баш ийишпейт же аларды толугу менен көзөмөлдөө колдорунан келет.

Экинчиси карама-каршы абалы менен айырмаланат. Бул террористтер үчүн өтө бай ички эмоционалдуу жашоо мүнөздүү. Бардык тышкы токтоолугунда, айрыкча рационалдуулугунда, жупунулугунда террористтин ичинде бороондуу эмоционалдуу жашоо буркан-шаркан түшүп турат. Террористтик ишмердүүлүк катышуучуга койгон чектөөлөр канчалык күчтүү болсо, анын ачылбаган, көңүлү чөккөн сезимдери ошончолук күчтүү. Террористтин даңазалуу салкын кандуулугу, анын «темирдей нерви» - психиканын рационалдуу компоненттеринин таасирлери катуу түрдө басып койгон эмоциянын натыйжасы. Мындай басып коюу дайыма боло бербейт. Атап айтканда, террористтик актыны ийгиликтүү ишке ашыргандан кийин. Алар бири бирин куттуктап жатып, укмуштуудай сүйүнүп же ыйлай алышат жана аябай кыйнала алышат.

Террористтер жана экстремисттер ушунусу менен кадимки, криминалдуу кылмышкерлерден айырмаланышат. Бул фактылар, биринчи кезекте, эмоциялар такай үстөмдүк кылган дал ушул алсыз – интеллектуалдык чөйрөнүн жетиштүү эмес өнүгүүсү тууралуу корутунду чыгарууга жол берет. Террористтик актыга, анын баасына карата бейкапар, жеңил ойлуу мамиле террористтерде болбойт. Бардык эмоционалдуу туруксуздуктарында алардын эмоциялары террористтик ишмердүүлүктөн бөлүнгөн, алар террор менен

мүмкүн болушунча олуттуу иш кылышат. Ошентсе да, күчтүү эмоционалдуу стресс адатта, террористтерди кадимки кылмышкерлер менен бириктирип да коёт, бирок ошентсе да ашыкча деңгээлде эмес.

Ар дайым болгон сактык террористтин өзгөчө жайылтылган эмоционалдуу абалы болуп саналат. Кол салуу коркунучуна каршылык көрсөтүүгө дайыма даярдыгында, сергектиктин күчөтүлгөн деңгээлинде жана кичине эле өзгөрүүлөргө, биринчи кезекте физикалык, курчап турган чөйрөнүн параметрлеринин өзгөрүүлөрүнө көңүлдү топтоодо сактык феномени пайда болот. Ал эмес террористтин сыртынан байкалган ишенбөөчүлүгү, айланадагылардын баарын «өзүбүзгө» жана «чоочундарга» үзгүлтүксүз бөлүүдө көрүнөт. Албетте, «чоочун» далилсиз эле жийиркеничтүү жана бөтөн «душмандын образы» менен окшоштурулат. Бирок, «чоочун» чындыгында «өзүбүздүкү» болуп тастыкталганда, ишенимдүүлүк жана ачыктыкты көрсөтүүгө мамилелердин мүнөзү ыкчам түрдө өзгөрөт. Бул террористтин эмоциясынын бат эле полюстарга бөлүнүшү жана эмоционалдык туруксуздугу жөнүндө айтып турат.

«Автопилот» кыймылында жек көрүүчүлүгү менен каардуу террористтик актыны ишке ашырган фанатик, моралдык көйгөйлөргө санаа тартып кыйналбайт. «Иншалла» («бардыгы Аллахтын колунда, бардыгы Анын ырайымы менен») принциби менен иш кылган сабатсыз, билимсиз исламисттер кулк-мүнөздүк күмөн саноолор менен азап чегишпейт.

Кандайдыр-бир интеллектуалдык деңгээл бар болгондо гана моралдык көйгөйлөр пайда болот. Интеллектуалдык планда өсүүсү бар бир катар террористтерди, өздөрүнүн жасаган иштеринде канчалык деңгээлде чындык бар деген суроо дайыма түйшөлтөт. Ар бир учурда террористтик актыга даярданып жатып, террористер ага кулк-мүнөздүк актанууну издешет. Алардын акциялары өздөрүнүн жеке жан дүйнөлөрүн куткарып гана калбастан, өздөрүнүн курмандыктарын батыраак бейишке жөнөтүүгө да жардам берет деп террористтер ишенишет. Диний террорист-фанатик үчүн баары жөнөкөй: анын моралдык көйгөйлөрүнөн Кудай өзү кутултат, бирок

ошентсе да, демек өзүнө да кандайдыр-бир кулк-мүнөздүк өзүн өзү актоо зарыл.

Олуттуу моралдык көйгөйлөр саясий-идеялык террористтерге гана таандык, ошону менен бирге, жетиштүү жогорку деңгээлдеги билими, интеллектуалдык өнүгүүсү, өзүнүн ишмердүүлүгүндө аң-сезимдүү рефлексияга жөндөмдүүлүгү менен. Калган башка террористтердин тиби үчүн таптакыр бөлөк психология көбүрөөк мүнөздүү, биринчи кезекте рефлексияга чейинки, кандайдыр-бир татаал моралдык көйгөлөрдүн психологиялык коргонуусунун ордуна, салыштырмалуу карапайым «синдромдор» негативдүү, инсанды санаа менен жаралаган аң-сезим чөйрөсүн «коргондоо» болуп саналат.

Терроризмдин максатка ылайыктуулугун жана акыйкаттыгын далилдеген идеологиялык негиздемеде аталган психологиялык механизмдердин аракети көрүнөт. Ар түрдүү көрүнгөнү менен аргументация анчалык бай эмес жана төмөнкү ыкмаларга алып барат.

1. «Моралдык өзүн өзү актоо». Зомбулук аракеттерди жүргүзүп жатканда, адам өзүнүн жүрүм-турумун улут үчүн зарыл катары же динди же өзү таандык болгон топтун идеологиясын коргоо үчүн жасалганын түшүндүрө баштайт. Куранга, Талмудга же Библияга болгон шилтеме тез-тез кайталанчу окуя болуп саналат. Бул, кылмышкерди күрөшүүчүгө же жакшы сапаттуу жаранды жоокерге айлантып коюуга түрткү берет.

2. «Утилитардык (экономикалык жана юридикалык) өзүн өзү актоо». Бул ыкма баарынан мурда мамлекет санкциялаган зомбулук аракеттерге, атап айтканда «эл душмандарына» өлүм жазасын колдонууга же диверсиялык акцияларга тиешелүү. Биринчи учурда, өлүм жазасына буйрулгандарды өмүр бою камап салуунун экономикалык жактан пайдасыз экендиги жана алар ал эмес түрмөнүн ичинде да потенциалдуу коркунуч келтирерлиги жөнүндө, экинчи учурда – улуттук коопсуздукка болгон потенциалдуу коркунучту жокко чыгарган алдын алуучу акциялардын зарылдыгы жөнүндө сөз болууда.

3. Өзүнүн аракеттерин андан каардуу башка аракеттер менен салыштыруу – «пайдалуу салыштыруу». Зомбулук аракеттер жасалганда, өзүн өзү актоо үчүн адам өзүнүн кылганын башкалар менен салыштырууга барат; ушул абалда, салыштыруу үчүн эталон катарында атайылап эле андан каардуу иш-аракеттер тандалып алынат. Ушундай образда адам өзүн реабилитациялайт, жасаган иши ажатты ачкандыгы жана «керек экендиги» тууралуу таасир калтырат. Атап айтканда, террористтер өздөрүнүн акцияларын мамлекет тарабынан болгон күч колдонуу акциялары менен салыштырышат, же болбосо тескерисинче. Салыштыруунун жыйынтыгында мындай актануулар пайда болот: Биз азбыз, ошондуктан бизге көңүл бурушпайт, жана биздин үнүбүздү жеткирүүчү жалгыз ыкма – бул террор жана экстремизм же кылмышкерлер бир гана күчтүн тилин түшүнүшөт, бир эле катаал жана каардуу күч колдонуу акциясы келечектеги жүздөгөн кылмыштарга бөгөт коёт.

4. «Жоопкерчиликтин оодарылышы». Өлүм жазасын аткарган террорист же команданын мүчөсү өзүнүн иш-аракетин түшүндүрүүдө, зомбулук аракетинин процессинде жеке өзүнүн активдүүлүгүн жокко чыгаруу менен кайсы-бир тышкы беделдерге шылтай баштайт. Мыйзамга, субординацияга, топтун лидеринин буйругуна ж.б. шылтоо менен адам өзүн уюштуруучу эмес, пассивдүү аткаруучу катары мүнөздөйт. Топту майда бөлүктөргө чачыратуу жана анын мүчөлөрүнө көп майдаланган милдеттерди бөлүштүрүү жолу менен дагы конкреттүү аткаруучудан жоопкерчиликтин оодарылышы ишке ашырылат.

5. «Жоопкерчиликтин диффузиясы». Бул үч ыкмада ишке ашырылат:

а) топтун мүчөлөрүнүн арасында милдеттерди бөлүштүрүү, анын жыйынтыгында адам иш-аракеттин моралдык аспектилерине эмес, техникалык жагына бурула баштайт;

б) процессти көптөгөн майда бөлүктөргө чачыратуу, анын натыйжасында ар бир өзүнчө этап аткаруучуга зыянсыз жана көнүмүш болуп көрүнөт;

в) топтун кайсы-бир мүчөсүнүн өзүн өзү айыптагандыгы жана жоопкерчилиги анонимдүүлүк менен чачырагандык аркылуу минималдашкандай кылып, топтун чечим кабыл алуусу.

6. «Курмандыктын дегуманизациясы жана күнөөнүн атрибуциясы». Курмандыктын дегуманизациясы адамдык сапаттын бурмаланган баасы аркылуу болот. Курмандык сезимдерди, идеяларды, үмүттөрдү ж.б. алып жүрүүчү тирүү адам катары кабыл алынбай калат. Ал жөнүндө инсан, тирүү адам катары эмес, зомбулуктун жансыз объектиси катары айтышат. Эгерде өзгөчөлүк сапаттардан ажыратуу процесси эффективдүү болбосо, анда курмандыкка ар кандай пас, туура эмес сапаттарды бере башташат же ошолорго гана көңүл бурушат, ошону менен бирге жакшы сапаттарды жана мүнөздөмөлөрдү көңүлдүн сыртынан кетиришет.

Агрессивдүү, чабуул коюучу, козгоочу катары ойдон чыгарылган курмандыктын жүрүм-турумунун интерпретациясы күнөөнүн атрибуциялары катарында чыга алат. Ар бир жүрүм-турум, сырткы белгилер агрессор тарабынан, ал курмандыкка кол салуу коргонуу максатында болгон деген себеп катары түшүндүрүлө баштайт. Мына ошентип, жасалган иш үчүн бардык жоопкерчилик курмандыкка жүктөлөт.

7. «Баяндоонун эвфемистикалык стили». Ар дайым, жасалган ишти кантип тартуулоо, түшүндүрүү жана сүрөттөө керектигине байланыштуу ал иш жөнүндө пикирлерди айтышат. Ушул эле нерсе зомбулук аракеттерге да тиешелүү – булар жөнүндө белгисиз формада, аткаруучуларды, кылмыштарды аткарган каражаттарды жана кесепеттерди тактабай айта башташат, зомбулук аракеттерди ылайыктуу социалдык формаларга жана формулировкаларга кийгизе башташат.

8. «Кесепеттерди тоготпоо жана бурмалоо». Агрессор жасаган ишинин кесепеттерин байкабаганга аракет кылат, алардан оолактайт, аларды көңүлүнүн сыртынан кетирет же бурмалайт. Бул ыкма өзгөчө эффективдүү болуп кийинки учурларда иштейт, качан курмандыктын азап тартканын көрүүгө агрессордо объективдүү мүмкүнчүлүк болбогондо, качан кесепеттер

кийинкиге калуу мүнөзүнө ээ болгондо. Адам качан өзүнүн иш-аракетинин жыйынтыгын көрбөгөндө, ага кылмыштарды жасоо оңойго турат. Курмандыктын азап тарткандарын көрсөтүү, кайталана турган зомбулук үчүн тоскоолдук болуп кылышы мүмкүн.

9. «Күнөөнү шарттарга жүктөө» («менде мындан башка жол жок болчу») – жеке террористтик козголуулар, объективдүү социалдык-саясий шарттар менен мажбурланган, сөзсүз боло турган катары бааланат. Террористтик ыкмалардан тышкары, ар түрдүү, башка ыкмалардын зомбулук объектисине болгон таасири болбогон нерсе жана эффективдүү эмес.

10. «Максат каражатты актайт». Зомбулук – социалдык же класстык акыйкаттыкты камсыз кылууга, улуттук же диний кайра жаралууга, элдин бакубат жашоосуна ж.б. жетүү үчүн жасалган убактылуу жана аргасыз чара.

Терроризмдин лидерлери жарыялаган идеяларга жана максаттарга жан тартышкан өзүнчө адамдар, топтор, катмарлар, кээде бүт элдер дагы өздөрүнүн жашоосунда туш болгон реалдуу карама-каршылыктарга жана акыйкатсыздыктарга негиздүү түрдө бушайман болушат. Кайсыга террористтер таянса, террористтер үчүн алар ошол социалдык базаны түзүшөт. Бул социалдык базасы жок болсо, террористтер азыркы кезде ээ болгон күчүн таба алышмак эмес. Адам коомунун өнүгүү процессинде саясий, социалдык, экономикалык, улуттук, территориалдык жана башка карама-каршылыктар, өзгөчө кризис шартында өсүп гана жаткан болсо да, терроризм үчүн социалдык база анда да кыскарган жок, бул терроризмдин, экстремизмдин жана диний фундаментализмдин кийинки өнүгүүсүнө карата жаман тенденциялардын санынын өсүшүндө көрүнүүдө.

Карама-каршылыктардын жана конфликттердин өсүшүнө, ошондой эле аларды жакшы жагына чечилишине «артылган» үмүттөргө байланыштуу радикалдык ниеттердин жана экстремизмдин өсүшү, терроризмдин жана террористтик багыттагы башка кылмыштардын жайылуусунун шарттары болуп саналат. Анан ушунун баары зомбулуктун жана башка дүйнөдөгү террогендик факторлордун өсүү фонунда болуп жатат.

Айрым изилдөөчүлөр менен эксперттер терроризмдин, экстремизмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин саясий, социалдык-психологиялык жана индивидуалдык-психологиялык себептерине көңүл бурушат. Өзүн өзү аныктоо мотивациясы, дүйнөнү «сактоо» фанаттык идеясына кызмат кылуу, агрессивдүүлүк, башкача ой жүгүртүүгө ашкере чыдай албастыктын пайда болуусу ж.б. Өзүн жана башкаларды жок кылууга, өлүмгө болгон катуу ынтызарлык кээ бир террористтердин жүрүш-турушунун негизи болушу мүмкүн. Өзүнчө адамдардын террористтик жүрүш-турушуна болгон таасирлердин психологиялык өзгөчөлүктөрүн жокко чыгарбай туруп, терроризмдин негизги себептери ошондо да психологияда эмес, саясий, экономикалык, социалдык, улуттук жана диний мамилелеринин чөйрөсүндө жаткандыгын белгилеп кетүү керек.

Социалдык-экономикалык себептер жана биринчи кезекте, кийинчерээк көптөгөн башка жагдайлар кат-кат болуп чогулган эң чоң социалдык акыйкатсыздык, терроризмдин жана экстремизмдин негизги детерминанттары болуп келген жана болуп кала берет.

Сөзсүз түрдө аткаруучулардын өзүн өзү жок кылуусу менен коштолгон террористтик актыларды түшүнүп туруп жасаган өзгөчө категориядагы адамдардын – жан кечти-террористтердин феномени, акыл-эстүү материалдык эсепке алуунун жана рационализмдин өсүп-өнүгүү фонунда уникалдуу өзгөчөлүк болуп көрүнөт. Терроризмдин ар түрдүүлүгүнүн кылмыштуу аралашмасынан ажыратылган кайсы-бир «таза» – «өзүн өзү өлтүрүүчү терроризмдин» бар экендиги жөнүндө романтикалаштырылган мифтин пайда болуусуна бул жагдайлар жол берди.

Терроризмдин бул түрүнүн жана ушундай түрдөгү акциялардын аткаруучуларынын ар түрдүү аныктамалары бар.

Акыркы кездерде исламдын чектен ашкан агымдарынын өкүлдөрү тарабынан жасалган терроризмдин, жан кечтилердин көп сандаган актыларына байланыштуу, мусулмандардын динсиздерге каршы согушу катары түшүндүрүлгөн «жихад» термини кеңири жайылтылууга ээ болду.

Ушуну менен бирге, терроризм акцияларын жасаган ислам фанатиктерин ар дайым жихад жолундагы шахиддер деп аташат, бул да абсолюттуу түрдө туура эмес.

Чындыгында «жихад» түшүнүгү, Куранда айтылган мусулмандын Кудайга болгон умтулуу аракетин билдирет. Жихадга көптөгөн аспекттер кирет – социалдык, маданий, моралдык кулк-мүнөздүк, укуктук. Жихаддын ар түрдүүлүгүнүн ичинен бирөөсү – «кылыч жихады» [66,25-б.] гана – динсиздер менен куралдуу күрөш катары түшүндүрүлөт. Ошондо да Куран, тышкы коркунучка жооп иретинде гана күч колдонууга жол берет. Тынч калкка каршы террористтик акциялар жихаддын мазмунуна туура келбейт, ал эми Мухаммед Пайгамбардын санат сөздөрүндө ал эмес аларды тикелей айыптаган жоболор бар. Чын эле пайгамбардын айтканы боюнча, эгерде өзүн өзү коргоо туура болсо дагы, ал экстремалдуу формада болбошу керек. Андан тышкары, эгер каршылаш тарап өзүнүн кастык аракетин токтотууга даяр болсо жана тынчтыкты издесе, тынчтык сунушун кабыл алуу – мусулмандын ыйык милдети. «Жихад» түшүнүгүндө эң эле негизгиси – бул адамдын ички руханий эрдиги, өзүн өзү тазалоо.

«Шахид» түшүнүгү да исламдагы экстремисттер тарабынан алмаштырылып салынат. «Шахид» (арабча – өзүн курман кылуучу) термини - ишеним үчүн курман болгон жана дал ушул азаптуу өлүмдүн аркасынан көп ыйыктардын катарына кошулган шордууну билдирерин исламдын беделдүү уламалары гана эмес, Куранды жок дегенде анча-мынча билген карапайым мусулмандар да түшүндүрүшөт. Ислам энциклопедиялык сөздүгүндө бул терминге дал ушундай түшүндүрмө берилет. Бирок ишеним үчүн бөлөктүн колунан өлүм табуу жана тынч жашоочуларды жок кылуу – чындап эле эки башка жана бири-бирине дал келбеген нерселер.

Курандын догмаларына ылайык, Кудай берген дүйнөдө төрөлгөн ар бир адам баа жеткис. Бул жөнүндө мусулмандардын ыйык китебинин көптөгөн сүннөттөрүндө айтылат, муну суфийлик ой-жүгүртүүчүлөр да тастыкташат. Ислам «адам жашоосуна баа жетпестикти» жарыя кылат.

Ошондуктан, динге ишенген адамдар фанаттык түрдө аткаруучулары болгон террористтик акциялардын уюштуруучуларынын, тынч жарандардын өлтүрүлүшүн ислам ураандары менен касиеттүү кылууга умтулуусу – аларга көз каранды адамдардын динчилдигине жана ишенчээктигине болгон жөн гана спекуляция.

Жан кечтилердин терроризмин аныктоо үчүн батыш саясат таануучулары ар дайым «сиуцид терроризм» терминин колдонушат. Бирок ал дагы жетишерлик эмес объективдүү болуп берилет. Чынында, «суицид» [201,85-86 б.] (латынча – өзүн өлтүрүү) түшүнүгү өзүн өзү өлтүргөндүктү билдирет. Бирок, өз өмүрүн кыйуу террористтин негизги максаты болуп саналбайт. Кылмышкер башка адамдарга мүмкүн болушунча максималдуу зыян келтирүүгө умтулат. Ушул абалда жеке өлүм – коюлган милдетти аткаруу гана шарты. Андан тышкары, суицид учурунда болгондой, жан кечти адам өз жашоосун өзү билбейт, аны жетекчилери башкарат.

Мына ошентип, каралып жаткан терроризмдин түрүн, жан кечтилердин терроризми катары аныктоо өзгөчө туура болмок. Жан кечтилердин терроризми – бул, өзүн тандалган объект менен кошо максаттуу жана активдүү түрдө жок кылуучу индивидуум (индивидуумдар) тарабынан ишке ашырылган, саясий жагынан негизделген күч колдонуу. Мындай акциянын аткаруучусунун сөзсүз болчу өлүмү, террористтик акциянын ийгилигинин далили болуп калат».

Жан кечтилердин терроризминин тарыхы илгерки өткөн кезге сапар тартат. Мурдараакта белгиленип кеткендей, байыркы кездин жан кечти – террористтеринин көрүнүктүү өкүлдөрү деп, биздин эранын I кылымындагы байыркы Римдеги иудейлердин сикарийлер саясий сектасынын мүчөлөрүн эсептесе болот.

XI кылымда Персиядагы жан кечти – террористтердин уникалдуу сектасынын ишмердүүлүгү кеңири белгилүүлүккө ээ болгон, аны ошол кездин өтө таасирдүү саясий ишмери Гасан ибн-Саббах [100,120-б.] мусулмандар арасында өзүнүн кадыр-баркын бекемдеш үчүн активдүү колдонгон.

Бирок терроризм өзүнүн пайда болгон учурунан тартып олуттуу өзгөрүүлөрдү башынан өткөрдү, мурунку «бир курмандык – бир террорист» формуласы азыркы кезде иштебей калды. Жок кылуу каражаттардын жана технологиялардын өнүгүшү, ар бир терроризм актысына максималдуу коомдук резонанс жаратууга терроризм субъекттеринин багыты, коомдук аң-сезимге таасир берүү бөлүгүндө массалык маалымат каражаттарынын ролунун өсүшү жан кечтилердин терроризминин мелженген жана тандалган болбой калышына алып келди. Мындай террористтик актылардын курмандыктары, адат катары, кокустан болгондор, ал эми террористтик чабуулдун уюштуруучулары аны пландаган учурда курмандыктардын санынын максималдуу көп болушуна умтулушат.

Ошондой болсо да, жүздөгөн жылдар бою иштелип келген, тил алчаак өзүн өзү өлтүрүүчү – террористерге айландыруу максатында фанаттуу динге ишенген мусулмандарды идеялык-психологиялык даярдай турган иштердин методикасы практика жүзүндө ушул кезге чейин өзгөрүүгө туш болгон жок. Жүз жыл мурдагыдай эле, болочок «камикадзелер» жакыр жана билими аз мусулман жаштарынын чөйрөсүнөн жаңыланып толукталышат. Шордуу фанатиктерди өздөрүнүн саясий максаттарына жетүү каражаты катарында колдонгон алардын устаттары ислам догмаларынын кеңири пропагандасын жүргүзүшөт, муктаж болгондорго материалдык жардам көрсөтүшөт, террористтик акциялардын болочок аткаруучулары тарбиялана турган жаштардын лагерлерин уюштурушат. Буга мисал – ИГИЛ тарабында болуп Сириядагы согуш аракеттерине катышкан, 1994-жылы туулган Кыргыз Республикасынын жараны Исраилов Бабур. 2015-жылдын октябрь айында Сириянын өкмөттүк аскерлеринин тарапташтарынын блок-постунда өзүн жардырып салган.

Байкуш ата-энелер өздөрүнүн балдарын «ыйык» адамдарга акысыз окууга беришет. Балакатка жете элек жаш балдар тажрыйбалуу психолог-исламисттердин колуна түшүшөт, алар бул өспүрүмдөрдүн мээсине «мусулман жашоосунун негизги мааниси – аллахка кызмат кылуу, ал эми өз

жашооңду анын атына курмандыкка чалуу – зор бакыттын бири» [100,121-б.] деген түшүнүктөрдү зордоп киригизишет.

Андан тышкары, исламисттик пропагандага ылайык, аллах үчүн жанын берген ар бир «шахид» бейиштеги түбөлүк жашоого ээ болот жана ал жерден 70 орунду туугандары үчүн ээлеп коюуга укугу бар. Ошону менен бирге, өзүн өзү өлтүргөн адамдын күнөөсү, «өзүн курмандыкка чалуу актысы Кудайга жаккан иш, аны жасаган адам түздөн-түз ыйык азап тартуучу статусуна ээ болоору жана жаны бейиштен жай табаары» [135,18-б.] катары түшүндүрүлөт.

Жан кечтилердин, бүткүл дүйнөлүк халифатты орнотууга умтулган диний фундаменталисттердин каардуу куралы болуп калды. Бир эле убакта, жан кечтилерди колдонууда алардын ишинин диний мүнөзүн эмес, каармандык-патриоттуулугун бурчтун башына койгон, өздөрүнүн ишмердүүлүгү улуттук, этникалык же сепаратисттик негиздеги бир катар уюмдар да бул методду колдой башташты.

Сириялык армиянын мурдагы капитаны Ахмад Джибрил [157,112-159 б.] 1968-жылы Ясыр Арафатка оппозиция боло турган «Палестинаны бошотуу элдик фронту» аттуу уюмду уюштурган. Израилдик режим менен күрөшүү программа иштелип жаткан учурда, операцияларда жан кечтилерди колдоонууга дал ушул адам талап кылган.

1980-жылдардын башында «Хезболла» («Кудайдын партиясы») аттуу ливандык террористтик уюм пайда болгон. Партиянын негиздөөчүсү жана идеологу шейх Сейид Мухаммад Хусейн Фадлалла [86,124-б.] болгон. Бардык башка исламдык террористтик уюмдарды кошуп алгандан да көп «шахиддерди» өзүнүн катарынан «Хезболла» чыгарган. Тарыхтын жаңы барагында саясий зомбулуктун бул түрүнүн эффективдүүлүгүн жар салган жан кечти террористтердин алгачкы масштабдуу актыларын Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндө дал ушул «Хезболла» уюмунун мүчөлөрү жүргүзүшкөн. «Хезболладан» башка «Ислам жихады», «Аль-Аксанын азап тарткандар бригадасы», «ИДУ», «Ислам жихадынын бирлиги», «Чыгыш Түркистан ислам

партиясы», «ИГИЛ» жана башкалар да жан кечтилердин терроризмин активдүү колдонушат.

1996 – 2012-жылдары Ташкент, Анжиян, Душанбе, Ходжент, Бишкек, Ош, Чимкент, Алма-Ата ж.б. шаарлардагы жан кечти террористтердин иш-аракеттеринин мисалында Өзбекстандын, Тажикстандын, Казакстандын, Кыргызстандын атайын кызматтары тарабынан жан кечтилердин терроризми менен күрөшүүгө жетиштүү өлчөмдө тажрыйба топтолгон. Бул мамлекеттердин эксперттери, кеңири чогулган материалдарды анализдөө менен (террористтик актыларды иликтөөнүн жүрүшүндө топтолгон билдирүүлөр жана күбөлөндүрүүлөр; өзүн өлтүрүүчү – террактыларды жасоого аракет кылганга чейин кармалган же аны даярдоого тиешеси бар террористтердин көрсөтмөлөрү; террористтик уюмдардын камакка алынган лидерлерин суракка алгандагы материалдар), жан кечти террористтерди тандоо, даярдоо жана колдонуу алгоритмин ийне-жибине жеткире сүрөттөп беришкен.

Алгач террористтик акциялардын потенциалдуу аткаруучуларын тандоо жүзөөгө ашырылат. Болочок террористти руханий даярдоого жооптуулар таланттуу жана харизмасы бар болушу керек, ислам тарыхын жана мыйзамдарын билүүгө тийиш. Анткени, тандалган ыктыярдууларда пайда болушу мүмкүн болгон күмөн саноо менен ыргылжың болууларды жок кылуу жана аларды азап тарткандардын өлүмү менен курман болууга даяр абалга жеткирүү милдети аларга тапшырылган.

Бул максаттарда ыктыярдуу адам, өзүнүн «жогорку миссиясын» аткарганга чейин чыгууга болбой турган «ыйык» чөйрөгө кирүүнү жана жер чөйрөсүнөн кетүүнү символдоштурган ритуалдардын сериясын аткарат. Террористке диний, идеологиялык, саясий жана согуштук жол-жоболорду активдүү түрдө ынандырышат. Жердеги жеке жашоосунун мааниси сыяктуу эле, күндөлүк тиричилик көйгөйлөр арткы планга жылат.

Ыктыярдууга жана анын урпактарына, ал башка жол менен эч убакта ээ боло албаган жогорку социалдык-диний статус аллахтын атынан убада

кылынат. Ага түбөлүк жашоо жана Эдем багындагы мүмкүн болгон бардык жакшылыктар убадаланат. Анын өлүмү, зыйнаты жана жакшы көргөн, жакын адамдарынан четтөөсү оордук келтирбегендей болоорун, андан тышкары, мусулман коому тарабынан олуттуу жардам кепилденген жакындарына ал курмандыкка чалгандар пайда алып келээрин жан кечти адамга ишендиришет. «Ыйык согушту» - «Ислам жихадын» - колдоп, ал орчундуу коомдук – саясий маселени чечип жатканын ыктыярдууга ишендиришет.

Потенциалдуу өзүн өлтүрүүчү-террористке «ислам каармандарынын ардактууларынын» катарына кошулууга сунуш берилет. Ал биринчи эмес экендиги жана ислам тарыхынын мезгилинде дал ушундай жол менен Мухамеддин өзүнүн жардамчылары жана досторунан тартып аябай орчундуу фигуралар Эдемге киргендиги тууралуу ыктыярдуу адам маалымдар болот. «Азап тарткандын өлүмү» канчалык маанилүү жана анын кесепеттери канчалык маанилүү экендигин ислам тарыхы көрсөтүүдө. Устаттар «шахиддердин» («азап тарткандардын») каармандыгы жана даңкы жөнүндө баяндалган диний булактарды колдонушат жана бул дүйнөдөгү жашоодон кийинки алардын ийгиликтүү тагдырындагы ар кандай «далилдерди» келтиришет.

Өкүм сүргөн аскердик, саясий жана социалдык-маданий абалдардын шартындагы терактылар зарыл гана эмес, алар диний мыйзамдар менен өзүн актаары ыктыярдуууга ынандырылат. Азыркы кырдаалды анализдөө менен жана мурдагы кырдаал менен окшоштук жүргүзүү менен, исламды жана бардык мусулмандарды куткарууга анын катышкандыгынын өзгөчө маанилүүлүгү устаттар тарабынан жан кечти адамга ишендирилет.

«Ислам жихадынын» терактысы коомдук милдетти аткаруу катары түшүндүрүлөт. Анткени, качан мусулмандар бөлөк жердик оккупациянын астында калышканда, алардын ар бири душманга каршы колдон келген бардык каражат менен күрөшүүгө милдеттүү. Мына ошентип, терроризм актысын ишке ашыруу менен, жан кечти адам душманга каршы ыйык согушка катышат. Ушуну менен бирге ыктыярдууларга, жан кечти-террористтерди

колдонуу зарылдыгын түшүндүргөн кийинки аргументтер келтирилет. Ооба, балким террористтик акция бардык мезгилдердеги күрөштүн эң универсалдуу же жападан жалгыз методу эместир. Бирок, «Ислам жихадынын» жеңиши үчүн учурдагы күчтөрдүн тең салмагын жана каршылык күрөштүн конкреттүү шарттарын эске алуу керек. Күчтүү каршылаш душманына караганда «ислам дүйнөсү» алсыз болгондуктан, өзүн өзү курмандыкка чалуу актылары бүгүнкү күнү зарыл.

Мындай кырдаалда «шахиддерди» колдонуу менен гана жихад жүргүзүүгө болот. Чын эле душман мыкты куралга ээ, алардын алдын алуу чаралары андан бетер эффективдүү болуп калды. Курал, жардыруучу зат, күрөштүн башка каражаттарын алып өтүү максатында имаратка кирүү, чек арадан өтүү өтө кыйын. Ошондуктан, душманды максималдуу зыянга учуратуу үчүн жана анын жүрөгүнө коркуу сезимин келтирүү үчүн «шахиддердин» чабуулуна баруу зарыл. Ал адамдар топтолгон жайларга автоунаа менен же ыңгайлуу учурда жардыруучу каражатты ишке киргизүү үчүн жарылуучу затты өзүнүн денесине катып алып кириши керек.

Ислам экстремисттерине көндүрүүгө оптималдуу объект болгон, коомдо алар баш ийүүчү абалда болгондугуна байланыштуу террористтик иштерге дайыма аялдар колдонулган. Алардын каалоолору жана пикирлери менен эсептешпей деле койсо болот: эркек, андан дагы бийликке жамынган эркек эмне деп буйрук берсе, алар бардыгын жөн гана аткарууга милдеттүү. Өзгөчө кимдин күйөөлөрү, ага-инилери, башка туугандары согуш же этно-диний конфликттердин убагында терактар жасалган учурда курман болгон болсо, ошол жаш аялдар дайыма жан кечти-террористтикке талапкер болуп калышат. Бул аялдарды даярдоо учурунда күнөө сезими активдүү эксплуатацияланат, алар өч алууга милдеттүү экендиги улам-улам айтылып, аларга ишендирилет. Талапкер аялдар өзүнүн жашоосун өздөрү башкарбагандыгы олуттуу жагдай болуп саналат; кимге баш ийүүгө көнүп калышса, алар ошолордун кол алдында. Алардын даярдыгы жашыруун жүргүзүлөт, ал анын катышуучуларынын баарын психологиялык жактан аябай

жакындатат. Ошол кезге чейин аларга көңүл буруулар аз болгон, ал эми кээ бирөөлөрү жашоодон жээкке сүрүлүп калган аялдар, күтүүсүздөн эле алар маанилүү, суроо-талаптуу, муктаж экендиктерин, аларга олуттуу иш ишенип берилгендигин, алар менен кээде өз теңиндей мамиле болуп калгандыгын, ал эмес алар менен кеңешип калышкандыгын сезишет.

Жан кечти-террористтикке бөлүштүрүлгөн аялдарды системалуу түрдө жазалоо жетиштүү деңгээлде жайылтылган. Уятка калтыруучу маалыматтар ачыкталса, өлүмгө кириптер болушаарын коркутуу менен аларды сабашат, кемсинтишет, тобу менен зордук аракеттерге дуушар кылышат ж.б. Аргасыз абалга чейин жетүү менен, алар каалаган туңгуюк абалдан чыгуу жолу жан кечтиликте экендигин көрүп башташат.

Террорист-согушкерлер тарабынан болгон тоталдуу басым жана өлүмгө даярдоо мезгилиндеги толук изоляция шарттарында, алар кайсы жерден жана кимден коргоо табууну билишпейт, ал эмес туугандары аларды коргой алышпайт, анын үстүнө кээде керт баштын пайдасы үчүн да дайым эле коргогусу келе беришпейт.

Алар ал үчүн курман болуп жаткандандыктан, аркы дүйнөдө бардык жакшылыктардын даамын таттырып, аларды таштап кетпеген Кудайга ишенүү, мындай сиуциденттер үчүн ички субъективдүү таяныч болуп саналат. Диндин кереметтүү күчү так ушунда камтылган, өлгөндөн кийинки жашоо жана кайра тирилүү ишенимин сиңирүү менен ал өлүмгө даярдайт, ал жакындаган учурда жубатат, анын алдында болгон коркууну азайтат. Өзүн өлтүрүүгө карата даярдыктын учурунда да аларга такай ушуга окшогон элестер ишендирилет.

Бардык эле бул аялдар кыңк этпестен мындай кадамга барышкан деп айтууга болбойт – айрымдары каршылык көрсөтүүгө аракет кылышкан жана акыр аягында алардан талап кылган нерселерди аткаруудан баш тартышкан. Бир учурларда бул үчүн аларды жөн гана өлтүрүп коюшкан, башка учурларда алар өзүнүн чөйрөсүндө азгын болуп калышкан, ичип кетишкен, сойкуга айланышкан, эң терең түпкүргө түшүп калышкан; ал эмес өз ата-энелери

алардан тескери бурулуп кетишкен.

Орусиялык жана америкалык изилдөө борборунун адистеринин эсептөөсү боюнча, 1982-жылдан 2012-жылга чейинки эле мезгилде жан кечти-террористтер тарабынан дүйнөдө 400дөй акция жасалган, алардын натыйжасында 3000ден ашык адам курман болгон, 2001-жылдын 11-сентябрындагы АКШда болгон террористтик чабуулдун курмандыктарын эсепке албаганда.

Жан кечтилердин жасаган чабуулдар бара-бара жырткычтык мүнөздө болуп баратат, алардын курмандыктарынын саны такай өсүүдө.

Жан кечтилердин терроризминин индустриясына эмдигиче чоң өлчөмдөгү финансы каражаттары келип түшүүдө, ал эми терроризмди каржылоо каналдарды бууп салууга туруктуу алгоритмдер дагы деле иштелип чыга элек.

Жан кечтилердин терроризми сыяктуу өндөнгөн терроризмдин экзотикалуу ар түрдүүлүгү, террористтик ишмердүүлүктүн уюштуруучулары үчүн эмнеге эмдигиче жагымдуу болуп калууда? Анын себеби, терроризмдин башка ар түрдүүлүктөрүнүн алдында ал бир катар артыкчылыктарга ээ болгонунда. Анын уюштуруучуларынын көз карашында, жан кечтилердин терроризминин акцияларында чын эле төмөнкү артыкчылыктар бар: эң жөнөкөй даярдык жана террористтин жабдык-шайманынын наркынын төмөндүгү; кыйратуунун максималдуу эффектисине жетүү максатында акцияны жасоо учурун тандоого мүмкүндүк; практика жүзүндө бардыгы жарылуу менен жок кылынгандыктан буюм далилдеринин минималдуулугу; акциянын аткаруучусунун жок кылынышы, анткени ал эми уюштуруучуларга карата көрсөтмө бере албайт; кылмыш ордунан террористтин качып кетүү жолун издөөгө кам көрүү зарылдыгынын жоктугу.

Террористтердин, анын ичинде жан кечти террористтердин да технологиясы үзгүлтүксүз жаңылануууда жана андан да кыйратуучу болуп калууда.

“Аль-Каида”, «Жайшуль Махди», «Жабхад ан-Нусра», «ИГИЛ» жана башка террористтик уюмдардын жетекчилери, акыркы убактарда «орду толгус экономикалык зыян» алып келүүгө жөндөмдүү терроризм актыларына басым жасап жатышкандыктарын атайын кызматтардын эксперттери белгилешет. Ушул абалда, атом реакторлорун, химиялык жана мунай кайра иштетүү заводдорун, радиоактивдүү заттар жүктөлгөн поезддерди жардырууга тийиш болгон террористтерге- жан кечтиликте мындай диверсиялык-террористтик операциялардын түрүн жүргүзүүдө башкы роль берилет.

Ошондой эле жан кечти-террористтерди колдонуу менен терроризм актыларын даярдоого болгон белгилерди аныктоо боюнча иштер Кыргыз Республикасында да жүргүзүлүүдө. Аларды билүү менен, мындай акцияларды алдын алууга жана ачыктоого аракет кылса болот.

Жан кечти – террористтер колдонгон жүзүн катуу ыкмалардын бир катарын эксперттер белгилешет. Мисалы, укук коргоо органдарынын кыраакылыгын жок кылып жана максаттуу жерине тоскоолдуксуз өтүп кетүү үчүн аялдар кош бойлуу боло калышат. Чоң кишилерге караганда азыраак көңүл бурулган өспүрүмдөрдү коркунучтуу акцияларды жасоого тартса болот. Ошондой эле ар кандай түрдөгү майып адамдар колдонулушу мүмкүн. Террористтик акцияларды уюштуруучулардын ойлору боюнча, көзгө даана көрүнгөн физикалык жетишпестиктер кылмыш жасоо жайга кирүүнү жеңилдетүүгө жөндөмдүү.

Кылмыш жасоо стадиясына жараша, жан кечти адамдын көз карашы ала качылган же бир жерге багытталган абалда болот, өзү башкалардан обочолонуп турат. Өзүнө башкалардын көңүлү бурулбаш үчүн, жан кечти-террористтер сырткы келбети жана жүрүм-туруму жагынан тегеректегилерге шайкеш келүүгө аракет кылат. Бул үчүн жүзүн жашыруунун ар түрдүү ыкмалары колдонулат: адат катары, көзгө илинбеген же укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин формасына шайкеш келген кийимдерди тандап алуу. Аба-ырайына ылайык келбеген сырткы кийим да айырмалоочу белги болушу мүмкүн, ал жардыруучу шайманды денесине жашырууга мүмкүндүк берет.

### 3.2. Динге негизделген экстремизм, терроризм жана радикалдуу фундаментализм азыркы дүйнөнүн өзгөчө коркунучтары катары.

XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башталышы терроризм, экстремизм жана фундаментализмдин тарыхында жаңы барактарды ачты. Ишмердүүлүгүнүн жана идеологиясынын негизинде биринчи кезекте диний жүйөөлөнүшүү камтылган террористтик, экстремисттик жана фундаменталисттик уюмдар авансценага чыгышууда. Ушул көрүнүштө мындай топтор жалпы дүйнөлүк процессте үстөмдүк кылуунун мүнөздүү багытына ээ болушат. Изилдөөчү Брюс Хоффмандын эсептөөсү боюнча, аракеттеги бардык эл аралык террористтик уюмдар менен салыштырганда, 1990-жылдардагы диний террористтик топтордун өсүүсү улана гана бербестен, олуттуу өлчөмдө тездеп да кетти. «Мисал катары, 1994-жылы ишмердүүлүк жүргүзгөн 49 белгилүү эл аралык террористтик топтун үчтөн бири (16) өзүнүн мүнөзү жана жүйөөсү боюнча диний топко тиешелүү болсо [191,109-б.]. Ал эми 2015-жылы, 112 белгилүү эл аралык террористтик топтун жарымын диний топтор түзгөн.

1920-жылдан 1965-жылга чейинки аралыкта исламизмдин теориялык базасы Пакистандагы Маудуди, Египеттеги С. Кутб жана Ирандагы Хомейни сыяктуу идеологдор тарабынан иштелип чыккан. Маудуди жана Саид Кутб мусулман – сунниттерге, ал эми Хомейни аятолла – биринчи кезекте шииттерге таасир берген. Бирок үчөө тең саясий кыймылга көз караш катары исламга карата көз карашты билдиришкен жана ислам мамлекетин орнотууга үндөшкөн. Секулярдык улутчулдукка каршы чыгуу менен, бул идеологдор ошондой эле «саясий күрөштү экинчи орунга койгон салттуу исламдын өкүлдөрүнө да каршы чыгышкан» [70,49-б.]. Бирок теория жүзүндө иштелип чыккан иштерди практикада колдонууга бир топ убакыт талап кылынган.

1970-жылдардан тартып абал кескин өзгөрө баштаган. Бул процесс анча-мынча бөлүгүндө жакынкы чыгыш жаңжалдары менен байланыштуу, ошондой болсо да террористтик ишмердүүлүктүн жаңы баскычынын түптөлүшүндө араб-израиль кастыгы чоң роль ойногон жана ал роль уланууда.

Жакынкы Чыгыш ар түрдүү топтордун террористтик жигердүүлүгүнүн топтолгон жери болуп калды – биринчи кезекте, Палестина мамлекетин түзүү үчүн Израиль менен болгон күрөштү өздөрүнүн максаты катары жарыялаган топтордун. Палестиналык араб элинин атынан иш кылган улуттук-боштондук кыймылдарынын ичинен акыр аягында региондо исламисттик терроризмдин көктөмү да өсүп чыккандыгын, алгач алар – Палестинадагы ХАМАС жана Ливандагы «Хезболла» экендигин талашсыз мааниде айтса болот.

Бирок, ал эмес 1960–1980-жылдардагы ар түрдүү палестиналык топтордун террористтик ишмердүүлүгү алгач улуттук-боштондук мүнөздү алып жүргөн, анда ислам фактору болсо да, ал экинчи планда гана болгон. Албетте, ислам дүйнөсүндө андан мурдараак мезгилде да «Мусулман бир туугандар» сыяктуу радикалдык жана экстремисттик топтор бар болгон. Бирок, 1987-жылы биринчи интифаданын толкунунда ХАМАС тобунун жаралышы менен гана палестиналык каршылык көрсөтүүсүнүн «исламдык этабы» башталгандыгы жөнүндө айтса болот. Жаңы феномен – исламисттик терроризмдин пайда болуусуна бир канча факторлор олуттуу роль ойногону күмөн жаратпайт. Бул 1979-жылдагы Иран ислам революциясы, Афганистандагы согуш жана биполярдуу дүйнөлүк тутумдун кыйрашы. 1980-жылдын аягында – 1990-жылдын башында практика жүзүндө исламисттик экстремизмдин ар кандай катмарлардан толук бөлүнүп чыгуусу болуп өткөн. Бул процесс көп жагынан ошол учурдагы дүйнө тартибинин биполярдуу тутумунун кыйрашы менен байланыштуу. Дал ушул дүйнөлүк тартиптин аркасынан ошол кездеги ислам фундаментализмдин, терроризмдин жана экстремизмдин түйүлдүктөрү оркоюп көрүнүп калбастан, «мелүүн согуштун» идеологиялык алкагына сүңгүп кирип кеткен. Совет мамлекети кыйрагандан кийин бул процесс, башка баптарда көрсөткөндөй, кескин түрдө өзгөрүлүп башка нукка түшкөн.

Жогоруда айтылган факторлор – ааламдык экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин феноменинин пайда болушун билдирген кайсы бир айкын белгилери гана. Бирок бул

феномени бир гана жогоруда көрсөтүлгөн факторлорго байланыштыруу туура эмес болуп калат. Чындыгында бул феномен диний катары да, айрыкча светтик мүнөздө да бир катар «факторлордун» айкалышы, жана ал ислам дүйнөсүнүн ичиндеги да, анын сыртындагы да көптөгөн узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү диний–саясий процесстердин жыйынтыгын өзүндө көрсөтөт. Анын ичинде, «ааламдык жихад» үчүн чыккан кыймылдарды, позитивдүү менен бир катарда терс дагы натыйжаларды алып жүргөн ааламдашуу процессинин байланышында караш керек.

Аны ээрчип жүргөн маалымат революциясы жана революциялык технологиялык өзгөрүүлөр, эл аралык саясатта көзгө көрүнөөрлүк маанилүү роль ойноого мамлекеттик эмес субъекттерге жол берди. Ушул менен бирге, жаңы субъекттердин пайда болуу аракети дайыма эле ааламдык жарандык коомду түзүүнүн парадигмасынын алкагына туура келе бербейт. «Транс-улуттук террористтик уюмдардын кеңири жайылтылышы «өкмөттүк эмес тартиптин» арт жагы деп эсептесе болот [154,87-б.].

Исламдын жашыл байрагынын астында чыккан экстремисттердин алдыңкы планга чыгышы көпчүлүк үчүн күтүүсүз болсо да, анын бул чыгуусу үчүн кыртыш даярдаган бир топ саясий процесстер жана окуялар андан мурда болгон.

Жогоруда айтылган процесстердин катарына ислам дүйнөсүндөгү диний кайра жаралуунун ачык көрүнгөн процесстерин сөзсүз кошуу керек. Бул кайра жаралуу ар бир континентке, ар бир цивилизацияга жана практика жүзүндө ар бир өлкөгө сүңгүп кирген. 1970-жылдардын ортосунда секуляризацияга карата багыт жана диндин атеизм менен жарашуусу арткы тарапка бурулган. Эми мындан кийин светтик баалуулуктарды кабыл алууну эмес, ыйык негиздерди коомдун уюму үчүн артка кайтарууну – бул үчүн эгер зарыл болсо коомду өзгөртүүнү өзүнүн максаты катары койгон жаңы диний мамиле пайда болду. Көп ыкмалар менен көрүнүктүү болгон бул мамиле, «модернизациянын ойрон болушу жана туңгуюк абалы Кудайдан четтегендиги үчүн болгондугун түшүндүрүү менен, ошол жолу болбой калган

модернизациядан баш тартууга» [186,139-б.] үгүттөйт. Бул процесстер бир жагынан, өзгөчө «мелүүн согуштун» аякташынын фонунда мурда үстөмдүк кылган секулярдык идеологиялар туш болгон терең кризис менен байланыштуу болуп калышкан. Жалпы тенденция өзүнүн сөлөкөтүн экстремисттик, террористтик жана ислам фундаменталисттик топтордун саясий-идеологиялык артыкчылыктарынын алмашуусунда да тапкан.

Б. Хоффман белгилеп кеткендей, «мелүүн согуштун» бүтүшү менен «артынан келген доордо террористтик ишмердүүлүк үчүн дин көбүрөөк жайылтылган жүйөө болуп калды» [191,109-б.].

1980-жылдын аягында – 1990-жылдын башында болгон окуялар, сыягы, дүйнөлүк саясий аренадагы жаңы фактор катары – согушчан фундаменталисттердин ислам ийгилигин биротоло бекемдеди окшойт. Фундаменталисттердин улуу державага келтирген жеңилүү ызасы катары кабыл алынган советтик аскерлердин Афганистандан чыгуусу бул жерде маанилүү роль ойногон. Мусулмандар үчүн ыйык болгон Сауд Арабиясынын жерине чет элдик аскерлердин кириши менен коштолгон Персия булуңундагы согуш ислам дүйнөсүндө, анын ичинде чет элдик «афган жихадынын» көптөгөн ардагерлеринин ичинде бир топ наразычылыктарды жараткан. Палестинаны бошотуу Уюму тараптан толук багынып берүү катары кабыл алынган израиль-палестина тынчтык процесси отко май тамызган – жыйынтыгында ХАМАС уюмунун атак-даңкы өсө баштаган. 1990 жылдан азыркы доорго чейин “Талибан,” “ИГИЛ” (“ДАИШ”), “Жабхат-ан-Нурса,” “Өзбекстан ислам кыймылы,” “Бириккен таджик оппозициясы” кыймылы жана башка мыйзамсыз куралдуу топтордун жана уюмдардын аттары чыга баштады.

Бул окуялардын натыйжасы катары эл аралык терроризмдин, экстремизмдин, терроримздин жана радикалдуу ислам фундаментализминин авансценасына көпчүлүк учурда исламисттик фактор чыгат.

Дин – коомдогу биримдикти камсыз кыла алган топтук окшоштуктун маанилүү булактарынын бири. Диний жүйөөлөнүү дүйнөдөгү саясий

зомбулук үчүн эң байыркы негиздемелердин катарында жайгашкан. «Диний согуштар жана чырым жүрүштөр тарыхтагы эң бүлгүн салуучу жаңжалдардын катарына кирген… Айрым диний согуштарда башка дин тобун жок кылуу ачык эле ниетте жүргүзүлгөн. Басып алуу же карамагына өткөрүп алуу реалдуу опция катары каралган эмес» [31,69-б.]. Бүгүн, XX жана XXI жүз жылдыктын чегинде биз кийинкиге күбө болуудабыз, диндин атынан чыккан терроризм жана экстремизм азыркы дүйнөдөгү саясий зомбулуктун үстөмдүк кылган модели болуп калды. Бул улутчулдук жана идеология радикалдуу ислам фундаменталисттик жүрүм-турумдун аракеттеги кыймылдаткыч күчү болуп кала бергендиктен, экстремизм жана терроризм жалгыз модель болуп саналаарын болжолдобойт. Бирок «ааламдуу уюм үчүн диний эктремизм борбордук көйгөй болуп калды» [111;102,183-б.].

XX кылымдын аягындагы жана XXI кылымдын башындагы барынан маанилүү теракттылар жана экстремисттик акциялар орчундуу диний түпкү мааниге жана жүйөөлөнүүгө ээ болушкан, муну ошол мезгилде эл аралык терроризмдеги негизги кыймылдатуучу күч катары диндин бөлүп алынышы ырастайт. Аны булар күбөлөндүрүп турат, «толук түрдө же бир жагынан диний көз караш менен жүйөөлөштүрүлгөн терроризм жана экстремизм көп учурда саясий зомбулуктун өзгөчө каардуу актыларына алып келген, анын жүрүшүндө, диний эмес террористтик уюмдар жасаган зомбулуктун анча деле массалык жана кандуу эмес актыларына караганда, көп сандагы адамдар бейажал өлтүрүлгөн» [191,111-б.].

Чын эле саясий зомбулук жана диний ишеним чырмалышкан кырдаалдар өзгөчө коркунуч туудурат. Баалуулук тутумундагы жана легитимдүүлүк ыкмаларындагы айырмачылыктар үчүн бир топ деңгээлде – салттуу терроризмге, экстремизмге жана диний фундаментализмге караганда динге негизделген терроризм, экстремизм жана радикалдуу ислам фундаментализм өзгөчө коркунучтуу жана кыргын салуучу болуп саналат. М. Ранстогрптун сөзү менен айтканда, диндин атынан чыккан терроризм жана экстремизм «өзүнүн ишмердүүлүк чөйрөсү жана кол салуу объектини

тандоосу менен гана эмес, ошондой эле кыргын салуучулугу жана түшүнүксүз мүнөзү менен теңдеши жок болуп эсептелет» [199,26-б.]. Ошол эле учурда мүмкүн болгон жактоочулардын колдоосуна макулдук алуу каалоосунун себебинен жаралган алардын зомбулугуна, башка диний жүйөөлөнүүсү жок террористтер жана экстремисттер койгон чектөөлөр диний террористтерге жана экстремисттерге жайылтылбайт. Анын үстүнө, мүмкүн болуучу жактоочулардын жоктугу диний террористтердин жана экстремисттердин түшүнүгүндө «чексиз сандагы буталарга карата жасалган чеги жок зомбулукту санкциялоого алып барат, башкача айтканда ким террористтер жана экстремисттер менен бирге бир динди карманбаса же алардын диний жамаатына кирбесе, ошолорго карата каршы. Бул, террористтердин жана экстремисттердин диний жамаатына кирбеген адамдарды адамдык абийирди кемсинтүүчү жана басмырлоочу сөздөр менен атаган «ыйык согуш» ураандарына таандык риториканы түшүндүрөт» [191,113-б.].

Террористтик жана экстремисттик мүнөздөгү саясий зомбулук аракеттеринин астындагы диний жүйөөлөнүүнү исламдын радикалдуу фундаменталисттик окуусунун адепттери гана алып жүрүшпөйт. Мурдаракта белгиленип кеткендей, Палестинаны оккупациялаган римдиктерге каршы күрөш жүргүзгөн жана иудей дининин атынан далай террористтик актыларды ишке ашырган I кылымда иш-аракет жүргүзгөн зилоттордун (сикарийлер) иудейлик сектасы алгачкы диний террористтик жана экстремисттик уюмдардын ичине кирет. Бир топ деңгээлде чет элдик оккупацияга каршы улуттук-боштондук күрөш болгону менен, бул «ошол эле учурда динге негизделген зомбулук болгон» [157,26-б.]. Изилдөөчү Дэвид Рапопорт [199,300-б.] белгилеп кеткендей, сикарийлердин мессиандык доктринасынын табияты бир эле убакта террордун максатын болжолдогон жана ага жетүү үчүн зарыл ыкмаларга уруксат берген. Жыйынтыгы катары, ушул топ практикалаган «иудейлик терроризмдин эки максатын окшоштурууга болот: көтөрүлүш сөзсүз болуш үчүн репрессияларды адам чыдагыс абалга жеткирүү жана касташкан тараптардын элдешүүгө болгон ар кандай аракеттерин

үзгүлдүккө учуратуу». Азыркы кездеги еврейлик да, исламисттик да жана башка көптөгөн террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик топтор үчүн сикарийлер үлгү болуп калышкан.

Азыркы кезде дүйнөдө тигил же башка христиандык конфессиянын желеги астында аракеттенген ар түрдүү экстремисттик топтор бар (мисалы, Ольстердеги каршылык көрсөтүүчү католиктик жана протестанттык топтор, АКШдагы ар түрдүү христиандык фундаменталисттик ультра-оңчул экстремисттер), иудаизм тобу (мисалы, «Кахане хай» экстремисттик еврейлик уюму), жапондук синкреттик сектасынын «Аум Синрике» тобу же өзүнүн идеологиясында христиандардын жана африкалык дин ишенимдеринин элементтерин айкалыштырган, Угандага бүлгүн салган синкреттик «Кудайдын каршылык көрсөтүү Армиясы», ошондой эле Суданда, Йеменде жана башка араб өлкөлөрүндө аракеттенген белгилүү «Боко Харам» террористтик уюмдар. АКШдагы жана башка өлкөлөрдөгү христиандык топтор, алардын пикири боюнча, ар кандай Жогорку Жаратkандын мыйзамын четке каккан секулярдык гуманизмден чыккан коркунучка бушайман тартышат. «Христиандык диний ишенимдер көп өлкөлөрдөгү расизмди, антигомосексуалдуу көз караштарды жана ксенофобияларды актоо үчүн колдонулат» [31,71-б.].

Диний ой-жүгүртүүлөр менен актанышкан ксенофобиянын, экстремизмдин жана саясий зомбулуктун пайда болушу Орусиядагы православдык христиандар арасында да орун алган. Бирок «Патриархия эч качан жана эч кандай формада башка конфессиялар менен диндерге карата зомбулукту колдонууну жактаган эмес, ким православие үчүн күрөшүүгө камданса, алардын баардыгы эле мындай сабырдуулукту көрсөтө беришпейт» [35,113-б.].

Бирок иудей, христиан, индуисттик динди жүйөөлөнүү катарында колдонгон же ар түрдүү салттуу эмес диний культтарга кайрылган экстремисттик-терроисттик көрүнүштөр баарынан мурда жалгыз, тутумдуу эмес мүнөздү алып жүрөөрүн баамдабай кетүүгө болбойт. Ал эми бир катар

учурларда диний жүйөөлөнүү тигил же башка топтордун идеологиясында камтылса да, мисалы, улутчулдукка жана ксенофобияга айкалышуу менен жалгыз жана башкаруучу болуп саналбайт.

Муну ислам байрагын жамынып чыккан терроризмге карата айтууга болбойт. Бир катар субъективдүү жана объективдүү себептерге байланыштуу, дал ушул ислам дини баарынан мурда азыркы дүйнөдөгү экстремизм жана терроризм көйгөйлөрүнүн байланышында каралат, ошол сыяктуу эле терроризм дайыма ислам байланышына жайгаштырылат.

Бул байланыштын артында эмне турат, кокустукпу же мыйзам ченемдүүлүкпү? - деген суроолор жаралат.

«Аль-Арабия» спутниктик каналынын башкы редактору Абдел Рахман аль-Рашаддын мындай деген сөздөрүнө макул болбой коюуга болбойт: «Бардык мусулмандар – террорист эмес экендиги айдан ачык, бирок бардык террористтер – мусулман экендиги дал ошол сыңары эле айкын, жана бул кейиштүү факт…» [131,242-б.]. Бул көп кылымдык тарыхы бар дүйнөлүк улуу ислам дининин маңызынан терроризмдин агып чыгышын милдеттүү кылбайт. Бул чынында батыштын жемиши, жыйынтыгында аны акыркы он жылдыкта исламисттик экстремисттер курал кылып алышкан. Ушуну эске алсак, «ислам терроризми» терминин пайдалануу максатка ылайыксыз болуп калууда, «исламисттик терроризм» баарынан так аныктама болуп саналат.

«Азыркы жихаддык терроризм ислам аркылуу жаралганбы же ал ага таандыкпы? – деген суроо койгон америкалык изилдөөчү Дэвид Аарон, ага өзү жооп берет. – Ашыкча эмес «Арий улуттары» [199] христиандыктын сөзсүз болчу жемиши болуп саналат. Ошол эле убакта чындык төмөнкүдөй, бардык жихадисттер өздөрүн мусулман фундаменталисттери катары эсептешет, ал эми мусулмандардын, ал эмес фундаменталисттердин да баары эле жихадистер катары саналышпайт. «Фанатизм жана зомбулук – ислам жана дин үчүн такыр эле кайталангыс эмес» [1,8-б.].

Азыркы кездин жихаддык кыймылынын катышуучулары, Жакынкы Чыгышта XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып пайда болгон айтылуу

«Ислам Кайра Жаралуусунун» идеялары тарабынан болгон күчтүү таасирди баштарынан кечиришкенин белгилеп кетүү керек. Осмон империясынын бүтүшүнө жана британдыктар менен француздардын XIX кылымда башталган, айрыкча Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Улуттар Лигасынын мандаты боюнча колониялык башкаруусуна реакция катары баарынан мурда бул араб кайра жаралуусунун булактарын жарым-жартылай кароого болот. «1948-жылы Осмон империясынын мурдагы провинциясында – Палестинанын бир бөлүгүндө Израилдин пайда болушу, жана батыш мамлекеттери, биринчи кезекте АКШ тарабынан Израилге көрсөтүлгөн колдоолор» [199,19-б.] ошондой эле башаттык элемент болуп саналат.

Азыркы кездеги экстремизм жана терроризм менен исламдын өз ара катышы жөнүндө түшүнүктөрдө бир канча негизги ырастамаларды бөлүп алса болот.

Биринчиси – экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмге исламдын эч кандай тиешеси жок, жана бул түшүнүктөрдү бири-бири менен бир катарга коюуга болбойт. Ушул абалда мындай көз караштын жактоочулары Мухаммед Пайгамбардын сөздөрүнө шилтеме кылышат: «Кимде ким жек көрүүчүлүккө үндөсө, кимде ким жек көрүүчүлүк менен күрөш жүргүзсө, жана кимде ким өзүнүн жек көрүүчүлүгүндө каза болсо, алар бизге тиешелүү эмес».

Өзүнүн аталышы эле «тынчтык» жана «Кудайга моюн сунгандык» дегенди түшүндүргөн ислам, өзүнүн тарапташтарына өлүмдү жана бүлгүндү алып жүрүүгө эргүү бере алабы?» [153,61-68 б.] – деп ислам веб-сайттарынын биринин койгон бул риторикалык суроолору дегеле жөн гана сөздөр болуп саналбайт. Бул суроолор чынында эле жоопко муктаж, ал жоопту табуу оңойго турбайт.

Батыштагы ЖМК жана массалык аң-сезимде мусулман диний лидерлер жана беделдүү адамдар экстремисттик жана террористтик актыларды айыптабайт деген жаңылгандык кеңири жайылтылган. Ал эми чындыгында болсо күнөөсүз адамдарга каршы жасалган терактыларды айыптаган көп

билдирүүлөр жана фетвалар бар, бирок аларга массалык медиа тарабынан бир топ эле көңүл бурулбай калууда. Фетхулла Гюлен, Ахмет Акгундуз, Харун Яхья жана башка ушулар сыяктуу бир катар белгилүү мусулман окумуштуулары, «ислам дининин бардык өңүттөрүн түшүнгөн чыныгы мусулман адам террорист болбойт» [49,108-б.] деп ырасташат. Пакистандан чыккан, Улуу Британияда жашап жаткан таасирдүү ислам дин таркатуучусу, дин таануунун доктору Тахир Кадри. 2010-жылдын март айында эч кандай шылтоо же актануусу жок терроризмди айыптаган 600 беттен турган фетваны жарыкка чыгарган. Атап айтканда, «терроризм бул терроризм, зомбулук бул зомбулук жана ислам окуусунда буга орун жок, ага эч кандай негиздеме жана актануу болушу мүмкүн эмес» деп диний аалым тастыктайт. Кадринин фетвасы террористтерди жана суициддик теракттылардын катышуучуларын динсиздерге теңейт.

Ислам дини менен саясий зомбулуктун ортосундагы байланышты таануудан баш тарткан көз карашка ылайык «жихад», «шахид», «моджахед» түшүнүктөрүн террористтерге карата колдонууга абсолюттуу түрдө жол берилбейт, ал эми ислам – бул тынчтыктын жана мээримдүүлүктүн дини. Кыргыз Республикасында да, анын чегинен тышкары да секулярдык, расмий ислам мейнстриминин адепттери ушундай көз карашты билдиришет.

Мына ошентип, ислам терминдерин пайдалануу, «шахид», «моджахед», «Алла жоокери» сыяктуу терминдерди террористтерге карата колдонуу түпкүлүгүндө туура эмес жана алар биринчи кезекте исламды дискредитациялоого багытталгандыгын белгилеп кетүү керек. «Шахид» жана «моджахед» сөздөрү чыныгы ишенимдеги Кудайдан корккон адамдарды түшүндүрөт, алар үчүн диндеш боордошторун же башка диндеги адамдарды өлтүрүү эң чоң күнөө болуп саналат. «Тилекке каршы, же принциптерин, же моралдарын, же мусулман дининин идеяларын билбей туруп, журналисттер, саясатчылар, укук коргоо органдарынын кызматкерлери ушуга окшогон сөздөрдү колдонушат, – деп Орусиянын муфтийлер Кеңешинин Төрагасы Равиль Гайнутдин [104] белгилеп кеткен.

Түрк окумуштуусу Харун Яхья ушуга окшош көз карашты билдирет: «Тигил же башка кыянат иштерди жасаган террористтер христиан, мусулман же иудей ысымдарына ээ деген факты туура эмес талкууларды айтууга жана тигил же башка динге сыйынгандык тууралуу корутунду чыгарууга коомго укук бербейт. Ал эмес, эгерде бул адам сыягы жоктордун дин ишениминин графасында «мусулман» деп жазылып турса да, алар жасаган кылмыштарды «ислам терроризми» [104] деп атоого болбойт. Түрк окумуштуусунун пикири боюнча, «терроризм – ишенимге карата толук антагонизм, ал зулумдукту, зомбулукту, канкордукту жана адамдардын азап тартуусун өзүнүн максаты кылып койгон». Ошондуктан, бардык террористтик актылардын башаттарын Кудайга болгон ишенимден эмес, динсиздиктен жана Кудайсыздыктан издөө керек. Ушуга окшогон көрүнүштөрдүн тамырын фашизмдин, расизмдин, же башка материалисттик дүйнө таанымынын формаларынын идеологиясы тааасир берген коомдо өскөн адамдардын арасынан издөө керек. «Эгерде адам эч күнөөсү жок кишилерди таш боордук менен өлтүрсө, анда ал динге ишенбейт, ал Кудайсыз» [196]. Бир жагынан ушундай көз караш менен макул болсо болот, бирок тигил же башка диндин байрагы астында чыккан террорист, дал ошол дининин кызыкчылыктары менен өзүнүн аракеттерин субъективдүү түрдө актагандыгына көз жумуп коюуга болбойт. Ошого карабастан, Курандын моралдык принциптери мээримдүүлүккө, боорукердикке, кайрымдуулукка, сый-урматка жана өз кызыкчылыгынан баш тарткандыкка негизделген деп билдиришкен авторлордун жүйөөлөрүнө макул болбой коюуга болбойт. Атап айтканда, эч кандай күнөөсү жок адамдарды өлтүрүүгө жол берилбестиги жөнүндө – «Ким акысыз адам өлтүрүп, же жер жүзүнө бузукулук таратса, анда ал бардык адамдарды өлтүргөнгө тете. Ал эми кимде-ким адам өмүрүн сактаса, ал бардык адамдардын өмүрүн сактап калганга тете» [196] деп, ал эми адамдарга идеологиялык кысым көрсөтүүгө тыюу салуу жөнүндө – «Динде зордоо жок. Чындыгында тууралык менен азгырыктын ажырымы айкын болду…» [196] деп Курандын шилтемелери айтып турат.

Сириялык немис саясат таануучусу Бассам Тиби кошумча белгилейт: «1996-жылы март айында египеттик Шарм-эль-Шейх шаарында терроризмге каршы күрөшкө арналган жогорку деңгээлдеги жолугушууда терроризм исламга жек көрүндү жана ошондуктан анда исламдын жүзү болууга мүмкүн эместигин аргумент кылуу менен ислам мамлекеттеринин башчылары өздөрүнүн батыштык коллегаларынын «ислам терроризми» [180,36-б.] түшүнүгүн корутунду коммюникеге кошууга кылган аракеттерине каршы пикир айтышкан». Дүйнөдө Ислам жүзүн каралоону каалаган бир топ күчтөр бар экендигин көңүлгө алуу зарыл. Сионисттер же чет элдик атайын кызматтар менен байланышта болушу мүмкүн болгон топтор тарабынан каршылык көрсөтүү ураанынын астында кандуу кылмыштар жасалып жаткандыгын уламалар белгилешет.

Ислам дини менен саясий экстремизмдин катыштыгы боюнча көйгөйгө көптөгөн исламдык эмес светтик изилдөөчүлөр да ушуга окшогон көз караштарды карманышат. Атап айтканда, орусиялык изилдөөчү Г. Мирскийдин пикири менен толугу менен макул болууга болот: «ислам адамдын экстремисттик жана андан бетер террористтик ой жүгүртүү ишмердүүлүк ичине таандык болгон ишеним болуп саналбайт» [109,78-86 б.].

Өзгөчө каалоо болгон учурда чыдабастыкка, «динсиздер» менен күрөшүүгө жана ал эмес зомбулукка чакырык катарында интерпретацияланган постулаттарды башка диндер сыяктуу эле исламда да тапса болот, бирок башкача максатты көздөгөн учурда так эле ушундай түрдө карама-каршы абалды тандап алууга болот. «Ислам фундаментализми – мусулман дининен пайда болгон эмес, ал баарынан мурда тарыхый жана социалдык-экономикалык факторлордун бүтүн комплексинин саясий натыйжасы» [1, 87-б.].

Көйгөйгө мына ушундай мамиле кылуу толугу менен туура болуп эсептелет. Бирок, азыркы кездеги өзгөчө коркунучтуу террористтердин көпчүлүгү ислам ишениминин күрөшүүчүлөрүнүн, мусулман кызыкчылыктарынын жалгыз жана негизги коргоочуларынын ролун өздөрүнө

ыйгарып алышкан, андан да – алар өздөрүн гана чыныгы мусулман деп эсептешкен фактыларга бүтүн бойдон көңүл бурбай коюуга болбойт. Жана да аларда дал ушул ислам идеологиялык негиз жана иш-аракеттеринин жетекчилиги катары чыгат. Бул, карама-каршы идеологиялык лагерлерден чыккан, бирок ошого карабастан мааниси боюнча бири-бирине шайкеш келген терроризм менен исламдын катыштык көйгөйүнө эки башка көз караштa кароого бизди түртөт. Бул лагерлердин бири өздөрүнүн иш-аракеттеринен актануу үчүн Курандын жана ислам тарыхынын согушчан интерпретациясын пайдаланат. Экинчи лагерде болсо, алгач исламга согушчан, зомбулуктуу мүнөз таандык экенин далилдөө үчүн – исламга карата мамиле опурталдуулуктан баштап айкын исламофобиялыкка чейин жетет. Факты жүзүндө эки позициянын маңызы тең исламды жана террористтердин ишмердүүлүгүн унификациялоого алып барат, башкача айтканда өздөрүнүн иш-аракетин жана акцияларын актоого аракет кылышат.

Бул комплекстердин бири радикалдуу исламчылардын көз карашын билдирет. Аны кыскача мындай деп айтса болот: ислам жөнүндө «мунафиктердин» (эки жүздүүлөр) айткандары – жалган, ал эми бул көз караштарга ылайык «жихад», «шахид», «моджахед» түшүнүктөрү – жеңишке жетүү максатта динсиздер менен болгон согушту, элдешкис күрөштү түшүндүрөт. «Египет ислам жихады» тобунун негиздөөчүлөрүнүн жана жетекчилеринин бири Абдул Кадер бин Абдуль Азиздин билдиргени боюнча, «терроризм – бул исламдын бир бөлүгү, жана аны ким жокко чыгарса, ал – динсиз», ал эми ирактык шииттик теолог Мухамед Алузи «терроризм жихаддын ажырагыс бөлүгү болуп саналаары» тууралуу идея менен чыккан [195].

Бул логикага ылайык, ислам моджахеддердин террористтик аракеттерин жактайт. Террористтердин аракеттерин актоону Курандан жана Сүннөттөн таап алышкан исламисттик маанайдагы авторлор ушундай көз карашты карманышат.

Мисалы, түндүк-кавказ исламисттеринин интернет-сайттарынын

бирине жогоруда аталган исламчы араб шейхи Абдул Кадер ибн Абдуль Азиздин «Террор исламдын бир бөлүгү» аттуу макаласы жайгаштырылган. «Исламдын террорго катыштыгы жок деп, аны менен бул эки түшүнүктү ажыраткысы келүү менен ким айтса, ал ишенбөөчүлүккө кабылган» деп бул автор ачык эле билдирет. Бүгүн терроризм менен күрөшкүсү келгендер, иш жүзүндө Ислам менен согуш жүргүзүүдө. «Терроризм менен күрөшүү Ислам менен күрөшкөндүктү билдирет, алар жөн гана билимсиздер үчүн чындыкты бурмалап жатышат» [149].

Жихадды согуштук аракет катары гана түшүнүүгө болбойт деген мусулман дининин таркатуучулары берген тастыктоолорду согушчан экстремисттер кескин түрдө жактырышпайт. Орусиянын Түндүк Кавказындагы жихад идеологдорунун бири Саид Бурятский (Алексансандр Тихомиров), «Кимде-ким согушпаса жана ага жанын берип чакырык таштабаса, ал эки жүздүүлүктүн бөлүгүнөн энчи алып каза болгондор» деген хадиске шилтеме берүү менен мындай деп көрсөткөн: «Бул хадистин текстинде Алланын Элчиси «газа» этишин колдонгон, аны бирөөлөр өзүнүн ышкысы, шайтан ж.б. менен күрөш жүргүзүү катары түшүнбөс үчүн согуш жүргүзүү катары гана которууга болот» [149]. Жогоруда айтылган шилтеме алынган «Жылдын өтүшү боюнча жихадга ичтен болгон көз караш» деген Саид Бурятскийдин макаласы, көп жагынан согуш аракеттери катары интерпретацияланган жихадга катышпоого үндөгөн мусулмандардын беделдүү инсандарына каршы багытталган.

Ушуга окшогон мааниде «Аль-Каиданын» лидери Усама бен Ладен мурдарак, анын көз карашынан айырмаланган негиздерди карманган мусулман аалымдарына сын айткан: «Ар кандай илимпоздун фетвасы мен үчүн эч бир баалуулукка ээ эмес. Сүткордукту актаган, еврейлердин Палестинаны басып алуусун актаган, Эки Ыйыктыктын жеринде америка аскерлеринин болушун актаган илимпоздор тарыхта толтура. Бул адамдар динсиздерди өздөрүнүн жеке керт башынын пайдасы үчүн колдошот. Чыныгы илимпоздор Америкага каршы жихадды жакташат. Кана мага айткылачы, эгер

Индия аскерлери Пакистанга басып кирсе, силер эмне кылат элеңер? Израиль аскерлери биздин жерди басып алууда, америкалык аскерлер биздин территорияда жүрүшөт. Жихадды баштоодон башка бизде эч кандай шарт жок» [199,35-б.].

XX кылымдын аягында – XXI кылымдын башында экстремисттик исламисттик агымдардын өкүлдөрүнө баа жеткис таасир көрсөткөн азыркы кездин революциялык исламизмдин жана радикалдуу ислам фундаментализминин негиздегендердин бири, египеттик Саид Кутб коргонуу катары гана эмес, биринчи кезекте чабуулдук согуш катары жихадды кабыл алууга чоң дем берген. Атап айтканда, С. Кутб [39] мындай деген: «Ыйык Курандын ачык-айкын саптары, жихадга козуткан жана үндөгөн пайгамбардын мурастары, өзүнүн алгачкы доорундагы ислам жүргүзгөн согуштар, андан тышкары жихаддын сүрөттөлүшү менен кеңейген исламдын бардык тарыхы – бул, жаман жагдайлардын жана чыгыш таануучуларынын жалган пропагандасынын кысымына туш болгон акылдуу сөрөйлөрдүн ой-жүгүртүүсү жек көрүүчүлүк менен ар бир мусулмандын жүрөгүнө топтолгон талашсыз күбөлөндүрүүлөр».

«Бул дин, – деп ислам жөнүндө Кутб жазган, – абстрактуу теориялардын практикалык суроолоруна жооп издөөгө аракет жасабайт, анан да ар кандай жашоо кырдаалдарында бир эле өзгөрүлбөгөн ыкмаларга бара бербейт. Ким Ыйык Курандын саптарына шилтеме кылуу менен диний жихаддын тутуму жөнүндө ой жүгүртсө, ал бул өзгөчөлүктү эске албайт». Жихаддын өнүгүүсүнүн ар кандай баскычы ар түрдүү табиятка жана маңызга ээ болушканы тууралуу алар өздөрүнө отчет беришпейт, жана да Курандын ар түрдүү ыр саптары бул кыймылдын ар кандай баскычтарына тиешелүү экендигин түшүнүшпөйт. Ошол себептен, ушуга окшогон билермандар жихаддын өнүгүүсүнүн ар түрдүү баскычтарын аралаштырып, анысы менен «жихад» түшүнүгүнүн маңызын бурмалоо менен ислам жихадынын тутуму жөнүндө аябай эби-сыны жок талкуу жүргүзүшөт. «Аль-Каиданын» лидери Усама бен Ладен анын пикирин улаган: «Күрөш – биздин диндин жана биздин

шариаттын бир бөлүгү. Ким Кудайды да, пайгамбарды да, бул динди да сүйсө, ал бул диндин кайсы-бир бөлүктөрүн жокко чыгара албайт… Кимде-ким диндин кичинекей эле принцибин жокко чыгарса, ал исламда оор күнөө жасаган болуп эсептелет» [44,4-б.].

Террористтик зомбулук менен ислам окуусунун шайкештиги жөнүндө түшүнүк ислам динине негативдүү жана сын пикирдүү маанайдагы, жана ислам менен терроризм – синонимдер болбогон күндө да, бири-бири менен тыгыз байланыштагы феномендер деп тастыктаган адамдардан чыгаарын экинчиси өзүнө камтыйт. «Ислам түптөлгөндөн баштап жана азыркы күнгө чейин мааниси боюнча саясий мүнөзгө ээ экендигин» [113,66-б.] негиздөө менен «ислам терроризми» жашоо укугуна татыктуу деп британдык-америкалык учурдун тарыхчысы-чыгыш таануучусу Бернард Льюис эсептейт. Ушул эле учурда акыйкаттык үчүн баам салсак, ошол эле Бернард Льюис «Ислам: дин жана адамдар» аттуу өзүнүн акыркы китебинде ислам салтында терроризмди колдоонууну күбөлөндүргөн нерселер жок экендигин, «аялдарды, балдарды же карыларды өлтүрбөш керектигин, колго түшкөндөрдү жаман мамилеге жана кыйноого дуушар кылбаш керектигин», практика жүзүндө азыр жайылтылган суициддик терроризм – бул XX кылымдын кесепети экендигин жана «XVII кылымдагы секуляризмдин өсүшүнө чейинки христиандарга караганда, башка диндегилерге карата мусулмандардын сабырдуулугу бир топ жакшы болгондугун» көрсөтүп кеткен [150,145-б.].

Авторлордун бир бөлүгүнүн пикирлерине ылайык, террористтердин иш-аракеттери исламдын бардык логикасы менен алдын ала аныкталган, ал эми биз азыр эмнени көрүп жатабыз, биз – ислам цивилизациясы менен христиандык-иудейлик цивилизациянын ааламдык кастыгынын пайда болгондугун көрүүдөбүз. Мындай көз карашты биринчи кезекте Батыштын авторлору карманышат. «Келечектеги эң коркунучтуу кагылышуулар, баарынан мурда Батыштын текебердигинин, исламдын ыкка көнбөгөндүгүнүн жана сионисттик өзүнө-өзү ишенгендиктин айынан болот»,– деп

«цивилизациялар кагылышы» идеясынын апологети С. Хантингтон өзүнүн белгилүү эмгегинде жоромолдогон, андагы анын билдирүүсү боюнча, «Батыштын негизги көйгөйү – бул такыр эле ислам фундаментализми эмес», ал «өзүнүн маданиятынын артык экендигине ишенишкен жана күч-кубатынын өксүктүгү жөнүндө ой аларды бушайман кылган элдер, башка цивилизация, ислам» [186,281-б.] Ошону менен бирге, «жаңжалдарда мусулмандар зомбулукка карата алдын ала жайгашкандыгы» тууралуу талкуулаган ошол эле Хантингтон, эч күмөнү жок мындай деп тастыктайт, «исламдын кайсы гана өңүттөрүнө көз салбайлы, мусулмандар өздөрүнүн коңшулары менен эч бир жуурулушуп кетишпейт» [186,416-418 б.].

Айрым батыштын авторлору ушунчалык терең сүңгүп кетишет, исламдын байрагын жамынып чыккан экстремисттердин, террористтердин жана радикалдуу фундаменталисттердин кылыктарына алар факты жүзүндө ачык эле исламды күнөөлөшөт. Роберт Спенсер [158] сыяктуу авторлордун логикасы боюнча, ааламдык жихадга үгүттөгөн азыркы радикалдуу фундаменталисттер, экстремисттер жана террористтер исламдын маанисин бузушпайт, тескерисинче аны көрсөтүшөт. Анын «Ислам боюнча саясий одоно жол көрсөткүч» аттуу китебинин бөлүмдөрүнүн аталыштары каяша кылдырбас жана ачык чагымчылдык мүнөздү алып жүрүшөт: «Мухамед: согуштун пайгамбары», «Куран: согуштун китеби», «Ислам: ыкка көнбөстүктүн дини» ж.б.у.с. Ушуга окшогон авторлор өздөрүнүн жүйөөлөрүн жана теорияларын төмөнкү фундаментте курушат: Мухаммед Пайгамбар өзүнүн жактоочуларын тынчтыкка жана сабырдуулукка окуткан эмес, бирок армияларды башкарган жана анын душмандарын өлтүрүүгө буйрук берген, ошону менен бирге Мухамед согуштук жихаддан бөлөк ыйык жана жакшыраак эч нерсе жок экендигин окуткан; иудейлерге жана христиандарга каршы согуш жүргүзүүгө Куран мусулмандарга буйрук берет, бирок ошол эле абалда тынчтыкка жана сабырдуулукка болгон чакырыктарды камтыган курандык сүрөлөр көңүлгө алынбай калат». Мухамеддин мезгилинде мусулмандар жүргүзгөн согуштар коргонуучу эмес, чабуулдук болгон, ал эми

азыр «мусулман дүйнөсү» деп аталган жерлер, учурунда мусулман эместер жайгашкан жерлерди каардуулук менен басып алгандыктын натыйжасында пайда болгон. Бул ыйык жазмаларды да, тарыхый окуяларды да өтө эле бир жактуу интерпретациялоо экендикти айгинелеп турат. Ошону менен бирге мындай мамиленин жактоочулары башка дүйнөлүк диндерге салыштырмалуу исламдын «жаш экендигин» көз кырынан кетирип жатышкан сыяктуу. Ал эми мусулман дини, качан бардык Европа боюнча Кудайдын атынан инквизициянын оттору алоолонуп күйүп жаткан учурдагы христиандыктын чамалуу ошол кездеги курагына дал келген куракка келди. Мындан тышкары, иудейлик-христиандык салттарда да мааниси боюнча карама-каршы ыйык жазмалар камтылгандыгын эстен чыгарбаш керек. Курандагы сыяктуу эле Библияда да тынчтыктын жана адамгерчиликтин окуусунан алыстаган цитаталарды табууга болот.

Жихадчылык түшүнүктөгү азыркы терроризм жана экстремизм ислам дининин логикалык жыйынтыгы деген көз караш бир батыш коомунун жана анын саясатчыларынын, идеологдорунун топ деңгээлде талап кылган бөлүгү болуп калгандыгын белгилеп, моюнга алууга туура келет.

Италиялык тарыхчы Ф. Кардини акыйкаттык менен белгилегендей, «ислам дүйнөсүнүн көптөгөн диний жана маданий өзгөчөлүктөрү жөнүндө Европа коомчулугу дагы деле жакшы маалымат алышкан эмес». Бекем – жана мааниси жок кабылданган – түшүнүктөрдүн айкалышындагы массалык маалымат каражаттары толтурган ортомчулук сапаттагы начар маалымат, сабырдуулук белгиси бар ислам жөнүндө туруктуу түшүнүктөрдү түзүүгө тоскоолдук жаратат» [67,285-б.]. Исламга карата массалык аң-сезимдеги азыркы көп сандагы стереотиптер мааниси боюнча, бир жагынан, өз ара түшүнүктөргө жеткирилбеген ар түрдүү маданият жана диндерди алып жүрүүчүлөрдүн качан глобалдашкан дүйнөдө кездешүүлөрү тез-тез болгондогу азыркы кездин жаралышы. Экинчи жагынан – ислам жөнүндө кеңири түшүнө билүүдө Батыштын жалган түшүнүктөрү кылымдарга тереңдеп кетет – тетирисинче, Батыш жөнүндө мусулман дүйнөсүндөгү

бурмаланган түшүнүк сыңары. XII-XIII кылымдарда эле ислам дин окуусуна, ошондой эле мусулмандардын салттарына жана маданиятына карата мамилени аныктоо сыяктуу, батыш европалык аң-сезим үчүн аябай курч көйгөй өкүм сүрбөсө керек. «Батыш христиандарынын түшүнүгүндө ислам же Антихристтин окуусу катары, же бутпарастардын, күнөөлөрдүн жана азгырыктардын падышалыгы катары сүрөттөлгөн» [92,182-б.]. Принцибинде, Батыштын исламды туура эмес түшүнүүдөгү жана андан аз эмес деңгээлде исламдын Батышты кабыл алуусундагы көйгөйлөр, ар дайым болуп келген «мен/бөлөк», «биз/алар», «өзүбүздүкү/чоочундар» деген көйгөйлөрдөн чыгат.

Мусулман дини менен саясий экстремизмдин байланышындагы көйгөйлөргө карата жогоруда келтирилген өз ара жокко чыгарылуучу үч көз караш кеңири жайылтылган. Ошол же башка көз карашка ишенимдүүлүк, анын адепттери тарабынан олуттуу мисалдар, куран текстиндеги шилтемелер, ислам дин аалымдарына карата шилтемелер менен бекемделет. Ошол эле убакта, бир бөлүгүндө туура деп саналып, кандай болгон күндө да алардын ар бири реалдуулукту объективдүү чагылдырууга талапкер боло алышпайт.

Терроризм исламга башынан таандык болгон эмес, ал түздөн-түз ушул динден чыккан эмес деген жүйөөнүн пайдасына бул жагдайды айтууга болот, «жашыл байрактын» астында чыккан терроризм – азыркы кездин көрүнүшү, жана исламдын он төрт кылымдык тарыхынын фонунда ал көрүнүктүү болуп санала койбос. Ошондой эле, качан саясатта ислам фактору жөнүндө сөз болгондо, ар дайым массалык аң-сезимде түрдүү түшүнүктөрдүн аралашуусу болоорун белгилеп кетүү керек: ислам фундаменталисттери, исламист-радикалдар, исламчы-террористтер. Тунис профессору Зухар Мадхаффар айткан сөздөр боюнча, «мамлекеттик саясат үчүн дин негиз болуп саналыш керек деп эсептешкен, өкүм сүргөн бардык коомдун жана саясий режимдин радикалдуу өзгөрүүсүнө жана бул базада ислам мамлекетин курууга үндөшкөн айтылуу экстремисттик саясий мусулман кыймылдары менен фундаментализмдин ортосунда айырмачылыктарды кылуу керек… Бул феномен эки форманын биринде көрүнөт: биринчиси тынчтык, маданий жана

социалдык каражаттары аркылуу өзүнүн максаттарына жетүүгө үндөйт, ошол эле учурда экинчиси өзүнүн көз караштарын таңуулоо методу катары зомбулукту колдойт жана колдонот» [8,411-б.]. Өзүнүн улуттук-боштондук күрөшүн жихад катары баалоого анча ыктабаган улуттук күчтөр менен күрөш жүргүзүү үчүн негиз катары диний факторду улуттук түшүнүктөрдөн жогору койгон исламисттер ортосунда атаандаштык предмет болуп кызмат кылган «ирредентисттик жихад» сыяктуу жихаддын ар түрдүүлүгүн айрым изилдөөчүлөр бөлүп карашат. Андан тышкары, «ирредентисттик жихаддын» ичинде жана исламисттик чөйрөнүн ичинде – жергиликтүү жана глобалдуу элементтердин ортосунда атаандаштык өкүм сүрүшү мүмкүн: мисалы, афган моджахеддеринин жана «афган өзбектеринин», «афган арабдарынын» ортосунда же ирактык суннит көтөрүлүшчүлөрүнүн жана Иракта, Афганистанда, Сирияда жана Ливияда аракеттенген «Аль-Каида» менен ИГИЛ чыккан чет жердик согушкерлердин ортосунда.

Мусулмандар менен ислам фундаменталисттеринин ортосундагы айырманы так белгилеп чийүү зарыл. Ислам байрагынын астында чыгып, диндин атынан зомбулукту пропагандалап жана ишке ашырган анча чоң эмес бир катар топтор менен мусулман фундаменталисттеринин ортосундагы айырманы түшүнүү бир топ эле маанилүү.

Дин менен террористтик зомбулуктун ортосундагы өз ара байланышты талкуулап жатып, профессор Марк Юргенсмайер мындай деп ырастаган, бул байланышта «дин – күнөөсүз болуп саналбайт. Бирок ал адатта зомбулукка жетелебейт. Бул зомбулук, качан дин саясий өзгөрүүлөр үчүн чыккан социалдык умтулуулардын, жеке намыстуулуктун жана кыймылдын зомбулуктуу көрүнүштөрү менен аралаша баштаганда, – саясий, социалдык жана идеологиялык – жагдайлардын спецификалык жыйындысынын өсүшүндө гана болот» [203,9-б.]. Ал эмес эгерде, диний негизди жамынган террористтердин иши үчүн ислам белгилүү бир мерчемде жоопкерчилик тартаарына шарттуу түрдө жол берилсе, ошол замат эле суроо туулат: «Аныгы кайсы ислам?» Ислам – өтө эле көп жактуу жана бир түрдүү эмес көрүнүш.

Бул трюизм (жалпыга маалым болгон чындык), бирок терроризмди жараткандыгы үчүн бул дүйнөлүк динге кине койгон бир кыйла авторлор бир катар себептерден улам бул жөнүндө «унутуп калышат». Ушуга байланыштуу, кийинки пикирге толугу менен кошулса болот, «дүйнө жүзүндө ислам түшүнүүгө кыйын дин болсо керек. Адамдар ислам жөнүндө айтышат, бирок чыныгы ислам эмне экенин түшүнүүгө аракет да кылышпайт» [203,9-б.].

Дүйнөдөгү башка дин сыяктуу эле ислам өзүндө ушунчалык көп максаттуу феноменди көрсөтөт, бул аны ар кандай түшүндүрүүгө жол берет. Андан тышкары, исламдын ичинде камтылган карама-каршылыктар ал жөнүндө кайсы-бир «монолит» тууралуу айтууга такыр жол бербейт, демек, “алдын ала аныктабай туруп, бул динди бүтүн бойдон экстремисттердин ишмердүүлүгүнө илээштирүүгө болбойт” [178,49-б.].

Террористтик күчтөр менен тигиндей же башкача окшоштурулган күчтөр качан баррикаданын эки башка тарабында жайгашкан учурда, экстремизм жана терроризм үчүн күнөөнү исламга жүктөө аракетинин болбой калышы бир катар мисалдарды ачыктайт. Афганистандагы «Талибан» ислам кыймылынын бийлиги учурунда Иран фундаменталисттери эң бир каардуу жана тартиптүү афган талибдеринин каршылаштары болушкан. Ислам байрагынын астында чыккан «Иран калкынын муджахединдери» [178,49-б.] тибиндеги солчул топтон тартып салафиттик-жихадисттикке чейинки топтор Иран Ислам Республикасынын режимине каршы күрөш жүргүзүүдө. Тегеран тарабынан демөөрлөнгөн палестиналык ХАМАС радикалдык тобу жана ливандык «Хезболла» 2012-жылы андан да радикалдуу, Ирак жана Сириянын айрым бөлүгүн басып алган ИГИЛ исламчылары менен куралдуу кармашка кирген.

Террористтик ишмердүүлүктү – бул учурда диний түстөгү экстремизм жана терроризм көрүнүштөрүн жеңүүгө кызыкдар күчтөр, күч колдонуу методу бул «оорунун» симптомдорун гана басаарын, чынында тереңирээк ойлонулган усулдар натыйжалуу болорун түшүнө билүүлөрү зарыл.

Дин менен экстремизмдин катыштыгы боюнча көйгөй академиялык да,

тажрыйбалык да көз караште өтө тыкыр жана көп жактуу изилдөөгө муктаж. Исламисттик кыймылга карата изилдөөчүлүк жана медиалык кызыкчылык көп учурда саясатташып калат, ошондуктан, адат катары бул болуп көрбөгөндөй татаал жана көп катмардуу феномендин сүрөтүнүн бир бөлүгү гана чагылдырылап калат. Жыйынтык катары исламчыл кыймылдар дайыма, бири-бири менен аз эле кызыкчылыгы бар өзүнчө топтор жана кыймылдар сыяктуу, же ичинде теориялык жана практикалык айырмалоочу белгилери жок кеңири топ сыяктуу сүрөттөлүшөт.

Батыштын ойлонулбаган жана таразага салынбаган саясаты көп учурда исламизмдин радикалдашуусуна бир топ роль ойноорун моюнга алууга туура келет. Чын эле, исламчыл агымдын жайылтылышынын себептеринин бири катары, «мусулмандардын артта калуусуна Батыш күнөөлүү, бул ошолор киргизген маданий моделдердин жана өнүгүү моделдеринин айынан болгон деген ислам дүйнөсүндө кеңири тараган түшүнүктү кароо керек. Жыйынтыгында, алардын көз карашында «Батыш алардын өлкөсүн тоногон жана аларды ушундай бир алкакка киргизип салгандыктан, алар өнүгүүнүн альтернативдүү жана спецификалык моделдерин таппай жатышат» [8,413-б.].

2005-жылы International Crisis Group [106] аттуу эл аралык кризис боюнча топ даярдаган диний фундаменталисттердин классификацияларынын бири үч типтин бар экендигин божомолдойт. Өздөрүнүн өлкөсүндө саясий бийликке ээ болууга алдына максат койгон жана азыркы мезгилде бийликке ээ болгон «Бир тууган мусулмандар», Турциядагы акыйкаттык жана өнүгүү партиясы ж.б. сыяктуу кыймылдар саясий типте көрсөтүлгөн. Мындай типтеги кыймылдар конституция алкагында иш кылышат, улуттук мамлекеттин концепциясын кабыл алышат, адат катары зомбулуктан качышат ж.б. Миссионердик иштин жардамы менен исламга кайрылуу милдетин койгон уюмдар миссионердик типте көрсөтүлгөн, аларга – «Таблиг Жамаат» кыймылы, ошондой эле ашкере кетпеген салафиттер кыймылы кирет. Миссионердик типтеги кыймылдар үчүн негизги максат болуп, саясий бийликке ээ болуу эмес, «динсиз күчтөрдүн» таасиринен ислам окшоштугун,

ишенимин жана кулк-мүнөзүн сактоо саналат. Үчүнчү тип – жихадисттик – үч түрдө иш кылат: ички – мусулман өлкөлөрүндөгү башкаруу режимине каршы турат, ирредентисттик – оккупация алдындагы же мусулман эместердин алдындагы территорияларды кайтаруу үчүн күрөшкө чыгат жана ааламдык – Батышка каршы турат. Бул классификацияга комментарий берүү менен В. Наумкин белгилегендей, «ислам жигерденүүсүнө жалпы мамилени иштеп чыгуу үчүн бул схема пайдалуу, бирок ал ислам түзүмүндөгү жана уюмундагы бардык татаал мозаиканы жок кыла албайт» [121,480-б.].

Белгиленип кеткен схема египеттик изилдөөчү Д. Рашван тарабынан азыркы ар түрдүү исламчыл кыймылдарды классификациялоого аракет жасаганы менен толук шайкеш келет. Кыймылдар өздөрүн ислам менен, бирок алар бул динге карата өздөрүнүн мамилелерин кандай көрөт жана интерпретациялайт деген мамиледе терең айырмачылык менен байланыштырган фактыга гана бириккен эки негизги топко аларды бөлүү сунушталат. «Бул топтордун ичинен биринчисин диний исламисттик кыймылдар, экинчисин – исламисттик платформадагы коомдук-саясий бирикмелер түзөт» [121,16-б.].

Диний исламисттик кыймылдар исламдын жана Курандын спецификалык окулгандыгына негизделген. Ошону менен бирге, коомдун жана мамлекеттин мүчөлөрү бул кыймылдар тарабынан доктриналдык тууралыктын жана аутенттүүлүктүн күзгүсү аркылуу гана каралат. Бул кыймылдар үчүн негизги, жана балким жалгыз көйгөй – өздөрү көргөндөй чыныгы динди орнотуу. Адамдардын, коомдун жана өлкөнүн ишеними мааниси боюнча – алардын ой жүгүртүүсүн жана ишмердүүлүгүн мүнөздөгөн жалгыз тема. Мындай топтор үчүн Куран, хадистер жана дин аалымдарынын айрым тандалган тексттери идеялардын булагын берет. Азыркы кезди Мухамеддин мезгили менен салыштырууда диний исламисттик кыймылдардын ортосунда айырмачылык орун алат. Мединага кеткенге чейинки Меккедеги ислам жайылтылган мурдагы доорду көбүрөөк эске салган убакта жашап жатабыз деп алардын бири жоромолдойт. Экинчи топ, азыркы

кырдаалга Мединалык доор жана аны ээрчигендер жакын деп эсептейт. Меккелик жана мединалык мезгилдердин ортосундагы айырма, азыркы радикалдуу исламисттерге бир топ таасир берген орто кылымдын көрүнүктүү дин аалымы ибн Таймиянын [197] жазмаларында чагылдырылган. Атап айтканда, ал мындай деп жазган: «Качан Аллах адамдарды Анын динине үндөөгө Анын пайгамбарына буйрук бергенде, ага Аллахтын атынан ыймандар жана жакшылыктар болсун, пайгамбар жана алгачкы мусулмандар Мединага көчүп келмейинче Ал ага өлтүрүүгө же алар менен күрөшүүгө уруксат берген эмес. Андан соң Ал ага мындай уруксат берген: «Кимдерге каршы кармаш жүргүзүлсө, аларга кармашууга жол берилген, анткени аларга акыйкатсыз мамиле болгон. Чынында Алла аларга жардам берет. «Биздин Кудай – Алла» дегени үчүн гана аларды турак-жайынан акыйкатсыздык менен кубалашкан. Эгерде Алла башкалардан коргонууга адамдарга жол бербесе, анда Алланын атын көп эстешкен мечиттер, синагогалар, чиркөөлөр, үжүрөлөр талкаланып калмак. Аллага ким жардам берсе, Ал сөзсүз ага жардам берет. Чынында Алла – баарынан Кудуреттүү». Ошентип, төмөнкү сөздөр менен мусулмандарга жихаддын милдетин жүктөгөн: «Бул жагымсыз болсо да, силерге кармашуу ыроолонгон. Балким силер үчүн жакшы делген нерсе, силерге жагымсыз болгондур. А балким силер үчүн кыянат делген нерсени, силер жакшы көрөсүңөр. Аллах билет, силер болсо билбейсиңер. Көптөгөн Медина сүрөлөрүндө Алла бул тайпаны белгилеп кеткен жана жихадды даңазалаган, жана ким жүйөөлүү себеби жок жихадга катышпаса, аларды жүрөгүндө дарты бар эки жүздүүлөр деп атаган».

Кыргыз Республикасынын изилдөөчүлөрүнүн бири О. А. Молдалиевдин аныктамасы боюнча, жогоруда аталган мамилелердеги айырма диний исламисттик кыймылдарды эки башка лагерлерге бөлөт: «бейпил, экстремисттик кыймылдар» жана «зомбулуктуу, жихадисттик кыймылдар» [115,17-б.].

«Бейпил, экстремисттик кыймылдар», азыркы коомду Меккенин исламга чейинки коомуна, Мухаммед Пайгамбар өзүнүн миссиясын

баштагандан кийинки, бирок Мединага чыкканга чейинки коомго аябай окшош деп эсептешет. Демек бул, ислам дүйнөсүндөгү азыркы коом, инсандар жана өлкөлөр алар үчүн – туура эмес маңыз же, жакшы жагынан алганда толук түркөйлүк (жахилия) абалда жашагандар пайгамбардын Мединага чыкканга чейинки Араб жарым аралында жана Меккеде өкүм жүргүзгөндөргө окшош. Бул кыймылдар, саясат менен алпурушууга, ислам мамлекетин куруууга же кармашууга (жихадды ишке ашырууга) убакыт келе элек деп эсептешет, анткени Меккедеги кичинекей, алсыз азчылыкка булардын ичинен эч нерсе буйрулган эмес. Меккедеги алгачкы мусулмандарга окшошууда бул кыймылдар динсиз коом же инсандарга каршы зомбулукка өздөрүн жолотушпайт.

Ушундай кыймылдарга «Такфир жана Хижра» сыяктуу белгилүү топтор кирет. Алар азыркы коомду Мединага чыкканга чейинки меккелик коомго түздөн-түз окшош деп эсептешет: жетекчи адамдарга эч кандай үмүт жок жана бул коом жалаң динсиздерден турат. Ошондуктан топтун мүчөлөрү кандай гана формада болбосун бул коомдон алыстоого тийиш. Алар өздөрүн жападан-жалгыз мусулманбыз деп эсептешет, ал эми аларга кошулбагандардын баары – динсиздер. Жыйынтыгында көбүрөөк кеңири коомдо жабык коомдун формасы түзүлүшү мүмкүн, же топ чөл же чет райондорго кетип калышы мүмкүн. Пайгамбар өзүнүн миссиясын баштагандан кийинки меккелик коомго азыркы коом окшош деп эсептеген кыймылдарды экинчи топ өзүнө камтыйт. Динсиздерди Кудайга сыйынууга чакыруу – же, тагыраак айтканда аларды Кудайга кайтууга үндөө – бул алгачкы мусулмандарда болгон сыңары, ушул топтордун негизги миссиясы. Бул миссия тууралуу адамдарга маалымдоо жана аларды исламга үндөө – бул ушулардын жардамы менен бул топтор азыркы динсиз коом менен өз ара байланыша ала турган жалгыз жол. Дүйнөдөгү бул топтордун ичинен эң белгилүүсү – «Таблиг Жамаат». Алар коомчулуктан бекинишпейт жана алар менен зомбулуктуу конфликттерге барышпайт. Азыркы коомдор жана инсандар жөнүндө өздөрүнүн чектен ашкан согушчан талкууларына

карабастан, алар зомбулуксуз бейпил топтор болуп саналышат.

«Зомбулуктуу, жихадисттик топтор», бүгүнкү дүйнө – ислам тарыхынын алгачкы мединалык фазасынын, качан ишеним жана дин саясат жүргүзүү үчүн мамлекеттин идеясы менен аралашып калган мезгилдин күзгүдөн көрүнүшү деп эсептешет. Бул кыймылдар үчүн азыркы коомдор жана мамлекеттер, исламга чейинки мезгилде өкүм жүргүзгөн жахилия абалына кайтышкан. Мусулман өлкөлөрүндө өкмөттөр исламды четке кагышкан жана алардын коому башынан кечирген түркөйлүк абал үчүн, бул коомдордун пикири боюнча алардын биримдик күчүнө каршылык көрсөткөндүгү үчүн ошол өкмөттөр жооптуу. Коомго болгон мындай көз карашка ылайык, бул топтор исламды кайра жайылтуу жана буга коомду үндөө мүмкүн деп эсептешпейт, бул көз караштa адамдарды исламга үндөөнүн тынч меккелик дискурсуна орун жок, баарынан мурда алар коомдун үстүнөн өкүм жүргүзүүгө жана аны мединалык мамлекет түптөлгөн ошол эле принциптерде исламды калыбына келтирүүгө умтулушат. Диний зомбулук же жихад – бул өзүнүн мүчөлөрүнүн санын көбөйтүүгө туруктуу аракеттер аркылуу коюлган максаттарга жетүү үчүн жалгыз каражат. Алар өздөрүн, чет элдик агрессияны сүрүп чыгарган жана исламды өз өлкөсүнө кайрып келген «динге ишенген топтор» катары баалашат.

Жогоруда аталган эки типтин ошол эле базалык идеяларында түзүлгөн, бирок «жакынкы» жана «алыскы» душман менен күрөшкө ыйгарылган артыкчылыктын жана жихаддын концептисинин айрым бөлүгүндө айырмаланган эл аралык жихадисттик кыймылдар – ар кандай жагдайларга байланыштуу түзүлүшү жана аракеттениши мүмкүндүгүн белгилеп кетүү керек. Кыймылдардын бул тиби кимди исламдын тышкы душманы деп эсептешсе, ошолорго каршы жихаддын концептисин кабыл алышат, атап айтканда ар кандай мусулман эмес чет элдик агрессиядан «дар аль-исламды» коргоо үчүн коргонуучу жихад. Локалдык кыймылдардан айырмаланып, бул кыймылдар жакынкыдан көрө алыстагы душманга каршы туруууга көп артыкчылык беришет, бирок «жакынкы душман» (мусулман өлкөлөрүнүн

өкмөттөрү) – өкмөттүн «динсиздери» экендигине макул болушат. Кыймылдын бул тиби акыркы он жылдыкта дүйнөнүн бир канча региондорунда, алардын ичинде Борбордук Азияда, Балканда жана Орусиянын Кавказында, ал эми ага чейин 1979–1989-жылдары советтик аскерлерге каршы турган мезгилде жарыкка келген эл аралык жихадисттик кыймылдардын бешиги Афганистанда пайда болгон. Бул кыймылдар дүйнөнүн ислам жана исламдык эмес ар кандай өлкөлөрүнүн жихадисттик тенденциялары менен исламисттердин аралашмасы болуп саналышат.

А. О. Молдалиевдин классификациясы боюнча ошондой эле исламисттик кыймылдын ири тобу коомдук-саясий «исламисттик платформадагы кыймылдар» [115,21-б.] катары көрсөтүлгөн. Исламисттик кыймылдын бул негизги тиби диний кыймылдардыкына караганда, исламдын башкача окуусун карманышат. Биринчи кезекте, алар өздөрүнүн коомун ислам өлкөлөрү катары карашат жана анда жашаган адамдарды чыныгы мусулман катары баалашат. Алардын исламынын чындыгы жана аутенттүүлүгү тууралуу суроо көйгөй болуп саналбайт. Бул кыймылдар үчүн негизги көйгөй – алардын пикири боюнча башка юридикалык тутум же батыш саясий тутумун кошпогондо, ислам мыйзамына гана негизделүүгө тийиш болгон ислам принцибинде коомду жана мамлекетти реструктуризациялоо. Бул кыймылдар шариаттын концептисине негизделген социалдык-саясий платформаны кабыл алышат. Исламисттик кыймылдын бул тиби ыйык тексттерди сөзмө-сөз мааниде интерпретациялоого чек койбойт, ал мыйзамдын маанисин, жалпы бакубаттыкты, айкындык байланышты, юристтердин көз карандысыз интерпретациясын көңүлгө алат. Диний исламисттик кыймылдарда ыйык тексттер сөзмө-сөз окулгандыгына караганда, ыйык тексттердин мындай окулушу тарыхый жана социалдык түрдө негиздүү болот. Буга кошумча, бул кыймылдар үчүн тарыхый беделдин булагы пайгамбардын жана халифтердин доору менен чектелбейт, ал бүт ислам тарыхын жана анын он төрт жылдык мурасын өзүнө камтыйт. Мындай кыймылдар үчүн ислам – бул цивилизация, дин, тарых, алар коомду жана мамлекетти кантип уюштуруу керек деген көз

караштарды ушулардан алышат. Ошентип алардын социалдык-саясий платформасы башка исламисттик эмес коомдук кыймылдардан спецификалык аралашмасы менен гана айырмаланат. Коомдук-саясий исламисттик кыймылдарды эки топко бөлүүгө болот: саясий бийликти көксөгөн бейпил кыймылдар, жана куралдуу улуттук-боштондук кыймылдар.

Бейпил кыймылдар өлкөсүндөгү жана коомундагы прогресс жана өнүгүүнү максатын камтыган өздөрүнүн исламисттик социалдык-саясий платформасын жүзөөгө ашыруу үчүн саясий бийликке ачык эле умтулушат. Бул максатка жетүү үчүн мындай кыймылдар мүмкүн болгон бардык тынч жана саясий каражаттарды колдонушат. Алар өз кызыкчылыгында мамлекет же башка социалдык-саясий күчтөр менен болгон альянсты айкарасынан жамынышат жана позициянын түсүн өзгөртө алышат, бул аларды жалгыз социалдык компоненти динге ишенгендер жана динсиздерге бөлүнүүнү божомолдогон диний кыймылдардын бардык тибинен терең айырмалап турат. Египеттеги жана башка араб өлкөлөрүндөгү «Бир тууган мусулмандар», Тунистеги Кайра жаралуу партиясы, Алжирдеги «Ислам куткаруу фронту» – аталган типтеги кыймылдардын көрүнүктүү мисалдары.

Алгачкы позициясы куралдуу күрөшкө таандык улуттук-боштондук платформаны кабыл алууга чет элдик оккупациянын айынан аргасыз болгон коомдук-саясий исламисттик кыймылдар экинчи топту түзүшөт. Бул кыймылдар алгач 1948-жылы Палестинадагы согуш мезгилинде «Бир тууган мусулмандардын» арасында пайда болуп, Суэц каналындагы британдык оккупациялык күчтөргө каршы 1951-жылы башталган египеттик улуттук каршылык көрсөтүүсү менен уланган. Азыр Палестинадагы ХАМАС жана «Ислам жихады» дал эле Ливандагы «Хезболла» сыңары – ушул типтеги кыймылдардын өзгөчө белгилүү мисалдары. Локалдуу жихадисттик диний кыймылдардан айырмаланып, бул куралдуу исламисттик кыймылдар, адат катары, көп маселелер боюнча терең айырма болгондугуна карабастан жеке коомундагы өздөрүнүн саясий жана идеологиялык душмандары менен ички куралдуу жаңжаалдарга тартылышкан эмес. Алардын куралдуу зомбулугунун

бутасы болуп, адатта алардын өлкөсүн оккупациялаган чет элдик күчтөр саналышат. Бирок, палестиналык ХАМАС «Фатх» светтик тобу менен, ошондой эле Газа секторундагы ультра-радикалдуу исламисттер менен куралдуу кагылышка тартылышы, анан да «Хезболланын» кандайдыр-бир деңгээлде ички ливандык кагылышууга катыштыгы бул схемадан анча-мынча чыгып кетет. Эгерде Д. Рашван сунуштаган жогорудагы классификация кабыл алынса, анда азыркы исламисттик кыймылдардын топторунун жана тайпаларынын типтери бири-биринен бекинүү менен өкүм сүрбөйт, алар бири-бири менен өз ара катышуу (кастык мааниде да болушу мүмкүндүгү жокко чыгарылбайт), бири-бирине таасир көрсөтүү, биринен экинчисине агылуу сапаттарына ээ ж. б. деген олуттуу эскертүү менен жасаш керек. Бул классификация кайсы бир жагынан статикалык болуп саналбайт, тескерисинче, «исламизм» деген сөз менен белгиленген бул болуп көрбөгөндөй татаал феномендин ички динамикасын жар салат.

Исламизмдин бул татаал «мозаикалуулугу» – бүткүл исламды гана эмес, бирок «саясий ислам» деп атоого боло турган бөлүктү да «сары ит, кара ит баары бир ит деп эсептөө» аракеттеринин болбой калышынын ачык иллюстрациясы катары кызмат кылат, – алардын кайдан келип чыкканы маанилүү эмес.

## 3.3. Кыргыз Республикасындагы экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин саясий процесстерге тийгизүүчү терс таасиринин алдын алуунун илимий-практикалык багыттары.

Ислам байрагынын астында чыккан экстремизм жана анын четки көрүнүшү болгон терроризм, өткөн кылымдын 90-жылдарынын жарымынан тартып дүйнөнүн көп өлкөлөрүнүн жана бүт аймактарынын саясий жашоосуна байкалаарлык таасир көрсөтүүдө. Акыркы жылдарда дүйнөдө жарык көргөн басылмалардын көпчүлүгү ушул көйгөйгө арналган. Аны ислам-таануучу илимпоздор гана эмес, саясат таануучулар, дин аалымдары, журналисттер, коомдук жана саясий ишмерлер да талкууга алышууда.

Талкууланып жаткан теманы изилдөөдө үч негизги багытты бөлүп алууга болот. Алардын биринчиси радикалдуу диний фундаментализмди жараткан жана түрткү берген себеп жана факторлордун талдоосуна тиешелүү. Экинчи багыт, тийиштүү экстремисттик жана террористтик уюмдардын жана кыймылдардын ишмердүүлүгүнүн саясий, уюштуруу, финансы, маалымат жана башка жактарын, ошондой эле ар кандай өлкөлөрдүн улуттук кызыкчылыгына жана коопсуздугуна жаралган коркунучту ачыкка чыгарат. Үчүнчү багыт ислам менен түздөн-түз байланышкан, талкууланып жаткан феномендин идеялык өңүтүн изилдөөгө багытталган.

Радикалдуу диний фундаментализмине жана анын факторлоруна түрткү берген себептер мурдагы главаларда кеңири талдоого алынып, изилденди. Бул коркунуч, адат катары, ичинде «олуттуу кризисти башынан өткөрүп жаткан мусулман дүйнөсүнүн социалдык-экономикалык, саясий, улуттук жана башка айрым курч көйгөйлөрүн» [32,2-12 б.] бөлүп караган кырдаалдардын комплекси менен түшүндүрүлөөрүн белгилешет.

Бул коркунучтун артында кандай саясий күчтөр турат жана алар кандай максаттарды ээрчишет деген суроолорго жооп катары ар түрдүү көз караштар айтылат. Атап айтканда, авторлордун бир тарабы кайсы бир өлкөдөгү радикалдуу ислам фундаментализминин жайылтылышын тышкы факторлор,

б.а. чет элдик террористтик жана экстремисттик борборлордун ишмердүүлүгү менен байланыштырышат, экинчилери болсо бул көрүнүштүн тамырын мамлекеттин ичинен издөө керек деген ойду айтышат.

Экстремизмдин саясий-идеялык түзүмү жана ага каршы күрөшүүнү изилдөө боюнча маселеде анын актуалдуулугун баалабай коюу кыйынчылыкты жаратат. Бул көрүнүш тагыраак мааниде алгач исламдык деп аталышы мүмкүн, анткени ал кандайдыр бир ислам догмаларына негизденет. Ошондуктан, терроризмде дин да, улут да жок деген сыяктуу дайыма кайталанып келген тезис менен талашсыз макул болууга болбойт. Мындай түшүнүк, экстремизм жана терроризм кайсы-бир ишеним, мамлекеттик таандыктык же этникалык топ үчүн гана мүнөздүү эместигин билдирет. Бирок алар менен болгон байланыш толук реалдуу болуп саналат.

Терроризм ислам дини менен байланышкандыгына жол берүүгө болот, ошондо да, эгерде Курандын сүрө же айаттарынын байланышын бузуп кайсы бир догматикага жана культка алып келген учурда гана. Бирок бул деңгээлде да экстремизмдин жана радикалдуу фундаментализмдин айрым ислам догматикаларынын постулаттарынан көз карандылыгынын айрым белгилери байкалат – мисалы, динсиздикке күнөөлөөнүн – «такфир» идеясынан.

Экстремизмдин жана диний фундаментализмдин түздөн-түз жетекчилери жана шыктандыруучулары өздөрүн чыныгы шариаттын жактоочуларындай, биринчи кезекте саясий жана укуктук маселелерге тиешелүү идеалдарды турмушка ашыруучу күрөшүүчүлөрдөй көрсөтүшкөн формада гана күнүмдүк турмуштагы жүрүм-турум эрежелери жана идеялар тутуму катарында исламдын терроризмге тиешеси бар болот.

Бул феномен ислам дини менен байланышканбы, диний постулаттар канчалык деңгээлде анын саясий-идеялык негизи болуп кызмат кылат деген маселеге талаш-тартыш жүргүзүүгө болот. Бирок, бурмаланган ислам жана ислам фундаментализминин түшүнүктөрү экстремизмдин саясий-идеялык негиздемелеринин өзөгүн түзөт деген факт эч күмөн жаратпайт. Ислам идеяларынын постулаттарына ислам фундаменталисттеринин

ишмердүүлүгүнүн багыты тууралуу жыйынтыкты четке кагыш кыйын, анткени, практика жүзүндө ислам байрагынын астында чыккан радикалдуу фундаменталисттерден тартып террористтик жана экстремисттик актыларга чейинки ар кандай көрүнүштөр түздөн-түз ислам концепциясына таянышат. Бирок көпчүлүк учурларда бул бурмаланган, сурогаттык концепциялар. Андан тышкары, ислам ураанын менен чыккан терроризмдин бардык түзүүчүлөрүнүн ичинен дин же тийиштүү окуулардын жана догмалардын комплекси катары исламга карата катышка, мындайча айтканда, аталып кеткен учур гана түздөн-түз ээ.

Албетте, айрым мусулмандардын же ислам уюмдарынын террористтик ишмердүүлүгү ислам идеялары менен ар кандай байланышта болушу мүмкүн, бирок ал практика жүзүндө дайыма ислам саясий-укуктук негиздемеге тикелей баш ийдирилген. Мусулман өлкөлөрүндөгү чыныгы демократиянын жоктугу тууралуу көйгөй ислам фундаменталисттердин тынчын алган деле эмес, ал эми эгерде тынчын алган болсо, анда өздөрүнүн идеяларын жайылтууга жана ишмердүүлүктөрүн эркин жүргүзүүгө кошумча мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу көз карашында гана. Ал эмес, бул жерде бийлик тираниялыкпы же башкачабы, аларга маанилүү эмес. Ислам экстремисттеринин пикири боюнча алар үчүн эң башкысы – исламдык эмес мүнөздөгү бийликтин өкүм сүрүшү жана мусулман дүйнөсүнүн сыртындагы атеисттик, исламдык эмес күчтөр менен анын кызматташтыгынын болушу. Мусулман өлкөлөрүндөгү чечилбеген социалдык-экономикалык көйгөйлөр алар үчүн өтө деле актуалдуу эместиги айдан ачык, бирок дал ошолор террористтердин катарын толтурганга жакшы кыртыш түзүп берет. Алар чынында эле мусулмандардын жашоо деңгээлинин жогорулатышын эмес, биринчи кезекте саясий-идеялык ченемге ээ болгон кайсы бир долбоорду турмушка ашырууну стратегиялык максат катары эсептешет.

Азыркы терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм – бул белгилүү бир өлчөмдө идеялык көрүнүш. Анткени ислам экстремизминин позицияларынын бекемдиги, исламдык саясий-

укуктук концепцияларга багытталган анын теориялык базасында камтылгандыгында. Ошондуктан, идеялык-теориялык өңүт экстремизм, терроризм жана радикалдуу ислам фундаментализми менен күрөшүүнүн эң орчундуу жагынын бири болуп саналат. Терроризмге, экстремизмге жана радикалдуу диний фундаментализмге атайын кызматтардын күчү менен гана каршы турбастан, исламдык идеялык концепцияларга негизделген жүйөөнүн жардамы менен да каршы туруу керек.

Ислам үчүн көз караштардын плюрализми сыяктуу мүнөздүү белгилер жакшы белгилүү. Кылымдардан бери исламды айырмалаган өзгөчөлүктөр бүгүнкү күнү деле ошол бойдон калган. Эгерде айрым ислам концепцияларын эске албаганда жана алардын көз карашына террористерди каршы койбогондо, анда кимдер бул көйгөйдү жетиштүү деңгээлде ажырата албаса, ошолордо азыркы ислам жана мусулман жөнүндө жетишээрлик белгилүү, бир жактуу жана өтө терс түшүнүк аргасыз жыйналат. «Илимий объективдүүлүктүн ченеми боюнча нерселердин мындай абалын кадыресе катары эсептүүгө болбостугу айкын. Анан да саясий максатка ылайыктуулуктун ой-пикирлери исламдык экстремизмге идеялык согуш жарыялоого өзгөчө көңүл бурууга мажбур кылат» [65,15-б.].

Эгерде бул кооптуу көрүнүшкө каршы күрөшүүнүн башка багыттары боюнча жетиштүү түрдө натыйжалуу чаралар көрүлгөн болсо – республиканын Коргоо Кеңешинин жана Өкмөтүнүн, анын ичинде кеңири эл аралык кызматташтыкка таянуу менен негиз салуучу документтеринин кабыл алынышы, анда көрүнүштү жалпы түшүнүү деңгээлиндеги сыяктуу, практикалык кадамдарды кабыл алуу планында да анын идеялык-теориялык жагы кыргыз бийлигинин дагы деле көңүлүнүн сыртында калып калат. Жыйынтыгында, бүгүнкү күнү исламдын саясий жана укуктук концепциялары кыргыз мамлекетинин эмес, сепаратисттердин, экстремисттердин жана террористтердин куралы болуп турат. Ошондуктан, терроризм менен күрөшүүнүн мамлекеттик каражаттар арсеналына исламдын позитивдүү

идеялык күч-кубатын киргизбей туруп, исламисттик радикалдардын жана фундаменталисттердин таасирин биротоло жок кылууга мүмкүн эмес.

Биздин өлкө үчүн бул маселенин актуалдуулугу ошондой эле төмөнкү менен аныкталат: Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы жана башка ислам борборлору ислам терроризмине каршы күрөшүүдө жетиштүү жигердүүлүктү жана жөндөмдүүлүктү көрсөтпөй жатышат, жалпы декларация менен чектелишип, исламдын укук теориясынын маанилүү көйгөйлөрү боюнча ислам радикалдары менен түздөн-түз талкууга баруудан качышууда. Жыйынтыгында, ислам постулаттарынын кыртышында мусулман экстремисттеринин идеологдору менен олуттуу талаш-тартыш болбой калууда. Сыягы, расмий кыргыз мусулман борборлорунун активисттери радикалдардын идеялык прораммаларын дискредитациялоо зарылдыгына анчалык маани бербегендей.

Экстремизмге, терроризмге жана радикалдуу ислам фундаментализмине саясий-идеялык негизде каршы турууда салттуу исламдын колдоосу менен чектелүүгө болбой тургандыгын белгилеп кетүү керек. Практика көрсөткөндөй, ислам түшүнүгүнүн бул формалары исламисттик экстремисттердин, террористтердин жана фундаменталисттердин көз караштарына аракетчил, ишенимдүү, талашка жөндөмдүү, укуктук жүйөөгө негизденген жана негизги идеялык альтернативаны сунуш кылууга азырынча даяр эмес.

Ошондуктан, принципиалдуу маселелер боюнча радикалдуу ислам жана фундаментализминин саясий-идеологиялары түздөн-түз карама-каршы болгон азыркы исламдын укуктук жана саясий түшүнүктөрүнүн иштелип чыгуусуна жана салттуу исламдын юриспруденциясынын абалына анализ жасоо өтө маанилүү. Ошону менен бирге, альтернативдүү көз караштарын көрүнүктүү жана таасирдүү мусулман ишмерлери эле эмес, ошондой эле ислам түшүнүгүнүн беделдүү институттары, эл аралык деңгээлдеги коллегиалдуу борборлор да коргоого алаарын эске алуу зарыл.

Исламдын идеялык билиминде чын эле терроризмди актагандыкты гана көрсө болобу же ал жерде чечкиндүү жокко чыгаруулар да барбы – деген суроого жооп берүү зарылдыгы пайда болгон абал азыр жаралды. Ушул суроого бериле турган жооп, бул арсеналга түшүндүрүү берүүгө ким жана кандай максатта киришээринен көз каранды. Иштин маңызы мындай, исламдык саясий жана укуктук ой-жүгүртүү кылымдардан бери азыркы терроризмге жана экстремизмге тикелей катыштыгы бар маанилүү маселелердин баардыгы боюнча түшүнүктөрдүн жана идеялардын ири топтомун чогултту. Алар, атап айтканда, бийлик жана укук негиздеринин түшүндүрмөсүнө, мамлекет менен жеке адамдын өз ара катышына, бөлөк диндегилердин статусуна жана мусулман эмес өлкөлөр менен мамилелерге, саясий күрөштүн жол берилген ыкмаларын негиздөөгө тийиштүү болушат.

Бул көйгөйлөргө карата исламдын бир канча маанидеги мамилеси айтылып кеткен анын көрүнүктүү сызыгын – диний жана бейпил жашоонун маанилүү жактарына болгон көз караштардын плюрализмин – ачык сүрөттөйт. Бул өзгөчө деңгээлде саясий чөйрө үчүн мүнөздүү, анткени бул чөйрөнү жөнгө салууга чакырган конкреттүү негизги көрсөтмөлөр жихаддын негизинде түзүлгөн. Алардын астында исламдык укуктук ой-жүгүртүү, Куранда жана Мухаммед Пайгамбардын сүннөттөрүндө жөнгө салынбаган маселелер боюнча чечимдерди рационалдуу издөөнү, же бир өңчөй эмес түшүнүккө жол берген бул булактардын жоболорун өз ара жокко чыгарган түшүнүк берүүнү түшүнөт.

Куранда жана сүннөттө көп эмес санда камтылган согуш жүргүзүүнүн жана бөлөк диндегилерге карата мамиленин эрежелери, исламдын дин жана мамлекет болуп түптөлгөн алгачкы мезгилинде, анын саясий жана идеялык кастары менен атаандашуусунда топтолгон. Жыйынтыгында бул ченемдердин көпчүлүгү өткөн заманда калган чыныгы жашоону чагылдырбайт, бирок исламдык ой-жүгүртүү аларды көңүлүнө албай коё албайт. Алардын айрымдары, баарынан мурда өзүнүн түптөлүүсүндөгү тарыхый байланыштан

алынгандар, алар азыркы күнү саясий экстремизмди жана терроризмди, жек көрүүчүлүктү жана каардуулукту актоо үчүн атайылап колдонулат.

Радикалдуу ислам фундаментализминин көз караштарынын, атап айтканда, «жалгыз Кудайга ишенгендиктин (таухид), динсиздикти (такфир) жана жихадды айыптоонун» [65,21-б.] өзөгүн түзгөн негизги позициялар экстремизм жана терроризм темасына карата чет элдик изилдөөчүлөрдүн макалаларында толук түрдө жетиштүү талдоого алынган. Ислам урааны менен чыккан азыркы терроризмге түздөн-түз тиешелүү болгон айрым башкача, – мисалы, «Алланын буйругандарын ишке ашыруу жана анын тыюу салынгандарына бөгөт коюу», мамлекеттик бийликтин легитимдүүлүгү, мусулман эместерге мамиле, шахид түшүнүгү сыяктуу теориялык конструкцияларды кошуу менен, террористтердин теориялык арсеналына кирген аргументтердин чөйрөсүн бир кыйла кеңейтүү гана калды.

Терроризмден жана экстремизмден актаныш үчүн радикалдуу фундаменталисттери «кылыч аяттары» [365,206-218 б.] деп аташкан Курандын белгилүү ыр саптарына кайрылышат. Атап айтканда аларда мындай деп айтылат: «Ыйык айлар чыккандан кийин, мушриктерди (көп Кудайга сыйынгандарды) кай жерде көрсөңөр да өлтүргүлө. Аларды туткундагыла жана курчоого алгыла. Аларды кармоодо ар бир жолго тургула… Алар менен согушкула! Алла аларды силердин колуңар менен азаптап, кордосун. Аларга каршы Алла силерге жардам берет… Эй, пайгамбар! Каапырлар жана мунафыктар менен күрөш! Аларга катаал мамиле кыл. Алардын кайтып келээр жайы – тозок. Ал кандай жаман орун».

Исламды тастыктоодо компромисске келбеген күрөштүн жактоочулары кандай гана болбосун ошондой эле Мухаммед Пайгамбардын айткандарын келтиришет, сыягы анын айткандары динсиздерге карата зомбулук жолун ачат: «Адамдар, Аллахтан башка Кудай жок, Мухамед – Анын элчиси деп күбө болушмайынча, ошондой эле намазга жыгылып, зекет беришмейинче мага алар менен күрөш жүргүзүүгө буйрук берилген. Эгерде алар муну аткарышса, анда алардын өмүрү жана мүлкү менин калканчымда

болот, ал эми тескерисинче болгон учурда аларга ислам мыйзамы боюнча чара көрүлүш керек, ал эми алардын үстүнөн болчу сот – Кудуреттүү Алланын колунда» [11,25-б.].

Ислам экстремисттери, кимде-ким Аллахтын эркине баш ийбесе, ошолордун баарынын, анын ичинде алардын көз караштарын тең бөлүшпөгөн мусулмандардын үстүнөн өздөрүнүн зомбулук жүргүзүү укугуна өтө ишенишет. Тагыраак айтканда, милдеттүү же сыйлык берүү катарында шариатта көрсөтүлгөндөрдү аткарууга адамдарды ойготууга, жана алардын салган тыюуларын бузгандарды токтотууга мусулмандардын милдети камтылган белгилүү концепция мындай укукка негиздеме берүү үчүн колдонулат. Бул принцип Куранда бекитилген [164,82-б.]: «Силердин араңардан жакшылыкка чакырып, сооптуу амалдарга үндөгөн жана жамандыктан тыйган бир коом болсун! Ошолор – (азаптан) кутулуучулар».

Шариатта көрсөтүлгөндөрдөн четтеп кеткен ар бир бийликти таанбагандык концепциясы ислам ураанынын астындагы терроризмдин жактоочуларынын идеялык платформасындагы борбордук орундардын бирин ээлейт. Мындай позициянын пайдасына негизги жүйөө катары Курандын мындай жобосу каралат: «Каапырларга баш ийбе жана анын жардамы менен аларга чоң күрөш жүргүз» [174,390-б.].

Террористтер каапырларга гана эмес, эгерде булар шариаттан четтеп кетишсе ислам башкаруучуларына да таандык бийликти кабыл алуудан баш тартышат. Бул үчүн алар Мухаммед Пайгамбардын төмөнкүдөй сөздөрүнө кайрылышат: «Эгерде эле бурадарларга күнөө иштерине буйрук бербесе, алардын баш ийүүсүнө жана моюн сунуусуна – амирге укук берилет; эгерде эле күнөөлүү иштерге буйрук берилсе, анда ага баш ийүү милдет болуп саналбайт» [125,322-б.]. Ар бир мусулман өкүмдарды «колу» менен, б.а. күчтүн жардамы менен токтотуп коюуга укуктуу деп ислам радикалдары эсептешет. Андан тышкары, шариаттан четтеп кеткен өкүмдарды алар каапырга теңешет, анын жашоосун кол тийбестик катары эсептешпейт, ал эми ага каршы чыгууну жихад катары карашат.

Салттуу ислам юриспруденциясынын талдоосу мындай жыйынтык чыгарууга жол берет, экстремисттер кызмат кылган постулаттар менен бир катарда карама-каршы башталыштар анын ичинде байкалаарлык орунду ээлешет. Атап айтканда, токтоолукту, компромисске келүүчүлүктү, бийликке ортоктоштукту, акырындыкты, чеги жоктуктан жана тобокелчиликтен качууну, адамды азап тартуудан бошотууну, зыян келтирбестикти азыркы мусулман укук таануучулары аларга кошушат. Радикализмди четке каккан бул баалуулуктардын көбү конкреттүү тарыхый кырдаалдарга байланган эмес жана универсалдуу мүнөз алып жүрүшөт, ислам укугунун ой-жүгүртүүсүндө экстремисттик көз карашка караганда, ишенимдүү негиздеме тапса болот.

Сабырдуу түшүнүктөгү азыркы мусулман ой жүгүртүүчүлөрү радикалдуу ислам концепциясынын талдоосуна ушундай үнүлө көңүл бургандыктары кокусунан эмес. Алар мындай жыйынтыкка келишет, исламдын атынан терроризмдин идеялык базасынын ролун ойногон постулаттар, анын тамгасынын сокур жетегине эмес, шариаттын конкреттүү көрсөтмөлөрүн практика жүзүндө ишке ашырууга алып келе ала турган пайданы зыян менен салыштырууга, анын башкы максаттарына жеткирүүгө басым жасаган шариаттын башка түшүндүрмөсүнө каршы келет. Ошону менен бирге, азыркы ислам ой жүгүртүүсүнүн беделдүү өкүлдөрү экстремисттик көз караштарды четке кагууга басымды дал ушул исламдын укуктук жүйөөлөрү менен жасашат. Бул биринчи кезекте жихадга тиешелүү.

Жихад – ислам ой жүгүртүүсү менен ар кандай түшүндүрмө берилген өтө эле мааниси көп түшүнүк. Ушуга байланыштуу эки маселе өзгөчө көңүлгө аларлык болуп саналат. Алгач бул түшүнүктүн мазмунун ачыктап алуу керек. Мусулман юристтеринин көз карашынын талдоосу «жихад» терминининин кеңири жана тар маанисин бөлүп алууга жол берет [50,124-б.]. Тар маанидеги жихад, ислам укуктук ой жүгүртүүсү иштеп чыккан согуштун эрежесин жана анын соңундагы юридикалык кесепеттерди түшүндүрөт.

Кеңири маанидеги жихад, Аллахтын осуяттарын ишке ашырууга, куралдуу жол менен болсо да – ар түрдүү ыкмалар менен ислам чындыгын

коргоого багытталган аракеттерди түшүндүрөт. Ушул абалда күч колдонууга белгилүү бир учурларда гана жол берилет, анткени жихадда эң башкысы – бул биринчи кезекте Алла жолуна түшүү, шариат жоболорундагы сөздөрдү аткарууга гана эмес, эң негизгиси ал жетелеген башаттарды, баалуулуктарды жана максаттарды ишке ашырууга негизделген чыныгы ислам коомун курууга жана өзүн өзү өркүндөтүүгө багытталган аракеттер.

Шариаттын башка жоболорун жана анын негизги максаттарын эске алуу менен жихаддын артыкчылык формасын бөлүп алып, азыркы ислам ой жүгүртүүсү аны кененирээк, такыр башка мааниде түшүнөт. Кеңири маанидеги жихад, Алланын осуяттарын ишке ашырууга, куралдуу жол менен болсо да – ар түрдүү ыкмалар менен ислам чындыгын коргоого багытталган аракеттерди түшүндүрөт. Ушул абалда күч колдонууга белгилүү бир учурларда гана жол берилет, анткени жихадда эң башкысы – бул биринчи кезекте Алла жолуна түшүү, шариат жоболорундагы сөздөрдү аткарууга гана эмес, эң негизгиси ал жетелеген башаттарды, балуулуктарды жана максаттарды ишке ашырууга негизделген чыныгы ислам коомун курууга жана өзүн өзү өркүндөтүүгө багытталган аракеттер. Ушуну менен бирге мындай үгүт-насааттуу жихад мусулман эместерге карата ар кандай зомбулукту жокко чыгарат, ал жөнүндө Куранда түздөн-түз айтылган:

- «Динде зордоого Ал уруксат берген эмес» [162,61-б.];
- «Адамдарды Эгеңдин жолуна даанышмандык жана жакшы насаат аркылуу чакыр. Алар менен жакшы маанайда талаш жүргүз» [170,302-б.],

Жихад таптакыр эле согушка барып такалбайт. Бирок, үгүт иш формасынан тышкары, ал чынында эле куралдуу аракет түрүндө чыга алат. Ошондуктан, жихадды түшүнүү менен байланышкан башка суроо куралдуу күчтү легитимдүү колдонуунун негиздерине карата болгон ислам укугунун позициясына байланыштуу: агрессияга жооп кайтаруу жана мусулмандарды коргоо согуштук аракеттердин максаты болуп саналабы же мусулмандардын радикалдуу үгүт-насаатчылары айткандай, алар куралдын жардамы менен исламды жайылтууга жана каапырлар менен күрөшүүгө багышталганбы?

Салттуу исламдын укуктук ой жүгүртүүсүнүн бул суроого болгон мамилеси бирдиктүүлүк менен айырмаланган эмес. Динсиздик менен күрөшүүнү куралдуу күч колдонгондукту актагандык катары эсептешкен агымдар бар болгон. Бул көз караашты азыркы мусулман террористтери да тең бөлүшүшөт. Бирок азыркы исламдын укуктук ой жүгүртүүсү куралдуу жихадды башкача мааниде түшүндүрөт.

Атап айтканда, Курандын «кылыч аяттарында» мусулмандар менен мурда түзүлгөн тынчтык келишимин анткорлук түрдө бузган ошол араб бутпарастары жөнүндө гана сөз жүрөт. Ошондон төрт ай өткөндөн кийин гана аларга карата куралдуу күч колдонууга мүмкүнчүлүк жаралган.

Ушул абалда эки учурду көңүлгө алуу керек. Биринчиден, аталган курандык көрсөтмөлөр конкреттүү кырдаалга тийиштүү жана аларды жайылтып түшүндүрүүгө болбойт. Экинчиден, аларды Курандын жана хадистердин башка аяттарын эске алуу менен интерпретациялоо керек. Шариаттын ар түрдүү жоболорунун ортосундагы тышкы карама-каршылыктарды алып салып, Курандын башка бөлүктүү, ошондой эле жалпы жоболорунун мааниси менен макул болгон, өзүнчө тарыхый фактылар менен байланышкан жана анын жеке көрсөтмөлөрүнүн түшүнүгүнөн чыгуу керек. Алар болсо каапырлар менен согушуунун алдында тынчтыкты каалагандыктары тууралуу бир мааниде айтышат: «Эгер алар тынчтыкка келишсе, сен да тынчтыкка кел жана Аллахка тобокел кыл» [169,203-б.].

Жихад таптакыр эле согушка барып такалбайт, жана андан бетер, курал менен мусулман эместердин изине түшүүгө багытталган эмес. Согуш аракеттери жихаддын ар түрдүүлүгүнүн бири катары динсиздик менен күрөшүүнүн ыкмасы катарында эмес, агрессияга жооп кайтаруу үчүн коргонуу каражатынын зарылдыгы катарында гана легитимдүү. Ислам баалуулуктарын бекитүүгө жана сырттан болгон кол салуудан аларды сактоого багытталган иш-аракеттер гана так маанисинде жихад деп аталуулары мүмкүн.

Террористтер менен бир мүнөткө макул болуп, алар чын жүрөктөн ислам үчүн согушуп жатышканына жол берип көрөлү. Бирок ушундай божомолдоп көргөндө да, алар – шариатты биринчи бузгандар, шариат ал эмес мыйзамдуу согуштун жүрүшүндө аялдарды жана балдарды өлтүрүүгө кескин түрдө тыюу салат, ал эми ислам укугунун түшүнүктөрүнүн көпчүлүгү – карыларды, дин кызматкерлерин, кол өнөрчүлөрдү, дыйкандарды да өлтүрүүгө жол бербейт. Исламга эч кандай коркунуч келтирбеген момун жарандар такай эле экстремисттик акциялардын бутасы болуп калууда, ал эми террористтердин койгон талаптары бул динге эч бир тиешеси жок.

Ислам ченемдери боюнча террордук акты үчүн жоопкерчиликти аны түздөн-түз аткаргандар гана эмес, ага тиешеси бар жактардын бардыгы жамааттык түрдө моюндарына алышы керек. Шариатка ылайык, имам-башкаруучунун буйругу боюнча гана жихадга жол берилет. Ошондуктан саясий лидерлер – түздөн-түз командирлер жана биринчи кезекте жогорку жетекчи – кылмышкерлер жасаган кыянат үчүн өздөрүнөн жоопкерчиликти алып сала алышпайт. Жеке максатынын артында террористтерди колдогондорго карата Куранда жакшы кеңеш айтылган: «Жакшылыкта, такыбалыкта бири-бириңерге көмөктөшкүлө. Ал эми жамандыкта жана душмандыкта көмөктөшпөгүлө» [166,125-б.].

Ислам экстремисттеринин түшүнүктөрүнө карабастан, алар исламга кызмат кылышпайт, ага зыян алып келишет. Өздөрүнүн иш-аракети менен исламдын жана мусулмандардын терс образын түзүп, аларды бүт дүйнөгө таратуу менен алар шариат менен корголгон жогорку баалуулук – динди тепкиге салып беришүүдө.

Ислам фундаментализмдин саясий-идеялык негизинин башка учурлары боюнча да экстремизминин идеологдорунун позициялары беделдүү ой жүгүртүүчүлөрдүн көз караштарына айрым учурларда карама-каршы келет. Бул, тагыраак айтканда, мамлекетке, бийликтин легитимдүү мекемелерине карата болгон террористтердин мамилесине тийиштүү.

Ислам мамилесинин бийликке карата радикалдуу түшүндүмөсүнүн өзү менен өзү болгон тезистерин ар бир мусулман бөлүшөрүн белгилеп кетүү керек. Алардын ичинен Куранда мындай аят көрсөтүлгөн: «Эй ыймандуулар, Аллага баш ийгиле! Алланын элчисине баш ийгиле! Ошондой эле силердин араңардагы колуна бийлик берилген башчыларга баш ийгиле!» [165,106-б.]. Өздөрүнүн ичинен чыккан «бийликке баарынан татыктуу» – Кудайдан тандалгандыгына байланыштуу динчилдерге жетекчилик кылууга чакырылган кайсы бир кадырлуу руханий адамдарга мусулмандарды баш ийүүгө милдеттендирет деп, бул башкаруунун маанисин түшүндүрүү менен, ислам тазалыгын сактагандар буга көбүрөөк талап коюшат. Ислам экстремизминин идеологдорунун пикири боюнча, булар жөн гана бийликти басып алышкан жана динсиздикке ооп кетишкен деп реалдуу башкаруучуларды, ошондой эле, сыягы мусулмандар ортомчуларга муктаж эмес жана Кудай эркинин маңызын өз алдынча эле түшүнүп, аны ишке ашыра алышат деп окумуштууларды да «татыктууларга» кошуудан кескин баш тартышат.

Исламдын Кудайдан берилген айкындыкка, билимге жана бийликке карата катыштык мамилесинин маңызы мындай, ислам билимге башкаруучулардын иши менен шариат ортосундагы ортомчу орунду берет.

Билимдин өзгөчө ролу, биринчи кезекте, Курандын жана сүннөттүн диний, культтук көрсөтмөлөрү жалпысынан алганда бейпил жашоодогу маселелерге тийиштүү шариаттын жоболорунан байкаларлык айырмаланып тургандыгы менен түшүндүрүлөт. Эгерди биринчи аталгандар толуктугу, тактыгы, бир маанилүүлүгү менен мүнөздөлсө жана чынында эле ортомчусуз өздөштүрүлүп, ишке ашырыла турган болсо, экинчилери ар бир конкреттүү кырдаалдарда атайын терең билимди талап кылган жалпы принциптерге жана багыттарга көбүрөөк барып такалат.

Жайылтылган пикирлерге карабастан исламдагы саясат жана дин – бир катар өз алдынча тармактар. Алардын ажырабастыгы тууралуу тезистерди далилсиз коргоо – саясат, мамлекет, укук чөйрөсүнө диний-догматтык,

этикалык постулаттарды автоматтык түрдө алып өтүүнү жокко чыгарган шариат менен үстүртөн тааныш болгондуктун көрсөткүчү. Дал ошол себептен «ижтихад» шариаттын четки бурчтук түшүнүгүнүн бири болуп чыгат. Ал, «Эгер билбесеңер, анда илим ээлеринен сурагыла» [172,347-б.], деген курандык чакырыкка карата бийликтегилер жооп иретинде кайрылган билимди, чыгармачыл башатты үлгү кылат.

Башкача айтканда, тынчтык иштеринде Куран аяттарын жана ондогон хадистерди жөн гана айтуу жолу менен «Аллага жана Анын элчисине моюн сундуруу» мүмкүн эмес. Эгерде Алланын эркин тастыктоодо токтоосуз жана компромиссиз аракетке даяр туруу анын негизги көрсөткүчү болуп чыкса, бул жерде бир эле ишеним жетиштүү эмес. Алланын эркин жактагандыктын белгиси – чечкиндүүлүк эмес, ал шариаттын алгачкы башатын жана негизги максаттарын өздөштүрүү, аларды колдонууну билүү. Ошондуктан ислам идеологдору тарабынан корголгон «динге ишенген акыл» жөнүндө тезис «аң-сезимдүү ишеним» концепциясы менен толукталууга тийиш, тынчтык иштеринде шариатты иш жүзүнө ашыргандык качандыр-бир убакта бекитилген ченемдерди катаал жана сокур ээрчүүнү гана эмес, акырындык, токтоолук, адамды түйшүк тарттырбоо, ашкереликти жокко чыгаруу, компромисс издөө сезиминде мусулмандардын ар кандай көйгөйлөрүн чечүүнү жана рационалдуу акыл калчоону да божомолдойт.

XII кылымдагы албан ислам ой жүгүртүүчүсү Ибн-Кайийм Аль-Джавзийя шариат көрсөтмөлөрүнүн рационалдуу табиятын баса белгилеген, Алланын чындыгы менен акылдын ортосундагы карама-каршылыкты көргөн эмес. Бир эле убакта ал шариаттын адамдардын муктаждыгын канааттандырууга багытталгандыгын өзгөчө бөлүп караган. Ушуга байланыштуу Аль-Джавзийя мындай деп жазган: «Шариат толугу менен адамдардын жердеги жана келечектеги жашоо кызыкчылыктарынын эсебинде жана акылмандыгында курулган; ал – талашсыз, далилдөөнү талап кылбаган акыйкаттыктын, боорукерликтин, кызыкчылыктар жөнүндө камкордуктун жана эң жогорку акылмандыктын үлгүсү; эгерде кандайдыр-бир чечим

акыйкаттыктан алыстаса жана баш аламандыкка кайрылса, боорукерликтен тескери жакка четтесе, кызыкчылыктарды чагылдыруудан баш тартса жана зыяндуулукка карай бурулса, акылмандыктан жүз бурса жана бузулууга ыктаса, анда ал шариатка таандык эмес» [12,3-б.].

Ийкемдүүлүк, өсүп-өнүгүүгө жана ар бир доор менен ар кандай шарттарга ылайыкташуу жөндөмдүүлүгү, мусулмандардын адаттары менен салттарын сыйлоо жана эсепке алуу сыяктуу шариаттын сапаттарын теңсинбегендик, демек Куран көрсөтмөлөрүнүн жана Пайгамбардын сүннөттөрүнүн маанисин түшүнбөгөндүк. Азыркы кездеги мусулман укук таануучуларынын жана теологдорунун эң беделдүүсүнүн бири Юсуф аль-Карадавинин [204,64-б.] айткандары боюнча, анткени «алар кыймылга таптакыр тоскоол болгон кишенди эмес, туура жол көрсөткөн жарыкты ар дайым үлгү кылышат». Адамдын кызыкчылыгын улай өзгөрүүгө тийиш болгон акыйкаттуу шариат саясатын бул баалуулуктарга карата багыт гана айырмалайт, деп Аль-Джавзийя ой бөлүшкөн.

Мусулман укук таануучулары тарабынан жүз жыл мурун түптөлгөн тынч жүрүм-турумдун бөлүктүү тышкы эрежесинен кичине эле четтеп кетүүнү, анын мааниси тууралуу ойлонбостон ишенимден кайтуу катарында эсептөө – демек каражатты максат катары көрсөткөндүк жана шариаттагы эң негизгини түшүнбөгөндүк. Мындай мамилени туткан фанатиктерди билгендердин катарына кошууга мүмкүн эместигин Аль-Джавзийя белгилеген. Анын пикири боюнча, бир дагы мужтахид өзүнүн ой-пикирин Алланын эрки катарында көрсөтүүгө укугу жок, ал эми шариаттын чыныгы табиятын бурмалаган түшүнүктү таңуулагандык, Алла жөнүндө жана Анын буйруктары тууралуу билимсиз корутунду чыгаруу менен барабар, бул Куранда чечкиндүү түрдө уяткарылат. Пайгамбардын сөздөрү менен имам Аль-Бухаринин [125,31-б.] хадиси бар: «Алла билимди адамдардын жүрөгүнөн сууруп алуу менен өзүндө кармабайт, бирок аны аалымдардын колунда сактайт; эгерде бир дагы аалым калбай калса, анда адамдар түркөйлөрдү өздөрүнө башкарма кылып алышат, алар жолдонгон

маселелердин жообуна билимге таянбастан өздөрү адашып жана башкаларды да адаштыруу менен чечим чыгарышат». Ислам илимпоздорунун биринчи муунунда эле белгилүү болгон дагы бир башка даанышмандык эске түшөт: «Билим бул аныгында дин; динди кимден алып жатканыңарды байкагыла» [125,37-б.].

Шариатка карата билимдүү мамиле ислам радикалдарынын окуусу жана практикасы менен эч кандай жалпылыкка ээ эмес. Алардын теориядагы чектелгендиги жана аракеттериндеги агрессивдүүлүк ал эмес алар идеялык жол башчылар деп эсептешкен ой-жүгүртүүчүлөр тарабынан чукул сынга алынат. Ибн Кайийм аль-Джавзийя [12,76-б.] өзүнүн жазмасында дал ушуну эске алган: «Фанатиктерди айта турган болсок, алар ар бир көйгөйдүн аягын өйдө каратып тескери буруп салышат, Пайгамбардын сүннөтүнө кайрылуу менен, алар андан өздөрүнүн айткандарына ылайык келгендерди гана кабыл алышат, алардын пикирине карама-каршы келгендерди четке кагуу үчүн же аларга туура келбеген күбөлөндүрүүлөрдү алып салуу үчүн түрдүү амалдарга да барышат; эгерде алардын позицияларын тастыктаган аябай салмактуу же ал эмес азырак ишенимдүү далилдерди таап алышса, алар аны кабыл алышат жана өздөрүнүн каршылаштарына каршы жүйөө катарында колдонушат».

Жогоруда келтирилген «кылыч аяттарына» тар түшүндүрмө берилген жана радикалдуу ислам фундаменталисттер Куран менен сүннөттүн айкын ченемдеринин максатын жана маанисин эске алуудан баш тарткан мисалдар, алар шариатка Кудайдын карама-каршы келбеген буйруктарынын бүтүн системасы сыңары карагандан баш тартышат деп жетиштүү түрдө чечендик менен күбөлөндүрүлөт. Өз тандоосу боюнча алынган шариаттын өзүнчө көрсөтмөлөрүнөн алар эң башкысын – бул эрежелердин маанисин көрбөй жатышат жана алар ошол максат үчүн түзүлгөндөрүн байкабастан, аны колдон чыгарышууда. Биринчи кезекте, жер жүзүндөгү иштерде шариатты жүзөөгө ашыргандык качандыр-бир убакта бекитилген ченемдерди катаал жана сокур ээрчүүнү гана эмес, алардын кызыкчылыктарын акыйкат жана акылдуу

канааттандыруу сезиминде мусулмандардын ар кандай көйгөйлөрүн акылга салууну жана чечүүнү божомолдойт.

Мындай мамилеге карабастан, исламдын жеке чакырыктарын ишке ашыруу үчүн террористтер мусулмандарга жалпы зыян кылууга барышат.

Террористтер, экстремисттер жана ислам фундаменталисттер ислам башатына кайтуу катарында чыгышса да, өздөрү алар менен келише алышпайт. «Кечиримдүүлүккө чакыр жана наадандардан жүз үйүр!» [168,195-б.] деген Кудуреттүү Алланын сөздөрүн түшүнүү үчүн мусулмандар чын эле мындай ортомчуларга муктаж эмес.

Исламды жамынган террористтер – ишенимдин аруулугу үчүн жихад жүргүзгөн күрөшүүчүлөр эмес, аялдар жана балдар менен согушкан киши өлтүрүүчүлөр экендиги, ислам баалуулугун коргоочулар жана динсиздикти жок кылуучулар эмес, шариаттын негизги максаттарына кол салган күнөөлүлөр экендиги, акыйкатсыз бийликке каршы чыккан каармандар эмес, башаламандыкты жана бузукулукту сепкен тополоңчулар экендиги жөнүндө жыйынтыкка каяша кылуу кыйын.

Ошондуктан, алар кыянаттык кылган жердеги мамлекеттин мыйзамы боюнча, же эл аралык укуктун ченемдери боюнча гана эмес, шариат боюнча да өздөрүнүн ушундай кылмыштары жана күнөөлөрү үчүн жооп берүүгө тийиш. Исламдагы кылмышты токтотуу концепциясы терроризм менен күрөшүүдө таасир берүүчү рецептин сунуштайт: теракт аткаруучуларын «кол» менен чечкиндүү түрдө токтотуу керек, «тил» менен – анын шыктандыруучулары жана устаттары менен идеялык кармаш жүргүзүлүүгө тийиш, ал эми «жүрөк» менен – бүтүн бойдон ислам жана мусулмандарды терроризмге күнөөлөө боюнча ишке аша элек каалоолорду жана бузукулукту токтотуу керек. Мына ошентип, шариат террористтердин куралы болбош керек, ал алардын өздөрүнө каршы иштетилүүгө тийиш.

Бир эле ислам постулаттары ар кандай түшүндүрүлөт жана чын эле бири-бирин жокко чыгаруучу мааниде ар түрдүүчө интерпретацияланат. Аларды түшүндүрүү салтын эске алуу зарыл. Бул, мындай постулаттарды сөз

менен айтуу формасы ага киргизилген маанини алдын ала аныктабастыгын көрсөтүп турат. Ошол эле учурда алардын ар бирине өзүнчө ой-жүгүртүү шариаттын башка жоболорун канчалык эске алгандыгынан көз каранды.

Ошол себептен, исламдын ичине таандык радикализм жөнүндө эмес, ислам ой-жүгүртүүсүндө бекип калган көрсөтмөлөрдү ар кандай түшүнүү салты жөнүндө айтуу туура болот. Ислам интеллектуалдык мурасынын дал ушул өзгөчөлүгү ар түрдүү мамилелерди шариаттын конкреттүү ченемдерине салыштырууга жол берет. Ошону менен бирге радикалдуу позицияларга карата альтернативдүү көз караш өмүр сүрүүгө аз эмес укукка ээ, ал эми азыркы дүйнөнүн реалдуулугун эске алганда – андан көп укукка ээ.

Азыркы ислам укук таануусу өзүнүн концептуалдуу мамилесин мусулман радикалдарынын идеялык лидерлеринин көз караштарына каршы гана койбостон, террористтик ишмердүүлүктү шариат позициясында жетиштүү даана квалификациялайт. Үстөмдүк кылган позицияга ылайык, терроризм үчүн жоопкерчилик Курандын төмөнкү жоболорунда каралган: «Чындыгында, Алла жана Анын элчисине каршы согушкандардын, жер жүзүндө бузукулук иштерди жасап жүргөндөрдүн жазасы – алар өлтүрүлөт, асылат, же колу-буттары кайчылаш кесилет, же мекенинен куулуп чыгарылат. Бул – алардын ушул дүйнөдөгү жазасы, ал эми Акыретте улуу азап бар» [167,132-б.].

Айтылгандардын мазмуну мамлекеттик бийликти тоготпогондукта, коопсуздукка кол салууда, коомдун социалдык жана экономикалык жашоо туруктуулугуна доо кетирүүдө, ээн-эркин жылып жүрүүгө жана жашоо ордун тандоо эркиндигине болгон укукту бузууда, өмүрү жана мүлкү үчүн кооптонуу сезимди адамдарда козгоодо камтылган. Мунун баары – көп учурда массалык киши өлтүрүүгө жана мүлктү басып алууга же аны бүлүнтүүгө чейин жеткирилген «Аллага жана Анын Элчисине каршы согушкан» агрессивдүү жүрүм-турумтун жыйынтыгы.

Аталган аракеттер так эле Аллага жана Мухаммед Пайгамбарга каршы чыккандык катары каралаарын, анткени жер жүзүндөгүнүн баардыгы

Кудуреттүүнүн ырыс-кешиги болуп саналаарын баса көрсөтүү маанилүү. Куранда айтылган көрсөтмөлөрдү терроризм түшүнүгүнүн маанисине салыштыруу менен мындай жыйынтыкка келсе болот, Алла орноткон жашоо тартибинин туруктуулугуна, жана акырында – коопсуздукка, ошондой эле аны кармап турууга жоопту бийликке кол салуу кылмышын терроризм өзүндө көрсөтөт.

Курамы король тарабынан дайындалган фикх маселелери боюнча королдуктагы расмий жана эң беделдүү мекеме – Сауд Арабиясынын Ири аалымдар коллегиясынын Кеңешинин 1988-жылы чыгарган белгилүү чечими, азыркы исламдык укук илиминин көз карашында террорго берилген ушундай баанын ишенимдүү аныктамасы болуп кызмат кыла алат.

Жасаган кылмыштары өзүндө «ынсапсыздыкты жайылтууну» көрсөтүп жана акыр аягында коопсуздукка доо кетирүүгө алып келгендиги үчүн бул документ террористтерди катуу жазалоого чакырат. Шариаттын бардык ченемдери анын беш негизги жалпы баалуулуктарын – динди, жашоону, абийирди, акылды жана мүлктү коргоого багытталгандыгы бул документте белгиленген. Террористтер өздөрүнүн иш-аракеттери менен адамдардын өмүрүнө, абийирине жана менчигине, ошондой эле коомдук коопсуздукка кол салышат деген факты эч күмөн жаратпайт. Алар башаламандык жана тартипсиздикти жаратышат, адамдардын өмүрү жана мүлкүнө болгон коркунучту аларга сиңиришет.

Аталган чечим каракчылык жана жаза боюнча жогоруда келтирилген Курандын аяттарын өзүнө камтыйт жана мындай жоопкерчилик террористтерге милдеттүү түрдө колдонулушун талап кылат. Ушул көрүнүштө, аталган курандык көрсөтмөлөр каракчылык жана тоноо кылмыштарын гана кучагына албастан, мисалы коркутууну кошкондо, башка да «ынсапсыздыкты жайылткандыктар» ага кирээри белгилүү боло баштайт. Андан тышкары, массалык бүлүндүрүүгө же коопсуздук жана тартипке кол салууга алып келген ар бир кыянаттык иштер үчүн жаза колдонуу иретинде бул аяттарда каралган санкция колдонулууга тийиш.

Ынсапсыздыкты жайылткандыгы жана бүлүндүрүү ишин кылгандыгы үчүн жоопкерчилик чараны ушул жүйөөнүн негизинде кеңеш бир добуштан бекиткен. Коопсуздукту бузуу жана адамдардын өмүрүнө, жеке же коомдук мүлккө кол салуу, б. а. турак-жайларды, мечиттерди, мектептерди, ооруканаларды, өнөр-жай объектилерин, көпүрөлөрдү, курал-жарак сактоочу жайларды, суу сактагычтарды жана мунай түтүктөрүн жардыруу, ошондой эле учактарды тартып алуу же жардыруу аларга кирет. «Ынсапсыздыкты жайылтуу» жөнүндө Курандын жобосуна шилтеме берүү менен бул кылмыштарга өлүм жазасы каралган. Жогоруда көрсөтүлгөн кылмыштар үчүн күнөөлүүлөр өлүм жазасына татыктуу, анткени бир адамдын өмүрүнө жана мүлкүнө кол салган кадимки тоноочуга караганда, алардын кылмыштары өзгөчө коркунучтуу экендиги Ири аалымдар коллегиясынын Кеңешинин чечиминде белгиленген. Ошол себептен, терроризм катары квалификацияланган кылмыш жасалган учурда, анда адам курмандыктары болбогон күндө да, күнөөлүү адам өтө оор жоопкерчиликти тартат.

Терроризмди Куранда белгиленген тоноочулук («ынсапсыздыкты жайылтуу») менен ушуга окшош салыштыруу, «Ислам конференциясы» уюмунун алдындагы Ислам юриспруденция (фикх) академиясынын бир канча документтеринде кайталанаарын эске алуу маанилүү. Ошентип, азыркы ислам укуктук ой-жүгүртүүсүнүн ушул жетектөөчү борборунун XIV сессиясынын 2003-жылы кабыл алган чечиминде терроризмдин аныктамасы түзүлгөн. Мамлекеттерден, топтордон же өзүнчө жактардан чыгып, адамдын динине, өмүрүнө, абийирине, акылына же мүлкүнө карата ага каршы багытталган моралдык же материалдык чочутуу же болбосо коркутуу, укуктук негиздерден ажыраган агрессивдүү аракеттер анын астында түшүнүлөт жана «жер жүзүндө ынсапсыздыкты жайылтуунун» ар кандай формасында көрүнөт [75,384-б.].

Терроризмди ушундай аныктоодо ислам укугу менен түзүлгөн анын эки маанилүү белгисине басым жасалгандыгын баамдабай коюуга болбойт. Биринчиден, ал «ынсапсызды жайылтуу» менен биригет, ал эми экинчиден, негизги белгиленген шариат баалуулуктарынын бирине кол салат.

Терроризмди ушундай түшүнүү, 2006-жылдагы аталган академиянын XVII сессиясында чыгарылган чечимин да кайрадан эске түшүрөт. Анда бир эле убакта мындай деп айтылат, террористтик актыны аткарган дагы, анан да, ким ага көмөк көрсөтсө, бул ишмердүүлүктү каржыласа же ага ар кандай формада жардам берсе, ошолор террористер болуп саналышат. Ушул көрүнүштө жеке адамдар да, ошону менен топтор же мамлекет да ошондой жардамчылар боло алышат.

Аталган чечимдин терроризмге түрткү берген себептери белгиленген бөлүмү өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Биринчи кезекте ал себептерге идеялык экстремизм жана фанатизм, ошондой эле шариат ченемдерин билбегендик киргизилген. Ушуга байланыштуу, агартуучулук жана терроризмге каршы туруу идеясы үчүн мусулман аалымдарынын, укук таануучуларынын, дин жайылтуучуларынын жана илимий борборлордун жоопкерчилиги баса белгиленет. Ошону менен, азыркы ислам ой-жүгүртүүсүндө экстремисттик агым бар экендиги моюнга алынат. Ошону менен бирге анын жактоочулары исламдан четтегендер катары каралышпайт.

Тескерисинче, ким алардын көз караштарын тең бөлүшпөсө, ошолорду динсиз деп кине койгон мусулмандардын аракеттерин кескин айыптаган академиянын чечимдерин мисал кылууга болот. Башкача айтканда, азыркы ислам укуктук ой-жүгүртүүсүнүн бул беделдүү органы, ал эмес радикалдуу баалар – жалпы идеялык ислам багажынын бөлүгү дегендиктен чыгат. Иштин башка жагы, мындай радикалдуу абалды тең бөлүшкөндөрдү дайыма исламдын түз жолунан «четтегендер» же «адашкандар» деп аташкандары.

Терроризмге карата мааниси боюнча жакыныраак позицияны Ислам дүйнөсүнүн лигасына караштуу Фикх академиясы карманат. 2002-жылы өзүнүн XVI сесиясында ал айтылуу Мекке декларациясын [105,48-б.] кабыл алган жана андагы айтылгандар боюнча, шариат мусулмандардын гана өмүрүн жана мүлкүн коргобостон, Мухаммед Пайгамбардын сөздөрүнө ылайык мусулман эместердикин да коргойт: бизде кандай укуктар болсо, мусулман эмес да ошондой укуктарга ээ, жана анда биздегидей эле милдет бар. Бул

документте терроризм адамга каршы агрессия жана ага карата зордук катары бааланат. Бир эле убакта терроризмге аныктама берилет, ага ылайык адамга каршы мамлекет же топ, өзүнчө жактар тарабынан жасалган жана адамдын динине, өмүрүнө, акылына, абийирине же мүлкүнө кол салган агрессия терроризм деп түшүндүрүлөт. Укуктук негиздери жок туруп, терроризм адамдарды коркутууну, күч колдонуу коркунучун, аларды азап тарттырууну жана өлтүрүүнү өзүнө камтыйт. Мындай аракеттер «ынсапсыздыкты жайылтуу», тоноо жана коркутуу, жеке жана коомдук мүлккө, мамлекеттик ресурска каршы диверсиялар менен байланышкан, булар курандык чакырыкка ачык эле каршы келет: «Жер бетинде бузукулук кылууну көздөбө, Алла бузукуларды сүйбөйт» [175,424-б.].

Терроризм үчүн жоопкерчиликти аныктоодо Ислам дүйнөсүнүн лигасы өзүнүн чечиминде жер жүзүндө «ынсапсыздыкты жайылтуу» жөнүндөгү Курандын аятына шилтеме жасайт. Бир эле убакта дин маселесинде ар кандай фанатизмди жана экстремизмди кескин айыптайт, ал Мухаммед Пайгамбардын сөздөрү менен тастыкталат: «Диндеги чектөөлөрдөн ашып кетпегиле; чындыгында, силерге чейин, диндеги чектен ашкандык аларды азапка салган». Бул документте мусулман эместерге карата мамиле жөнүндө жана ар кандай агрессияга тыйуу салуу тууралуу шариаттын белгилүү жоболору айтылат, атап айтканда Курандагы мындай парз: «Силерге согуш ачкандар менен Алла жолунда согушкула жана чектен чыкпагыла. Чындыгында, Алла чектен чыккандырды жакшы көрбөйт» [160,48-б.].

Чыныгы ислам баалуулуктарынан четтегендик катарында квалификацияланган ар кандай көз караштарды кескин айыптаган Ислам дүйнөсүнүн лигасынын (ИДЛ) ошол документтери жана чечимдери өзүнө көңүл бурдурат. 2004-жылы ИДЛ Мечиттер кеңешинин сессиясында бул маселеге атайын арналып, кабыл алынган кайрылуу көрүнүктүү мисал боло алат. Анда ушул идеялар жана анын жайылтылышынын себептери ийне жибине чейин анализденет. Атап айтканда, ашкере көз карашты тең бөлүшкөн экстремисттер исламдын түз жолунан кайткандыгы белгиленет. Ушуну менен

алар «абийирсиздикти жайылткандыктан» жана мыйзамдуу бийликке баш ийбегендиктен, аларды келечек жашоодо каардуу жаза күтөт.

Европа фетвалар кеңешинин XI сесиясындагы түздөн-түз жихадга арналган чечим өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Ага ылайык, башка диндин жана маданияттын өкүлдөрү менен мусулмандардын мамилесинин негизин боорукерлик, мээримдүүлүк, позитивдүү алмашуу түзөөрүн Курандын жоболорунун жана Мухаммед Пайгамбардын сүннөттөрүнүн жалпы анализи тастыктайт. Андан башка, бири-бирин өз ара таануу, ынтымакта өмүр сүрүү, тилектештик, жакшылыкка ыктоо жана түз жолго түшүүгө умтулуу айтылат.

Кеңештин пикири боюнча, бул башталыш төмөнкү аяттарда ырасталат:

• «Эй адамдар! Биз силерди эркек жана аял кылып жараттык. Анан да бири-бириңерди тааныш үчүн, биз силерди урууларга жана элдерге бөлдүк»;

• «Ким диниңерге каршы согушпаса жана мекениңерден кууп чыкпаса, аларга жакшылык кылууга жана адилеттүү болууга Аллах тыюу салбайт… Ким диниңерге каршы силер менен согушса жана силерди үйүңөрдөн кууп чыкса, жана да силерди кууп чыгууга жардам берсе, алар менен достошууга Аллах тыйуу салат» [163,552-592 б.].

Кеңеш жихад бир канча мааниге ээ экендигин белгилеген. Атап айтканда, «жан дүйнө жихады» деп адамдын жеке кемчиликтен арылгандыгы түшүндүрүлөт. «Мүлктүк жихад» термини жакшылык иштерге материалдык каражаттарды сарптоону түшүндүрөт, ал эми «калем, тил же билим жихады» ислам маселелери боюнча үгүт-насаатка мелженген. Түздөн-түз «Куран жихады» жөнүндө да айтса болот, б.а. Кудуреттүү Алланын сөздөрүнө ылайык Анын айткан чындыгын келтирүүгө болот: «Каапырларга баш ийбе жана анын жардамы менен аларга чоң күрөш жүргүз» [174,390-б.].

Албетте, куралдуу күч колдонуу жихаддын жетектөөчү формаларынын бири болуп чыгат, адат катары ал Куранда «китал» («кармашуу») термини менен белгиленген, б. а. жооп иретинде курал колдонуу. Мурда белгиленгендей, мусулман укук-таануучуларынын көпчүлүгүнүн пикири

боюнча мындай аракетке агрессияны токтотуу үчүн коргонуу каражаты катарында гана жол берилет, ал Курандын төмөнкү жоболорунан чыгат:

• «Силерге согуш ачкандар менен Алла жолунда согушкула жана чектен чыкпагыла. Чындыгында, Алла чектен чыккандырды жакшы көрбөйт» [160,48-б.].

• «Чындыгында чабуул жасалып, зулумдукка учурагандар үчүн согушууга уруксат берилди. Албетте, Алланын аларга жардам берүүгө күчү толук жетет. «Алар: «Эгебиз – Алла!» - дегендиги үчүн гана жазыксыз жерден журттарынан куулгандар» [173,362-б.].

Зомбулуктун жана куугунтуктун, анын ичинде диний мотив боюнча да, алардын ар кандай түрүнө каршы аракеттенүү үчүн куралдуу күч колдонуу катарында жихадга жол берилет деп фикхтин эсептегенин көңүлгө алуу керек. Алланын төмөнкү сөздөрүндө дал ушул жөнүндө айтылат: «Бузукулук токтоп, дин толугу менен Аллага таандык болгонго чейин алар менен согуша бергиле! Эгер алар тыйылышса, анда душмандык жок жана ким бузукулукту уланта берсе, аларды кууп чыккыла» [161,49-б.].

Куралдуу жихадды ушундай түшүнүү азыркы күнү аябай актуалдуу, анткени агрессиянын жолун бууп жана куугунтукту токтотуу үчүн бардык тынчтык түрдөгү ыкмалар түгөнгөндөн кийин акыркы каражат катары гана аскер күчүн колдонууга жол берилээри кеңештин чечиминде белгиленет. Ошону менен бирге, фикх тарабынан иштелип чыккан аскер аракеттерин жүргүзүүнүн катаал шарттарын жана чектерин сактоо зарыл. Тагыраак айтканда, зыянга учуратууга, мүлктү бүлүндүрүүгө жана ким агрессиялык аракеттерди жасабаса, аларды коркутууга кескин түрдө тыюу салынат.

Мүлктү же территорияны басып алууга багытталбаган, улуттук же этникалык мүнөздөгү кызыкчылыктарга жетүүгө мелженбеген, жеке пайданы көздөбөгөн күч колдонуу гана легитимдүү куралдуу жихад болуп эсептелээрин эске алуу өтө маанилүү. Андан тышкары, аскер жихады ислам динин кабыл алууга зордоо үчүн иш жүзүнө ашырылууга мүмкүн эмес, ал

Куран сөздөрүндө айтылат: «Динде зордоого Ал уруксат берген эмес» [162,61-б.].

Террористтердин аракеттери шариаттын айкын көрсөтмөлөрүнө каршы келээрин жана аларды кандай болгон күндө да жихад катары эсептегенге болбостугун бардык бул жоболор ишенимдүү күбөлөндүп турат деп кеңеш корутунду чыгарган. Ошону менен бирге, шариаттын тыюу салганына (айыптаганына) жана тиранияга каршы аракет сыңары күчтү жана башка формаларды легитимсиз колдонуу баарынан мурда тескери жыйынтыкка алып келээрин кеңеш баса белгилеген. Анткени, тыйуу салынгандардын жолун бууган шарттардын бири, бул аракеттер андан дагы оор мүшкүлдөргө алып келбеши керектигин жоромолдойт.

Ушундай башталыштарды эске алуу менен, кан төккөндүккө жана менчикке кол салуучулукка түрткөн экстремисттик пропаганданын жетегинде калбоого кеңеш көптөн-көп сунуш кылган. Кеңеш анын ордуна, «Тиран-башкаруучуга жолдонгон чындык сөз эң мыкты жихад болуп саналат» - деп Мухаммед Пайгамбардын берген кеңешине ылайык бейпил жихаддын ар түрдүү формасын пайдаланууга чакырган.

Башкача айтканда, зомбулуктун жана куугунтуктун, анын ичинде диний мотив боюнча да, алардын ар кандай түрүнө каршы аракеттенүү үчүн гана жихад мыйзамдуу болоору тууралуу азыркы ислам укук таануусунда артыкчылыкка ээ болгон жыйынтык, ислам укуктук ой-жүгүртүүнүн эл аралык жетектөөчү борборлорунун чечимдеринде айтылат. Ушуга байланыштуу мурдараакта аталган Мекке декларациясына кайрылып кетсек.

Эгерде бул декларацияны кунт коюп окусак, анда ал башкача көз караштты коргой тургандыгына оңой эле ишенсе болот. Анда исламды жайылтуу (аны сиңирүү) жөнүндө эмес, исламга тынч чакырык тууралуу айтылат. Андан тышкары, документттин эч бир жеринде куралдуу жихад жөнүндө түздөн-түз айтылган эмес. Чындыгында, исламга карата тынч чакырыкка тоскоолдук жөнүндө сюжеттен кийин дароо эле шариаттын позициясында куралды мыйзамдуу колдонууга тиешелүү жихад жүргүзүүнүн

эрежелери эскертилет. Ким ушундай чакырыкка тоскоол болсо, ошолордун баары өлүмгө татыктуу сыяктуудай. Бирок эң башкысы, ушул абалда, ким мусулмандарга, анын ичинде карыларга, аялдарга жана балдарга каршы курал көтөрбөсө, аларды өлтүрүүгө тыюу салынаары – атайын баса белгиленет. Башкача айтканда, исламга тынч үндөгөндөр менен ким согушса, ошолорго гана каршы куралдуу жихад жүргүзүлүшү мүмкүн.

Каралып жаткан документ зомбулуктун жана куралдын жардамы менен исламды жайылтууга таптакыр үндөбөйт. Тескерисинче, башкалардын өмүрүн жана алардын мүлкүн күзөтүүдө жарандык жана жашоо ченемдерди сактоо мусулмандардын милдети болуп саналаарын ал баса белгилейт. Ошондуктан, эгерде кимдир-бирөө исламды жайылтууга тоскоолдук кылса, анда алардын өлкөсү куралдуу жихаддын территориясы болуп калат деп Мекке декларациясына шилтеме берүү менен европалыктарды коркутууга негиз жок.

Албетте, азыркы ислам ой жүгүртүүсү көп ар түрдүүлүк менен мүнөздөлөт. Анын ичинен шариатты радикалдуу башатта түшүндүргөн концепцияларды табуу кыйынчылык деле жаратпайт. Бул ислам укук илиминин жетектөөчү борборлоруна тиешелүү эмес. Терроризмди, экстремизмди жана радикалдуу диний фундаментализмди актагандык эмес, аларга каршы ишенимдүү аргумент – алардын тыянагы.

Терроризм, диний экстремизм жана радикалдуу фундаментализм кырдаалынын эл аралык факторлорунан болгон көз карандылыкты кабыл алуу менен, Кыргыз Республикасынын жетекчилиги терроризм, экстремизм жана радикалдуу фундаментализм менен күрөштө эл аралык кызматташтыктын өнүгүшүнө олуттуу маани берет.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасы терроризм менен күрөшүү боюнча көптөгөн эл аралык жана регионалдык келишимдердин катышуучусу болуп саналат: БУУ бардык аракеттеги Конвенцияларынын жана аларга толуктоо киргизген протоколдордун, Терроризмди токтотуу жөнүндө Европа конвенциясынын (1977-жыл), Терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен

күрөшүү жөнүндө Шанхай конвенциясынын (2001-жыл) жана Терроризм менен күрөшүүдө КМШ катышуучу-мамлекеттердин кызматташтыгы жөнүндө келишиминин (1999-жыл).

Терроризм жана экстремизм менен күрөшүүнүн эл аралык-укуктук негизи, субординация жана координациянын өз ара салыштыруусунда жайгашкан принциптердин жана ченемдердин тутумун өзүндө көрсөтөт. Бул тутумдун негизин мамлекеттердин террористтик жана экстремисттик ишмердүүлүгүнө тыюу салган принциптер түзөт. Анын ичине ошондой эле эл аралык терроризмдин өзүнчө формалары менен күрөшүү боюнча мамлекеттердин кызматташтыгын жөнгө салган универсалдуу конвенциялар кирет. Терроризм менен күрөшүүнүн эл аралык-укуктук негизин бекемдөөнүн олуттуу жана тез өнүгүп жаткан багыты бул тармактагы эки тараптуу жана регионалдуу келишимдерди түзүү болуп саналат.

Терроризмди ачыкка чыгаруу, алдын алуу жана токтотуу боюнча эл аралык кызматташтык Кыргыз Республикасы тарабынан ар түрдүү багыттарда: эки тараптуу жана көп тараптуу негизде иш жүзүнө ашырылат.

Эл аралык терроризм менен күрөшүүдө мамлекеттердин азыркы кездеги кызматташтыгынын негизги багыттары БУУ Генералдык Ассамблеясынын 1994-жылдын 9-декабрындагы 49/60 «Эл аралык терроризмди ликвидациялоо боюнча чаралар жөнүндө декларация» [146] аттуу Резолюциясы менен аныкталган. Алардын принципиалдуу негизи кыскача кийинкидей калыпка салынышы мүмкүн: башка мамлекеттерге же алардын жарандарына каршы багытталган террористтик актыларды уюштуруу же даярдоо үчүн же болбосо террористтик базаларды же үйрөтүү лагерлерин түзүү үчүн мамлекеттердин территорияларын пайдаланууга бөгөт коюу боюнча чараларды көрүү; террористтик ишмердүүлүккө көмөк көрсөтүү жана аны уюштуруу жана ага шыкактоо катары өзүн көрсөткөн мамлекеттик терроризмдин саясатынан баш тартуу; кылмышкердин изине түшүүнү ишке ашыруу жана аны өткөрүп берүү маселелери боюнча кызматташтыкты өнүктүрүү; терроризмди алдын алуу жана аны менен күрөшүү максатында

маалымат алмашуу; алар катышуучу болуп саналган конвенциялар боюнча милдеттенмелерди тийиштүү деңгээлде аткаруу; террористтерге жашырынуу үчүн башпаанек бербөө.

Терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм менен күрөшүүнү жүзөөгө ашырган субъекттердин, ошондой эле антитеррористтик мыйзамдарды ишке ашырууга катышкан башка мамлекеттик органдардын компетенцияларын эске алуу менен, терроризм менен күрөшүү чөйрөсүндө кызматташуунун негизги багыттарынын ичине төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

– кызматташкан жактардын объектилери менен жарандарына карата даярдалып жаткан жана ишке ашырылган террористтик, экстремисттик акциялар тууралуу, ошондой эле чет элдик жана эл аралык террористтик, экстремисттик жана радикалдуу диний фундаменталисттик уюмдардын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат алмашуу;

– күзөткө алынган объекттерди, анын ичинде массалык кыргын салуучу куралдар, ракеталык жана ок атуучу куралдар, ок-дары жана жардыруучу заттар менен жабдылган аскер объекттерин коргоо;

– контртеррористтик операцияларды жана башка антитеррористтик мүнөздөгү иш-чараларды, ошондой эле террористтик мүнөздөгү кылмыштарды жасоо каражаты катарында колдонулушу мүмкүн болгон куралды, жардыруучу, уулантыруучу, радиоактивдүү заттарды жана башка предметтерди Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынан мыйзамсыз алып өтүүгө бөгөт коюуга багытталган иш-чараларды жүргүзүү;

– террористтик, экстремисттик жана радикалдуу диний фундаменталисттик акцияларды иликтөө жана кылмышкерлерди издөө боюнча биргелешкен аракеттер;

– террористтик жана экстремисттик мүнөздөгү кылмыштар боюнча иштер менен байланышкан жазаларды аткаруу;

– терроризм менен күрөшүүдө колдонулган атайын техника, курал-жарак, экипировка жана башка каражаттарды өз ара алмашуу;

– террористтик акцияларды илимий изилдөөнүн жыйынтыгы жана аны ачыкка чыгаруу, алдын алуу жана токтотуу тажрыйбасы менен өз ара алмашуу.

Кызматташтыктын тизмектелген формасы негизинен мыйзамдуулук тармагындагы кызматташтыктын жана укук колдонуу ишмердүүлүгүнүн ар түрдүү өңүттөрүн козгойт (мыйзамдарды бир калыпка салуу жана террористтик ишмердүүлүктүн ар түрдүү багыттарын криминалдаштыруу).

Терроризм менен күрөшүү чөйрөсүндө эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташтык мүмкүнчүлүгүнүн өзгөчө толук спектри 2003-жылдагы «Эл аралык терроризм жана башка экстремисттик көрүнүштөр менен күрөшүү боюнча Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин катышуучулары болгон мамлекеттердин программасында» чагылдырылган [140].

Терроризм актылары менен күрөшүүдө кызматташтыктын принципиалдуу жаңы формаларынын бир катарын 1999-жылдын 4-июнундагы Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин катышуучулары болгон мамлекеттердин терроризм менен күрөшүүдөгү кызматташтыгы жөнүндө келишим аныктаган [53]. Алардын ичине төмөнкүлөр кирет: технологиялык жана экологиялык жогорку коркунучтагы объекттердин физикалык коргоо тутумунун абалына баа берүүгө, бул тутумду өркүндөтүү үчүн чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга көмөк көрсөтүү; терроризм актыларына бөгөт коюуда жана алардын кесепеттери менен күрөшүүдө практикалык жардам берүү үчүн атайын антитеррористтик түзүмдөрдүн кызыкдар болгон тараптарынын ортосундагы макулдашуу боюнча багыт; технологиялык жана экологиялык жогорку коркунучтагы объекттердин физикалык коргоо каражаттарын жана тутумун иштеп чыгуу боюнча тажрыйбалык-конструктордук жана илимий-изилдөө иштерин тараптардын макулдашуусу менен биргелешип жүргүзүү жана каржылоо; антитеррористтик ишмердүүлүктү камсыз кылуу үчүн атайын каражаттарды, техниканы жана шаймандарды жеткизүүнү келишимдин негизинде иш жүзүнө ашыруу.

Белгилүү болгондой, азыркы учурда БУУ Терроризмге каршы аракеттин универсалдуу стратегиясын жана бул тармакта эл аралык кызматташуунун комплекстүү программасын иштеп чыгуу боюнча антитеррористтик комитеттин алкагында жигердүү иштерди жүргүзүүдө.

КМШ алкагында алынган контртеррористтик тажрыйба сөзсүз түрдө тийиштүү маселелерге карата ар тараптуу мамиленин мүмкүн болгон вариантын көрсөтөт жана терроризм менен күрөшүү боюнча эл аралык кызматташтыктын төмөнкү өзүнө камтылган өзгөчө маанилүү жана актуалдуу багыттарын чагылдырат:

1. Атайын кызматтардын жана башка компетенттүү органдардын биргелештирилген маалымат банкынын негизинде тутумдуу түрдө маалымат алмашуу.

2. Терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм менен күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бир калыпка келтирүү (биринчи кезекте, конкреттүү террористтик жана экстремисттик иштердин багытынын криминалдашкан бөлүгүндө).

3. Эл аралык терроризм жана башка экстремизмдин радикалдуу диний фундаментализмдин көрүнүштөрү менен күрөшүү боюнча комплекстүү операцияларды жана ыкчам-издөө иш-чараларды даярдоого жана жүргүзүүгө, ошондой эле түбөлүгү өзгөчө алсыз объект жана жактардын коопсуздугун камсыз кылууга көмөк көрсөтүү.

4. Антитеррористтик бөлүктөрдүн нускоочуларын жана адистерин даярдоону уюштурууга жардам берүү.

5. Террористтик, экстремисттик мүнөздөгү кылмыштарды жасаган жана кылмыш-жаза куугунунан же сот өкүмүнүн аткарылышынан качып жүргөн адамдарды кармоону жана мамлекет аралык издөөнү жүзөөгө ашырууга көмөк көрсөтүү.

6. Эл аралык террористтик, экстремисттик топтордун жана уюмдардын ишмердүүлүгүн, ошондой эле алардын каржы жана материалдык камсыз кылуу булактарын токтотуу жана ачыкка чыгаруу боюнча, террористтердин

жана экстремисттердин базаларын, машыгуучу лагерлерин, дарылануучу жана эс алуучу жайларын аныктоо жана ликвидациялоо боюнча биргелешкен иш-чараларды (анын ичинде аскердик-техникалык мүнөздөгү) уюштуруу.

7. Терроризмге, экстремизмге жана радикалдуу диний фундаментализмге каршы аракеттенүүнүн методикасын иштеп чыгуу.

Кылмыш жана социалдык-саясий көрүнүштөр сыяктуу терроризмдин, экстремизмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин татаал түзүмүнө ушундай көп тараптуу мамиле туура келет жана терроризмге бөгөт коюу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын эки тараптуу жана көп тараптуу карым-катнаштарын өнүктүрүүгө багыт катары кызмат кыла алат.

Маалыматтардын бирдиктүү банкы маалымат алмашуунун келечектүү жана кайтарымдуу формасы болуп саналат, бирок аны практика жүзүндө ишке ашыруу дайыма кийинки жагдайларда кыйынчылык жаратат: берилүүчү маалыматтын жашыриндуулук стандарттарындагы айырмачылык; көпчүлүк учурда кызматташкан өлкөлөрдөгү коопсуздук маселелерине тиешелүү ыкчам жана чалгындоо маалыматтары өзгөчө мүнөзгө ээ болгондо, мындай маалыматтар максатсыз пайдаланылышы мүмкүн деген кооптонгондук ж.б.

Ушунда кырдаалда регионалдык маалыматтар банктары өздөрүн барынан натыйжалуу экендиктерин көрсөтүштү, алардын ичинде КМШ алкагында түзүлгөн банк да бар.

КМШ мамлекет башчыларынын Кеңешинин 01.12.2001-жылдагы чечими менен туруктуу аракеттеги атайын тармактык орган катарында КМШ катышуучулары болгон мамлекеттердин Антитеррористтик борбору түзүлгөн.

Анын максаттары жана милдеттери КМШ АТБ жөнүндө Жобосунда көрсөтүлгөн жана алар төмөнкүлөргө алып барат: эл аралык терроризмди жана башка экстремизм көрүнүштөрүн жайылтуу тенденциялары жана динамикасы, абалы жөнүндө келип түшкөн маалыматтын талдоосунун негизинде Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин мамлекет башчыларынын Кеңешине жана КМШ башка органдарына тийиштүү сунуштарды иштеп чыгуу, эл аралык терроризм жана башка экстремизм көрүнүштөрү менен

күрөшүүдө КМШ катышуучулары болгон мамлекеттердин компетенттүү органдарынын өз ара координациясын камсыз кылуу.

Терроризмди, экстремизмди токтотуу жана алдын алуу чөйрөсүндөгү эң маанилүү тармактардын бири – террористтердин жана экстремисттердин ишмердүүлүгүнүн каржы өңүттөрүнө тийиштүү такталган маалыматты убагында алуу.

Америкалык юристтер жана дипломаттар белгилегендей, каржы көзөмөлүнүн эл аралык жана улуттук механизмдерин күчөтүү, бардык өлкөлөрдүн ички мыйзамдарынын ченемдерин Терроризм каржысы менен күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенциянын жана ФАТФ атайын сунуштарынын жоболоруна акырындык менен ылайык келтирүү терроризм менен күрөшүү боюнча укуктук инфратүзүмүнүн башаттык элементи катарында каралат.

Жакынкы жана алыскы өлкөлөрдүн атайын кызматтары менен биргеликте эл аралык кызматташтык алкагында Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук боюнча Мамлекеттик Комитетинин органдары тарабынан коңшу өлкөлөрдө да, биздин республиканын территориясында да аракеттенген террористтик, экстремисттик жана радикалдуу диний фундаменталисттик уюмдардын мүмкүн болгон каржы каналдары жөнүндө конкреттүү маалыматты текшерүү боюнча ыкчам-издөө иш-чаралары жүзөөгө ашырылууда.

Терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм менен күрөшүү чөйрөсүндө качан ар кандай мамлекеттердин кызыкчылыктары шайкеш келген абалдарда гана мамлекеттер аралык өз ара аракеттер ишке ашырылаарына макул болбой коюуга болбойт.

Жетиштүү эмес кызматташтык, мүмкүн болуучу тарапташтарга карата ар дайым байкалган жетишсиз ишеним, терроризм жана экстремизм менен күрөшүүдө болбой койбос кесепеттерге алып келиши мүмкүн. Бул айтылгандар конкреттүү учурларда канчалык өзүн актагандыгына карабастан,

террористтер, экстремисттер жана алардын көмөкчүлөрү өздөрүнө мындан дайыма пайда таап алышат.

Мындай ишенбестик жана түшүнбөстүк барынан мурда, чалгындоо маалыматтарын алмашуу жана террористтерди, экстремисттерди издөө, өткөрүп берүү сыяктуу кызматташтык формаларын козгойт.

Эл аралык терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм менен күрөшүү чөйрөсүндө мамлекеттер аралык өз ара аракеттин негизин атайын кызматтардын кызматташтыгы түзөт.

Практика жүзүндө дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнүн атайын кызматтары тигил же бул деңгээлде ага катышышат. Террористтик жана экстремисттик коркунучка көбүрөөк кириптер болгон мамлекеттердин атайын кызматтары башкалардан жигердүү түрдө өз ара кызматташышат.

Айрым изилдөөчүлөр акыйкат белгилегендей, терроризмди, экстремизмди жана радикалдуу диний фундаментализмди түп тамырынан жоготуу бардык өлкөлөр жана элдер чечүүгө кызыкдар болгон дүйнөлүк мамлекеттер биримдигинин жалпы көйгөйү болсо дагы, ар бир мамлекет адамзат баалуулугуна гана багыт алып бул маселеге кайрылбастан, кызматташуунун бул багытынын негизги чектөөчүсү болуп саналган улуттук коопсуздукту камсыз кылуу кызыкчылыгынан чыгуу менен кайрылат.

Террористтик ишмердүүлүктүн уюшулган формаларына каршы аракеттерде көп тараптуу негизде кызматташууга жол берген Уюшкан кылмыштуулук менен күрөшүүдөгү кызматташтык жөнүндө келишим КМШ катышуучулары болгон мамлекеттердин коопсуздук органдары жана атайын кызматтарынын жетекчилери тарабынан 1995-жылдын 31-май айында Тбилиси шаарында кол коюлуп, күчүнө кирген.

Ар түрдүү регионалдуу саясий жана аскер блокторунун (ЖККУ, ШКУ, КМШ) алкагында мындай кызматташтыктын келечеги көбүрөөк айкын, ал жерде терроризм менен күрөшүү маселелери жана тийиштүү чалгындоо ишмердүүлүгү катышуучу-мамлекеттердин коопсуздугун камсыз кылуунун жалпы стратегиясы болуп саналат.

Терроризм менен күрөшүү боюнча эл аралык кызматташтык чөйрөсүндө улуттук стандарттарды жана артыкчылыктарды иштеп чыгууда, ички жана тышкы антитеррористтик саясат мезгилдин талаптарына ылайык туруктуу көзөмөлгө жана жаңыланууга, анын ичинде атайын кызматтардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу маселелерине, ошондой эле эл аралык кызматташтык сыяктуу багыттагы маселелерге муктаж экендигин эске алуу максатка ылайык.

Башка чет элдик укук коргоо органдары жана атайын кызматтары менен байланышты тереңдетүү зарыл. Бирок мындай байланыштар уюшкан кылмыштуулук, баңги жана баш айландыруучу заттарды мыйзамсыз жүгүртүү, эл аралык терроризм, диний экстремизм жана радикалдуу фундаментализм менен күрөшүүдө жалпы кызыкчылыктарга негизделиши керек.

Кызматташтык чөйрөсүндөгү артыкчылыктарды божомолдоодо Кыргыз Республикасы үчүн узак мөөнөттүү кесепеттер эске алынбаган кезде жана аталган иш-чараларга жигердүү киргизүү жетиштүү деңгээлде эсепке алынбаган учурда, терроризм, диний экстремизм жана радикалдуу фундаментализм менен күрөшүү боюнча масштабдуу жана глобалдуу антитеррористтик иш-чаралар менен берилип иштөө боюнча айрым эксперттердин кооптонуусун эске алуу маанилүү болуп көрүнөт.

## ҮЧҮНЧҮ БАПКА ТЫЯНАК

Эл аралык терроризмдин, диний экстремизмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин авансценасына көпчүлүк учурда исламисттик фактор чыгат.

Дин – коомдогу биримдикти камсыз кыла алган топтук окшоштуктун маанилүү булактарынын бири. Диний жүйөөлөнүү дүйнөдөгү саясий зомбулук үчүн эң байыркы негиздемелердин катарында жайгашкан.

Фундаментализмдин ар түрдүү типтеги жактоочуларын көз караштуу өзгөчөлүктөр, ой жүгүртүү стили жана жүрүш-туруш мүнөздөмөлөр, ошондой эле кайсы бир диний-социалдык жана диний-саясий топко таандыктык бириктирип турат. Радикалдуу диний фундаменталисттик уюмдар көз караашта кандайдыр-бир пикир келишпестиктерге жана ажырымдарга жол берилбеген «фундаменталисттик дүйнөнү» биргеликте түзүшөт. Практика жүзүндө алардын бардыгы өздөрү көрсөткөн акыйкат топтомун саясатта ишке ашырууга аракет кылышат, бийликке умтулушат жана аны ээлеп алуу же сактоо үчүн көз карашка негизделген тезистерди колдонушат.

Фундаменталисттер тартипти, баш ийүүнү жана оппозициянын жоктугун жактырышат. Алар дайыма өздөрү каалаган жыйынтыкка жетүү үчүн күрөшүүгө даярдыгын көрсөтүшөт, ал жыйынтык – аларга жетектөөчү роль таандык болгон коомду түзүү. Кезектеги кайра жаралууну башынан өткөрүп жаткан диний фундаментализм буга көрүнүктүү мисал болот.

Радикалдуу диний фундаменталисттердин доктриналарында бардык суроолорго жооптор табылган, бардык чечимдер кабыл алынган, бардык мүмкүн болгон окуялар алдын алынган. Туура доктрина фундаменталисттер үчүн бардык дүйнөлүк көйгөйлөрдүн ачкычы болуп кызмат кылат.

Радикалдуу фундаменталисттер өздөрү жылдырган фундаменталдык принциптерди коргоодо дайыма тартиптүү жана өжөр болот.

Фундаментализм силер эмнеге ишенесиңер дегендикте гана эмес, силер ага кантип ишенесинер, жана динчилдерге, башка адамдарга кандай мамиледесиңер дегендикте жатат. Бул байланышта фундаменталистти, ким өзүнүн жашоо образын жакшы жана татыктуу деп, ал эми бөлөгү –

салыштырмалуу начар жана татыксыз деп эсептегендер менен принцибинде сүйлөшүүгө баруудан баш тарткан адам катары аныктоо максатка ылайык.

Борбор Азия өлкөлөрүнөн чыккан радикалдуу диний фундаменталисттик уюмдардын мүчөлөрүнүн жүрүш турушун анализдеп көрсөк террористтик топтордун курамын жолу болбогондор, өзүнө ишенбегендер жана бааланбагандыктан жабыркаган адамдар гана түзбөйт, бул топтордо акылдуу, эрктүү, өзүнүн күчүнө ишенген мүчөлөр да аз эмес. Биринчилери таанылгандыкты жана жашырынуучу жайды топтон издешет, экинчилери көзөмөлгө жана башкарууга умтулуу менен лидер болуп калышат. Сыягы, бул тенденциянын артында катуу кооптонуу тургандай, анткени эрктүү адам башкаларды башкарууга жана зомбулуктун объектиси өзү болуп калуу коркунучу туулган учурда аларды каардуу саясий зомбулукка уюштурууга умтулат. Дал ушундай инсандар көбүнчө фундаментализмдин теоретиктери болуп калышат, жана өздөрүнүн идеяларын жашоого сиңирүүгө активдүү аракет кылышат.

Бүгүн, XX жана XXI жүз жылдыктын чегинде биз диндин атынан чыккан терроризм азыркы дүйнөдөгү саясий зомбулуктун үстөмдүк кылган модели болуп калгандыгына күбө болуудабыз. Бул жерде, улутчулдук жана саясий-идеология экстремисттик жүрүм-турумдун кыймылдаткыч күчү болуп кала бергендиктен, терроризм жалгыз модель болуп саналаарын болжолдобойт.

Саясий шайман, саясий зомбулук жана диний ишеним чырмалышкан кырдаалдар өзгөчө коркунуч туудурат. Баалуулук тутумундагы жана легитимдүүлүк ыкмаларындагы айырмачылыктар үчүн – салттуу терроризмге, экстремизмге жана фундаментализмге караганда динге негизделген терроризм, экстремизм, радикалдуу фундаментализм бир топ деңгээлде өзгөчө коркунучтуу жана кыргын салуучу болуп саналат. Диндин атынан чыккан терроризм өзүнүн ишмердүүлүк чөйрөсү жана кол салуу объектини тандоосу менен гана эмес, ошондой эле өзүнүн кыргын салуучулугу жана түшүнүксүз мүнөзү менен теңдеши жок болуп эсептелет.

Азыркы кездеги экстремизм жана терроризм менен исламдын өз ара

катышы жөнүндө түшүнүктөрдө бир канча негизги ырастамаларды бөлүп алууга болот:

Биринчиси, экстремизм, терроризмге жана радикалдуу фундаментализмге исламдын эч кандай тиешеси жок, жана бул түшүнүктөрдү бири-бири менен бир катарга коюуга болбойт.

Экинчиси, ислам менен терроризм синонимдер эмес болсо да, бири-бири менен тыгыз байланыштагы феномендер.

Радикалдуу диний фундаменталисттердин классификацияларынын бири үч типтин бар экендигин божомолдойт. Өздөрүнүн өлкөсүндө саясий бийликке ээ болууга алдына максат койгон жана азыркы мезгилде бийликке ээ болгон «Бир тууган мусулмандар», Турциядагы акыйкаттык жана өнүгүү партиясы ж.б. сыяктуу кыймылдар саясий типте көрсөтүлгөн. Мындай типтеги кыймылдар конституция алкагында иш кылышат, улуттук мамлекеттин концепциясын кабыл алышат, адат катары зомбулуктан качышат ж.б. Миссионердик иштин жардамы менен исламга кайрылуу милдетин койгон уюмдар миссионердик типте көрсөтүлгөн, аларга – «Таблиг Жамаат», «Хизб-ут-Тахир» жана башка кыймылдар, ошондой эле жихадты колдобогон салафиттер кыймылы кирет. Миссионердик типтеги кыймылдар үчүн негизги максат болуп, саясий бийликке ээ болуу эмес, «динсиз күчтөрдүн» таасиринен ислам окшоштугун, ишенимин жана кулк-мүнөзүн сактоо саналат. Үчүнчү тип– жихадисттик – үч түрдө иш кылат: ички – мусулман өлкөлөрүндөгү башкаруу режимине каршы турат, ирредентисттик – оккупация алдындагы же мусулман эместердин алдындагы территорияларды кайтаруу үчүн күрөшкө чыгат жана ааламдашкан Батышка каршы турат.

Кыймылдар өздөрүн ислам менен, бирок алар бул динге карата өздөрүнүн мамилелерин кандай көрөт жана интерпретациялайт деген мамиледе терең айырмачылык менен байланыштырган фактыга гана бириккен эки негизги топко аларды бөлүү сунушталат. Бул топтордун ичинен биринчисин диний исламисттик кыймылдар, экинчисин – исламисттик платформадагы коомдук-саясий бирикмелер түзөт.

Тарыхый бурулуш мезгилде саясий - идеология диний фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик аракеттердин кыймылдатуучу күчү катары өзгөчө ролго ээ болууда. Ушундай учурларда адам болуп жаткан окуялардын себептерине акыл калчабай, аларды талдабай калат, аң-сезим аракеттерге айланат, бул фундаментализм, экстремизм жана терроризмдин түздөн-түз пайда болуусунун булагы болуп калат. Ислам байлыгынын астында чыккан фундаментализм, экстремизм жана анын четки көрүнүшү болгон терроризм, өткөн кылымдын 90-жылдарынын жарымынан тартып дүйнөнүн көп өлкөлөрүнүн жана Борбордук Азия аймагынын саясий-социалдык жашоосуна байкалаарлык таасир көрсөтүүдө. Көрсөтүлгөн 90-жылдары Совет мамлекети кыйрап, дүйнө жүзүнүн сясатын аныктаган коммунистик идеология өзүнүн ордун жана таасирин жоготту. Ушул учурда жаңы пайда болгон Борбордук Азиядагы республикаларда ислам фундаментализминин кайра жаралуусуна ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Кыргыз Республикасы ислам фундаментализминин өнүп, өсүп жана таралышына бөгөт коюу аракетинде 2014-2020-жылдарга КР диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясын 14.11.2014 жылы кабыл алды. Туруксуз кырдаалдарда диний окуу моралдык-этикалык баалуулук тутумунан бөтөн диндегилерге каршы саясий куралга айланат, ал эми догматизм коомдогу пайда болгон карама-каршылыктарды курчутат, аларды сандырак абалга чейин жеткирет жана ар дайым жаңы душмандарды табууга жардам берет. Туруксуздук кооптуулугу, адам мындай учурларда үмүтү үзүлгөн абалда болот, анын «жогото турган эч нерсеси жок», ошондуктан ал өтө эле чектен ашкан чара – зомбулукка баруута даяр болуп калат.

Радикалдуу диний фунламентализм, экстремизм жана терроризмди жараткан ааламдашуунун негизги көйгөйлөрү тигил же бул идеялардын кагылышуусунда гана эмес, саясий зомбулук формасына айланып, аларды зордоп киргизүүдө турат.

Калыптанган салттуу ислам юриспруденциясын талдап көрүү бүгүнкү күндө фундаменталисттер, экстремисттер жана террористтер үчүн кызмат

кылган негизсиз жоболорго карама-каршы келген негиздер да ислам104 дининде маанилүү орунду ээлей тургандыгы тууралуу корутунду чыгарууга мүмкүндүк берет. Азыркы мусулман укук таануучулары мындай негиздерге бир калыпта жашоо нугун улантууну, ынтымакта болууну, бийликке лоялдуу мамиле жасоону, акырындык менен алдыга жылууну, аша чаап кетпөө жана тобокелдиктерге жол бербөөнү, адамды азап чеккен кыйынчылыктардан куткарууну, зыян тартууларды жокко чыгарууну киргизишет. Экстремизмди, терроризмди жана радикалдуу фундаментализмди четке каккан, көп учурда белгилүү бир тарыхый жагдайлар менен чектелбеген жана ар тараптуу мүнөзгө ээ ушундай негиздер менен баалуулуктарды ислам дининдеги аяттардан экстремизм, терроризм көз караштарына караганда кыйла көп кездештирүүгө болот.

Азыркы ислам түшүнүгүнүн абройлуу өкүлдөрү экстремисттик көз караштарга ислам укугунун негиздерин каршы коюу менен четке кагууда. Бул биринчи кезекте ал жихад түшүнүгүнө тиешелүү.

Жихад – ислам түшүнүгүндө ар кандай чечмеленип келген көп кырдуу түшүнүк. Бул жерде эки маселеге өзгөчө көңүл буруу зарыл. Мында, эң алгач айтылып жаткан түшүнүктөрдүн маңызын аныктап алуу керек. Мусулман юристтеринин көз караштарын талдоо «жихад» терминининин тар жана кеңири маанисин бөлүп алууга мүмкүндүк берет. Тар мааниде жихад ислам укугундагы түшүнүк менен иштелип чыккан согуш эрежелерин жана анын аякташынын юридикалык кесепеттерин билдирет.

Кеңири маанидеги жихад, Алланын осуяттарын ишке ашырууга, куралдуу жол менен болсо да – ар түрдүү ыкмалар менен ислам чындыгын коргоого багытталган аракеттерди түшүндүрөт. Ушул абалда күч колдонууга белгилүү бир учурларда гана жол берилет, анткени жихадда эң башкысы – бул биринчи кезекте Алла жолуна түшүү, шариат жоболорундагы сөздөрдү аткарууга гана эмес, эң негизгиси ал жетелеген башаттарды, балуулуктарды жана максаттарды ишке ашырууга негизделген чыныгы ислам коомун курууга жана өзүн өзү өркүндөтүүгө багытталган аракеттер.

Азыркы кездеги диний экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализм – бул белгилүү бир өлчөмдөгү саясий идеялык көрүнүш жана практикалык иш-аракеттер. Алардын идеялык позицияларынын бекемдиги алардын исламдык саясий-укуктук концепцияга багытталган теориялык базада камтылгандыгында. Ошондуктан, идеялык-теориялык өңүт диний экстремизм, терроризм жана радикалдуу ислам фундаментализмге каршы күрөштүн эң маанилүү тарабы болуп саналат. Диний экстремизмге, терроризмге жана радикалдуу ислам фундменталализмге саясий-идеялык жактан каршы турууда Кыргыз Республикасынын мусулмандарынын дин башкармалыгы жана башка ислам борборлору жетиштүү деңгээлде активдүүлүктөрү менен иш билгиликтерин көрсөтө албай жатышат.

Ошондуктан диний экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу фундаментализмдин саясий идеологияларына түздөн-түз каршы турган азыркы исламдык укуктук, саясий ой жүгүртүүлөрдүн иштелип чыккан жоболорун жана салттуу ислам юриспруденциясынын позицияларын талдоого алуу жана колдонуу өтө маанилүү.

Терроризм менен күрөшүү боюнча эл аралык кызматташтык чөйрөсүндө улуттук стандарттарды жана артыкчылыктарды иштеп чыгууда, ички жана тышкы антитеррористтик саясат мезгилдин талаптарына ылайык туруктуу көзөмөлгө жана жаңылануугa, анын ичинде атайын кызматтардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу маселелерине, ошондой эле эл аралык кызматташтык сыяктуу багыттагы маселелерге муктаж экендигин эске алуу максатка ылайык.

Башка чет элдик укук коргоо органдары жана атайын кызматтары менен байланышты тереңдетүү зарыл. Бирок мындай байланыштар уюшкан кылмыштуулук, баңги жана баш айландыруучу заттарды мыйзамсыз жүгүртүү, эл аралык терроризм, диний экстремизм жана радикалдуу фундаментализм менен күрөшүүдө жалпы кызыкчылыктарга негизделиши керек.

# КОРУТУНДУ

Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий жана социалдык механизмдерине комплекстүү изилдөөнү жүргүзүүдө төмөндөгү тыянактар чыгарылды:

**1.** Изилдөө саясат таануу теориясында жалпы кабыл алынган түшүнүктөр жана жыйынтыктар менен камсыздандырылды жана бекемделди. Диний фундаментализм жөнүндө түшүнүктүн концепциясы саясий-укуктук, системдик жана институционалдык мамилелердин тырыхый-конкреттик, бихевиористтик, институционалдык, системдик, ситуациялык, фактордук анализдердин ыкмаларынын негизинде изилденди.

Изилдөөнүн прикладдык аспектиси диний фундаментализмдин өнүгүүсүнүн жана жайылуусуна байланыштуу болгондуктан көптөгөн эмпиристтик материалдарды топтоону, системалаштырууну, классификациялоону жана анализдөөнү талап кылуу шартын түздү.

Көрсөтүлгөндөрдүн негизинде, бир жагынан ислам фундаментализмин бирдиктүү саясий жана социалдык феномен катары кароого мүмкүнчүлүк берди. Экинчи жагынан, ислам фундаментализминин жаралуусун, өнүп-өсүшүн жана жайылуусун, ошондой эле ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүсүн изилдөөгө шарт түзүлдү.

**2.** Ислам фундаментализмин идеология жана саясий практика катары кароодо, белгилеп кетчү нерсе – идеологиянын олуттуу топтому болуп маңыздын категориясы саналат. Эгерде маңызы жок болсо, адамдар тобу белгилүү бир кырдаалдар жыйналган учурда деструктивдүү жолго түшөт. Мындай учурда адамдар жалган, бурмаланган жана сурогаттык баалуулуктарга жана анын ичинен ислам фундаменталисттик көз караштарга, идеяларга тартылып кеткени айдан ачык көрүнүүдө, себеби адамдар идеологиясыз, ой-жүгүртүүсүз, жашоо маңызы жок жашай алышпайт. Ислам фундаментализми салафизм жана ваххабизм агымдары аркылуу саясий-диний идеяларды колдонгон зомбулуксуз диний үгүт-насааттан тартып, глобалдык

саясий зомбулуктуу, экстремизм жана терроризм саясий курал катары колдонгон чабуулдук жихадка чейинки жайылтылган саясий-практика катары көрүүгө болот.

**3.** Ваххабиттик кыймыл мурунку исламга кайтуу тууралуу салафиттердин идеяларына негизделген, анын артынан алардын жактоочулары бир Кудайды таанууну жана баштапкы исламдын тазалыгын ордуна коюуну үгүттөшөт.

Ваххабизмде эң олуттуу орунду көп Кудайды тааныгандарга жана алгачкы исламдын принциптеринен четтеген мусулмандарга каршы ыйык согуш жихад идеясы ээлейт. Ваххабиттик кыймыл өзүнүн доорун сүргөн жылдарында радикалдык исламдын дараметин мобилизацияланган идеология катары гана эмес, чоң саясий күч катары көрсөтө алды.

Салафизм – бир караганда ушундай көрүнүшү мүмкүн болгон зомбулуксуз диний үгүт-насааттан тартып глобалдык зомбулуктуу чабуулдук жихадга чейинки ар кандай стратегияларды өзүнө камтыган кеңири жайылтылган түшүнүк.

Жихад, же болбосо ыйык согуш – исламдын орчундуу концепциясы. Жана ал башынан баштап эле мусулмандар арасында узакка созулган кайчы пикирлерди жараткан. Фундаменталдык суроолор – сөзсүз эле түрдө жихад зомбулук менен коштолуш керекпи, же ал жөн эле руханий күрөш түрүндө боло алабы, ошондой эле ал коргонуу менен чектелүүгө мүмкүнбү же исламдын чек арасын кеңейтүүгө аны колдонуу мыйзамдуубу деген суроолордон турган.

**4.** Азыркы учурда Борбор Азия өлкөлөрүндө, өзгөчө Кыргыз Республикасында терс көрүнүштөр орун алууда: бийликтин алсыздыгы жана коррупциянын кеңири жайылышы, саясий жана социалдык теңсиздик, билим жана маданият деңгээлинин төмөндөшү, укуктук нигилизм, саясий зомбулук. Албетте мындай көрүнүштөр диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин жаралышына, өнүп-өсүшүнө алып келет. Мындан

тышкары экстремизм жана терроризм радикалдуу ислам фундаментализмдин саясий зомбулугунун саясий куралы катары колдонулат.

Айрым өлкөлөр жана алардын диний борборлору тарабынан даярдалган концепциялар, доктриналар учурда диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин доктриналык булактары болуп эсептелинет.

Тийиштүү уюмдар, түзүмдөр, топтор, кайсы бир акцияларды уюштуруу, демилгелөө жана ишке ашыруу үчүн максаттуу түрдө түзүлгөн түзүмдөр диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин уюштуруучу булактары деп түшүндүрүлөт.

Бурмаланган, суррогаттык саясий-диний көз караштар жана идеялар диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин саясий-идеялык булактарын түзөт.

**5.** Экстремизм жана анын ашкере кеткен формасы терроризм, ошондой эле геноцид, мындай улутчулдуктун эң коркунучтуу көрүнүштөрүнүн бири болуп саналат.

Экстремизм жана терроризмдин негизги идеялык платформасы катары:

– агрессивдүү улутчулдук;

– ислам динин жамынган суррогаттык диний көз караштар;

– радикализм.

Улутчулдук реакциялык, адамды жек көрүүчүлүк формасында тигил же башка улуттун айрым өкүлдөрүн жаралайт, ошондуктан ал пайда болгон мамлекеттин бардык улутун реакциялык улутчулдукка айыптоого эреже боюнча негиз жок. Бирок, эгерде этносто улутчулдуктун реакциялык идеялары кыянаттык менен жана узак убакытка чейин атайылап жайылтылып жатса, анда мындай түрдөгү улутчулдук калктын орчундуу катмарын кучагына алууга жөндөмдүү.

Атайын жайылтылып жана мамлекеттик деңгээлде тутандырылган улутчулдуктун өзгөчө коркунучу үстөмдүк кылган идеологиялык, саясат жана баш ийдирүү практикалык, бир улутту башка улут кордоп жана үстөмдүк

кылган мүнөзгө ээ болгондугунда турат. Айрым жактардын тобунун аң-сезимине чектен ашкан деңгээлге чейин жеткире киргизилген улутчулдук идеологиясы экстремисттик жана террористтик акцияларды ишке ашырууга олуттуу стимул жана негиз болуп берет. Тыйылбаган, токтотулбаган реакциялык улутчулдук сөзсүз түрдө бир улуттун өкүлдөрүнүн башка улутту зомбулук менен басуусуна, баш ийдирүүсүнө жана кыйратуусуна алып келет.

**6.** Терроризм менен байланыштуу экстремизмдин өтө коркунучтуу ар түрдүүлүктөрүнүн ичинен өзгөчө өзүнө көңүл бурганы, бул саясий күрөштөгү максаттарга жетүү үчүн куралдуу же башка зомбулукту ачык түрдө колдонуусу. Экстремисттик ишмердүүлүктүн өзгөчө коркунучтуу формаларынын ичинен – куралдуу козголоң, бийликти күч менен басып алуу, бандиттик-көтөрүлүш ишмердүүлүгү бүткүл дүйнөлүк экстремисттик жана террористтик сахнада кеңири жайылтылгандыгын азыркы практика көрсөтүүдө.

Радикалдуу диний фундаменталисттердин күрөшү төмөнкү максаттарга багытталган:

– биринчиси, калкынын көпчүлүк бөлүгүн мусулмандар түзгөн мамлекеттерде светтик бийликти кулатуу;

– экинчиси, мусулмандар аз болгон мамлекеттерде, мусулман калкынын көз карандысыздыгы үчүн күрөшүү;

– үчүнчүсү, мусулман мамлекеттеринде башка диндин өкүлдөрү көз карандысыздыкты талап кылган учурда аларга каршы туруу;

– төртүнчүсү, мусулман дүйнөсүнө терс таасирин тийгизген Батышка каршы күрөшүү.

Салафий жихаддистер өздөрүнүн идеологиясында төмөнкү түшүнүктөрдү кеңири кодонушат:

– Батыш – бул исламдын эң коркунучтуу душманы;

– Зомбулук – бул коркунучту жоюунун саясий куралы;

– Куралдуу жихад – бул Батыш менен күрөшүүнүн жалгыз жолу.

**7.** Ислам фундаментализми Борбордук Азия регионунда диний-саясий феномен катары аймакта өтүп жаткан азыркы саясий процесстерге саясий механизмдер аркылуу таасир берүүдө.

Ислам фундаментализминин туруктуу функциялары көрсөтүлдү, алар: идентификациялоо, багыт алуу, жоболоштуруу, ыңгайлашуу, социалдашуу, интеграциялашуу, карым-катыш функциялары. Ушул функцияларды жүзөөгө ашырууда механизмдердин саясий процесстерге тийгизген таасиринин багыттары – жандануу жана жаратуу формасында изилденди.

Ислам фундментализминин саясий процесске таасир берүүдөгү саясий механизмдери: саясий–аксиологиялык, саясий–идеологиялык, саясий–укуктук.

**8.** Социалдык феномен катары фундаментализм адамдардын социалдык статустарына карабай аларды жаңы уюмдарга, топторго жана кыймылдарга диний идея жана практика аркылуу бириктирет. Диний фундаменталимзге жөндөмдүү болгон динге ишенүүчүлөрдүн бири-бири менен байланышуусу жана мамилелери, ошондой эле алардын иш-аракеттери уникалдуу социалдык механизмдердин бүтүндөй бир катмарын жаратат: ишендирүү (ынандыруу), акыл үйрөтүү, кызыкдардык жана тууроо сыяктуу социалдык механизмдер катары эсептелет.

Ислам фундаментализминин социалык механизмдери саясий процесске таасир берүүдө төмөнкү таасир берүү багыттарын аныктайт: уюштуруучулук, башкаруучулук, ресурстук.

Социалдык механизмдердин саясий процесске таасир берүүсүндө ошол эле учурда бул механизмдер фундаменталисттик менталдыктын калыптануусуна дагы толук таасирин тийгизет.

**9.** Борбордук Азия өлкөлөрүндө террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик уюмдардын саясий ишмердүүлүктөрүнүн жигерденүүсүн талдоодо бул кылмыштардын жүйөөсүн изилдөө алардын социалдык жана саясий талдоосунун негизин түзөт.

Экстремисттик, террористтик жана радикалдуу фундаменталисттик топтордун талдоосунун негизинде ишмердүүлүктүн үч негизги жүйөөсүн белгилеп кетсе болот. Биринчиден, культурологиялык жүйөө – булардын көз караштары боюнча, коомду мезгил-мезгили менен “беймаза кылып туруш керек”, баарынан жакшысы “кан төгүүнүн жардамы менен.” Экинчиден, рационалдуу жүйөө – алар тарабынан террордук саясий ишмердүүлүктүн натыйжалуу куралы катары түшүндүрүлөт. Үчүнчүдөн, идеологиялык жүйөө – экстремизм жана терроризм саясий процесстерди жөнгө салуучу саясий курал катары коомго таңууланат.

**10.** Диний фундаментализмдин жактоочуларынын (адептердин) өзгөчөлүктөрү жана алардын фундаменталисттик диний-саясий көз караштарынын калыптанышын изилдөөнү талап калат, себеби Борбордук Азияда фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын, топтордун жактоочуларынын көбөйүшүнүн себептеринин аныктоо зарыл. Фундаменталисттерди ар дайым консерватизм жана бир калыптагы ой-жүгүртүү сыяктуу өзгөчөлүктөр бириктирет. Көксөөсү суубагандыкты, тынчсызданууну, түйшүктүү эркиндиктен жана жалгыздык сезимден көңүл калууну башынан өткөргөн адамдар фундаментализмге ыкташат.

**11.** Саясий зомбулук жана диний ишеним чырмалышкан кырдаалдар өзгөчө коркунуч туудурат. Баалуулук тутумундагы жана легитимдүүлүк ыкмаларындагы айырмачылыктар үчүн бир топ деңгээлде – салттуу терроризмге, экстремизмге жана диний фундаментализмге караганда динге негизделген терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм өзгөчө коркунучтуу жана кыргын салуучу болуп саналат. Диндин атынан чыккан терроризм жана экстремизм өзүнүн ишмердүүлүк чөйрөсү жана кол салуу объектини тандоосу менен гана эмес, ошондой эле кыргын салуучулугу жана түшүнүксүз мүнөзү менен теңдеши жок болуп эсептелет.

**12.** Азыркы терроризм, экстремизм жана радикалдуу фундаментализм – бул белгилүү бир өлчөмдө идеялык көрүнүш. Анткени бул көрүнүштөрдүн позицияларынын бекемдиги, исламдык саясий-укуктук

концепцияларга багытталган анын теориялык базасында камтылгандыгында. Ошондуктан, идеялык-теориялык өңүт экстремизм жана терроризм менен күрөшүүнүн эң орчундуу жагынын бири болуп саналат. Терроризмге, экстремизмге жана радикалдуу диний фундаментализмге атайын кызматтардын күчү менен гана каршы турбастан, исламдык идеялык концепцияларга негизделген жүйөөнүн жардамы менен да каршы туруу керек.

Терроризм жана экстремизм менен күрөшүүнүн мамлекеттик каражаттар арсеналына исламдын позитивдүү идеялык күч-кубатын киргизбей туруп, ислам радикалдуу фундаменталисттеринин таасирин биротоло жок кылуу мүмкүн эмес.

Ислам фундаментализми, экстремизм жана терроризм менен күрөшүү көйгөйлөрү улуттук жана эл аралык деңгээлде алардын аймактык жана глобалдуу коркунучуна каршы күрөшүү боюнча макулдашылган, көп тараптуу биргелешкен аракеттеринин зарылдыгы талап кылынат.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диний фундаментализм салттуу коомдун тирегинин ишеничин кетирген батыш экспанционизминин ыкчамдатылган модернизациясынын кабыл алууга каршы колдонулган саясий идеология катары эсептелет.

Фундаментализм саясий курал катары экстремизм жана терроризмдин кеңири колдонулат.

Ушуга байланыштуу диссертациянын жыйынтыктары боюнча төмөнкүдө көрсөтүлгөн практикалык сунуштарды белгилеп кетсе болот:

- терроризмге, экстремизмге жана радикалдуу диний фундаментализмге атайын кызматтардын күчү менен гана каршы турбастан, исламдык идеялык концепцияларга негизделген жүйөөнүн жардамы менен да каршы туруу керек;

- терроризм, экстремизм жана диний фундаментализм менен күрөшүүнүн мамлекеттик каражаттар арсеналына исламдын позитивдүү идеялык күч-кубатын киргизбей туруп, радикалдуу диний фундаменталисттердин таасирин биротоло жок кылууга мүмкүн эмес;

- принципиалдуу маселелер боюнча радикалдуу диний фундаментализминин саясий идеологиялары түздөн-түз карама-каршы болгон азыркы исламдын укуктук жана саясий түшүнүктөрүнүн иштелип чыгуусуна жана салттуу исламдын юриспруденциясынын абалына анализ жасоо өтө маанилүү.

Терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм менен күрөшүүнү жүзөөгө ашырган субъекттердин, ошондой эле антитеррористтик мыйзамдарды ишке ашырууга катышкан башка мамлекеттик органдардын компетенцияларын эске алуу менен, терроризм жана экстремизм менен күрөшүү чөйрөсүндө кызматташуунун негизги багыттарынын ичине төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

– кызматташкан жактардын объектилери менен жарандарына карата даярдалып жаткан жана ишке ашырылган террористтик, экстремисттик акциялар тууралуу, ошондой эле чет элдик жана эл аралык террористтик,

экстремисттик жана диний фундаменталисттик уюмдардын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат алмашуу;

– күзөткө алынган объекттерди, анын ичинде массалык кыргын салуучу куралдар, ракеталык жана ок атуучу куралдар, ок-дары жана жардыруучу заттар менен жабдылган аскер объекттерин коргоо;

– контртеррористтик операцияларды жана башка антитеррористтик мүнөздөгү иш-чараларды, ошондой эле террористтик мүнөздөгү кылмыштарды жасоо каражаты катарында колдонулушу мүмкүн болгон куралды, жардыруучу, ууландыруучу, радиоактивдүү заттарды жана башка предметтерди Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынан мыйзамсыз алып өтүүгө бөгөт коюуга багытталган иш-чараларды жүргүзүү;

– террористтик, экстремисттик акцияларды иликтөө жана кылмышкерлерди издөө боюнча биргелешкен аракеттер;

– террористтик акцияларды илимий изилдөөнүн жыйынтыгы жана аны ачыкка чыгаруу, алдын алуу жана токтотуу тажрыйбасы менен өз ара алмашуу.

Терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм менен күрөшүү боюнча эл аралык кызматташтыктын төмөнкү өзүнө камтыган өзгөчө маанилүү жана актуалдуу багыттарын чагылдырыш керек:

1. Атайын кызматтардын жана башка компетенттүү органдардын биргелештирилген маалымат банкынын негизинде системдүү түрдө маалымат алмашуу.

2. Терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм менен күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бир калыпка келтирүү.

3. Эл аралык терроризм жана башка экстремизмдин көрүнүштөрү менен күрөшүү боюнча комплекстүү операцияларды жана ыкчам-издөө иш-чараларды даярдоого жана жүргүзүүгө, ошондой эле потенциалдуу өзгөчө алсыз объект жана жактардын коопсуздугун камсыз кылууга көмөк көрсөтүү.

4. Антитеррористтик бөлүктөрдүн инструкторлорун жана адистерин даярдоону уюштурууга жардам берүү.

5. Террористтик, экстремисттик жана диний фундаменталисттик мүнөздөгү кылмыштарды жасаган жана кылмыш-жаза куугунунан же сот өкүмүнүн аткарылышынан качып жүргөн адамдарды кармоону жана мамлекет аралык издөөнү жүзөөгө ашырууга көмөк көрсөтүү.

6. Эл аралык террористтик, экстремисттик топтордун жана радикалдуу диний фундаменталисттик уюмдардын ишмердүүлүгүн, ошондой эле алардын каржы жана материалдык камсыздоо булактарын токтотуу жана ачыкка чыгаруу боюнча, террористтердин, экстремисттердин жана диний фундаменталисттердин базаларын, машыгуучу лагерлерин, дарылануучу жана эс алуучу жайларын аныктоо жана ликвидациялоо боюнча биргелешкен иш-чараларды уюштуруу.

Кылмыш жана социалдык-саясий көрүнүштөр сыяктуу терроризмдин, экстремизмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин татаал түзүмүнө ушундай көп тараптуу мамиле туура келет жана терроризмге бөгөт коюу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын эки тараптуу жана көп тараптуу карым-катнаштарын өнүктүрүүгө багыт катары кызмат кыла алат.

Белгилеп кетчү нерсе – диссертациянын жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын тийешелүү аткаруу бийлигине жана айрым укук коргоо органдарына берилип алар тараптан алынган жыйнтыктарды иш-жүзүнө ашырылган жөнүндө актылар алынды.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Аарон, Д. Голос джихада [Текст]: сб. коммент. / Д. Аарон. – RAND, 2008.
2. Абдель-Малек, А. Фундаменты и фундаменталисты [Текст] / А. Абдель-Малек // Народы Азии и Африки. – М., 1990. – № 2. – С. 219.
3. Авдеев, Ю.И. Терроризм как социально-политическое явление [Текст] / Ю.И. Авдеев // Современный терроризм: состояние и перспективы. – М., 2000. – С. 36-54.
4. Агеев, А. Больше света [Электронный ресурс] / А. Агеев // Завтра. – 2008. – № 33.
5. Агеев, В.С. Межгрупповое взаимодействие: социально-психологические проблемы [Текст] / В.Г. Агеев. – М.: Изд-во Моск. ун-та, 1990. – 240 с.
6. Адлер, А. Наука о характерах [Текст] / А. Адлер. – М.: Академ. проект, 2019. – 239 с.
7. Айвазова, Б.Г. Левый радикализм в идейно-политической жизни Франции 1958 – 1981 [Текст] / Б.Г. Айвазова. – М.: Наука, 1986. – 148 с.
8. Али Тарик. Столкновение цивилизаций: крестовые походы, джихад и современность [Текст] / Али Тарик; пер. с англ. А. В. Старосты. – М.: Астрель: АСТ, 2006. – 528 с.
9. Алексеев, И.Л. Исламский фундаментализм [Текст] / И.Л. Алексеев // Религиоведение: энцикл. слов. – М., 2006. – С. 25.
10. Алмонд, Г. А. Гражданская культура и стабильность демократии [Текст] / Г.А. Алмонд, С. Верба // Полис. – 1992. – № 4. – С. 122-134.
11. Аль-Бути, Муххамед Саид Рамадан. Джихад в исламе: как мы его понимаем и осуществляем? [Текст]/ Аль-Бути, Муххамед Саид Рамадан // Коран. – Бейрут; Дамаск, 1993. – С. 25.
12. Аль-Джавзия Ибн Каййим. Наставления для выступающих от имени Господа Миров [Текст] / Ибн Каййим аль – Джавзийя. – Бейрут, 1998.
13. Аль-Джавзия Ибн Каййим. Наставления для выступающих от имени Господа Миров [Текст] / Ибн Каййим аль – Джавзийя. – Бейрут, 1998.

14. Анвар аль-Авлаки: «Вопрос о методе восстановления Халифата» [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.imamtv.com/metod_ustanovleniya_halifata.htm. – Загл. с экрана.
15. Антонян, М.Ю. Терроризм: криминологическое и уголовно-правовое исследование [Текст] / М.Ю. Антонян. – М.: Щит-М, 1998. – 305 с.
16. Армстронг, К. История Бога. 4000 лет исканий в иудаизме, христианстве и исламе [Текст] / К. Армстронг. – М.: Альпина Нон-фикшн, 2018. – 500 с.
17. Армстронг, К. Мухаммад. История Пророка [Текст] / К. Армстронг. – М.: София, 2008. – 447 с.
18. Ахмедов, В. М. Ливанская «Хезболла» как «центр силы» на Ближнем Востоке [Текст] / В.М. Ахмедов. – М.: ИИИиБВ, 2001. – 260 с.
19. Ацамба, Ф.М. Мухаммад [Текст] / Ф.М. Ацамба, С.А. Кириллина // Религиоведение: энцикл. слов. – М., 2008. – Т. 1.
20. Базаров, А. Исламский фундаментализм и общественно-политическая стабильность в Узбекистане [Электронный ресурс] / А. Базаров // «Аналитический центр «Разумные решения». – Режим доступа: http://www.analitika.org/article.php?story=20050517025038485. – Загл. с экрана.
21. Балабанова, А. И. Моя жизнь-борьба. Мемуары русской социалистики 1897-1938 [Текст] / А. Балабанова. – М.: Центрполиграф, 2007. – 335 с.
22. Будон, Р. Идеология и идейные ресурсы [Текст] / Р. Будон. – Л., 1986. – 283 с.
23. Берковиц, Л. Агрессия: причины, последствия и контроль [Текст] / Л. Берковиц. – СПб.: Прайм-Еврознак, 2001. – 512 с.
24. Бергер, П. Общество в человеке [Текст] / П. Бергер; пер. с англ. О. А. Оберемко // Социол. журн. – 1995. – № 1. – С. 174.
25. Бергер, П. Социальное конструирование реальности [Текст] / П. Бергер, Т. Лукман. – М.: Academia-Центр: Медиум, 1995. – 334 с.

26. Бережной, Б.Е. Исламский фундаментализм на юге России [Текст] / Б.Е. Бережной. – Ростов н/Д.: СКНЦ ВШ, 2004. – 171 с.
27. Бжезинский, З. Выбор. Мировое господство или глобальное лидерство [Текст] / З. Бжезинский. – М.: Междунар. отношения, 2005. – 288 с.
28. Бои в Раштском районе Таджикистана [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://ru.wikipedia.org/wiki/Бои_в_Раштском_районе_Таджикистана_(2010). – Загл. с экрана.
29. Британская Хизб-ут-Тахрир. Британия [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.hizb.org.uk/hizb/who-is-ht/our-rnethod/our-method.html. – Загл. с экрана.
30. Брюс, С. Будущее уже началось: Что ждет каждого из нас в XXI веке? [Текст] / С. Брюс. – М.: У - Фактория, 2005. – 146 с.
31. Вайнберг, Л. Глобальный терроризм [Текст] / Л. Вайнберг. – М.: [б.и.], 2005. – 235 с.
32. Васильев, А. Исламский экстремизм, как выражение кризиса мусульманской цивилизации [Текст] / А. Васильев // Азия и Африка сегодня. – 2003. – № 5. – С. 2-12.
33. Вебер, М. Социология религии (Типы религиозных сообществ) [Текст]: пер. с нем. / М. Вебер // Вебер М. Избранное. Образ общества. – М., 1994. – С. 78-309.
34. Верховский, А.М. Государство против радикального национализма. Что делать и чего не делать? [Текст] /А.М. Верховский. – М.: Панорама, 2002. – 220 с.
35. Верховский, А.М. Политическая ксенофобия. Радикальные группы. Представления политиков. Роль Церкви [Текст] / А.М. Верховский, Е.В. Михайловская, В.В. Прибыловский. – М.: Панорама, 1999. – 192 с.
36. Вилкокс, В. Православное христианство Америки в 20 веке [Текст] / В. Вилкокс. – М.: [б.и.], 1992. – 460 с.
37. Витюк, В.В. «Левый» терроризм на Западе: история и современность [Текст] / В.В. Витюк, С.А. Эфиров. – М.: Наука, 1987. – 322 с.

38. Витюк, В.В. Некоторые аспекты терроризма в контексте современных конфликтных ситуаций (соображения террологов) [Текст] / В.В. Витюк //Социальные конфликты: экспертиза, прогнозирование, технологии разрешения. – М., 1993. – Вып. 4: Терроризм. – С. 53.
39. Война, мир и исламский джихад [Электронный ресурс]: цит. по: Саид Кутб // Отечеств. зап. – Режим доступа: http://www.strana-oz.ru/Pnumid=T4&article=677. – Загл. с экрана.
40. Волков, А.Б. Израиль: ортодоксальный фундаментализм [Текст] / А.Б. Волков // Фундаментализм: ст. – М., 2003. – С. 274.
41. Волков, В. Основные направления и течения в исламе [Электронный ресурс] / В. Волков // Отечественные зап. – 2003. – № 5. – Режим доступа: http://www.strana-oz.ru;. – Загл. с экрана.
42. Габбасов, Р.Р. Глобализация и возрождение ислама в Российской Федерации: Эволюция глобализации [Текст] / Р.Р. Габбасов // Современные проблемы международных отношений и политологии: сб. науч. тр. – Казань, 2004. – С. 186-255.
43. Гаврилова, Ю.Б. Ислам [Текст]: карман. слов. / Ю.Б. Гаврилова, В.В. Емельянов. – СПб.: Амфора, 2002. – 141 с.
44. Гергес, Ф. Почему джихад стал глобальным? [Текст] / Г. Гергес. – Кембридж: изд. Кембриджского университета, 2005. – 376 с.
45. Гидденс Э. Что завтра? Фундаментализм или солидарность [Текст] / Э. Гидденс // Отечеств. зап. – СПб., 2003. – № 1 (10). – С. 37-50.
46. Гозман, Л.Я. Политическая психология [Текст] / Л.Я. Гозман, Е.Б. Шестопал. – Ростов н/Д.: Феникс, 1996. – 448 с.
47. Голос Узбекистана (Радио Азаттык. Узбекистан) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.adolat.uz//ru.m.wikipedia.org. – Загл. с экрана.
48. Горбунов, К. Г. Терроризм: социально-психологическое исследование [Текст]: моногр. / К. Г. Горбунов. – Омск: Изд-во Ом. гос. ун-та, 2010. – 384 с.

49. Гулен, Ф. Мусульманин не террорист [Электронный ресурс] / Ф. Гулен. – 1998. – Режим доступа: http://www.fethullahgulen.org/press-room/nuriye-akmans-interview/1727-a-Real-muslim-cannot-be-a-ten.htme.– Загл. с экрана.
50. Дендюрен Хамди. Энциклопедия норм и правил ислама [Текст] / Хамди Дендюрен; пер. с тур. Кайрат Ергазиев. – Стамбул: Эркам, 2013. – 832 с.
51. Добаев, И.П. Исламский радикализм: социально-философский анализ [Текст] / И.П. Добаев. – Ростов н/Д.: СКНЦ ВШ, 2002. – 120 с.
52. Добаев, И.П. Неправительственные религиозно-политические организации исламского мира [Текст] / И.П. Добаев // Мировая экономика и междунар. отношения. – 2002. – № 4. – С. 91-97.
53. Договор о сотрудничестве государств-участников СНГ в борьбе с терроризмом от 4 июня 1999 г. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.cisatc.org/1289/135/152/275. – Загл. с экрана.
54. Доценко, Е.Л. Психология манипуляции: феномены, механизм и защита [Текст] / Е.Л. Доценко. – М.: ЧеРо, 1997. – 344 с.
55. Евангелие от Матфея [Текст] // Библия. Книги Священного Писания Ветхого и Нового Завета. – М., 2010. – С. 1052-1068.
56. Емельянов, Ю. В. Империя зла [Текст] / Ю. Емельянов. – М.: Эксмо: Яуза, 2008. – 672 с.
57. Ерасов, Б.С. Теоретическая эволюция А. Абдель-Малека [Текст] / Б.С. Ерасов // Народы Азии и Африки. – М., 1990. – № 2. – С. 24-28.
58. Завахири, А. Перевод и анализ записей А. Завахири [Текст] / цит. по Л. Мансфельд. – М., 2006. – 48 с.
59. Заключение временной депутатской комиссии ЖК КР по расследованию трагической событий июня 2010 года (2011г. июнь) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.ca-mediators.net. – Загл. с экрана.
60. Заславская, Т.И. Социальный механизм трансформации российского общества [Текст] / Т.И. Заславская // Социол. журн. – М., 1995. – № 3. –С. 5-21.

61. Зернов, В.А. Вопросы качества образования [Текст] / В.А. Зернов // Журн. Рос. гос. ун-та. – 2000. – № 4. – С. 26-30.
62. Иванов, В.Н. Ментальность политическая [Текст] / В.Н. Иванов, Г.Ю. Семигин // Новая философская энциклопедия. – М., 2001. – Т. 2. – С. 526.
63. Игнатенко, А.А. Халифы без халифата [Текст] / А.А. Игнатенко. – М.: Книга по Требованию, 2013. – 192 с.
64. Игнатенко А. А. Эндогенный радикализм в исламе [Текст] / А.А. Игнатенко // Центр. Азия и Кавказ. – 2000. – № 2 (8). – С. 8-35.
65. Игнатенко, А.А. Расколотая умма в ожидании Судного дня [Текст] / А.А. Игнатенко // Отечеств. зап. – СПб., 2003. – № 5 (14).
66. Кадырова, К.А. Джихад: историческая традиция и основные тенденции интерпретации в XX – начале XXI в.в. [Текст]: дис. … канд. полит. наук / К.А. Кадырова. – М., 2016. – 208 с.
67. Кардини, Ф. Европа и ислам: история непонимания [Текст] / Ф. Кардини. –СПб.: Alexandria, 2007. – 332 с.
68. Касьянова, К. О русском национальном характере [Текст] / К. Касянова. – М.: Ин-т нац. модели, 1994. – 267 с.
69. Кеннеди, Х. Великие арабские завоевания [Текст] / Х. Кеннеди. – М.: АСТ, 2010. – 475 с.
70. Кепель, Ж. Джихад. Экспансия и закат исламизма [Текст] / Ж. Кепель. – М.: Ладомир, 2004. – 468 с.
71. Кепель, Ж. Месть богов: Возрождение ислама, христианства и иудейства в современном мире [Текст] / Ж. Кепель. – СПб.: [б.и.], 1994. – 224 с.
72. Кожановский, А.Н. Народы Испании во второй половине XX в. [Текст] / А.Н. Кожановский. – М.: Наука, 1993. – 192 с.
73. Концепция национальной безопасности Кыргызской Республики от 09.06.2012 г. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/61367. – Загл. с экрана.
74. Костюк, К. Православный фундаментализм: социальный портрет и истоки [Текст] / К. Костюк // Полит. исслед. – 2000. – № 5. – С. 133-154.

75. Косач, Г.Г. Саудовская Аравия: «религиозное государство» или «государственная религия»? [Текст] / Г.Г. Косач // Религия и общества на Востоке. – М., 2017. – №1. – С. 7-50.
76. Кочетов, А. Что такое национализм? [Текст] / А. Кочетов // Сов. Россия. – 2008. – № 88. – С. 23-32.
77. Красиков, В.И. Экстрим: Междисциплинарное философское исследование причин, форм и паттернов экстремистского сознания [Текст] / В.И. Красиков. – М.: Водолей Publishers, 2006. – 494 с.
78. Курбанова, Н. Ислам в общественно-политической жизни современного Кыргызстана [Текст] / Н. Курбанова. – 3-е изд., перераб. и доп. – Бишкек: Алтын Тамга, 2015. – 217 с.
79. Кургинян, С. Слабость силы. Аналитика закрытых элитных игр и ее концептуальные изменения [Текст] / С. Кургинян. – М.: ЭТЦ, 2009. – 480с.
80. Кутб, С. Аль-Мустакбаль лихаза-д-дин [Текст] / С. Кутб. – Бейрут, 1983. – 96 с.
81. Кырлежев, А.И. Фундаментализм религиозный [Текст] / А.И. Кырлежев // Энциклопедический словарь. – М., 2006. – С. 1132-1133.
82. Левин, З.И. Предисловие [Текст] / З.И. Левин // Фундаментализм: ст. – М., 2003. – С. 3-12.
83. Кырлежев, А.И. Фундаментализм религиозный [Текст] / А.И. Кырлежев // Новая философская энциклопедия. – М., 2001. – С. 280-281.
84. Ланда, Р.Г. Исламский фундаментализм [Текст] / Р.Г. Ланда // Вопр. истории. – М., 1993. – № 1. – С. 32-41.
85. Левин, З.И. Хранители Слова и блюстители Духа Откровения [Текст] / З.И. Левин // Фундаментализм. – М., 2003. – С. 13-49.
86. Ливе, Ж. Религиозные войны [Текст] / Ж. Ливе; пер. с фр. Г. Мирошниченко. – М.: Астрель: АСТ, 2004. – 160 с.
87. Лиотар, Ж. Состояние постмодерна [Текст] / Ж. Лиотар. – М.: Ин-т эксперим. социологии; СПб.: Алетейя, 1998. – 160 с.

88. Логашова, Б.Р. Ваххабиты [Текст] / Б.Р. Логашова // Народы и религии мира: энцикл. – М., 1998. – С. 109.
89. Лоуренс, Б. Защитники Бога: восстание фундаменталистов против современности [Текст] / Б. Лоуренс. – Сан-Франциско: Харпер и Роу, 1989.
90. Лоуренс, Райт. Аль-Каида. Цитаты Усамы бен Ладена [Текст] / Р. Лоуренс; пер. с англ. С. Голованова. – М.: Голос: Капитал Трейс Компани, 2010. – 509 с.
91. Лоуренс Райт, Л. Аль-Каида [Текст] / Л. Лоуренс Райт; пер. с англ. С. Голованова. – М.: Geleos Publishing House, 2010. – 418 с.
92. Лучицкая, С.И. Образ Мухаммеда в зеркале латинской хроники XII-XIII вв. [Текст] С.И. Лучицкая //Одиссей. Человек в истории. Картина мира в народном и ученом сознании. – М., 1994. – Вып. 5. – С. 182-195.
93. Макконнелл, К. Ортодоксия. Энциклопедия фундаментализма [Текст] / К. Макконнелл. – СПб., 2001.
94. Малашенко, А. Время Юга: Россия в Чечне, Чечня в России [Текст] / А. Малашенко. – М.: Гендальф, 2002. – 267 с.
95. Малашенко, А.В. Исламское возрождение в современной России [Текст] / А.В. Малашенко. – М.: Моск. центр Карнеги,1998. – 224 с.
96. Малашенко, А. Исламские ориентиры Северного Кавказа [Текст] / А. Малашенко; Моск. центр Карнеги. – М.: Тендальф, 2001. – 180 с.
97. Малашенко, А. Конфессия в этнополитических отношениях в СНГ [Текст] / А. Малашенко // Постсоветское мусульманское пространство: религия, политика, идеология. – М., 1994. – С. 79.
98. Маликов, К. Мусульманская община Кыргызстана и политический процесс в стране. Государственная политика в отношении ислама. Аналитика [Текст] / К. Маликов. – Бишкек: КРСУ, 2008. – 106 с.
99. Малтабаров, Б. Религия и социально – экономические процессы в Кыргызстане [Текст] / Б. Малтабаров. – Бишкек: [б.и.], 2002. – 152 с.

100. Мамичев, Д.А. Преступники и преступления с древности до наших дней. Заговорщики. Террористы [Текст] / Д.А. Мамичев. – Донецк: Сталкер, 1997. – 77 с.
101. Марков, К.В. Противостояние ислама и западной либеральной цивилизации. Сбудется ли прогноз Самюэля Хантингтона? [Текст] / К.В. Марков // Терроризм - угроза человечеству в XXI веке: сб. науч. тр. – М., 2003. – С. 97.
102. Мартин, Э. Проект фундаментализма [Текст] / Э. Мартин, Р. Эпплби. – Чикаго: Изд. Чикаг. ун-та, 1991. – Т. 5: Понимание фундаментализмов. – 1995. – 502 с.
103. Мачина, А.А. Манипулирование сознанием посредством информационной системы [Текст] / А.А. Мачина. – М.: МГУ, 2003. – 154 с.
104. Международная ассоциация мусульманских ученых о ситуации в Ираке, Палестине, Судане и Афганистане [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.islam.ru/pressclub/fetv/iams/. – Загл. с экрана.
105. Международная Академия исламского фикха. Джида [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://medinaschool.org/world/mezhdunarodnaya-akademiya-islamskogo-fikha. – Загл. с экрана.
106. Международная группа по кризисам [Текст] // Ближний Восток и Северная Африка. – 2005. – № 37.
107. Месснер, Е.Э. Всемирная мятежевойна [Текст] / Е.Э. Месснер. – М.; Жуковский: Кучково поле, 2004. – 511 с.
108. Минуа, Жорж. Дьявол [Текст] / Жорж Минуа; пер. с англ. Н. Лебедевой. – М.: АСТ: Астрель, 2004. –160 с.
109. Мирский, Г. И. Политический ислам и западное общество [Текст] / Г.И. Мирский // Полис. – 2002. – № 1. – С. 78-86.
110. Мирский, Г.И. Цивилизация бедных [Текст] / Г.И. Мирский // Отечеств. зап. – 2003. – № 5. – С. 20-28.

111. Миньковский, Г. М. Характеристика терроризма и некоторые направления повышения эффективности борьбы с ним [Текст] / Г.М. Миньковский, В.П. Ревин // Государство и право. – 1997. – № 8. – С. 84-91.
112. Мирский, Г. Ислам и нация: Ближний Восток и Центральная Азия [Текст] / Г. Мирский // Полис. – 1998. – № 2. – С. 77-82.
113. Молдалиев, О. Исламизм и международный терроризм: угроза ислама или угроза исламу? [Текст] / О. Молдалиев. – Бишкек: Фонд. им. Ф. Эберта, 2004. – 200 с.
114. Мухетдинов, Д. В. Основания межрелигиозного диалога в современной России: мусульманская перспектива [Текст] / Д.В. Мухетдинов // Диалог религий в соврменном мире: проблемы и перспективы: материалы круглого стола. – М., 2017. – С. 23-28.
115. Молдалиев, О.А. Ислам и политика: политизация ислама или исламизация политики [Текст] / О.А. Молдалиев. – Бишкек: [б.и.], 2008. – 347 с.
116. Молдалиев, О.А. О взаимоотношениях и взаимовлиянии религии и политики: ислам и религиозный экстремизм [Текст] / О.А. Молдалиев // Центральная Азия и культура мира. – Бишкек, 2002. – №1-2(12-13). – С. 194-210.
117. Мусульманская община [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.islam.ru/pressclub - Загл. с экрана.
118. Мяло, К. Россия и последние войны XX века [Текст] / К. Мяло. – М.: Вече, 2002. – 480 с
119. Нарочницкая, Е.А. Этнонациональные конфликты [Текст] / Е.А. Нарочницкая. – М.: ИНИОН, 2000. – 95 с.
120. Наумец, А.Б. Влияние религиозного фактора на возникновение политического экстремизма и терроризма [Текст] / А.Б. Наумец // Современный терроризм: состояние и перспективы. – М., 2000. – С. 133-139.

121. Наумкин, В. Ислам и мусульмане: культура и политика [Текст] / В. Наумкин. – М.; Н. Новгород: Медина, 2008. – 768 с.
122. Наумкин, В.В. Исламский радикализм в зеркале новых концепций и подходов [Текст] / В.В. Наумкин // Ислам и мусульмане: культура и политика: ст., очерки, докл. разных лет. – Н. Новгород, 2008. – С. 459-471.
123. Наумкин, В.В. Радикальный ислам в Центральной Азии: опыт, состояние и перспективы [Текст] / В.В. Наумкин // Ислам и мусульмане: культура и политика. – М., 2008. – С. 534-550.
124. Николаева, Т.М. Лингвистическая демагогия [Текст] / Т.М. Николаева // Прагматика и проблемы интенсиональности. – М., 1988. – С. 154-165.
125. О коране в кратком изложении [Текст] // Сахих Аль-Бухари. – Саудовская Аравия, 1992.
126. О партии Хизб-ут-Тахрир. Украина [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.hizb.org.ua/ru/o-partii/metod.html. – Загл с экрана.
127. О противодействии экстремистской деятельности [Текст]: закон Кырг. Респ., №150 от 17.08.2005 г. // Норматив. акты Кырг. Респ. – 2005. – № 33. – С. 31-36.
128. Обзор дел о терроризме [Текст] / Управление ООН по наркотикам и преступности. – Нью-Йорк, 2010. – 145 с.
129. Овчинский, Вл. Однажды в Голливуде [Текст] / Вл. Овчинский // Завтра. – 2008. – № 50.
130. Оливети, В. Источники терроризма [Текст] / В. Оливети. – М., 2002.
131. Олбрайт, М. Религия и мировая политика [Текст] / М. Олбрайт. – М.: Альпина Бизнес Бук, 2007. – 352 с.
132. Ольшанский, Д.В. Психология терроризма [Текст] / Д.В. Ольшанский. – СПб.: Питер, 2002. – 286 с.
133. Омаров, Н.М. К проблеме становления поликонфессионального общества в суверенном Кыргызстане [Текст] / Н.М. Омаров // Ориентир. – Бишкек, 2003. – № 1. – С. 7-8.

134. Пеликан, Ж. Христианская традиция. История развития вероучения (1971-1989) [Текст] / Ж. Пеликан. – М.: Культур. центр «Духовная библиотека», 2007. – Т. 1: Возникновение кафолической традиции (100-600). – 416 с.
135. Петрищев, В.Е. Люди-бомбы [Текст] / В.Е. Петрищев // Человек и закон. – 1999. – № 11. – С. 18-22.
136. Политика Англии в Африке [Текст] / М.М. Коган, А.М. Хазанов, Л.Н. Прибытковский, А.П. Киселев. – М.: Гл. ред. вост. лит. Наука, 1967. – 260 с.
137. Политология [Текст]: учеб. для студентов / под ред. В.Н. Лавриненко. – М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2002. – 407 с.
138. Попов В.Д. Закон ментальной идентичности. Социальная информациология [Текст] / В.Д. Попов // В поисках истины. Домашний очаг. – М., 2006. – С. 39.
139. Поуст, Дж. Мы против них: групповая динамика политического терроризма [Текст] / Дж. Поуст // Социальные конфликты: экспертиза, прогнозирование, технологии разрушения. – М., 1993. – Вып. 4: Терроризм. – С. 29-44.
140. Программа государств-участников СНГ по борьбе с международным терроризмом и иными проявлениями экстремизма. 2003 г. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.cisatc.org/1289/135/326. – Загл. с экрана.
141. Пуштунская мафия [Текст] // Национальная безопасность и геополитика. – 2007. – №2.
142. Ратвен, М. Ислам. Краткое введение [Текст] / М. Ратвен, Е. Чекулаева; пер. с англ. К Чекулаевой. – М.: Астрель: АСТ, 2005. – 188 с.
143. Ратвен, М. Фундаментализм [Текст] / М. Ратвен // Большая советская энциклопедия. – СПб., 1997.
144. Рашид, А. Джихад: рост исламских боевиков в Центральной Азии [Текст] / А. Рашид. – СПб., 2002. – 282 с.

145. Рашид, А. Талибан. Ислам, нефть и новая Большая игра в Центральной Азии [Текст]: пер. с англ. / А. Рашид. – М.: Библион – Рус. кн., 2003. – 368 с.
146. Резолюция Генеральной Ассамблеи ООН 49/60 «Декларация о мерах по ликвидации международного терроризма» от 09.12.1994 года. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/terrdec1.shtml. – Загл. с экрана.
147. Рок, С. Фундаменталистские тенденции в русском ортодоксальном братском движении [Текст] / С. Рок // Религия восточной Европы. – 2002. – № 3. – С. 3-12.
148. Рощин, Б.К. Психология террористов и серийных убийц [Текст]: хрестоматия / Б.К. Рощин. – Мн.: Харвест, 2004. – 400 с.
149. Саид Бурятский. Взгляд на джихад изнутри, по прошествии года [Электронный ресурс] / Бурятский Саид. – Опубл. 2009. – Режим доступа: http://www.kavkazcenter.com/russ/content/2009/05/18/65689.shtml – Загл. с экрана.
150. Сагадеев, А. Исламский фундаментализм: жизненный факт или пропагандистская фикция? [Текст] / А. Сагадеев // Россия и мусульманский мир: бюл. реферат.-аналит. информ. – 1993. – № 10. – С. 57.
151. Сайид Абул Аля Маудуди. Политическая теория ислама [Текст] / Сайид Абул Аля Маудуди // Отечеств. зап. – 2003. – № 5. – С. 332-341.
152. Сейджман, М. Сетевые структуры терроризма [Текст] / М. Сейджман. – М.: Идея-Пресс, 2008. – 216 с.
153. Семенова, О.А. Исламский фундаментализм как течение политической мысли: генезис, идеи, этапы и тенденции развития [Текст] / О. А. Семенова // Вестн. Моск. ун-та. Сер. 12: Полит. науки. – 2007. – № 1. – С. 61-68.

154. Соловьев, Э.Г. Террористические организации как новый субъект МО: структура и тенденции эволюции [Текст] / Э.Г. Соловьев // Национальные интересы и проблемы безопасности в меняющемся мире: материалы междисциплинар. семинара. – М., 2003. – С. 87.
155. Соломон, Ф.А. Энциклопедия фундаментализма [Текст] / Ф.А. Соломон. – М., 2001. – 42 с..
156. Социологический словарь [Текст]. – Казань: Изд-во Казан. ун-та, 1997. – 406 с.
157. Соснин, В. А. Духовно-религиозные основы суицидального терроризма: идеология Глобального Джихада как психологическая мотивация оправдания суицидального терроризма исламскими радикалами [Текст] / В.А. Соснин // Вопр. безопасности. – 2013. – № 2. – С. 112-159.
158. Спенсер, Р. Политкорректность к исламу [Текст] / Р. Спенсер // Журн. психологии. – М., 2005. – № 9.
159. Стрейзанд, Д. Что означает джихад? [Текст] / Д. Стрейзанд // Ближневост. журн. – М., 1997. – №6.
160. Сура 2. Айат 190 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 48.
161. Сура 2. Айат 193 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 49.
162. Сура 2. Айат 256 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 61.
163. Сура 2,49. Айаттар 8-9 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 552-592.
164. Сура 3. Айат 104 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 82.
165. Сура 4. Айат 59 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 106.
166. Сура 5. Айат 2 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 125.

167. Сура 5. Айат 33 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 132.
168. Сура 7. Айат 199 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 195.
169. Сура 8. Айат 61 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 203.
170. Сура 8. Айат 125 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 302.
171. Сура 9. Покаяние. Айат 5, 14 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 206-218.
172. Сура 21. Айат 7 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 347.
173. Сура 22. Айат 39-40 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 362.
174. Сура 25. Айат 52 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 356-390.
175. Сура 28. Айат 77 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 424.
176. Сура 49. Айат 13 [Текст] // Порохова В.М. Коран. Перевод смыслов и комментарии. – Тегеран, 2002. – С. 552.
177. Сухопаров, А. Советские мусульмане: между прошлым и будущим [Текст] / А. Сухопаров // Обществ. науки и современность. – М., 1991. – № 6. – С. 114-117.
178. Сюкияйнен, Л. Р. Ислам против экстремизма и терроризма [Текст]: учеб. пособие / Л.Р. Сюкияйнен; С.-Петерб. гос. ун-т. – М.: [б.и.], 2015. – 49 с.
179. Таевский, Д. Секты мира [Текст] / Д. Таевский. – Ростов н/Д.: Феникс; СПб.: Северо-Запад, 2007. – 571 с.
180. Тиби, Б. Политизация религии [Электронный ресурс] / Б. Тиби // Internationale Politik. – 2000. – № 2. – Режим доступа: <http: //

www.deutsche-botschaft-moskau.ru/ru/bibliothek/internationale-politik/2000-02/article04.html>. – Загл. с экрана.

181. Терроризм. Социально-психологическое исследование [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.kavkazcenter.com – Загл. с экрана.

182. Фанатизм [Текст] // Большой энциклопедический словарь. – М., 1997. – С. 200.

183. Феномен экстремизма [Текст] / под ред. А.А. Козлова. – СПб.: Изд-во С.-Петерб. ун-та, 2000. – 85 с.

184. Функе, Д. Физические аспекты фундаментализма [Текст] / Д. Функе // Вестн. ПСТГУ. – М., 2014. – №1(57). – С. 87-97.

185. Фурманов, М. А. Социальная психология агрессии и насилия [Текст] / М.А. Фурманов. – Мн.: Изд. центр БГУ, 2016. – 401 с.

186. Хантингтон, С. Столкновение цивилизаций [Текст] / С. Хантингтон. – М.: АСТ, 2003. – 603 с.

187. Хейвуд, Э. Политология [Текст] / Э. Хейвуд; пер. с англ. и под ред. Г.Г. Водолазова, В. Ю. Бельского. – М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2005. – 544 с.

188. Херпфер К. Новый индекс демократии. Демократизация общественности в пятнадцати государствах Европы (1991-1998) [Текст] / К. Херпфер // Социология: теория, методы, маркетинг. – Киев, 2001. – С. 126-150.

189. Хомский, Н. Новый военный гуманизм [Текст] / Н. Хомский. – М.: Праксис, 2002. – 320 с.

190. Хоффер, Э. Истинно верующий: личность, власть и массовые общественные движения [Текст] / Э. Хоффер. – М.: Альпина Бизнес Бук, 2004. – 208 с.

191. Хоффман, Б. Терроризм — взгляд изнутри [Текст] / Б. Хоффман. – М.: Ультра. Культура, 2003. – 264 с.

192. Челищев, В. И. Фундаментализм в современном мире: истоки, социальная природа и политическая сущность [Текст]: дис. … канд. полит. наук / В.И. Челищев. – М., 2006. – 151 с.

193. Шамир, И. Кипа и автомат [Элетронный ресурс] / И. Шамир // Полит. журн. – Режим доступа: http: www. politjournal. ru/index. php?action= Actiles&d:zid=67&tek=3629&issue. – Загл. с экрана.
194. Шапарь, В.Б. Секты – угроза национальной безопасности России [Текст] / В.Б. Шапарь. – Ростов н/Д.: Феникс, 2007. – 352 с.
195. Шейх Абдуль Кадир ибн Абдуль Азиз. Террор является частью ислама [Электронный ресурс] / Шейх Абдуль Кадир ибн Абдуль Азиз. – дата публ. 04.06.2009. – Режим доступа: http://www.islamdm.com/index.php?option=com_content&view=article – Загл. с экрана.
196. Шейх Юсуф аль-Кардави. 16 марта 2004 г. Фетва Ю. Кардави. Каков взгляд Ислама на насилие и агрессию? [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.islam.ru/pressclub/fetv/agressia/. – Загл. с экрана.
197. Шейх ибн Таймия: Религиозная и этическая концепция Джихада [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.kavkaz.tv/russ/content/2009/l0/11/68493.shtml. – Загл. с экрана.
198. Энгельс, Ф. Письмо Ф. Мерингу [Текст] / Ф. Энгельс // Сочинения / К. Маркс, Ф. Энгельс. – Изд. 2-е. – М., 1966. – Т. 1. – С. 747.
199. Эмануилов, Р. Террор во имя веры. Религия и политическое насилие [Текст] / Р. Эмануилов, А Яшлавский. – М.: Мосты культуры, 2011. – 344 с.
200. Этнорелигиозный терроризм [Текст] / под ред. Ю.М.Антоняна [и др.]. – М.: Аспект Пресс, 2006. – 318 с.
201. Эфиров, Б.А. Терроризм как катастрофогенный фактор [Текст] / Б.А. Эфиров // Социальные конфликты: Экспертиза. Прогнозирование. Технологии разрушения. – М., 2005. – № 4. – С. 89.
202. Юнг, К.Г. Собрание сочинений. Психология бессознательность [Текст] / К.Г. Юнг. – М.: Канон+, 2019. – 320 с.
203. Юргенсмейер, М. Терроризм – ужас в уме Бога [Текст] / М. Юргенсмейер. – М.: [б.и.], 2006. – 142 с.

204. Юсуф аль-Карадави. Широта и гибкость – характерные черты шариата [Текст] / Юсуф аль-Карадави. – Эль-Кувейт, 1994. – 64 с.

205. Якубов, О. По следам Бен Ладена М., [Текст] / О. Якубов. – М.: Вече, 2001. – 317 с.

206. Яхья, Х. Ислам проклинает террор [Текст] / Х. Яхья. – Астана: Classic-M, 2002. – 105 с.

207. Post Jerrold, M. It's us against Them: The group dynamics of the political terrorism [Text] / M. Post Jerrold. – N-Y., 1987. – P. 11.